Жунай Мавлянов

аваз





2003 17

Жунай Мавлянов

Залкар жазуучу Мурза
Гапаровдун жаркын
элесине арнаймын

Аваз

Повесттер, аңгемелер, очерктер

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43642

Бишкек
2003

ББК 84 Ки 7
М – 12

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

Ааматов Маркабай – баш редактор
Алымбеков Надырбек
Эралиев Сүйүнбай
Жусуев Сооронбай
Орозбаев Олжобай
Усубалиев Шаршен
Акматов Казат
Алымбаев Абдырахман
Бакиев Кубанычбек

Мавлянов Жунай
М–12 Аваз: повесттер, аңгемелер, очерктер. – Б.: Бийиктик. 2003. – 516 б.

ISBN 9967–409–37–1

Бул жыйнакка киргизилген чыгармалардын дээрлик баардыгы бир темага – согуш темасына арналгандыктан, анча-мынча алымча-кошумчалар менен мурдагы китептерден айрым повесттер кирип кетти.

М 4702300100–03
ISBN 9967-409-37-1

ББК 84 Ки 7
© Жунай Мавлянов, 2003
© Кыргызстан жазуучулар Союзу, 2003

ПОВЕСТТЕР ЖАНА АҢГЕМЕЛЕР

ТУРМУШ

Эртең күнгө бейшемби. Шааркан дагы кеч жатып, кеч уктады. Эрте менен Кадырбегине барат. Ал дүйнөдөн кайткандан бери бул конүмүш Шааркандын турмушуна жаңыдан жаңыдан пайда болду. «Ой-тобо, - дейт ичинен ал — бейшемби күндүн көодондү кандайдыр бир кусалыкка, Шааркан өзү сезип, озү гана байкаган түпойүл кусалыкка жык толтура жүрөкко жүк таштаган саатында. Кылт этип Кадышы эсине келе калганда, анын жука эриндерин озөргон кишидей араң кыбыратып шыбыраган сөзү ушул: «Ой, тобо!... Ушундай экенсиң ээ, турмуш. Тагдыр деген ушундай экенсиң ээ?... Ой тобо»!..

Эки кызынын уктаганына көзү жеткенден кийин гана Шааркан адатынча жатчу комнатасына кирди. Эшик жанындагы кара включателди сөомөй учу менен басты эле жанатан бери караңгылыкка көлгүп турган үй жарк этип, аппак жарыкка толуп чыкты. Баягы болмо да; жанаша коюлган эки жыгач керебет. Алардын эки башында эки тумбочка. Капталдарында керебеттердин бою менен тең салынган ичке килем. Дубалдын бир капталында кийим илгич шкаф, экинчисинде илинген килем. Керебеттердин аяк жагынан терезе түбүндогу батареяларга жете жашыл гүлдүү кызыл палас жатат. Булардын баары Кадырбектин барында башка түсто эле, азыр башка... Күнго кактalып оңгондой алар бу кезде Шааркандын көзүно оңсүз, көрксүз... Баарысын жулуп-жулуп туруп, кочо тараптагы балкондун эшигин кенен ачып, сыртка биринин артынан бирин ыргыткысы да келип кетет оюнан кандайдыр бир суздук такыр чыкпай тамагын капалык муундурганда.

Анан аларга Кадышынын колу тийгени эсине түшо калат да, кайрадан тигилер ыйык корүнүп, кайрадан оз оңтүсторүно ээ болуп чыга келишет... Ар бирине кадала тиктеп, көпко турат. Көздөрү жашка толуп, коодонүн сагыныч тиреп чыкканда гана халатын чечүүго да үлгүрбой ал керебетке боюн таштайт... Комкоросүнон жыгылат. Буттарынын башы жалтырак, жымсал керебет кырынан артылган бойдон далайга чейин анан кыймылсыз... Мүнөттөр өтөт, сааттар.. Бети малынган мамык жаздыктан жыт искегендей эки колун жаздыктан эки жагынан кийирген калыбында суналган денеге бир оокумда болор-болбос кыймыл кирет. Бойрок туштары былкылдайт. Ыйлаганы. Үн-сөзсүз ыйлаганы... Кадышын эстегени... Оң жанындагы керебет аңгырап бош турганына жарым жылдан ашып баратат...

Аны чыгарып таштоо али оюна да келе элек. Ушул бөлмөго кирген сайын тээ түпкүрдөн козголгон бир сезим анын жүрөк-боорун саамга эңшерип таштайт.

...«Жалгыз сенсиңби минтип жесир калган? Эмнеге мынчалык шолоктойсуң? Сенин күйооңчолук эркек жокпу жерде жаткан? Ыйды да акыл менен ыйлаш керек? Элдин баарысы эле сенин көз жашыңы көргөндө кошо ыйлай берет деп жүросүңбү? Кошо кайгырышат деп турасыңбы? Таптакыр андай эмес. Тескерисинче, алардын арасынан сенин бул ыйыңы тамызын табалай тургандар чыгат. Ичинен кубанчылар табылат. Адам деген ошол. Бири ыйласа, экинчиси күлө турган турмуш бу. Беш кол бирдей эмес, кызым. Өйдө-ылдыйы бар, ушундай бул турмушуң. Ошону ойлоп жүрүш керек. Жамандыкта да, жакшылыкта да сабыр кыла билиш керек. Кубанычты да, кайгыны да баарын сыртка чыгара бербей ичке сыйдыра билген жакшы. Экөөнө тең акыл керек, кызым» - деген сөздөр угулат анын кулагына мындай минуталарда.

Бул акыл-кеңешти ага коңшу кемпир айткан. Кадырбекти жерге коюп келгендин эртеси келини экөө ал үч кабат үйдө жашоочулардан биринчи болуп кайрадан көңүл айтканы мында киришкенде айткан эле. Көздөрү ыйдан каканактап шишиген, сыйдам беттери жашка жуулур жылтыраган Шаарканга кыздарын жанаш отургузуп алып айткан болучу. «Жашым мына быйыл жетимиш бирде – деп уланткан кемпир андан ары сөзүн. – Көптү көрдүм, көптү түшүндүм, кыздарым. Бу турмуштун заарын да ичтим, шербетин да таттым. Сен, Шаарканым отуз алты жашында жесир калып атыпсың, келиним айтты. Мен жыйырма тогузумда кара кийингенмин. Сенин эки чүрпөң бар, мен ушул келинимин күйөөсү жалгыз уулум Жанызак менен олтуруп калганмын. Кандай азап менен аны чоңойтконуму мен айтпайын, сен укпа. А кездеги турмуш менен азыркыны салыштырууга болобу, айырмасы асман менен жердей. Отун алып келерим, мал карарым, эгин эгеримен айрыпыл деле олгөн эмесмин ошондо. Азыр эмне, баары даяр. Ысык сууңа чейин үйүнүн ичинде. Акча болсо, баары даяр бейпил заманда жашаганыңар үчүн күндө миң мертебе каниет кылгыла кыздарым. Бактыңар бар экен, ушундай кезге туш келген. Бу эки кызыңа тең пособие деген беришет имиш, балам айтты, өзүң кудая шүгүр билимиң бар экен, иштейсиң эч кимге кор болбойсуңар. Күйөөдөн ажыраш албетте оор иш. Бирок күнү-түнү дубал сүзүп ыйласаңар да эми бейпайда, кеткенинер кайрылып келбейт. Өзүңөрго өзүңөр кайрат бергиле. Башкалардын айткан созү – көңүл сооротуу гана. Өзүңөр бел байлабасаңар өзгөлөр мындайда аралжы боло албайт, келиним, - деп акырында аңгырай түшкөн үч бөлмөлүү үйдүн эми ээси сенсиң дегендей Шаарканга караган. Кырдач мурдунун учуна чейин кызарып жылтыраган, демейде субагай бети бүгүн көпчүгөнсүп калган анын жүзүнө кемпир

ошондо биринчи жолу түз тиктеди. Шааркандын өңү бир күндө эле шапайып калганын, сууга чайылган карагаттай анын туптунук кара көздөрүнөн тынбай чууруган жашты көрүп, Бегайым бир кездеги өзүнүн кара чүмкөнүп, бойрок таянып, нурдуу жүзүн ушинтип жашка чайылтып олтуруп калганын элестетип кеттиби, көз кычыгына толо түшкөн жашын тигилерге байкатпай калыш үчүн шашылды. Жука кара кыжым желеткесинин чөнтөгүндөгү тырыш-бырыш жүз ааарчысын алып, тырыштуу мурдун ааарчымыш болуп, көзүн да басып алган. Анан эки тизесин эти качкан арык колдорунун алакандары менен баса Бегайым ордунан тура жөнөйт... Кайын энеси кайрат айтуу үчүн атайлап келип, акырында өзү да жашып кеткенин сезген келини да өпкөсү көпкөн бойдон аны ээрчиген.

«Чын да. Ый менен өлгөнүн тирилткен барбы? Анан айтпаса мендейинде жесир калган азбы?» - деп Бегайым кемпирдин кайрат созуно ошондо Шааркан сооноо түшкөн.

Бүгүн да ошентип. Болмонүн ичине балкылдап жарык толуп чыкканда Кадыбрегин эске салгандын баары бир сыйра көзүно урунду да, адаттагыдай эле бу сапар да тамагын муунтуп, каңырыгын түтөттү, сагынычын арттырды. Бу жолу да ар бир жуманын ушул күнүно чейин бузулбай барсайып турчу кош мамык жаздыкты кучактап жыгылбадыбы. Бул эки жаздык. Кадырбектики. Анын тирүү кезиндегиндей эле жатчу керебеттин баш жагында алар жайылуу. Өз жаздыгына жигитине кочодон таарынып келген кыздай мурду менен сая жыгылчу. Ал эми жумадан ишембиге отор кечинде, Кадырбеги менен жолугушуунун кечинде ушинтип анын жаздыгына эт-бетинен кетип, эки колу менен аларды кучактай кармаган бойдон акырын жылдырып отуруп, кантип кокүрогүно кысып калганын, жыттагылаганын, өпкүлөгөнүн сезбей калат. Ички бир күч, тигинин эркинен тышкары ушуну иштетип жатканын кайдан туйсун. Күйөосүно, отуз тогуз гана жаш курагында кокустуктан, кырсыктан улам машинасы аварияга учурап, ошонун кесепетинен эми гана үй-бүлонүн, турмуштун, ал түгүл эркектин кадыр-баркына бар турпаты менен түшүно баштаган жарын эки кызы менен таштап кете берген күйоосүно болгон каны-жанына сиңип кеткен купуядагы бир сезим ошону иштетип жатканын мындайда сезмек беле. Бир маалда чалкасынан оодарылат. Бегайым кемпирдин баягыдагы акыл-кеңеши эсине келгенде ошентет. Шыпты тиктеп жатып, жашын кургатат. Узун манжалуу колдору менен тогулгон жашка биригише түшкөн кирпиктерин сүртөт, бетин ааарчыйт.

«Чын эле ким корүп, ким кейийт менин бул абалыма?» – деп анан өзүнө өзү суроо менен кайрылат. «Тирүүнүн ыйлап-сыктаганынан көрдө жатканга деле пайда жок турбайбы. Кайра ал азап чегет имиш, аны көп жоктоп, көп ыйласа»... Ушулар дилине келип, Шааркан сооноо баштайт. Коодонүн кере оор үшкүрөт да,

ошонусу менен ичиндеги бар бугун сыртка айдагансып, жеңилдей түшөт.

Бул күнү халатын чечпейт. Чыканагына чейин жендери түрүлүп, али чың билектерин жаздык үстүнөн төбөсүнө жазданып алган калыбында анан Кадырбегине байланышкан окуяларды көз алдынан чубуртууга өтөт. Ал сансыз да, түгөнбойт. Биринен бири кызык, биринен бири кымбат. Баскан-турганына чейин, сүйлөгөндөрүнө, күлгөндөрүнө чейин кулагына угулуп, анысы кыналышып өзүн бооруна тарта жаткансып, ысык демине чейин денеси менен сезе баштайт. Жалгыздыгын унутуп, апкаарып, тулкусу чымырап, тааныш сезим, тааныш лаззат бүткөн боюн ээлеп алып, көздөрүн жума заматка магдырап кеткен учурлары да болот.

Азыр бөлмөдө өзү жалгыз, анын үстүнө түн, тээ алысыраак көчөнү бойлоп кеткен столбалардын тиктеген электр шамдарынын нурлары жетип турчу бул үйдүн бөлмөлөрү азыр ала шам. Чылк караңгылыкта балким мындай мүнөткө болсо да, жанды ырыхатка бөлөп таштаган сезимдер адамды жандап өтөт.

Караңгылык – адатта коркунучтун жан жолдошу эмеспи. Жок, Шааркандардын эки бөлмөсү көчөнү караган. Ошол жакта терезе, ошол жакта балкон. Ошол жактан шоола тийип турат. Эшик жанындагы кара включателди кайра басып, Шааркан керебетке боюн урганда чылк караңгылыкка кошулуп кеткен бөлмө, акырындап, тиги бир аз соолукканга чейин, шыпка көкүрөгүн тосуп жаиа кеткенге чейин буурул тартып калчу, бул жолу да ошентип... Оодарылып жаткан соң Шааркан адегенде кылчайып мойнун оңго бурду. Кадырбектин дубалдагы сүрөтү үлдүр-сүлдүр көрүндү. Тиктеген кишин келекелегенсип, жука ууртунан болор-болбос жымыйганы көрүнбойт. Жары азыр аны капталынан карап жатпайбы, нары болмо күңгүрт эмеспи. Бул сүроттү Шааркан күйөөсү өлгөндөн кийин атайын чоңойтуруп, рамкага салып, өзү жатып жүрчү бөлмөгө илген. Аны жаңы алып келгенде Кадышанын ошол күнү ажырагандай абдан көп ыйлады. Кыздарына көрсөтпөй ушул бөлмөгө кирип алып, сүроттүн бетине жабылган жука кагазды сыйрыа таштаары менен өзүнө карап тирүү кезиндей күлүмсүрөгөн күйөөсүн бетине, көкүрөгүнө басып, бүткөн бою солкулдап ыйлаган. Анан гана аны кийим илгич шкафтын үстүнө коюп, дубалга жологон.Эки кадам артка кетенчиктеп барып эшик алдынан караса, көздөрү толо жашы тургандыгы үчүн, жашгыктыгы үчүн, кайратсыздыгы үчүн шылдыңгансып жылмайган Кадышын карап алып дагы эчкирип ыйлайт.

Ошондо да элден, айрыкча Бегайым кемпирден уккан нускалуу кеп-кеңештер эсине түшүп араң сооронгон. Наркы комнатада телевизор тиктеп алагды болгон кыздарына шыбырт билгизбей эми гана ашкана үйүнө кирип, анын каалга жагындагы дубалга такай коюлган чакан стол четине чыканак такай отурду эле, эшиктин коңгуроосу чырр этти. Телевизордун чуусунан кыздары уккан жок.

Ички күйүтүнө чогүп кеткен Шааркан бул добуштан чоочугандай селт этип, ордунан тура калды да, анан барып эшик ачты. Бегайым кемпир экен. Бир колуна адатынча таяк кармап, экинчисин бүкүрөйгөн белине коюп алган бойдон үшкүрө астананы аттады. Экинчи этажда алардыкы, төртүнчү кабатка чыкканча чарчап кеткен го жарыктык. Энтигип калыптыр. Колочун чечти. Эшикти ачып, анын туткасын кармаган бойдон жол бошотуп, тар коридордун бир жатына ыктала берген Шааркандын жүзүнө алдыүстү тырышка жык толгон чукур көздөрүн бир караганда эле анын эми гана ыйлап басылганын байкап койгон зирек кемпир кейип кирди:

— Ээ, балам, алигиче ыйлап жүргөн турбайсыңбы? - Үч-төрт ай өтподубу, көксүнүң сууш керек эле да алиге дейре. Келиним айтты, сени ыйлап кирип баратат деп. Ашканасында идиш тазалап жатып, ачык терезеден көрүп калыптыр. Колтугунда кагазга оролгон бир нерсеси бар, эринин сүрөтү окшойт. Бая күнү чоңойтконго бердим деген эле. Ошону алып келди окшойт, барыңызчы. Мен болсо кошо ыйлагандан башкага жарабайт экенмин, - деп мени жиберди. Отурчу, мындай, - деди ал мында келген сайын кирип жүрчү үйдөгү узун столдун тегерегидеги алты орундуктун бирине өзү көчүк баскандан кийин, экинчисин Шаарканга корсотүп. - Өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Күйүп-бышкандын да чеги болот — деп баягыда айтпадым беле, кызым. Абдан ынтымактуу дешчү экооңөрдү, угуп жүргөнмүн, кызым, колукошуналардан. Айла канча, өлүмдү ошондуктан тилдешет да адамдар таш боор деп. Баланы атадан, аганы иниден, аялды эрден ажыратып жүргөн эзелтен ошол шум өлүм. Ал эч кимди аяган эмес, мындан ары деле аябайт — пешенеге жазылганын көрөт пендеси. Экооңөрдүн бирге жашай турган күнүңөр түгөнгөн экен, эриң о дүйнө кетти. Эми аны табалбайсың, кызым. Дагы айтарым кайрат кыл, олгондун артынан илгертен эле эч ким өлгөн эмес. Канчалык жакшы көрсоң да, андан жанын башка. Демек жашагың келет. Ушунчалык соз болуп калды, озумун башыман өткөн бир окуяны айтып берейин, кулак сал. Жыйырма тогуз жашымда жесир калганмын дедим беле. Күйоом отуз экисинде өлдү. Мына андан кийин жашоонун кереги жоктой сезилди. Ошондой күйүп-быштым. Бетимен тамтык койбой тытыа таштаптырмын. Кийин билип жүром. Жүрөгүм өрттөнүп турчу болду. Жатарда жаныма коюп жаткан бир чака сууну түн жарымына чейин ичип койчумун. Ага да болбой көөдөнүм алоолоно бергендиктен, туруп алып айылдан бир чакырымча гана алыстагы көрүстөнгө барып алып күйөомдүн муздак боз мүрзөсүн кучактап жатып алып боздочумун. «Тарт, бооруна!» — деп жалынчумун... «Кудай мени неге көрбөй атасың? Түгөйүмө кошпойсуңбу тезирээк» — деп наалыр элем. Дагы бир түнү күйүп бараткан жүрөгүмүн алкындырган күчүнө чыдай албастан төшөгүмөн туруп кеттим.

Күзгү түн айлуу экенин деле сезбептирмин. Бир таман ийри-буйру жол менен мемиреп тынч жактан менин күйөөмкүнөн башкасыңын үстүнө чейин чоп баскан, алары саргайып куураган калың корүстөнгө жетип барып, адатымча топурагы эми гана үстүнөн карттана баштаган мүрзону кучактап жыгылдым... Ыйлап жатам... Канча жатканымы билбейм, бир маалда: «Бегайым... балам» деген акырын добуш чыкты... «Апа!» – деп бакырып жибердим. Башымды көтөрө калсам, көлөкө жылып жаныма келип калыптыр. Арбак солөкөтү. Биерде андан башка түн жарымында ким жүрсүн. Денем дүрр этип, тобо чачым тикеленге түштү да, таманыман ойдо муздап чыкты. Турууга чаман жетпей калды... Төрт буттап качууга аракеттедим. Жормолоп жонодум... «Каякка барасың, Бегайым?... Токто, балам!» – деп алиги үн дагы кайталанды эми жакын жерден. Чум жумуп алган көздөрүмдү акырын ачсам, алиги колоко менден артылып алды жагыгман көрүнүп калды. Азыр басып жыгылчудай сезилди. Тура калып, буйтап жөнөйүн деп, коодонүмдү бир аз көтөрдүм да кайра жыгылдым... Бүткөн боюм калчылдап, тизелерим бүгүлө берди. «Апа!» – деп башымды эки колдоп беките жыгылдым... «Коркпо, Бегайым, менмин! – деди алиги добуш баягыдан да акырын, баякыдан да жакын жерден. Анын буту тийген чөптүн шыбыртына чейин угулуп калды. Тааныш үн... Ким?... Эсим оор бараткансыды. Арбактар да. Башка ким болмок эле биерде?...

Эртеси эсими жыйыптырмын. Түндөгү кайнатам экен.

Байкап калган тура даарат кылып сыртта жүргөн ал, менин каякты көздөй жөнөгөнүмү. Артыман акмалап келгенин кайненем айтып берди эртеси. Мына, ошондон кийин көрүстөнгө түн катып барганды токтотконмун. Жаным башка экенин, жаашагым келерин ошондо түшүнүп жүрбөймүнбү. Арбактар алып кетет деп коркпосом, «Апалап» ордуман тура качат белем? Жакшы көрсөң менчилик көрөрсүң, кызым, күйөөңү.

Мына ошентип, мен деле оло алган эмесмин. Көрбөсүңбү, алиге жашап жүрөм. Ошол окудан кийин жөнү жок шолоктоп ыйлаганды да токтотуп, өзүмү өзүм сорото баштаганмын. Сен да ошент, кызым. Тый эми, бейпайда ыйыңы. Куру кол калбадың эриңен. Эки кызыңын өмүрүн тиле, ошолордун бактысына эми озүң аман бол. Ушулардын убайын көр менчилеп. Менин келиним озү да жашык неме, сени көрсо эле коздорүно жаш толо түшөт имиш. Кайрат айтууга кудурети жетпейт. Мени жумшанаңы да ошондон улам. Тый, айланайын, эми жашыңы. Өзүңү сакта.

Күйүт кишинин ден соолугун мүлжүйт. Өзүңү сакта, кыздарыңы ая, ооруп калсаң аларыңын күнү не болорун ойлон. Мен кеттим» – деп, анын коздорү жашылданып, кайра-кайра түкүрүгүн жутуп, ыйлап жиберүүдөн бул акылман, нары кайраттуу кемпирдин алдында тартынган Шааркандын жүзүно үнүлүп тиктебей чыгып кете берген.

Кемпир чыгып кеткенден кийин Шааркан алиги сүрөттү каерге илүүнү ойлонот. Ошол комнатадагы азыр өзү жатчу, мурун Кадырбеги экоо жатып далай таттуу түндөрдү өткөргөн комнатанын торкү дубалына илүүнү чечет. Кыздарына мык таптырып келип, аны дубалга какты да илип койду. Кетеңчиктей берип, эми дубал боорунан бажырая тиктеген күйөөсүнө назар кадаган апасынын сүйрүрөөк, бирок ар убак сүйкүм көздөрүнө мөлтүлдөп толо түшкөн жашты көрө коюшкан Гүлмира менен Нурмира жер тиктешкен бойдон ээрчишип, оз бөлмолорүнө чыга жоношкон. Аялдабай алардан кийин Шааркан да ашканага барып, аердеги идиш-аяк жууй турган ысык-муздак эки чоргонун муздак суусунан чоң агыщып, бетин жууду. Анан көпкө чейин терезе түбүндөгү тактага эки чыканагын коюп, алакандары менен ээгин тиреп, алыска-алыска телмирди. Үстүн боз түтүн каптап жактан шаардын көз жеткен жерине чейин карап тура берди. Өзүн кыйнамыш ойлордон алаксыткысы келгенде ушинтет; көздөрү алыска тиктеп, дилине жаман кейиштүү нерселерди таптакыр жолотпоого тырышат. Эс тарткандан бери жүрөгүнө из калтырып, көңүлүн дегдеткенге жараган таттуу, жагымдуу окуяларды, жолугушууларды, создордү кайра-кайра териштирип, эсине түшүрөт. Ошолор мунун кайрадан көңүлүң тазарткандай, кайрадан бейпарба жаштыгын кылчайтып бери караткансып, жеңилдеп калат, бою сергилең тартат.

Бу турмуш эки түстүү экендигин, бирисиз экинчисинин барксыз экендиги тууралуу да Шааркан башына ушул мүшкүл түшкөндөн бери көп ойлонуп жүрөт. Эки түсто дегени, ак-кара, оор жеңил, жарык-караңгы күлкү-ый, кайгы-кубаныч.

... «Адамдын омүрү – ушулардын күрөшү тура. Кимисинин шыбагасына булардын кайсынысынан көбүрөөк ыйгарылат? Адам өзү кайсыларынан молураак болушу үчүн күрөшөрү белгилүү, - күлкү, кубаныч, жарык»...

Булар жонүндо ой жүгүрто баштаганда да күйөөсү олгондон бери пайгамбардай көрүнгөн, чунүр коз, бети күйгөн теридей кунары качкан Бегайымдын дагы бир созү кулагына угулат. «Бу курган турмушуң (эринен ажыраганда ал үчүн да бул турмуш куруган көрүнүп калган го) жалаң күлкүдон тургандай, жалаң ыйдан да турбайт. Бүгүн ыйлап атасың, эртең эле күлосүң. Күлкүнүн арты – ый, ыйдын арты – күлкү эзелтен. Үмүтүңү үзбо жакшылыктан, кызым».

Азыр ушул акылман создор Шаарканга кайрадан угулду...

Анын көөдонүндогү суздукганбы, демейде алда кандай кооздукту козго тартуулачу шаардын дүпүйгөн даректары, тасмадай керилген кочолорү, чоң-чоң терезелери күнго чагылышкан бийик-бийик үйлорү, кокту тиреп калгансыган тээтиги мунар, дагы башкалар деле азыр буга бейкунар, таасирсиз.

Шааркан бүгүн Кадышынын чоңойтулган сүрөтүн илген бөлмөсүнө жатарда гана кирди. Чыракты жакканда бажырайып

так мандайынан күлүмсүрөгөн Кадырбеги кара чүмбөттү кайрадан анын башына ыргыткансыды. Кайрадан Шааркандын айланасы караңгылап, башы ооруп, чеке тамырлары тырсылдап чыкты. Дароо өчүрдү жарыкты. Адатынча боюн үстүндөгү жапкычы гана сыйрылган, бирок төшөгү бузула элек керебетке урду.

Бир топтон кийин оодарылды. Шыпка карады. Көчодөн кирген боз чаңгыл жарыкта шыптын акиташы да күнүрт көрүндү. Койкойгон мойнун (аны сулуу корсоткондүн бири – ушул мойну) оңго бурду эле көзү Кадышынын селейип дубал бооруна асылып калган сүротүнө урунду. Жүрөк тушу дагы зырп этти...

Ооба, эми Кадырбек ошол жерден көз ирмебей жылуу төшөкто жагымдуу жыт пахтасына чейин сиңип калган, ак шейшептүү жууркан ичинде али денеси бузула элек, болгондо гана бир аз толо түшүп, билектери, балтырлары эткел тартып, анысы ого бетер салабаттуу көрсөтүп, чырайын арттырып койгон жарынын уйкусун күзөтүп чыгууга тийиш. Эми анын шыбагасына тийген үлүш ушул. Тагдырдын буйругу ушул. Ага көнбөско чарасы жок. Түндо да, күндүз да кирпик ирмебей, ушул көз карашынан жазбай тура берет.

Ушулар оюна келгенде Шааркандын тамагын дагы жаш бууп, кулактары тунжурап кетти. Ал акырын туруп барды да дубалдагы сүроттү колуна алды, бетине басты. Анан кийим илинип турчу шкафтын үстүнкү полкасына коюп, шкафтын эшигин жапты. «Жалдырап дубал боорунда тургандан көрө ушунда жатканы жакшы го» – деген жыйынтыкка келген эле. Көнүлү жайлана түшүп кайрадан жатты. Эми халатын чечип жатты... Шыпты карап жатты. Уйку келгидей эмес. Караңгылык... бөлмөдө жалгыз... көкүрөк черлүү...

Мындайда эрмек – кыял, анын ою эмеспи. Шааркандын тулку боюн дагы санаркоо, энсөө чулгап алды. Кадышына байланыштуу окуялар дагы биринин артынан бири ээрчишип, көз алдына келе баштады...

Кадырбек тирүү, ал өлгөн эмес. Шааркандын ыйлаганы, кара кийгени, оң капталындагы жарым жылдан бери дене ысыгын көрбөй муздак бойдон аңгырап бош турганы кээде ар кандай тирүү жандын башына келчу жаман ойдун гана натыйжасы. Кадырбек командировкада жүрөт, бир күнү шаңкылдап кирип келет. Ошентип, Шааркандын убактылуу гана аңгырай түшкөн капшыты кайра толот. Кадышы үйгө кирип-кирбей жатып, адегенде кыздарынын кимиси мурда өзүнүн мойнуна асылса, ошонусун биринчи өөп, анан ал көрүнүшкө жетине албай тиктеп турган Шгаарканын озүнө тартып, мээримдүү көздөрүнөн от чача тиктешин дагы кайталайт. Анын эмнесине ээнсиреп, эмнесине жалгызсырайт?... Тиги Нарындан келатып машинадан кокус болгону жалган. Шааркандын өзүнүн гана кооптонуусунун, ар убак күйөөсү алыска командировкага жөнөгөн сайын кээде башына алда кайдан уурда-

нып кирип келе койчу дейди кыялдын, сандырак ойдун гана бири. Кадышы аман-эсен. Анын келер үчүн жакындап калды. Даярданышы керек. Үйлөр кайрадан таптаза жуулушу керек. Кийимкечелери жуулуп, тапталып коюлушу зарыл. Жумушка башкача кийинип барышы керек да. Ал келген күнү стол үстүндөгү тамактар да башкачараак болчу эмес беле. Ошолордун камын көрүшү керек. Кадышынын бир жактан келишин ал тойго айландырып көнгөн.

... Азыр Шааркандын денеси магдырай түштү. Арадан бир топ күн өткөн соң Кадышы менен кайрадан жолугушкан күндөрүн, сагынычты көздөрүнөн көрүп аптыкканын, кыялы менен кайра кайталоонун өзү аны алда кандай ырахат сезимине ороп-чулгап баратты. Андай учурашуулардын биринен бири таттуу. Көрүшпөгөнгө канчалык көп күн өтсө, кайра жолугушуу ошончолук ырахаттуу болор эле.

... Кадышынын ысык эриндери бетине тийгендей узун кирпиктерин акырын жума денесин эркин кое берген Шааркан заматка магдырап, күчтүү сезим толкунунда каалгый сүзүп калгансыды...

Көптөн бери жакындан жытын сезбей, келишимдүү денесинин ысыгын сезбей, ошолорго куса болуп сагынган Шааркан күйөөсүнүнүн жалынга толгон кучагынан чыккысы келбей жатты. Аны кимдир бирөөлөрдөн кызгана кыналышты. Элес бу жолу да ошентип, өз ишин аткарып жатты. Ал сагынычка аралжы болуп жатты...

Арадан сааттар өттү.

Шааркан көзүн ачып, тең сунулуп керебет кырында жупташып турган буттарын жыя берди эле, жүрөгү алда кандай боштукка толуп, шуу этти.

Жок... жок! Кадышы мерт болгон эмес... Командировкада жүрөт. Бу жолу анысы болгондо көбүрөөкө созулуп жатат. Демек, жумуш ошону талап кылган. Ай деген эмне. Кээде кишилер бирин-бири жылдап күтүп калышат эмеспи. Ошолордун ичинде эрди-катын деле. Бу турмушта күтпөгөн жерден тагдыр таңуулап, андай узакка зарыктырчу ажырашуулар азбы? Толуп атат. Кудай түбөлүк ажырашуусунан, эч качан кайрадан жүз көрүшпөй турган ажырашуусунан сактасын. Демек, беймаал өлүмүнөн сактасын. «Чыккан жан, калган көңүл калыбына келбейт» — дешет тура элде. Ошонусунан сактасын.

Шааркан дагы көздөрүн жумду, дагы элес кууду... Көл жээги. Июль айы. Бу кездеги бу жердин сулуулугун сүрөттөп жазуу да, айтуу да кыйын. Кереметтүү Ысык-Көл ушул маалда чатырап, бойго жеткен сулуудай бар көркүн сыртына чыгарып, көргөндү ашык кылып, көңүлүн кылтактап туруп алат эмеспи. Күн тыктанганда жашыл түскө боелуп, күзгү бетиндей тынч мелтиреген анын чексиз тунук бети күндүн улам бийиктеши менен тунсүн да улам

өзгөрто сулуулганына назар таштап жээгинде бассаң кандай сонун! Айрыкча деңиз куландан соо, жаштык курагың эми гана өз нугуна түшүп, жеткилең тартып турган чакта!...

Бул жашта эмненин оорусу. Ал биерге эс алууга келген жездеси, эжеси менен келип калган. Москвадан окуп жүргон убагы. Университеттин үчүнчү курсун бүтүп, каникулга келген эле. Ал эми Кадырбек анда жыйырма бешке карай кеткен. Институтту бүтүп, бир мектептин жогорку класстарында тарыхтан сабак бере баштаганына үч жылга айланып калган. Мурунку жылы кышта өпкөсүнө суук тийгизип алып, эки айча ооруканада жатат. Жайкы каникул учурунда врачтардын кеңеши менен дарыланыш үчүн кол жээгиндеги ушул санаторияга келген.

Кадырбек менен Шааркан мына ушул жерден таанышат. Экөөнө окшоп, жаш эле туруп, ар кандай себептер менен мында келгендер үч жүзгө жакын эс алуучулардын ичинде он чакты. Тамак учурунда ашканада, киного барганда залда гана бирге отурушпаса, алар чоңдордон окчун жүрүштү. Бири-бири менен тез эле таанышып кетишкен. Кол кармашып бирге жүрүшот, ар кандай жол менен «тынчтык саатын» да жаштар чуу менен шаң менен санаториядан алыс кетишип барып өткөрүшчү. Топ да, теннис, китепканадагы китептер, биллиард, шахмат-шашка да көпчүлүк убакта ошолордун карамагында болуп жүрдү. Кантип алардын ичинде Кадырбек менен Шааркан ымаласы жакындап, кантип экоо тигилерден да четтей баштаганын, бара-бара бош убакытты, ынгай келе калган ар бир саатты, а түгүл мүнөттү экоо гана өткөрүүгө жан талаша аракеттенишкенин сезбей калышты.

Бир күну түшкү тамактан кийинки тыныгуу учурунда экөо магазинге барышып, андан эки кило ар түрдүү конфета алышат да, аны кагазга орогон бойдон кайыктарды башкаруу кемпирге жетишет. Тигинин ой-боюна койбой алмак-салмак жалынып-жалбырап жатышып, бир кайыкты жарым саатка сурап алышпайбы? Убакытты ким карамак эле андайда. Анын үстүнө экоо биринчи жолу кайыкка олтурушуп жатышпайбы. Болгондо да кыздын, Шааркандын өзүнүн тапкан акылы бу. Кадырбектин оюнда жүргондү, анын көздөрүнөн, кыймыл-аракетинен байкагандай кыз озү «тиги жээкке чейин барып келели» – деген.

Наркы ойүзгө тез эле жетип барышты Калың бадалды аралап кетишти. Кол кармашып көпко басышты. Ошентип, убакыт өткөнүн, анан заматта күн бүрколуп, чагылган чартылдап, көл бети оболку келбетин жоготуп, албууттана баштаганын, демейдегидей коргон көздү кубантып, көөдөнгө жагымдуу сезим тартуулабастан, тескерисинче коркунуч, кооптонуу туудура баштаган эле.

Жамгыр... Түн да кирип келди. Эски кайыктын ичи.

Эмненин созу мындайда. Экоо эки жакты карап жатышты. Шааркандын сунушу ушундай болду. Жаан басылгандан кийин кайыктын ичине Кадырбек эски кырмандан жыйнап келген ным

бакал, саман төшөгөн соң, биринчи болуп балтырына суу чөптөр жабышкан оң бутун кайыктын кырынан артылта берип, анан алда немеден чочугандай, уялгандай Шааркан калтырап унчуккан: - Кадырбек, мага далынды салып жатасын, - деп.

- Мен кайыктын сыртында эле жатайын.
- Жок, мен кайыктын ичинде жалгыз коркомун да.
- Анда сен айткандай болсун.

Кадырбектин бар турпатынан ишенич байкаган Шааркан анан экинчи бутун да кайыкка түшүрүп, бакалы калың төшөлгөн жагына башын коюп, тизелерин боорына тарта көздөрүн чылк жумган бойдон жата кетет. Кадырбекти алда кандай, буга чейин такыр байкалбаган бир сезим таманынан тартып бетине чейин каарып өттү да, алат булут асман айлынан анда-санда жарк эткен айдын жарыгынан албырган жүзү бироолорго көрүнүп калчудай ысып чыккан алакандары менен жаап саамга турду да, анан кайык ичине бут койду. Ыйык нерсени басып алгандай, буттарып алмак-салмак көтөрүп койду. Ным байпагынан, кайышы былбырап жумшап калган боз туфлисинин капталынан булоо чыгып тургансыды. Тулку бою ысып чыккан эле. Кайыктын бир башындагы кичинекей тактайга башым жетпей, экинчи отургучтун алдына буттарын сунуп жиберип, суналган Кадырбектин денеси Шаарканды кына кыналыша түшкөнүн сезери менен ал ого бетер ысыды. Жана жамгырдан кийинки кечки суукка чыйрыгып чыккан тулку боюнан эми тер тепчигенсиди. Тизелерин жыйып жатканга кайыктын ичи тар көрүнүп кеттиби, Шааркан да эми буттарын сунуп жиберди.

Кайыктын эки капталын кошуп турган кичинекей скамейканын астынан кыз буту жигиттин шым багалеги түрүлө түшкөн жылаңач балтырына тийе түштү эле, ал дароо кайра жыйып алды. Ага далысын салып, кыйыктын экинчи капталын карап жаткан Кадырбек былк эткен жок. Шартташып албадыбы, аны бузууга акысыз... Саат оттубу – жокпу ким билет, Кадырбек эркектик кылып, үстүнкү кырында суналып жаткан колун Шаарканды ийнине койду. Анын колун издегенсиди. «Договор бузулбасын Кадырбек, бир турсам, экинчи бул кайыгына бут койбосмун».

Шааркан коркуткандай эмес, эркелеткендей үн катты.

- Кудай сактасын, убаданы бузгандан. Колуңу эле кармап жатайын дегеним. Далым-далына тийип атабы, демек договор жайында.

Кадырбек ушул тамашасы менен кыздагы суздукту, күндүн күтпөгөн жерден бүрколушу, көл үстүндө толкундун жүрүп кетиши менен пайда болгон суздукту тараткысы келип, ушул күн, ушул кеч, а түгүл нөшөрлүү жамгыр астында бадалга калкаланып кыналыша отурушканы, анан түндүн кириши менен минтип, кайыкты жээкке сүйрөп чыгышып, анын ичинде таарынышкан немелердей экөө эки жакты карап жаткан түн эч качан эстен чыкпай тур-

ган, мындайды китептен окуп, кинодон гана керүүгө болорун билдиргиси келген эле.

Бүгүнкү окуяга өзү себепкер экендигине карабастан Шааркан күн менен кошо бүрколуп, көл бети бирде боз, бирде карамтыл түскө боёлуп, ак толкундар биринин артынан экинчиси окторула берип, жээкке жетип, күр-шар эте урунганда ого бетер кызылдуу өңү кубарып, беймаза болгонун байкаган Кадырбек жа тынчсыздана баштаган. Бирок жигит эмеспи, анысын тышка чыгарган эмес. Шааркандай кыз жанында турганда эч кандай нерсе аны кейите албасын, билдиргендей жай кыймылдап, жай сүйлөөгө тырышкан. Тескерисинче, жайдары көрүнүүгө аракет кылган эле. «Коркпо, Шакен, бар күнөөнү мен өз мойнума аламын. Жездең, эжең барабарыбыз менен кармап, көлгө ыргытып жиберишсе да ыраазымын. Аларга өзүм айтам болгон иштин баарын. Азгырган менмин дейм кыздарынды. Түнөп калуу албетте ойдо жок эле. Көңүл ачып гана кайра келмекпиз. Көлдүн мындай чукул пейилдүү экенин биз кайдан билели. Эки-үч саат өтпөй ава бузулду. Кайык менен жүрүү эмес, көл жээгинде туруп, көл үстүн тиктөө кыйын болуп калды. Ошентип, калып калдык. Эч кандай жамандык оюңарга кетпесин дейм. Кантип эле кечиришпесин? – деген буурул тартып өркөчтөнө баштаган көл бетине жээктеп карап сустайган кызды капталынан сынап караган Кадырбек, озүнүн да ич туйгусу бүлүнгөнүн байкатпоого тырышып.

- Баары бир жакшы болбоду, Кадырбек.

«Кадырбек» – деген сөзгө какалгандай Шааркан ошол замат тып токтоду да, баягыдан көздөрүн чоң ача аркы жээкке көз чаптырды. Эл жок ал өйүздө да. Көл бети долулана баштаганда анын жээгинде жүрүү көңүлсүз. Мындай сааттарда эс алуучулар китепканаларда, шахмат-шашка, биллиард ойноочу жерлерге топтолушат. Аларга батпагандар палаталарга жыйналышып, карта ойношот, кызык-кызык аңгемелер курушат. Эки жаштын ээндикти эңсеп, түшкү дем алуудан пайдаланып аркы өйүзго чаба чыгышканы менен кимдин жумушу бар мындайда.

Шааркан бозоруп, мунарыкка батып бараткан аркы жээкке карап турган көздөрү талгандай, эки колдоп бир маалда бетин баса калды, ыйлап жиберди. Ийиндеринен коомай кармаган Кадырбек араң сооруткон. Жашы кургабай туруп, анан ал Кадырбектин кең көкүрөгүнө аппак көпшөк манчаларын тирей туруп күлгөн.

- Сен эмес, өзүм жооп берем баарына. Өзүм иштедим да муну. Албетте сөз угам, жеме сөз. Чучугума жеткире урушат, а балким колу да тиет. Эжемин сырын билем да, катаал неме. Кантмек элем эми, чыдайм да баарына. Жездем унчукпайт. Анын сыры да белгилүү мага. Эжем жерге киргизе сөгөрү бышык. Ага даярданышым керек. Көгөрүп отуруп берем. Андан башка айла жок» – деп Шааркан аргасы түгөнгөн немече каарын токкон эжеси так мандайынан чыга келгендей шарт бурулуп, анан арыга басып кет-

кен. Кумга из калтырып далай жерге чейин башын шылкыйта басып барып кайткан. Бир орунда селейип туруп калган Кадырбек эми гана эсине түшкөндөй бериге бурулган. Кыздагы коркунуч, уялуу сезими жанагы сөздөн улам өзүнө өткөндөй. Кадырбек ойлоно калган. Анан тигинин күлүмсүрөп келатканын көрүп эсин жыйган.

- Эмнесинен коркобуз, Шакен? Эстүү кишилер айтсак түшүнүшөт. Жай түнү кыска эмеспи, басып жүрүп эле таң аттырып жиберебиз. Эрте менен тигилер антип-минтип тургуча кирип барабыз. Кантип жооптошууну түнү менен эптеп табаарбыз – деген Шааркүлдү утурлай басып, ага жеткенде эки кол учунан кармай берип.

- Жамгыр эми жаабаса керек – деген, анан сууга чайылгандай мелтиреп, төшүнө бирин-серин жылдыз чачыла баштаган көктү тиктеп.

Ошентишти, жээкте көп жүрүштү. Акыры буттары талыганда күн батарда Кадырбектин ою боюнча жээктеги калың бадал арасына сүйрөп барып коюшкан (кокус түндө дагы жамгыр жааса бадалды калкан кылышмак эле да) кайыкка барып жата кетишкен эле. Шааркандын колдору көкүрөгүндө кайчылашып жаткан. Эми дагы ал үстүнкү колун кырына чыгарды. Биринчи Шааркандын жамбашы талыды окшойт, түйшөлдү, анан барып көктү карап жатты.

- Менин да астыңкы капталым ооруй баштады Шакен, оодарылсам болобу? – деди тамашага чалган Кадырбек жылмая берип. Эки-үч сааттан бери кыналыша жатканга беттери ачыла баштагансыды.

- Мейлиң, бирок башка капталга оодарылмай жок.

- Жарайт...

Эми чакчайган ачык асман төшүндөгү шыгыраган жылдыздардан уялгандай көздөрүн бирде жума, бирде ачып жатышып маектешти. Сурoo... жооп... сурoo... жооп... чегишүү...сыр тартуу... жүрөк сырларына кол салуу...

Ошол кол кармашкан бойдон таң тыяктан супа салганда чыйрыга кайыктан тура келишти. Көл үстү эритилген майдай көлкүлдөп көшүлүңкү тартып калыптыр. Нарыдан, бадал арасынан сүйрөп келишкен кайыктын бир башын сууга малып, калактардын темир кызыкчыларын анын кырларындагы көзөнөкчөлөргө кийирип койног соң, аркы жээкке көз чаптырышып, экөө тең саамга тикесинен туруп калышты. Баягы конфетке сатылган кемпир болуу керек, ал жоолук, корто бойлуу жоон аял сол колун маңдайына серепчилеп карап, турат. Адегенде эки буларды тосуп алчу ошонун күпүлдөп согорун эстеп уялдыбы, же каарын төгө зиркилдеп өлүктиригин койбой буркан-шаркан түшөрү бышык эжесин көз алдына элестеттиби, айтор Шааркандын маанайы да пастап, өңү өзгөро түшконүн коро койгон Кадырбек биринчи кайыкка отурду: - «Эч

нерсе эмес, Шакен, кандай коркунуч күтүп турса да мени тосо бер ага, отур, кеттик!» – деди.

Шааркан оң колун кайыктан артылта берип, сууга малды эле муздак экен, дароо тартып алды. Ичиркенди Кадырбекке карап отурган кичинекей тактага колдорунун алаканын ого бетер ныктай берип, эки ийнин куушура тулку боюн жыйрыды. Эстегиси келди, ошол замат оң колунун эткел манчаларын бириктире, жарашыктуу оозуна тосо калып, эстеди. Эки колтукту кенен-кенен ача алдыга жүткүнө калактарды тең шилтеген Кадырбекти тиктеди. Анан кара кирпиктерди нымдап чыга келген жашын сүртө бергенде гана тиги байкап, чоочуп кетти.

- Шакен, эмне болду?

Кадырбек көздөрүн чоң ачып, булчуң этин түйүлтө калак шилтегенин токтото калды.

Шааркан бырс күлдү.

- Эмне болуптур?

Шааркан көздөрүн эми түйүлгөн бытыгый муштумунун арты менен сүртү.

- Эмнеге ыйлайсың?

- Кыз дагы кыт күлдү.

- Эмнеге ыйлайын. Эстеп атамын, уктабай калбадыкпы, ошонуку. Кадырбек ыңгайсыздана түштү. Ыйлаган менен эстегендин айырмасын байкабайбы.

Кадырбектин күчтүү колдору калактын туткасын кайрадан кармады. Кайыктын капталынан эми шуу-шуу эткен добуш чыгып баратты.

Кадырбек кайык айдаганды ушу жерге келгенден бери үйрөндү. Эки-үч күндө эле аны билгендердин жанында отуруп үйрөнүп алган. Анан өзү кайыкка биринчи түшүп, калактарды кармай, башкалардын түшүшүн күтчү болгон.

Кадырбек кызга карады. Анын өнүнөн, көздөрүнөн ичиндегисин билгиси келди. «Нааразы бекен?... Эл жок, ээн жакка баргандыгы үчүн, анысы аз келгенсип, таанышканына он күн болбой жатып, түнөп-конуп келатканы үчүн өкүнүчтө бекен? Уятына, намысыа чыдабай озүн ар кандай жазага ыраа көрүп келаткан бекен?»...

- Эмне мынча тигилесиң? Же мен бүгүн башкача көрүнүп калыптырмынбы?

Шааркандын ууртунда жылмаюу турду.

- Дагы эле коркуп атасың го дейм, Шакен?

- Корксом-коркпосом да эми баары бир болбодубу.

... Кайрадан кайыктын капталын жашыл түстүү көл суусу шырр-шырр этип жалап кирди... Экөөң тең кыжалат кылып жаткан коркуныч менен тезирээк беттешип, анан тезирээк кутулууну каалашкандай шашып баратышты.

Шиш тумшугу менен нымдуу кумду жирең барып токтогон кайыкты тээп туруп, колун сермей согүп кирген кемпирди жонунан

таптай күлүмсүрөгөн Кадырбек заматка буйдала түштү. Шааркан аны эмне дээрин билген белем, балтырынан өйдө түрүлгөн спорттук костюмдун шым багалегин ылдый тартты да бир кылчайып нарыга, бактардын арасында азырынча кыймылсыз дүпүйгөн корпустарды көздөй чуркап жөнөдү.

Кадырбектин:

- Кечириңиз, эне кыз күнөөлүү эмес, мен күнөөлүүмүн, мени сөгүңүз» – деп ийинден кучактай кармаган бойдон оозун тигинин кулагына жакын алып барып жалынып-жалбарганына карабай кемпир кечетен берки ачуусун чыгарып калды.

- «Нары тур!... Акмак неме экенсиң!... Конфетине алданды деп турасыңбы?! Андай конфета үйүмдө толуп атат. Силердин жүзүңөр үчүн, көңүлүңөр үчүн алып койдум эле. Силерди эркелетип деп ойлогонмун анын үстүнө. Бири-бирине абдан жарашкан, бири-бирине окшош жубайлар экен деп ичимен жакшы көрүп калганыман кайыкты бербедим беле. Бир саатка жетпей кайтабыз дебединер беле?! О бетсиздер, десе!.. Жогол, мындан»! – деп тигинин колун катуу кармай, ийининен силкип алып таштаган соң гана Кадырбек арт жагын бир карап алып, узап кеткен Шаарканын изи менен чуркап жөнөдү. Шаарканды ыйлап баратат деп элестетти ал. Өзүн да, муну да сөгүп баратат деп ойлоду. Жете келип, оң ийинине колун коё бетине үнүлдү эле, эч кандай жашты көргөн жок. Бирок өңү баягыдан да кубаргансып кетиптир. Саамай чачтары кулагынын алдынан сенселип бараткан. Акырын өзү жактагы жаагына тийип-тийбей сенселген үч-төрттал чачын кулак артына кыстарды. Колу бетине тие түштү эле, ысык экен... «Сен кала бер, мен өзүм» – деп Шааркан дагы чуркады. Баарына бел байлаганы, боюна кайрат топтогону ушундан көрүнүп турду.

Аркы чет жактагы үстү кызыл тунуке менен жабдылып, терезелерине эми гана арыдагы жашыл кырдан тыктана баштаган күндү нурлары кызгылт боёк сүрткөн үйдү көздөй баратты. Эки жагында учтары тегиз кыркылган бадалдуу аллея менен пижамачан келаткан эки-үч киши алдынан чыкты. Алар ушул корпуста эс алгандардан. Шааркан башын көтөрбөй аларды буйтап өттү. Тигилер да көңүл бурган жок. Таң тыяктан супа салары менен туруп, сыртта сергилеңдөөчүлөр мында көп эмеспи. Ошолордун биридир дешти көрүнөт булар кызды.

Узун, тар коридор менен бир болуп жаткан килем үстүнөн шыбырты чыкпай баскан Шааркан көн эшигинин үстү жагына ромба формасындагы айнекке кара менен «12» деп жазылган цифраны биринчи коргондөй көздөрүн чоң ача мүнөткө токтоп турду да, анан акырын каалганы чертти...

- Ким? – жездесинин үнү.

- Мен...

Анчада барып каалганын илгичи шырк этти. Анан ачылды. Халаттарынын топчусу салынбаган, жазылбаган чачтары уйпаланган эжесинин оңүн көрүп, Шааркандын денесин калтырак басты.

- Өлүгүндү коройүн! Тирүү белең? Сени колго чөгүп өлсо керек дегенбиз? У-у кибиребей жерге кир! Бас, быякка!

Ийнинен аткый кармап босогодон бери эжеси өзүнө карай тартты эле; Шааркандын ак жолдуу көк свитеринин мойнуна шалкы жакасы тигишинен сөгүлтүп кетти.

- Урушпай эле сурабайсыңбы? – деди ары жактан жол-жол пижаманын балбыраган кең шымын борсойгон курсагын жапканга чейин өйдө тартып, керебет кырынан тура келген жездеси балдызына боору ооруган кейипте.

- Сурабасам деле билемин да, кайда жүргөнүн! Кайык кайтарган аял айтпадыбы ким менен кеткенин. Баягы козу чакырайган көккөз жигити менен түнөп келди да. У-у өлүгүндү, коройүн шерменде!

Эжеси эми тигини желкеден ала бөлмө ичине тартты. Мас немедей жүткүнүп барып, кыз араң токтоду. Ал башын көтөргөн жок. Сөз да каптады. Ыйлап да жибербеди. Болгондо өңү барган сайын кубара берди...

- Студент. Окуу деп жүрүп азып-тозуп кетти. Көңүл ачып, мээ сергитип эс алсын деп алып келбедикпи. У-у-олүгүндү коройүн, жакшылыкты билбеген, акмак! Эр кааласаң, айланганы келдиңби кайра? Ошондон ары жоголбойсуңбу, көзүмө көрүнбөй? Түн бою жигиттин койнунда жатып, кайсы бетиң менен жылтырап биздин алдыбызга келип отурасың?... Кайсы бетиң менен?... Бети жок! Муногуң төөнүн таманы беле? – деп эми Калча синдисинин эки бетинен алмак-салмак чойгулай баштады. Шааркан дагы эле башын көтөргөн жок. Дагы эле ооз ачып сүйлөбөдү. Ого бетер көгөрдү. Эжесинин ал үчүн даярдаган ачуу создөрүн, мамилесин аягына чейин көрүүгө күн мурунтан озүн даярдап алганы ушундан көрүнүп турду.

- Эмне, мени башы жок деп турасыңбы? Наристе белем же мен эч нерсени түшүнбөгүдөй? Жыйырмадамын. Өз башым үчүн озүм жооп берүүгө жараймын. Эмнеге эле зиркилдейсиң улуу деп урматтаганды билбестен?

- Муну карасаң, кайра мени жемелегиси бар жерге киргирдин. Башың болсо кантип кеттиң ээн жакка жигит менен? Апта болгон жокко аның менен таанышканыңа? Кантип ишенүүгө болот андай немеге? Кебете кешпирине караганда ал бир кулган.

Калчанын добушу баягыдан пасыраак чыкты. Буга караганда синдисинин: «Башы жок деп турасыңбы мени!» - деген созүнон кийин түнү менен көз алдына элестетип, жүрөгүн опкоолжуткан жаман ою натуура экендигин байкап калды бейм.

* * *

Шааркандыкечки тамак учурунда издеп калышты. Булардын столунда бир орун бош турду. Жүз элүү кишилик узун залдын орто чениндеги столдон дагы бир орун бош турганын да биринчи бо-

луп, залдын эшигинен кирген-чыккандады кыска мойнун созо тиктеп отурган. Калча көрдү. Күйөөсүнө а дегенде айткан жок. Ал жерде Кадырбек отурарын Солтонов да билет. Ага да аялы көрсөткөн мурун. Шааркан менен анын жакындаша баштаганын байкагандан кийин көрсөткөн. Кадырбектин тамак жеп жатып да, алар отурчу стол жакка жалт-жалт карап отурганына чеин Калча билчү. Жигиттин көздөрүнөн атылган көрүнбөс жебелердин кээ бир озүнүкүно кадалгандай кайра эле көздөрүн жумуп, синдисинин да ал тарапка акырын жүз бурганын байкамаксан-билмексен болуп жүргөн.

Биринчи сменадагылар толук киришип, залдагы столдордун бардыгы жык толгондон кийин да ошол эки гана орун бош турганын көргөн Калчанын таманына төбөсүн коздой шектенүү сезими дүргүдү. Ооз даамы бузулуп, тамакка табити чаппай калат. Алдына коюлган тамактын ар биринен кичинеден ооз тийип, тарелкаларды нарыга жылдыра берди.

Эрди-катын ошентип, ашканадан элдин алдында чыгышат. Камырабаган кишилердей адегенде адаттарынча колтукташа каалгый басышып, санаторийдин калың бадалдуу аллеялары аркылуу мерчемдүү жерлердин баарына коз чаптырып чыгышты. Скамейкалардан, топ ойноочу аянтчадан, шахмат-шашка ойноочу, китеп окуучу залдан да алар издеген караан көрүнгөн жок. Ошондон кийин гана экоо кол жээгине барышат. Демейде бу маалда, кол үстүно толо жүрчү кайыктардын баары жээкке чагарылып, тизилип туруптур. Кол бети козголуп калгандыктан, аларга түшүп, сейилдөөгө тыюу салынганына эки саатган ашып кетти.

Эки колун эки бойрогүно коюп, баштарына чейин кум, үстүно кара халат кийген орто бойлуу эткел аял эки кайыктын ортосунан алыска, аркы жээкке көз чаптырып турган эле, ошого жакындашты.

- Эмнени карап турасыз? – деди аялынын жүрок жүгүн женилдетүүго айла таппай чебелектей баштаган Солтонов биринчи озунуп. Кемпир кейип кирди:

- Эмнени карамак элем, бир кайыгым жок, ошону күтүп турам. Өчөшкөндой аваны карабайсызбы, заматта бузулганын. Эки жаш неме сураганынан коңүлдөрүнөн өтө албай берип коюп, эми эмне кыларымды билбей турам. Жаңы баш кошкон немелерге окшоду эле. Сурагандан иймендим. Көздөрүно, мамилерине караганда ошондой. Бир саатка жетпей кайтабыз. Түштө жатып эс алгыдай биз картая элекпиз, көрүп турасыз. Колго да дайыма келүү мүмкүн эмес, озүнүз билесиз. Ойноп алалы, дешип, - жалдырап туруп алышпабыды, каргыш тийгирдики. Мына эми жообун бер. Аман-эсен болушса экен. Тиги тумшуктан имерилгенче аларды суктана озүм карап турганмын. Бир саат оттү, үч саат оттү, анан күн бүрколүп, колдүн бети алай-дүлой түштү. Ошондон бери жаным алкымына келип, жаман болуп атам. Эми кантем? Айты-

ңызчы, кантем?... Бир кокустук болсо, мен жооп беришим керек да? Ушундай эмеспи? Мына, кырсык деген? Мына бактысыздык деген!

Кемпир эки алаканы менен кир халатынын эки капталын чапкылап, көл түспөлдүү кокмок көздөрүнө жаш толтура экөөн жалдырап тиктеп туруп калды. Булардан жардам күткөнсүдү.

Солтонов аялын карады. Ал күйөөсүн тиктеди. Анын оңү озгөрүп кеткен эле. Мындайда анын оозунан ар кандай сөздүн чыгышы мүмкүн. Жыйырма сегиз жылдан бери аны менен бир жаздыкка баш коюп, бир төшөктөн бут чыгарып келаткан Солтоновго сыры белгилүү. Экөөнөн бир айла-жардам күткөндөй жалдырап кетиктеген мына бул кемпирди алка-жакадан алып, муундура баштайт го деп чоочуду Солтонов. Жок, Калча антпеди.

-Өзүң кылган иш экен, өзүң жооп бересиң да. Бизден эмне сурап атасың?

Калча ушунусу менен көодөн тиреп турган ачуусун күчтоп кетиргиси келгендей нарыга бурулду. Солтонов аялынын бул жоругун ичинен жактыра анын ыгы менен бут шилтеди.

- Түшүндүңбү эми? – деди ушул ишке күйөөсү да шериктей ага акырая тиктеп.

- Ошолор бекен?

Солтонов жай гана жоок сурады.

- Анан ким дейсиң? Ошол акмактар да.

Калча он-он беш кадам баскандан кийин бозомук тартып өркөчтонгон көл жакка кылчайды. Шойкондуу көл азыркы көрүнүшү менен тиги кемпир жолун күтүп, булар издеп чыккан эки бейадеп жашты эчак түбүнө чөктүрүп, ошого тынчы кетип, ошого ойку-кайкы ойдолоп жаткандай туюлуп кетти... Бул сезимден Калчанын жүрогү муздай түшүп, алкымын жаш буун жиберди.

- Сен күнөөлүүсүң ушуга! – деп кыйкырды эми ал көздөрүн күйөөсүнө чакчайта.

- Эмне үчүн мен күнөөлүүмүн?

- Мейли, жөн кой, көңүл ачсын. Бойго жеткен неме кандай жүрүп, кандай турууну бизден жакшы билет – дебедиң беле? Ушубу, бизден жакшы билгени?... Коп тайранданып, оз оюна койболу. Алиги жигиттин көзү жаман экен. Аны менен бирге баспайсың деп мен тыюу салайын дегенде сен унабай койбодуң беле? Эми эмне болду? Элдин бетине кантип карайбыз?

Калча көздөрүнөн аккан жашты аарчып калды.

- Ыйлабачы, күн мурунтан. Мындай болорун ким билиптир. Атайын ойнотобуз деп алып келсек, жаныбыздан чыгарбай кармаганыбыз кандай болот эле? Эстүү-акылдуу неме түшүнөтко дегенмин да. Эч нерсе эмес, минтип аба бузулуп кетерин алар кайдан билди дейсиң. Кырсык да, Аман-эсен жээкте калышса, келишет эрте менен. Андан көрө башкалар билбесин. Сен жашыңы көрсотпөгүн эч кимге. Тааныштардан байкашпасын...

Солтонов аялын эркелеткендей эки ийининен коомай кармап бетин анын бетине жакындатып кулагына шыбырады.

- Билбесин-билбесин. Түндө жигит менен талаада калганы жакшылыкпы?

- Баары өзүнөн, Калчам. Күн мурунтан жамандыкка жорубайлы. Андан көрө аманчылыгын тилейли. Бизден коркушуп, толкун жүргонүнө карабастан көлгө чыгышса, анда жаман. Ошентишпесе экен. Аркы өйүздө калганынан маселен, мен коркпойм, бериге жөнөшсө, ошонусунан корком.

Солтонов аялы менен ал күнү тааныштарынын тобуна кошулган жок. Көл жээгинен алыс кетишпей, аны бойлоп басышты. Кемпирге да жакындашкан жок. Анын чебелектей ары-бери басканын алыстан карап жүрүштү. Алар ошол кечте элдин эң арты болуп, палаталарына киришкен. Түн бою ар ойдун башын бир чатышып укташпай чыкты.

Түнү менен каарын шилекейине кошуп жутуп чыккан Калча кандай болбосун синдисинен өч алууга тийиш. Өч эмес, анын бул эжелик милдети, улуулук милдети. Шаарканды ал теске салбаганда ким салмак эле. Булардын эң улуусу ушул Калча. Ата-энесинен айрылгандан бери Шааркан ушулардын колунда тарбияланган. Тогуз жашынан тартып ушул эжесин – эне, жездесин – ата кылып чоңоюп келатат. Демек, алардын мээнети корогон. Азыркы куракка чейин жетимди ашын ичпей, кийимин кийбей чоңойгондугу үчүн Шааркан баарынан мурда жездеси менен эжесине карыз ошолорго милдеттүү. Муну кыз жакшы түшүнөт. Ушуларды сыйлаганга, жакындарын урматтаганга анын акылы жетчу. Буга чейин аны акыл-эсине, жүрүш-турушуна нааразы болушкан эмес, бейчекиликти көрүшпөгөн, сезишпеген. Ымандуу өсүп келаткан синдиси менен эжеси, балдызы менен жездеси а түгүл сыймыктана жүрүшчү. «Буюрса, жакшы жерден тамыр-соок күттүрөт го бизге» – дешип токпейил тартышчу ал жонүндө соз кеткенде. Анын бар тагдыры өздөрүнүн колунда экенине шек кылышчу эмес. Эми минтип, кутүлбөгөн жерден булардын оюна, тилегине, пикирине бүлүк салып олтурганы таң каларлык. Айрыкча Калча күйүп-бышты. Муну чектен чыккан иш катарында кабыл алды. Ошондуктан синдисинин сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете турган создөрдү айтуудан тайманган жок.

- Былтыйбай өлгүр, айтпайсыңбы эртерээк, соосуңбу, же бир балакет болдуңбу?

- Эмне балээ болмок эле? - Ал деле адам го, же жырткычпы?

- Жерге киргиндин тилин карасаң, тилиң кесилгир. Жырткыч болбосо да эркек, түшүндүңбү? Эркек дейт анын атын. Кантип бетиң чыдады аны менен ээндеп кетип калганга? Уурданып кеткенге? Өлсоңчү мындан көрө?

Калча синдисинин озу жактагы бетинен чоё кармады. Шааркан ичке каштарын бир аз жыйрылтты да, башын жерге салып, дагы үн-созсүз отуруп калды.

- Соосуңбу дейм?

Калча эми тигини сөөмөйүн бүктөй калып, дагы чыкыйга түрттү.

- Соо болбогондо эмне, акылынан ажыраган киши бар деп турасыңбы? Анын да кыл-эси бар. Айбан эмес, адам! Бирге басса, бирге турса эле жамандыкка жоруп отурганыңар кандай силердин?

- Муну карасаң, кайра бизди айыптагысы бар? Кыргызчылыкты билбейсиңерби? Эл укса эмне дейт? Кыз башы менен талаада жигит менен түнөп келген имиш дешип, билесиңби, кандай чуу көтөрүшөрүн?

- Мен билбеймин кыргызчылык дегениңерди. Мен адамгерчилик дегенди билем. Биз андан четтегенибиз жок. Эл эмне айтат экен деп ар кимдин оозуна кулак тосконду да билбейм. Өзүмүн акылым өзүмө жетет азыр. Эгер адамдын баары эле силер ойлогондой болсо, жашоонун эмне кереги бар? Жырткычтай биринбири андып турушса, жакшысын көрбой, жамандыгын эле издеп басып жүрүшсө, бири-бирине ишенишпесе, андайлардын арасында жашоонун кандай кызыкчылыгы бар? Кадырбек андайлардан эмес. Мен адеп тааныштыкандан тартып аны түшүнгөм. Бир түн эмес, бир жыл болсо да аны менен жалгыз жүрүүгө болот. Ишеничтүү. Мен ошондуктан андан коркконум жок. Тескерисинче, аны менен жалгыз көңүл ачып, сейилдоону кааладым, ошондуктан түшкү дем алышта кайыкка түшүп, аркы өйүзгө чейин барып келүүнү ага озүм айттым. Аякка жетип, ары-бери басып жүрсөк, аңгыча күн бүркөлүп, көл үстүндө толкун пайда болду. Ал шашылып мени колдон ала кайыкка жетеледи. «Толкун күч ала электе, кетип калалы» — деп. Мен корктум. Күтө туралы, балким басылар — дедим. Бирок ошол бойдон толкун токтобой койду. Анан кеч кирип кетти.

- Каякка жатып калдыңар? — деди Калча дагы эле жүрөгүн өйүгөн нерседен кутула албай жатканын үнүнөн билдирип.

- Кайыкта жаттык.

- Экөөң биргеби?...

- Бирге. Анан ээн талаада түн ичинде эки жерде жатмак белек? Экообүз эки жакты карап жатып алдык. Ал кызык-кызык аңгемелерди билет экен, сүйлөшүп жатып, танды атырып жибердик. Ушунун эмнеси бар? Шааркана эжесине өктом укчукту.

- Иши кылып соосуңбу?

- Эгер ушул суроону дагы бир жолу кайталасаң, турамын да эшикке чыгып кетем. Экинчи сени менен сүйлөшпөйм. Уктуңбу?

Калча катуу үшкүрүп, жер тиктеп отуруп калды. Мунун азыркы кебетесинде кечетен бери эч себеби жок күйүп-быша бергендиги үчүн өкүнгөндүк бар эле.

Калча ордунан турду. Уйкудан калганга талыкшыган денесин араң көтөрүп тургансыды. Добушуна, кыймылына караганда сиңдисине ачуусу тарап калгансыйт.

- Жат, уктап ал, - деди а түгүл Шаарканга боору ооругандай эми ага мжжримдүү кылчайып. – Жашсың да, эмне кылайын. Баркың артып, бааң көтөрүлөр кезде кайдагы немени ээрчип, өзүңүн кадырыңы кетирип... Сен ээрчибей, сени жигиттер ээрчиши керек эле да. Бир жума, он күн эмес, айлап-жылдап карааныңа алыстан зар болуп ээрчиши керек эле да. Бул үчүн сенде акыл да бар, чырай да бар, билимдүү болгону жатасың. Кудая шүгүр, жездеңин аты-жөнү да бар дегендей. Кайсы жагынан караса да купулга толчу кызсың. Анан ушинтип жүргөнүңү укkан киши эмне ойлоп калат? Сен жөнүндө гана эмес, биз тууралуу кандай пикирде болушат? Мына ушулар жөнүндө ойлонушуң керек эле, сиңдим. Сенден жездең экообүз зор, билсең. Бакдоолөттүү бирөөгө баш кошсоң, тууган-урук гана эмес жакшылык-жамандыкта аркасы тийчү жолок-таяныч болобу – деген тилектебиз. Муну сага айтпасак деле өзүңү түшүнөт го деп жүрөбүз. Өзүң айткандай нариste эмессиң. Баарына акылың жетет. Жигит атуунун баары эле эр боло бербейт. Жигиттин да жигити, эрдин да эри бар сиңдим. Ал жагын бизден сура, бизден бил. Сага жамандык ыраа көрмөк белек? Бейчекилик кетирдиң. Жакшылап сени тескей албаган бизде да күнөө бар. Болор иш болду, эми кулакты түрө элдин сөзүн угалы. Жанагы жигит менен бир кадам да бирге басчу болбогун мындан ары.

Канча ушул акыркы чечимимн айтып, күйөөсүнүн артынан баргысы келдиби, эшикти көздөй бут коё бергенде Шааркан аны халат этегинен акырын кармай токтотту.

- Эмне үчүн баспа дейсиң?
- Эмне үчүн экенин баятан бери айтып олтурбаймынбы?
- Анын эч кандай күнөөсү жок. Анын үстүнө ал мага жагып калды. Шааркан тигинин халат өңүрүн коё берип, дагы жер тиктеди.
- Жагып?..
- Калчанын коюу каштары жыйрылып, көздөрү дагы чоңоё түштү.
- Ооба, жагып калды.
- Мына ушундайсың да? Ай, ал сенин териң эмес да? – Калча халатынын эки өңүрүн семиз тизелеринин арасына дагы кыстара кайра отурду.
- Сен кайдан билесиң, теңим эмес экенин?
- Корүнүп турбайбы, баскан-турганынан, кийим-кечесинен.
- Кийим-кечеси, баскан турган эч нерсени билдирбейт. Ичи керек. Ичин байкадым, эң сонун жигит. Акылдуу, ак көңүл, сөзү ордунда.
- Ой, бир түндө эле сынап койдуңбу? Ой, оңбогур десе!...

Калча сөз чыкпай калса деле чормоюп турган элдин синдисинин бетине жакындатып, анын көздөрүнөн бир нерсе көрүүгө ынтызарлангандай, кыз жүзүнө үңүлө карады.

- Бир түн эмес, он күчүнө болду аны сынап жүргөнүмө.
- Былжыраба, сенин теңиң эмес ал!

Калча синдисинин өзү жактагы ийнинен мыжыга кармады.

- Теңиң эмес дегениң кандай?
- Ушул да акчакчылыгың! Көрбөйсүңбү, он беш күндөн ашып баратат анын мында жүргөнүнө, кийгени бир көйнөк, эски бир костюм. Анын эмнесине ашык болуп калдың? Ичи сага тамак, үстүнө үй, ийнине кийим болуп бермек беле? Жаштыгың ушул да?
- Мага кийиминин кереги жок, - деди Шааркан ордунан тура.
- Өзү керек, адамдык сапаты керек.
- Анда ошого тиесиңби? Жөнө азыр барып анын мойнуна асыл, өлүгүндү көрөйүн шерменде? Сендей синдиси жок жүрсөм, өлүп калмак беле? – Калча синдиси мыкчый кармап турган ийинден ары түртүп жиберди.
- Тиейин дедимби? Жактырып калгаанымы айтам. Созго түшүнсөң боло? Шааркандын оңу да кайрадан өзгөрүп кетти.

Калча ошол бойдон сыртка жөнөдү. Басып баратып, гүлдүү беймаза халатын топчулады. Күйөөсү корпустан алыс кетпеген эле. Экик колун аркасына алып, акырын басып жүргөн. Элүүгө жакындап, отпускадан-отпускага чейин эс алууну сагынып калчу болгон Солтонов күтпөгөн жерден бул окуянын чыгышына кызалат болду, анын жаңыдан сергилең тарта баштаган, эртели-кеч көл шапатасынан мол жутуп, жыл бою жыйналган тулку боюндагы чарчагандыкты эми гана тышка чыгара баштаган кезде мындай ашыкбаш жүк, ашыкбаш түйшүктү карабайсыңбы? «кап!» – деп койду корпустун орто чениндеги кош канат эшиктин бирөөн ачып, кайра катуу жаба кумсарып көрүнгөн аялына жалт карап алып. –Баары бузулат экен да?» – деди ал күбүрөп.

- Сүйлөштүңбү? – деди Солтонов, аялы жаныша чукулдап келгенде үнүнөн анчейин деле тынчсызданбаган кишидей жай гана. Ушунусу менен оңу бузулган Калчага таасир эткиси келген.
- Сүйлөштүк. Жер жуткур жакшы көрүп калган имиш. Чакыр машинаңы, бүгүн кечтен калбай келсин. Муну биерден алып жоголбосом, бардык иш бузулганы турат. Бар, заказ бер, Фрунзеге.
- Дем алышты бузбайлычы. Калчам? Менимче, алардын ортосунда көңүл бурарлык, нерв короторлук эч нерсе жок. Жаштык кылышыптыр, анын эмнеси бар? Кимдин башынан өтпөгөн мындай иш. Аман-эсен экен, мен ошого сүйүнүп атам. Шааркандын башы бар, бейчеки ишке барбасына ишенем. Биерде көңүл ачуудан башка эмне бар? Элирген жаштар ого бетер эсирип басып кетишиптир. Эгер алардын ортосунда эч нерсе болбосо, токтотолу сөздү ушу жерден. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калганы жакшы.

- Солтонов аялынын эки акырегине алакандарын коё аның жүзүнө жалдырап тиктеди. Энесинен бир нерсе өндүрөрдө баласы ушинтет эмеспи.

- Эч нерсе болбогону менен жакшы көрүп калдым деп атпайбы? Кой, мен синдими карышкырга атап байлап койгон козудай кылып кармап отура албайм. Эртең качып кетсе кантебиз? Кийимге жарыбаган неменин эмнеси бар дейсиң? Андайга баргандан көрө өлгөнү жакшы. Ичкенге жарыбаса, кийгенге жарыбаса, андай турмуштун эмне кереги бар? Бул турмушка ким эки келиптир. Кой Аскар, чакыр машинаңы. Мен эми эс ала албайм мында. Аңдыганым да, ойлогонум да ушул экоо болуп калат мындан ары, кетейин, сен аягына чейин эс алып барарсың, - деп башка айтар сөзү жоктугун билдиргендей Калча шарт бурулуп, артына кетти.

Солтонов өзү күнөөлүү аялынын мындай кежирлигине. Аны менен баш кошконуна чейрей кылымдан ашып баратса да бир жолу анын эркинен тышкары иш кылып, каяша көрсөткөн эмес. Ошондуктан, Калча натуура болсо да, кээде өз оюндагысын ишке ашырып келатат. Бул жолку себеп, албетте жүйөлүү. Солтонов менен Калча кыздын сыртынан тон бычып жүрүшкөнүнө эки жылга болуп калды. «Тигинин баласы, мунун иниси, түкүнчөнүн таяке, жээни ылайык Шакентайга» - деп кыз-жигиттер тууралуу сөз козголсо эле Калча өзү тааныган кадыр-барктуу кишилердин балабакырасын эсептен өткөрө баштачу. Алардын кимисин артыгыраак, же төмөнүрөөк эсептерин да билдирбестен, күйөөсү аны оозунан чыккандын баарына эле макул боло берчү. Калча андай кишилердин балдары нече жашта, кайда окуурун, кимдер менен достошуп жүргөндүктөрүн, а турсун качан, кимдин кызы менен тааныштып, анан эмне үчүн андаан алыстап кеткенине чейин сурамжылап биле турган. Эгерде алардын бири сөз айттырып калса, бүгүн деле макулдугун берүүгө Калча даяр.

Шаркандын үй-боло күтүү жонүндогу оюн такыр сурабаган эле. Анын каяша кылышы, тил албай коюшу мүмкүн деген нерсе башына да келген эмес. «Өзүм чоңойттум, мындан аркы тагдырын да өзүм билбейм» - деген чечимди ичинен бекемдеп жүрө берген. Минтип күтпөгөн жерден, эч кайсы жагынан купулга толбогон, Калча бир нечек жылдан бери көз астында элестете жүрчү болочок күйөөлөрдүн эч кимисине, эч жагынан окшобогон, айылдык бир жигитти «жактырып калдым» – деп синдисинин жер тиктеп отурушу, көйкөлүп жаткан көл бетин заматта чайпалтып таштаган бороондой тийди ага.

Солтонов чочулап калды. Аялы өзүнө ар убак айта жүргондөй сонун жерден тамыр-сөөк күттүрүп, буларга арка-жөлөк болчу кишилер менен жакындатчу балдызы чындап эле колдон чыгып кете жазгангандай кыжаалат тартты. «Сүйүү дегенди да жүргондой билүү керек. Каалаган жакка жетелеп кондүрүш керек аны да. Ан-

дай кылуу улуулардын гана колунан келет. Турмушту көргөн, көптү башынан кечиргендердин гана колунан келет. Демек биз – Калча экөөбүз эми ошолордун тизмесине кошулган кишилерденбиз» – деп калгандардан Солтонов. Ошондуктанбы, ал Калчанын чочулганын түшүнүп турса да, бул окуя менен бир айга эсептелген дем алышты бузгусу келген эмес эле. Анын үстүнө Шааркандай кыздын Кадырбектей көргөндү сырты менен кубанганган айылдык бир жигитти жактырып калганына чындап ынабай жатты.

Солтонов палатага киргенде Калча менен Шааркан экөө эки керебетте отурган экен. Экөөнүн тең баштары томон карай шылкыят?

- Сүйлөштүңбү?

Калча эрине, эмнегедир акырын кайрылды.

- Жок...

Солтонов бөлмөнүн ортосунда бирде аялын, бирде балдысын тиктеп, мүнөткө кыймылсыз туруп калды.

- Чакыр машинаңы, мен ооруп калдым. Кетемин – деди Калча эми негизги максатын синдисинин жашыргандай жанагы сөзүн башка нукка буруп.

- Жакшы болуп каларсың, бир-эки күнгө күпойсүзбү? Шаарды билесиң, азыр ысык. Бир күн болсо да эс алгандын иши эс алган эмеспи. – Солтонов дая аялынын азыркы сөзүнө жараша буруп сүйлөдү

- Жок, кетемин. Чакыр – Калчанын кежирлиги чындап кармаганына көзү жеткен Аскар кайра чыкты. Чет жактагы кичинекей үйдү көздөй, байланыш бөлүмүн көздөй шылкыя басты.

Эжесинин башы эмне үчүн ооруп чыккаңы ал канчалык бурмалабасын, Шааркан жазбай түшүндү. Минтип, тополоңтос түшүргөн түндөгү окуя экенин билип турса да, мойнунан кучактап эжесинен кечирип сураган жок.

Эжеси аркы-беркисин ушул убакка чейин бир эшигинде күзгүсү бар шкафтын ичинде кырынан турган эки жеринен кайыш кур менен курчалган күроң чемоданга сала баштаганда ал барып керебетине жата кетти. Чечинбей жатты. Үстүндөгү спорттук көк костюму менен кечеги жамгырдан нымданган бойдон али түзүк кургай элек костюму менен жата кетти. Ыйладыбы дегендей анын бөлмөсүнүн босогосуна саамдан кийин жүн кепиччен Калча акырын басып келип карады эле, денеси солкулдаган жок, узун жарашыктуу бою керилип, башы ак жаздыкта. Эки буту керебеттин кырына тийип былк этпей калыптыр. Көмкөрөсүнөн жаткан кыздын эки жамбаш, эки ийин жазыраак келип, бели ичке денеси тар костюмдун ичинен тысырая даана көрүнүп, анын бой жетип, бар турпаты көргөн көздүн кумарын арттыра турган курагы экен азыр. Калча суктана тиктеди синдисин. Өзүнүн кыз кезиндеги, мрамордон жасалган скульптурадай сыйдам, жымсал денесин эске салган Шааркандын азыркы тулку боюна кадала тиктеп, мүнөткө

кирпик ирмебей, сынынан эчак бузулуп, тырышы көбойгөн эткел тулкусу элестеп кеттиби, беймаза сезимден жыйрылып алды. Мас денеси жыгач керебеттин ортосунда суналып, анын баш-аягына жете жаткан сиңдисинин бар турпатын костюмдун ичинен көрүп, ал эч ким тарабынан эч качан өзүнүкүндөй бузулууга тийиш эмес экендигин эстеп, ого бетер андагы кызгануу сезими артты. Анын азыр толуп-ташып турган ушу кыз курагына бирөөлөр кол салууга даярданып жаткандай, аны бузууга, ага так салууга аракет кылып жаткандай Калчанын кызгануусу ого бетер күч алды. Кадырбектен аялы Шаарканды. Шааркандын ушул курагына, ушул турпатын кол салууга татыктуулар азырынча Калчанын гана элесинде, дилинде.

Бели бир тутам болуп жаткан ушул сиңдисин көзүнө көмсоо, нары өтө жупуну көрүнгөн Кадырбектин кучагында түнү менен жылаандай ары толгонуп, бери толгонуп, бирок анын карылуу, ошону менен бирге айбаттуу колдорунан бошоно албай кыйналганын элестеткенде Калчанын а дегенде жигитке, анан сиңдисине болгон каары дагы жүзүнө чыгып, ортосу кызара жүрчү калың бети ого бетер түктүйүп, сүйрү көздөрү ого бетер жүлжүйдү. Азыр биерден чуркап чыгып, Кадырбекти таап бети-башын тытып таштагысы келди. Анан мына бул нерседен бейкапар керилип жаткан сиңдисинин үстүнө минип алып, ийининде түрмөктөлгөн жалгыз өрүм чачты жазып жиберип, аны билекке чырмай кармаган бойдон туш келди жерине муштап, тээп сабагысы келип кетти. Жаак булчуңдары кыймылдады. Шарт артына бурулуп коридорго чыкты. Анан корпустун эшигине барды. Ушул жерде гана күйөөсүнүн машина чакырышы үчүн почтого кеткени эсине түшүп, каарынан бир аз жазылгансыды, ачуусу басая берди. Кайра бөлмөсүнө барып, халатын чечип, жуунуп-чайынып, эртең мененки тамакка баруу үчүн даярдана баштады. Шааркан уктай берсин. А биерден деле тамактанып алат. Мындан эки күн мурун Калчанын бул жактагы ага-туугандары козу, бир фляги кымыз алып келишип, буларды мындагы жоро-жолдоштору менен коноктоп кетишкен. Ошондогу эттен дагы эле бар. Электро-чайник бар. Палатада чай кайнатып, өзөк жалгап алса да болот.

Ал күнү Шааркан эжеси менен да, жездеси менен да сүйлөшкөн жок. Үйдөн чыкпады. Мындагы китепканадан алган китебин терезе тушуна отуруп окуй берди. Анан эртелеп жатып алды. Аны жалгыз таштап кетүүдөн чоочулашкан тиги экөө да киного деп чыгышты да, бирок корпустан алыстабай басып журушту. Анткени, Кадырбек эрте менен да, кечинде да тамакка келген жок. Кооптонууга демек, себеп бар эле.

Эл кинодон чыккан маалда гана тиги экоо алардын чуусу менен кошо корпуска кирип, Шааркандын бөлмөсүнө кезек менен баш багышкандан кийин сырткы эшикти бекитишип жатышкан.

Көгүш волга буларды алып келип, шоферу чемодандарды которүшүп, адегенде регистратурага, андан көрсөтүлгөн корпуска жай-

гаштырып коюп кеткен эмеспи. Ал түз эле тааныш үйдүн мандай жагына эрте мененки саат ондордо келип токтоду. Аны терезеден көрө койгон Калча:

- «Шааркан, сен каласыңбы жездең менен, же мени менен кетесиңби? Машина келди» - деди кечеги терезе түбүндө китеп окуусун улантып жаткан синдисине сынагандай тиктеп.

- Сен кетсең мен мында эмне кылмак элем? – Шааркан китептен башын көтөрбөй жооп берди.

- Анда даярдан.

- Даярмын, - деди Шааркан эжеси жакты карабастан, китептин жаңы бетин ача берип, «Качан даярданды экен?».

Шааркан тиги экөө киного деп чыгып кетишкенден кийин эле жол камын көрүп койгон – кийим-кечесин өз чемоданына салган. Андан башка анын эмнеси бар. Келесоо эмес да, машина тууралуу эжеси сөз козгогондо эле эмне үчүн экенин туйган. Кетүүгө бел байлаган. Каяша кылуу тигилердин шектенүүсүн арттырмак.

«Москва, Ломоносов атындагы университет» дегенди кантип эле эсинен чыгарып койсун. Түндө айтпадымбы адресимди. Ал да айтты. Кат жазар, жооп берермин, ошентип табышып алар-быз», - деген жыйынтыкка келген Шааркан эжесинин чечимине өзүнчө отурганда мыйыгынан жымыйып койгон. «Кызык да, ушул жерден алып кетсе эле, баарысы бүтөт деп ойлойбу жарыктык. Чыныгы сүйүүнүн жолу жүз дешет го. Бирин бекитсе, токсон тогузу ачык. Ушуга түшүнбөйт көрүнөт го эжем», - деп жылмайган.

Машина он экилер чамасында кайра тартты. Шааркан биринчи чыгып, машинанын арт жагына отурду. Анын кебете-кешпирине, кыймыл-аракетине бу жерде кымбат кишисин, жүрөгүнөн түнөк тапкан кишисин таштап бараткандыгы байкоо мүмкүн эмес эле. А түгүл биерден кетип бараткандыгын байкатпоо үчүн, жамгыр жааса эле үнкүйүп үйлөрүнөн чыкпай отуруп калчу, анын үстүнө көпчүлүгү кексейип калган кишилерден кутулуп, кайсы убак экенине карабастан көчөлөрүндө, скверлеринде жаштар толо жүрчү шаарга бараткандыгы үчүн кубанып калгандай. Өңүндө бүгүн кечеги салкындык да, капалык да жок. Муну көрүп, чемодан көтөргөн эринин жанына жашыл кофтасын сол колунун билегине артылта таштап коюп, семиздигинен чалкалай басып келаткан Калчанын ичи ачышып да калды. Ачууга жендирип, ушундай жерди таштап кетип бараткандыгы үчүн, эс алуусун өксүткөндүгү үчүн, бу кезде асфальтына чейин камырдай былкылдап ысып турган шаарга барууга өзүнөзү аргасыз кылгандыгы бейчеки иш болгондой ал эми өкүнүч сезимине кабылды. Бирок муңусун күйөөсүнө билгизбөөгө тырышты. Албетте, Шааркан да байкоого тийиш эмес.

Машина козголо бергенде арыдан бирөөнүн «Шакен!» – деген катуу кыйкырыгы угулду. Бул Кадырбек эле. Шааркандын карааанын кечетен бери эле тигинден, али мындан акмалап издеп жүргөн ал аны кетип калат деп ойлогон эмес.

Шааркандын сөзүнөн улам, эжесинин ажаан экенин, жездеси ага караганда адилет, боорукер, жоош адам экенин билген Кадырбек. Бирок мындай болорун күткөн эмес эле. Эгер өткөн түн кыз менен өткөргөн биринчи да, акыркы да түн болорун билсе, ал ичиндегинин баарын сыртка чыгарып калмак да. Бир нече күндөн берки көөдөнүн тепкилеп, жүрөгүн алеп-желеп кылган сезимин толугу менен астына аңтарып салмак да. Андан да бир жооп угууга тырышмак.

Кадырбек заматта кандайдыр бир сыйкырдуу күч менен ээн талаа, эрме чөлгө ыргытылып ташталгандай санаторийден бир чакырым алыстабай туруп, жол таманынан көтөрүлгөн чандан көрүнбөй калган машина жакка селее тиктеп туруп калды.

... «Шааркан!» Ал дагы бир жолу кыйкырды машинанын караанын үзүлүп кетери менен. Мунусу үч-төрт гектар жерди ээлеп жаткан санаторийдин бардык жагына тегиз угулгандысы. Учууга камынган канаттуудай машина кеткен жакка Кадырбек бүт тулку боюменен бир обдулду да кайра бериге карады. Өзүнөн он метрче нарыда аны кабак чыта тиктеген Солтоновду эми көрдү. Ал бир ордунда, бул делбе болгон немедей адегенде колдорун көтөрө, анан башын мыкчый кармап, эчак учкан куштай алыстап кеткен кыздын атын атап кыйкырык салып турган немени шылдыңдагандай ууртунан жымыя карап турду.

- Шааркан кетип калдыбы?!

Кадырбектин бул суроосу ого бетер орунсуз, ыңгайсыз эле.

Солтонов эми бадырайган саргыч чоң, тиштерин көрсөтө жылмайды.

- Кетип калдыбы?

Кадырбек экинчи жолу сурады.

- И-и жумушуң бар беле анда?

Кадырбек эми гана эсине келгендей тигинин жанына басып барып салам берип, кол сунду. Солтонов алик алды. Анын жүзүндө дагы эле таңыркоо, дагы эле кытмыр жылмаюу.

- Кечиресиз, Шааркан эмне үчүн кетти?

Солтонов дагы бир азга Кадырбектин бут-башын тиктеп, шылкыйган мойнунан ылдый сыдыр көз жүгүртүү да, суроого – суроо менен жооп берди.

- Сенин жумушуң эмне, анын кеткен-койгону менен?

- Агай, мен күнөөлүү болуп калдымбы деп атам анын алдында, силердин алдыңарда... Такыр жамандык ойдо жок. Сейилдеп келебиз деп чыга койгонбуз. Баарына мен күнөөлүмүн. Мен жазаласаңар болмок, аны эмес. Силердин алдыңарга өзүм келейин десем, Шааркан унабай койбодубу. Ошону сыйлаганыман келе албадым. Эми эмне болот? Эс алуусу бузулбадыбы?

Кадырбек эми башын көтөрүп, Солтоновго жалдырай тиктеди.

- Күнөөңдү билет турбайсыңбы, эртерээк келип түшүндүрсөң болмок экен.

Солтоновдун бул сөзү тигиге боору ооругандай, аны аягандай угулду. Өңүндө жанагы кытмыр жылмаюу да жок. Ал кежигесин кашына нарагы бурулду. Ойлонгонсуп калды.

- Келип түшүндүрмөкмүн, агай. Шакен (кантип аны эркелетип атаганын да байкабады). Сен барсаң иш кайра ырбап кетет дебедиби. Ошондон улам көрүнбөй турганмын.

- Макул эми, өткөн иш өттү. Бирок акмакчылык кетпедиби сен тараптан?

Кадырбек түшүндү. Эти дүр этти. Анын оюнда такыр жок нерсени эске салып отурат Солтонов. Жигит орой жооп берүүгө камынса да, тигинин кара тору жүзүнөн мээршавкатты көрүп, уялыңкы, бирок ишенимдүү мындай деди:

- Андай акмакчылыкты жасоо эмес, сиздин суроонуздан жер жарылса, кирип кетким келип турат, агай. Ошондой ойлогонунардын өзү чекилик эмеспи. Шааркан колунарда чоңойсо да (түндөгү маектешүү учурунда экоонүн таржымасы да ортото салынган) аны жакшы билбейт турбайсыңарбы? Ал абдан эстүү, адептүү кыз. Ушул шектенүүнөрдүн өзү анын кыз наамына доо кетирип жатпайбы, билсеңер. Кап, мен келсем болмок экен, Шакен күнөөсүз жерден жазаланган тура. Эми кантет? – Кадырбек тутала түштү. Солтоновдун узун жаак бетинде дагы жылмаюу пайда болду. Бу жылмаюу тигинин Шаарканды мактаганынан улам чыгып отурат.

- Эмне, сүйүп калдыңбы биздин кызды?

Солтонов дагы тишин көрсөттү. Кадырбек жер карап калды.

- Эч нерсе эмес, жигит. Азыр эмне көп кыз көп. Эл каттоонун жыйынтыгын окугандырсын. Аялдар эркектерден жыйырма миллионго жакын көптүк кылат. Демек кыз табылат. Ал эми биздин кызды жайына кой. Жигити бар анын. Ойнок кыз, анын үстүно шаардык кыздар ачык мүноз келет. Күлүп койсо, бирге басып койсо эле, сен аны сүйүүгө ыйгарып алсаң керек да? – Солтонов эми кыт этип күлүп койду. Мунусу Кадырбектин анчадан бери жан дүйнөсүн аралап чаап жүргөн ыйык сезимине барып катуу тийди. Кадырбек дагы бир нерсе айтайын деди эле, тиги арыга басып кетти. Эми анын узун, арык сөлөкөтү жигиттин көзүно суук көрүндү.

Кадырбек комнатасына келгенден кийин эле, кийимин алмаштырып кийип сыртка чыккан. Ашканаңы көздөй Шааркандын басканын корбогон соң, ал дагы барган эмес. Калча, күйөөсү-экоо да тамакка келишпеди. Демек ортого алып, Шаарканды жемелеп жатышкан го деп чечкен Кадырбек. Түндө эл аягы басылгандан кийин да ал сыртта Шааркандар жашачу корпустун эшик, терезесин акмалап көп жүргөн. Аны менен болмого бирге датчу төрт адамдың эң карысы кабардин Арсланби деген эки жагынан сөөгү оркойгон арык орто бойлуу киши, ал канчалык акырын киргенине карабастан, ойгонуп кеткен. «Ой, Кадырбек, кыз сүйүп кал-

гансың го дейм, кече жоголуп, бүгүн кечиккенине караганда? Түн бир оокум го? Менин уйкум канып калыптыр», - деп чала орус тили менен кырылдаган.

- Таптыңыз, Арсланби аба. Сиздин башыңыздан өткөн иш да. Сезип жатасыз.

- Албетте, өткөн иш. Албетте, сезем. Кыз сүйүү машакат да, жыргал да. Өмүрдүн ыйык курагы ошол эмеспи, уулум. Жат, багың ачылсын – деген.

Кадырбек түн бою кирпик какпай чыгып, дагы баарынан эрте туруп кеткен. Эрте менен да Шааркандын карааның көрө алган эмес. Машинага кирип жатканда көзү чалып калды алысыраактан. Жанынан зып ото берген машинанын арткы терезесинен кыз колу көторүлө берип, бир шилтегенин гана көрүп калды. Тула бою шалдырай түштү. Машина кырк-элүү метр өтө чыкканда гана эсин жыйгандай: «Шааркана!» – деп кыйкырып жүрбөйбү.

... Кадырбек палатасына келип керебетине чечинбей кулады. Арсланби тамактан соң кол жээгинде бир аз басып, кайра келип жатыптыр. Күндо ал ушинтет. Убактысынын көбүн төшөкто өткөрөт. Өзү Казакстандын Курдай районунан. Жашы элүү тогузга келиптир. Деми кысылат экен.

Ал тууралу, Кавказ тууралу ал көп сөз кылчу. Алар жонүндо сөз кылып жатканда тегерек кара көздорүнүн кычыктарына жаш толуп, күроо тамырлары көөп чыкчу. Жүндүү билегин карысына чейин түрүп коюп, жүндүү көкүрөгүн улам бир колунун сөөмөйү менен сая көрсөтүп кызып сүйлөр эле. Астма оорусуна ушул кызуулугу кошулуп, добушу кыйылдап чыкпай калганга чейин, астыңкы ээгиндеги жок эки тишинен түкүрүк чачырата башкаларга кезек бербей сүйлөчү кызып кеткенде.

- Эмне болду, Кадырбек? Кызың менен таарынышып калдыңбы? – деди ал кырдач, бели бир аз ийри мурдуна коомай илинген күроң алкактуу көз айнеги менен бетине кармаган газетасын кереботтин баш жагындагы тумбочканын үстүнө коё берип.

- Андан да жаман болду, Арсланби ага. Эмне кылуу керек, кеңеш бербейсизби? – деди ал жакка мойнун буруп.

- Эмне болду. Башка бироо менен качып кеттиби? – Арсланби бет терисин жыйырылтып күлдү.

- Бироо менен качса иш башка эле, эжеси качырып алып кетиптир. Эми кантем?...

- Чындап сүйсоң, артынан кууш керек. Биздин Кавказдын жигиттери ошентишет. Өлмойүнчө, алмайынча сүйгон кызынын артынан калбайт. Кап, менин атым болор беле ушундайда. Аны менен кызыңы кайдан болсо да кууп жетмексиң. Алып качсаң эч ким кууп жете алмак эмес. Кап, өлүп калбадыбы мындан үч жыл мурун. Үй ичибиз менен бир жума ыйлаганбыз. Төодон тартып, килемге чейин байгеге сайылгандын баарын алып жүрдүк сегиз жыл бою. Казак туугандар ошондой байге коюшат экен да.

Ошская областная библиотека
ИНВ. № 43642

Жыйырма чакырым жерге таноо какпай келчү жаныбарым, ишенесиңби? Дайыма аттардан бир чакырым, жарым чакырым алдыда келчү. Бир байгеде дагы ири алдыда келатып суурдун ийнине буту кирип кетет. Оң буту чорт үзүлүп, мойну астында калыптыр. Жанына барып көрдүм да, нарында жаткан чабендес уулумду көторгөн бойдон артыма кылчабай кете бердим. Таанышгырга: «Мен көрбөйүн, союп, этин өзүңөр жеп койгула» – дедим. Этинен да ошентип, татууга дитим барбады. Ошончолук жакшы көрчүбүз аны. Балам эсиңе келери менен: «Ат сообу?» деп сурайт. «Ат курусун, өзүң аман калдың болду», - деп андан жүзүмү үйрүсөм көзүмөн жаш шорголоп жүрүптүр. Кап, карабайсыңбы ошол атым аман болсо, азыр кат жазып бермекмин. Барып, үйдөгүлөрго көрсөтсөң, аны алдына тартымшак. Минип, казыңын артынан түшмөксүң. Кап»...

Кадырбек чалдын чын-тамашасын билгиси келдиби, башын көторүп, ал жакка карады.

- Чын, уулум, чын. Кабардин эч качан жалган сүйлөбөт, ушуну билип кой. Ала бар тоболдо калап айтсам.

Кургап калган тилин нымдагысы келди окшойт, мүнөткө унчукпай ал тамшанып-тамшанып алды да, өзүнө маңыроо тиктеген Кадырбекке карап, мээримдүү минтти.

- «Осетиндин кызын ал, чечендин жигитин сүй, кабардиндин атын мин» – деген келаткан макал кеп бар кавказдыктарда, уктаң беле?

- Жок – деди Кадырбек ушуну билбегенде уялгандай кирпиктерин ылдый түшүрүп. Кадырбектин көзүнө азыр чын эле күлүк ат, асмандагы учкан кушка, жердеги жеңил машинага жеткирбеген күлүк ат, анын үстүндө бараткан буркалуу, эки төшүнө кыдырата сайылган ок, оң капталына канжар байланган, башына папах кийген жигит көрүнүп кетти. Эми керебет кырынан бери карап отуру кеткен ак көйнөк, ак дамбал, бетин тырыш басып, башы буурул тарткан, кыска колу-буту тарбайып арыктаган мына бул чалга такыр окшобогон жигит элестеди. Тоо кезип, дайра кечип, токой аралап, алда кайдан намыс талашып, абийир талашып, сапарга аттанган тоо жигити элестеди...

... Өзүчү? Өзү тоолук элдин тукуму эмеспи? Жоокер элдин тукуму, эмеспи? Ал жалында өскөн элдин урпагы эмеспи? Намыскөй журттун тукуму эмеспи?

Ушулар дилине келген Кадырбекти Кабардин чалдын сөзү шылдыңдап, басынтып, байкушсунтун жаткандай туюлду эми. Арсланбите ошондуктан орой мамиле кылгысы келип кетти. Атты билбеген, намысты билбешен элдин баласына акыл үйротүп жаткансыган, тебекер мүнөз бу чалдын шагын сындыргысы келип кетти. Муну байкабады, Арсанби бир аз ойлуу отургандан кийин сөз багытын башка нукка салып жиберди.

- Адам болом десең, көгөрөм десең өзүңөн уулуну сыйлап өт балам. Али жаш экенсиң. Атты сыйла, аялыңы сыйла. Мына

ушул менин сага айтар акылым. Бул акылды мен азыр ушул жерден чыгарып отурган жерим жок, айлыбыздагы бир акылман кишиден укканмын. Бала кезимде, он бир жашар курагымда укканмын. Ошондон бери унутпай жүрөмүн. Токсон алты жашта Биеш, деген карыябыз болор эле кошуналарыбыздын ичинде. Беш убак намазын жазчу эмес. Ошондуктан анын колунан кумганы, курунан канжары түшпөгөн. Даарат алган жерине да жоокер кийими менен барчу мусурман. Кумганын көтөрө албай жүрүп, тиги кандардын эмне кереги бар экен даарат алган жеринде деп, балдар четтен карап туруп күлүп калышар эле. Мен ар убак көрүп калсам, анын кумганын колуңан алып, даарат алчу жерине жеткирип берчүмүн. Бир күнү чыдай албастан сурадым:

- Биеш ата, кумган го керек дааратка, үстүңүздөгү кийимдин, канжардын эмне кереги бар дааратканада?

- А-а балалыгың ушул да. Бул кийимсиз, бул жараксыз кабардин, кабардин эмес да. Кабардин бул жаракты жолго киргенде тагынып, өлгөн күнү үстүнөн чечилиши керек. Түшүндүңбү? Атаң атпады беле? Аны жазалайм андай болсо!... деп мени кайра уялткан.

- Кабардин төшөктө гана куралгыз жатат. Ошондо да анын куралы жанында, ыңгайлуу жерде турушу керек. Түн жарымында эшигиңи бироо черттиби, сен адегенде куралыңы белиңе байланышың керек. Ансыз сыртка чыгууга акың жок. А балким, эшик черткен жооңдур. Сен аны менен кармашууга даяр болушуң керек. Кабардин эч качан каршысынын чыккан кишини оң жагынан откөргөн эмес. Анткени, оң жакта канжардын сабы бар эмеспи. Андан душманың, пайдаланып кетиши ыктымал дечү ал киши. Кабардиндердин салтын, үрп-адатын атаман мурда мен ошол кишиден укканмын.

Арсланби дагы сөзүн улантууга камынгандай адатынча тамшанып калды эле, Кадырбек ордунан тура келди. Тигинин атайлап муну алаксыткысы, машакаттуу ойдон алагды калгысы келгенин байкап калды.

- Сиз кайрадан өз элиңизди мактоого кириштиңиз го, Арсанби аба? Андан көрө айтпайсызбы, мен эмне кылайын? Кыз артынан барайынбы? Жокпу?... - Арсанби ангемесин улантууга, өзүнө ар убак дем берчү аңгемесин улантууга тигинин мүмкүмдүк бербегендиги үчүн нааразы болгондой саамга үрпөйгөн коюу каштарын жыйрып, жер карап унчукпады. Анан мойнундагы тырыштарын жаза ээгин өйдө көтөрдү да, олуттуу бир ишке уулун шыктандырып жактан атадай кабагын чыткан бойдон:

- Барыш керек, уулум. Эгер кыз тараптан бир жылуу мамилени байкаган болсоң, артывнан түшкөнүң жакшы. Сөз берип койсоң андан бетер карызсың. Жигиттин намысы – оозунан чыккан сөздүн өтосүнөн чыгууда. Жок, кыздан эч нерсени байкабай эле, тобокелге салып, ожөрлүккө салып, артынан салпактай берсең ан-

дай жигиттик баркына доо келтиргениң салака тийгизгениң, шек келтиргениң. Анда шылдың болосуң, уятка каласың. Андай паскечтикке бара көрбогүнүң, уулум, менин сага айтарым ушул.

Кадырбек ошол күнү түнкү саат он бирлер чамасында жүк ташуучу машинанын кабинасында отуруп, Фрунзеге кирип келди. Ал Фрунзеде үч күн жүрдү. Мейманканадан таңга маал чыгып кетет да, түнкү саат он бир он экилерде келип жатат. Ал баспаган көчө калган жок. Шаарканды көрүп каламбы деген ниет менен күн бою көчөдөн-көчөнү кыдырды. Адресин билбейт да. Түн бою тынымсыз сүйлөшкөндөрүнүн ичинде үй адрестерин экөө тең айтышкан эмес. Анын кандай зарылчылыгы бар эле. Мындай окуяга туш болушарын кайдан билиптир. Мына эми керек болуп отурат. Күндүзгү убактысынын көбүн Кадырбек Дзержин бульварында өткөрүп жүрдү. Мындан эл көп каттайт эмеспи. Жолдун эки жагына коюлган көк скамейкаларда отургандардын, каалгып экиүчтөн колтукташа ары-бери баскандардын көпчүлүгү жаштар. Кадырбек буту ооруганда ушул жерге келип, орто чендеги скамейкалардын бирине кочүк басат да, бейкапар жигит, кыздардын агымынан Шаарканды издейт. Кечинде кино-театрлардын эшиктерин сагалады. Андан да көрүнгөн жок. Үйлөрдүн түбүндөгү тратуарлар менен жүрүп, мойнун толгоп терезелерге карап көз талдырды. Кээ бир үйлөрдүн балкондорунан көрүнүп, анын кырынан көкүрөгүн артылта көчөдөгүлөргө кызыга тиктеп турган кыздарга карап селейип турган учурлары да болду, бирок алардын эч кимиси ал күткөндөй кол которуп кубанбады, атын атап, токтотподу. Кайра келекелешкендей ага тааныш эмес кыймылдар жасашып, же мостоюп үн катпай тиктешип, чоккон конүлгө ого бетер суздук, үмүтсүздүк шилеп жатышты.

Кочого чыкпайсың деп Шаарканга тыюу деле салган эмес эжеси. Өзү чыкпай койду. Колу бошосо эле, китеп кармап, терезенин түбүнө, жарыкка барат да андан башын көтөрбөй отура берет. Анын бул жоругунан Калча өзү жүдөй баштады. Бекер чуу салганын, жоңу жок жерден өздөрүн жеңил көрсөтүп, синдисин жеңил көрсөтүп, анын кыз атына шек туудуруп таштаганына ичинен окүнүп калды. Болор-болбос нерсени ушундай бир нече кишинин дилин ооруткан ишке айландырып жибергендиги үчүн өкүнө баштады. Ал турсун синдисинин ошол күндөн бери чытылуу жүргөн кабагын ачуу кече аракет жасап да көрдү. «Билет алып келчи, Шакен киного. Бүгүн эми жарашалы. Мен тамак жасап турайын. Жетиден кийинкиги алсаң, салкын түшкөндө басып барып келели. Таарынып калдың окшойт мага, сүйлөбой койдуң. Мен сага жамандык ыраа кормок белем. Тилегеним жакшылык да. Дурус жерге барып, бактылуу болсо экен дегенден башка эмнени кааламак элем сага. Андай өзү тамакка, кийимге жарыбай жүргөн немеге туш келсең, козүңөн жаш, башыңан сар-санаа кетпейт, ошондон чоочудум, ошондон корктум. Ырас, азыр силер эч нер-

сени ойлобойсуңар. Көңүлдөн башка эч нерсенин кереги жок кезиңер, бирок биз билебиз да.

- Койчу, эже, ушул акылыңы. Киного барсаң өзүң барып келерсиң. Менин көңүлүм эч нерсени каалабай турат – деп китептен башын көтөрбөй жооп бергенден бери Калча ого бетер беймаза.

Үч күн бою шаарды кыдырып жүрүп, Шааркандын караанын көрбөгон соң Кадырбек Москва көчөсүндөгү аэрофлоттун кассасына билет алуу үчүн барды. Ошко кетиши керек. Көргөндөрү оң эмес, түш сыяктуу ынданы өчүп, үмүтсүздүккө кабылган Кадырбек шылкыя басып кассанын имараты алдындагы тепкичке илкий бут коюп, ичкериге киргенде калың айнек бетине «касса № 1—2—3» деп номер коюлган ар бир дарсанын тушунда узун-узун кезек күткөндөр бар экен. Кайсынысына кошулуу керек деген ой менен ар бирине көз чаптырып чыкты... Мына кызык, бирөөнүн орто ченинде муну тиктеп жылмайып Шааркан турат...

Кадырбек аз жерден кыйкырып, жибере жаздады. Эки аттап ага жете түшкөнсүдү. «Тишш!» – деп кыз колун дароо тартып алды. Кезектен бери суурулуп чыкты «Кечиресиз, мен азыр» – деп артында турган кишиге Шааркан уялыңкы карады. Тиги адам байкады бейм, «Эч нерсе эмес, ордуң жоголбойт» – деп, кызды, анан Кадырбекти карап көз кысты.

- Кайдан жүрөсүң?...
- Өзүң көргөн жерден да.
- Дагы он эки күнүм бар дебедиң беле?
- Сен эрте баса бергенде, мен баса бере албаймбы?
- Качан келдиң?...
- Сен келген күнү...
- Койчу?...
- Чын... Айырмабыз эле силер жеңил машина менен келдиңер, мен жүкчүл машина менен. Силер түштө жеткен болушуңар керек, ал эми мен түнкү саат он бир ченде кирип келдим шаарга.
- Ошондон бери эле ушердесиңби?
- Ананчы.

Кадырбек кайрадан кыз колун кармап калган болучу. Шааркандын ал кармаган колу тердеп чыкты, бирок тартып алган жок. Кадырбекти түз карап, көздөрү жалжылдап турду. Бул жолугушууну ал да энсегени көрүнүп турду.

- Эмне үчүн? Шаарда жумушуң бар беле?
- Эмненин жумушу. Сени издеп темселеп жүрөм ошондон бери. Эч жерден көрүңбөйсүң. Анан бүгүн үмүтүмү үзүп, билет алганы биерге келгемин.

Шааркан бырс күлүп жиберди. Кубанычтын күлкүсү эле.

- Чын элеби?
- Ишенбейсиңби?

Кадырбек кыз колун катуурааак кысты.

- Эжем да кошо келген. Биердин начальнигин тааныйт экен, ошону менен сүйлөшом деп тиги жагына, короого кирип кеткен, жарым саатча болуп калды, чыга элек. Мен мында кезекке туруп алдым. Күн мурунтан албасаң, кыйын билет маселеси. Аякка кетчү студенттер да көп эмеспи... Эми макул, көрдүң кете бер – деп жылмайды Шааркан бир аз ойлонгондой терезеден көчөнү тиктеп турган соң.

- Эми кетпейм. Шакен, сени таап алдым.

Шааркан жоош унчукту.

- Жолугушуу баары бир мүмкүн эмес. Эжемин мүнөзүнө эми ишенгендирсин? Азыр келип калса, экөөбүздү тең сабайт, андан көрө мен ордума турайын – деп жөнөй бергенде жигит кызды чыканактан коомай кармап токтотту.

- Адресиңди айтып койчу, Шакен.

- Москва менен Совет кочосүнүн кесилишиндеги үйдөбүз. Адрестин эмне кереги бар? Көрүштүк, болду да.

Шааркан дагы бир нерсе дегиче өңү өзгөрүп кетти. Эшиктен Калча кирип келген эле. Кыз кезектеги ордуна барып туруп калды. Ал эми эжеси көргөн көзүнө ишенбегендей, эки метрче аралыкта турган Кадырбекке тигилди да калды. Кадырбек ага бир жолу жалт караган бойдон нары басып кетти. Анан эмнегедир, ал кезек күткөндөргө барбастан, эшикти коздой жонодү. Калчанын да ирең өзгөрүп кеткен эле. Колдогу коркунуч кайрадан аны каптап алгансыды. Шаарканды теше тиктеп коюп, Кадырбектин артынан сыртка чыкты. Орто чендеги тепкичке бут коюп, тамеки күйгүзүп жаткан Кадырбектин как мандайына келип:

- Салпайып мында эмне кылып жүрөсүң? – деди. Көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчайып кетиптир.

- Шылдыңдабай сүйлөңүз, эже?

- Эже деп коёт, мене сага эже эмесмин. Жогол, азыр биерден болбосо милиция чакыртамын.

- Бул жер сиздин үйүңүз эмес, касса. Жумушу барлар келет биерге.

- Тилин карасаң мунун, ололбай жүрүп!

- Шылдыңдабай сүйлөңүз деп атам сизди. – Кадырбектин да эми өңү өзгөрө түштү. Калча баягыдан тайсалдай унчукту.

- Сениби биердеги жумушуң менин синдим менен бүтмөк беле? Эмне үчүн анын жанында турасың? Өз теңиңи билбеген кандай немесиң?

- Шаарканды тааныйм, тааныш кишилерди көргөндө салам берип, алик алуу адамдыы парс, милдт. Анын эмнеси бар экен?

- Сендейдин саламынын кереги жок. Сени синдим тааныбайт, жогол мындан көзгө көрүнбой, милицияга туш боло элегинде.

Калча ушуну айтып, зиркилдеген бойдон ичкериге кирип кетти. Артынан аялдабай тамекиси эшик сыртында турган тунуке

урнага таштап, Кадырбек да кирип барды. Эмне үчүн жана сыртка чыкканын өзү да билбейт. Калчаны көргөндө шашып калганын кийин байкады. Эгер Шааркан өз ордуна карай басканда, бул дагы тиги адамдардын бир тобуна кошулуп, кезекке тура калса, бул сөздү укмак эмес. Кишилерден уялып, тиги жанына бара алмак эмес да. Эми Кадырбек кезегин издеди. Эки топко барды эле, Оштуку эмес экен, үчүнчү дарча тушундагылардын акырына барып, эки колун киндик тушуна бириктриге кармап туруп калды.

Калча синдисинин жангына барып, аны колдон тарта кезектен чыгарып алгансыды... Экоо ээрчише басты. Шааркан алдында эле. Кадырбек аны канчалык тиктесе да, ал кылчайганга жараган жок. Ким билет, эжесинен корктубу, же эми гана жарашкан Калча менен кайрадан катыштырып койгон Кадырбекке нааразы болуп калдыбы, иши кылып, кылчайбастан кетти.

Кадырбек кечки саат ондор чамасында Шааркандын оозунан чыккан адрес боюнча барды. Ары-бери басып көпкө жүрдү. Тротуардын эки жагындагы шынга бойлуу терекдердин ачыгынан улам бир терезени карап кылчактаган Кадырбекти эч ким байкаган жок. Бир кезде, жатарга балкондогу атайлап коюлган туура жыгачка, күндүз илинген кирин жыйнап алыш үчүн чыккан Калча так ошол тушту карап турган Кадырбекти электрдин мол жарыгынан даана тааныйт. Кадырбек да тааныды. А түгүл «Шакен!» – деп чакырып жибере жаздап барып токтоду. Халаты Шакендикиндей эле. Семиз тулкусунан таанып калган Кадырбек, дароо нары басып кетет. Ал эми Калча кирин коё калып, телефонго жүгүрдү. Милицияны чакырды. Ашканада жүргөн Шааркан эжесинин коридордогу телефондун трубкасын алаканы менен бекитип алып акырын айтып жаткан мындай деген сөзүн кулагы чалып калат: «Келсеңер тезирээк, бир жигит үч-төрт күндөн бери биздин терезенин тушунан кетпей жүрөт. Менин синдим бар да бойго жеткен, ошону андып жүрөт көрүнөт. Эч болбосо коркутуп койсоңор. Үйдо эркегибиз жок, чоочуп атам, тезирээк келсеңер экен?» – деп, анын үй адресин билдирди.

Шааркандын бул сөзгө бир жагынан кыжыры келсен (эжесине), экинчи жагынан Калырбектин жоругуна жылмайып күлдү. Кинодон көргөнү, китептен окугандары эсине түштү. Эжесине эчтеке деген жок. Билмексен, укмаксанга салды. Калча ашканага киргенде ал акырын залга, кирди да, андан балконго чыгып, үй тушунда мойнун толгой бериге карап басып жүргөн Кадырбекти көрүп, жылмайды. Тиги да көрүп калды. Эмнегедир, эки колун тең көтөрүп жиберди. «Бери түш»! – деген ишарааты го. Шааркан «Кет, мындан, азыр кармаласаң» – деген белгини берди, бирок жигит түшүнгөн жок. Тескерисинче, балкондон тез жок болгон кызды тышка чыгат экен – деп жоруган ал булардын терезе тушунан алыстабай басты.

Калча синдиси кассадан ээрчитип чыккан соң абайлап андан муну сургана:

- Жанагы кайдан келип калды быякка?

- Мен кайдан билемин. Ошол жердегилердин кимиси кайдан келгенин, каякка барышарын да менден сурайсыңбы?

Кечеден бери гана сөзгө келип, бир аз кабыгы ачылган сиңдисин кайрадан таарынтып алуудан корккон Калча башка сөзгө өткөн эмес.

Милицияны чакырганын, үй тушунда Кадырбектин ары-бери басып жүргөнүн да сиңдисине билдирбөөгө тырышты. Телефондун трубкасын бырыйган семиз колу менен орой кармап, акырын сүйлөгөн сөзүн ашкананын кынай ачык турган эшигинен тигинин угуп койгонун кайдан билсин. Шааркан да эч нерсени сездирген жок.

Жыйырма мүнөткө жетпей эшик шыңгырады. Тапырап шашкан Калча эшикти көздөй чуркаганын укkан Шааркан өз бөлмөсүнө кирип, эч нерсени укпаган кишидей тымпыйды. Тигилер коридордо акырын сүйлөшүштү. Ошентсе да атайлап каалгадан бир аз жылчык калтырган Шаарканга эркектин колдураган жоон добушу жетип турду. Анан экөө ээрчишип чыгып кетишти. Муну сыртқы эшиктин жабылганынан билди, Шааркан. Кыз балконго чыкты. Төрт-беш мүнөт өтпөй узун бойлуу арык милиционер балконго карап, дагы эки колун көтөрө берген Кадырбектин жанына барды. Калча жок, көрсөтүп коюп бери тарткан го.

Милиционер менен Кадырбек көкүрөктөрү тийишкендей жакын труп сүйлөшө баштады. «Чын эле алып кетер бекен?» – деген ой башына кылт эткенде Шааркандын денеси чыйрыга түштү. Эшиктин коңгуроосу чырр эткенде Шааркан бутуна тапочкасын кийип жаткан.

- Каякка? – деди Калча бир бутуна кийип, экинчисине сала элек Шааркан эшикти ача бергенде чоочугандай түр менен.

- Азыр. Беш мүнөттө келемин – деди кыз анын жүзүнө тиктебей.

Байкады бекен деп өз ишинен кооптонгон Калча ага жол бошото берди.

Анан өздөрү жатчу бөлмөдөн балконго чыгып, алып кетти бекен деген ой менен жана Кадырбек жүргөн жакты карап, Калча башын эки колдоп чеңгелдеп калды. Милиционер, Кадырбек, экөөнүн ортосунда Шааркан акырын ары карай басып баратышкан.

- Сизди алып качканы жатат. Эркегибиз жок. Ошондуктан силердин жардамынар керек деп телефон чалыптыр эжениз биздин начальникке. Анан кабар алчы, деп мени жиберген деп күлүмсүрөдү. Кадырбек менен сүйлөшүп турган милиционер сустайган иреңине жылмаюу жиберип.

- Ошол алып каччу кыз менмин. Кыз уурдаш колунан келеби ушундай жигиттин, карасаңыз өзүнө - деп Шааркан экөөн тең колдон ала токтоп калып, Кадырбекти карап жылмайды.

- Андай ой болсо эчак ишке ашырмакмын. Ыңгайлуу учур да болгон: бирок... деп анысы кызга карап күлүмсүрөгөн.

- Ошондой агай, эгер биз тил табышып калсак, эч кандай милиция жолто боло албайт, бирок азырынча андай келишимге келе элекпиз. Көлдө жүрүп, таанышып калдык. Баяраак бу телефон чалган, мен шаарга келдим, коштошуп кетейин дедим эле, эртең түштүкко учам, чыга аласыңбы? – дегенинен макул деп койгонмун. Менден мурда муну сиз тосуп алган турбайсызбы? Ырахмат мунунузга. Так, что бул жигиттин азырынча эч кимге эч кандай коркунучу жок, - деп күлдү кыз.

Шааркандын бул сөзү эми милиционерди кызартты. – Кечиресиңер, андай болгондо эженерге озунор түшүндүрүп койгула.

Бул окуяны баш кошкондон кийин деле экоо көпко чейин эскерип, күлүп жүрүштү...

Эртең күнгө ишемби. Шааркан дагы камына баштады. Кадырбеги менен жолугушат эмеспи. Сабиз, пыяз, эт туурап койду. Эрте менен эрте туруп аш басат. Бул күйөөсүнүн жакшы көргөн тамактарынан. Ар жолу көрүстөнгө бир тамак алып барат. Анда көсо, мандайын гана эмес, эки бетин, мойнун да тырыш баскап, кабагы салыңкы абышка бар. Көрүстөндүн кароолу ошол.

Тегереги курчалган бак-шактуу бул жердин кире беришиндеги эки канаттуу темир дарбаза демейде жабык. Мында жакындары жаткан кишилер ар убак ишенбиде, айттарда анын оң капталындагы бир киши батчу чакан эшик аркылуу киришет. Шааркан да ушул эшиктен кирип, ушул эшиктен чыгып жүрөт.

Көсо чалдын оңу ар убак купкуу, кабагы бүркөө. Мында келгендердин бардыгынын ыйы, кайгысы ушул адамдын кебетесине кандайдыр бир күч менен отүп калгандай. Бир нече ай болду Шааркандын мында каттаганына. Бирок бир жолу да тиги кишинин жүзүнөн жылмаюу көрө элек. Көсо чал мүрзону да озү казчу. Ошондуктанбы, анын бети-башына, колдоруна ар убак жаңы топурак жабышып, анын тулкусунан чаң жыттанып турчу.

Шаарканды ал киши алыстан көрүп, алыстан тааныйт. Ал дайыма бир күндө, бир убакта келип жүрбойбу. Ошол күнү, ошол маалда тиги Кадырбек жаткан жакка бироо чакыргандай жай көз чаптырат. Алыс жол басып арып-чарчаган кишидей Шааркан акырын бут шилтеп, топурагы эчак катып мүрзо тушуна жетип токтой калганда, ал дагы ошол жакка бет алат. Унчукпай келип мындагы скамейкага көчүк басат. Анан куран окуп кирет. Көздөрүн жумуп алат. Узакка окуйт. Мундуу окуйт. Ыйлап жаткансып туюлат. Шаарканга. Ошондон улам келиндин тамагын да бууп, көздөрүно жаш толот. Өпкосү кооп чыгат. Бар үнүн созолонтуп, кошуп ыйлагысы келет. Ушуну сезеби, чал куранын бүтөорү менен ар жолу бир гана создү кайталайт. «Эми буларга курандан башканын пайдасы жок, көз жашынды чыгарба, кызым» – дейт, Шааркандын жүзүно карабай туруп. Шааркан бүткүл тулкусун титиретип, муу-

ну-жүүнүн бошотуп келаткан жашты шилекейин кайра-кайра жутуп отуруп, таратууга аракеттенет. Али оту өчө элек кара тегерек көздөрүнүн кычыктарына мөлтүрөп чыгып калган эки тоголок жашты ааpчып кетирбесе, кайра сиңбей туруп алат... Алып келген тамагын андан Шааркан сумкасы менен чалдын алдына коёт. Ал тамактан ооз тийген соң, кайрадан көзүн жумуп, куран окууга киришет. Бул жолу кыскараак окуйт.

...Асабул жанна
Асабул жаннаты»...

Деген бул курандын эки сабын Шааркан жаттап да алды. Тиги дүйнөдо «Тозок жана Жаннат» – деген болорун атасынан, энесинен эс тарткандан кийин нече жолу уккан. Бирок шаарга келгенден тартып, алар тууралу эч ким анын эсине салган эмес. Кадырбек каза болгондой бери алар эсине түштү.

Үч-төрт айга чейин көсө чал Шаарканга эс нерсе деген жок. Анан бир жолу куран окуп бүткөн соң, тамагынан ооз тийип, дагы бир жолу куран түшүрдү да, чытылуу кабагын ого бетер бүркөлтүп минтти: «Кызым, өлүктү сыйлайт деген ушул, апта сайын келип атасың. Атап тамак бышырып келесиң. Ушунун баарын билет өлгөн киши. Анын денеси жерде былкылдабай жатканы менен жаны жердин үстүндө, биз менен, тирүүлөр менен бирге аралашып жүрөт, бирок көрүнбөйт да сүйлөшпөйт. Көрүнө турган дене, сүйлөй турган тил жерде жатпайбы. Ошондуктан аны арбак деп коёбуз. Сага арбак ыраазы, кызым. Эми келбе биерге. Кайыр-сакабатында үйдөн туруп деле багыштай берсең болот.»

Ошондой кийин Шааркан үч жума араң чыдады. Ишемби күнү болсо, убадалашып коюп, анан кандайдыр бир себеп менен сүйгон жигитине жолугушпай калган кыздай анын керели-кечке кыжалатчылыгы артып, акыры ый менен бүтүп жүрдү.

Төртүнчү ишемби күнү, мына бүгүн, мурдагысындай эле элдин эң алды болуп, башына кара жоолук салынган, узун бойлуу Шааркан тааныш мүрзөнүн жанына келип токтоду. Көсө чал даректарга суу куюп жүрүп аны көрдү. «Көңүлү түтпогон го бечаранын» - деп ичинен күнгүрөнө ал тигинин жанына келди. Үндөбөй адатынча а дегенде отура калып, куран окуду, андан кийин гана Шаарканга карап баш ийкеп, салам айтты.

Чал жанагинтип ичинен мунун келишин туура божомолдосо да, келин актангандай унчукту:

- Чыдай алгыдай эмесмин, аба, апта сайын келбесем. Бир нерсем кемип туруп алат экен.

Жер тиктеген көсө чал чоң башын ийкендетти: «Түшүндүм, кызым, түшүндүм. Карааныңды тыяктан көргөндө эле түшүнгөнмүн. Башкага конбөй коюшу мүмкүн адам баласы, бирок өлүмгө көнөт акыры. Кара жердин боору муздак. Акыры сенин да көксүнүң, сууйт, үмүт үзөсүң. Ага чейин, келип тур, кызым» - деди.

Эртең күнго ишемби. Шааркан бүгүн да кеч жатып, кеч уктады. Өткөндөрдөн эсине салды...

Каникулга качан келерин, келгенде да поезд менен келерин, эгер Кадырбектин Фрунзеден аны тосуп алууга мүмкүнчүлүгү болсо, келер күнүм эжеси менен жездесине да билгизбей коёрун кезектеги бир катында Шааркан жазат. «Сени тосуп алуу үчүн, жок мүмкүнчүлүктү табам» - деп жооп берет жигити. Ошентип, күн мурунтан кат аркылуу макулдашып алган экөө жылга жакын убакты өткөндөн кийин вокзалда кайрадан жүз көрүшөт. Ошондо Кадырбек өңчөй кызыл гүл кучактап чыккан. Вокзалдын бери жагында кыдырата отурушуп алып, идиштердеги сууга тамырын малык коюшуп, гүл сатып отурган аялдардын баарындагы кызыл гүлдөрдү жыйнап алган болучу.

Шааркан үйүнө бир жагына чемодан, экинчи колуна өңчөй кызыл гүл кармап кирип келгенде (аны подъездге чейин караңгы кирип калгандан пайдаланып, Кадырбек жеткирип койгон) эжеси менен жездеси таң калышты. «Ой, сен, кайдан келип калдың? Эмне үчүн бизге кабарлабадың? Ким тосуп чыкты сени?

Кучактап бетинен өпкөндүн ордуна эжеси ушундай суроолорду үстөкө-бостон бере берип, анын эсин оодарат.

- А дегенде саламдашып алалы, эже анан сурооңо жооп берейин» – деп жүзүндө кубаныч ойногон Шааркан чемоданын коюп, анын үстүнө тутамынан ашып, көкүрөгүнө жая берген гүл дестесин жаткырып, эжесине карай кадам шилтеди. Аны мойнунан коомай кучактап, эки бетинен коомай өптү. Жездесине кол суна, бетин тосту.

- Мына, эми жооп берейин сурооңо, эже. Жигит тосуп чыкты мени. Кат аркылуу ошондой сүйлөшүп алган элек. Силер чыксаңар экөөбүз тең уялмакпыз. Тиги гүлдү ошол алып чыгыптыр. Жакшы болуптурбу?

- Албетте, жакшы болуптур. Биз чыксак деле жолто болмок эмеспиз силерге.

Калча синдисин ийинден кармай жылмайды. Анын көздөрүнөн көздөрүн албай турду. Ушул карашы менен Шааркандын ким тууралуу сөз кылып жатканын билүүгө дилгирленди.

- Иши кылып бизге жакчу жигитпи аның?

- Ананчы? Өзүң айтып жүрчү элең го, кадыр-барктуу жердин балдарынан болсун деп. Катыңарды алгамын жездем экөөңөрдүн. Ошондон кийин сен тексиз деген немеден кол үзгөнмүн. Биерде сен болжоп жүрчүлөрдүн биринин баласына өзүм кат жаздым. Ошол, мына бул гүлдүн ээси. Атын азырынча айтпайм. Эми урушпайсыңбы?

Шааркан да эми эжесин туурагансып, эки колун анын акырегине тең таштап жайдандады.

- Акылдуум десе, сенин ушинтериңи билгемин. Тирегим, мөдерим, кеңешчим» – деп эми гана эсине келгендей Калча синдисин өпкүлөп кирди.

Кадырбекти алда кайдан келип калат деп такыр оюна албаган Калча синдисинин жанагы сөзүнө чындап ишенди.

Шааркан келгендин эртесинен тартып, үйдөн кечке жуук чыгып кетип жүрдү. Кийген кийиминен гана ал жигитке жолугарын байкаган эжеси ага эч кандай тоскоолдук корсоткон жок... Тескерисинче, синдисинин албырган жүзүно карап, ыраазылыгын, баарына маакулдугун билдиргендей гана акырын баш ийкеп, жылмаюу менен аны узатып коюп жүрдү.

Алтынчы күн дегенде Калча, Солтонов болочок күйөөнү алыстан болсо да көрүүнү чечишти. Саат ондор чамасында экөө сыртка чыгышты. Шааркан дайыма он жарым, он бирлер ченде келип жүрбөйбү. Тогуздагы киного кетишти көрүнөт. Жигит кызды үйүно чейин узатып келиши керек да. Тиги экөө үй тушундагы скверде бир аз басышты да, экинчи көчөдөгү шыңга теректердин көлөкөсү суналып жаткан тротуарга өтүштү. Мына, бири-бирине жакын келаткан караандардан экөө бөлүнүп чыкты да, булардын үй тушуна бурулушту. Бири кыз, экинчиси эркек. Ал колокодо синдисин Калча дароо тааныды. Жигитин көрүш керек эми. Экөө кадамдарын тездетишти. Кырдач мурдун кыздын татынакай мурдуна тийгизе берип, коштошууга бир нерсе дегендей болгон жигит, анан жанатан бери кармап турган Шааркандын колун эки-үч кудай акырын силкип коюп ажырашып чыга берди. Артына бурула бергенде анын тулку бою электр жарыгына каптала түшүп, даана көрүнүп калды. Баягы жеңи кыска көгүш жибек көйнөк, баягы оң кашына карай тараган суйдаңыраак чач. Далысы бир аз чаккан. Кадырбектин озү. Басканы да тааныш эмеспи Калча менен Солтоновго. «Кудай уурр!».

Калча эки алаканын жупташтыра көкүрөк тушуна карап чакчайды.

- Эмне болду? – деди эри аялынын чочуганын боолголоп турса да. Анткени ал да жигитти таанып калган эле.
- Баягысы го?
- Баягысы ким?

Солтоновдун минтип бүшүркогону ансыз деле денеси муздай баштаган Калчанын жанын ого бетер кейитип жиберди.

- Келесоосуңбу? Колдон тапканычы?
- Кантип эле?
- Өлүгүндү гана коройүн!...

Калча ошол жерден атылып жонодү. Бу кезде алыстап баратқан жигитин карап, буйдала түшкон Шааркан чуркап үйгө бет алды. Эжеси жакындап калганын ал байкаган жок. Калча антип-минтип, энтиге үчүнчү кабаттагы үйүно жетип, коңгуроону баскан кезде синдиси кенен коридордогу чоң күзгүнүн тушунда туруп алып, эки кулак үстүнөн албырган бетине тийип турган саамай чачтарын жигит колунун али ысыгы кете элек аппак борпоң манчалары менен нарыга сылагылап, Кадырбек экоонүн ортосундагы создү эстей тиштерин бадырайтып күлүп турган. Көйнөк этигин ылдый тарта берип, эшикти ачты. Каалганын нары жагынан көрүнгөн

эжесине да ички кубанычын жашыра албай жадырап тиктеген Шааркандын бетине ысык түкүрүк жайылды... «Тфу!» деди экинчи жолу, оозу кургап калганбы, азыраак шилекей чачыраткан Калча: - «Бетиңен бузул, ылайым! Сенин жүзүңү экинчи көрбөйүн, жогол үйдөн!» – деп энтикти. Калча астанадан аттар замат жабылган эшикке куйругун такап туруп. – Жогол! – дейм бетсиз! Энеңдей мени алдап, атаңдай жезденди алдап, ылайым бетиңен бузул! Жогол азыр, көзүмө көрүнбөй!»

Байкоостон көзүнө чөп сайылгандай Шааркан бетин кош колдоп баскан бойдон эч нерсеге түшүнбөй селейди. Тепкичтерден да чуркап чыккан Калча эсин эми жыйдыбы, бетиндеги түкүрүктүн чачырандысын алакандары менен ааарчып катуу корккон наристедей көздөрүн бакырайтып өзүнө карай берген синдисин эми эки колдоп көкүрөктөн ары түртүп жиберди. «Эмне турасың? – Жогол дебедимби биерден?! Кет, көзүмө көрүнбөй!» – деп албуутанды. Шааркан бир кадам артына кетенчиктеп барып, очорулуп тактайга отуруп калды... Эми жетти окшойт ага эжесинин эмне үчүн каар төккөнү. Ыйлап жиберүү керек эле, ал көгөрүп койду. Өңү кубара түшүп, кызгылт эриндерин тиштене ордунан турду.

- Дагы эмнеге жиндендиң?

- Сен өлдүң, ошого жинденип атам. Менин сендей синдим жок, мындан ары! Жогол!» - Калча аны карап эки үч кадам алга бут шилтеди.

- Жоголсо-жоголормун. Айтсаң, эмне үчүн мынчалык күйүп-бышып атасың? Күнөөмдү айтып туруп анан куусаң!

Шааркандын үнү барган сайын өкүмүрөөк жана ишенимдүү чыгып жатты. Ал боюна кайрат топтогону ушундан көрүнүп турду. Алдындагы коркунучтуу, кырсыкты күн мурунтан билген, ага тымызын өзүн даярдап жүргон адам гана мындайда ушул авалда болушу мүмкүн эле.

- Билбейсиңби күнөөңдү?

- Айтпасаң кайдан билейин?

Үч ачкычтын бироон дайыма чөнтөгүнө сала жүрчү Солтонов эшикти өзү ачып кирип, аялынын мындайда оозунан чыкчу сөздөн чоочуп, ичкериге кирип кеткен.

- Баягы томаягынан кол үзүшпөгөн турбайсыңбы? Кантип ошону менен элден уялбай киного барып, көчөдө басып жүрөсүң? Бетиң барбы? Өзүңү сыйлабасаң, бизди сыйласаң боло? Жездең экөөбүз эми кантип элди аралайбыз? Алардын бетине кантип карайбыз?

- Томояк дегениң эмнен? Оозуңан чыккан сөзүнө түшүнөсүңбү өзүң?

- Синдисинин дагы көгөрүп калганын байкаган Калча үнүн баягыдан бир аз басаңдатты. Күзгүнүн жанындагы креслого барып, лык эте отура кетти. Шишимек көздөрүнүн астын оң колунун сөөмөй кыры менен сүрттү, жашын ааарчып жатабы, же теринби, билүү кыйын эле?

- Томояк деп ошол сен жабышып калган немеге окшогондорду айтат. Киерге кийими, ичерге тамагы отурарга үйү жокторду айтат, түшүнбөсөң.

- Кийимине, оокатына карап адамдарды баалаганды качан коёсуң, эже? Кайсы доордо жашап атканынды билесиңби деги?! Анын кийими, тамагы, үйү бары-жогун сен кайдан билесиң?

- Көрүнүп эле турбайбы, сокур эмес кишиге. Же сенин көзүңү байлап койгон көз байлагыч бекен ал?!

- Мен кийимин караганым жок. Адамдыгын карадым.

- Адамдыгын-адамдыгын деп коёт дагы. Курсагың ач отурсаң, ошонун адамдыгы жээриңе тамак, үстүңө үй, ийниңе кийим болуп бергенин көрөрсүң. Сен окшоп даяр үй, даяр тамак, даяр кийим менен чоңойгон неме дүнүйө дегендин баркын билмек беле. Тирүү жүрсөк көрөрбүз авалыңы, ыйлап келчү болбогун.

Шааркандын добушу баягыдан да бийиктей баштады.

- Берген тамагыңы, кийимиңди доолаганы турасынбы?

- Доолаганым жок, дегисин айтып жатам. Сени түшүнсүн деп айтып жатам. Жаңылбасын, кийин бармагын тиштебесин, окүнбөсүн, көз жашын төкпөсүн, бактылуу болсун деп айтып жатам. Көп жашап, көптү көргөн эленер, акыл-кеңешиңерди айтып да койбогон экенсинер деп кийин бизге күнөө койбосун деп айтып жатам.

Калчанын жоошуй баштаганы байкалып турду. Эгер Шааркан жаңылганын сезгендиги жонүндо жалгыз сөз айтып койсо, анын мойнунан кучактап, бети-башынан опкулоп, жанагы катуу сөздөрдү, кол тийгизгендиги үчүн ал кайра-кайра кечирим суроого даяр эле.

Бирок Шааркан чечимди бекем кылган көрүнөт. Ушул учурдан пайдаланып, жүрөгүн коптон бери ойүгөн, ой-пикирин тышка чыгарып калгысы келди окшойт, тилин тартпады.

- Сен айтып жүргондордүн балдары мага жакпайт, эмне кылайын?

- Эмне үчүн жакпайт? Сенин жаштыгың балапандыгын (ушул сөз менен синдисин дагы жумшартууну каалады) ошол да. Кебетесин гана карайсың, жигиттердин. Алардын чырайынан тамак да чыкпайт, кийим да жаралбайт, кеп башка жагында. Турмуш деген башка нерселерден турарын али сен түшүнбойсүң да... Менин айтканым менен боло берсең, жаңылбайсың. Өлөр-олгүчө мага ыраазы болуп отпосоң, башымы кесип берейин.

Калча сол колунун манчаларын бириктире, анын кыры менен кыска мойнун мууздай көрсөтүп ордунан тура калды. Шааркандыкарай бут шилтеди. Анын көкүрөгүнө көкүрөгү тийип-тийбей турду. Колдорун тигинин ийнине коё берди эле, Шааркан алып ташталды. Калча ыйлап туруп, жалынмак. Ошентсе синдиси тизе бүгүп алдына жыгылып берчүдой көрүндү. Ошондой сезилди. Шааркан колун ийнине жеткирбей алып таштаганда дагы денеси муздай түштү.

Быйыл кышында күйоосу менен эки-үч жерде конокто болушканда ушул Шааркан тууралу соз болгон. Алар так ушул Калчанын башына уялаган «орун-очоктуу» – кишилерден эле. «Биздин балабызга ылайык, балабызга айтып көролү, каникулга келгенде, сүйлөшүп корүшсүн» – дешкен болучу. Бириндеги созду экинчисинде айтышмак беле? Ичинен Калча экооно тең маакул. Кимисинин баласы мурда озунса, кыз ошонусунуку» – деп тымпыйган. Экоонүн тең балдары бойго жеткен немелер. Жогорку окуу жайларында. Бириники Ленинградда, экинчисиники Горькийде окушат экен. «Кап , Москвада окуганда кат жазып жиберсек, таап алмак экен» – деп алардын экоо тең сүйлошүп алгандай бирдей окүнүп да алышкан.

Алардын экоон тең (албетте, эки башка) булар да ыгын таап конокко чакырышкан дем алышта. Шааркандын сүротүн алмаксалмак тиктешип, айрыкча анын жумуру акырегинен ылдый эки көкүрөгүнүн ортосунан төмөн чубалжып булайган жалгыз өрүм кара чачына чийилген кашына, борпойгон наристе эриндерине суктана тамшанышкан эле. Сөзсүз келин кылып алуу үчүн аракеттенишерин кызуулук менен кайра-кайра айтышкан. Үйдогү бардык маселени чечүүдо биринчи добушка ээ Калча анда унчукпаганы менен, жылтыраган семиз бетиндеги, бүтүгүй көздөрүндөгү жылмаюу менен алардын пикирине маакул экендигин билдирген. Мына азыр ошолор биринин артынан бири көз алдына тартыла берди...

Кыялында нечен ирет тиги экоонүн бириникинде сөөлөт күтүп төрүндө отурган, сый-урматына малынып кербездене магдыраган. «Кичүүнүн убайын корот деген ушу. Канат-бутагы узарат деген да ушу. Баккан-көргөн мээнети кайтат деген да ушул эмеспи».

Калча озүн өзү кийинки бир жылдан бери ушинтип сооротуп, көңүлүн жайлай жургөндө Шааркандын теңирден тескери кеткен жоругу ачык күнү көктөн түшкөн мөндүрдөй анын эсин оодарды. Кандай болбосун, аны бул жолунан баш тарттыруу керек. Аты жок, жоңү жок, жолдон жолуккан жолоочудай немеден кол үздүрүү керек. Ансыз Калча ыраазы эмес, ансыз жездеси да ыраазы эмес. Бул экоон нааразы кылып кетсе, Шааркан деле онмок беле, көгормөк беле. Мерездик кылганы ошол. Ырайдан тайганы ошол. Ошондуктан жаш неменин, керосин куюлган тарашадай ширенкенин жалыны жетип-жетпей дүрт эткен кыз сезиминин илебин муздатчу мамиле жасоо зарыл. Оңу келсе аны биротоло очүргөн жакшы. Антпесе, далай жылдан бери бул үй-бүлонүн ээлери көкүрөгүндө уялатып жүргөн таттуу ойдун ойрондолгону. Бул турмуштан дасыгып калган Калчага беш колдой белгилүү. Демек ал ушул убакка чейин топтогон тажрыйбасын ишке кийирүү менен синдисин озү каалаган багытка бурушу керек.

Калча дагы жумшак унчукту.

- Баарыбыз эле сага окшоп кыз болгонбуз. Баарыбыздын эле башыбыздан откон нерсе бу азыр сенин башына түшкөн иш. Сыр-

тына кызыгып, далайларга көз артканбыз. Бир жакшы сөз сүйлөп, жакшы көзү менен карап койсо, артынан ээрчип кете берчү жигит экен деп, балалык, куру кыялга азгырылгандык экенин кийин баамдап, кийин түшүнүп жүрбөйбүзбү. Эшик төрдүү болгондон кийин, балабакыралуу болгондон кийин, тигини көрүп, муну көрүп башыккандан кийин, ошол бир кездеги алабармандык жоругубузга өкүнүп жүрбөйбүзбү, а түгүл уялып калган учурларыбыз болгон! Мына, ушул өзүң жакшы көрүп, атаңдай сыйлаган жездең мени сүйүп тийди деп турасыңбы? Жок. Атамдар, апамдар макташчу. Колу-коңшулар кеп-сөз кылып калышкан: «Ата-энеси жакшы кишилер, оокат-аштуу адамдар» – деп макташканын укканмын. Ата-энелерибиз сүйлөшүптүр адегенде. Анан өзүбүз жолугуштук.

«Кандай дейсиң, Калча, ата-энелер эзелтен эле балдарынын сыртынан бүтүм кылышып жүргөн. Алар перзентине Аскар уялбай-нетпей саламга келгенден кийин эле.

Анда азыркыдай көчөдө, кино, театрда жолугуш кайда.

Курорт дегенде ким билиптир. Биз жеңебиз аркылуу эл жатар маалда биздин үйдүн аркасында жолугушканбыз. Мен дароо жооп бере алганым жок, анын суроосуна. Башымды шылкыйта жер тиктеп туруп калдым. Үндөбегеним маакул экендигими тиги кекелигинен түшүндү окшойт.

- Сен деле ата-эненин тилинен чыкпайсың го? – деп сурады, колуман кармай берип.

- Кантип чыгайын – дедим.

Ушул биздин ортобуздагы тойго чейинки болгон сөз. Ошол бойдон аны менен той күнү жүз көрүштүк. Жарым жылга жетпей баш кошконбуз. Мына, отуз жылга баратат бир төшөктөн бут чыгарганыбызга, эч кандай нааразылыгыбыз жок бул турмушка. Өзүң күбөсүң канча жылдан бери. Кудайга миң мертебе шүгүр, ичкенжеген жагынан, кийген жагынан эч кимден кем болбодук. Башкалардыкын деле көрүп жүрөсүң, биздикинен өткөнү барбы? Мейли, үйүнүн жасалгасы, мейли оокат-ашы, мейли кийим-кечеси жагынан болсун. Сага да ушундай турмушту каалап атпайбы, байкуш эжең. Кантип түшүнбөйсүң? Сен менден да бактылуу болушуң керек. Ошону тилеп атпайбы, бу курган эжең».

Калча күзгү жанындагы креслого кайра отура калып, ыйлап жиберди. Бет аарчысы жок, тултугуй беттеринен ылдый жылжыган ысык жашты бирде алаканы, бирде манчалары менен сүртүп балбалактады.

- Дагы чүпүрөкө, дагы байлыкка барып такалдың, эже. Өзүңүн доорун менен меникин окшоштургун келет. Отуз жыл эмес, жыл сайын кандай өзгөрүүлөр болуп атканын ойлонсоң боло, эже? Күйөө табылса эле: «Көйнөгүң канча? Костюмуң канча? Үйүң барбы? Машинаң барбы?» – деп сурашыбыз керекпи? Сезим деген кайда калат андай болсо? Адамгерчилик дегенчи?

Шааркандын бул сөзүнөн ыйлаганга чейин ызаланган эжесин аягандык байкалган жок. Тескерисинче дагы эле ынгайлуу учурдан пайдаланып, андан өчүн алгысы келгени көрүнүп турду. Шаркан да эми күзгүнүн экинчи капталына коюлган орундукка көчүк басты. Мындан анын олуттуу сөзгө, жай сүйлөшүүгө даярданганын байкоо кыйын эмес эле.

Солтонов Калчага үйлонгон кезде жыйырма экиде экен. Райондук аткаруу комитетинде жооптуу секретарь болуп иштөөчү. Калча айылда жетинчини бүтүп, ошол бойдон окубай калат. Ошентип, ал он сегизден он тогузга караган курагында коңшу айылдын баласы ушул Аскар менен баш кошкон. Калча туура айтат, булар бактылуу үй-бүлөлөрдөн. Күйөөсү а дегенде райондук анан областтык белдүү кызматкерлерден болуп жүрдү. Шаарга келишкенине да он беш жылга жакындап баратат. Солтонов бул мезгилде Москвадагы жогорку партиялык мектепти бүтүп алган. Азыр республикалык маанидеги бир чоң башкармага начальник. Эстүү-акылдуу ал жарын да жолго таштаган жок. Областта иштеп жүргөн кезинде андагы жалгыз кыргыз орто мектебин экстерно бүтүртүп, ага аттестат алып берди. Шаарга келгенден кийин аялын архивге орноштуруп, кийинчерээк университетти сырттан бүтүрүп, дипломдуу кылган.

Бирок жоош-момун Аскар качан үй-бүлөдөгү укугунан ажыраганын, Калча эне эмес, биерде атанын да ролун аткарып калганын билбейт. Үй-бүлого тиешелүү бардык иш бу кезде Калчанын гана айтканындай, дегениндей болуп келатат. Үй-бүлөнүн ар убак тынчтыгын, ынтымагын каалаган, ошол үчүн ага бар өмүрүн арнап койгон Аскар ошентип, аялы көтөрүлгөндө озу басаят, анын эркы менен болуп коёт. Буркан-шаркан түшүүгө кам урган Калча кээде газетадан, же китептен баш көтөрбөй, кабак-кашын бүркөбостон, момурайган күйөөсүн чакчая тиктеп отуруп, акыры өзүнөн-өзү жоошуп калчу. Төрт перзенттүү булардын мамилесине, айрыкча Солтоновдун кенебес кең пейилдигине көптөн назар салып, коңшулардан купуя суктангандар да жок эмес. Калчанын пейил-кую үчүнчү балалуу болушкандан тартып озгөрө баштады. Же башта байкатпоого тырышкан белем. Солтонов ага чейин жарынан дили кирдегенин билбейт. Азыр ал: «Төрөп-түшкөн аялдын мүнөзү бара-бара ушинтип калат окшойт го» — деген чечимге келген.

Балдызынын ишин ичинен колдоп турса да, анысын тышка чыгарбаганы Калчанын албууттугунан эле. Эжеси менен синдисинин ортосундагы сөз курч мүнөзгө ээ болуп, ага кийлигишүү зарыл экенин көрүп турса да Солтонов ичкерки үйгө кирип, адатынча терезенин текчесинде дчылып жаткан (озү үч-төрт күндөн бери жумуштан келген соң окуп жүрчү) китепти бетине карманып отура берди. Коридордогу сөз ага даана угулуп турду.

Дагы Калчанын чарчаңкы үнү чыкты.

- Кой, кагылайын, Шакен, элдешели. Менин сенден суранарым ушул гана – жанагы жигиттен кол үз. Жоголсун аның шаардан. Менин көзүмө желмогуздай көрүнүп калды аның. Мага ата-энем таап берген болсо бу жездеңи, сага мен таап берем күйөөнү. Ишене бер, ыраазы болосуң. Бактылуу болосуң, тилими ал, кагылайын, Шакеним!»..

Калча ордунан оору кишидей калтандап акырын турду да бир кадамдап кайрадан синдисинин башына көкүрөк тийгизе үңүлүп жалдырай тиктеди.

- Жок, эже, мага силер тапкан күйөңүн кереги жок. Мен наристе эмесмин. Ыракмат, жездем экөөңөрго, ата-энемин жоктугун билдирбей эрезеге жеткирип койгонуңар үчүн. Эми мындан аркысын өз акылым менен иштөөго тийишмин. Жаңылсам өзүм күнөөлүү. Эч кимди арага кошкум келбейт бул иште. Бала эмесмин эми, жыйырма экиге карап калдым. Башка иштерде силерден акыл-кеңеш сурармын, бирок жүрөк ишине кийлигишпей эле койгула, эже. Менин да сенден суранарым ушул.

Шааркан отурган калыбынан жазбады. Козголбоду, башын да көтөргөн жок. Жалынычка, ызага толуп кызарган эжесинин бүтүгүй көздөрүнө карагысы келбегендей ого бетер буртуйду.

Калча үн-сөзсүз саамга селейип туруп калды. Жаак эттеринин кыймылдаганынан, оңүнөн анын кайрадан катуу ачууланганы көрүнүп турду.

- Акыл үйрөнбөйсүңбү бизден?
- Бул иште үйрөнбөйм.

Кайсы иш экенин түшүнүп турса да, Калча кайталап кекерлүү сурады:

- Кайсы иште?
- Жүрөк ишинде дедим го?
- Кыскасы, ошого тием дечи?

Калча эмнеси болсо да, жүрөгүн качантан бери кыйнаган сурооого тез эле жооп алгысы келди окшойт.

- Тийсе-тиемин да.

...- Мына, тийсең!..

Шааркандын а дегенде оң жаагы шуу дей түштү, анан сол жаагы...

Кыздын көздөрүнөн от чагыла түшүп, башы кеңгиреди. Эки алаканы менен оттой жанып чыккан жаактарын жапкан бойдон тынымга көз ачпай отуруп калды.

Эжеси анан аны оң карыдан кош колдой аткый кармады да күч менен өйдө булкту... «Тур!» Көзүмө көрүнбөй жогол томаягыңын артынан, азыр жогол биерден! Сендей синдим жок бүгүндөн баштап!

Катуу серпти эле, чабек денеси бир чалкалап алып, анан эки метрче арыга бүктөлө жыгылды. Коридордо чубалжыган ичке килем-дорожка жатпаса тактага биринчи тийген кыз денеси сыйры-

лып кетмек. Иймейген кара мүйүз тарагы тигиндей учуп кетип, анын чеңгелинде тутамдала жана ийнинен төмөн төгүлүп турган кара чач жалп этип жазылып, эми эки жаактан ылдый төгүлүп жатып калды. Шааркан үн чыгарган жок. Эки алаканы менен килемге таяна бүгүлгөн тизелерин түздөп кетти. Чачтарын желкесине карай бат-бат сылай берип, сол тизеси ооруксунуп калган көрүнөт, анысы менен бир аз сылтый басып барып нары бурчта чалкасынан түшүп жаткан тарагын ала ордуна кыстарды.

Өңү купкуу. Арыда атаандашын жыгып коюп менменсинген балбандай басыраак мурдунун таноолорун кере энтигип карап турган Калчага түз тиктеди. Баягыда көл жээгинде биринчи чатактташканда да так ушинтип маралашкан эмес беле. Эми дагы бирин-бири жек көргөн көздөр тогошту.

- Сен үчүн томаяк болсо, мен үчүн андан бай киши жок, түшүндүңбү эми?

- Түшүндүм, бетпак!..

Калча алды жагына шок бут коюп, Шаарканды дагы урмакка кол көтөрө бергенде Солтонов коридордун орто чениндеги эшиктен чыга келди да, аялынын көтөрүлө берген колунан кармап калды.

- Эмне болду силерге? Колу-коңшулар да угуп коюшту көрүнөт жаңжалыңарды. Кыйкырышпай-нетпей эле сүйлөшсөңөр болбойбу?

- Кана, сен кыйын экенсиң, кыйкырышпай көндүрчү мынабу көк бет балдызыңды?

Калча күйөөсүнүн чыга келгенине ичинен кубанды. Ошентсе да сыр бергиси келбеди, ал синдисине көтөргөн колун дагы эле тартып алган жок, күйөөсүнүн көкүрөгүндө жатты анысы. Аны кагып таштоодон чоочулаган Солтонов эркелеткендей быртыйган семиз билекти коомай кармалап коюп турду.

- Такыр артка кетүүгө болбой калдыбы, Шакен? – деди Солтонов ошол калыбында балдызы жакка арык мойнун бура аны аягандай акырын.

- Жок?..

- Мындайда улуулардын тилин алсаң, өзүң үчүн, келечегиң үчүн жакшы болмок.

Жездесинин бул сөзүнөн: «Өзүң бил эми» дегенди түшүнгөн кыз дулдуюп гана тим болду.

- Жакшы болмок, жакшы болмок деп жалдырабастан катуурак эле айтып койбойсуңбу, жүрөгү түшүп калса да? Сен жездеси гана эмес, мунун атасысың. Канча айтсаң, кандай урушсаң жараша берет.

Калчанын күйөөсүнөн күткөндү укпаганга кыжыры келе түштү.

- Кыйкырышпай сүйлөшөлүчү, Калча. Талаада эмеспиз го үчөөбүз. Үйдөбүз. Бизден башка да элүү алты үй-бүлө бар биерде.

- Үнүңү чыгаргандан корксоң, эмне келдиң? Жогол нары! Калча жанагы эринин көкүрөгүндө турган колу менен эми аны

түртүп жиберди. Жаалы келгенде анын колунан да, оозунан да жакшылык күтүү мүмкүн эмес. Солтонов кайрадан ичкериге кирип кетти.

Калча синдисин көздөй кайра атырылды.

- Айт эми ачыгын, безирейбей өлгүр. Биз дейсиңби? Же ошол томаякты дейсиңби?

Шааркан үндөгөн жок.

- Айт дейм, кимибизди дейсиң?

Шааркан дагы эле тил катпады.

- Жана эле сайрап турган тилиң кана?

Калча синдисин жука эриндерин бириктери кармап, чоюп-чоюп койду. Гулдөй мала кызыл татынакай эриндер секундга кубарып туруп, кайрадан кызарды.

- Айт дейм кимибизди дейсиң?

Калча эми синдисинин ээгинен өйдө көтөрүп койду.

- Силер да, ал дагы керек мага.

- Аны менен бирге керек боло албайт экенбиз биз сага. Түшүндүнбү? Же биз дегин, же аны дегин.

Шааркан дагы жер карады. Ажеси аны дагы ээктен жолөй башын көтөрттү.

- Айт, сени менен мышык-чычкан ойноп отура албайм. Же биз деп, биерде кал, же ал деп, мындан чыгып кеткин. Экоонүн бирөөн тандап ал. Шааркан дагы тултуйду.

- Айт дейм!

Эми тиги кыздын жазы мандайына сайды сөөмөйү менен.

- Мейли, чыгып кетейин.

- Жогол, азыр менин көзүмө көрүнбөй жогол!

Калчанын үнү дагы чарр этти.

Шааркан кайраттуу басып, өз бөлмөсүнө кирди да, андагы кичинекей жалтырак шкафтан көйнөк-кечесин алып, анын түбүндө жатчу күрөң чемоданга сала баштады. Ушул убакта ал бөлмөгө Калча кирип барды. Артынан Солтонов кирди. Калча синдисинин колундагы көйнөктү сууруп алды да, аны нарыга, чемоданды төргө ыргытып жиберди. Анын ичиндеги көйнөк-кечелин баары чачылып, бөлмөнүн ичи толо түштү.

- Буларда сенин акың жок. Биздин акчабыз корогон буларга. Ушулар сени көптүрүп, көзүңү карайлатып таштады окшойт, эми тапкан томаягыңын ушундай кийим алып бергенин корем. Мындай кийим кийиш эмес, курсагың тамакка тойбой өтөсүң бу дүйнөдөн. Өлбөсөм, көрүп турам. Ыйламактан көзүң агып түшүп калса да, ошондо кылчайып карап койсом, атым өчсүн. Жогол, үстүндөгүнү да сыйрып ала электе!

- Кийимдерин берип кетир, кетирсең да. Уят эмеспи кыз баланы жыланач үйдөн кууп чыкканың? — деди Солтонов ачууланганын үнүнөн билдирип.

- Сенин ишиң болбосун, боорукер. Бизден кечип, тапкан жигити алып берет. Кийим-кечеси менен жибергидей мага анын эмнеси өтүп кетиптир? Нары тур, орточу болбой.

Калча кайрадан Шаарканга карап чакчайды.

- Чык үйдөн!

Шааркан шарт артына бурулду да, жездеси колунан кармаганча болбой эшикти сыртынан жаап койду.

Шааркан көчөгө чыкканда ыйлады. Ызасы ушул минуталарда мелт-калт болуп чыга келген эле. Эжесинин үйдөн кууп чыкканына ызаланган жок, алардын билимдүү туруп, маданияттуу туруп, (Калчанын нечен ирет ооз көптүрүп, өзүн, күйөөсүн ошондойлордун баш жагына коюп сүйлөгөнүн уккан да) кыздын жүрөк сырын түшүнбөй койгонуна, алардын сырты жаңы, ичи эски бойдон кала бергендигине ызаланып ыйлады. Эгер ушул кебетеси менен алардын үстүнөн кимге арызданса да ишенбес эле. Кыз балага, болгондо да өздөрүнө эң жакын немеге ушундай запкы көрсөткөнүнө такыр ишенишпеси аштан бышык. Мына ушуну ойлоп ыйлады Шааркан. Эл көзүнө бир башка, үйдө бир башка көрүнгөн айрыкча эжеси үчүн ыйлады. Анын алдында байкуштай бүжүрөгөн жездеси үчүн ыйлады. Кызматы боюнча жүздөгөн кишилерди башкаруу колунан келген неме үйүндө кулдай бөйпөндөгөн, эркек укугунан такыр ажыраган жездеси үчүн ыйлады. Ушул үй-бүлөдө аны коргоп калчу, жактап чыкчу киши табылбаганына ыйлады.

Ал короодон сырткы көчөгө чыкканда эл аягы сээлдеп калган. Кошоктошуп, шынаарлашып баскандар жок. Жалгыз-жарым кишилер аерден-биерден көрүнө калат. Убакыт он экиге чукулдап калбадыбы. Аяк-быягын элендеп тиктеген Шааркан заматта жекесырай түштү, жетимсиреди. Ата-энесинен жаңы гана ажырап, көрүнгөндүн көзүн тиктеп жалдыраган наристедей саамга алдастап калды. Кайда бут коёрун билбей бир азга буйдалып турду.

Кадырбек эсине түшкөндө эңшерилген жүрөгү толкуй берип, чыйралгансыды. Ал биерде эмеспи, шаарда. Дзержин бульварына жетип, вокзалды карай чуркаса беш мүнөткө жетпей анын жанында болот. А дегенде чоочуп, кубанат, самайынан сылап сороотот, эркелетет. «Сени эч кимге кор кылбай багып алууга кудуретим жетет. Төбөм менен жер казсам да эч кимден кем кылбай багып алам!» Анын арызын укандан кийин үйрүлүп үстүнө түшө калат. Буга Шааркандын көзү жетет. Минтип айтпаса да, ушуга жакын, ушуга тете сөздөрдү айткан ал үч-төрт күндөн бери.

«Бир эле жыл калды окууга, Шакен. Баш кошо береличи. Экинчи-үчүнчү курстан деле үйлөнүшүп жатышпайбы, башкалар» – деп, бүгүн кинодон келатып үйгө жакындаганда Шааркандын алдын торой тура калып, эки кол учунан кармаган калыбында шалдырап жооп күткөнү кыздын көз алдына келди.

- Ой, Кадыш эмне болду сага? Он жыл болсо да күтөмүн дебедиң беле баягыда кайык ичинде. Университетти бүтөмүн, анан

бир аз иштеймин, анан дагы окуймун, аспирантураны бүтүшүм керек десем. Эми айнып кетесиңби? Онунчуну бүтпой үйлөнгөндөр да бар башкаларга атаандашсак-дегенде Кадырбек жаш баладай тайсалдап, кежигесин кашына, тигинин жолун бошоткон. Уялып калган чынында. «Кечир, Шакен, ошол убадам-убада. Канча күт десең, ошончо күтүүгө даярмын. Каг-кабарың угулуп турса болгону.»

Азыр Шааркан барып: «Мына, сенин мындан эки-үч саат мурдагы өтүнүчүңү орундатканы келдим. Карамагыңа биротоло келдим. Эжемдер ушундай уруксат беришти»- десе бооруна кыса көтөрүп алып, чимирик ата кубанары шексиз. Ушуну эстеп, Шааркан ала көлөкө тротуар менен чуркап бульварды көздөй жөнөдү.

Мейманкананын сыртындагы жапыс тепкичтерден өйдө көтөрүлүп, чоң күрөң каалганын жез туткасына колу тийгенде кыялындагы татту сезим алиги тутканын муздак илебине урунгандай кыз тык токтоду. «Эмне деп кирем?.. Администратордон кантип сурайм? Жок, сураса болот... Бирок ал: «Жети түндө ойготкудай ал кимиң эле десечи? Анда эмне деп жооп берем?». Агам деймин да. Уктап калсачы? Телефон чалсам, ойгонор. Ананчы? Болмөсүнө кантип барам? Эки киши турабыз дебеди беле?-

Тутканы коюп жиберип, Шааркан артына кайра бурулду. Заматта жолугушкан күнү эле Кадырбектин кайда токтогонун, жайжөнүн терип-тепчип сурап билген кыз, эсинде калгандарын кайрадан дилинде караштырып көрүп, ушундай чечимге келдитаңды тышта жүруп тосууну эп көрдү. Кыз башы менен бу маалда эркектин номерин сурап барганы албетте уят.

Шааркан жанагы чуркап чыккан тепкичтерине эми анда-санда бут коюп, илкиген бойдон кайра төмөнгө түштү.

Бир мас экинчи масты жетелеп, бирде мүдүрүлүп, бирде кайра оңоло калып, мейманкананын жанынан өттү. Кыз боюн жыйрып алды.

Аңгыча боорунда таксинин белгиси бар жашыл волга жанагы эки канат күрөң бийик дарбазанын тушуна келип токтогондо, так ошону күтконсүп, андан жарым метрче арыда турган Шааркан оңго бурулуп, илкий бут койду. Машинадан үч киши чыкты. Бирөө жерге түшүп-түшпөй жатып: «Мүнөгү кызга жай беришпей койгон го? – деп булдуруктады. Чала мас көрүнөт. «Сурап көрбөйсүңбү?» деп экинчиси коштоп койду. Сөздөрүнө караганда мында жашашат. «Жакшылыкты билчү неме бекен?» – Муну үчүнчүсү кошумчалады. Аңгыча бирөө Шааркандын ийнинен артылта сөз жиберди. Анын оозундагы арак жыты сөз менен кошо кыз мурдуна урунду.

- Жай керекпи, карындаш?
- Жок.
- Кечирип коёсуз, жакшылыктан башка ойдо эч нерсе жок. Мындай кечте мейманкананын жанында жай издегендер гана

жүрүшчү, ошондон улам сураганым. Керек болсо, жашырба, карындаш, администратор колдогу киши. Башкага табылбаса да, мен үчүн качан болсо анын жайы даяр.

Эки бутун ачайта тиги кыз мандайына тура калып, салмактуу колун анын ийнине коё берди эле, Шааркан катуу кагып жиберип, шарт жүрүп кетти. Үргүлөп бараткан немени ойготуп жибергендей болду жанагы мас. Бери жактагы экөө шатырап күлүп калышты. Бир топ жерге баргандан кийин Шааркан артына кылчайды эле, тигилер көрүнбөй калган экен, кирип кетишсе керек. Шааркан кайрылып, дагы мейманкана тушуна келди. Сквергe барып, андагы скамейкалардын бирине отурду эле, тамекилерин чоңчоң соруп, эки киши озуно карай келатканда, кайрадан туруп, мейманкана жакка басып кетти.

Жайдын түнү кыска эмеспи, аны ошентип Шааркан сыртта басып жүрүп өткөрүүнү чечти. Сквер... Мейманкана. Экөөнүн ортосунда жүрдү. Түн бою адам тыйылбайт экен көчөдөн. Скамейкага үч-төрт курдай отура калды эле түн жарымы оогондон кийин уйку аны эки ийинден басып, кирпиктери чапташа шаштысын кетирип жиберди. Тура калып басат. Уктап калуудан коркту. Анын байкоондо бу маалда ары-бери жүргөндөрдүн баары эле буттары чалыштап, көздөрү аңтарыла бирөөлөрдү издешкендей алыстан маралашат. Сквер менен келаткан караан жакындаары менен ал мейманкананы коздой бет алат. Анын жаны менен ото турган болсо, бери скверди коздой качат. Анын үстүно шапкесинин кыргагы, күрмөсүнүн жакасы, жендери сары лента менен кыюуланган щвейцар чал улам эле жанагы салмактуу күрөң эшиктин бир жагын ачууга тарамыштары көгөрүп бөрсөйгөн купкуу арык колдорунан дарманы жетпей көкүрөгү менен кошо итерип, эки-үч курдай тышка чыкты. Бирөөлөрдү күткөндөй ал кичинекей аянтчада ары-бери басып турат да, анан кайра эле кирип кетет. Аны эмнегедир жанатан бери Шааркан ичинен кара тутуп калган. Эгер кочөдөн кокус ага бирөө кол салчу болсо, так ушул кишиге чуркап кирип барууну ойлогон. Ал эшик алдында турат эмеспи. Швейцардын орду ошондо да. Москвага жездеси командировкага барганда дайыма мейманканада жашоочу. Шаарканга звонить этип, же телеграмма аркылуу кайсы мейманканада кайсы этаж, кайсы номерде экенин билдирип койчу. Шааркан мейманканага келгенде каалга жанынан жолуккан биринчи киши ушул швейцар болор эле.

Бир маалда тамекисинин учун кызарта мурутка басылган оозуна тиштеп эки колу, көкүрөгү менен эшикти араң ачып, жанагы чал дагы чыга келди. Шааркан анын караанын нарыдан көргөндө эле, көодонүн жылуулук аралады. Эки саатча откон ал көрүнбөй калгандан бери. Убакыт түн жарымынан ооп кеткен. Мейманкананын тегереги ээнсирей түшкөн эле. Кыш-кыш этип, темир жолдо ары-бери жүргон манёврдогу паровоздор гана жымыраган тынчтыкка жан киргизгенсийт.

Ары-бери өткөн адамдар көрүнбөй калганга жалгызсыраган кыз сквердеги скамейкадан туруп, мейманкана жакка бут койгондо жанагы абышка чыга берип, аны сүйүнттү. Эш тутуп, ага карай басты?.. Жанына барса, сөзгө тутушу мүмкүн да. Биерден кыйгач басты. Кайра артына жүрдү. Кайра бериге басты. Ошентип, Шаркан мейманканадан алыс кетпей койду. Швейцар тепкич ылдый түштү. Жакындагандан чоочудубу, ошол жерден үн чыгарды. Добушу корулдаган жоон экен. «Ой, кыз, биерде эмне темселеп журөсүң? Чал уктап кетсе, кирем деген максатың бар го? Андай номериң биерге өтпөйт, бийкеч. Мен уктап да болуптурмун. Уйкунун карызынан эчак кутулган кишимин. Сендейлердин далайын колго түшүргөм. Ошондуктан үмүтүңү үз, бийкеч. Жолунду ал, жогол биерден! Болбосо, азыр милиция чакыртам. Бузулгандардын үйү эмес биер. Түшүндүңбү? Азыр кеткининг, сенин бутунду экинчи биерден көрбөйүн! Жогол дейм! – деп дагы үч-төрт кадам алга бут шилтей дарылдап коё берсе. Күтпөгөн жерден күн күркүрөп кулагын тундургандай Шаркан эки колдоп эки жаагын баскан бойдон чуркап жөнөдү. Өзү укkан бул абышканын ачуу сөзүн башка угуп койбосун деген кыязда аяк-быягын элендей каранып баратты. Артынан тиктеп турган швейцарга анын бул кебетеси чын эле бир жаман ой менен мында акмалап жүргөндөй көрүндү. «О шуркуя десе! Сендейлердин тукуму көбөйүп баратат. Бирок биерге, мен тирүү турсам ыплас бутуңар менен кирип да болуптурсуңар! – деп сөгүнүп калды. Шаркканга мунусу да даана угулду. Тиги кишинин добушу ушунчалык бийик экен, нары түн тынчтыгынанбы, жанагы ачуу сөздөн качып салып ылдый баткан кыздын төбосүнөн ашып, шаарды аралай чаап жөнөгонсүдү. Жоомарттын эстелигине жетип, Шаркан бир токтоду. Тармал чач акындын күлүмсүрөгөн жүзүнө ээгин көтөрө карай бергенде көздөрүнөн талаалап аккан жаш аппак мойнунан жылжып, көкүрөгүнө жетти. Акын булбул эткен буурул түндөн кыз жашын, ызалуу жүзүн көрдү, бирок сөз катып, аны сооротууга жараган жок. Ал эми Шаркан андан бир нерсе күткондөй жалоору тиктеди да, анын жансыз экени эсине түштүбү, же ээн жерге келип калганы эсине түштүбү шарт артына бурулуп, дагы мейманкананы көздөй, жок анын тушундагы скверди көздөй чуркады. Бул ченде ага бирөө кол салса, арага түшчү эч ким жок да... Ал эми мейманкананын тушунда бироо катылса, күч келгенде кийин жанагы каардуу чалдын озүнө качып кирип барууга болот эмеспи.

Ошол бойдон Шаркан мейманкананын эшигине жакын барбады. Кийин да эки жолу тамекисин жылтыратып, каркар жотолгон чал сыртка чыкты. Бирок сквердеги даректарды далдасына боюн тарта калып жаткан кызды ал көргөн жок.

Темир жол вокзалынын баятан бери түн боёгуна малынып, үрөн-баран үлдүрогон карамтыл имаратынын тепкичтеринин төмөн алдына алжапкыч байланган, ээгинен кара эски жоолук буунган

орто бойлуу кемпир узун саптуу-шыпыргысын ийнине көтөрүп түшүп келди да, береги аянтчаны четинен шуу-шуу эттире шыпырып кирди. Чыйрыккanынан эки ийнин кысып, жашка жуулган бети түктөйгөн Шааркан ошондо чыгышка көз чаптырды. Агара баштаптыр. Демек таң супа салганы. Көчөлөргө кайрадан кыймыл аралады. Аер-биерден көздөрүн ушалап, топчуларын салып, нарыдан-бери денесине тарта койгон көйнөк-көнчөгүн оңдолошуп, автобустар, троллейбустар токтоочу жерлерге ашыккан адамдардын карааны туш-туштан көрүнө баштады. Шаарга кирип келаткан жаңы күндүн алгачкы кадамына кулак түрүп, назар таштагандай, түндө акырын гана үзүп алып эрмектеген колундагы жалгыз роза гүлүн мурдуна кармап беш-алты мүнөткө бир орунда ойлуу туруп калган Шааркан анан бульвар жакка карады. Түнөргөн дарак бутактарында канаттуулар да ойгонушса керек, сансыз үндөр жаңырып, маңкайып атып келаткан жаңы таңдын ак шооласына салтанат ырын ырдап, күүсүн чертип жатышкандай алар кыздын жүдөө тулкуна жагымдуу сезим тартуулашты. Ошол жакка басты. Тез жүрүп кетти. Эстеликке чейин, Жоомарттын түндө анын кайгысына кайдигер карап, а түгүл ошол байкуш кебетесин мыскылдагандай, шылдындагандай жылмая караган эстелигине чейин басып барып келүүнү чечти. Чыйрыккан денесин ысытып алып, анан киргиси келди конок үйүнө. Эстеликке жеткенде акындын келишимдүү тармалчачына, азыр эле каткырып күлүп жиберчүдөй, ырдап коё берчүдөй ооз жасап күлүмсүрөгөн мээримдүү жүзүнө тигилип далайга турду да, анан түнү бою, коңулүнө шоола аралаган мүнөттөрдө жыттагылап чыккан жалгыз тал роза гүлүн эстеликтин бут астына ыргытты. Эстеликтин тегереги ансыз деле гүл менен курчалганына карабастан, Шааркан эмнегедир ушуну иштеди. Кайра эле артына жөнөдү. Дагы тез жүрдү. Түндөгү муздак туткалуу салмактуу бийик каалга жанына келип токтогондо, бир аз көкүрөк кере энтиккенин байкады. Тулку бою ысып чыккан эле. Ичкериге киргенде баягы сары кыргактуу шапке, сары жака, сары жеңдүү костюм кийген абышка кире бериштеги эски креслодо олтурган бойдон коңурук тартып жатыптыр. Шааркан администратор жакка өтүп кетти, тигини карап секундга буйдала түшкөн соң.

Бул мейманканада Шааркан мындан эки жыл мурун каникулда жүргөн учурда болгон эле. Москвадан жездеси башкарган мекеменин иши боюнча бир киши келгенде, аны Солтонов үйүнө чакырып коноктогондон кийин аялын, балдызын да кошо ээрчитип биерге узатып келишкен. Экинчи этаждагы люкска кийиришип коюп, анан кетишкен. Демек, биерге анын экинчи келиши. Администраторду буйдалбай тапты ошондуктан.

Кадырбектин фамилиясын айтып, номерин сурады эле, уйкудан калып, үнү каргылдаган орто жаштагы, балгыр сары аял жактырбагандай үн катты.

- Таң атпай эмне жумушуң бар эле а кишиде?

- Бүгүн саат беште чыкмак биерден. Кетмек эле. Мен анын карындашы боломун. Узатканы келдим. Мында окуймун, сыртта күтүп турсам, чыга бербегенинен киргенмин. Уктап калган го. Номерин айтып койсоңуз, мен озүм барып ойготуп келейин – деп чебелектеген кызга тиги аял ишенбегендей акырая бир тиктеп, анан стол четинде нарыда жаткан чоң журналды алдына тартты.

Тизмеден Кадырбектин фамилиясын анчада барып тапты. «Кандай неме ал озү? Этаждагы дежурныйга эскертип койбойбу качан кетерин, ал ойготуп коймок» - деди Шааркан жакты калың коз айнектеринин тобосүнөн тиктеп, оң колунан соомойү менен тизмедеги кыз атаган фамилияны баскан бойдон.

Шааркан унчуккан жок. Калпы чыкканга чейин бул шектүү тиктеген, субагай бетинде, көгүш көздөрүндө уйкунун залы толо турган аялдын жанынан тезирээк кетип калууну каалап турду. «Паланча этаж, түкүнчо комната – деп койсо, чуркап жонөмөк. «Кырк тогузунчуда экен. Азыр озүм» – деп ал эми бери жагындагы кара толефонду алдына тартты. Жанагы фамилияны, сайып турган соомойүң эми аппараттагы улам бир тешикке салып, аны беш жолу тегеретти да, трубканы кулагына кармады. «Сиз эмес, шеригиңиз керек» – деди бар маалда тигиге жини келгендей кууш мандайына тырыш жыйнап. Дагы бир аз тынымдан кийин каргылданган орой добушу менен аял минтип зекиди.

- Сиз, эмне, мейманканада мурда жатып коргон эмессизби? Дежурныйга эскертип коюш керек эле да кайсы саата ойготуп коюшту? Чыгыңыз карындашыңыз мында күтүп турат.

Аял ошол замат трубканы тарс эттире рычагына таштады. Ушуну менен таң атып-атпай тынчып алган, азыр мандайында уялыңкы жер тиктеген кыздан администратор өчүн алгансыды.

Мунусу жакшы болду. Кадырбектин чакчая шыпты тиктеп Шааркандын элестете берип, таңга маал араң гана жумулган көздөрүн ушалай: «Мен кетпейм, ким айтып жүрот аны? Карындашым?» - деген создорү тил учунан бери түшпой кала берди. Кызуу уйкуда жаткан неменин телефондун мындайда беймаал шыңгырашы жинин келтирди окшойт, «Шеригиңиз керек» – дегенден кийин эл тигини ойготуп коюп, озү одеялын башына тарта беркиси дубалды карап кайрадан жата кеткен. Кадырбек уйку-соонун арасында керебет үч-торт мүнотчо отуруп «Карындашыңыз күтүп турат» деген соз бир нече жолу кайталанып кетти дилинде. «Кайдагы карындаш? Жаңылышып жатат го администратор». Ушундай ой менен ал койнөгүп, шымын кийди, бирок топчулабастан, чачын тарабстан жылаңбаш бойдон биринчи этажга жонодү. Өзүно орой тийген тиги аялдан оч алмакчы болуп жонодү.

Шааркан администратордун жанынан кеткен. Биринчи кабаттан түшө берген жердеги тегерегине орундуктар коюлган стол жанына барып турду. Нарыда шилиси кесилген немедей эски креслодон мойну шылкыйып бери түшүп жаткан чалды көрүп, ал жылмайып койду.

Шааркан тикесинен турат. Өодө жакты Кадырбек келчү жакты карап турду. Көздөрү бир аз шишип калган, капкара коюу чачтарын оң колунун салаалары менен акырын-акырын артын көздөй тарап келаткан Кадырбек экинчи айланмадагы тепкичтердин эң акыркысына бут коюп өзүн карап турган Шаарканды көргөндө тып токтоду. Көздөрүн чоң-чоң жумуп туруп калды. Муну дароо түшүнгөн Шааркан сөомөйүн чормоё берген эриндерине коё калып, көздөрү менен «Унчукпа!» - дегендей ишаарат берди. Анын Шааркан экенине эми ишенгендей, анан ал заматта кыз жанына жетип барды. Кучагын ачып, кызды ийинден куушура кармай береринде Шааркан «тыс-сс» – деп аны көкүрөктөн тирей токтотту. «Кийинип чык. Чемоданынды ал, кетебиз!» – деп аптыкты.

Кадырбек шалдырай түштү. Чоочуу менен кубаныч кошулуп, аны апкарытып таштаган эле. Ал дагы бир нерсе дегиче Шааркан аны эркелеткендей ийинден акырын кармап, артына буруп жиберди. «Тезирээк! Самолётко жетели!..»

Кадырбек кызды жалт карап алып, эки-үч тепкичти бир аттаган бойдон кайрадан өз этажына чыгып кетти.

Чемоданын көтөрүп, балоня плащын сол колунун карысына таштай, тепкичтерден чуркай түшүп кайра дароо эле жетип келген Кадырбектин кең көкүрөгүнө эркелегендей колдорун акырын койду: «Администраторго мени жалганчы кыла көрбо. Кетмек элем, уктап калыптырмын, ракмат сизге ойготконуңуз үчүн дегин».

Минтип шыбыраган Шааркандын көздөрүнө жаш толо түштү. Муну байкап кооптонгон Кадырбекке сөз айттырбай кыз дагы «Тезирээк!» деп шаштырды.

Экөө ээрчишип, электр карагайынын бооруна илинген: «Таксинин токтой турган жери» – деген тунуке тактайчасы бар аянтчага барып турушканда аерде башка эч ким жок эле. Демек, биринчи машина булардыкы. Такси келе бербеди. Шаңкайып, жайдын жаңы таңы шаар үстүн толук каптап келатты. Алар он мүнөтчө күтүп калышты.

Мына ушул убакыттын ичинде кыз оозунан Кадырбек түңкү окуя тууралу билди. Аны боорына кыса жашып да алды. Бу зээни кейигендиктен, Шааркандын таш боор эжесинен көргөн кордугунан эмес, түндө көпкө чейин оболоп төбөсүндө учуп, канчалык бөпөлөп чакырса да колуна конбой алыстаган бакыт кушу минтип өзү келип кучагына толуп турганына эреркеп жашыды. Кыз колунда! Демек ага байланышкан бардык таттуу ойлордун ишке ашканы ошол эмеспи. «Бир жагынан сага көрсөткөн ызгаары үчүн эженди жек көрүп турсам, экинчи жагынан азыр чуркап барып, көкүрөгүмөн түртө үйүнөн айдап чыкканча алкышымы айтып келсемби деп да турам ага, Шакен! Ошентейинби?! деп ал акырегине баш коюп ыйлап турган кыздын чачынан сылай берип аптыкты. – Менин тилегимдин тезирээк ишке ашканына ал жардам кылып отурбайбы? – деп күлмүндөдү.

Шааркандын тунук жашка толуп, молтүрөгөн көздөрүнөн да эми жылмаюу көрүндү, купкуу бетине наар чачылды, жайдарылана берди... Ошол жупташкан бойдон, бирин-бири сүйөп-таягандай алар кыйч эте келип токтогон машинанын арт жагына отурушту. «Аэропортко!» – деди Кадырбек кызынан көзүн албай ал жакка ыктаган бойдон.

* * *

Бугүн да күнгө ишенби. Бөлмөнүн ичиндеги коюу карангылык суюлбай жатып ойгонгон Шааркан ак мамык жаздыкка төгүлгөн узун чачтарын (ал жатарда жуунуп башын сүлгү менен ороп алган эле, анысы түндө жылбышып түшүп калгандыктан жазылып кеткен чачы жаздык бетин, өзүнүн дал ортосун бүт каптап жатат. Күйөөсүнө баруудан мурунку күнү кечинде ал дайым жуунат) тутамдай кармап эки алаканынан төбөсүнө койгон бойдон жылаңач, али эти чың ак билектерин шейшеп тышына чыгарып чоң терезеге тирмийүүдө... Агыш шоола маңкайып ушул терезе каптап, анан алыстан-алыстан, жайын-кышын кар кетпеген чокуларды көрсөткөнгө чейин ал ушул абалынан жазбай мелтирейт... А дегенде кырка тоонун бийик чокулары көрүнөт. Күн ачык кезде алардын көрүнүшү өзүнчө эле укмуш. Жанаша эки чоку бар. Ошонун эң бийигине күн нуру биринчи жабылат, күмүштөнүп кетет. Анан экинчисине... Беш кабат үйдүн төртүнчү этажындагы булардын үч бөлмөлүү үйүнүн эки бөлмөсүнүн терезелери ушул тоону караган. Мындан төрт гана жыл мурда ушул жаңы үйгө көчүп киришкен булар биринчи түндүн таңында эле көрүшкөн тиги эки чокуну. «Карасаң, кандай сонун!» – деп ал кооздукту так ушул бүгүнкүдөй жылаңач билектерин жууркандан чыгарып, алакандарын башына жазданып жаткан Шааркан биринчи байкаган, анан Кадырбегине көрсөткөн. Көпкө чейин көздөрүн алардан алышкан эмес.

- Эмнеге окшош, байкадыңбы? – деген бир топтон кийин Кадырбек жылмая жарына карап.

- Эмнеге окшошмок эле, чокуга да? деп анын аппак көкүрөгүнөн ылдый сылап түшүп бараткансып, улам төмөндөгөн күндүн нуруна, ээрчий тиктеп мелтиреген Шааркан күйөөсүнүн тамашасына анчейин маани бербегендей кебелген эмес.

- Айтайынбы, мен эмнеге окшоштуруп жатканымы? Кадырбек жаздыкка чыканактай калып, башын көтөрдү.

- Айт.

Аны таң менен кошо көрүнгөн керемет сулуулуктан ушул сөзү, ушул кыймылы менен алаксыткысы келип жаткансыган күйөөсүнүн жүзүнө толгон жылмаюуга дагы эле жары көңүл бурган жок. Тунку ич көйнөгүнүн саймалуу жука тор жакасынан анча-мынча чыгып турган аялынын а дегенде озу жактагы, анан сол жактагы көкүрөгүнө мурдун, эриндерин бир убакта тийгизе жыттап-жыттап алды да:

- Эми түшүндүңбү, эмнеге окшоштурганымы?» – деди Кадырбек. Шааркан унчукkан жок, Ойлоно түштү. Күндүн тоо чокусунда ойногон нурун тосуп алган күйөөсүнүн быжыгыр чачтуу башын эки колдон кокүрөгүнөн өйдө көтөрө, эркелеткендей нарыга түртүп койду.

- Койчу Кадыш, тыякты карасаң, улам сонун көрүнүп баратат. Нур төмөн жылган сайын тоо боору кышкайып, күмүштөнүп баратат.

...Эми гана жетти окшойт. Шаарканга күйөөсүнүн тиги жанаша маңкайган эки чокуну эмнеге окшоштуруп жатканы. Кадырбектин жаагынан сылай жылмайды. «Койчу, Кадыш, кайдагы салыштырууну. «Жаратылыштын кооздугу озуно гана окшош», - деген бир улуу биолог, атын унутуп турам. Түшүндүңбү? Ошондуктан экинчи мындай салыштырууну коюп жүргүнүң, - деп эми ал чыканактап, күйөөсүн жаздыкка баш койдурду. Өзү анын жүзүнө үңүлдү. Эркелегиси келгени көздөрүнөн көрүнүп турду.

...Мына, ошол чокулардын эң бийигине кары жаңыргандан бери ого бетер сулуу көрүнгөнүно күмүш нур жабыла бергенде жаздыктан бүгүн да Шааркан башын котөрдү. Кадырбегине барчу күндө анын сааты ушул. Жүрөгүн эңшерилте, боюн шалдыратып, көздөрүно жаш толтура салмактана тура келет. Керебетинен бери түшкондон кийин анын кыймылы тездей баштайт, шашат. Кадырбеги күтүп калбадыбы. Нарыдан бери жуунуп, кийинип жолго чыгат. Бүгүн да ошентти. Дагы жөө жонодү. Анын ою боюнча кыйналып-кысталып барса гана Кадышына жетет. Анын арбагы ошондо гана ыраазы болот..

Дагы ал кочодон-көчөгө отүп отуруп, ЦУМдун жанындагы гүл сатуучуларга келди. Чакаларда, банкаларда суукка бүрүшкөн гүлдөр. Аларды сатуучулар – эркектер, аялдар, карылар, жаштар. Баарысы кардарларды өзүнө чакырат. Тезирээк пулдап кетиш керек да.

Шааркан биринчи жолу биерге келгенде узун тактага катар коюлган ар түрдүү идиштеги ар түрдүү түстогү гүлдөрдүн эң сонундарын качырган. Кадышына кантип жаманын ыраа көрсүн. Жаңы эле үзүлүп келсе керек, сабактарындагы шүүдүрүмү менен ак, кызыл, роза гүлдөрүнө көз арткан. «Тойго барсаң, жакыныңы тоскону барсаң, албетте мындан жакшы гүл таппайсың, кызым» – деп үстүнө эски фуфайка кийип, эски алжапкыч байланган кемпир челегинен беш-алты тал ар түрдүү түстогү розаны тутамдай узата берген. Аны колуна алып жатып, ага жашырын сыр айткандай Шааркан акырын шыбыраган: «Тойго да эмес, тосконго да эмес, эне, күйөөмүн мүрзөсүнө коёмун».

Жанагы сөзгө уялгандай бети тырышка жыш кемпир жок тиштеринен абайлап кемшиндеди: «Мүрзөгөбү? Күйөөңөбү?»

Ал саамга Шааркандын башындагы кара баш байламга, жашка жуулган анын купкуу жымсал бетине тигилип туруп калды. «Ага деле боло берет, кызым» – Эми эркелете сүйлогонсүдү.

«Бирок тез соолуйт да» – деп жаңаша турган, андан жашыраак аял күңк этти. – Күнгө чыдамдуу гүлдөрдөн алганыңыз жакшы го. Күндө эле барып тура албайсыз да, - деп ал өзүнөн үч-төрт киши нарыдагы көгүш, ак майда-майда гүлдөрдү көрсөттү. – Тээтигилер көпкө чыдайт мүрзөгө болсо, ошондон алганыңыз оң».

Шааркан алардан бир тутам алып, кайра кылчактай берди. «Розаны кымбатсырадыңарбы? Баары эле соолуйт да үзүлгөндөн кийин» – деди ич жагынан бирөө. Мурунку гүлүнө кайра келди. Андан да бир тутам алды.

Ошондон бери ал гүл сатуучулар: «Эмнеге? Тойгобу? Тосконгобу?» – деп сурабаса дегендей жүрөкзаада. Эң кымбатын, эң жаңысын алып жүрөт. «Кадышыңан акчаны аяй баштадыңбы?» – деп начар гүлгө жакындаса эле ич жагынан бирөө үн салып жибергенсийт.

Дарбаза жанында атайын жасалган жыгач боорунда мыктарга кыдырата илинген чакалар турат. Түбүндө шыпыргылар жатат. Көрүстөндү караган кишинин үйү да ошол жерде. Анын жасагаңы булар. Челектер менен биерге келгендер суу ташып, мүрзөлөр жанына тигилген гүлдөргө, даректарга себишет. Шыпыргы менен айланасын тазалашат. Шааркан да мында аткарылчу жумуштардын баарын бир топ айдан бери оздөштүрүүгө үлгүрдү. Ошентип, бүгүн да ал кулак-мурдун кескендей жымжырт көрүстөнгө биринчилерден болуп келди. Дагы машина келгенде гана ачылчу баягы кош канат темир дарбазанын оң жагындагы жөөлөр үчүн чакан эшиктен кирди. Ал таң азандан, биердин кароолчусу, намазга турган маалда ачылып коюлат да, күн батканда кайра жабылат.

Шааркан бир чаканы (жаңырагын) алып, аны сууга тосту. Гүл кармаган колуна шыпыргыны кошо кармады да, чаканы экинчисине кармады.

Бул канчалык эрте келсе да, бир киши ал дайыма ушул жерден жолуктурат. «Таң атпай келет го бечара» – дейт, аны көргөн сайын, күйүттүү неменин ого бетер каңырыгы түтөп.

Аны жаңы көргөндө чачы кара эле. Эми ушул жети-сегиз айдын ичинде башы буурул тартып кетти. Беттерин тырыш басты.

Бүгүн да ал Шааркандын козүно биринчи урунду. Тигине велосипедин жетелеп баратат, анын рулуна артылган төрт камера, аларда суу. А киши башкаларчылап чака менен эмес, сууну ошол камералар менен ташыйт. Улам тырышы көбойүп бараткан маңдайынан, жаагынан ылдый агып, жалпагыраак мурдунун учунан мөлтүроп тамчылап жүргөн терин аарчып да койбойт мусурман.

Кадырбек жерге коюлгандан кийин бешинчи ишембиде келгенинде Шааркан бул адамды жолуктурган. Ал нарыдан велосипедин жетелеп, озү келген булардын жанына. Эки кызын эки жагына алып, кара жоолук салынып ыйлап отурган Шаарканга тушташа түшкөндө, велосипедин жерге коюп, булардын катарына ти-

зелерин бүгө отура калган. Чалга кайрадан куран окуткан. Бетине бата тарткандан кийин: «Ыйлаба, карындаш, ыйлабагыла, кыздарым», -деген үнү каргылданып, көкүрөгүн тиреп чыккан кайгыны, мунду араң басып. Мүрзөнүн как төбүсөндө шоңкойгон жылдызы бар үч бурчтук ак тунукенин боорундагы «Жуманалиев Кадырбек 1926-1965-жыл» – деген жазуудан мындагы жаткан киши булардын кимиси экенин боолготкон ал анан тигилерди сооротуш үчүн өзүнүн башына түшкөн мүшкүлдү айтып берген.

Жалгыз баласынан ажыраптыр, мындан эки айча мурун. Онунчу классты бүтүп жаткан экен. Акыркы экзамендин консультациясына азыр өзү жетелеп жүргөн велосипед менен баратып, мерт болуптур. Шаардын четирээк жагында жашашкандыктан, мектеп алысыраак тура. Бир мүйүштөн шок этип алдынан трактор чыгыптыр. Күү менен келгенге экөө тең токтото алышпай урунушат. Башы менен асфальтка катуу жыгылган бала ошол жердин өзүндө жан бериптир.

Апасы ошондо эсинен танган бойдон алиге ордунан туралбай жатканын, озү болсо таң атпай мында келерин, жумушу бүторү менен дагы биерге келип, эл жатканча баласынын мүрзөсү жанында отурарын айтып, жашып кетти көрүнөт, мурдун шыр тартып, ордунан тура жөнөгөн.

Шааркан тигинин оозунан укканга зээни кейип, өзүнүкүнөн да мунун кейиши күчтүү экенин мойнуна алгандай ошондо ал кишинин жүзүнө биринчи караган. Кырк бештер чамасындагы орто бойлуу, толмоч неме эле. Бүгүн ал Шааркандын көзүнө дартмандуу немедей араң басып бараткансыды. Төрт-беш камера төмөн саландаган велосипедин туткасынын эки жагынан кармап араң итерип бараткансыды. Асфальт жол таманында ийри-буйру суу тамчылары жатат. Камералардын тешиктери бар көрүнөт. Кар ала чокул. Күрөлүп таштанган жол таманы, мүрзөлөрдүн тегереги кургак. Күз башында мүрзөнүн айланасына биерде биринчилерден болуп дарак отургузган да ушул киши. Ошолоруна суу алып баратат.

Кар түшкөндөн бери суу ташыганып токтотуп койду эле. Камералардын ордуна велосипединин капталына эски күрөк байланып келчү. Анысы менен баласынын мурзө үстүндөгү карды күрөйт. Кар эгер күндө жааса, ал күндө таң тыяктан түнкөйгөнү ушул жерде болчу. Күн бою жааса, кечинде жумуштан кийин да келип тазалап кетип жүргөнүн Шааркан билчү эмес. Муну ал ишемби күндөрүндө гана, өзү мында келген күндөрү гана көрүп жүрбөйбү. Топурактан башканын баары анын назарында баласынын үстүнөн баскан артык баш жүк сыяктуу сезилер эле. Эрмегинин мүрзөсү ошентип, ар убак таптаза, ар убак андан кар түшкөнгө чейин соолуй элек, кургай элек гүл жатчу. Ошондуктан кол менен койгондой эмес, чоң кишилердикиндей бараандуу бул мүрзөнүн өзүнөн гүл өсүп чыккандай туюлушу мүмкүн эле анын жанынан күндө өткөн

адамга. Ал шыпыргыны да велосипединин ээр артына байлай келчү. Мейли, карды күрөсө да, артынан даңгыратып шыпырып таштайт. Кар кетери менен кайрадан суу ташыганга кирди.

Шааркан аны менен көк кашка суу шорголоп түшүп жаткан жерге челек көтөрүп экинчи жолу келгенде көрүштү да, үн-сөзсүз баш ийкешип учурашты. Ошол дүлөй кыймылдан экөө тең бирин-бири соороткондой, бири-бирине кайрат айткандай ичтен улутунушту.

Тиги суу куюлган камераларын бултандата рулдун эки жагына тендеп кийгизди да, майланышкан резиналуу туткалардан кармай барааны качкан тулкусун алга умтулта велосипедин итерип жөнөп кетти.

Шааркан көнүмүшкө айланып калган ишин аткарды. Мүрзөнүн тегерегине суу сээп, шыпырды. Жайында ар түрдүү канаттуулар байырлап, а түгүл кээ жеринде албооли, анан өрүгү бышып, алардын түбүнөн бала-бакыра үзүлбөй бир топ көңүлдүү көрүнчү бул көрүстөн кыш боюо ого бетер тунжурап, ого бетер суз тартып, эшиктен киргенде эле, суукка чыдабай калчылдап турган кароосуз кары адамдай көөдөнгө алда кандай кайгы шилеп, жүрок-бооруна муздак илеп сүртүп жиберчү. Жаз чыккандан бери биердин түсү да кайра өзгөрдү.

Жашыл даракка көмүлгөн, бир четинен экинчи чеги мындай караганда көрүнбөгөн ушул чоң аянт түбөлүккө дүлөйлөнгөндөрдүн шоокумсуз, кыймылсыз айлы экендигине карабастан, жайында Кадырбеги ушул бакты аралай, эртели кеч сейилдеп жүргөндөй, качан жары кыздары менен мында келгенде, аларды сынаш үчүн, убара кылыш үчүн бекинип калгансып, бир маалда даректын далдасынан «ба!» деп чыга келип, а дегенде өзүн, анан кыздарын кучактап, адатынча көздөрүнөн жаш чыкканча санын чапкылай күлө тургансып туюлар эле. Темир дарбазадан бери өтүп, эки жагы калың кайрыгач, өрүк, акация даректарына жыш асфальт тар жол менен улам ичкериге терендеген сайын, Кадырбеги жаткан жакка жеткенге чейин, тааныш мүрзөнүн тушуна келип көчүк басканга чейин ошондой сезим колтугунан жетелеп алчу. Мүрзөнү көргөндө ал сезимдин кадамы үзүлөт. Аерден туруп, бери басканда дагы ошол жылуу сезим, алдамчы сезим колтуктан ала коштоп басчу. Ошондуктан Шааркан ушул чоң коргондон кайра чыгып, шардын күжүлдөгөн кыймылына аралашып калганга чейин арт жагын кылчак-кылчак карап жүрдү. Анысы жакындан бери калып баратат.

Шааркан көрүстөндү аралап жөнөдү. Эстеликтерди көрмөк бүгүн. Дагы үч айдан бир аз өткөндө Кадырбектин каза болгонуна жыл толот. Ошол бир жылдыгына карата эстелик коюуну чечкен. Аны заказ кылуудан мурун мындагыларды көрүш керек да.

Эстелиги жок мүрзө азыр аз. Кире бериште бир гектарга чамалуу жердеги мүрзөлөрдө гана эч нерсе жок. Аларды чөп басып, чөгүп кеткен. Эски көрүстөн ушул экен. Анын жанынан өткөн

сайын Шааркан шыпшына ичинен кейип алат: «Кайран ата-бабабыз, өлгөнүнө бир белги койгонду да билбеген экен. Кийинки укум-тукумдары кантип табышып, өткөндөрүн кантип эскеришет?»..

Кийинкилердин баарында эстелик – чоң-кичине, кымбаты-арзаны бар... Элүү, жүз жылдан кийин деле урпактар бул эстеликтер бетиндеги жазуудан өздөрүнүн жакындарын таап алып, эскерге беришет.

Шааркан акырын бут шилтейт. Тротуарлардын биринен сала бирине өттү. Эстеликтер... Алардын көпчүлүгүндө сүрөттөрү бар. Сүрөттөрдөн тиктегендер менен селейген граниттер, цементтер такыр окшошпойт, эпкелишпейт, жарашпайт, жуурулушпайт. Тигине, жазуучу китебине чыканактай туруп, күлүмсүрөйт. Мына окумуштуу бронзага айланып, эки ийнин эки колу менен аткый кармап терең ой кучагында... Булар Шаарканга таныш кишилер. Нарыдан, кызыл граниттин чоку жагынан жадырап күлгөн жаш жубан... Чачтары, каштары түтөгөн, кара жайкы көйнөктүн ачык жакасынан аппак жумуру мойнун, төшүн көрсөтүп, тептегиз тиштерин бажырайта күлүп турат. Анын бул турушу мында келип кабак чыткандарды, ыйлап жаш төккөндөрдү шылдындагандай... Мына, солдат жигит. Эки көкүрөгүндө значоктор – солдаттык сыйлыктары, демек, ал аскердик кызматын абийирдүүлүк менен өтөгөн. Моонотүнөн бүторүнө он эки күн калганда чек арада каза болуптур. Анын апасын, атасын көргөн Шааркан биерден. Андан ары басты. Дагы эстелик. Бул нариste экен. Ондон он бирге жаңы караптыр. Көкүлү кара каштарына жете сеңселет. Үстүндө мектеп формасы, жакасында октябряттын значогу. Кызыл граниттин баш жагындагы оюкка жабыштырылган анын бул сүрөтүнүн төмөн жагында мындай деген жазуу:

«Укта, уулум, гүл кучактап уктагын,
Биз ыйлайбыз, бирок аны укпагын.
Ата мээри, эне жыты бир жатып,
Мамык болсун астындагы турпагын...
Ата-энеңен».

Шааркан бул арноону эки-үч сыйра окуду...

Нарыга басты.

Өткөн ишембиде Шааркан кыздары менен келген эле. Анда да алар атасынын мүрзөсүн шыпырып, тазалап койгондон кийин, эстеликтерди аралап көрүшкөн. Анда бул чоң аянттын үчтөн бирин араң кыдырып чыгышкандай болгон.

- Ушул эстелик жагабы силерге? – деди Шааркан кыздарына карап. Алар азыр көгүш гранит эстеликтин тушунда турушту. Анын бир жарым метрче келген тулку боюнун төрт жагы тең, шырдактын саймасы менен кооздолуп, баш жагына буурул чачтуу сүрөт, анын төмөн жагына: «Ардактуу атабызга, балдарынан» деп чегип жазылыптыр. Ушул эстеликтин саймасы, (чегилип жазылганы) Шаарканга жагып калды.

- Жазуусу жакшы экен, бирок эстеликтин өзү мага жакпайт – деди кызынын улуусу.
- Эмнеси жакпайт?
- Билбейм, бирок мага жакпайт.

Чынында да Гүлмира эстеликтин кандайы жагарын кайдан билсин. Анын оюнда атасына коюлчу эстелик, алар апасы менен тогуз айдан бери каттап жүргөн бул көрүстөндөгү эстеликтерден такыр башка болууга тийиш. «Кандай?» – деп канча сурабасын андан ал кыялындагы эстеликти сүрөттөп айтып бере албас эле. Эстеликтерди аралап жүргөндөн бери эки кыздын атасына болгон кусалыгы ого бетер артып, ал жумуштан кайтып келер убагында, эшик шыңгыратары менен экөө катар тура калышып, алдындагысы ачкан эшиктен жадырап кирип келген Кадырбекти биринен сала бири кучактап бетинен, мойнунан жыттагылап өпкөндөрү элестеп, муундары бошой баштаган. Акырында алардын көздөрүнөн тегеренген жашты көрүп, апасы ээрчитип кетип калган. Бүгүн өзү жалгыз келген себеби да ошол.

Шаарканга кара граниттен жасалган бир эстелик жакты. Жолдун боюнда, эки түп кара жыгачтын түбүндө экен. Эстеликти тоскон темир панжаранын төрт бурчунда төрт түп туя.

Түбүндөгү сандыкчасынан тышкары бийиктиги эки метрге жакын бул кара граниттен баш чыгарып турган киши кырк үч гана жашта экен. Кадырбектен төрт жаш гана улуу. «Бул деле жигит бойдон кеткен тура, байкуш» – деп шыбырады Шааркан андан ары илкий бут коюп. Ал кайра тартканда баягы киши велосипедин жетелеп дагы алдынан чыкты. Бул жолу ал велосипединин капталына арчанын, кайындын көчөттөрүн таңып алыптыр. «Питомниктен келатамын. Жаңы гана каза башташыптыр көчөттөрдү. Күздө албаалы тиккен элем, ал эрте бышат эмеспи... Балам ошону жакшы көрчү. Эми көлөкө болсун үчүн, ушуларды тигейин деп алып келип атам – деди тигинин тушуна жеткенде токтой берип, сурабаса деле ушундай деп айтып коюу керектигин билгендей.

Шаарканды оюнда жок нерсени эсине салды. Мүрзөнүн тегерегине дарак отургузуу керек да. Убактысы келип калган тура.

- Азыр отургузса боло береби? – деди Шааркан чарчаңкы үн чыгарып.
- Болот. Жерден тоң кетти да.
- Анда биз дагы отургузабыз.
- Отургузгула. Бул аптада болбосо, келеркиден кечикпегиле. Кандай кылып отургузууну билбесенер, мен жардам кыламын. Мен күн сайын эрте менен жумушка кеткенче, кечте жумуштан кийин ушердемин, баламын жанындамын. Ал эми ишемби, жекшембиде күн бою мындан кетпейм. Жакшысы, арча, кайың алгыла, элдикин көрүп атасынар го мындагы. Ошолор жакшы өсөт экен» – деп тырыштуу мандайынан жылжып мурдунун учуна жетип, мөлтүрөгөн тер мөлт этип көкүрөгүнө тамганда ары жөнөдү.

Кийинки ишемби күнү тиги киши аркылуу мурда питомниктин кайда экенин билип алган Шааркан эрте мененки тамактан кийин такси чакырып, эки кызы менен барып төрт туя, төрт кайың алып келди. Баягы адам өзү айткандай эле баласынын мүрзө жанында күймөлөнүп жүргөн экен. Отургузууга ошол жардамдашты. Беркилер көчөттөрдү кармап бергенге гана жарашты.

- Келген сайын булардын түбүнө суу куюп тургула – деп коюп, тиги кайра эле баласы жакка кетти.

Бүгүн да күнгө ишемби... Шааркан эстелик жасоочу жерге барды. Көчөнүн боюнда чоң дарбазалуу коргондун эшигинде сулкуюп-сулкуюп сулп бойдон жаткан боз, кызгылт таштарды аралап өтүп, анан конторго жакындады. «Ушул муздак ташты керексинтип, ушуну издеп калам деген түшүмө кирсечи!» – деп, жанагы чаң басып сыртта жаткан оор граниттердин муздак эпкини көкүрөгүн аралап кирип кеткендей жүрөгү муздай түшүп, дагы бир жолу терең улутунуп алды. «Да, турмуш деген ушундай экен да».

Конторго жеткирбей аны дарбаза алдынан торой тосуп чыкан чала мас неме, оозунан арагын буркуратып, булдуруктады. «Конторго кирбей эле коюңуз, аерде кымбат, нары кеч бүтөт, эстелик керекпи?»

Шааркандын баш ийкегенин көрүп, нарыга жетеледи. Жана аралап басып келатканда Шааркандын тула боюн муздаткан одурбудур чоң таштардын бирине бутун коюп, акырын шыбырады: - «Мен жасайм эстеликти. Мен албетте жалгыз эмесмин. Бригадам бар. Ошолор менен жасайбыз. Арзан да, тез да бүтөт. Гранитти өзүбүз таапа келебиз Ысык-Көл жактан же тиги Ысык-Ата тараптан табылат боз гранит, эгер ошондон жасатам десеңиз. Бу жакка убара болбой эле коюңуз. Жакшы эстеликтердин баары үйдо жасалып жүрөт. Биздин көнүлдү тапсаңыз, биз дагы сиздин оюңуздагыдай жасап берүүгө тырышабыз. Маакул десеңиз, бир жумадан кечиктирбей баштайбыз. Бир айга жетпей бүтөт. Бизге кандай эстелик жасоону көрсөтүп койсоңуз болгону корүстөндөн. Аердегилердин дээрлик бардыгы биздин колдон чыккандар. Ошолордун ичинен көрсөтөсүз. Азыр машина тапсаңыз, азыр барып көрүүгө мен даярмын» – деп тиги мас көздөрүн жүлжүйтту.

Жанагы таштарды көргөндө, демейде бут менен баскандан азар кылып четтеп отчу, ушул чул неме үчүн акча жатчу күйөөсүнүн топурак баскан денесинин үстүнө коюп, кийин барган сайын аны ак чүпүрөк, же бет зарчысы менен сүртүп-аарчып, кээде жууп, тирүү немедей аспиеттери эсине түшкөндө (көрүп жүрбөду беле) бүткөн бою муздай түшкөн Шааркандын деми мына бул жарым мас неменин, мал базарына тургандай жай, эркин гана соодалашып, а түгүл азилдешкендей чаң тер баскан кирчимек өңүн ыржайтып сүйлөгөнүнө эмне бересиң... Мындан Шааркандын көөдөнүн аралай чапкан алиги муздак эпкин дагы артып чыкты.

- Айдаров дегендин эстелигин киминер жасагансынар? (өткөн ишембиде өзү жалгыз барып көргөндөгү жаккан эстелик) – Шааркан тигини жактырбай турганын билдиргендей кабагын чытыды.

- Айдаров?... Калп эле ал ойлонумун болду бир азга. – Эсимде жок. Анын үстүнө силердин атынарды жаттоо өтө кыйын эмеспи биз үчүн. Көрсөм, айтар элем.

Ал дагы ыржайды. Шааркандын ого бетер итиркейи келди.

- Макул, мен конторого кирейинчи. Аерден, эч нерсе чыкпаса, анан сүйлөшөрбүз.

- Барып көрүнүз, бирок убара болосуз.

Шааркан конторго киргенден кийин да, тамеки түтүнүнө толуп, ара-бери баскан адамдары көп, тактасы такыр жууулбагандыктан, кир, узун коридордун эки жеринен токтотушту. Баары чала мас. Баарынын оозунан чыкканы бир сөз: «Эстелик керекпи? Мына биз жасайбыз». Шааркан алардын сөзүнө жооп берүүнүн ордуна: «Начальнигиңердин кабинети кайда?» – деп өтө берди. Сүйлөшүп алышкандай алардын баары: «Начальник бизден өткөн кеңешти бере албайт» – деп ыржайышты.

Чыны ошол экен. «Азыр сиз айткан боз гранит жок. Издеп жатабыз. Жакында болуп калышы ыктымал. Бирок жарым жылдан мурда бүтпөйт го. Заказ көп. Эгер ушул мөөнөткө күйө алсаңыз, келерки дүйшөмбүдө келип көрүңүз» – деди мында кирип чыккандардын тарткан тамеки түтүнүнө ышталгандай өңү кершары, мойну коркойгон арык узун неме эски көз айнегинин үстүнөн акшырая тиктеп.

Шааркан аерден чыкканда баягы коридордо ары-бери баскандарга кайрадан жолукту. Анын кандай жооп менен чыкканын билишкендей дагы алдын торой беришти. «Айтпадык беле, убара болосуз деп. Ал билбейт, биердеги ишти, мына биз билебиз. Биз менен сүйлөшсөңүз ишиңиз тез да, сапаттуу да бүтөт» – деп жылмайышты.

Шааркан биринчи жолуккан менен кайра сүйлөштү. Көрүстөнгө аны алып барып, өзүнө жаккан эстеликти көрсөтмөк болду. Тиги чуркап кетип, бир аздан кийин такси менен кайтып келди.

Жанагы эстелик биерде жасалган эстелик эмес экен. «Москвада гана жасалат мындайлар» – деп жанагы киши мындан алчу акчасынан ажырыганга шалдая түштү.

Ушул эстелик гана Шаарканга жагып туруп алды. Анын үстүнө Айдаровдун жашы гана эмес, өңү-түсү да Кадырбекке окшош экен. Экинчи жагынан жанагыдай колунан жакшылыктуу эч нерсе чыкпачудай сезилди ага. Эстелик сыяктуу ыйык немени алар бул кебетелери менен кайра маскаралап коё тургандай сезди Шааркан.

Москвадан жасатууну чечти Шааркан. Ошол айда бир жумага акысыз отпуска алды да Москвага учуп кетти. Ал эми беш айдан кийин барып тыйынын аягына чейин төлөп, эстеликти контейнер менен жөнөттү. Ошентип, Кадырбектин эстелиги ал мурда ойлогондой

анын дүйнөдөн кайтканынын бир жылдыгында эмес, үч айча кечигип коюлду.

Айдаровдун эстелигине окшош болду... Төрттарабы өтө чебердик менен жылмаланган, ошондуктан андан жүз көрүнүп жылтылдаган кара граниттин жогору жагында бозомук тарткан Кадырбектин башы, көкүрөгү. Мойну бир паз оң жагына кыңыр. Ууртунда жылмаюу. Толкун сыяктуу коюу кара чачы төбөсүн көздой таралган. Галстукчан. Бул сүрөт – ал илимдин кандидаттыгына диссертация коргогон күнү түшкөн сүрөт. А дегенде өзүн куттуктоого гүл кучактап келген жоро-жолдоштору, ага-туугандары менен чогуу түшүп, андан кийин Шааркандын айтуусу менен өзү жалгыз түшкөн сүрөт. Бар кубанычы, ошондогу толкундоосу жадырап сыртына чыгып турап. Турмуштун ырахатын бүткөн бою менен сезген минуталарда гана адамдын жүзү ушундай албырып, көздөрүнөн ушундай шаттык, ыраазылык оттору чачырап турса керек.

Ошол күнкү анын кубанычы жалаң төрт-беш жылдык эмгегинин окумуштуулар советинде жогору бааланып, анын мүчөлөрү бир добуштан кол көтөргөнүнө гана эмес, ал Шаарканга таанышкан күндөн тартып араздашып, жүз көрүшпөй жүргөн Калчанын мээримдүү мамилесинен да эле.

Солтонов Кадырбек менен да эчак достошуп кеткен. Тажаал аялынан бирок, анысын жашырчу. Москвага командировкага жөнөгөн сайыын аялы мурдагыдай андагы синдисине белек-бечкек жибергендин ордуна «Баягы көк бетке жолуга көрбөгүн. Кокус көчөдөн кезигип калса да, кыйгач өт. Аны менен сүйлөшкөнүнү, же бир нерсе бергенини угуп калсам, бала таарынбагын» – деп эскертип койчу.

Ал эми табиятынан боорукер, анан секелек кезинде колуна келгендиктенби, Шаарканды кызындай көрүп калган Солтонов Москвага барар замат аны издеп жөнөөр эле.

Кадырбек менен баш кошуп, акыркы курска барган жылы экоонүн Москвада жолугушуу учурунда эле баягыда өзүнүн эмне үчүн чечкиндүү аракетке бара албаганын, антсе эжеси менен чоң чатакка, а түгүл ажырашууга чейин барарын эпилдеп-жепилдеп түшүндүрүп кирген. «Эң сонун сапаттары бар Калчанын, бирок оз билгенин бербеген кежир. Ачуусу келгенде анын алдынан колдолоң чыгуу мүмкүн эмес. Жакшысы, сеники ырас, сеники туура деп андайда ага кошулуп коюш керек. Кийин өзү сезип, өзү байкайт, мурдагы катасын мойнуна алат. Сени менен деле ошондой болот, каякка барат дейсиң таарынып. Жыл өтөт, ачуусу эскирет. Ошондо эле баарысы жайына келип калат, Шакентай» – деп акылдуу сөзүн айткан.

Ошондо, канчалык зээни кейип ызаланса да, Шаарканбуларга, айрыкча эжесине жүрөгүнүн бир жеринде жылуулук сактап жүргон эле. Жездесинин созу так ошол жерине барып бир тийди. Ыйлап туруп, аны менен элдешип алган.

Кийин ал барган сайын Шааркан мурдагысындай эле эркин жолугушуп, ал берген акчаны алып жүрдү.

Кадырбек Шааркан менен баш кошкон жылы аспирантурага отот. Академияга документтерин аспирантурага кабыл алуу жарыяланары менен жиберген болучу. Бирок бул тууралу Шаарканга мурда жолукканында да, баш кошкондон кийин деле айткан эмес. Ким билет, конкурс чоң, өтөбү-жокпу. Күн мурунтан мактанып коюп, анан өтпөй калса, сүйгөн кызынын алдында уяты чыкпайбы. Ушундан улам жыйынтыгын күткон эле.

Октябрдын аяк ченинде Шааркан андан кезектеги катты алат. «Аспирант Кадырбектен салам!» деп баштаптыр анысын. Шааркан тандана, ишенип-ишенбей жанагы сөздөрдү үч-төрт кайталап окуйт. Төмөн жагында кантип Академиянын философия жана укук институтуна аспирант болуп калганын, эмне үчүн андан ушул убакка чейин бул сырын жашырып жүргөн себебин жазып, кечирим сураптыр.

«Мындан аркы каттар эми дайыма ушинтип башталат: «Аспирант күйөөдөн — студентка келинчегине! Түшүндүңбү, Шакеним!» — деп тамаша менен бүтүргөн экен ал катын.

Шааркан аябай кубанган. Катты көкүрөгүнө баса чуркап жүрүп, андагы курбуларынын бардыгына кабарлап чыгат. Баарынан да аны кубанткан жери «Москвага илимий командировкага жиберишет экен бир нече айга. «Демек, тосуп алууга даярдана бер, Шакен» - деген сөздөрү болду. «Ураа! Күйөөм келет жакында!» — деп сырдаш кыздарынын беттеринен өпкүлөп чыккан.

Жарым жылга жетпей Кадырбек Москвага илимий командировка менен барып калды. Ал кайтарга жакын Солтонов кезектеги командировкасына барып, экөөн таап алды. Оюндагысын билдирди: «Куттуктаймын! Куттуктаймын! Чынын айтсам, башынан эле мен силерге тилектешмин. Биринчи күндөн тартып бири-бириңерге жараша түшкөнсүңөр. Ыман-жылдызыңар окшошо түшкон. Эми андан бетер жарашып калыпсынар. Куттуу болсун! Куттуу болсун! Ушул жарашыгыңардан өмүр бою жазбагыла!» — деп чын ыкласынан барпандап жакшы тилегин билдирген. Анан алардын кыйылганына карабай экөөн тең колдон кармай жетелеп отуруп «Москва» мейманканасынан «Өзбекстан» ресторанына алып барат. Ошол жерде кенен-кесир отуруп булардын ал-абалын, келечек планын билип, ого бетер кубанат. «Эженерди мага коё бергиле, учуру келгенде жараштырып коём. Өзү эле келип силерди мойнунардан кучактап өбөт. Анысына көзүм жетет. Азырынча ачуусу тарай элек. Чынын айтсам, Шакендин сыртынан бироолөрго сөз берип койгон тура. Ошого бир аз сынып калды көрүнөт. Эч нерсе эмес, баары жайына келет, окууңарды эч нерсеге алагды болбой бүтө бергиле», - деп экоонун тең көңүлүн жайлоого аракеттенген Солтонов анда.

Мындан кийин да ал ыгы келе калган учурда Шааркан, Кадырбек жөнүндө аялынын көзүнчө эки-үч курдай сөз кылганы

эсинде. Бирок андан жибигендикти байкай алган эмес. Ар жолкусунда: «Койчу, ошол акмактарды сөз кылбай. Аттарын уксам, итиркейим келет» – деп жекирип койгон.

Кадырбек коргоодон бир жылча мурдараак Калча ал жөнүндөгү мактоону угат. Алардын көңүлү жакын кишилердин бири, университетте кафедра башчысы болуп иштеп жүргөн Садыров Кенеш деген кашка баш, ич-курсактуу немеден угат. Ал мурунку жылы докторантурага бекитилет да материал жыйнаш үчүн, консультант табыш үчүн Москвага барып калат. Ошол жерде Ленин китепканасында жүрүп, Кадырбек менен таанышат. Анын акылы, мүнөзү, илим жагындагы зээндүүлүгү жагып калганын, кайтып келгенден кийин а дегенде аялына, анан жолукканда Калчага айтат. «Шакениңер жаңылбаптыр, Калча. Ал баладан чыгат келечекте. Көп эле андай жаштар менен сүйлөшүп келатам, ал мага абдан чоң таасир этти. Кеби-сөзүнөн, жүрүш-турушунан эле байкаса болот адамды. Кыскасы, менин купулума толду күйөөңөр, Калча. Бекеринен таарынып жүрөт окшойсуңар» - десе, Калча ага да оң жооп бербей койгон. «Жакшы болгондо кыргыздын туткасы болот дейсизби? Азыр жүздүн бирөө окумуштуу.»

Ал эми Кадырбектин качан коргору жөнүндөгү кулактандыруу жарыяланган газетаны алып келип, күйөөсү окуп бергенде, Калчанын жүзү эмнегедир албырып чыкты. Толукшуп кетти. Ыйлап жиберчү неменикиндей толо бети ого бетер чыңалып, үн-сөз катпай саам дулдуюп отуруп калды.

Көптөн бери ачуу – араздын астында басылып жаткан жатындаштык сезим кыймылга келгенин Аскар байкай коёт.

... «Калчатай, жакшы болбодубу! Ушундай кезде кеңпейилдигиңи дагы бир жолу карматып кой, байбичеси. Баралы коргогонуна. Гүл алып баралы. Коросүң, экөө тең сени көрөрү менен мойнуңан кучактап, кубангандарынан ыйлашат, (күйөөсү алар менен оңу келген жерде жолугушуп, сырдашып жүргонүн айтчу эмес да). Кечиришет. Сенин кечиришиңи күтүп жүрүшөт экөө тең. Мен билем. Алар менен сүйлөшпөсөм да билем, жүрөгүм менен сезип турам».

Солтонов аялынын жер карап ойлуу отурганынан пайдаланып, көзүн кысып койду. Бирөө буларды карап тургансып, аны менен өзү макулдашкандай жылмайды.

- Я, эмне дейсиң? Барсак дейсиңби? – деп Калча чарчаңкы тиктеди.

- Албетте барыш керек, байбиче. Экөөбүздүн алардан жакын кимибиз бар шаарда? Ойлоп көрсоң. Алардын кубанычы бөлүшпөгондон кийин жакындыгыбыз кайсы? Шакен экөөбүздүн кызыбыз болуп калган да? Көрөсүң, күйөөсү деле уулубуздай болуп кетет. Жаман жигит эмес. Мен баягы көлдө бир эле жолу сүйлөштүм, бирок эстүү жигит экенин байкаганмын. Баралы, байбиче.

Солтонов ордунан тура келип, аялынын ийинине колун койду. Эркелеткени. Ушунусу менен эки жолдун тоомунда кайсы

жагына бут коюшун билбей башы каткан зайыбынын көптөн бери келаткан көкүрөгүндөгү музун эритип жибергиси келди.

Көрөсүң го гүл көтөрүп залга кирген экөөбүздү көргөндө Шакенин кордогу энеси тирилип келгендей сүйүнбөсө, мурдуму кесип берейин. Кишини бир жолу кубантсаң, анын өмүрүн беш жылга узартканын – деп бироодон укканым бар. Күйоо да кубанат. Эки кишинин өмүрүн ошентип он жылга узартабыз. Өзүбүздүкүн да узартканыбыз ошол эмеспи, Калчатайым.»

Акыры Калча көндү окшойт. Жаш толуп молтүрөгөн сүйрү көздөрүн күйөөсүнө кадап, жалдырагандай минтти:

- Уккан эл эмне дейт?

- Эмне демек эле эл? Эң сонун болуптур дешет колунду кысып, эстүүлүк кылыпсың дешпесе мага кел, байбиче. Уккандардын баары кубанат, мына көрөсүң го.

Ошентип, күйөөсү аны бир ай мурда даярдап койгон элдешүүгө. Баары, Солтонов ойлогондой болуп чыкты. Калчанын Кадырбек коргогон күнү Академияга барып, күйөө баласын кучактап ооп, гүл сунганын уккандардын баары ага ыраазы болушту. «Акырында эстүүлүк кылган экен Калча, өзүнүн катасын мойнуна алган экен» - дешти алардын ортосундагы чатактын себебин билгендер.

Кадырбектин артынан дагы бироо ошол эле илимдер боюнча диссертация коргогон. Эки диссертант мурунтан бирин-бири таанығандыктан, алдын ала сүйлөшкөндөй шаардагы кичинекей бир кафеде кече өткөрүштү. Кечеге окумуштуулар советинин бүт составы, жактагандардын агатуугандары жоро-жолдоштору катышты. Биринчи болуп ал салтанатта тост көтөргөн окумуштуулар советинин арык, ак чач председатели Кадырбектин аспиранттар үчүн берилчү үч жылдык мөөнөт ичинде кандидаттык минимумдарын эң жакшыга гана тапшырып үлгүрбөстөн, берилген тема боюнча илимий ишин да жазып бүтүүгө жетишкендигин, Москва, Ленинграддан тартып бир топ окумуштуулардан анын эмгегине эң жогору баа берген пикирлер келгенин (окумуштуу советте айтылгандыгына карабастан, биердеги жаңы кишилерди эске алдыбы, ал дагы кайталап жатты) айтканда, Калча дагы көздөрүнөн чыга түшкөн жашын татынакай саймалуу кара баркут кол сумкасынан бет аарчысын ала аарчыды. Ал бир кезде сыртынан аны: «Томаяк, ичерге ашы, киерге кийими жок неме» – деп сөккөн ачуу сөздөрү эсине түшүп жаттыбы, же синдисине, ал аркылуу күйөө баласына бир туугандык сезими козголуп, жүрөк-боору эзилип кеткендиктенби, айтор андан кийинки тосттордун учурунда да, Кадырбектин кулк-мүнөзүн, жүрүш-турушун, чыдамдуулугун, туруктуулугун, илимге болгон зор ынтаасын белгилешип сүйлөнгөн сөздөрдү уккан сайын анын көзүнө жаш түшүп жатты. Ошонусу менен төрт жылдан берки каарын төгүп таштагысы келди окшойт.

Ал эми өзүнө соз келгенде жашына какалып сүйлөй албай койду. Ал үчүн да Солтонов экинчи жолу сүйлөдү. Аялынын кубангандыгынан ыйлап отургандыгын билдирди.

Кеченин акырында диссертанттардын өздөрүнө сөз берилди. Кадырбек биринчи болуп сүйлөдү. Үчүнчү жолу укту анын сөзүн Калча. Мындан бир нече саат мурда окумуштуулар советинде а дегенде он беш мүнөтчө коргоого тийиш болгон эмгеги тууралу кыскача баяндама берип, анан аппоненттеринен (экөө тең илимдин докторлору экен — бири Москвадан келиптир) кийин аларга жооп берип дагы он мүнөтчө сүйлөгөн. Жай, ишенимдүү, кагаз карабай, жагымдуу үн менен сүйлөгөнүнө башын көтөрбөй отурган Калчанын ичи ысыган.

«Мыкты жигит көрүнөт, мактоого татыктуу экен. Аппоненттеринин замечаниелерин жокко чыгарганын көрдүңбү? Азыркы сөзүчү». Ушунткен күбүр-шыбырды коргоо өткөн залдан да, биерден да укkан Калча ого бетер жибише берди.

Олтуруш аяктабай туруп, окумуштуулар советинин председатели диссертанттардын жакын отурган туугандарына: «Ракмат, эми бизге уруксат эткиле. Мындан көпкө отура албайбыз. Силер уланта берсеңер болот» — дегенде Калча тура келип, а дегенде ортодогу кишинин арык колун кыса кармап туруп: «Эртең күнгө дем алыш, биздикинде ушул столдо отургандар конокто болосуңар. Саат үчкө. Мен Кадырбектин бир тууган кайнежесимин. Даярданып койгонбуз» — деди. Ушул сөзү менен андагы окумуштууларды дагы бир сыйра кыдырып чыкты... «Суранабыз, өтүнөбүз» — деп анын жанында Солтонов да башын ийкеп, жанаша жүрдү...

Ал эми ошол окуядан бир ай өтпө Калча өзү машина алып барып, шаардын четиндеги квартирада турушкан синдисин үйүнө көчүрүп келип алган. Төрт бөлмөлүү үйдө алар үч эле киши жашачу. Эки кызы күйөөгө кеткенден кийин уулу Самарбек, эрди-катын гана калышкан эле.

Кадырбек үйүнүн көчкөнүн кечинде гана билет.

- Ыракмат, жакшылыгынарга, бирок биз башка жашайлы. Биринчиден, Шакен экөөбүз тең китеп окуганды жакшы көргөн кишилербиз. Кээде Гүлмираны уктатып коюп, түн жарымына чейин китеп карап калган учурларыбыз болот. Антип тынчынарды алышыбыз мүмкүн. Экинчиден, Гүлмирабыз ыйлаак. Силер эс алчу курakka келдиңер. Кайра кетебиз — деп Кадырбек кайра кетүүгө кам урганда, Калча аны моюндан шап кучактайт: «Кечир, Кадыш, мен куруюн. Түшүнбостүк кылып, бир кезде тил тийгизип койгонум ырас, Шакенге да, сага да. Ошону эсиңен чыгарбасаң керек, кечир Кадыш! Менин Шакенден башка бир тууганым жок. Кечир кагылайын, укkандарыңын баарын унут, мен куруюн, ачуум келгенде албууттугум бар, бирок жамандыгым жок, кекчил эмесмин. Мен баарын унуттум. Кечир, Кадыш! Кетпегиле! Таанышtарыма мактанып койдум эле. Күйоо балабыз эң сонун жигит экен, эстүү жигит экен, баарын кечирди. Биз менен бирге турууга макул болушту а түгүл деп. Азыр кайра кетсеңер уятка мени өлтүргөнүңөр! Кетпегиле! Кадыш!» — деп жалынган.

Көңүлү жумшак Кадырбек кайын эжесинин бул сөзүнө эрип кетип, макулдугун берген, жашап калышкан.

Төрт жылдан кийин гана ага шаардын четирээгинде тургузулган жаңы үйдөн үч бөлмөлүү квартира чегерилгенде бардык жолжобосу менен Калчалар буларды көчүрүп коюшат. А кезде Кадырбек секторду башкарып калган.

* * *

Бүгүн да күнгө ишемби. Шааркан бүгүн да эрте ойгонуп алды. Эстелик тургузгандан кийинки аптасында барган бойдон Кадырбекке каттай элек. Бир айдан ашып калган... Акырындап ачылган ак тандын шооласы баягысындай а дегенде түбөлүк кар оронгон бийик чокуларды маңкайтып келатты... Мүнөт.. мүнөт... Баягы эки чоку... Жанаша жаралган чокулар... Бироолөрдү куштарлантыш үчүн, бироолөрдүн эсине алда немелерди салып, опкосун көптүрүп, көздөрүнө жаш толтуруш үчүн жаралган чокулар. Бири бийик, бири жапысыраак... Шакен менен Кадырбектин чокулары. Ана, күндүн алтын сымак сары, нары сыйка нуру адатынча биринчи ошол чокулардын бийигине жабылды... Кыз көкүрөгүнө акырын жылган уялчаак жигит колундай ал жылып туруп, анан пасыраагына жетип, аны жумшак сылай баштагансыды... Буга эригендей, көлкүгөндөй, түн бою ушул нурду, ушул жарыкты, ушул эркелетүүнү эңсеп жана күтүп жаткандай эми кичинекей чоку да көлкүп – магдырап бараткансыды...

... «Шакен эмнеге окшоштурганымы айтайынбы?»... Жарынын моюн-башын, бетинен аймалап кирди. Шааркан да көздөрүн акырын жумуп термелип кетти, магдырап кетти... Тулку бою нурга малынып, ырахатка чөмүлүп бараткансыды... Бүткөн бою Кадырбектин эркелеткен ысык илебин сезип турду.

... Бир оокумда көздөрүн ачты. Бошток... Кыял... Элес... Жаңы көторүлүп келаткан күн нуруна эми этегине чейин малынган жанаша эки чоку гана чындык экен, маңкайып алыстан баягысындай, кадимкисиндей.

Шааркан ордунан шарт тура келди. Тамагын жаш муунткуча туруп кетти. Нарыдан-бери кийинип сыртка чыкты. Сөрүн экен тышта. Жайдын түнкү салкын илеби сакталып туруптур. Тротуарлардын эки тарабындагы дүпүйгөн жашыл даректардын бариктери эрте мененки желге урунуп саал-пал дирилдешкенсийт... Шырр-шырр эткен шыпыргылар. Кочо шыпыруучулар, короо шыпыруучулар бу шаардын эң эрте ойгончу калкы эмеспи. Ошолор ишке киришиптир... шырр-шырр...

Шааркан ылдам басып, Дзержин бульварына тез эле жетип келди. Шырр-шырр... Эки үч жерде узун шыпыргыларын чалгы чапкансып колтук кере шилтегендер. Шырр... Бироонүн жанынан оттү Шааркан. Жаш эле неме экен, бирок бет териси соогүнө жармашып, мойнуна чейин тырыш. Кебетеси керсары, шишимек

көздөрүнүн алды саландап, жүдөө. Колдору, кийми кир. «Ичип-ичип, ошонун айынан турмушунан да, кызматынан да ажырап, акыры ушул ишке дуушар болгон го шордуу. Болбосо, бу куракта жер шыпырбай калсын» – деп алды Шааркан ичинен. «Турмуш... мунун агымынан эмнелер кездешпейт?...»

Вокзал жактан шуулдаган үн чыкты. Шааркан артына кылчайды эле эки астыңкы доңголок тушунан билектей аппак сууну кайчылаштыра уруп, цистерналуу машина келатыптыр. Суу чачып келатыптыр. Жол таманында шыпыргандан калган ыпыр-сыпырды кошо айдап, арык ичине, анын аркы жээгине уруп келатат. Шааркан четке чыгып турду. Эми капкара болуп жалтырап чыккан жолго машинанын артынан ал кайра түштү. Муздак суу эпкини бульвардын ичин ого бетер сергилең тарттырды.

Ар убак Шааркан а дегенде ушул бульварга келет. Башка көчө менен кетсе деле барат Кадырбегине. Бирок антпейт. Ушул бульвар аркылуу жүрөт. Бир түндү мында өткөрбөдү беле. Ошол түнү жүрөгүн мыкчып, денесин муздаткан ызанын күчү, кыз башы менен көчодө калгандыгы үчүн ыйлап-сыктаса да, азыркы омүрүнүн бийиктигинен биер ал үчүн ыйык жерлердин, Кадырбегин эске салчу ыйык жерлердин бири. Дем алыш күндөру китеп окушуп, баштары чарчаган кезде да экөө колтукташып, ийиндерин-ийиндерине кыналыштыра ушул жерге келип көпкө чейин аркы-терки басышып, эс алып кетише турган.

Жаңы эле жуулган аллея менен басуу Шааркандын көңүлүн көтөрдү. Жалтыраган суу ичинен ал өзүн көрүп, жаш балачасынан ага үңүлө тиктеп, илкий басты.

Бүгүн Шааркандын колунда чоң сумка жок, эстелик коюлгандан бери тамак алып барууну токтоткон. Мындагы чалдын кенеши ошондой болгон. Айт күндөрү гана тамак менен келүүнү кенеш кылган. Кичинекей кол сумкасын гана боосунан кармабай алаканына кармап келатат. Кадырбек Москвага барганда өзүн ээрчитип жүрүп, Пушкин аянтчасынан Горький көчөсү менен Кызыл Аянтты көздөй келатышканда «Белектер» магазининен алып берген сумка бул. Шааркан өзү тандаган аны. Ошонусу гана колунда. Анда аппак чүпүрөк. Аны менен эстеликти, Кадырбектин жузүн чандап арытат.

Гүл сатылчу жерге келип, ар түрдүүнөн десте кылып, анын төмөн жагын кармай келген газетасы менен ороп тутамдап алды. Андан ары Кадырбеги күтүп зарыгып калгансып, тез кетти. Жаш Гвардия көчөсүн кесип өтүп, оңго бурулду...

... Кадырбектин оңү жүдөө көрүндү. Тирүүдөй, бирок сыйкырдуу бир күч мнеен колу-буту иштебей сенейип калгансып, бирок анысын тоотпогондой, же ал бактысыздыгы менен жарын капалантууну каалабагансып жылмайып турду... Жаңы эле тегирмен ичинен чыга калган кишидей боппоз. Чаң. Жолдун боюнча эмеспи анын эстелиги. Биерден машина отот аз болсо да. Жок,

аз эмес мындагы чалдын айтууна караганда күн сайын эки-үч киши жерге коюлат. Аларды узаткандар адатта машина менен келишет. Биерге коюлчу кишинин тууган-уругунун, өзүнүн кадыр-баркына жараша болот машиналардын саны. Кадырбек коюлганда да машина эң көп болду... Көпчүлүгү окумуштуулар. Алардын көбүндө менчик машина бар эмеспи. Айлынан да отузга жакын киши келген экен. Аларга Академия автобусун берген. Жүк машинанын борттору кайрылып таштылып, кузовго жая салынган килем үстүндөгү табытты акыркы жолго узаткандардын алды топурагы али кургай элек мүрзөгө жетип токтогондо, арты дарбазадан кире элек болучу.

Беш чакырымча жакын аралыкка Шааркан жөө басып келген. Акырын жылган табыттуу машинанын артынан төрт аялдын коштоосунда, жетегинде келген. Кузовдогу кызыл баркытка оролгон табытта баш жагы бийик, мурду гана көрүнүп жаткан Кадырбекке карап алып, ого бетер эчкирип ыйлай берген. Тиги болсо, кара панбархат жоолук жамынып, бетинен ылдый салаалантып жаш чуруткан жарын шылдыңдагандай жылмайыңкы көшүлгөнсүгөн...

Шааркан ошол күнү биринчи жолу өлүк көмгөндү көрдү. Атасын да, апасын да жерге койгондо ал барган эмес. Айылдын тартиби боюнча көрүстөнгө эркектер гана барышчу. Эми ал өз көзү менен көрдү көрүстөндү, ага коюлган кишини.

Машина токтогондон кийин табыттың эки жанында баш жагында отуруп келгендер шапа-шупа жерге түшө келишти. Анан табытты аяк жагынан эки киши, баш жагынан экөө кармап, топурагы бир четинде үйүлүп, оозу аңырайып азырынча ачык турган көр жанына алып келип коюшту. Бая машинада көкүрөгүнөн ылдый кайрып таштаган кызыл жибек шейшеп менен кимдир бирөө азыр Кадырбектин бетин жаап койду. Куран окуй баштаган кишинин үнү угулганда, баятан бери котолой турган эл, али арты жетип келе элек адамдардын баары бирөө буйрук бергендей отура калышты. Эки аял Шаарканды карыдан бекем кармашкан бойдон жерге тарта өздөрү биринчи тизе бүгүштү. «Куран окуганда отуруп туруш керек» – деп шыбырады бирөө. Ал башынан мындайды өткөргөн эме окшобойбу.

Куран түшүрүп жаткан кишини Шааркан көрө алган жок. Бирок анын жагымдуу добушу ага жетип, бар оюң азыр ошол гана бийлеп алды...

Бир оокумда куран окулуп бүттү. Дагы буйрук уккандай алиги калдайып отургандар дуу этип тура келишти. Эки киши чечинип жиберип, жаңы мүрзөнүн кырларына таяна биринин артынан бири анын ичине секирип түшүп кетишти. Көр терең экен, алар көрүнбөй калышты. Бул экөө тең айылдан келгендер, Кадырбектин агасы, жолдошу. Экөөнүн тең үстүндө ак жекте. Шымаланган бул экөө мурунтан ушул ишке чегерилген көрүнөт. Анан жана машинадан түшүрүп алган төртөө кайрадан табытты жерден

котөрүштү да мүрзөнүн четине алып барышып, бут жагын эңкейте беришкенде үнү бүткөн чал кырылдады: «Мени кошо көмгүло, балдарым?» — ушул создү айтып, эки тизеси шылк эте көр четиндеги топуракка очорулган буурул сакал кишини эми гана байкашкандай аны колдон, колтуктан алыша, үймөлөктөшүп калды.

Бул Кадырбектин алтымыш сегиз жаштагы атасы. Апасы мындан жети жыл мурда каза болгон.

Кадырбек алардын ортончусу. Дагы үч уулу, төрт кызы бар. Баарысы бойго, жеткен, үй-бүлөлүү. Ар бир гүлдүн өз жыты бар дегендей, ата-эне үчүн ар бир перзенттин өз орду бар тура. Эки күндөн бери тишкыйбай калды. Добушу биринчи күнү эле бүтүп калган. «Кагылайын каралдым ай, мага сен топурак салбай, сага мен топурак саламбы? Бул эмне деген жазыгы кудайдын?» — деп үчүнчү кабатка элдин жетелоосу менен чыкканда (Ага Кадырбек ооруп калыптыр деп кабарлашкан) чуудан улам, босогону аттаганда бир кыйкырган абышканын өңгөчү айрылып калса керек, ошол бойдон үнү чыккан эмес. Сакалынан ылдый танымсыз жаш сарыкканын гана көрүшкөн эле. Эми ал кишинин үнү дагы бир жолу чыйылдап араң чыкты. Ээги менен мүрзө четиндеги топуракка сайыларында аны кармап калышты. Шааркан ошону көргөндө чыдап тура албады. Бар үнү менен чаңырып, алга жүткүндү. «Кадыш! бизди таштап кете бересиңби?.. Жер астында кантип жалгыз жатасың?..»

Бирок аны кармаган аялдар мындай болорун билген немелер окшойт. Коё беришкен жок. Анын күүсү менен эки-үч кадам алга жылышты, анткени менен аны эркектер курчап тура калган, эми Кадырбектин табыт ичиндеги керилген денесин жутуп койгондой оозу аңырайып ачык турган көргө жакындатышпады. Мүнөттөр өттү... Табытты коюп бүтүштү көрүнөт, жанагы ак жектечен экоо ийиндерин, колдорун, баштарын боз топурак кылып, көрдүн ичинен сыртка чыгышты. Экөөнүн тең коздөрү кыпкызыл... Экөөнүкү тең шишиген. Беттери жылтырайт...

Мурзөнүн оозу кирпич менен кыналгандан кийин беш-алты күрөк бирден ишке кириште. Топурак ыргытыла баштады көр ичине. Муну көргөн Шааркан дагы чаңырып, алга жулунду. «Ой, эл, бул эмне кылганыңар?!.. Комбөгүлө!..

Топурак ого бетер көп ыргытылып жатты. Боз чаң төбөдө калкыды. Күрөктөр бир колдон экинчи колго өтүүдө... Эки жашырак жигит жоолуктун төрт бурчунан чымчый кармап кишилерди аралайт. Аларга күрөк жетпей тургандардын ар кими топурак чеңгелдеп салат. Жоолук толгондон кийин андагы топурак да мүрзөнүн ичине төгүлөт. Ушундай ырымы бар. Муну да Шааркан биринчи жолу көрдү. Мында келгендин парс милдети ушул - олгонго топурак салуу. «Топурак буюрсун» — деп ата-бабалардын эзелтен айтып жаткан тилеги кабыл болгону ушул. Бирок алар балдарынан өздөрүнө топурак буюрушун каалашат, ошону тилешет. «Атам ой,

энем ой!» деп тебелеп-тепсеп көөмп койсоңор болду, - дешип, алар тукуму өсүп жетилгенде өздөрүн наркы дүйнөгө даярдай баштайт. Бирок ал тилектери кээде теңирден тескери экенго.

Кантесиң. Турмуш... Тагдыр... Булардын кыйчалыштарын, өйдөылдыйы, ысык-суугу ар убак аралышып, ар убак жаңаша жүрүшөт тура...

... «Өлүм алдында баары кудуретсиз, баары байкуш тура».

Шааркан ошондо өмүр, өлүм жөнүндө биринчи ойлонду. Буга чейин анын башына уялаган, көкүрөгүнө уялаган жалаң гана жакшылык, шаан-шөкөт, улам жыл өткөн сайын Кадыш экөө күткөн үй-бүлөнүн кадыр-баркы артып, өмүрлөрү сулууланып отурушу гана элестөөчү. Кайгы, ый, түшүнө кирген эмес. Мына кырсык деген, мына тагдыр, мына турмуш деген.

Он мүнөткө жетпей томпойгон жаңы мүрзө пайда болгон. Анан дагы куран окулган. Дагы калың эл аны тымтырс отуруп уккан. Ал эски жол-жосундарды жасатып жаткандар Кадырбектин айылдан келген туугандары эле. Шааркан алардын бирин да билчү эмес.

... Азыр, андан бери жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин, көрүстөнгө жакындаган жердеги жапыс, үйлөрдүн жанынан өтчү төтө жол менен жалгыз баратып, Шааркан ошол күнкү абалын дагы бир жолу көз алдына келтирди... Андагы ойлонгондорун кайрадан эсине салды...

Шааркан үшкүрүнө Кадырбегинин эстелигине карап турду. Өңү боппоз, демек, чаң... Бирок жылмаюсунан жазбаптыр. Шакенин ар убак ушинтип карачу эмес беле. Ошол көз карашынан жазбаптыр... Дагы эле мээримдүү, дагы эле жайдары... Мына, мына, азыр эле анын эки капталынан эки колу чыга келип, аларын демейдегисиндей Шакендин мойнунан артылта таштап, бүткөн боюн ага кыналыштырат... Ал калп эле, жарын сынаш үчүн гана аз убакытка ушинтип, муздак кара ташка айланып калган... Жок, ал тирүү. Минтип түбөлүк жалдырап кыймылсыз туруп калчулардан эмес.

Эстелик коюлгандан бери, биерге келген сайын мүнөткө анын көңүлүн сооротқон ушундай ой бийлей калат. Кайрадан чындык. Эч ким, эч качан өзгөрө албай турган чындыктын өзү кашкая тиктеп чыга келет...

... «Мен жалгыз окшоп»... Ар убак чындыкка көзү жеткенде Шааркан өзүн ушинтип сооротчу. Дагы ошонусун кайталады, азыр эле кыбырап, озүнө карай кучагын жая боюн таштагысы келгенсиген Кадырбегине бир нерсе айтууга камынгандай, анын делебесин ого бетер экилентип жибере тургандай нерсе айтууга даярданган эриндеринен башка сөз чыгып «Мен жалгыз окшоп» деген бир жылдан ашык убакыттан бери көнүмүшкө айланып калган сөз чыгып кетти. Жок!... Андай эмес. Кадырбек азыр кучагын жаят. Жылмайып күлүп турбайбы. Аны менен тамашалашкысы келип кетти Шаркандын. Челекти жерден көтөро берип, экинчи колу

менен аны түп жагынан кармады да, жылмаюусун жазбаган күйөөсүн бетине суу чачып жиберди.

Эми Шааркан да жылмайды. Бош челекти боосунан саландата кармап... Анан челек колунан түшүп кетти. Капталынан жатып калды. Шааркан качууга камынды... Кадырбек кууйт да.

Шааркан эки жагын жалт-жалт каранды, каякка качса жеткирбейт?...

... Алар үйлөнүшкөндүн экинчи жылы. Шааркан окуусун бүткөнгө туштап, Кадырбек отпускасын алды... Шаарканды Оштон тосуп келишти. Баягыда аны көргө алып койгон чечендерге окшош коңкойгон мурун, каш-кирпиктүү, нары ачуусу келгендей ар убак кабагы бүркөө жүрчү Адылбек деген жигит аялы менен үчөө тосуп алышкан.

Адылбек – Кадырбектин, айылдашы, нары классташы. Орто мектепти чогуу бүтүшүп, институтта да бирге окушкан.

Ошол Адылбектин демилгеси боюнча ошол жылы алар жыйырма күнгө жакын чатыр тигишип, Арсланбаптын токоюнда, сунун боюнда өздөрү айткандай «жапайы турмуш» кечиришкен. Эртели-кеч шибер басып, агын сууга бет жууп, тоонун абасынан жутуп, отун алып, ачык асман астында түтүн булатып, казан-аяк кармагандын өзү булар үчүн, айрыкча тогуз жашынан тартып шаарда чоңойгон Шаарканга укмуш таасир калтырган эле. Жөнөкөй токой эмес, кол менен атайылап тигилгендей жемиш токоюн да ал ошондо биринчи аралаган. Алма, жаңгак, алча, алмурут, жапайы жузүмүнө чейин аралаш өскөн бул жердин керемет кооздугу, жылдызы жакын түндөру алиге көз алдында... мындагы сансыз куштардын түркүн үнү алиге кулагында... Ошондогу суу чачышып бирин-бири куушуп, кучак жегкис жаңгактан-жаңгакка далдаланып чуркагандары, койчу андагы күндөрдүн майда-чуйдасынан өйдө жадында... Тез-тез эсине түшө берет.

Суу чачса да көздөрүн жумбай күлүмсүрөгөн Кадырбеги дагы ошол күндөрү жарынын эсине салды....

Чачылган суудан улам башы, көкүрөгү карая түшкөн Кадырбектин заматта мандайы агарып чыкты. Көлөкө жылгандай ал карамтыл түс улам ылдыйлап жылып баратты. Эми гана бак-даракты үстүнө көтөрүлгөн күндүн нуру эстеликке жетип жабылган эле, ошондон граниттеги суу тездик менен кургап атты. Үч-төрт мүнөттүн ичинде эстелик кургап калды. Мурдагыдай баш жагы боз, жылмаланган тулкусу капкара болуп жалтырап чыкты. Чаңдан арыган ал жанагыдан көзгө башкача көрүнүп калды.

Бети-колун жууп, көйнөгүн кийип, галстугун тагып, чачын тарап, анан тамактаныш үчүн столго келип олтурганда Кадырбек ушундай жаркын көрүнүчү...

Эстелик чаңдап арыды. Бирок Шааркан ага кол тийгизбестен кете албайт. Сумкасынан ак бет ааарчы алып (үйүнө баргандан кийин аны жууп коёт) а дегенде буттарынын учу менен такандай туруп,

Кадырбектин чачын, анан бетин сүрттү... Муздак гранит чүпүрөк аркылуу колуна, көкүрөгүнө, денесине тийип, ичиркентип жиберди. Мүнөткө, кээде андан көбүрөөкко созулучу Шааркандын жанагыдай таттуу, нары жылуу ойлорун ошол муздак илеп, алда каякка кууп таштап, чындыкты, тиги эч качан мойнуна албаган чындыкты моюнга алууну мажбурлагансып, тийген жерин каарып туруп алды. Ар убак ушинтет. Эстеликтин өзүн тазалап бүткөн соң, тосмого сүйөп койгон, күйүп эскире түшкөн (аны мында эң кийинки келишинде таштап кеткен) шыпыргы менен анын тегерек четин шыпырды. Кайрадан эки жолу сууга барды. Даректардын түбүнө суу куйду, мүрзөнүн үстүндөгү чымга суу чачты.

Шааркан кайра кетип жатып, велосипедине бир нече камераларды саландатып арткан кишини дагы жолуктурду. Ал адатынча Шааркандын көрөрү менен ага бир-эки метрче калганда, мандай терин мончоктото токтой калды... Биринчи салам айтты. Дайыма ушинтет.

« - Деги аялыңыз дуруспу? Башка түшкөндөн кийин көтөрүш керек экен да. Бизди ошондуктан адам гана дебестен, пенде дешет турбайбы... - деди көптөн бери сурай албаган, тиги аялдын авалын, аялдык купуя сезими менен ар убак кыйнала көз алдына келтирип жүргөн Шааркан.

- Кайдан дейсиң, кагылайын карындаш. Бу турмуш дегениң кээде каардана мойнуңа минип алса, өлгөнүңчө темине берет көрүнбөйбү. Айтпадым беле, ордунан турбай калды деп. Ошол бойдон баш көтөрө албады бечарам. Он бир айга араң чыдады. Көз жумган эчак. Уулунун жанында жатат азыр. «Мени уулума жеткир» — деп эсине келген сайын кыйкыра берип, акыры ошерге келип жаны тынды окшойт, үндөбөй калды» — деди алиги, аялы өлбөй эле баласынын жанына келип гана убактылуу жаткан немедей жай түшүндүрүп. Бир азабы, кайгысы ошол жерине топтолгондой анын жазы, калың мандайында бадырайып үч тырыш турду. Баарында мөлтүрүп тер. Мукамбет аны сезбегендей.

- Бир жагынан, карындашым, сүйүндүм мындай болгонго. Мурдагыдай эртели-кеч быякка чуркабай калдым. Энеси жанында жатпайбы дейм. Коңулүм ток, балам жалгыз эмес. Эми ал экөөнөн ажырап дүйного устун болмок белем. Мен дагы келсем деймин алардын жанына. Тилегеним ушул болуп калды. Сен кыдырбайсың да, карындашым, биерди. Балама, азыр эми аялыма да куран окугандан кийин ушул беш-алты гектардын баарын кыдырып чыгам. Ошондо эс ала түшөм... Таанышгарым да кездешет биерде жаткандардан. Алардын айрымдарын унутуп да койгон экенмин. Эми эстеп атам. Алардын ар бирине куран окуп, бата кылам. Бала кезде атамын куран үйрөтүп койгонуна эми ыраазы болуп жүрбөймүнбү? «Курандын эмне кереги бар?» — деп а кезде атаман, апаман канча таяк жебедим... Көрсө, алар акылдуу кишилер экен. Бир кезде менин башыма ушундай мүшкүл иш

түшөрүн алар билишсе керек. Куран окуп, бетке бата тарткан соң, жеңилдей түшкөнсүйм.

Мукамбет бир аз токтой калып, эми эсине түшкөндөй мурун учунда мөлтүрөп турган терин астыңкы эрдин калбыйта үйлөп жиберген соң сөзүн улантты.

- Эстеликти жакшы жасатыпсың, карындаш. Москвадан жасаткансың го?

- Ооба.

- Ошондой, биерде мындай жасай алышпайт. Мен да жакында коём. Балама заказ бергенден кийин, ал бүтө электе апасы кайтыш болуп кетпедиби. Эми экөөнө бир жасатып атам. Бир художник менен сүйлөштүм. Кызыл граниттен жасайт. Жупуну, бирок оюмдагыдай чыкканы турат... Макул, карындаш, кармап койдум окшойт, кечир» - деди да тиги көкүрөгүн алга жүткүнтө суу арткан велосипедин араң итерип жүрүп кетти.

Шааркан заматка анын артынан тиктеп туруп калды...

* * *

... Арадан алты жыл өттү. Көп өзгөрүүлөр болду турмушта. Шааркан да башына түшкөн мүшкүлгө таң берип, бу кезде өзүнөзү сооротуп алган. Ал турсун докторлук диссертациясын жакындатып койду. Москвадан окууну бүтүп келгенден тартып, Академияда кенже илимий кызматкер катарында иштеп келаткан ал кандидаттык илимий даражага Кадырбектен бир жарым ай кийин ээ болгон эле. Кадырбек докторлук наамга жетишкенине жыл айланбай каза тапты. Кирсе-чыкса Академиянын жайы деле, андагы иштеген кишилер деле күйөөсүн эске салып, журөк-боорун эзе бергендиктен, жарым жылга жетпей Шааркан университетке, конкурс боюнча кафедранын башчылыгына өтүп кетет. Ошондон бери ал университетте.

Ал Кадырбегине бу кезде сейрек каттап калган; жылына бир жолу – ал дүйнөдөн кайткан күнү гана барып жүрөт. Жайында 20-июнда мерт болбоду беле. Ошол күнү себетке толтура гүл кармап барат да, жылына бир жолу боётуп койчу эстеликтин жанындагы скамейкага келип отурат. Кадырбеги өзгөргөн эмес – ошол калыбында: мойну бир жагына азыраак кыйшайып, жузүндө жылмаюу. Жарын кирпик ирмебей карай берет. Бирок анын таасири, Шааркандын жан дүйнөсүнө тийгизген таасири эми мурдагыдай эмес. Эстеликтин тулку боюнан илеп дайыма согуп тургансып, мурункудай тигинин ичин жылытпайт, куру кыялга чарпылтпайт...

Бети-башын ааарчып, айланасын тазалап кете бермей... Көрүстөндүн тегерегиндеги даректарга, гүлдөрго суу куюп турууну мындагы кароолго (жанысына, мурдагы көсө чал мындан төрт жыл мурда көз жумган) табыштап койгон. Жылына бир жолу гана келип турууну чечкен соң, тиги кишиге отуз сом акча карматып: «Мен эми тез-тез келе албаймын биерге. Ушул акчаны алыңыз да, эс-

теликке көз карыңызды салып даректарына, гүлдөрүнө суу куюп турунуз» – деген. Жылына бир жолу келген сайын ошончо акчаны тигиге узатып жүрөт. Анын келер күнүн билип алганбы, же өзү ошончолук соопко так кишиби, айтор Шааркан ар убак чалга ыраазы. Ар дайым эстеликтин айланасы таза, скамейканын үстүнө чейин аарчылган болот. Дарактар, гүлдөр соолубады.

Бүгүн Кадырбектин дүйнөдөн кайткан күнү. Демек Шааркан көрүстөнгө барат. Эрте турду.

Кадырбеги эске түшкөндө жүрөгү бир жолу зырп этип алганы болбосо, ал жөнүндө ойлонуу – эми такыр бейпайда экенине көзү жетип, кээде күтпөгөн жерден басып кирген ал жөнүндөгү түйшүктүү сезимден атайлап өзүн алыстатууга аракет кылып жүрөт бу кезде.

Шааркан төшөктөн көңүлдүү түруп, көчөгө да көңүлдүү чыкты. Ууртунда жылмаюу. Толо түшкөн бети албырып наарлуу. Мээрбан көздөрдө күлкү ойноп баратты. Анын себеби ал кечээ Москвада окуп жаткан улуу кызы Гүлмирадан (ал экинчи курста окуп жатат) кат алган.

Гүлмира аман-эсендикти сурап, өзүнүн семестрге катуу даярданып жатканын, апасынан кем эмес, (Шааркан жогорулатылган стипендия алып окуган эле) окурун жазып келип: «Апа, мен эми сага бир нерсени, эң маанилүү нерсени билдирсем, урушпайсыңбы? – деп, анан минтип жазыптыр:

«Жигит менен тааныштым. Жок, жакында эмес, өткөн жылдын аяк ченинде тааныштым эле. Жайы менен кат барып турган. Үйгө эмес, главпочтампка сурап ала турган кылып жазчу. Ошентип макулдашканбыз да ажырашарда. Сага билдирген эмесмин. Уялганмын. Экинчи жагынан ага ишенген эмесмин. Өзүң байкап жүрөсүң го, жүрөгүн колуна кармап, корүнгөнгө анысын тартуулай берчүлөр, көп го азыр. Бул жигит казак. Көкчо - тоолук. Чын пейли менен берилгенин жакында байкап калдым. Ошондон бери мен да өзүмү башкача сезе баштадым. Ага карата болгон сезимим да кескин өзгөрүп кеткенсиди, албетте жакшылык жагына. Бирок, коркпо, апа, эртең эле баш кошуп алышса, окуу эмне болот деп. Андай ой ортого салына элек. Жакында салынбайт дагы. Көңүлгө жагып, купулга толгондугунан гана сага билдирип коёюн деп жазып отурганым. Мындай ойду сенден башка кимге айтмак элем. Менин сенден башка жакын кимим бар? Папам болсо ага деле жашырбай ушуну билдирмекмин. Мен билем, ал кубанмак жана колдомок. Папабыз айкөл киши эмес беле, апа, чынбы? Бир жолу да кабак чытып, же сага, же бизге катуу сүйлөгөнүн байкаган эмесмин. Же калпы? Чын, апа! Сенин оозуңан бир жолу да ага нааразы болгон сөзүндү кичинемде деле, чоңойгонуман кийин деле укkан эмесмин. Чынбы, апа? Чын. Бирок, анын баары өткөн иш, апа өзүң айткандай. Эртелеп папасыз калган да, өзүң айткандай, бу турмушта жалгыз биз эмеспиз, апа. Чынбы? Чын.

Бул кабарды жаштыгынан, али эселектигинен жазып турат деп ойлобогун, апа! Мен жетилдим. Баарын түшүнөм. Сен турмуш курган куракка мен үчүн бар болгону эки жыл жетпейт, чынбы, апа? Чын. Ошондуктан баары-жокту ойлоп, түшүнүп туруп эле, сени сүйүнөт го деген жыйынтыкка келгенден кийин жазып олтурганым.Жигиттин аты – Элтай. Айылда туулуп, айылда өсүптүр. Он жылдыкты алтын медаль менен бүткөн экен. Химия боюнча областтык, республикалык, анан союздук олимпиадага катышып жүрүптүр. Орус тилин бир аз начар билгенине карабастан, материалды кыйын билет. Азыртан эле аны профессорлор эркелетишип: «Элтайчик казахтын болочок Менделееви» деп калды. Мени ушул жагы кызыктырган экен деп ойлобо, апа. Андай мыкты окугандар арабызда аз эмес. Мен деле калышпайм алардан. Ал абдан уялчаак, кыз баладай ийменчээк. Өйдө карап сүйлөгөндөн да жалтанып турат. Мага, баарынан жакканы – ушул сапаты. Жупуну жүрөт. Тартиби сонун. Китеп караганы-караган. Китепти көп окугандан түңүлбө дечү эмес белең өзүң?

«Андай уялчаак болсо, сага кантип сөз айтты, кантип тааныштыңар?» – деп сурарсың апа, чынбы? Чын. Лекцияда бир столдо отурчубуз. Бирок арабызда тамаша соз аралачу эмес. Күндөрдүн биринде лекция бүтүп, биз аудиторядан чыгып баратканда ал мага кичинекей кагаз сунду. «Миркатай, комнатана барганда оку», - деп. Боз онү кызарып кетти. Мен ошенттим. Комнатама келгенден кийин ачтым, алиги алаканыма кыстара келген кичине катты. «Миркатай, газетадан окудуң бекен, биздин борбордо он күндон бери азыркы доордун эң атактуу пианисттеринин бири америкалык Ван – Клиберн гастролдо жүрөт. Анын концертине билет табуу, албетте кыйын. Бирок сен мени менен кошо барууга маакул болсоң, колдон табууга аракеттенип көрөйүн дедим эле» – деп гана коюптур. Кечинде мен ага окуу залында кайра жолуктум. «Маакулмун барууга. Билет табылат бекен? – дедим ага жакын келип. Ал дагы кулагына чейин кызарып кетти. Унчукпай ордунан тура жөнөдү. Кечинде эки билет менен келди. Колдон үч барабар ашык баасына сатып алыптыр.

Мына, ушинтип башталды биздин таанышtык. Кийин киного барсак да бирге бара турган болдук.

Күн өткөн сайын эми ал экөөбүздүн ортобуздагы мамиле жакын тартып баратат. Өмүрдүн бул убакка чейин угуп гана, окуп гана жүргөн керемет чегине бут коюу эмес бекен бу, апа? Ошо го дейм, апа?

Кубансаң-кубандым деп, жок, таарынсаң-таарындым деп, ачыгын жазып жибер, апа! Жок, сен кубанасың, апа! Чынбы? Чын. Мойнуңан кучактап өөп, кызың Гүлмира».

Ушул мазмундагы каттан улам Шааркандын жан дүйнөсүндөгү алты жылдан бери күңгүрттөнгөн бурчтарына шоола чачылып кубанууда. «Турмуш деген ушул тура. Көп деле жаман эмес көрүнөт го».

Шааркан гүлүн коюп, эстеликти адатынча ак жүз арчы менен сүртүп тазалагандан кийин кайра тартты. Чоң дарбазага жакындай бергенде, андан боз волга акырын жылып кире берди. Шаарканга он метрче жетпей токтогон машинанын эшиги ачылганда, андан Мукамбет чыга келди. Чачы буурул тартып калганы менен өңү жашарып кеткенсийт. Жени кыска боз көйнөгү шымынын сыртында. Толо билектери карайып күнгө күйүп калыптыр.

- Қайтып калдыңызбы? – деп ал Шаарканга мээримдүү тиктеп.

- Ооба.

- Күтө турасызбы, мен азыр эле кайтам, гүл коюп эле кайра тартам, - деп шашкансыды. Шааркан аны сынагандай саамга жүзүнө тигилип турду да анан: - «Маакул» – деди бут башына үнүлү берип.

Машина Мукамбеттин өзүнүкү.

Ал баласы өлгөн кезде шаардагы автобазалардын биринде начальник болуп иштөөчү. Үч жылдан бери министерстводо бир болүмдүн начальниги. Мындан жыйырма күнчө мурун ал Шааркан менен конокто жолугушкан. Кадырбектин эң жакшы көргөн досу Шакир деген ушул автотранспорт жана шоссе жолдор министерствосунда көптөн бери азыркы Мукамбет башкарган болүмдү башкарган. Анан ал министрдин орун басарлыгына көтөрүлөт да, өзү менен Москвадагы авто-жол институтун чогуу бүткөн Мукамбеттин ал кызматка келишине көмөктөш болот. Мына, ошол Шакир, жылына жок дегенде эки жолу Шаарканды кыздары менен конокко чакырчу. Бу жолу Мукамбетти да чакырган эле. Чай менен тамак ортосундагы кичине дем алыш учурунда Мукамбет менен Шааркан сүйлөшүп калат.

- Көптөн бери көрүнбөй калганыңыздан бир жакка кетип калдыбы деп да ойлогонмун – деди Мукамбет энтиккендей.

- Жок, көрүнбогөнүм, мурдагыдай ишемби сайын барбай калдым аякка, жылына бир жолу гана, ал дүйнодон кайткан күнү гана барып жүрөм, - деген Шааркан, ошондой сейрек каттап калгандыгы үчүн уялгандай секундага жер тиктеп, кайра башын көтөргөн.

- Сиз жагы эле апта сайын барып жүрөсүзбү?

- Жок, эки жылдан бери айына бир жолу барып калдым. Адам деген конот, турбайбы, Шакен, (бул атты жана олтурушта Шакир, анын аялы Гүлай бир нече ирет кайталашканда жаттап калган) баарына. Өзүнө да айтсам керек эле, ушул экөөнөн ажырап дүйнөгө устун болмок белем, жандарына келүүнү тилеп жүрөм деп. Чынын айтсам, азыр өлгүм келбей калды. Мен барып жатсам деле, бу жериң тойдум дегидей эмес, эч нерсе өзгөрчүдөй эмес. «Бечара, мунун да суусу түгонгон экен» – деп кейимиш болушуп, тууган-урук көөмп коё турган. Арадан эки-үч жыл өтпөй унутуп да калышат. Үч жылдан кийин гана түшүндүм, андагы айткандарым

көрсө, күйгондүктөн, кайгыргандыктан турбайбы. Мендейлер бу турмушта аз эмес экенин уктум, өз көзүм менен көрдүм. Боюма ошондон тартып, кайрат жыя баштадым. Кайгыңды болуштургонго караганда табалагандар көбүрөөк болот экен мындайда. Ушуга көзүм жеткенден тартып, ал кайгыны тирүүчүлүк менен, шаттык менен бастырып жиберүүнү чечтим, карындашым, кайгынын таман астында тепселбестен, үстүнөн жүрүүгө атайлап бел байладым. Азыр жаман эмесмин, өзүмдү сооротуп калгансыдым» – дген.

Ал эми коноктон кайтканда Мукамбет Шаарканды машинасына отургузуп, үйүнө чейин узатып койгон. Машина өзүнүкү экенин да ошондо айткан.

Шааркан бу жолу конокко озу жалгыз барган эле, анткени Гүлмира Москвадан келе элек болучу. Ал эми тогузунчу классты бүтүп жаткан Нурмирасы: «Апа, эми сени ээрчип конокко баруудан уялам» – деп барбай койгон.

Жолдо келатып Мукамбет андан муну сураган:

- Жолдошуңуз кайсы айда каза болду эле?
- 20-июнда.

Шааркан да ага бир суроо берген. Анысынан озү уялып кеткен. Бирок анын кызарып чыккан бетин жол таманына тигилип, рулда отурган Мукамбет көргөн эмес.

- Үй-бүлө күткөндүрсүз?

Мукамбет эмнегедир, бул суроого шар жооп бере албай мукактанган. Саамадан кийин гана.

- Жок – деп, анан акырын үшкүрүп койду. Мындан улам Шааркан ого бетер ынгайысызданып алган. Ошондонбу, машина ал жана арткы орунга отуруп жатып, айткан адрес боюнча беш кабат үйдүн тушуна келип токтогондо шаша эшикти ачып чыгып кетет да, эки-үч кадам баскандан кийин гана коштошпогону эсине түшүп, кайра келип, анын бул жоругуна тандангандай эшиктин туткасын кармаган бойдон тиктеп калган Мукамбетке башын ийилте ыракмат айтып жүрүп кеткен. Артына бир кылчайбай ылдам баскан аны жүз метрче арыдагы үйдүн мүйүшүнөн көрүнбөй калганга чейин тиги машинасын жүргүзбөй узатып карап турганын байкаган эмес.

Мына, ошондо Шааркандын көрүстөнгө качан келерин билип алган Мукамбет бүгүн атайлап келген эле. Кызмат күнү эмеспи, анын аякка кайсы саата барарын сурабаса да, кызматка жетип келгидей болуп барарын болжолдоп билген.

Мукамбет машинасына отуруп, ары жөнөгөндө Шааркан саатын карады эле, тогузга жыйырма беш мүнөт калган экен, «Ырас болбодубу, жөө акылдабастан, муну менен жетип алайын» – деди Шааран ичинен бул жолугушка сүйүнгөндөй жол четине бут коё берип.

Мукамбет көпкө кармалган жок. Өзү айткандай гүлүн коюп эле, тарткан көрүнөт.

Шааркандын тушуна машинасынын тумшугу жетип-жетпей токтоду да, Мукамбет чапчандык менен түшө калып, өзүнүн катарындагы орундун эшигин ачып, экинчи колу менен тигинин кирип отурушун өтүндү.

Шааркан: «Ракмат, мен бул жагына эле отурайын, - деди да, арткы эшиктин туткасын кармады.

Мукамбет менен Шааркандын жүзү алдыңкы айнектин орто ченине орнотулган кичине сүйрү күзгүдөн эки-үч курдай кездешип калды. Шааркан ар жолу андан жалт берип башын ала качып жатты.

Анын татынакай ууртунда мындан болор-болбос жылмаю пайда боло берди.

Университеттин мандайындагы аянтчанын четине жакындашканда Шааркан: - «Ушерге токтотуңуз» - деди, эки алаканын алдыңкы отургучтун кырына коё бүт тулкусу менен алдыга жүткүнө берип.

- Мына, иштеген жериңизди да көрүп алдым, өзүңүз айтпасаңыз да. Эми адресиңиз мага толук маалым болду — деп жылмайды Мукамбет Шаарканга мээримдүү тиктеп.

- Ооба, иштеген жерим ушер — деди Шааркан тигинин көмөкөйүнө капталып бери чыкпай өксүп калган сөздү жүрөгү менен тымызын сезгендей оң колунун эткел манчалары менен машинадан эңкейип чыга бергенде желкесине түйүлгон али кара чачынан чыгып кеткен эки-үч талын кулак астына кыстара берип.

Шааркандын жүрөгүнө барып ийне учундай тийген бир сезимден тулку боюна ысык тарап, бети тамылжый түштү. Аны байкатпайын дедиби, Мукамбетке ыракмат айтты да шарт жүрүп кетти.

Оор күрөң каалганын туткасына колу тийгенде ал артына бир кылчайды эле Мукамбет али да машинасынын жанында аны ээрчип карап турган экен. Шааркан жылмайган бойдон ичкериге кирип кетти. Бүткөн боюн аралап жөнөгөн бейтаанаыш сезимден ал уялып да, чочуп да экинчи кабатка алып чыкчу кенен тепкичтердин биринчисине бут койду.

Шааркан үйүнө түшкү тамакка келгенде таягын ток эттире алдыңкы тепкичке мурун коюп, анан бутун ага араң жылдыра жерге түшүп келаткан Бегайым кемпир алдынан чыкты.

Оң колу менен ал ийри-буйру болуп бешинчи этаждан түшүп келген жыгач кармоочтон бекем кармаган калыбында эңкейген белин бир аз туздой калып, үшкүрө токтоду. Саламдашкандан соң тааныбай жаткансып ал Шааркандын жузүнө бир топко карап турду да, анан минтти: «Турмуш — деген ушул, кызым. Бир күн ыйлатса, бир күн күлдүрөт. Кебете-кепшириң жадырап деги эле сонун. Ылайым эле дайыма ушинтип жүр, кызым! — деп алкады да так эттирип, таягын төмөнкү тепкичке коё берди.

ЧАГЫЛГАН

Июнь айынан ачык түнү. Даректар да, талаа да жашыл. Ушул кезде түркүн куштардын тили да чебер кол тийген комуз кылындай кайрыктары ар кыл, жүрөккө жагымдуу...

Мындай түнду түрө тиктеп, жолго чыккан адамдын ички дүйнөсү канчалык дүлөй болбосун, теребелине жакшылап назар таштаса, кулак тошоп укса, көөдөнү шаттыкка мелт-калт толуп чыгары шексиз. Жашоо кумары, өмүрдүн кымбаттыгы жаратылыштын ушундай чырайлуу учурларынан артат көрүнбөйбү. Тазарасың да каласың... Жүрөгүң жумшарып, пейлиң кеңейип, мээримдүү тартып, жаман ойлорунду жакшы ойлоруң тебелеп-тепсеп, башыңан, көөдөнүңөн айдап таштайт. Дүйно, турмуш деген так ушул июнь түнүнө - ай жарыгына малынып, жылдыздар көркүнө оролуп, жашыл көрктү жамынып турган түнүнө окшогон сулуулуктан гана тургансып кетет... Ошондой туюлуп, ошондой сезилет.

Ат үстүндөгү Тазабек ансыз деле эң жогорку топчусу чыгарылган ак көйнөгүнүн төмөнкү эки топчусун дагы чыгарып таштады. Жыпар аралаш жорткон түндүн жумшак жели баягыдан коюн-колтугуна чейин аралап жоноду белем, ого бетер сергилең тартты... Астындагы бышты да ээсинин көөдөн толо шаттыгын сезгендей, жай бирок сергек келатты...

Жол таманында шайынын гүлүндөй бир жери кара, бир жери агыш түстор жатат... Бул анын эки тарабындагы теректер менен акациянын көлөкөсү... Бул дагы өзүнчө кооздук... Бойчон теректин бариктери жаш баланын ооз желине кабылгандай акырын-акырын дирилдешет. Чоргосунан туптунук муздак суу агып, оюлуп кетпесин үчүн атайын жасалган цементке урунганда миң чачырандыга быркыраган кубурдун тушуна жеткенде Тазабек алыстан добуш тыңшагандай атынын тизгинин тарта берди. Эмнегедир азыр үй козүнөн учуп турду анын. Адылы уктай элегинде жетип барып, аны адатынча көкүрөгүнө мингизе эркелеткиси келип кетти. А түгүл, уулунун бытыйган муштуму менен көкүрөгүн ургулап, «чүчү» дегенине чейин кулагына угулуп, ошондон улам жылмая берди...

Жары Сабира да анын келер жолун акмалап, Адылын мойнуна отургузган бойдон анын кабат-кабат семиз балтырларынан кармай эшик алдында тургансыды... Тазабек атын теминди. Ал эжесиникинен келатат.

Эжеси жашоочу айыл өздөрүнүнкүнөн алты-жети чакырым гана алыс. Биринин оту экинчисине түн койнунан даана көрүнүп турат. Тазабек эки айылды ортолой берген кезде оз айылы жактан машинанын жарыгы көрүндү. Анын жүрөгү болк этти. Мунун себеби бар. Эки-үч күндөн бери булардын эшик алдынан каршы-терши машиналар каттачу. Алар шагыл ташып жаткан. Кыштактын дагы бир көчөсү асфальтталмак. Жумушка чыкпай бүгүн үйүн-

дө калган аялына зынарлаган: «Этиет боло көр, көчөгө чыгып кетип жүрбөсүн Адыл» – деп жаңы жолго кирген уулунан чочулаган эле.

Тиги жарыктан улам, кылт этип башына бир жаман ой келе калды да, денеси үркүп кетти, ичиркенип алды. Сабирасы көз жашын көл кылып, машина алдынан сууруп алган баласын эки билегине сулк жаттырган бойдон эшик алдында аны күтүп тургандай элестеп, тула бою дүркүрөп, чачы тик туруп кетти. Тык токтоду... Анғыча жанагы жарык жакындап келип калды. Добушунан анын жеңил машина экенин тааныды. Тазабек эмнегедир ыйлап басылган наристедей улутунуп алды. Ал тигине жол бошотуп, жолдун экинчи жагына атынын башын бура тарканда, кыйч эте артына бир очоролуп, анан түздөлө берип машина да кашына келип токтоду. Анын алдыңкы эшиги ачылып, андан тааныш добуш угулду.

- Жездемсизби?

Тазабектин жүрөгү оозуна каптала түштү.

- Садыксыңбы?... - Үнүнөн тааныды.
- Биз сизди издеп жүрөбүз.
- Эми Тазабектин эси оой түштү.

«Демек жүрөгүм сезген тура... жамандыкты... Адылым...»

- Эмнеге издейсиңер?...

Тазабектин үнү каргылданып араң чыкты.

- Демек, зарыл иш бар да.

Садык жол четиндеги арыктан аттап, ага жакындады.

- Айтпайсыңбы, кандай зарыл иш чыгып калды?...

Бирөө муунта баштагансып, Тазабектин үнү араң угулду.

- Аттан түшүп машинага отурунуз, анан айтам кандай жумуш экенин.
- Ой, бай болгур, айтчы тезирээк, деги тынччылыкпы?
- Тынччылык болбогондо, жоо келди дейсизби, тынччылык эле.
- Оо, акмак десе, анан бая эле ошентпейсиңби, жаным оозума капталып калбадыбы.
- Жаныңыз мынча ширин болуп кеткен жездеси?
- Балалуу болгондо көром сени да.

Муну айтып, эмнегедир, Тазабек аттан түштү. Берки ага чукулдап барып калган эле.

- Кана, машинага түшүңүз, - деди учурашууга суна берген Тазабектин колун кармаган бойдон Садык.
- Каякка барабыз?
- Сизди корго алып бармак белем, жыргай турган жерге алып барам да, жүрө бербейсизби. Мейманга барабыз.
- Жети түндө эмненин мейманы, койсоңчу тамашанды.
- Ишениңиз, ал сойгон койдун эти быша элек. Кадыр-баркыңыздын артканын ушундан биле бериңиз, сизди кечке чейин

күттүк, анан келбегениңизден издеп чыкканбыз Куурма жасатып, алдынан бир аз ооз тийдик да, сизди издеп жөнөдүк. Чынын айтайын, азыраак ичип да койдук.

Садык эми мынк этип кытмыр күлдү.

Садык жащы жагынан Тазабектен эки жашка гана кичүү. Анын Тазабекке эч кандай жакындагы жок. Жезде деп жаткан себеби, Тазабектин аялы ошолордун уругунан.

Садыктын кызуу экенин Тазабек эми гана байкады. Жана баласы тууралуу ойлоп кетип, азыр колунан бекем кармап турган неменин ким экенине коңүл бурбаган. Кайрадан тулку бою чыйрыгып чыкты. Мурдагы күнкү чогулуш эсине түштү.

- Кимдикине барабыз?
- Биздикине. Мен чакыргам конокко. Буйрук экен, чоңубуз болдуңуз. Бухгалтырдан чоң жок райподо. Ошол чоңдугуңузду, уйүмүн төрүнө отургузуп, дагы бир жолу куттуктап коёюн дегеним. Кана, кеттик машинага.
- Адегенде үйүмө барып аялыма айтып коюшум керек. Атын ээсине тапшырышым керек. Жоо эле барам сеникине, жакын эмеспи.
- Атайын кадырлап машина алып келсек, жоо барамын дегениң кандай? Айда, кеттик.

Тазабектин колунан тартып, арыга бурулду. Тазабек тигинин бул жоругуна жини келди да, колун катуу тартып алды.

- Мен эч жакка барбайм, беймаалда үйгө кетем.
- Үйгө дейсиңби?

Тигинин «сизден» «сенге» өткөнүн эми гана байкады Тазабек.

- Ооба, үйгө кетем.
- Элдин үйү жоктугунан ушинтип жүрөт дейсиңби?
- Аны билбейм. Башка менен ишим жок.
- Качантан бери башка менен жумушуң жок болуп калды? Бардыгы үчүн жооп берем деген экенсиң го? Эми башкаларды унутуп каласыңбы?

Тазабек атына бурула бергенде тиги аны эки каруудан шап кармап, токтотуп калды. Ушул минутада машинанын арткы эшиги шарт ачылып, дагы бироо чыкты. Бул Карагул эле...

Тазабек канчалык албууттанып аракеттенсе да, эки кишини колунан бошонуп кете албады. Машинага сүйроп жеткиришти. Ачык эшиктин асты жагын эки буттан чирене тепкенде, бир колу чыгып кетти. Ошонусу менен Карагул тарапка бир шилтөөгө араң жарады. Кармашуу... Башына муздак катуу нерсе тийип, ал эстен тана түштү. Анан ичине бир нерсе салынган каптай сүйрөлүп, машинанын ичине кирип, арткы орунга коморосүнөн жатып берди.

Садык машинанын ручкасы менен урган эле. Антпесе, Тазабек катуу каршылык көрсөтмөк, же чуу салып, башкаларды жардамга чакырмак. Айыл алыс эмес эле да.

Тазабек Фрунзедеги финансы-кредит техникумун бүткөндөн кийин райондук финансы бөлүмүндө иштейт. А дегенде бухгалтердин жардамчысы, эки жылдан кийин бухгалтер болуп иштеп келаткан. Сырттан окуп жүрүп, мындан төрт жыл мурда университеттин экономикалык факультетин бүтүп алат.

Быйылкы жылдын башында финансылык-чарбалык законду одого түрдө бузушкандыгы үчүн райпонун башкы бухгалтери, председатели, дагы эки-үч киши кызматынан бошотулуп, жоопко тартылат. Ошол уюмду жаңы кадрлар менен чындоо үчүн партиянын райондук комитети кандидатуралар издеп калганда, башкы бухгалтердин кызматына ушул Тазабекти ылайык табышкан.

Карагул, Садыктар менен айылдаш экендигине карабастан, башынан алардын жүрүш-турушун жактырбаган, ошондонбу, алар менен эч кандай байланышы, көрүнгөндө гана баш ийкеше саламдашкандан башка мамилеси да жок эле.

Алар деле Тазабек менен бирге иштейбиз деп эч качан ойлошпогон. Ошентип, алар да бул туралуу аз билишчу. Мүнөздөрүндөгу айырмачылыктар ушул жерден ачыкка чыкты.

Тазабектин бул жерге кызматка келишине экөө тең а дегенде ишенбегендей мамиле кылышты. Бир топ күнгө чейин анын алдына атайлап киришкен да жок. Ал эми эки айга жетпей Карагул жапакечтигин карматып, асты-үстүнө үйрүлүп түшүп жатып, Тазабекти конокко чакырууга жетишти. Ошондо анын адамгерчилигине Тазабек аялы экөө тең ыраазы болуп кайтышкан. Алар менен аерде Садык да болду. «Кийинки коноктоо кезек биздики. Кудайга миң мертебе шүгүр, эми дагы кайдан-жайдан биз тааныбаган бирөө келер экен» — деп Карагул экөөбүз сар-санаа боло баштадык эле, озубүздөн чыгып, төбөбүз көккө тийип кубанбадыкпы. Бир жердик, тууган-урук дегендей, эми уятка калбагандай иштоого аракеттенебиз. Тазан. Аягынан кам санабай эле кой, - деп ошондо биринчи акыл-кеңеш айткан ушул Садык.

Анан Тазабектер орундарынан туруп жөнөй бергенде мурдараак аркы бөлмөгө чыгып кеткен Карагулдун арык аялы колуна жалтырак калтага салынган эки көйнөк көтөрүп кирет. Бири — Тазабекке, экинчиси — Сабирага.

Тазабек аларды албоого канчалык аракеттенсе да, «куттуу үйдөн куру чыккан уят» - дешип беркилер аялдары менен кошо жабалакташып, акыры алдырышат.

Мындан он беш күн өтпөй Садыктыкында конокто болушат. Олтуруштун акырында биерден да алдын-ала беленделген белек менен узатышат. Биерде да кыйыктанган Тазабекке: «Бизге Карагулдан да жакынсыңар. Сабира — карындаш, демек, сиз- жезде. Албасаңар, өзүңөр билгиле» — деп таарынымыш эткен Садык колундагы буюмун кармаган бойдон тескери басып кеткенде, Сабира Тазабекти капталга нукуп: «Кой, алалы», - дегендей ишарат кылган. Ошентип, булардыкынан да эрди-катын ыраазы болуп

кайтышкан. А түгүл Сабира жолдо келатып, тигилердин үй ичиндеги жасалгасына суктанып алган. «Килемдерди кайдан алышты экен»? – деген бардык буюмдардан көзгө токтомдуусун мурдараак атап.

- Соодада иштеп жүрүшөт, алмаларын бир жакка алып барып сатып жүрүшөт экен, ошояктан табышкан го, - деп Тазабек аялынын бул сөзүнө анчалык маани бербеген.

- Эми мындан ары мындай буюмдар бизде да болот турбайбы, сен соодада иштеп калбадыңбы? – деп күлдү Сабира, анан кантер экен дегенсип, он үч жылдык чогуу өткөргөн өмүрүндө мүнөзүн билип алган күйөөсүнө ай жарыгында жылмая карап.

- Жок, Сабирам, андай нерсе менин оюмда жок. Буюм алганы келгеним жок, райпого, жаман ишти жакшыртканы гана келдим. Байкасам, билсем, өзүм гана эмес, башкаларга да антип кызмат абалынан пайдаланууга мүмкүмдүк бербеймин. Мени райпого жиберип жаткандагы райкомдун талабы, эскерткени ошондой. Демек, эми байып кетет экенбиз. Үйүбүздү жасайт экенбиз – деп кубанбагын, жарым, - деп келинчегин алибеттүү колу менен оң ийинден ала өзүнө тартып койгон. – Сенин апаң сайып берген эки туш кийиз менин көзүмө ар кандай килемден жакшы да, кооз да көрүнөт. Жетишет экөөбүзгө ошол. Адылыбыз үйлөнгөндө гана ошого атап бир килем сатып алышыбыз мүмкүн, - деп күлгөн.

Эч качан мындай ызат-урматты ал экөөнүн күтпөгөн Тазабек чындыгында эле тигилердин адамгерчилигине, кичипейил мамилелерине ыраазы болуп калган. Ошол убакка чейин алар тууралу элден угуп жүргөн ар кандай терс пикирлерди натуура пикир, булардын турмушка жөндөмдүүлүгүн, эпчилдиктерин көрө албагандыктан гана таралган пикир катарында эсептеп калган. Ал чоочулагандай эч кимиси андан кызмат боюнча эч кандай жардам сурашкан жок. Тамак-ашын, белектерин берип гана узатып коюшту. Анын эмнеси бар экен. Мурда эстерине албаганы – катышуу үчүн эч кандай себеп жок эле. Эми бир мекемеде иштеп калышпадыбы. Бирин-бири чакырып сыйлоо мындайда салттагы иш да. Анын үстүнө үчөө бир айылдык.

Ошентип Тазабектин тиги экөө үчүн муздап жүргөн жүрөгүнүн бир чети жанагыдай мамиледен улам ысып калат.

Фрунзеге Карагул менен Садык окууга барган кезде Тазабек техникумдун үчүнчү курсунда окуп жүргөн эле. Аларда эки-үч күрдай көчөдөн кызуу кезинде көрүп кыйгач өтүп кеткени эсинде. Жетим өскөн Тазабек, эмнегедир андай сайрандап жүргөндөрдү, ото жасанып кийингендерди көргөндө ичиркенип, жүдөп кетчү. Андайлардан ар убак алыс жүрүүгө тырышчу. Аны багып чоңойткон абасынын айында жиберген он-он беш сом акчасына стипендиясын кошуп, ар бир сомун эсептеп чыгымдап көнгөн Тазабек тигилерге такыр жолукпай койгон. Алардын турмуш-тиричилик жагынан артыкчылыгын айлынан эле билчү да. Ал эми ошондой

чектен тышкары ичип-жеп жүрүүнүн натыйжасында тиги экөө эки жылга жетпей окууну таштап кеткенин укканда биротоло жек көрүп калган. Буйрук деген ушул тура, даамдаш гана эмес, бир мекемеде чогуу иштешип калды. Жогоркудай мамиледен кийин ошондой кишилерге жакындашканы үчүн тымызын кубанып калган эле.

Мына ушундай жакындашуудан кийин жарым жылга жетпей Тазабекке Карагулдун былык иштери жонүндө кабар жетет. Райпонун жаңы жетекчилери тымызын текшерүү ишин жүргүзүп жаткандыгын өзүнө жакын кишилерден кулагы чалган Карагул а дегенде жакынсынып мурдагы күнү жумуштан соң автобуста айылга чейин бирге келишкен Тазабектин артынан ээрчип үйүнө чейин барат. Тазабек үйүнө чукул калганда гана ал: «Тазан, беш мүнөт токтой турсаң» – деп кежигесин кашына бирпаска тил катпай калат. Анан өзүнө шектенгендей тигилип тиктеп турган Тазабектин көз карашынан жалтана муну айтат: «Менден анчамынча иттик кетип жүргонү ырас. Уктум силерге менин үстүмөн арыз түшкөнүн. Тымызын текшерип жатыпсыңар, аны да билдим. Албетте, издеген кишиге табылат. Соода дегенде ансыз болбойт экен, Тазан. Мына өзүң иштеп калдың, түшүнөсүң мына бул айтканымы кийин. Мурда импортный анча-мынча нерселерди налево кылганыбыз ырас. Бир мен гана эмес, чоңдорубуздун буйругу боюнча иштегенбиз. Ал үчүн алар жазаланып кетти. Анан сага эркелеп кеттимби, жакында мотоцикл сатканым да ырас жолдон. Бир айча болду. Ошонун миң сомун алигиче чөнтөгүмө катып жүрөм, сага берүүгө батына албай. Акча баарына керек нерсе экен. Силерге деле керек. Элдин бардыгы үйлөрүн жаңыртып алышты. Сен болсо, алиге чейин атаңан калган эски тамда отурасың. Канча жылдан бери кудай шүгүр райондогу акчалардын кожоюну болуп жүрдүң. Эми болсо район боюнча баалуу буюмдардын кожоюнусуң. Атың бар, башкача айтканда. Ошого жараша үйөрозгор күтүшүң керек. Азыркы үйлөрдү, анын ичиндеги жасалгаларды көрүп жүрөсүң го. Ошолордон калышпооң керек. Бу дүйнодо дагы канча жашайбыз, эч ким билбейт. Качанга чейин бирге иштейбиз, а да белгисиз. Демек тагдыр экен, чогуу иштешип калдык. Колундан келген жакшылыкты аябасаң, дүнүйө табыш жагын мага коё бер. Азырынча муну ала тур, кийинкиси дагы бар» – деп алдын ала кечээтен бери газетага ороп, чөнтөгүнө ката жүргөн оңчой элүү сомдуктарды Тазабектин колуна кармата койгондо тикенек тийгендей ал колун тартып алды да, анан анысын ойдо которо артына кетенчиктеп кетти. «Мен байыш үчүн барганы жок райпого, партия жибергенинен бардым. Сен айткандын баарысы он уктасам түшүмө кирбеген жат нерселер. Антип мени жийиркентпегин, Карагул. Менин байлыгым элдин ишеничи, партиянын ишеничи. Андан ажыраган күнү менин жашоом токтогону. Түшүндүңбү? Биз эч кимдин жардамына муктаж эмеспиз. Саби-

ра экөөбүздүн тапканыбыз айына үч жүз сомго жакын. Аны билесиң, мугалим. Мындан артык дүнүйө тууралуу ойлогонубуз да жок. Башканын бир сомунан да пайдаланып көргон жан эмеспиз. Пайдалангыбыз да келбейт. Экинчи минтип, менин жаныма акча кармап келчү болбогонун. Бүгүнкү акмакчылыгыңы эч кимге айтпайын. Менин сага жердештик, жолдоштук жардамым ушул болсун. Эгер алар аныкталып калса, кантериңи билбейм. Анда мурдагы чондоруңан кантип болүнүп чыгып кеткениң түшүнүксүз. Иши кылып текшерүү тымызын жүрүп жатат. Чынын айтсам, анын башталганына анча болуп калды. Жыйынтыгын жакында угасың го» – деп Тазабек шарт бурулду да, короосуна кирери менен эшигин жаап, илгичин илип койду.

Тазабектин бул мамилесине ачуусу келген Карагул андан түз эле Садык досунукуна барат. Анда түн жарымына чейин арак ичишип, Тазабекке тиштерин кайрайт. Биз муну туугансып, жердешсип боорубузга тартканыбыз менен эл болбойт окшойт. Кайра боорго тээп атпайбы. Ишти козгогон, бирөөлөрдөн алдыртан сурамжылай жүргөн ушунун өзү көрүнөт. Экөөбүздөн кетти акмакчылык. Мындай томаякты куттуу үйүбүздүн төрүнө эмне үчүн отургуздук? Эмне үчүн дүнүйөбүздү ага көрсөттүк? Көралбастык, ичи тардык кылып жатса керек да. Биздегинин жүздөн бири жок ал томаяктын үйүндө. Мындай ырк бузарда эч качан болбойт да. Кап. Мейли, эми ушундан келгенди көрдүк. Бизди күткүлөгөн ушул экени чын болуп чыкса, анда балалык кездеги адатты кармата коёбуз да. Кандай дейсиң, Саша? – деп Карагул мастыгы менен тигинин далысынан мыкчый кармай бергенде, ал так ошол балалык кезиндегидей такалбай жооп берет.

- Сөзсүз. Биз эмнеден коркобуз. Ал корксун бизден.

* * *

Капталында таксинин чатыраш белгиси бар боз «Волга» жүгүнүн оордугунан араң козголду да, чукул бурулуп жолсуз талаа менен жүрүп кетти. Подфарниктердин алсыз жарыгы чаңга оронгон жашыл чөп баштарын сылап-сыйпап баратты...

Ай болсо, адатынча булуттан жасалган көшөгөгө бирде жүзүн жашыра калып, бирде кайра суурулуп чыга келип, жаш жары менен ойногон жаш келинче өз калыбында, өз жолунда.

Элдин алды уйкуга кеткен маал. Июндун магдыраган бул жумшак түнүнө жана ага маашырланып, ыракаттанып, тезирээк үйгө жетип баласын эркелетүүнү, жарынын тамашасына кабылууну дегдеп бараткан Тазабек эми эки кишинин астында ажал менен алпурушууда...

Кыштакты артка калтырышкандан кийин машина дагы башка жакка бурулду. «Быякка бур, катуу айда» – деген буйрукту берип келаткан Карагул.

Машина бир убакта төш таянды. Эми ал шарп болгон уйдай араң жылып калды. Мотордун күрүлдөгөнү катуулап кеткенине чочудубу, Карагул: «Токтот!» - деди, катуу кыйкырып.

Баятан бери көк бетинде бөлөк-салак удургуган кара булуттар туташып кетип, эми караңгылыкты коюлантып таштады. Он ч акырымча нарыда калган кыштак ичиндеги көчө бойлото илинген электр шамдары кыдырата коюлган ак чекиттердей биерге араң көрүнүп турду...

Үчөөлөп Тазабекти араң сүйрөп чыгышты. Узун бойлуу, нары алибеттүү немени шофердун жардамысыз чыгара алышмак эмес экен. Жерге таштаганда а дегенде шылк этип башы тийди. Бир буту машинанын эшик кырында жатты дагы эле.

Тирүү болсо жок дегенде бутун серппес беле. Бүтсо керек кайран жигит. «Өлүп калган го ак жүрөгүбүз» - деди мойну коркойгон узун Садык. Анын бул үнүнөн эми баарына бел байлагандык сезилип турду. Өлүмдү мойнуна алган адам гана мындай кылмыштуу иштен кийин ушинтип жай, ары ишенимдүү унчугушу мүмкүн. Булар үчүн чындыгында эле баары бир. Өлүмгө өлүм менен жооп берүүнү мойнуна алып туруп, ошого барса керек да. Тиги теренде учур, ыңгайлуу шарт күтүп жаткан ар бир адамда жаратылышынан канында жүрчү жырткычтыгы, мыкаачылыгы, кара мүртөздүгү, таш бобордугу үстөмдүк кылган кезде гана адамдын колу азыркыдай эң жогорку кылмышка көтөрүлөт окшобойбу.

Ошентип бул экөө Тазабектин көзүн кандай болбосун тазалоо керек деген бүтүмгө келип, арак ичишип, акырында нан кармашып, куранды ортого сала орундарынан турушкандан бери өч алуу максатынан чыккан жек көрүүчүлүк сезими жетелеп, ар кандай кылмышты, ошонун ичинде өлтүрүүгө чейинки кылмышты моюндарына ала аттанышкан. Келечек, бала-бакыранын тагдыры, өздөрүнүн башына түшчү күндөр жөнүндө такыр ойлошкон эмес. Тулку бойлорун көр намыс бийлеп алган эле.

- Болор иш болду. Эми кеңешип алалы жакшылап, - деди Садык. Анан ойлонгондой чекесин кармаган бойдон артына бурулуп, эки кадам нарыга бут койду да, кайра токтоду. — Бул ишибизге күбө жалгыз түн, - деди төбөсүн тиктеп. Ушул тапта жаратан бери ыйлап жиберчү адамдай түнөрүп араң турган асмандын так бул тиктей берген тушунан түрк кылычындай иймейген ак шоола жарк этти да, карс-курс деген айбаттуу добуш кошо чыкты. Тер, чаң аралашып тигинин бети жер казган чочконукундай балит экени ушул секундга созулган жарыктан бир көрүнүп, жок болду. Көздөрү да кутурган иттикиндей кызыл эле. Түн жамына артынан жете келген куугунчу так мандайынан кылыч котөргөндой, алиги жарыктан жана ага удаа чыккан добуштан улам, колу менен бетин далдалай тиги отура калды. Адам өлтүрүүгө бел байлап чыккан «Энеден бир туулдук, бир өлдүк» — деген ант сөздү ичинен нечен кайталаган, анысын ишке ашырып эрдемсинип турган ал,

эми көк бетинен дүрт эткен чагылгандын жарыгынан коркуп жалтанып кетип, бетин баса отура калгандыгы үчүн уялып ордунан дароо тура келди. Бирок алиги чагылгандын дүңгүрөтө чуу салып өтүшү анын бут астында тепселип калган кейпин кайра кийгизди белем, безгектей калтырап-титиреп кетти... Анар эр кишинин колунан келчү ишти аткаргандыгы, антташканы эсине түшө калдыбы, айтор бериге бурулуп дагы үч-төрт кадам шилтеди да, жанагыдан пас добуш менен муну булдуруктады!» Баары бир таба алышпайт. Баягыны иштейбиз да?

- Ооба. Ошентебиз.
- Аныңар кандай эле?

Бул шофердун берген суроосу. Колу-буту тийбегени менен Тазабектин өлүмүнө өзү да себепкер экенин, тигинин өлгөнүнө көзү жеткенден бери, жаагынан түгү чыга коркуп турган неме эми берки экөөң тиктеп жалдырады.

- Баса, сен билбейсиң да биздин алдын ала даярдаган планды. Муну биз өлтүргөнүбүз жок, аты сүйрөп өлтүрдү.-Түшүндүңбү?

Шофер башын көтөргөн жок. Демек түшүнбөдү булардын сөзүнө.

- Мас неме атты чапкан, анан жыгылган, үзөңгүгө буту түшүп калып, сүйрөлгөн.
- Түшүндүңбү эми?

Шофер ого бетер дулдуйду.

- Ошондуктан азыр мунун атын алып келебиз биерге.

Үзөнгүгө бутун салабыз да, ээр-токулгасын капталына оодуруп туруп, айдап жиберебиз. Эми түшүнгөндүрсүң?

Шоферго булардын мыкаачылык планы жетип турса да, башын көтөрүп унчуккан жок. Нарыга басып кетти.

- Жанагы ручка тийген баш, ташка тийген баш болуп чыга келет. А жагынан кам санаба, - деди али да мастыгы тарабаган Карагул.
- Андан көрө иче турганыңан калды бекен машинада? Калмакты артынан тиктеди.

Ушул кезде көк бетинен төмөнгө самсаалаган кара булутту ак жарык дагы бир жолу чарт кесип таштады да, ааламды бүт титирете күн күркүродү... Ошол замат бул үчөөнүн шойкондуу создорүнө кулак түргөнсүп, нары капталда түмшугу өйдө караган боз машинанын үстү эшиктин бирөө черткилегендей тырс-тырс этти. Жамгыр жаап келди...

Шофер алып берген шишени берки экоо стаканга куйбастан, оозунан эле кулкулдата заматт ичип коюшту, анан билектери менен эриндерин сүртүшө, машинага кайрадан отурушту. Машина жанагы изи менен эми артына жөнөдү. Анын подфарниктери гана жанып баратты.

Бая Тазабекти боктөргөн жерге жеткенде үчөө тең машинадан түшүштү. Жол четиндеги тизеге чаап, жамгырга шөмтүрөгөн

экинчи орум бедени аралап бир аз басышкандан кийин биринебири шыбырап токтоп калышты. Анан үчөө үч жакты көздөй кетишти. Атты издеп жүрүшөт алар. Болжогон жерден ат көрүнбөду. Бедедён алыс кетпейт деп ойлошкон.

Чуу салып, башкаларга билдирип коёт деген ой менен машинадагы ручканы ала коюп, Карагул башка чапканда бир кыйкырганга араң жараган ээсинин коркунучтуу добушунан жалт бере үркүп, укуруктай мойнун көтөрө жерге сүйрөлгөн чылбырын баспоого тырышып, бир жагына ыктай текирең салып жөнөгөн карагер бул кезде айылдын экинчи тарабындагы бедени аралап жүргөн. Тигилер Тазабек менен алек болушуп, анын качканын байкабай калган. «Кап, бирөөбүз минип, машинанын артынан чаба бергенде туура болмок экен».

Канчалык эрдемсинишкени менен шашып, апкаарып калышканын Карагул бедени аралап баратып биринчи ойлоду.

Баягыдан да катуулап жааган жамгырдан шөмтүрөгөн үчөө жарым саатка жетпей кайра жолугушту. Машинага кайра отурушту. Арактары да түгөнгөн эле. Антташып алганга чейин тоё ичишкенден калган бир жарым шишени Карагулдун буйругу боюнча шофер машинасына салып койгон. Акыркысын жана ичишпебиди. Үчөө тең өз орундарына отургандан кийин эмнегедир, удаа үшкүрүп жибериштн. Өтмө катар өткөн жамгыр ичимдиктин заарын соруп алган белем, же алдын-ала түзгөн пландары ушул жерден бузулганы жатканын сезишкендиктенби, айтор жели чыккан чаначтай шылпыя беришти.

- Эми эмне кылабыз? – деди Карагул артына мойнун бура берип. Сары чынжыры саландаган ачкычты кармалап машинаны жүргүзүүгө даяр турган шофердун башы да шылкыя үн-сөзсүз. Ичкилик ичпеген анын көзү бул иштин аягы эмне менен буторуно жетип, ындыны өчкөн. Айласы канча. Карагулдан карыш алыстасынчы, эмнени көрөр экен. Ал өл деген жерде өлүп, тирил деген жерде тирилүүгө тийиш. Аны эрезеге жеткирген ушул Карагул. Ата-энеси жашында өлгөн. Алардын өңү түсүн деле билбейт. Демек Карагул ата да, эне да. Жашынан кынк эттирбей башкарып келаткан Карагул эмне десе аткарып конгон неме эми ошонун тилинен чыга албай, адам өлтүрүүгө да катышып отурат.

Жана чагылган биринчи жолу жарк эткенде: «Эмне иштеп жатасыңар, каракчылар?!» – деп бирөө так бешенесинен кылыч көтөргөндөй селт этип, анан калтырай баштаган Калмактын ошол калтыраганы али басыла элек, убакыт откон сайын анысы басайбастан, кайра артып баратат. Кээде туруп, башын мыкчыган бойдон машинадан чыга кыйкырып, бет келген жакка чуркагысы: «Адам туруп, адамды өлтүрүштү! Кармагыла, мыкаачыларды! Мына, мен көрсөтөм, мен таап берем аларды!» - деп жөнөгүсү келет. Ушулардын кылмышын гана жаап-жашырыш үчүн түнөргөн буркөө асманды жаңырта кыйкырып, уйкудагы элди, бүтүндөй

кыштакты түп көтөрө дүрбөлөң салгысы келип кетет... Бир туруп, машинына жүргүзгөндөн кийин шарт бурулуп, милицияны көздөй чаап: «Мына, эми кандай жазага тартсаңар, өзүңөр билгиле! Өзүм келдим. Буларды кошо алып келдим. Адам өлтүрүштү булар. Мен да катыштым. Коркконуман, агамы сыйлаганыман, ага каяша айталбаганыман катыштым. Эми билгениңердей жазалай бергиле» - дегиси келип кетет...

Тигилер машинанын рулуна асылышары ыктымал. Анда машина жарга, же даракка, а балким тамга урат. Үчөө тең өлөт. Өлүшсө, эмне болмок эле? Тазабекти үчөөлөп өлтүрүштү го. Андан эмне өзгөрдү? Ошол жер.. Ошол асман... Ошол эле адамдар азыр уйкунун кучагында бул жакта болуп жаткан шойкон менен сокур тыйынчалык жумушу жоктой көшүлүүдө. Ошол тоолор... Ошол эле эгиндер. Ошол эле мал. Кыскасы, эч нерсе кемибеген, эч нерсе бөксөрбөгөн. Баягы эле тиричилик, өз нугунда, оз калыбында коробой тургансыйт...

Калмактын бүт денесин калтырак басты. Кар үстүндө отургандай муздап, жаагынан түк чыгып, булчуң эттери кыймылга келди. Тулку боюна ушул убакка чейин сезбеген алда кандай күч-кайрат агылып кирип жаткансыды. Ачкычты ойногонгун токтотту. Каардана, баштады. Кимге?... Өзү да билбейт. Тазабектин акыркы созү угулду кулагына: «Жедиң! Адам жок беле?! Адам жок беле?...

Эсине келгендеги, чыкый тушуна ручка менен урулгандан кийин, адам эмес, ичине эгин салынган каптай, анын сулк жатып калган денесин машинанын арткы диванына сүйрөп киришип, буттарын бүгүлө үстүнө экөө минип отургандан кийинки биринчи минуталарда айткан ушул сөздөрү азыр мунун кулагына угулду: «Адам жок беле?...» Арачалар адам жок беле дегени го? Адилеттик кылар адам жок беле?» деген го? Жансоогалаганы го? Эмне үчүн анын кыйкырыгына, өлүм алдындагы кыйкырыгына адамча жооп бере албадым? Эмне үчүн?...

Калмактын башы шарт көтөрүлүп, көздөрү чакчайып чыкты. Бет алдын тиктеди. Чылк караңкылык. Машинасынын маңдайкы айнегинен жамгыр суусу көз жашындай төмөн карай жылжып жатты. Ушул көрүнүш ага эмнегедир Тазабектин аялынын, баласынын коз жашын, күнөөсүз төгүлгөн көз жашын элестетип жиберди... Өпко-боору шишип бараткансыды. Алкымын жаш буюй баштады... Айнектен төмөн агылып жаткан жамгыр суусун тиктегенден талган көздөрүн жума бергенде чынында эле эки чоң тамчы жаш киндик тушунда түйүлүп турган эки муштумуна барып тамды. Калмак сол колу менен эшикти шарт ачты да, караңгылыктын кучагына сиңип жок болду... Карагулдар тигинин чыгып кеткенин көрүп турса да унчугушпады. Ой ошончолук ороп калган эле.

- Эмне кылуу керек? – деди дагы бир жолу кыска мойнун эч жакка бурбастан чылк караңгылыкка үңүрөйө тиктеген Карагул.

Эч кандай жооп болбоду. Садык жаак эттерин түйүлтө, тиштерин кычыратып, бар жаалын бетине чыгарып, бу кезде тигинден бетер каардана ойлонуп калган...

- Тирүүсүңбү? – деди эч кандай үн чыкпаганга эми ачуусу келген Карагул тигини колунан чап кармай.
- Азырынча тирүүмүн, бирок...
- Бирок өлгөнгө окшоп турасыңбы?

Карагулдун тулкусундагы баятан берки бийлик кылган «эрдик» сезим азыр агылып алда кайда сиңип кеткендей, анын ордуна алда кандай көңүлсүздүк, коркунуч агылып кирип жаткандай куту качып, жүрөгү опкоолжуп баратканына карабастан, шеригин ушул сөзү менен дагы бир нерсеге шыктандыргысы келгендиги байкалып турду. Али иш аягына жете элек эмеспи. Адам өлтүрүлдү, эми анын изин билдирбей таштоо керек. Эр болсо: «Душманымы өлтүрдүм, эми силер мени өлтүргүлө, өзүмө-өзүм колум көтөрүлгүдөй эмес» – деп милицияга барыш керек эле. Антүүнү оюна да алган эмес. Кандай болбосун, бул иш билинбей калууга тийиш. Карагулдар жашоосун улантышы керек. Ал эми андайлардын «жыргалына» кол сунуп, тынчтыгын бузган Тазабек сыяктуулардын өмүрү жанагинтип мезгилсиз кыйыла бериши керек.

Карагулдун сөзү чын эле беркинин өчүп баратан ындынын бир аз көтөрүп койгонсуду.

- Кой, Каке, азилиңи, бизге кара санагандар өлүп турсун азырынча. Ошол өлбөстүн жолун издеп атам мен дагы. Сен деле ошону ойлонуп атканыңы сезип турам, жинди эмесмин да. Мастыгым тараган сайын ойго ар балакеттер келип, көзгө алда немелер көрүнө баштады. Кап, арактын ада болуп калганын...
- Сенин бар эрдигиң арак менен экен да? Сууга түшкөн чычкандай титирей баштапсың. – Карагул ушунусу менен да тигинин кайратын мурунку калыбына келтирүүнү каалагандыгын жашырбай, бартыгый манжалуу кыска колу менен анын жылаңач, ным билегинен мыкчый кармады.
- Жамгырдан чыйрыгып атам. Эмнесинен коркмок элем? Болор иш деги болду. Эми мындан аркысын көрө жатабыз. «Корксо да кой өлөт, коркпоссо да кой өлөт, - дегендей эми баары бир», - деди бул коркунучтуу кылмыштын бети ачылып калса, анын жүгүн болүшо турган жанында киши бар экендигине дымак байлагансып.
- Кана, эми эмне кылдык? – Карагулдун суроосун эми Садык кайталады. Анан ага өзү жооп берди.
- Жайдын түнү кыска эмеспи, шашылалы. Таң атпай изди жашырып бүтүшүбүз керек. Ат берген коңшусуна барам. Аты жем жеп жүрсо, үйүно барат да. Анан Тазабектикине барам. Мага карындаш сөрөй эмеспи, Тазабектин зайыбы, демек менден эч кандай шек санашка акысы жок».

Ушуну айтып Садык дагы саамга дым тартпай отурду... Дагы ойлонуп кеткенсиди... Анан: - Ошентип, үйүнө барамын. Күйөө

бала кайда деймин. Таң аткыча күтүп отура беребизби? Тамак муздап калбадыбы? Күндүз жеңени жибердим эле, эми чыдабай өзүм келдим дейм. Эгер ат барып калса, ээси келип айтты да алигиче. Ал чочулап отурган чыгар эленделп. Анан ошону айтат: «Аты келиптир, өзү жок. Түн бир убак болуп калды. Андан көрө дагы сурап берейин, атын минип, кабар алып келсеңчи, - деши ыктымал, минтип айтарына көзүм жетип турат. Анткени жаш баласы бар. Жаңы жолго кирген. Анысы менен кайда издеп бармак эле. Анда кудайдын бергени. Куп деген бойдон атты минемин. Ал менин боорукердигиме, элпектигиме кубанат. Мен, иштин өзүнөн-өзү оңунан чыканыына кубанам да, кете берем. Бул оюма эмне дейсиң?...»

Эми Садык тигинин билегинен аткый кармады. Ушул план башына келе калганда баятан бери жүрөгүн кысып кирген кыжалаттуу ойдон, коркунучтан алыстай түшконсүп, Садык кубанып кетти. Карагул кантип из жашыруунун жолун таппастан, карбаластап турганда ушундай ой тигинин башына келе койгонуна чындап сүйүндү. Мойнунан имере кучактап, өзүнө карай тартты: «Жарайсың, Саша! Мына ушинтмексиң. Андан аркысын айт эми, акылманым, - деди Карагул арактын күчү кайрадан денесине агылып киргендей кызуулана.

Бул мактоого эрдемсий түшкөн Садык оюнун калганын түшүндүрдү:

- Ошентип тиги жаткан жерге барам. Ээр-токулгасын каптылына оодуруп, тигинин бир бутун узонгүго салам да, атты айдап жиберем. Анан силерди издеп табам, Аракка тойгузасыңар дагы бир жолу. Түн жарымы ченде тиги үйгө дагы барам. Күйөө жигит келдиби? – дейм теңселе туруп. Албетте, жок дейт. Ыйлап жибериши да мүмкүн. Таптыңыз беле деп сурайт. Ооба дейм. Жолдун четиндеги беденин арасында жатыптыр. Мас экен, бырылдап уктап жатыптыр. Жаандан чыйрыкканбы, колу-буту жыйрылып, бүрүштоп жатыптыр. Араң-зорго ордунан тургузуп, атына мингизип, анан өзүм артына учкашайын десем, атка мингенден кийин эсин жыйып алды окшойт, сен өңөрүп баргыдай жаш бала эмесмин», - деп мени көкүрөгүмөн ары түртүп жиберип, чаап жөнөгөн. Ошондон ары кете бергенге көңүлүм чыдабай кабар алып коёюн аман-эсен үйүнө жетти бекен деп жамгырдан шомтүрөп келатканым. Карындаштык жайың бар эмеспи. Сенин көңүлүң, сенин кадырың үчүн гана келип отурам, карындашым? – деп көзүмү жашылдантып, үнүмү каргылдантып, алдына ары-бери чайпалып тура каламын. Буга кандай дейсиң, досум?

- Ап, бали, сендей акылман досум бар экен, мен эми өлбөйм. Колго түшпойм, кеттик! – деп Карагул кубанычтуу барк этти.

- Калмактын ордунда жогун эми гана көрүшкондөй экөө тең жарыша: «Кана?» - дешти.

Бу кезде бирде суу чөпкө жыгылып, бирде кайра туруп, чаңкаган таандай оозун чоң ачып, таңдайы кургап, таноолору кериле

араң дем алып акактаган ал эки чакырымча жерде чуркап баратканын. Кайда? Эмне үчүн? Ким билсин. Оозунан араң чыккан деми менен кошо араң угулган мына бул создөр караңгылыкты так жарып, бирде мында, бирде тигинде калып жатты. «Адаммынбы?» Адам эмесминби?... Адам барбы? – деди го. Мен жооп бере алганым жок. «Ооба, адам бар. Мына, менмин! Мен сизди өлтүртпөйм. Мен мына, арага түшөм. Өлсөк экообүз тең өлөбүз!» – деп айтууга, өлүмдүн келе жатканын көрүп туруп, ушуну айтууга күчүм жетпеди. Жүрөгүм айтып турганды колум менен иштей албадым. Ушул менин адамдыгымбы? Жок!... Адам эмес экенмин!... Эми түшүндүм өзүмдү-өзүм. Адам эмес экенмин! Өмүр менен өлүм тирелише келгенде, омүргө аралжы боло албагандан кийин, менин адамдыгым кайсы?...

Катуу жүгүрүп баратып жыгылган немедей жүрөгү эңшериле берип, калың беде баятан бери буттарына оролуша алдан тайган калмак эки колун төмөн саландаткан бойдон чоң арыктын кашатына жетип, энтиге отуруп калганда, анын мойнунан ысык кол кыса кармап, жерди көздөй ныгырды. «Каякка качасың, акмак? Сени деле кошо өлтүрүп, экоонүн кунуну бир толойүн! Баары бир өлүмдү мойнуна алган кишимин. Акыры башта бир өлүм!...»

Буларды айтып кышылдаган, чындап эле мууздап жиберчүдөй кош колдоп тамактан буюй жерге ныктап, оң буту менен далыга тээп турган агасы Карагул экенин Калмак жазбай тааныды... «Кечир, аке, кечириңиз. Качканым жок... Азыр кайра бармакмын... Чаңкап кеттим... Суу издеп жүрдүм эле. Суу издеп келдим быякка. Кечириңиз, аке. Сизден болүнүп каяка бармак элем. Сиз олгон жерде өлөмүн. Сиз тирилген жерде тирилем, аке. Кеттик! Турунуз, кеттик!» - деп кырылдады, агасы азыр муздак бычак мизин алкымына тартып жибере тургансып, коркуп кеткен Калмак.

- Суу, суу издеп жүргөнмүн. Чакырсаңыз эле чуркап жетмекмин» – деп дагы жансоогалап кырылдады.

- Кантип кыйкырам? Жиндисиңби? Бирөө укса эмне дейт? Эмне иш кылып жүргөнүбүз эсиңен чыгып кеттиби, акмак? Анын үстүнө түн болсо. Сени даарат ушатып жүрөт десе...

Бул сөзүнөн Карагулдун ачуусу жанагыдан басандаганы билинип калды. Колдору тигинин күрөө тамырлары көөп, нары ысып чыккан мойнун бошотуп коё берди.. «Ачуу менен жайлап коё жаздадым. Жакшы, ажалың жетпеген экен, үкөм. Жүр эми, алдыма түш. Садык акең тыякта сонун план түзүп койду. Ошонун айтканындай болсо, из жабылат да калат. Сен эмнеге коркосуң? Колго түшсөк да, биз жооп беребиз. Тиги экообүз моюнга алабыз. Сен эмне? Биздин гана буйрукту аткарган кишисиң. Суракта да, кудай анын бетин ары кылсын дечи, сенин айтарың белен. Акем, ошондуктан анын айтканын кылбай коюшка акым жок. Мен анын баласындай болуп калганмын. Буйругун аткарууга кичинемен конгомүн дейсиң да, кутулуп кетесиң. Кол менен иштегенинди баш

менен тартуу керек. Илгертен келаткан тартип ушундай. Ошондуктан биз баарына бел байлаган кишибиз. Эмнеси болсо да, көрдүк. Тазабекке окшогондун тилин угуп, кордугун көргөндөн жашабай койгон оң. Бирок аракет кылып көрүү керек из жашырууга. Билгизбей коюу үчүн, бар аракетти жумшап көрөлү. Аныбыз оңунан чыкпаса, көрдүк да бешенедегини. Анын эмнесинен коркуш. Адамдар согуш маалында өлүмгө барышты го билип туруп эле. Биз эмне, алардан артыкпызбы?»

Карагул бул сөздөрдү инисинин колунан кармай бери жөнөгөндө акырын шыбырай, бирөө угуп, же көрүп коё тургансып, аякбыягын андый тиктеп, ууру кишиче сактык менен басып келатып айтты. Машинаны көздөй келатышты. Анча жүрүштү. Бир нерсе эсине түшө калгандай Карагул анан тигинин колун коё берип, лөкүлдөй чуркады. Садык кетип калбасын деп чочулады көрүнөт. Арт жагын дагы жалт карап алып, Калмак оюндагысын ишке ашыра албаганына өкүнгөндөй, чечкиндүү минуталарда өз керт башынан коркуп, дилиндеги сөзүн да тышка чыгара албай турган бечара экендигине дагы бир жолу козу жеткендей көңүлү чогүп келатты. Энесин ээрчиген күчүктөй агасынын артынан аны туурагансып, бу дагы анан жортконго оттү...

- Суу издеп жүрүптүр. Аракты биз ичсек, бул эмнеге чаңкайт десең. Арыктын жээгинен таап келдим.

Карагул инисинин ичиндеги арамзалыкты боолготуп билсе да, билмексенге салып, беркиден жашыргысы келди көрүнөт.

- Суу издеп жүрүптүрбү? Же качканы калган бекен? – деди тиги шектүү карап. – Тумшугу ысык ашка тийсе да кыңшылап качкан күчүк да булар. Жакшылык да келбейт булардын колунан, жамандык да келбейт. Булар ар-намыс дегенди билишеби. Бирөө сенин үстүнө чыгып тебелеп жатканын көрсө да, унчукпай жандап өтө берчүлөрдөн да азыркы жаштарың. Арага киргенден уялат имиш. Калыстык, адилеттик керек имиш буларга. Чындык үчүн атасын да, бир тууганын да аяшпайт имиш. Тазабектин тукумунан да бул иниң. Эртеден бери биздин ушул ишибизди колдоорун бир сөз менен да билдирип койгон жок го. Ушундайларга жарабайт азыркы жаштарың. Менин да иним бар эмеспи. Аны да байкап жүрөм. Башкаларды деле көрүп жүрөм. Бир балакет, азыркы балдар. Урууну айтсаң түшүнбөйт. Жериңди айтсаң түшүнбөйт. Таяке-жээн дегенди билишпейт. Тууган-урукка боор тартканды билишпейт. Камчы көтөрсөң, кошо камчы көтөрүшүп, союл көтөрсөң, кошо союл көтөрүшчү күйөрман туугандарды азыр таба албайсың, Карагулум. Мен окшогон досторуң жарайт дагы ишке. Көрүп жатпайсыңбы, бир жолу да солк этпестен, артыма карап кылчайып койбостон, сен эмнени иштесең, ошонун баарын мен да иштеп атамын. Муну билип койсоң. Кудай жамандыгын салса, анысын да бирге көтөром, көрүп турасың. А муногуң мурдунан маңкасын аарчый албай калат андай болгондо» – деп учуру келе калганынан пайдаланып Садык оз бар-

кын досунун алдында дагы бир жолу көтөрүп, Калмактын шагын сындырды.

Калмак үндөгөн жок. Мунусу менен да тигинин айткандарын ырастаган бир байкуш – бечера кейпин кийди. Жүдөө, нары алсыз корүнүп кетти.

- «Өзүң жарайсың, Саке, ишке, - деп бая эле айтпадымбы сага. Дагы эмнени жобурайсың. Мен мындай ишке аттанарда өзүңө ишенип аттанганмын да. Калмакка окшогон жүүнү бөштор менен эч кандай иш бүтпөсүн билемин мен деле. Кана, убакытты откорбой сен жонобойсүңбү жанагы планынды аткарышка? Биз акырын жылып барып, кыштактын этек жагынан күтөлү сени. Кана, жөнө».

- Болуптур, мен кеттим. Кыштактын четинде эмне бар? Азыр элдин баары уйкуга кирди. Акырын үйгө барып, ысык төшөккө жата бериш керек. Мен ишти жанагыдай бүтүрөм да, туура эле үйгө келем. Андан көрө жакшылап закуска даярдап, арактын оозун ачып тура бербейсиңби, Каке? Ушундан жакшысы жок. Иш онунан чыкпаса да үйдон табайын. Суу болуп да кеттиң. Кийимди алмаштырып алышың керек.

Садык досуна кам көрө унчукту. Бир мүнөттөн кийин ал караңгылыкка сиңип кетти...

- Үйгө барууга али эрте, - деген Карагулдун созү аны араң кууп жетти.

Садык Тазабектин дарбазасына келип токтогондо, түнкү саат он экиден отүп калган эле. Бирок Сабиранын чырагы өчкөн эмес. Адылдын үстүнө жабылган ак шейшептин үстүнөн акырын-акырын таптап, ал керебет кырында ойлуу жаткан. Тышка кулак түрот. Шырп эткен добуш чыкса селт этмек. Аңгыча дарбазанын чоң чынжыры шырк этип ачылып кетти. Аны ондон кийин Сабира өзү салган, күйөөсүнөн дарек болбогондон кийин салган. Ошол эми кайра ачылды. Кеч кайткан күндөрүндө Тазабек ушинтип аччу. Эки канаттын ортосундагы кол батарлык жылчыктан ушинтип аччу. Эми келсе керек. Сабира акырын ордунан козголду. Адылын карап туруп калды бир азга. Тазабек экөөнүн баш кошконуна он биринчи жылга караганда төрөлгөн Адылга экөө тең өзгөчө үйрүло түшө калып жүрүшөт. Карыш алысташа эле көз алдыларында Адыл. Күндө мектепке баратканда Сабира алты айлыгынан тартып, аны кочонүн башындагы апасына таштап кетип жүрот. Расписание боюнча сабагы жок болуп калса, жарым саатка болсо да чуркап жетип, Адылын эмизип келбесе, анын кумарынын ташыганы ташыган. «Бара бер, мен ойгонбоймун» – дегендей Адыл атасыныкына окшогон калың эриндерин болпойтуп мемиреодо...

Алдынан чыккан Тазабек эмес, Садык экенин көргөндө, Сабира чочуп кетип, аркасына кетенчиктеди. Көйногүнүн топчулары чыгып жүргонүн, жана Адылын уктатууга жаткырганда эмчегин бери чыгарып ага эмизгенин, ошол бойдон топчулоону унуткандын эми гана эстеп, көкүрөк тушун эки колдоп баса калды.

- Келиң, Садык аке, келиң. Мен... Мен...

Сабира коркуп кеткендей артына кетенчиктегени үчун анын алдында эми тайсалдап калды.

- Жезде келдиби?

- Жок го? Кирип отура туруңуз үйгө, келип калар.

- Конокко чакырсам, барбадыңар. Баягыда жакшылап конок-той албай калган алек. Келбегенинерден, таарынып өзүм иче бериптирмин. Анан мас болуп уктап, калыптырмын. Ойгонсом ушул убак болуп калыптыр. Тамак али казандан чыгарыла элек. Дагы бир кабар алайынчы деп келдим эле.

- Келсе, бармакпыз. Женем айтып кеткен да күндүз. Жок го. Эрте эле келем деген.

- Ушул убакка чейин келбептир, демек барган жери жайлуу болуп калган го. Келсе, айтасың да, эки жолу келип кетишти деп.

Сабира узатып аны менен дарбаза сыртына кошо чыкты. Тигинин караанын түн соруп кеткенче шектүү карап турду... Жүрогүнүн согушу, эмнегедир эми тездей баштады...

Ат эки короодо тен жок эле. Садык дарбазада кирери менен ошону издеген. Корүнбогон соң, кетүүгө шашты.

Карагулга жетип мунун айтканда, тишин чукуп бир аз ойлоно калды да, машинына көздой басты. Отурушуп, Тазабектин эсин оодарып, анан машинага баскан жерге кайра келишип, тегеректи дагы издешти. Бир жерден аттын кошкургапы угулду эле, барышса, арабага кошулган аттар экен, экөө жанаша оттоп жүрүптүр. Моюндарында каамыттары, жондорундагы постромкалары менен экен. Араба ары жакта жүгү менен турат. Кайра жол жүрсо керек. «Ээси арабанын үстүндө жаткан го», - деп болжолдоду жанагы добуш чыккан жакка биринчи жеткен Карагул.

Мезгил түн жарымынан оой баштады. Тиги экөөнүн ичиндеги арак да тарап бүтконсуду. Ошондон уламбы, Карагулдун ичкиликтен, нары уйкудан калганга канталап кызарып чыккан көздорүно Тазабектин чоп илешкен, ылай, топурак жабышкан бети-башына кан катып кебетеси бузулган солокотү сүйролүп ордунан туруп бараткандай корүндү... Жүрогү шуу дей түштү. Өлүм келип, мандайынан корүнгондой денесин муздак нерсе аралай чапты. Тазабектин солокотү, ал азыр көзүнө элестеткен солокоту ушинтип өлүм кейпин кийип, аны көздой келаткансыды. Бетин ачуу үчүн, элдин алдында маскара кылуу үчүн, олгон жеринен тирилип туруп келаткансыды. Жүрогү дагы куушурулду. Артын көздой тартты. Эртеден бери тулку боюн каптаган ысыктын ордуна эми мойнуна чаар жылан ороло баштагансып, бүткон бою муздап чыкты. Жаак булчуну ары-бери кыймылдап, кайрадан жаалы келе баштады... Алиге чейин каны жуулбаган, топурак, тер аралашып чамбыл ала болгон колдорунун муштумдары түйүлө түштү. Кайрадан мурунку абалына келгенсиди. Тезирээк жетип, эми гана ордунан сүйролүп араң туруп келаткан Тазабекти алка жакадан кармап муундургусу,

кайрадан машинанын ручкасы менен баштан ары берип калгысы келип кетти. Антпесе, анын ордуна озү өлүүгө тийиш да. Өлгөндө да бүткүл журттун алдында бети ачылып, шермендеси чыгып, анан өлгөнү жатпайбы.

- Калмак, айда, баягы жакка. Тазабекке кайра барабыз. Бир жакка жылып кете элегинде жетели» – деп титиреди.

... Тазабек жаткан жеринде жок экен...

* * *

Чагылгандын эки-үч кайталанган жарыгында «Волганы», анын жанында котолошкон, бир туруп уурдаган буюмун жашыра албай алдастаган ууруларча шашкалактаган үч карааңды, бийик арык кашатында тизесине ак ыштан багалегин түрүп алган, кетмен сабына ээгин жологон Семетей коргон эле. Тигилер машинага отуруп жоноЙ бергенде дагы бир жолу кындан суурулган кылычтай айбаттуу жарк эткен чагылган түнөргөн булутту тең кескен соң, ийрибуйру агыш из жерге жетип сынгандай карс этип чыккан каардуу добушка удаа жанагы машинадан үч-төрт метр арыдагы суналып жаткан карааңды дагы көзү чалат. Машина артындагы кызыл көздөрү менен ага тиктебей калганда гана Семетей кетменин ийинине арта таштап, ошол жака карай баскан. Чоңордон коркобу, сан эти салбырап бошоң тартып калган, тизесине чейин суу арык бутун анда-санда бир коюп келе жатты. Булуттар чагылгандын өткүр мизи менен шалоолонууп тилинген сайын кетменин йининен ала, тизеге чапкан суу бедеге ката коёт.

Прибой папиросун чекчү ал дайыма. Армиядан ала келген онорү ушул. Сугатта жүргөндө да анын эрмеги ошол тамекиси. Суу сугарганда койногүн чечип таштап, чапанды жылаңач этине кийүү Семетейдин башынан келаткан адаты. Прибой папиросунун жыртык кутусу менен майланышып, тегерекчети кырылган ширеңкени жылаңач көкүрөгүнө алып жүрөт.

Жанагы карааңга жетип токтоду. Белиндеги аскерден курчана келген, бу кезде эскилиги жетип, кубарган кемерин ылдыйраак жылдырды да, койнунан ысык күкүрттү алып чыкты. Башы менен тободон себелеген жамгырды тосуп туруп ширеңке жандырды. Ушул жамгырга ыракаттангандай кулачын кере таштап чалкасынан жаткан алиги караан адам экенин көгөндө Семетейдин эси чыгып кетти. Кетенчиктеп алды. Жүрөгү алкымына каптала түштү. «Жанагылар каракчылар тура. Машина мунуку болсо керек да. Өлтүрүп, анан минип кетишкен турбайбы»...

Семетейдин башына ушул ой келди. Шаша аракеттенди. Жата калып, тигинин көкүрөгүнө кулагын тосту. Коодон тереңинен билинер-билинбес киркирек угулгансыды.

Семетей суу чопкө чалынып-чулунуп арыдагы арыкка барды да, башындагы ак калпакка суу сузуп келди. Анан чоголой калып, тигинин казандын артындай карайып, нары чоңоюп кеткен ба-

шын көтөрүп тизесине койду. Анан аер-биерине кан, топурак батташып катып калган бетинен эркелеткендей сылай отуруп, оозун тапты. Ага суу тамызды. Суу корулдап кекиртектен анчада барып ары кеткенсиди. Корк эткенинен билди муну. Дагы бир жолу тамызды.

Саамдан кийин акырын онтогон үн чыккансыды.

«Тирүү экенсиң, байкуш». – деп чечти Семетей .

Тазабек алибеттүү эле. Таяктын зарпынан шишиген денеси, жамгырга, ылайга жуурулган кийим-кечеси аны ого бетер чоң кылып таштаган.

Эки колтуктан ала араң жылдырган Семетей бир саатча аны менен алпурушту. Бүткүл боюнан тер кетти. Үч-төрт кадам жылдырып эс алат, ошентип отуруп акыры тигини бийик кашаттагы үңкүр ташка жеткирди. Жана жамгыр жаап келгенде озу ошол таштын түбүндө далдаланган, аны калканч кылган болчу. Тазабектин баш жагын таштын астына киргизди. Буттарын олүктүкүндөй бириктирип койду. «Жок дегенде жамгырдан башыңы далдалап коёюнчу», - деп күбүродү Семетей мандайындагы терин калпагын бүктой кармаган бойдон шыпыра берип.

* * *

Карагул менен Садык Мектепте чогуу окушкан. Булардын аталары да көңүлү жакын, нары теңтуш кишилер эле. Колхоздо а деп жаңы көчө түшүп, анын эки тарабына кыдырата шиферленген үйлөр салына баштаганда алар жанаша огород алышып, жанаша үй тургузушкан. А кезде Карагул менен Садык тиги Фрунзеден окуп жүрүшөт. Бири мединституттан, экинчиси айыл чарба институтунан. Экөө эки жерде окуганына карабастан, лекциядан башка убакытты дагы эле бирге откорүшчү. Студент деген аттары гана болбосо, анын кыйынчылыгын сезишкен жок. Ата-энелери эч нерседен өксүтүшпөдү. Алар бирине-бири аттандаша акча, посылка салыша турган балдарына. Канча акча жибергени кимисинин оозунан мурда чыкса, кийинкиси созсүз андан жок дегенде он сом ашырып сала турган. Канчалык көңүлдөрү жакын кишилер болбосун, алардын ата-энелеринин ортосунда кандайдыр тымызын эрегишүү бар эле. Тиги шаарда жүргөн балдары да кимиси канча акча, же посылка алгандарын студенттердин көзүнчө сөз кылып кала турган.

Карагул менен Садыктын кинодон, же театрдан калышкан күндорүн жолдоштору билишпейт. Башка студенттер эртеңки күндүн, же келерки жуманын тамагы тууралу соз кылып жаткан кезде алардын кара костюм, ак көйнок кийип (бул мода ошол жылдары жаңы чыккан), галстуктарды суйсалта тагынышып, оюншоок жайын көздөй моюндаша жөнөшкөнү башкалардын бир жагынан сугун түшүрсө, экинчи жагынан итиркейин келтире турган. Ал эми барган жагынан алар да ар убак чала кызуу кайтышар

эле. Дуулдап экөө бөлмөгө киргенде, алты-сегиз саат лекция угуп, анан эртеңкисине даярданып көздөрү тунарган, баштары чарчагандыктан, жатары менен тырп этпей калган студенттердин баары ойгонушчу. Бирок Карагул менен Садыктын студенттик турмушу көпкө созулган жок. Үч жылга жетпей окууларын таштап кетишти.

Карагулдун бир артыкчылыгы адамга жапакечтиги. Ишин бүтүрүш үчүн бейтааныш кишини деле мойнуна асылып, жалынып-жалбырып жиберүүдөн тартынчу эмес.

Анын жалгыздыгы ата-эненин демейде сезгич, байкагыч, корогоч көзүн карайлатып таштаган.

* * *

Асман булуттуу. Жамгыр сээлдеп калганы менен, кирпиктери ирмелсе эле мөлт этип жашы төгүлүп кетчү кайгылуу адамдай ал кайрадан түнөрүп келатат. Карагул менен Садык Тазабекти издеп эки жакка басып кетишкен.

Тымтырс... Караңгылык коркунучту ого бетер күчөтөт эмеспи. Калмактын жүрөгү опкоолжуй баштады. «Адам жок беле?» — деген Тазабектин коодонунон жарылып чыккандай алда кандай күч, алда кандай кыйынчылык менен айтылган сөз шак этип кулагына келип, кайрадан кадалды... Эми дүйнөнүн баарын, мындайда адамдын көзүнө, же сезимине гана батып-сыйып турган дүйнөнүн баарын азыр ушул сөз, «Адам жок беле?!» — деген Тазабектин канга какалып араң айткан сөзү гана каптап тургансыды....

Калмак Карагул басып кеткен жакка үч-төрт кадам бут шилтеди да, командаңы укkан солдаттай ал шарт артына бурулду... Көктү тиктеди... Секундага бир орунда селейди... «Адам жок беле?» — деп кыйкырган бойдон далбаардай Тазабек көктөн төмөн түшүп келаткансыды. Жердегинин баарын ушул кыйкырыгы менен каарып келаткансыды... Калмак анын караанын даана көргөнсүдү... Эки колу менен бетин жаап отура калды... Ушул караандын тепсендисинде калып жаткансыды.... Анан тура калып, чуркап жөнөдү. Тизесине чапкан суу бедени аралап кирип кетти... Чалынып баратат... «Калмак, каякка? Соосуңбу? Калмак, дейм?!»...

Бул добуш каптал жагынан угулду. Карагулдун добушу эле. «Мен быяктамын, Калмак? Эмне жүгүрдүң? Калмак?!»...

Бул добуш куугунчунун добушундай тигини токтотпостон, кайра анын арымына арым кошту. Калмак баягыдан катуурааk чуркады...

Инисинин качып баратканына эми гана көзү жеткен Карагулдун өпкө-жүрөгү оозуна каптала берип, коңүлү секундага эңшерилди да, анан дароо эсин жыйып алды бейм, артынан түштү. «Милицияны көздөй жөнөсө керек» - деген ой башына кылт эткенде Карагул бар күчү менен жүгүрдү... Суу беде тизеге чабылат. Алды жагына тирмие тиктеген, канга толгон Карагулдун көздө-

рүнөн караан бирде үзүлүп кетет да, бирде кайрадан илине калат... «Калмак, токто дейм! Жиндегенсиңби?... Токто дейм?... Карагул бироо угуп койбосун дейби, энтиге араң-зорго ушинтип пас-пас үн чыгарып коёт. Ага менен ининин түн катып минтип куушуп жүрүшкөнүн бироо-жарым көрсө, албетте, жакшы эмес. Булар жүргөн жер кыштактан бир топ окчун, ошентсе да мал-кел издеген, же түн катып мындайда чөп оргондор, сугатчылар жолугуп калышы ыктымал. Коркконго кош көрүнөт деп, анын үстүнө булардын көзүнө азыр туш-туштан баары эле андыган адамдарга толуп кеткенсиди...

Карагулдун мастыгынын тарай баштаганы ушул акырын-акырын чыкан добушунан билинип турду.

... Бирок Калмак токтогудай эмес. Артын бир кылчайып карап койбостон чуркап баратат... Берки да бар күчүн үрөп чуркоодо... Баягыдан Калмактын оор дем алганы угула баштады. Чарчап калды көрүнөт. Былтыртан бери бөрсөйүп курсагы билине баштаган, чүйлүсү чыгып, бети-башы көгүш тартып семире баштаган, азыраак басса эле энтикчү. Карагул анын бул абалын кайдан байкасын. Көмкөрөсүнөн кулаганы, мурду менен жер сайганы араң баратты... Калмактын карааны кайрадан алыстай баштады...

«Калмак!...» Эми тиги үнүнүн барынча кыйкырып коё берди... Бирок мунусу демейдегисиндей катуу чыккан жок. Өпкөсү көөп калганга го. Токтоп турду... Караан алыстагандан алыстай берди. Калмак анын баамында милицияны көздөй, азыр караңгыга оролуп, бак-дарагы менен кошо дүпүйүп турган, мындан беш-алты чакырым ыраактагы райондун борборун көздөй багыт алгансыйт...

«Коркок. Акмак!... Милицияга кабар берип, өзүн куткарып калууну ойлогон экен. Сениби, жеткен жеримде мууздап, экөөнүн жообуңу бир бербесем, Карагул атым өчсүн!» Көздөрү карайлап, эки чыкыйы тырсылдады. Эгер ушул секундада алдынан айкырып арстан чыкса да бир көз ирмебей алкымдан ала бой тирешмек. Тулку боюн жаал, жек көрүү сезими толук бийлеп алган. «Сениби! Мага бир тууганыңа көрсөтөрүң ушул болсо, сени жайлап тынайын»- деп каарданган Карагул ансыз деле баятан бери шөмтүрөгөн бедеге чабыла берип, суу болгон колдорунун алкандарына алмак-салмак түкүрүп-түкүрүп алды да, кайрадан чуркап жөнөдү...

Калмактын карааны аңгыча үзүлүп кетти. Көк бетинен каршы-терши агылган оор кара булуттар баары-жокту тумчуктуруп кармагандай теребел дымыгып, караңгылык коюуланып баратты...

Көздөрү чанагынан чыгып кетчүдөй чакчая алдын тиктеген Карагулдун байкоосунда тигил амал кылып, бедеге боюн сулк таштап жибергенсиди...

Оозун арандай ачып алган Карагулдун арышы баягыдан да арбыгансыды. «Сениби, сени!» — деп ызырынганы андан бетер

күчөдү. Коркунуч тигинин күчүнө-күч кошуп жибергенсиди. Коркунуч эмей эмне?

Калмак чындап эле милицияга барчу болсо, иштин бүткөнү ошол эмеспи. Карагул досу экөө тең колго түшөт да. Адам өлтүргөндүгү үчүн кандай жаза аларын ал экөө тең жакшы түшүнүшөт. Биринчиден, көр намыс, экинчиден, ичкиликтин күчү менен иштелип калган иштин салмагы, кылмыштын салмагы жанатан бери, баштагы кек менен арак кошулун пайда кылган жаалдын, ачуунун уусу тарай баштагандан бери сезилип калган. Сыртынан экөө тең бирин-бири колдомуш болуп, көңүл сооротурлук сөз алмашып, «Акыры башта бир олүм, жигит кишинин айтканынан кайтканы - өлгөнүнө барабар», - деп нечен ирет ичтен да, тыштан да кайталаганына карабастан, көк бетиндеги кара булуттай удургуган ойлор, коркунуч бул экөөн улам убакыт өткөн сайын, мастык таркаган сайын алка жакадан алып, жүрөк-боорду мыжыгып баратты. Алдастай башташты. Шашкандары билинип калды. Эгер Калмак чындап эле буларга «чыккынчылык» кылууга бел байласа, демек булардын кечээтен берки арак ичип, дасторкон үстүндө отуруп түзгөн пландарынын ойрондолгону. Ошондуктан, Карагул олсо да тигини кууп жетиши керек. Кандай болбосун, аны ошондой ойдон баш тарттырыш керек. Коркутуп, ага көнбөсө, жалынып-жалбырап болсо да аны бериге, өзүнө буруусу керек. Эгер ошол амалдар ийиктире албаса, анын көзүн тазалагандан башка айла жок. Антпесе, өзүн-өзү кармап бергенге барабар эмеспи. Бөлөк-бөтөн болсо да мейли эле. Анда да бир шылтоо табылмак. «Кас эле башынан. Паландай-түкондой кастыгы бар эле» – деген шылтоолор менен коюлган доону четке кагуу мүмкүн. Ал эми бул бир тууганы эмеспи. Жатындашынын баласы. Бир тууган эжесинин баласы. Ушуну төрогондо кансырап өлгөн Азимкан деген бир туган эжеси. Жоргокто кезинде балага таңкыс немелер колуна алып, ушул Карагулуна канат-бутак болсун деп, атасы менен энеси чоңойтушпады беле. Өзүнө ата-эненин мээнети канча зарп кылынса, буга да ошончо зарп кылынган. Сүт чыкпаса да, ыйлаган сайын апасы буга да эмчегин сордуруп жүргөн. Демек, эмчектеш да. Карагулдун соксо-соккөнүн угуп, урса таягын жеп чоңойгон Калмак эч качан агасына баш көтөрүп каяша кылган жан эмес. Иниси-нин кеби-сөзүнөн, жүрүш-турушунан эч качан өөн таппаган Карагул анын азыркы жоругуна таң калып, нары кыжырдана кууп бара жатты...

Эми анын энтиккени байгеге чабылган аттыкындай алыска угулуп калды... Колдору улам узаргансып, улам оорлогонсуп, тизелерине жай чабыла баштады... Соймолоңдогон ийри-буйру жарык заматта караңгыны как жарды да, жерди силкинте күн күркүрөп жиберди. Калмактын карааны жакындан көрүнүп калды. Жай басып баратыптыр. Жок, жай термелип бир орунда тургансыйт. Эки колун жыя албай, башын көтөрө албай тизелери бүгүлсө шылк эткендей, бир орунда калтырап тургандай көрүндү.

«Калмак!... Оо Калмак! Жерге кирген Калмак дейм!...» Карагул бул сөздөрдү араң айтты. Тили оозуна батпай чыкты. Аңкасы катып баратат... «Калмак!»... Эми бул сөзүн өзү да укқан жок... Чагылган дагы бир жолу жарк этип, ааламды кескилеп оттү.

Туташ калган кара булут катмарынан чыккан катуу, нары айбаттуу добуш да Карагулдун көзүнө араң көрүнүп, кулагына зорго угулду. Калмакты бет мандайынан дагы көрдү. Ал баягы эле ордунан жылбагансыйт... Тизелери бүгүлүп баратканбы, бою жанагыдан да кичирейип калыптыр...

«Азыр жетем сага, сениби, карап тур сени!»

Бул сөздөр эми көмөкөйдөн бери чыккан жок. Тандайы так кургап бүттү. Карагул дагы чымырканды... Токтогон жок... Жетерине жакын калбадыбы. Тигини баса жыгылууну чечти. Өлсө да ошону кучагына ала жатып, мыжыгып жатып өлүүнү чечти.

* * *

Калмактын онунчуну бүткөнүнө үч жыл болду. Аттестатындагы баалары жүрүш-турушунан башкасы «төрт», «үч» эле. Он жыл бою классташтарынын орто ченинде жүрүп билим алган Калмактын өзү күчүнө ишенгенден берки чечими мектепти бүткондон кийин эле шофердук курска кирип, машина айдоо болучу. Булардын айылдашы Баймурат деген колхоздо жыйырма жылдан бери шофер болуп иштеген неме мындан беш-алты жыл мурда менчигине колхоз аркылуу «Волга» алгандан тартып, өзүн келечекте ошонун ордунан көрүп жүрөт.

Баймурат жумуштан эрте келген күнү дайыма жанына аялын, артына эки чоң кызын, үч эркегин отургуза айылдын так ортосунан өтчү чоң жол менен баары көрсүн дегендей, акырын айдап сейилдеп жүргөнүн, кээде базарга да ошол бала-бакырасынын баарын салып алып барганын көргөн сайын, өзүнчө эле бир башка дүйнөгө туш болгондой, жашыл «Волганы» айдап бараткан толмоч Баймурат эмес, озу окшоп, Калмактын жүрөгү элжирей берчү.

Түйүнчөк-түйүнчөк бир нерселерди Баймурат аялы экөө көтөрүшүп базардан көптө барып чыгышат. Машинанын эшигин Баймурат өзү ачып, алиги түйүнчөктөрдү биринин артынан бирин сунганда, кыздары, балдары биринен-бири талашып, кубанычка батышканын чейин бир жолу агасынын жумшоосу менен базарга барган Калмак көрүп калып, азырга дейре эстеп жүрөт. Ошол көрүндүштү элестете берет.

Ошондон бери Калмак келечектен ошонун гана турмушун тилейт, ошону гана күтөт. Бала-бакырасынын саны да так ошол Баймураттыкынча болсо деп тилейт: эки кыз, үч уул. Бирок болочок жарын тигинин Уулболдусуна окшоткусу келбейт. Өзүнүн кебете-кешпирин да Баймураттыкынан башкачараак болуусун каалайт. Баймураттын жаак териси, эмнегедир жылга-жылга. Элүүгө жетпей жатып, мандайы кабат-кабат тырыш. Ар дайым түбүнөн тери

жылтырап көрүнүп турчу чачы аппак. Жумуш менен жүруп, убактысында алдырганга үлгүрбөйбү, айтор. Анысы кээде кулактарынын үстүнө сайылып, алыстан башын ак жоолук менен бууп алгандай кашкая көзгө урунчу. Ушул эки нерсени Калмак тигинден кабыл алгысы жок. Башкасынын баарын Баймураттыкындай болсо экен деп тилейт. Кулк-мүнөзүн да окшоштурууга аракети бар. «Куулук-шумдук менен иши жок. Бирөөнүн ала жибин аттабаган ак ниет. Ар кимдин ниетине, кулк мүнөзүнө жараша кудай берет» — дешчү Баймураттын колхоздо биринчилерден болуп алты бөлмөлүү жакшы үй тургузганын, короосуна бак тиккенин, эшигине мал байлаганын, ал түгүл телевизор алганга чейин айылдаштары анын адал мээнетине, калбексиз жүрүш-турушуна ыйгарышып. Дарбазалуу коргондун кире беришине атайлап салынган бастырманын астына бензин жыттанган жашыл «Волга» туруп калгандан бери Баймураттын адамгерчилик сапаттары дагы жаңы баскычка көтөрүлгөн. Аны билгендер тиги бала-бакырасын толтура салып, радиосун бийик көтөргөн бойдон короосунан чыга келгенде, ар бири өз машинасына отургандай шыпшынышып, жылмая тиктешип турар эле. Баймурат айылдаштарынын ошол жылуу көз караштарын сезеби, айыл ичинде машинасын ого бетер акырын айдап, жаш балдар жолукса да баш ийкеп, салам айта берчү болду... Ушул өзгөчөлүгүн да Калмак ичинен жактырып жүрот. Ошол Баймураттай кичипейил болууну, чонду, кичинени ар убак сыйлап өтүүнү тилек кыла баштаган.

«Аке, мен онунчуну бүткөндөн кийин айылда калайын деген оюм бар. Шофер болгум келет» — деп бир күнү Карагулга сырын айтса, ал оңурандаган. «Эл барган окууга сен бара албайсыңбы? Эмнесинен коркосуң? Экзаменденби? Аны мына, мен тапшырам. Кадырың жам болсун. Өзүм барып өткөрүп келемин. Менин чала молдолугум жетишет. Жанагы созүндү экинчи укпайын. Шоферлук, трактористтик — башка эч иш колунан келбегендин кесиби. Көрүп жүрбөйбүзбү андайларды. Кызыкпай эле кой. Карагул акчасын аяп, инисин окууга жибербей койду деп эл кеп кылсынбы? Мени уятка калтыргың барбы? Намыс дегенди билесиңби? Окуйсуң. Канча керек болсо, ошончо окуйсуң.Акча жагын мага кой.. Жалгыз сенден башка менин кимим бар? Учсам канатым, консом куйругум сенсиң келечекте. Жакшылык-жамандыкта бар ишенгеним сенсиң. Керек болсо, сенден жанымды да аябаймын» — деген.

Калмактын онунчуну бүткөндөн кийин эле автобазанын алдындагы шоферлорду даярдоочу курска кирип, өзү келечекте Баймураттын кесибине ээ болушуна эки нерсе жолтоо болду. Биринчиден — агасы Карагул, экинчиси — Зарыл.

Өзүнүн окубай калганына ичинен өкүнө жүрчү Карагул, бир арманын эми ушул иниси аркылуу чыгарууну чечкен эле. Эгер элдин көбүндөгү азыркы жогорку маалымат өзүндө болсо, такыр

башка кызмат авалын элестеткен ал Калмакты келечекте ошол өзү жетпей калган орундан көрүп жүргөн. Эң кеми – колхоздун башкармасы. «Болбосо райондун, же областтын бир жак тизгинин чойгондордон кыламын» – деп келечек тууралу сөз козголо калганда тиги тереңде сакталып келаткан оюн, тилегин тышка чыгарып жиберчү. «Акыл-эс ордунда болсо, билим жетишсе, калганы акчада. Аны табууну мага коё бер» – деп Калмакты далыга чапкылап жер каратчу. Баймураттын машинасынан башканы оюна албаган Калмак чындап эле агасынын мындай сөзүнөн жети өмүрү жерге кирип уялчу. «Окууну, кызматты да акчага сатып алчу беле? Эмне деп доорүп атат акем?» – деп ичинен анын айткандарына такыр макул болчу эмес. Ошнтсе да акесинин тигиндей планын бузууга батынбастан, экинчи жактан Зарылды кыйбаган Калмак, көптөн түзө жүргөн планын бузууга мажбур болот. Өзү менен чогуу окугандардын катарында а дагы Фрунзеге барат, бирок биринчи эле экзаменден кулап калат.

Отпуска алып аны менен кошо келген Карагул мейманканадан орун алып күндүз деле, түндө деле бирөөлөрдү номерине жетелеп келип, кайра бир убакта такси менен жеткирип жүргөнүн Калмак көргөн. Ал эми эртең экзамен деген күнү түнкү саат ондордо номеринде чачтарын салаалары менен тарап, бүтүгүй көздөрү араң ачылып отурган кубакай жигитти көрсөтүп: «Мына ушул, сенин эртеңки тагдырың колунда турган агайларындын бири. Көрүнүп кой жакшылап туруп, таанып алсын, жардам берет» – деп айткан.

Бутунан башына чейин тиктеп чыккан жигит: «Ушул көйнөгүң менен бар экзаменге, мен таанып койдум» – деген Калмактын жеңи кыска күроң көйнөгүнүн өзү жактагы капталынан чымчый тартып.

Эртеси атайлап Калмак башка көйнөк кийип барат. Бирок тиги «агай» да экзамен жүрүп жаткан залдан көрүнбөйт. Бул Калмакты капа кылбастан, кайра кубантат.

Көрсө, ал мугалим эмес эле, кочөдогу селсаяктардын бири экен. Карагул кийин канчалык урунуп-беринип аракеттенсе да, «кулаган» инисин кайра тургуза алган жок. Ошентип, Калмак Зарыланын колунан бек кысып, коштошуп кете берген.

Карагулдун мына ушул сөздөрү: «Учсам – канатым, консом – куйругум сенсиң келечекте. Сенден керек болсо жанымды да аябаймын» – деген сөзү жанагы шойкондуу иш башталгандан бери Калмактын дилинде кайра-кайра кайталанып туруп алды. Бир жүрөгүн ысытып, көңүлүн эриткен ошол сөзүн агасы иши менен да ар убак бекемдеп келген эле. Өзүнө кийим алса, сөзсүз Калмакка да алчу. Үйдө жакшырак тамак болгондо, Калмак келмейин казандан бери түшчү эмес. Зөөкүрдүк мүнөзүн ал эч качан инисине карматкан эмес.

...Агасынын өзүнө карата болгон сүйүүсүн, сый-урматын ар убак сезе жүргөн Калмак аны ичинен терең сыйлай турган.

Ошондон улам жанагыдай зор кылмыштын катышуучусу болуп жаткан сааттарда көкүрөгүндө кайнаган нааразычылыкты, жек көрүүнү тышка чыгара албай койду. Агасынан көргөн жакшылыктарды биринен сала бири дилине келе берип олку-солку кылып таштады. Чечкиндүү чечимге келе албады. Карагулдун оозунан чыккан, ага арналган мээримдүү создөр кулагында кайталанып туруп алды.

«Учууга – канатым, конорго – куйругум».

Азыр ысыкта калган жолбун иттей тилин тарта албай жан талаша араң чуркап бараткан Калмакка ушул сөздөр угулуп жатты.

...«Кагылайын, Калмак! Ушинтмек белең? Мени өз колуң менен өлтүрүп кет, ыраазымын!»

Жанатан бери кара күчү гана зарп болбостон, эки ача ойго жүрөгү да мыкчыла азап тарткандыктан кол-шал терге малына араң бут шилтеп калган Калмактын так ушул акыркы сөздөн, агасынын жалыныч сөзүнөн улам, эки тизеси бүгүлө түштү...

Чагылган дагы бир жолу ийри кылычын шок шилтеп алды... Жер дүңгүрөдү... Жамгыр жаап келди...

Калмак анан чалкасынан оодарылып жатты. Оозун чоң ачты. Жамгырдын муздак тамчылары бетине черткилеп, оозуна таамп жатты...

Жарык дүйнө менен коштошууга көзү кыйбай, жакындарынын пахта менен тамызган суусун кылк эттире араң жутуп, ошону кара жанына аралжы тутуп жаткан катуу ноокастай Калмак азыр жамгырдын катуулашын тилеп, тамчынын көбүрөөк тамышын каалап энтигүүдө... Калмактын денесинен чыккан ысыкка жаткан жердин бедеси бууланып турду. Бирок аны тиги көргөн да, сезген да жок. Өлүм менен өмүрдүн чегинде жаткан немеге эми баары бир эле...

Жамгыр суусу акыры бүткөн боюн муздатып, бир аз эсине келтиргенсиди. Көздөрүн араң ачты... Көктөгү булуттар туташып алыптыр. Калдайып чылк, ары коюу. Жамгыр, демек жакында басылбайт. Эми тээтиги керме тоонун так төбөсүндөгү коюу булуттан кыска жана жансыз жарык ийри-буйру болуп көрүндү да, заматта кайра жок болуп, анан алыста-алыста алсыз күн күркүродү...

Карагул кана? Жана эле анын жалынган үнү тигинин желкесинен угулгансыбады беле? А түгүл энтиккенине чейин угулуп калбады беле? Мына ошондон улам, бүткүл туугандык сезими, кандаштык-жатындаштык сезими тээтиги түпкүрдөн оргуп чыга келген Калмак анын тезирээк жетип келишин, озүн баса жыгылышын, чокудан ары салмактуу буту, же муштуму менен таамай койгондо сунган тилин тартып алууга чамасы келбегендей авалга дуушар болушун каалап, күтүп жатпады беле. «Эч бир сөзгө келбей, сөкпөй да, жалынбай да иштесе ошол ишти» – деп бел байлабады беле. Мына ушул акыркы мыкаачылыкты, дагы бир адамдын

өмүрүн кыйып таштаган мыкаачылыкты күтүп жатпады беле. Ошондуктан ал а дегенде көмкөрөсүнөн түшүп жаткан. Жамгыр тамчысынан мөлтүрөгөн беденин үч-торт сабагын жалмалай жаткан. Акыркы демине, күйүп бараткан жүрөгүнө ошону убактылуу аралжы кылып жаткан. Тигинин да жаалы бетине чыгып, агасынын тезирээк жете келип, оор денеси менен, ушул кезде арак жана кан жыттанган денеси менен олчоё келип басып калышын каалап жыгылган болчу. Мууздап жибереби (бирок агасынын бычак алып жүргонүн такыр көргөн эмес, ошондуктан бул ой башына кылт эткенде эс ала тушкөнсүдү), баарынан оңу ал муштайт, тебет. Ошентип ал беденин сабактарын тиштеген бойдон тумшугу менен жер сайып, түбөлүккө жатып кала берет... Машина айдабайт... Баймураттай жарын жанына отургузуп, бала-бакырасына чейин толтура салып алып, айыл аралабайт, базарга барбайт... Ананчы?..

Калмак чындап эле өлүмгө бел байлады. Агасын өлүмгө кармап бергенден көрө өзү анын колунан өлүп берүүнү чечти. Инилик милдетин ошентип аткаргысы келди. Канат болуудан, куйрук болуудан ошентип түбөлүккө кеткиси келди. Агасын бул жарык дүйнөгө жалгыз калтыргысы келип кетти... Бул турмуштан мындан ары өзү көрө турган бардык жыргалды ошого калтыргысы келип кетти.

Ымыркайынан бери мойнуна көтөрүп, өзү жебегенди жедирип, кийбегенди кийдирген тай атасынын, тай энесинин, акырында ушул өзүн жанындай көрүп, зор үмүт менен чоңоюшун, бойго жетишин акмалап жүргөн агасынын алдындагы адамдык парзынан биротоло кутулгусу келди. Чындап ошого бел байлады... Ошол минутанын тезирээк эле келишин күтүп жатты. Ал эми ошол минуталар, эмнегедир кечең тартты... Келбей жатты...

Ошондон кийин гана Калмак чалкасынан оодарылып жаткан...

Чыкыйларынын лукулдаганы басылып, коодонүн муштагылаган жүрөктүн согуусу акырындаган сайын Калмакка өмүрдүн таттуулугу, тирүүлүктүн таттуулугу кайрылып келе баштагансыды. Дагы тура калып качкысы келди... Агасы менен Садыкты тезирээк эле кармап берип, өзү аман калгысы келип кетти. Милицияга жетип кабарласа эле, кармап бергени ошол эмеспи, ошенткиси келди. Чарчаган агасы сандалып араң бут шилтеп келаткан болсо, тура жоногүсү ага кайрадан жеткирбей кеткиси келип кетти. Ордунан туруп, көктү тиктеди. Жамгыр... Баягыдан муздап калган бетине черткиледи жамгыр тамчылары. Оозун ачты эле, жибишип эпке келип калган тилине муздак тамчылар тийди.

«Булар ысык жугунду тумшугуна тийсе да кыңшылап кача турган күчүктөр» – деген Садыктын сөзү угулду кулагына. «Учсам – канатым, консом – куйругум келечекте» – деген агасынын сөзү ага удаа угулду. Тизелеринде кайрадан калтырак пайда болду. «Өлүп калсын ошол Калмак. Агасын өзү кармап берген имиш,

милицияга кабарлап. Бир тууганына жакшылык кылбаган, анан кимге жакшылык кылмак эле. Колдон келсе, андан алысыраак жүрүш керек», - деген айылдагы ушакчы аялдардын кеби кулагына угулду. Ушулардын баары аны ар түрдүү чечимге, ар кандай ойго түртө берип, алдастатып жиберди. Эмне кыларын билбей, кайда басарын билбей, саамга өтө мас немедей башын шылкыйта бир орунда туруп калды...

«Жок! – деди бир маалда үн чыгара, жок! Натуура экен менин бул ишим. Эмне үчүн барам милицияга? Агамды кармап бериш үчүнбү? Өзүм кутулуп кетиш үчүнбү? Ошол адамгөрчиликпи? Жок, жок, аным түп ордунан натуура ой экен. Мен баарын агам менен кошо тартышым керек. Өлсө, кошо өлүп, камалса, кошо камалышым керек. Мунун баарын өз ыктыярым менен кошо иштедим деп айтышым керек, сурагандарга. Агамын артынан түшүп алгандыгы үчүн ушундай кылмыштуу ишке барууга мажбур болдум деп айтышым керек. Анан кандай чара колдонушса, өздөрү билишсин. Баарына кайылмын эми...»

Калмак беденин жалбыректары жабышкан суу колдору менен бетин баса калып, чекесин сөөмөйү менен түрө кармай туруп, дагы ойго чөмүлдү.

«Жок, мунум да натуура экен. Мен өзүм баарын иштедим дешим керек экен. Агамы бул балакеттен куткаруунун амалын табышым керек. Бүт күнөөнү – кылмышты өз мойнума алышым керек экен. Агамын бала-бакырасы бар эмеспи. Калмактын женеси Сагынбү түйшүктөн гана эмес, ушул турмуштан жедеп тажагандай, чарчаңкы түрү менен үч баласы этегине жабышкан калыбында көз алдына тартыла берди. Мына ошолорду баксын. Менин азырынча жалгыз башым... Менин жардамыма муктаж болгон азырынча эч ким жок. Так мына ушундай кылышым керек. Баарын мен мойнума алышым керек. Бироолор аркылуу Тазабектин агама кас санаганын уктум. Мына ошолорду угуп, чыдай алганым жок. Каным кайнады. Кегим ичиме толуп-ташыды. Инилик милдетимди аткарышым керек эле. Мен агамы аябай сүйөм. Бир тууганымы бироолор кордоп жатышса, аны жоготуунун жолун издеп жатышса, мен кантип четте кала бермек элем. Аттанып чыктым. А дегенде жарым шише арак ичтим. Тазабектин кайда жургөнүн, качан үйгө кайтарын акырын сурамжылап жүрүп, бироолөрдөн билип алдым. Түн кирип, эл аягы сейлдегенде жолго чыктым. Ары жүрдүм, бери жүрдүм. Акыры жалгыз аттуунун келе жатканын алыстан, айдан жарыгынан көрүп калдым. Утурлай жөнодүм. Жакындай бердим акырын. Таанадым. Тазабек экен. Чукул келип калганда сигналды катуу басып жибердим эле, аты жалт берип жол четин көздөй үркөндө тиги эч нерседен бейкапар келатканбы, делбек этип кулап түштү. Ошол замат жете барып, машинанын ручкасы менен кара кушка чаптым. Эстен танып калды. Анан машинага сүйроп салып, айылдын четине жеткирип сал-

дым. Бул жонүндө менден башка эч ким билбейт. Өз эрким менен иштедим. Бирок өлтүрүү оюмда жок эле. Сес көрсөтүп коёюн дегенмин. «Башкаларга кастык кылсаң, башкалардын тынчын алсаң, так ушундай жазаланышың мүмкүн» дегенди гана билдирип коймокмун. Эми эмне кылсаңар да макулмун. «Күнөлүүмүн», - деп гана тим болом. Башка сөз айтпайм».

Калмактын башында ушул ой пайда болгондо, ал эмнегедир жеңилдей түштү. Абалкы күч-кубаты кайра калыбына келе калгандай, сергий берди. Тумчуккан немеге жылчык табылып, ошерден сызылып муздак жел киргендей эс ала түштү. Эртеден бери чыкыйын лукулдатып, жүрөгүн түрсүлдөтүп кыйнаган түйшүктүн баары акылсыздыгынан экендей туюлду. Агасы менен Садык эмне үчүн ал сыяктуу а деген жерден алдашпастан, камырабастан жай аракеттенишет десе, алар ой токтотуп, акыл токтотуп, калган немелер турбайбы. Мунун башына азыр гана келген планды алар эчак эле түзүп коюп, анан ошентип жай сүйлошүп, жай кыймылдашып жаткан тура.

Калмак эс ала түштү. Артына кайтмак болду. Агасын таап, ага ушул чечими билдирмек болду. Жанагинтип кыйнагандыгы үчүн, андан качкандыгы үчүн, мойнунан кучактап, көздөрүнөн жашты буурчактатып туруп, а дегенде кечирим сурайт. Бети-башынан өпкүлойт. Анан ушул оюн билдирет. Тигинин жүгүн ушинтип жеңилдетет. «Кагылайын канатым, медерим! Сенин ушундай кыйын кезде ишке жарарынды, арага түшөрүңү, кайгы-муңуму бөлүшөрүңү билгенмин. Акылындан айланайын», - деп агасы аны мойнунан орой кучактап өөп-жыттагылайт. Кубанганынан ал ыйлап да жиберет. Ошентип, ыраазылыгын билдирет. «Он жыл берет, беш жылда мен аман турсам чыгартып алам», — дейт. Беш жыл деген эмне? Азыр жыйырма бирде. Жыйырма алтыга чыкканда кайра келип калат. Башкалар ошол кезде армияны бүтүп, институтту араң бүтүшөт. Кайра келип машинасын мине берет. Ошондо деле Баймурат болууга үлгүрөт. Бирок... Зарылчы? Зарылчы? Ал эмне дейт. Мунун бүгүнкү жоруктарын укса? Аны менен баш кошууга бир жылга жетпеген убакыт калбады беле? Адам өлтүргүчтү кандай кыз күтөт? Андайды кандай кыз сүйөт? Андан өткөн уят, андан өткөн шермендечилик барбы назик жүрөктүү кыз үчүн? Киши өлтүргүчтүн койнунда кантип жатат ал?..

Марага чейин бар күчүн зарп кылып, ага жеткенден кийин колдорун капталына эркин таштап коюп, эс ала акырын баскан спорстмендей беденин арасында анда-санда бут коё артына келаткан Калмактын ушул ой кылт этип дилине келе калганда буту тык токтоду. Жүрөгү кайрадан катуу сого баштады. Кайрадан чекеси ысып чыкты. «Кайсынысын тандап алуу керек? Кайсынысы адамгерчилик? Кайсынысы кыянатчылык?»

«Калмак!»... Дармансыз оорунун оозунан чыккандай араң угулган добуштан тигил селт этти. Аны туш-тушунан кысып кирген

алиги ойлор ушул үндөн улам ыдырап, алда кайда жоголгонсуду. «Аке!»... Сокур немедей Калмак эки колун алдына суна берип, алиги үндү утурлай басты. «Аке!»... Калмактын үнү калтырап чыкты. Көптөн бери көрбөй сагынып калган кишисинин добушун укандай анын эреркеп кеткени ушундан билинип турдую «Аке!»... Карагулду ал атынан түк айткан эмес. Тай атасы тай энеси анын тили чыккан күндөн тартып өздөрүн «Ата», «Апа», ал эми Карагулду «Аке» деп айтууга көндүрүшкөн. Карагул энтиге тура келгенде анын мойнунан кучактай берген Калмак ыйлап жиберди. Өзү мындан бир нече минута мурун ойлогондой болуп чыкты баарысы. «Кечирип коюңуз, аке! Кечирип коюңуз! Мен сизди кыйнап койдум окшойт. Акмакчылык кылдым. Кечирип коюңуз», - деп жатты...

Күйүгүп, эсинен танып беденин арасында бир топко чейин жаткан Карагулдун бүткөн бою шалдырап, эмне кыларын билбей калды. Жанагы ачуусу инисинин... «Аке! Аке!», - де удаа-удаа чыккан аянычтуу үнү менен жокко чыккансыды. Тескерисинче, анын да тамагын кандайдыр бир жакындык сезими, тигини аягандык сезими буун, мууну бошоп баратты. Ыйлагысы келип кетти. «Сениби, сени! Кошо жайлап, экөөң үчүн бир жооп берейин», - деп баяраак ызырынганда чыккан сөзү үчүн уялыңкы тартып кетти...

Тигини чыкккынчылык кылат деп, жүрөгү түшкөн неменин ансыз деле алсыраган тулку боюна Калмактын солкулдаган денесинен күч-кайрат агып кирип жаткансыды. Чыйрала баштады... Инисинин чекесинен чопулдадытп өөп жиберди... Калмактын кайтып келиши менен анын чыгып бараткан алкымдагы жана кайра киргендей эсин жыя баштады. Анан башынан сылагылап эркелетти. Болуптур, кагылайын. Болуптур, кечтим. Өзүң түшүнүпсүң натуурапыгынды, кечтим», - деп өпкүлөдү. Энтигип жатты...

Жүрөгүнүн бузулганын Карагул бүгүн биринчи жолу сезип олтурат. Үч чакырымча жерге араң кууп барды. Эгер Калмак өзү кайрылып келбесе, көзүнүн тунарганын, жүрөгүнүн көкүроктү ургулап түрсүлдөгөнү, эриндеринин, колдорунун тизелеринин титирегени басылганда Карагул туруп алып кайра артка кетмек. Садык досун таап алып болгон ишти толук баяндамак. Ана экөө масилет кылышмак. Мындай шартта кишинин аң-сезими өзгөчө ылдамдык менен иштейт көрүнбөйбү. Калмактын карааны көрүнбөй калганда, өзүнүн буту баспай шайманы кеткенде мындай чечимге келген: Садык экөө жөөлөп отуруп, шалбырап суу болгон, чарчап-арыган кейипте ээрчишип милицияга кирип барышат. Аерден начальниктин, же дежурныйдын астынан Калмакты корүп калышат. Ошондо биринчи болуп ага Карагул тап берип атырылат. «А келдиңби, акмак. Бизге карматпай качтың эле, акыры келипсиң го? Кутулуп кетишке көзүң жетпегенден кийин быякка өзүң келген экенсиң да? Акмак гана десе. Куп колго түшүп-

сүн», - деп ага чала-бучук кол шилтеп, жулунумуш болот. Садык кармап калат. Анан начальникке же дежурныйга карап муну билдирет. «Сизге эмне деп айтканын билбейбиз. Бирок муну камаш керек азыр. Мас болуп алып, Тазабек дегенди жайлап таштаптыр. Ал ат минип бир жактан келе жаткан экен. Бул машинасы менен астынан чыгыптыр. Ага тушташа түшкөндө эле машинасын токтотту дейт. Анан аттан жыга тарткан имиш. Тигил учурашат деп токтой калган го. Эч нерседен бейкапар ал антип-минтип эсин жыйгача артынан кармаган бир нерсе менен шилтегендей болду. Мен жоо келатканмын. Алыс элем. Жеткенимче сүйроп барып, машинасынын аркасындагы орунга киргизди да, жүрүп кетти, - дейт Садык. Номеринен кимдин машинасы экенин тааныптыр. Дем алыш эмеспи, базардан келаткан экен. Садык мага жетип барды энтигип, ошондон бери экөөбүз муну издеп жүробүз»... Акыры минтип силерге кабар берели деп келсек, биерде отурган турбайбы? Машинасын да таштай качыптыр. Тазабекти каякка алып барып таштады экен? Ал эмне болду экен? Тезирээк мындан сурап билиш керек. Акмакты аябай жазалап бергиле, мына, мен агасымын. Ошентсе да адилет сөзүмү айтып койгум келди. Келбесе, силерден киши алып, өзүм издеп тапмакмын. Жазалагыла бул акмакты. Мындайын билгенде бешиктен белин чыгарбай өзүм жайламакмын», - деп жана каары бетине чыгып, заары тилинен төгүлүп жаткан учурлардагы чечими түп ордунан натуура экендигин эми түшүнду. Ошондой пикирге келгендиги үчүн, бир тууганып колго сатып берүүго дит баккандыгы үчүн уялгансып калды ичинен.

«Кагылайын, Каке, каныңбирге, жаныңбирге жатындашым экенинде эми ишендим. Корккончуман эмес, элден уялганыман олмокмүн кайрылбай кеткенинде. Иниси агасын кармап берип-тир деген сөздүн озу өлүм эмес беле мен үчүн. Эми мында быякысына кайылмын. Коркпо, кагылайын. Көкүс жылчык чыгып калчу болсо бул ишибизден, мен өзүм алам баарын мойнума. Садык алат. Сени кошпойбуз эч жагына. Менин буйругуму аткарган, бул жаш немеге тийбегиле деп айтам. Такыр коркпогун. Бирок биз из жашырып калыш үчүн жан талашып жатпайбызбы? Жүр, машинага баралычы, түн да бир оокум болуп калды көрүнөт», - деп Калмакты колдон ала Карагул анан жүгүрүп келген жагын коздой басты.

Садык машинанын ичине кирип уктап калыптыр. Карагул арткы эшикти ачты эле, арактын ачымык жыты мастыгы тарап калган неменин каңылжарын ордоп кетти. Буга кыжыры келе түштү. Эч нерседен бейкапар немедей оозунан шилекейин агыза арткы орундуктун жаздыгына башын жологон бойдон жаткан неменин колунан кармап силкип жиберди эле, ал кыйшайып астынкы жаздыкка шылк этти. «Менин тиешем жок бул ишке, баарына сен жооп бересиң» дегендей камырабастыкты, токпейилдикти көрдү

Карагул досунун бул жоругунан. Ачуусу келди. Кармап турган колунан дагы силкти, башын көтөрө алган жок.

Садык дүкөндүн кароолчусуна барып он сомго эки бөтөлкө арак алган. Бирөөн өзүнө, экинчисин Карагулга арнап. Өзүнө тиешелүү бөтөлкөнүн жарымын ошол жерден эле оозун ачып көтөрүп жутуп жиберген да, тамтандай басып, машинаны араң таап келсе, тигилер жок. «Кайда жоголмок элеңер. Эми эмнеси болсо да, бир тартмак болдук го» деп машинанын арткы диванына чалкалай отуруп, калганын да жутуп алган. Ошентип, ичинде угуту, башында кыжаалат оюр бар неме дагы кыпкызыл мас болуп, анан уктап кеткен.

Карагулдун шыбагасын келери менен берем деп колуна кармап отурган эле, уктаганда анысы колунан жылбышып түшүп кеткен. Отургучтун түп жагында жаткан ак шише ачуу менен досунун башын көтөрүп жаткан Карагулдун колуна урунганда, а дагы кубанып кетти. Садыкты шалак эттире кайра таштап жиберип, бөтөлкөнү бери алды. Анын салмагынан эле куру шише эмес экендигине көзү жеткен Карагул аябай сүйүндү.

Жарымына жакынын жутуп жиберген Карагул шишенин оозун ойдо кармай берип, каткан көмөкөйүн сууга жибитип, эсин жыйган адамча «Ох!» деп алды.

- Кагылайын, Каке, кичине кылт этип алсаңчы? Акылыңы жыйнап аласың, - деди анан бир нерсени ойлонуп жаткандай алдыңкы эшигин кармай шылкыйган инисине карап.

- Жок, өзүңүз иче бериңиз.

Карагулдун көзүнө Калмак дагы бир сөз айтса шарт коюп, качып жоончудой көрүндү. Ушул сезимден улам шашып кетти.

- Кап, түн бир убак болду го дейм. Ушинтип жүрүп, талаада таң атырып жибербейли. Кетели үйгө. Барып эртеңкинин камын көролу. Сен машинаны тазалап, эрте кийим-кечелерди алмаштырып, бети-башты жууп дегендей, эртең менен ишинде болушуң керек.

Муну айтып, Карагул ойлонгондой чекесин кармана бир аз турсаң соң, эшикти катуу жаап жиберип, бериге бурулду. Ордуна отурбай ыргылжың турган Калмакка жакындады. Бир колунда жанагы жарыма калган арак. Экинчи колун инисинин ийнине коюп, дагы жалына кеп таштады. «Сен такыр коркпо, кагылайын. Кокус из жашыра албай калсак, анда күнөөнүн баарын тиги экообүз моюнга алабыз. Ал эч жакка кете албайт. Бизди атпайт, көп эле болсо, он жыл берет. Он жыл деген эмне, бизге окшогон жаштарга. Азыр отуз үчтөмүн. Кырк үч жашка чыкканда келет экенмин. Акча болсо, кудая шүгүр. Жеңең билет кайда экенин. Ал балдары менен тебелеп-тепсеп жесе да бир топ жылга муңбай жетет. Сенин үйлөнүшүңө атап койгон да алейне акча бар. Аны да жеңең билет. Ошентип, мансиз деле кор болбойсуңар. Коркпо, кагылайын, бул ишти сага такыр жолотпойбуз. Сени кокус би-

лип коюшса, анда мен буюрганмын дейм. Бир тууган укем, эгер менин тилими албай кыяша кылса, биринчи ушуну жайламакмын! – деп эле ачыгын айтам. Садык экөөбүз ошондой макулдашып алган элек деп бул ишке аттанардагы планыбызды жашырбай ачыкка чыгарам. Чынында да ошондой болмок, иним, жаның карайганда эч кимди аягыдай эмессиң. Эгер сен кыйшандасаң, ким билет, бир жагынан ызалык, экинчи жагынан аракка тоюп, албууттанган акең менен азыр минтип сүйлөшпөй калат белең. Кымбат, ыйык бул турмушта эч нерсе калбагандай туюлган мага. Ыракмат, инилик кылып кыңк этпестен, машинаны кыякка айда десем, ошол жакка айдадың. Антпесең, дагы айтам, азыр менин алдыма минтип тирүү турбастан, жер кучактап жатмаксың, укем».

Канчалык озуп токтоо тутууга аракеттенип жатканы менен, Карагулдун ою бир жерде эмес экени ушул созүнөн байкалып турду. Мурдагы эле айткандарын дагы кайталап жатты. Калмак дагы муну экинчи жолу угуп жатканын сезбеди. Анын башында да тигинекинен бешбетер ойлор каршы-терши ат салышып аткан...

Эмне үчүн биз мындай ишке барганыбызды сен али билбейсиң. Сурабадың, биз айтпадык. Иймендин сураштан. Аныңы түшүнөм. Сокур немедей жетелеген жакка гана басканды сага үйрөткөн өзүм эмесминби. Аныңа ыраазымын. Эми айтып коёюн, бул чатактын себебин: Тазабек менин артыман, Садыктын артынан түшүп алды. Андып жүргөн көрүнөт коптон бери. Акыры колго түшүрдү. Мындан эки күн мурда партиялык чогулушта айтып чыгыптыр. Кээ бир кымбат баалуу буюмдарды базадан алып, анан жолдон, белден жок кылышат. Көбү складдан ары дүконго жетпей жок болот. Аны билген, далилдей турган кишилер бар деген имиш. Эң чоң далил катарында мындан бир айча мурун базадан алынган «Урал» маркасындагы эки мотоциклди жолдон саттырып жибергеними билип алыптыр. Билбеймин, ким ага жеткиргенин. Аным ырас эле, бирок шофердон башка эч ким билчү эмес. Эки жарым минден ар бирин мурда макулдашкан кишилерге түн ичинде келатып таштап келгеним чын. Өзү бир миң бир жүз он алты сомдон эмеспи. Сага жумшайын дегенмин ал акчаны. Женеңе айткан турбайсыңбы, келерки жылы үйлөнсөмбү деп. Кызыңы да айткан эле мага. Ошол эки мотоциклдин акчасын бүт колуктуң экөөңө деп катып койгонмун. Айдалып кетсем да пайдалана бересиң. Женең билет дегеним ошол. Балдардыкы, женеңки башка. Мына ошентип, ал мени чогулушта айтыптыр. Комиссия түзүлсүн деп чечим чыгарышкан имиш. Мен иштегенден берки облпотребсоюздун базаларынан алынган товарлар, алардын районго келип түшкөнүн, жана бөлүнүшүн текшеришет имиш. Издесе, албетте, ал айткандардан да көбүрөөк чыгат. Сенден жашырмак белем. Баарысын силер үчүн, силердин келечегиңер үчүн, анан жоро-жолдоштор үчүн иштегенмин. Аны танбайм. Баарын өз колум менен иштегенмин, демек өз мойнум менен тартышым керек. Бирок

өлгөндө да аракет кылып жатып өлгөн жакшы. Кармашып жатып өлүш керек. Айдалсаң да, кармалсаң да арманың азыраак болот. Кеңиң калбасын ичте. Өч алыш керек колдон келишинче. Сенин жаныңы оорутуп аткан кишинин жанын сен да оорутуп кетишиң керек».

Калмакты ал эми колдон кармады. Анын дулдуйган кебетеси дагы эле ишеничсиз тунжурайт. Карагулдун баятан бери эки сыйрадан айтып жаткан акыл-насаты, кеңеши, жанагы кылмышка баргандыгынын себептери таптакыр аны ынандыра албаган сыяктуу. Жылт коюп качып жөнөгөнү тургансыйт. Тундү как жара: «Мына, каракчылар! О-о эл! О-о журт, мына каракчылар! Мен аларды эртеден бери өз машинама салып жүрөм. Эми гана түшүндүм алардын ким экенин! Адилет адамды, ак ниет адамды, булардын жүзү каралык бетин ачууга аракет кылган адамды өлтүрүштү!» – деп ачуу үн сала жөнөп бере тургандай жүрөгү дагы оозуна каптала түшкон Карагул анын колунан кыса кармады. Жанатан берки анын эрип кетип, Калмактын жанагы «акелеп» келип мойнунан кучактаганда эрип кетип айткан алиги сыры үчүн эми ичинен бушайман жеп алды. «Акмакмын. Булардын баарын айтуунун кандай зарылчылыгы бар эле. Кокус эле бул иштин изи жашырылып калса, тиги балалык кылып, бирөөнө болбосо бирөөно айтып койсо, эмне болот? Акмакмын. Өзүмдү озум кармай албай калдым окшойт. Нерв деген нерсе аябай начарлаган экен го. Эркимен тышкары иш кылган турбаймынбы. Кап!»..

Калмак былк этпей турат. Башын да которгон жок. Агасынын жанагы создөрү тамагынан бирөө бууп жаткандай шыбырап айткандарынын эч бирөө кулагына кирбеген өндүү...

Бир топтон кийин ал көкүрөгүн кере, башын бир аз көтөрүп, эриндерин чормойто катуу үшкүрдү.

- Башым маң болду, аке. Эмне кылайын, тезирээк буйрунузчу?

- «Олтур машинага. Айда, үйгө кеттик. Башың маң болбосун, иним. Айттым го, баарын озубуз көтөрөбүз», - деп.

Карагулдун үнү баягыдан бекемирээк чыкты. Ал инисинин акыркы созүнөн кандайдыр бир ишеничти туйгансыйт. Ошондон улам көтөрүңкү үн катты.

- Жанагинтип качканың балалыгың. Антип кутулууга болбойт мындай иштен. Акыл-эсти топтоп, баарын олчоп-бычып, туруп, анан буйт коюу керек мындайда. Антпесе, кынында жаткан бычакты өзүң сууруп алып, алкымыңа такаганың. Кеттик, калганын ошерге баргандан кийин сүйлөшө жатарбыз...

Машинага түшөрү менен ал болжол пландарын, ойлорун ортого салганды дагы уланты. Эмнеси болсо да, башына түшкон кылмышты эми гана сезгендей, аны женилдетүүнүн жолун жан талаша издеп жатканы байкалып турду.

- Ордунда жогу, демек, олбогону. Бир жакка жылып кетсе керек. Же бирөө-жарым байкап калган чыгар, биз кетерибиз ме-

нен аны алып кеткендир. Эми аны менен беттешкенде эмне дейбиз? Ал жоопту да даярдап койдум, айтайынбы. Мындайда кишинин акылы тез иштейт окшобойбу. Айтайынбы?

Калмак дагы эле үндогон жок. Бирок «айтыңыз» дегендей баш ийкоо менен ишаарат бергенсиди.

- Өлтүрүүнү кааласак, үч кишинин кантип күчү жетпесин. Андай нерсе ойго да келген эмес. Катуурак муштап койсок керек, кызуу элек да. Дем алыш эмес беле. Ар бир дем алышта бирибирибизди конокко чакырмай Садык экөөбүздүн адатыбыз. Бу дем алышта кезек аныкы эле. Тазабекти да чакырган экен ал келбей калды. Кечке чейин күтүп, анан издеп чыкканбыз. Алдыбыздан Тазабек чыгып калды. Аттуу экен. Кимдин атын минип алганын билбейбиз. Жакындашканда тааныдык. Тамаша кылып, Калмакты сигнал берип койчу, саламдашканыбыз болсун десек, машина «түйт» дегенде, аты жолдун бир жагына жалт берди. Ооп барып жыгылбай калган Тазабек атынын тизгинин кере тарта токтоп, биз жакты карады. «Тааныбай жатасыңбы? Биз элебиз» деп мен тамаша кыла машинадан чыктым. Ал алик алып, тамашагатамаша менен жооп бергендин ордуна сого баштады. Көрсө, мас экен. Издеп жүргонүбүздү айтуунун ордуна, биз да тилдеп кирдик. Анан барып, анын чогулуштагы биз тууралуу айткан натуура пикири эске түшүп кетип, ачуубуз ого бетер келген окшойт, мушташып кеттик. Анан жолдон өткөндөр көрүп калбасын деп, тигинин чиренип тепкилегенине, муштаганына карабай үчөөлөп машинага салдык да, кыштактын четине алып барып таштадык. Эси оой түшүптүр. Атынын кала бергени ошондо эсибизге келди. Атын алып барып жанына коё берели, мастыгы тараганда туруп минип кетер деп кайра келсек, аты ордунда жок болуп чыкты. Ары издеп, бери издеп, таппай, кайра бардык. Машинага салып, үйүно жеткирип тайштайлы дегенбиз. Бир саат өттүбү арадан, жокпу, кайра келсек, өзү да жок экен. Көрсө, бизди алдаган тура, эси оогонсуп жатып калганы. Бир жакка жылып кетиптир. Ары издедик, бери издедик, анан жамгыр шатырап куюп келгендиктен, сууга түшкон чычкандай шөмтүрөп жүро бергенбиз. Анын эмнеси бар экен? Урса уруп алсын, сөгөм десе, мына, керегинче сөгүп алсын. Баарына макулбуз! Күнөөлүбүз. Бирок бир жердик, бир элдикпиз, кечирип коёр деп ойлойбуз деп алдына бөжүрөп туруп беребиз. Кечирер дейм? Кандай, менин бул планым? Жакшы бекен?

Калмак жооп берүүнүн ордуна дагы бир жолу терең үшкүрүп койду, ушунусу менен ал азыр эч кандай план менен макул эмес экендигин билдиргенсиди.

Тигинден жакшылыктуу жооп болбогондон кийин Карагул, машинанын диванына чалкалай берип: «Айда, кеттик! – деди жанагы буйругун кайталап, - эмнеси болсо да көрдүк эми, атасынын көрү».

Машина алабыз деп, мындан үч-төрт ай мурун Карагул короосунун бир канат эшигин эки канат дарбазага алмаштырган. Бир уçта беш-алты күн конуп-түнөп жатып, эң сонун дарбаза жасап берген эле. Ал машина келгенде гана ачылат. Башка убакта анын бир канатына жасалган кичинекей дарча аркылуу гана өздөрү кирип-чыгып жүрчү. Мына ошол жашыл боёк жаңы дарбазага акырын келип токтогондо, Карагул өзү түшүп а дегенде дарчасын, анан дарбазаны ачты да, «кире бер» дегендей караңгыдан Калмакка кол шилтеди.

Дарбазанын ичинен кулптаган соң Карагул: «Эми сен бир аз жатып, чырым этип ал. Рулда отура турган кишисиң эртең дагы. Садык экөөбүз эбин таап кызматтан деле жылт коюп кетип, барып эс алып алабыз. Биз машинаны жууйлу», - деди жалдырагандай.

Калмактын көздөрүндө да, тулкусунда да уйкунун белгиси жөк эле. Анын ордун башка нерсе жайланышып алгандай. Аны тушту-шунан кысып жана басып турган оор жүктү жеңилдетчү тиги айтып жаткан уйку эмес. Башка нерсе эле. Эмне? Муну көөдөнү түйшүккө, башы чатышкан ойлорго толгон Калмактын өзү да билбей турду.

«Мен өзүм эле жууймун машинаны, силер уктай бергиле», - деди ал машинада отурганы эсине эми гана түшкөндой эшикти ача берип. Ал машинанын артына өтүп багажнигин ачты. Андагы кабырылган эски челекти алып, короонун орто чениндеги, алма багынын арасындагы кубурга барып, чоргонун ылдыйга шылкыйган тутқасынан кармап өйдө көтөрдү эле, андан муздак, тунук кашка суу шаркырап чакага куюлду. Заматта ашып-ташып кеткен алиги суудан бир колу мнен чаканын боосунан кармап, экинчиси менен анын түбүнөн көтөро а дегенде Калмак, өзү ичти. Ич күйүп баратканын муздак суу кулкунунан ары өткөндө гана сезди... Кылкылдатып жутуп жатты...

Дарбаза ачылып, андан ичкериге машина канчалык акырын жана этияттык менен киргенине карабастан, Карагулдун короо ортосундагы сөрүдө жаткан арык, кара сур аялы ойгонуп кетти.

Эринин добушун укканда, түндүн кайсы убагы болбосун дик этип тура келүү ага көнүмүш. Антпесе кызыл камчы күйөөсүнүн каарына калганы. Анын жөнү жок жерден эркелеткенине да, күтпогон жерден бет талаштыра коюп жибергенине да Сагынбү конуп бүткөн. Эркелетүүсүнө тула бою эрип маашырланбайт да, кишинин көзүнчө деле жини келгенде уруп, же сөгүп жибергенине жүдөп ыйлабайт да бу кезде. Үч баланын атасы болгондугу үчүн, тапкан дүнүйөсүн колуна алып келип салып бергендиги (талаадан артканы экенин ал кайдан билсин) үчүн гана күйөөсүнө ыраазы.

Анан кантсин, тунгуч кызы боюнда экенинде мас болуп бир жактан келген күйөөсүнө тамаша айтамын деп, биринчи таяк жегенинде көздөрүн көгөрткөн бойдон ушул эле кыштакта ата-эне-

сине даттанып барып уккан сөзү бул болгон: «Эр деген ошо, бир күнү урса бир күнү сүйөт. Баарыбыз эле ошентип күн кечирип келатабыз. Эртели-кеч эне болгону отурасың. Эми баарын көтөрүшүң керек. Урган киши, эркелеткенди да билет. Ошонун баарысына көнүшүң керек эми. Эриңин табышы баарынан көп деп эл мактап атат. Андай чанда чыгат. Тапкан дүнүйөсү да жок, бирок катынынын башынан камчы түшүрбөгөн эркектер да бар. Ошондойго туш болбогонуңа кудая шүгүр дей бер», - деп Калча сагынып жүрүп алты уулдан кийин араң көргөн кызы экендигине карабастан, атасына билдирбей аны жемелеп кайра жолго салган. «Эрин жамандаган катын жарыбайт. Эрдин жаманын жашырып, жакшылыгын чыгарыш керек, ошондо катынын да, эри да башкалардын алдында барктуу болот» деген узатып жатып да нускалуу кебин айтып.

Ошондон кийин энесин бардык жактан тууроого тырышкан Сагынбү Карагулдун чынында эле жаман кылык-жоругун жашырып, жакшы жактарын башкаларга жеткирүүгө шашчу.

- Ой, эмне болду, силерге таң аткыча жоголуп? – деди уйкуга канбаган көздөрүн ушалаган калыбында Сагынбү сөрүнүн төрт тепкичинин эң акыркысына бут койгон калыбында, ага жакындай берген эки достун жүзүнө карабай эле туруп.

Мындай беймаал келүүлөр биринчи жолу эмес да. Сагынбү жөн гана сурап жатты. Анын бул жолку добушунан деле эч кандай шекти, нааразылыкты сезбеген Карагул шыбырап унчукту: «Т-с-с-с, балдар ойгонуп кетпесин. Ичкериге кирип, Садык экөөбүзгө бир нерсе даярда.

Эмне даярдоо керектигин Сагынбү өзү билет: арак, анан ага закуска. Тамак керек болсо, Карагул кошумча буйрук кылат.

Сагынбү электрди жандырып, ар убак жабанда турчу арактын бир шишесин, үч алманы тарелкага салып, дасторкон четине койду. Ошондо анын үстүнө кирип келген экөөнүн кебетесин көрүп, Сагынбү чочуп кетти.

- Ой, эмне болгон силерге? Машинанын ичинде жүрүп ушунча суу болдуңарбы? Ылайды кайдан чаптап алгансыңар?

- Машинабыз тыгылып иттей кыйналбадыкпы.

Бул жоопту да Карагул айтты. Өзү алдын-ала белендеген, азыр башы толо жооптордун бири эле бу дагы. Эки чоң стаканга болуп куюп алышкан бир бөтөлкөнү бир гана жолу ичип коюшту. «Сен да эми үйүңө барып, кийиминди алмаштыр», - деди өзүнө карап, жалооругандай жалдырап тиктеген Садыкка сынагандай Карагул. Бая Карагул жакадан ала жулккулап ойготкондон бери баары бир көзүн ачалбай ал үн-сөзсүз келген.

Садык ушуну эле күткөн беле, ордунан лып тура келди.

- Үйдөгүлөрдүн эч кимиси байкабасын. Калган-катканын эртең сүйлөшөбүз, - деди дарчадан башын эңкейтип бир бутун арыга чыгар берген Садыкка Карагул шыбырай.

- Андан кадырың жам боло берсин. Менин оозуму болот сандык дей бер, Каке.

Карагул кайрадан ичкерки үйгө кирип, дасторконду жыйнап жүргөн аялына чарчаңкы үн менен: «Мага ушул жерге эле көрпөчө таштап, жаздык коюп берчи», - деди. Анан ал такта үстүндө бөлмөгө толуп жаткан килем бетине отуруп (райпого иштегенине жарым жыл болбой жатып, үйгө алып келген биринчи кымбат буюму ушул) чечине баштады.

Жуулуп, тапталып, бөлмөнүн бир каптышындагы күрөң шкафтын текчелеринин биринде жатчу майка, ич кийимдерин алып келген Сагынбүнү тиги мойнунан кучактай калып өзүнө тартты да, жүрогү шуу дей түштү. Жанагы арак эсинен чыгара салган окуя кайрадан дилине келген эле.... «Балдардын жанына бара бер», - деди эки жаздыкты алып келип, көрпөчөнүн баш жагына кабаттап койгондон кийин өзүнө карап туруп калган Сагынбүнүн жүзүнө тиктебей. Сагынбү коңүлсүз басып чыгып кетти.

Майка, трусычан, эки алаканын төбөсүнө төшөй жаздыкка чалкалаган Карагул аялы чыгып баратып, эшик үстүндөгү өчүргүчтү басып кеткендиктен, оор караңгылыкка толо түшкөн бөлмөнүн шыбына тирмилди да калды.

Жүрогү улам алкымына каптала берди... Тура келип, жарыкты күйгүзбөй тааныш жерден сыйпалап жатып дагы бир бөтөлкө аракты алды да, тике турган жеринде эле оозунан кылкылдатып жута баштады. Канча ичкенин билбейт, бирок колундагы шише жеңилдей түштү. Аны кайра ордуна койду да, келип жатты.

Сагынбүнүн ошондон көп өтпөй келип, капталына кыланышта жата кеткенин да туйган жок...

* * *

Машинасынын ичине, доңгологүнө чейин челектен колдөтө суу чачып жатып жууган Калмак, анын арткы отургучуна кирип көз жума чалкалаганы менен чырым эте алган жок.

Мындан бир нече саат мурда анын көз алдында, жок, анын катышуусу менен болгон окуя так ушул короодо, жок, машинанын ичинде кайталанып жаткандай кулактары чуулдап, денеси үркүп тынчы кете берди. Жана агасы Садыкты узаткандан кийин анын жанына келип: «Жуун бүткөнүндө кирип бир аз уктап ал», - деген. Бул баш ийкеген. Үстү ак тунуке менен жабылып, мындан эки жыл мурун салынган беш бөлмөлүү бул үйдүн четки бөлмөсү, күн батыш жактагы эки чакан терезелүү бөлмөсү ушул Калмактыкы эле. Керебети, столу, кичинекей кийим шкафы да бар. Буларды сатып берген да Карагул акеси. Аны эч нерседен өксүтпөгөн, ал бул жерде да өзүнүн ага болгон туугандык сүйүүсүн далилдегени ошондо.

Калмак машинадан чыгып, короодо шылкыя ары-бери басып жүрүп, таң атырып жиберди. Жер бетине таң шооласы кадимкидей канат жайып кирип келгенде ал агасы түндө кирип кеткен

болмөнүн терезесине барды. «Кете берейинби?» – деп андан уруксат сурамак эле.

Карагул уктап жаткан экен. Калмак жалт бурулуп кетти. Кыжыры келди. Талаада, караңгы түндүн кучагында, жамгырда так ушул агасынын, азыр аялынын койнунда керилип жаткан агасынын колунан жабыркап жаткан Тазабек эсине түштү. Аны күтүп, эшик алдында жалгыз отурган (Садыктан укпады беле) Сабира көз алдына келе берди. А булар болсо минтип моюндашып...

Калмактын көздөрүнө жаш толуп, тамагы буула түштү. «Адам жок беле?» – деген Тазабектин эртеден бери кулагына сиңип бүткон добушу кайрадан жаңырды. Ушул таң мээримине, ушул жайдын таң нуруна көшүлүп турган бакдарактуу айыл үстүндө жаңыра баштагансыды...

Калмак чуркап барып дарбазанын алакандай жалпак темирин сууруп таштады эле, эки канаты эки жаака кетти. Шашылып барып машинасын жүргүздү. Короодон чыга жөнөдү, бирок кайрылып дарбазаны жапкан жок.

Жүрүп кетти. Булардын айылы райондун борборуна жакын эмеспи. Автобаза ошол жерде. Калмак азыр, ошол жакка барышы керек. Кечээ түшкө чейин гана райондун борборунан жүргүнчүлөрдү, базарга келгендерди туш-туш жакка ташыган. Намаздигер ченде айылдагы бир бала ага Карагулдун буйругун жеткирип барат. «Келсин үйгө машинасы менен. Зарыл жумуш чыгып калды», - деп гана айтып жибериптир. Жетип барган. Карагул акеси келсин десе, жердин түбүнөн болсо да жетип келүүгө көнгөн эмеспи жаш кезинен. Зарыл иши жанагы экен да. Тазабекти кармаш керек тура. Аны көздөн далдага алып кетиш үчүн машинадан ыңгайлуу унаа жок тура. Араккa тойгондо жиндери ого бетер келип, Тазабектин көзүн тазалап таштаса эле, каптап келаткан коркунучтан кутулуп калыша тургандай сезишет. Андып калышат тигинин баскан-турганын. Дем алыш күну түш ченде анын колхоздо кароол болуп иштөөчу кошунасынын атын минип жолго чыкканын көрүшөт. Садыктын аялы үйүнө барып, конокко чакырымыш болуп Тазабектин каякка, кимдикине кеткенин билип келет. «Күн батканча күтөбүз, келбесеңер өзүбүз жеп алабыз козубузду»»- деп анан кайра барып, күйоосүнө айтат.

Ошентип Тазабектин эжесиникине кеткенин билишет. Мына, ошондон тартып, анын жолун тосушат. Эгер күндүз кайтып калса, эч нерсе кыла алышмак эмес.

«Эл жаткыча келип каламын», - деген экен аялына. Аны да айтып келген Садыктын зайыбы. Аялына билдирбес үчүн Садык: «Кап, кеч келет экен да. Анда кийинки дем алышта чакырабыз», - деп кейимиш болуп калган, андай кабарды уккандан кийин. Анан Карагулдукуна кеткен. Жеңил-желпи тамак менен гана ичип отурушкан аларга намаздигер ченде Калмак келип кошулат...

...Калмак оң жагындагы орунга карады. Куймаланган, кир болгон дивандын үстүн көрүп жүрөгү зырп этти. Бул орунга үч-төрт айдан бери эч кимди отургузбай жүргөн. Анын себеби

бар. Сүйгөн кызы Зарылды февралдын аягында каникулдан кайтып жатканда тиги элүү километрче жердеги аэропортко ушул машинасы менен, ушул оң капталындагы орунга отургузуп, башка эч кандай жүргүнчү албай жеткирип келген эле. Самолетту учуруп коюп кайткан. «Жайкы каникулга кайтканында да акырын мага кабар бересиң, өзүм тосуп алып, ушул машинам менен алып келем айылга», - деген Зарылдын жаш кылгырган көздөрүнө карап туруп, самолетко отуруу жарыяланганда колунан бир саамга коё бербей кармаган Калмак. Ошого чейин бул орунга, биринчи жолу Зарылын отургузган орунга эч кимди отургузбоого өзүнө-өзү убада кылган эле. Ал орундун акчасын күнүнө канча километр жол жүрсө, эсептеп оз айлыгынан ыйгара жүрчү. Ал эми аны узаткан күнү эки жактын тең акчасын айлыгынан чегерген. Жүргүнчүлөр эки жагынан тең табылганына карабастан, алган эмес. Зарылы: «Ала бер, мени жалгыз салмак белең», - дегенине да болгон эмес. Келе жатканда Зарылсыз эле жүргүнчү албай, базасына чейин өзү жеке келген.

Бүгүн болсо, ошол «ыйык» орунга агасы да, Садык да, туш келгени отура берди. Жанагыдай кылмыш кылышпаса да мейли эле. Дили булганыч, колу булганыч, булганыч гана эмес, канга боёлгон кишилер отурду. Ошентип анын өзүнө гана эмес, таза сүйүүсүнө да алар так салгансыды...

Ушул ойдон Калмактын агасына, Садыкка болгон жек көрүүсү кайрадан көөдөнүн тиреп чыкты.

Зарыл бирге окуган классташы. Сегизинчи класстан булардын ынактык мамилеси байкалган. Онунчу классты бүтүп, Фрунзеге окууа да бирге келишкен эле. Зарыл быйыл кыз-келиндер институтунун үчүнчү курсунда.

... Калмак кыштактын четине чыга бергенде алды жагынан аял көрүнду. Ал өтө катуу баратат. Чалынып-чулуноп бараткансыды...

Жакындай бергенде анын Сабира экендигин жүрүшүнөн, кийим кечесинен эле тааныды. Жука көйнөк, устүнөн жашыл жемпир кийип алыптыр.

Ал артынан машина жакындап калганын көргөндө жол четине чыга берди. Калмак да токтоду. Аялдын уйкудан калып китирейген көздөрүнөн, кубарып аза түшкөн иренинен чексиз бушайманднык, кайгы агылып түшуп тургандай Калмактын зээни кейип кетти.

Ал машинадан сыртка чыкты да: «Отурунуз, Сабира жеңе!» – деди өзүнүн оң жагындагы орундуктун тушундагы эшикти ача берип.

Үнү каргылданып чыкты. Ыйлагысы келип кетти. Муну Сабира байкаган жок.

Сабира Калмакты биринчи көргөн немедей бир топко чейин тиктеп туруп алды. Бул көз караштан Калмактын ички түйшүгү

ого бетер артып чыкты. «Келиңиз, отурунуз? Районго барасызбы? – деди келинге тик багып карай албастан.

- Ий-и. Сен да ошоякка барасыңбы?

- Ооба.

Сабира машинага отуруп, ал ордунан козголо бергенде терең үшкүрдү да, эми гана эсине келгендей сөзгө кирди.

- Тазабек акеңи издеп жүрөм түнү менен. Эжесиникинен иңирде эле аттанган экен. Силердикине да бардым, Садыктыкына да бардым түндө, эч кимисинин эркеги үйдө жок экен. Барбаган үйүм да калбады бу кыштактан. Садык акенин аялы келип кеткен күндүз, түндө бир маалда мас болуп өзү барыптыр темселеп. Кайра кеткен, эмне деп сүйлөгөнүн деле билип-билбейт. Үйуно да барбаптыр. Кайда жүрүшөт алар, билбейм. Аялдары көнүп калышкан го, тынч эле үйлөрүндө жатышат. Мен анте албайм, же Тазабек акең эч качан талаада жатып калбагангабы. Билбейм. Эсим эки болду. Эми райондогу тааныштардыкынан кабар алайын деп баратам».

- Сабиранын бул сөзү түнкү окуянын бар кесепетин Калмактын коз алдын кайра келтирди... Машинанын ичи караңгылай түштү. Дагы асман бети кара булуттар менен капталып калган эле...

Калмактын денеси чыйрыгып чыкты. «Адам жок беле?» – деген Тазабектин сөзү дагы кулагына угулду... Жүрөгү муздай түштү...

Сабира андан бир сөз угууга дилгирлегендей канчалык кадала тиктесе да Калмак ага тик багып караган да жок, үн да каткан жок. Кара тору ирең гана барган сайын кубарып баратты... Жаак булчундарды нары-бери бүлкүлдойт. Тиштегени ушундан байкалып турду.

Милициянын райондук бөлүмүнүн имаратына тушташа бергенде Калмак тормозду катуу тээп, машинасын токтотту. Анан эшикти шарт ачты да: «Мен! Азыр» – деп коюп күрөң боёктуу жабык эшикти коздой чуркап жоноду. Бул дежурныйдын бөлмөсүнүн эшиги. Оң муштуму менен ургулады... Эшик тез ачылды. Ушул секундада, түнөргөн асманды кырча-кырча кескилеген ак жарык терезени, Калмак жулунуп кирип барган тар болмөнүн чакан жалгыз терезесин да тең бөлө болмону секундага жарыкка толтурду да, анан кайра жок болду. Болмөнүн ичи караңгылай түшүп, терезе күндүн күлдүрөшүнөн шырык-шырык этип титиреп турду... Ордунан тура келген чала уйкулуу лейтенанттын маңдайына тура калган Калмак: «Мен адам өлтүрдүм!» - деп аптыкты...

- Адам?!

- Ооба, адам өлтүрдүм!...

Чарт эткен чагылган жарыгы кайрадан алиги чакан терезеден сүнгүп кирип, бири-бирине кирпик ирмебей тиктешип туруп калган шофер менен милиция формасындагы лейтенантты кашкайта көрсоттү... Үйдү солкулдатып адатынча артынан күн күркүродү... Чагылгандын артынан күн күркүрөшү керек да...

ЖАЛГЫЗ БУТАКТУУ АРЧА

1

Сатымкул жалгыз бутактуу арчанын түбүнө келип отурганда күндүн илеби кайтып калган эле. Көмкөрүлгөн казандай боз ташка көчүк басып, папирос түтөттү. Жанына чий калпагын алып койгондуктан, жазы маңдайынан өйдө тегиз кайрылган коюу чачынын түбү заматта кургап чыкты. Үйлогон сайын кумурска изиндей ийрилип жогору жылган тамеки түтүнүнө чалкалай тиктеп, ал ойлуу... Арчанын жалгыз бутагына чылбырынан күрмөй байлаган аты ээсинин бул оюн бузбайын дедиби, жанатан бери арткы буттарын алмак-салмак көтөрө коюн-колтугун тепкилеп, богоноктон корунганын да токтотуп койгон. Ал да азыр алда кандай шыбышты тыңшагансып, кулактарын тикчийте тим турат. Сатымкулдун бир колунда арчанын ичке бутагы. Папиросун соруп, түтүнүн көккө үйлогон соң, тиги колундагы арчанын бутагына мурдун батыра жыттап-жыттап коёт...

Мезгил август экенине карабастан, бу жердин караган шагы али жашыл. Болгондо бут алдындагы чөп гана дартмандын иреңиндей күпкүу.

Бир оокумда Сатымкул ордунан тура калып, чылбыр байланган бутакка бая артылта таштап койгон кара пиджагин алып, желбегей жамына кайра ордуна отурду да, ак койнөгүнүн жакасын топчуланды. Отурган жери чоң суунун жээги эмеспи, анын кечки шапатасы ичиркенте баштады көрүнөт. Дагы папирос күйгүздү.

Сатымкул согушка чейин бул тамекини оозуна алган жан эмес. Урушта жүргөндө да, нанга алмаштырып тамеки тартуучуларга өз шыбагасын бекер эле кармата берчү. Муну согуштан келген жылы, азап-тозоктон эл арылып, бейкут күндөр кайрадан башталган кезде чегип жиберген. Анын себеби өзүнө гана белгилүү.

Жер бетин каптап кирип келген иңирден улам бүлбүлдөп, карааны алыстап бараткан Баба-Ата тоосунун бери жагындагы кырка асканын чалкасынан бироо кармап турган ат такасына окшош кемтигине карады. Баятан бери ошол жерден көзүн албай отурган. Аны караган сайын, эмнегедир жүрөк башы зырп этип коёт. Бүгүн айдын он алтысы, он жетиси. Ал демек, бир аз кечигип чыгат. Ошол кемтиген, мындан жыйырма жыл илгери айдын ушул мезгилинде, анын толукшуган жүзүн Бакыт деп аталган ыйык нерсенин кучагында, ушул таштын үстүндө, ушул арчанын түбүндө отуруп коргон болучу. Бирок, анда бүгүнкүдөй жалгыз эмес эле. Бул айдын шооласына анда мунун менен кыналыша отуруп, дагы бироо жүз тоскон болучу. Андан бери жыйырма жыл оттү...

Уруштан келгенден кийин Сатымкул ичине толгон бугун чыгарганы мында келсе, ал ушинтип, жал-куйругунан ажыраган жылкы кейиптенип, жалгыз гана бутагы менен шодоюп калган экен.

2

Үйлөнгөндөрүнө бир жарым жыл толгондо Сатымкул аскер кызматына чакырылды. Ыраакы чыгышта ал үч жыл жүрүп келгиче Айнур шаардагы педагогия окуу жайын бүтүрүп алды.

Сатымкул үй-бүлөдөн кандай жолу болсо, кызматтан да ошондой эле акжолтой болду. Аскерден келген соң, райпрокурордун жардамчысы, анан республикалык эки жылдык юридикалык мектепти бүткөндөн кийин райондук прокурор болуп калды.

Германдык фашисттер советтик кишилердин маңдай теринен жаралган ыйык нерсеге ок атып киргенде, Сатымкул республикалык прокуратуранын кызматкери болуп калган эле.

Сатымкул адегенде Кара-Балтада, анан Ош тарабында полктун алдындагы согуштук трибуналда кызмат өтөп жүрдү. 1941-жылдын кеч күзүнөн тартып, бирде Москванын алдынан, бирде Украина багытынан анын кабары келип турду.

1943-жылдын май айында жазган бир катында: Белгород багытында немецтердин зор каршылыгын жоюп батышты көздөй ылдам жылып баратабыз. Жүз көрүшөр күнүбуз алыс эмес» – деген.

Ошондон бери Сатымкулдан кабар жок. Анын жолун тиктеген Айнур мурунку түсүнөн адаша баштаган. Кайын эне, кайын ата болсо анын үстүнө түшө калып жүрүшөт. Алар канчалык үйрүлүшпөсүн, Айнурдун жүрөгүн черге айланткан сагынычты тарата алышмак беле. Анын үстүнө айыл арасында күн сайын жүрөк үшүткөн бир кабар: «Баланчанын баласынан кара кагаз келиптир» десе, дагы бирөө - түкүнчөнүн күйөөсү эки көзүнөн тең ажырап, госпиталда жаткан имиш», - деген кайгылуу каңшаардан Айнурдун кулагы күндө куру эмес.

Баарынан да Курмандын келинчегинин ыйы Айнурдун сайсөөгүн сыздатып таштады.

Курман бир жагынан Сатымкулдун айылдашы, нары бирге окуп, бирге өскөн сырдаш курбусу эле. Экөө колхоздук жаштар мектебин чогуу бүтүшкондон кийин, кесип тандай келгенде эки жакка бөлүнүшкөн. Сатымкул – юрист, Курман пед окуу жайын бүтүп, мугалим болуп калган. Булардын үйлөру да коңшу эле. Сатымкул Фрунзеден ары жөнөй турган болгондо, ушул Курман досуна телеграмма берген. Ал барып, Сатымкулду узатып койгондун эртеси, Айнурду кызы менен айылга алып жөнөгөн. Айнур экөө бир мектепте жарым жылга чогуу иштешти. 1942-жылдын башында ал да согушка кеткен болучу. Кечээ жакында андан кара кагаз келген, Харьков багытында курман болуптур. Күйөөлөрүнүн көңүлү жакын болгондуктанбы, Сырга менен Айнур да эже-синдидей ынтымак жүрүштү. Фрунзеге тигилер көчкөндө, Сырга күйөөсү менен аларды узатып барышкан, шаарда бир нече күн туруп да келишкен. Айнур коз жашын того Сатымкулсуз кай-

тып келгенде, ал күлсө кошо күлүп, ыйласа кошо ыйлап, анын жанынан чыкпай жүрдү. Ал эми Курман кеткенден бери экөөнүн күндүз тамагы, түндө төшөгү бир болуп калган.

Мына ошол Сырга бир аптадан бери кара кийип, адашып журта калган күчүктөй кыңшып отурат. Күндө эрте менен мектепке бара жаткан Айнурдун кулагына эрин жоктоп ыйлаган Сырганын жүрөкту мыкчып, кулакты тундурган аянычтуу үнү угулат.

Кыя чапкан кылычы
Кай жеринен сынды экен?!
Жалыны сууну өрттөгөн
Курманым кантип жерге сыйды экен?!... - о-о

деп, эчкире улуп уңшуса, тоо термелип, кара жер силкинип кеткендей, уккандын тула боюзыркырачу.

Анан кантесиң, Сырга. Эки жетим бири бирин арзып сүйгөндүктөн, баш кошушуп, бир үйдөн түтүн булатканда бу каргаша чыгып түгөйүнөн ажырап олтурбайбы.

Курманга баш кошкондон бери анын ак саргыл өңүнө кызыл жүгүрүп, кой көздөру моймолжуп, өзүн бакыт сересине чыккандай сезип жүрчү. Тилеги минтип, жарым жолдо таш кабарын кайдан билиптир.

«Менин өмүрүмүн кубанычы, көңүлүмүн жарыгы, сенсиң, Сырга» – деп каты сайын Курман анын жүрөк-боорун эзчү. Анын биринчи каты Кинель станциясынан келген. «Кызыл эшелондо баратабыз, Сыргам. Астыбыз-үстүбүз такта. Сыртта кар. Ошентсе да сени эстесем, жамбашыма жумшак, көңүлүмө жылуу. Сураганым – кайгыга алдыра көрбо. Жетимдиктин азабынан экөөбүз эми кутулганда, бул балакеттин туштан чыкканын көрбойсүңбү? Тагдырдын бизге таңүлаганы ушул болсо керек да. Мунусун да көрөлү. Бирок келечектен менин үмүтүм зор. Ушул бойдон изсиз кетип калбаспыз, Сырга жаным. Үмүт жолоочунун таягындай тирүүлүктүн жетеги дешет го, келечекке үмүт менен карайлы. Биздин шыбагабыз турмуштун колунда ооз тийилбей кала бербес. Боюндагыга этият боло көр» – деп эскерткен ал ошол эле катында.

Сырганын кош бойлуу экендигин билген күну Курма оозун кулагына жеткире күлүп, тамаша менен чындык оюн билдирген: «Биринчи төрөгөнүң менин жардамчым болсун – уул туугун. Экинчисинде өзүңө сиңди төроп ал. Андан аркылары да ошондой кезектешип келе берсин. Мага, бешти, өзүңө бешти төрөсөң жетишет го дейм, Сырга», - десе, анысы көздөрүн моймолжутуп эркелеген: «Биринчиси мага, кыз болсун».

Курман анда кадыресе таарынымыш болуп – «Менин инилүү болушуму каалабайт экенсиң да? – десе, келинчеги: «А сен менин сиңдилүү болушуму каалабайсыңбы?» – деп «ага-инилерден», «эже-сиңдилерден» улам, бир топко талаш-тартыш созулган. Тамашанын аягын тамаша менен бүтүргүсү келген Курман, колуктусунун

оту бөрсойүп, кызарган бетине алакандарын тийгизе, «Кой, минтсек бала жерге түшкөн күнү экөөбүздүн ортобуздан эч ким басалбас чыр чыгат корүнөт. Ошондой болбосун үчүн, ар төрөгөндө экиден: бири уулу, экинчиси кыз болсун» – деп, мандайынан чоп эттире ооп койгон. Болочок жакшы тилекке магдыраган Сырганын жүзүн нур чалып, ошондо жазы мандайынан тер тамган эле.

Ошол уул менен кыздын жарыкка келишин кан майданда жүргөн Курман чыдамсыздык менен күттү. Акыры бир күнү блиндажда отурса, Айнурдан сүйүнчү сураган кат барды. «Сырган төрөдү. Качан-качан деп шаштыра бердиң эле, убактысынан жарым ай мурда төрөп койду. Чоочуба, баласы жетилип калган экен. Сенин тилегиң келип – уул тууду. Жерге түшкондо бакырып ыйлаганы сенин – күркүрөгөн добушуну эске салып, киндигин кескен кемпирлерге чейин күлүштү. Атын эмне коёлу? Сүйүнчү жиберүүнү унутпа. Айнур».

Курмандын сүйүнчүсү даяр болчу. Өткөн түнү чалгынга барып, жолдошу менен душмандын постто турган сакчысын тирүү штабга алып келишкен.

«Айнур, сүйүнүчтүү катың үчүн чоң ыракмат! Төбом көккө жетип калды. Ошол баланын ырысына кандуу колун сунуп келген жоонун бироон капка көтөрүп келген күнү сенин катыңы алдым. Кандай кубаныч! Сүйүнчүңөргө Жеңиш деген пулга табылгыс нерсени алып барамын. Ошону күткүлө. Ата-энесине өйдө чыкса өбөк, ылдый түшсө жолок болгудай анын аты Кубатбек болсун. Мен үчүн Сырганын мандайынан сылап, Кубатбектин мурдунан чымчып ооп кой. Эртең дагы чалгынга чыгам, ажап эмес, Кубатбегимдин кубаты менен балким, бу жолу немецтин генералын жетелеп келермин. Сатымкулдан кабар барбы? Силерди сагынган Курманыңар. 1943-жыл. 10-июнь». Ушул каттан бир ай өтпөй: «Командованиенин маанилүү тапшырмасын аткарып жүргөн учурунда, чалгынчы старший сержант Баястанов Курман эрлерче каза болду» – деген бир тилке кагаз келди.

Ким билет, балким Курман өзү жазгандай душмандын генералын кекиртектеген бойдон: «Баламын бактысына көз артканың үчүн, - деп аны муундуруп, анан өзү жан бергендир. «Кубатбек! Сырга! Силердин келечегиңерге колун сунган ажалга өзүмдү тостум. Силер жашагыла! Силер өмүр сүргүлө! Мен да өз өмүрүмүн калган жылдарын экооңорго бердим. Уктунарбы? Уктунарбы? Силерге бердим! Силер жашагыла!» – деп кыйкырганын кан жыттанган Украина талаасы укkан чыгар. Тиги болсо, Батыштын окко тонолгон токойлуу талаасы Курман сыяктуулардын туулуп өскөн жерине, ата-энесине же алыста калган жарына, дидарына тойбой кеткен баласына жан берердеги айткан керээз сөздөрүн кайталап берер беле!?... Жок! Кайгыны да, кубанычты да, былк этпей боюна сиңирип көнгөн жер эненин кулагы эзелтеп керең, көзү жумулуу, нары тилсиз.

Курман ошентип, Украина жеринде түболүккө жатып калды. Азыр кыбыланы карап, тула боюна кара чүмкөнүп, үй бурчунда отурган Сырганын ый-зарын ал эми такыр укпайт.

Айнур эртели-кеч анын үстүнө кирет да, сооротор сөз таппай, өпкөсүн көптүрүп, көздөрүн кызартып, бетин жашка чайылтып чыгат. Кубатбекти өзү көтөрүп, күндө Сырганы үйүнө ээрчитип кетет.

3

Сырганын бул аянычтуу абалы Айнурдун күлүк кыялын алда кандай каргашаларга такап, жар бооруна урунган сел суусундай чапкылайт...

Аны күндүз ой, түндө түш ээрчип алды.

Мына Айнур сабакта отурат. Аңгыча бироо эшикти шарт ачат да: «Айнур эже, Сатымкул акем келди! Сизди күтүп отурушат», деп адырандайт. Окуучулары менен кош айтышууга жарабай, сабагынын ортосунан үзүп, журналын класска таштаган бойдон Айнур үйүн көздөй чуркайт. Бир чакырым жерге жетүү мындай кезде оңойбу. Жол менен жүрбөй, аңыз аркылуу чуркап келатып, кесекке буту чалынып, көмкөрөсүнөн кетет. Башынан учуп түшкөн жоолугун нарыдан-бери жерден ала салып чуркаса, делбек этип, анысы желдин жетегинде кайра арт жагына учат. Аны аламын деп, нечен ирет артына кайтып, жолду өзү узартып келатты. Мына, Сатымкулдун буту аттаган коргондогу чоң дарбазанын астанасы. Буга Айнур дагы бир жолу чалынып жыгылды. Бироо келип: «Эй, сага эмне болду?» – деп колтугунан өйдө көтөрдү. Көйнөк-күрмөсүнө жабышкан чаң, чөп-чарды күбүп, жетелеген бойдон Сатымкул олтурган үйгө киргизишет да, Айнуруң келди, Сатыш, Айнурун» – деп үйдөгүлөр чуулдашканда, эки көзү ак даке менен таңылып төрдө отурган Сатымкул карбаластап ордунан тура калайын дегенде чалынып кетип, бироонүн ийнине таяна калат да, анан колдорун арбандата кайра туруп, эшик жакка болжол менен кучагын жаят. Эки көзүнөн ажыраган күйөөсүн көргөн Айнур ишенбеген кыязда улагадан бери жылбай туруп калганда, ага карай бут шилтей албай алдастаган Сатымкулду мындагылардын бироо колунан кармап: «Биякка бас, мына Айнурун!» – деп, аны көздөй жетелешет, Айнур бакырган бойдон анын кучагына жыгылат...

Айнур үйүндө кезектеги сабагына даярданып олтурат. Аңгыча эшиги чертилди, ачса почточу. Ал төрт бүктөлүп үч жагы кичине ак тилке кагаз менен жабыштырылган кара сызыктуу телеграмма кагазын сунат. Шашылып ачса: «16-май күнү Н. Станциясынан тосуп алгыла. Вагон №9. Сатымкул.» – деген жылуу кабар. Кайын ата, кайын энесине: «Үйлөрдү жыйнаштырып тургула силер. Мен жолдон өткөн машина менен станцияга жетип барайын, Са-

тыш келип калыптыр, - деп, Айнур өзү жалгыз жүрүп кетти. Станцияга жетип келсе, көк вагондорду сүйрөгөн (Сатымкул экөө Фрунзеге ошондой вагондо көчүп барышкан эле), мандайында жылдызы бар кара паровоз бир чаңырып кыйкырат да, анан пыш-пыш эте акырын келип, токтойт. Перрондун асфальт аянтчасы менен чуркаган Айнур № 9 вагонду издеп тапты. Андан адамдар түшүп жатыптыр. Көпчүлүгү боз кийимчен солдаттар. Алардын арасында Сатымкул көрүнбөйт. Жүргүнчүлөр түшүп бүткөндөй болду. Бирок, Сатымкул алиги вагондон чыккан жок. Жакындары менен кучакташып көрүшкөн эл суюла баштады. Чыдап тура албаган Айнур темир туткаларды шамдагай кармаган бойдон тепкичтерге бут койду да, вагондун ичине кирип барды. Вагондун тер жыттанган тар коридорунда аскер кийимчен бирөө башын өйдө көтөрбөй, эки колтугундагы кыска балдактарды тактага тык-тык коёт. Кадамы арбыбайт. Кең көөдөнү болбосо, анын бою торт-беш жашар баланыкындай. Артынан ээрчиген сестра болсо керек, орто жашап калган ал чемодан кармаган колтугуна шинелин кысып, тигинин беш жолу бут шилтегенин бир кадамдап, жай кыбырайт. Эки тизесинин көзүндө төө таманындай жалпайган кайыш каптагычтары бар алиги көөдөн баш көтөрө берип, четки купенин тушунда көздөрүн бакырайтып өзүнө карап турган аялды көрдү. Экөөнүн көздөрү урунар замат, анын Сатымкул экенин тааныган Айнур колдору менен бетин баскан бойдон бакырып жиберди...»

Колтугу толо балдардын дептери. Аларды түнү менен олтуруп, чырактын жарыгында текшерет да, эртең кайра ээлерине таратып берет.

Айнур коргонго жакындай бергенде анын жака-белинде жүргөн кишиледин карааны заматта житип жок болду. Муну көрөрү менен тигилер ичкериге кирип кетишти көрүнөт. Айнурдун жүрөгү бир коркунуч туйгандай болк этип алды. Жети паксалуу коргондун кош канаттуу дарбазасына жете бергенде андып тургандай эки аял тигини шап эттире колтуктап алып, колдорун бетине жетпестей кылып кармашты. Ошол замат коргонду башына көтөргөн: «Эссиз кайран балам ой!» – деген кайын атасынын өкүрүгү, тамдын ичинен аялдардын ыргаксыз ыйы угулду. Буга удаа жанагы эки аял Айнурга сөз катышат: «Кайрат кыл. Сатышыңан кара кагаз келиптир! Бетиңи тыткан менен, олгон кайра тирилмек беле. Ар ишке сабыр керек. Жалгыз сенин башыңа түшкон мүшкүл эмес, бу. Калайык калк мүлдө көторүп жаткан жүк. Силердей жаштарды боздотуп койгон душманга убалыңар жетсин, ылайым».

Айнур үнүнүн баарынча бакырган бойдон тигилердин жетегинде ичкериге кирет. Үйдүн кыбыласын карап, жаш чууруткан аялдардын ортосу жарыла берип, ага орун көрсөтүштү. Сырганы көргөн эмеспи, эки колун бөйрөгүно такай олтуруп, алдында суналып жаткан олүк болбосо да, ыйлап отурат. «Кан жоткүрүп, жарыңы, кап-

татып селге багымы» – деп созолонто бергенде, бу жолу да жаңаша жаткан Сырганын колу ары-бери булкулап, ыйдан токтотот...

Булардан болок да, Айнур ошол күндордо далай түштөрдү кордү. Бирок ушул үч түш анын дилинен такыр чыкпай жүрөт. Булар жонүндо эч кимге, ал турсун сыр жашырбаган Сыргага деле ооз ачкан эмес. Бироого айтса эле, алар түш эмей, чындык болуп чыга келе тургансып, жүрөгү титиреп, муундары калчылдап кетчү.

4

Сатымкулдан кат келбей калгандан бери Айнурдун санаасы санга чарпыла берип, акыры жоошуй баштаган эле. Тирүү кишидей турмушта албан неме болбосо керек. «Жиндеп кетеби, же озүн-өзү өлтүрүп коёбу» – деп, былтыр күйоосүнон кара кагаз келгенде Айнурлар бүт айлы менен чоочулаган Сырга али тирүү. Бар болгону аксаргыл ирени ого бетер кубарып, шыңкылдаган күлкүсү, үнү бүткон немедей тыйылып калды. Бирок, келечектен үмүт үзгүдой эмес. Курмандын алыс эле бир эжесин үйүно алып келип алган. Ошентсе да, ал коп түндордү дагы эле Айнурдукунда откорүп жүрөт. Эже-синдидей экөо жумуштарын бүтүп, төшоко жаткандан кийин создорү Курман менен Сатымкулдан алыстабайт. «Айыке, мен «Курман өлдү» дегенде түк ишенбейм. Бешенесин жайылтып, демейдегидей эле бир күнү шапкесин колуна кармаган бойдон кирип келчүдой, эшик жакты кылчактай берем. Өзүң билесиң го, ал дайыма үйдүн астанасын аттарда баш кийимин колуна кармап алчу эмес беле».

Ушинтип, алыстагы жарларынан кеп сала берип, откон кыштын узун түндөрүн күзөтүшкөн бул экөо азыр тагдырга тан берип, жоошуй түшкон. Сырга дагы эле Айнурдукуна үзүлбой каттап турат.

* * *

Бүгүн базар, Айнур үйдо болучу. Мында түшто келген Сырга үйдүн ичине аны чакан кош терезесинен иңир башбакканга чейин отурду. Ал кетери менен короодон ит үрдү. Стол үстүндөгү чырактын шишесин колуна алып, Айнур аны эми гана кургак чүпүрөк менен ышынан арыта баштаганда, чоң дарбаза тарсылдап-калды. Аны чертпей, бироо ургулап жаткан эле. Коргондун дарбазасы ичиндеги үйлордон анча алыс болчу, ошондуктан аны катуу ургулабаса, үй ичинде отургандарга угулушу кыйын. Демек, аны каккылап жаткан ошону билген киши болуу керек.

Күн батары менен, дарбазаны бекитип коюу быяктагылардын адаты эмеспи. Жана Сырганы узатып чыкканда Айнур өзү аны оор чынжырын салып койгон болучу. Эми андан тарсылдаган добуш чыгып иттин күрсүлдоп үргонүнөн улам, Айнур тышка шашты. Нарыдан бери шишени чырактын коңгуроосуна кийирди да, ал сыртка чыга келди. Дарбазанын төмон жагындагы чоң жыл-

чыктан корүнгон тааныш пальтонун этеги. Жарып чыкчудай сол көкүрөгүн түрсүлдөтүп, ичинен ургулап жаткан жүрөк тушун оң колу менен басып, саамга оз болмосүнүн астана алдында Айнур селее калды. Күйоосүнон кат келбей калгандан бери эшик тык этсе, бирде жакшылык кабар, бирде жүрөк муздаткан суук кабар ошол тык эткен добушка кошулуп, дароо кулакка угулат да, бут учунан так тобосүно чейин муздак агым каптайт. Мына азыр да так ошентти. Тааныш пальтонун этегин корүп, эсин араң жыя, токтоп калганы ошондон улам.

Корүнгон пальто Оңолдуку. Ушул пальтосу менен Айнурдукуна анын тортүнчү келиши.

Оңол — ушул райондун аткаруу комитетинин председатели Жылкыбаевдин аялы. Мурдунун бели пас болбосо, сулуу деп айтарлык. Коздорү сурмалуу. Ирени ак бирок, эмнегедир анысы жулган чүпүроктой кансыз. Буга окшош аялдар бу райондон коп эле табылса керек. «Мунун артыкчылыгы — тандайында мээр чөбү бардыгында» — дешип, катын сырын созүнөн чеге жүргон жигиттер гана эмес, аны менен кепке келген катын-калач да соз кылып жүрүшот. Мындай баа ага сүйлошо келген кишисин оз максатына тез ынандыра койгонунан улам берилсе керек. «Оңол жеңем киришпесин, чындап кириишсе ал Бүбү Батманын оз кызы болсо да, каалаган жагына алып жыгылат» - деп, ал аркылуу коздогонүно колу жеткен эркектер ото ашыра мактап келатышат.

Тез-тез койнок алмаштырып, упа, атырды коюу сүртүнгондөн болок аны кыйнаган эч кандай түйшүк жок. Ошондуктан колубашы да муңайым, нары жумшак. Күлкүсү наз аралаш чыгып, укkан кулакка жагымдуу. Ошондуктанбы, бет келип сүйлөшкон ар кандай эркектин ичине чок шилеп коюу анын колунан келет. «Мурду жалпак болбосо, Оңол жеңенин торт жагы тең кыбыла дей турган аял да.Сүйлосо-созү отүмдүү, караса-көзү отүмдүү» дешип, айрыкча, аял жандууга ышкылуулар тамшана кеп салышат. Ал эми аны тааныган, бирок андан даражасы томонкү катындардын айрым эркектер суктанчу Оңолдун чырайына мамилелери терс: «Биздин көйнөк менен чапанды каптай кийгизип, анан чаң учкан талаада эки-үч күн кара жумуш кылдырса, коргон эркектин жүрөгүн айландыра турган неме экен. Бактысы бар тура, бечаранын, чоңдун колуна туш келиптир. Кош-кошту кийип, каалаганын жепичип жүрот. Анын баскан-турган тескеген эч ким жок» - деп анын тагдырына гана суктанышып тим болушту.

Айтор, Оңол райондун борборунда жашап турчу «чоң» деп аталгандардын аялдарынын ичинде бир жагынан эринин зоболосу, экинчи тараптан озүнүн тандайындагы «мээр-чөбү» менен кадырбаркка ээ. Бирок, ал корүнгонго мээрин сала бербейт. Өз баркын озү билген неме. Дос-жар күтүү эри экөонүн турмуштагы асыл максаты сыяктуу. «Ошолор гана учканда канат, конгондо куйрук болот» — деп жүрүшөт. Эри эркектен, Оңол аялдардан жакын-

дарды күтүү керек. Өз даражаларына татыктуу немелер табылып калса, андайларга булар кучакты кенен ачышып, заматта коюнколдукташып калганга маш. Баркка жетчи андай дос-жардан эч нерсени аябаган буларда марттык да бар.

Айнур – Оңолдун жаңыдан тапкан ынагы. Ал адегенде Оңолдун кээ бир терс жоруктарын укканда эти жыйрылып, ага бой бербей жүргон. Аны менен майрамдарда далай эле жолу бир дасторкондон даам татышса да, сыр алыша элек болучу. Ал эми Оңол болсо, Айнур жонүндо башкалардан жалаң гана жакшы пикирлерди уккандыктан, аны менен тезирээк достошууга дилгир болуп, ошонун ынгайын күтүп жүргон эле. Аны менен жакындашууга түрткон дагы башка да себеп болуп калды, анысын кийинчирээк айтмакпыз. Айлакерден айда качып кутулмакпы, Оңол акыры өз оюн ишке ашырып, Айнур менен күздө конокта болот. Ошол күндон тартып, ал Оңолго ийикти да калды. Анын ошондогу сүйлогон сөздөрү калыс, мамилеси бир туугандыкындай жакын туюлуп кетти. «Мен ата-энеден жалгызмын» – деп баштады Оңол ошол кечтеги кебин – сендей акыл-эстүү келинден синди күтсөм дегенде эки көзүм төрт болучу. Менин Ысагым (Оңолдун күйөөсүнүн аты ошондой эле) сенин күйоонү тааныйт экен. «Фрунзеде иштеп жүргонүндо көргон элем дейт. Акыл-эси, чырайы жагынан да бир-бирине окшош немелер болучу колуктусу экөө» деп, силер тууралуу көп айтат. Сатымкулдан дарек болбой калган имиш деген кабарды уккандан бери: «Ошол келинди чакырып конокто-гун. Оңу келсе, достошуп да алгын, сага синди болууга татыктуу келин деп, жанымды койбоду. Эл байкайбы-жокпу анысын билбейм, бирок. Ысагым деги эле боорукер неме. Сергек, сезгичтигичи. Кокус башы-көзүм ооруп калса, анда жан жок. Баласындай үстүмо түшо калат. Мен да сага окшоп, уруштан алдынкы жылы педучилищени бүткон элем. Бир жылча гана мугалим болуп иштедим. Анан кудай ушул Ысакка туш кылды. А кезде Ысак Алайда райисполкомдун жооптуу секретары болуп иштоочү. Үйлонгөндон кийин: «Менин бу турмуштан арттырганым жалгыз сенсиң, Оңошум. Балдардын уу-чуусу менен гүл өмүрүнүн кандай откөнүн байкабай калып жүрбо. Баарыбыз да окуучу болуп көргонбүз го. Кудай кыйнаймын деген пендесин мугалим кылса керек. Класста кырк бала болсо, кырк башка тил, кырк башка ык табыш керек имиш. Анысына ким чыдайт? Ошончо ыкты табууга кимдин кудурети жетет? Агай бечаралардын эмне үчүн чачы тез агарып, баштары кашка болот десе, ошондой балээси бар турбайбы. Кой, ошол беш жүз сом акчандан кечтим. Экообүзгө менин тапканым деле жетет. Аксакалдар менен болсо, жаман эмесмин. Ажеп эмес, дагы чоңоюп кетсем. Андай болгондо айлык дагы артат. Мен жумуштан чарчап-арып келгенде, сен жаркырап алдыман тосуп чыксаң болгону. Денеңе чачылган атырдын жыты бур-

курап, чарчаган мээни сергитсе, андан башка менин сенден күтөрүм жок» – деп, баш кошкон жылыбыз эле мектепке бардырбай койгон. Кудайга миң мертебе ыраазымын. Турмушубуз эч кимден кем эмес. Бар кемчилигибиз – ортобузда бала жок. Кээде кантер экен деп, Ысагыма бала тууралу кеп салсам: «Кеч эмес, Оңошум! Сен отуз бирге, мен аран отуз сегизге чыктым. Жетимишбай, Сексенбай дегендерди уккан эмессиңби?» - деп борсулдап коёт. Эки сөзүнүн бир эле: «Андан көрө. сен катындардан, мен эркектерден дос күтолү, ошолордун пайдасы тиет, бу турмушта», - дей берет. Дос-жар деген неме, жыгылсаң сүйөп, басаң-колтуктап коёт экен» – деп, кайда иштесе да, үзөңгүлөш дос күттү. Быягы область, тыягы тиги центрге чейин аны тааныбаган чоң жок десем жаңылышпасмын. Андайлардын пайдасы тийбей койбойт экен. Мына, он жылга аяктап баратат, агаңын исполком болгонуна. Жети район котордук. Мына, силердин районго келгенибизге да эки жылга жакындап баратпайбы. Биерден көңүлгө толорлук бир аял таппай жүргөнмүн. Сени менен эки-үч майрамда жүз көрүштүм, бирок сырдаша албаганым. Акыры минтип, насип, экен, өз үйүмөн туз татырып отурамын» – деп, Онол бар тапканын стол үстүнө жайнатып, Айнурду коноктоп жатты.

Оңол ага ошол күнү өзүнүн өмүр жолун гана баяндабастан, эс тарткандан берки турмуш жолун да кезигишкен тааныштарынын таржымалын да, Айнурдун алдынан бир сыйра чубатып откөрүүнү унуткан жок. Улам кийинки айтканы Айнурдун артта калып бараткан жаштыгын, өксүп калган сүйүүсүн элестетип, бирде күлдүрсө, бирде мостойтуп коюп жатты. Кантсе да, ал Оңолдун мээримине берилип калды. Эки сөзүнүн бир эле: «Кагылайын сиңдим» – деп, жалынып-жалбарып күзөткөн Оңолдон Айнур ошондо ич жылытып кеткен болучу. Сатымкулу кеткенден бери оозуна ачуу албаган ал, а түгүл, аныкынан кемпир кыял болуп чыккан. «Ысак агайың бая күнү тиги Фрунзеден келатып, Ташкендеги бир тааныш аркылуу араң таап, чемоданына алты ботолко сала келген экен. Азыр бардык жерде эле ичимдикти бочкадан сатып калышпадыбы. Анысы сасык, нары жарымы эле суу дешет го. Жакшы саналааш кишилерге гана бересиң деп каттырып койгон эле. Экоон келген күнү тиги секретарь Эрменбаев менен ичишкен. Калганы экөөбүзгө буюрган экен» – деп, боорундагы кызгылт кагазга «портвейн № 26» - деген жазуусу бар күроң винолуу шишенин а дегенде бирин бошотушуп, анан экинчисин түгөткөнүн Оңолдун келин болгондон берки кызык аңгемесине берилип, анан айланып-кагылганына жибишкенин Айнур байкабай да калыптыр. А деп Оңол ботолкону ак сүлгү менен аарчып, стол үстүнө коё бергенде тиги: «мындай немени ичпегениме көп жыл болуп калды, эже» – деп бир чоочуп алган болучу. Элүү граммды гана ичип коюуну суранып, Оңол акыры анын колуна гүлдүү рюмканы карматкан эле. Андан ары сөзго-сөз улана, Айнурдун жүрөгү акырын

жибий берген. Үй жумушундагы кетирекей аялдын кууруп келген кекилигинин артынан палоо демделип, аны жеп бүткүчө эки ботолкөнүн бошоп калганын көргөн Айнур жылмайып гана койду. Кара көздөрү жайнап, наары качып, бостоктой бозоргон ирениие нур жабылып калган Айнурдун чырайына ошондо Оңол суктанганын жашырган эмес. «Кагылайын Айыке, чырайыңан мага деле кичине карызга берип турсаң» – деп кумары ташкан жигитче ордунан тура калып, тигинин от чачкан бетеинен өөп-өөп жиберген.

- Жок, дебесең, Айыке! Эми эже-синди болуп калбалыкпы.

- Эгер жакшы эже болсоңуз, кичине эмес, чырайымын тең жарымын алсаңыз деле мейли. Сатышыма калган деле жетишет. Айнурум, сенин сырткы сулуулугуңан да, мага жакканы ички чырайың дечү. Келгенде сураса, айтам да – сага өзүң жакшы көргон ички чырайымы калтырдым да, сырттагысын сурагандарга болуп берип койдум деп Айнур үйүнө келгенде анын көңүлдүү жүзүн көрүшүп, кайын ата менен кайын эне ичтеринен: «Бечара келинибиз жакшылык кабар уккан го, кубанычтуу келди» - дешип, анда тымызын ой жоорутушкан эле.

Кийинки бир чакырганда Оңол тамак-ашы бүткөндөн кийин Айнурдун алдына кара бастондон тигилген костюм койду. «Эженин азырынча тапканы ушул, кийип кой, синдим».

Мындай белекти андан күтпөгон Айнурдун ичи ого бетер жылып калган.

Дасторконго дасторкон менен жооп берүү салт го. Айнур да эжесине карыз болуп калган жок. Бир нече ирет тигини конок-топ, костюм кийгизе албаса да, үстүно крепдешинден көйнөк кийгизип, башына жоолук салып, «синдиликти» мойнуна алат.

Кайын ата, кайын эне болсо, анын Жылкыбаевдай райондун бир тизгинин оз колуна кармап турган кишинин аялы менен достошконуна ичтеринен сыймыктанышууда.

Баарынан да Айнурдун кийинки айларда көңүлдүү жүргонүно алар курсант. Кат-сабактуу бу келиндин кабак-кашын алар толго катары эсептеше турган.

* * *

Айнур кийинки кезде эжеси барган жердин баарында кошо болуп, ичкиликке үйронүп кеткен. Эжеси адегенде аны ушул адатка көндүрдү. Оңол келгенде ал , ал барганда Оңол виносуз үйдон чыгарбай турган болушкан. Шаарга барганда ботолколүү вино алып келгидей Айнурдун күйөөсу жок болгону менен, кашка баш грузин буфетчини Айнур да жакшы таанып алган. Оңол эжесин чакыртарда, кок сатин чайнекти колго алып, ошол ийри тумшук грузинди коздой чу койчу, же бироону жиберчү.

Адегенде вино ичкен Айнур көңүлү чардап, кусаоыгын унутуп коёр эле. Жакындан бери ичкиликтин аягы ый менен бүтчү болду. Өткон дем алышта да ал Оңол эжесиникинде болуп, үч-төрт

аял каалганы бекем жаап алышып, бозо-вино ичишти, үндөрү кардыккыча ырдап-чордошту. Ошол жерде Айнур биринчи жолу көзүн жаштады. Сатымкулу эсине түшкөн болучу, бирок анысын эч кимге байкаткан жок. Сыртка чыгымыш болуп, жүзүн сууга чайып келди. Үйүнө кайткандан кийин Сатымкулдун төрдөгү илинип турган чоң портретине карап, бетинен ылдый жаш агылта: «Эмнеге мисирейип унчукпайсың? Менин көңүлүм демейдегичилеп мойнуңа асылып, эркелөөнү күзөп турат. Ушуну кантип сезбейсиң, Сатыш? Кел! Кучагыңы аччы! Сагындым!» – деп жинди болгон немече кыйкыра берди. Эшикти кирери менен илип алган.

Чоң атасы, чоң энесинин алдынан алыс кетпеген Гүлнур апасынын өз бөлмөсүнөн чыгып жаткан бул кыйкырыгын кайдан угуп калган, каалганы бытыкый муштуму менен койгулап кирди: «Мама! Ач, мама!» – деп чыйылдады...

«Ушуну көрмөк элең, сен!» - деп табалаган кытмыр кишиче эки бетинин ортосуна болор-болбос чуңкур пайда кылып, жымыйган Сатымкул дубал боорунан анын чакыруусу боюнча түшпөй койгондон кийин, керебетине барып, көмкөрөсүнөн кулаган Айнурду кызынын алиги чыйылдаган үнү эсине келтирди.

Зөөкүр кишини көңүлсүз кучагынан араң кутулган катындай чачы-башын саксайта ордунан теңселе туруп барып, ал эшиктин илгичин чыгарды.

Сатымкулдай узун кирпик, кара көз, тегерек бет Гүлнурасы тигинин кебетесин көрөрү менен, жүрөгү бир кайгыны туйгандай, бакырып коё берди. Аны эки колтуктан так көтөрүп, бооруна кыскан Айнур кайрадан ыйга кирди.

Ошондон бери Айнур ичкиликтен чоочуп жүрөт.

Мына ошол Оңолдун бүгүн минтип беймаал биерге келиши Айнурду шексинтип койду.

- Тынчылыкпы, эже? – деди дарбазаны ачкандан кийин тигинин карга агарган тулку-боюна көз чаптырып.

- Тынччылык эле, синдим. Тиги Эрменбаевдикинен келатам. Бир нерсе оюма түшө калды да, сага кайрылдым.

- Жакшылык нерсеби, эже?

- Сага жамандыкты ыраа көрмөк беле эжең – деп жагымдуу күлүп, Айнурду кучактай калды.

- Жүрүңүз үйго!

- Кой, кагылайын, ушул жерден эле кайтайын. Ысагым келсе, күтүп калбасын. Колхоздордун мал кыштоолоруна барамын деп кеткенине үч күн болуп калды. Бүгүн келмек. Алдынан кучак жайып тосуп чыкпасам, кумары таркабайт эмпеспи, анын. Хихи...

Жаш балача эжесинин колдорун ушалап, Айнур тигини чын ыкласы менен үйүнө чакырып жатты.

- Үшүп кеткен көрүнөсүз, эже, кирсеңиз үйго, эч болбосо бир пыяла ысык чай ичип чыгыңыз. Синдимкинде отуруп калдым десеңиз, агай деле урушпас.

- Эгер муздак чайың болсо, кирейин - деп, Оңол жылмайды. Айнур муну түшүнгөн жок.

- Коюңузчу, өзүңүз суукка үшүп жүрүп, муздак чай ичмек белеңиз. Ысык эле чай демдеп берем, мештин үстүндо жылуу суу турат, заматта кайнайт.

- Муздак чайды алиге түшүнө элек турбайсыңбы, маңыроо синдим – деп, Айнурду дагы кучактай берди эле, Оңолдун оозунан чыккан арактын пыяз аралашкан ачкыл жыты каңылжарын ордоп жөнодү. Бетин андан ала качкан Айнур эми шанк этти:

- Ичип алгансыз го? Ошого ичиңиз ысып, муздак чай энсеп калган турбайсызбы?

- Ооба, сага муздак чай, арак же вино барбы? – дегеним эмеспи – деп, Айнурдун ала качкан башын өзүнө карай тартты. Создүн төркүнүнө эми гана түшүнгөн Айнур тайсалдап калды.

- Сиздин бүгүн келериңизди билбей калбадымбы, кап! Болбосо...

- Ичпесең жүрө бергидейсиң. Ичип алгандан кийин ушинтип, издеп калганың жаман экен, бу ичкиликти, - деп, азыр табылса канча болсо да иче берүүго даяр экенин билдиргендей жука эриндерин чормойто, тышка жел үйлоп, анан Оңол созүн улантты. – Эрменбаевдикинен ичтим, синдим. Бир гана шишеси калган экен, экөөбүз ашманчы аялы кууруп берген этке чийки пыязды аралаштыра закуска кылып, алиги бөтолкөнү ичип койдук. Чынын айтсам, тойбой калдым. Ал дагы бир жакка киши жиберип, таптырайын дегенине күтпөй быякка жүрө бердим.

- Конокко чакырган киши бир эле бөтолко камдаган бекен?! – деди эч нерседен бейкабар Айнур.

- Кайдагы конокко, өзүм баргамын. Бүгүн дем алыш эмеспи, телефон чалсам, үйүндо экен. Аялы олгондон бери бечаранын коңулү чогот да. Андан тез-тез кабар алып тур деп, Ысагым да күндо эскертет. Ошентсе да, эр эмеспи, Ысагым үйдо кезинде, аныкына баруудан ийменем. Ал жок кезде ушинтип кабар алып коём. «Оңол сенин бир касиетиң бар, киши менен сүйлошсоң, сергитип таштайсың» - деп алкап калат, Эрменбаев. Ушинтип, анын да коңулүн алып коём, синдим. Бу турмушта бири-бириңди сыйлаганың калат да. Анын үстүнө Эрменбаев жакшы киши. Келечеги бар неме. Жакында областка котөрүлөт имиш деп, Ысагыман угуп калдым. Кандай чоң кызматка койсо да, арзый турган адам – деп, эмнегедир базарга алып келген малын откоро албай алдастаган сатармандан бетер, ал секретардын этек-жеңин жерге тийгизбей мактап жиберди.

Эрменбаев – райкомдун биринчи секретары. Учук оорулуу анын аялы Каныш мындан үч-төрт ай мурун артында бир бала калтырып, дүйнодөн кайткан. Жашы кырктан жаңы ашканы менен, Эрменбаевдин өңү катымыш. Куркуйган узун мойнундагы териси бырыш-тырыш. Арык тулку шамалга урунган жаш теректей басканда алдына ийилип турат.

Айнур Эрменбаевди сыртынан бир нече жолу көргөн. Акыркы жолу Октябрь майрамына арналган салтанаттуу чогулушта ал доклад жасаган, ошондо көргөн болучу. Анын ички сапаттары гана эмес, Айнурду сырткы көрүнүшү деле кызыктырган эмес. Ошондуктанбы, ал тууралу азыр Оңолдун атйкандары да мунун кулак кырынан кетти.

- Андай болсо, үйгө кирип отуруп турунуз, мен көчө жакка барып, бир нерсе таап келе коёюн – деди Айнур.

- Жок, убара болбой эле кой. Менин кайрылган себебим, жаңы жылды биздикинде тособуз, ошону айтып коёюн дегеним. Мугалимдер оздорүнчө биригип откөрүшчү эмес беле, дагы ошолорго кошулуп кетпе. Өнчөй чондордун катыны чогуу тосмок болдук. Эркектер өзүнчө болушат – деди, Оңол Айнурга күмөндүү тиктеп.

- Мен чоңдун катыны эмесмин да, эже, бар болгону согушта жүргөн бир солдаттын келинчегимин, ошондуктан мени өз коллективимен калтырбаңыз.

- Койчу, синдим. Сени бир туугандай көрүп калганда ушинтесиңби? Бир убакта сен да чоңдун аялы экениңи баары билет го, эгер буга маакул болбосоң, мени таарынтып коёсуң, синдим – деп Оңол муңайып койду.

- Коробуз, эже, ойлонуп, жаңы жылга чейин али он күн бар эмеспи.

- Мени сыйлаганың чын болсо, меникинде тособуз, жаңы жылды. Уят кылам десең өзүң бил. Анткени сага ишенгендигимен, сыртынан эле башкаларга Айнур биз менен болот деп убада берип койдум – деди Оңол, таарынган кишиче башын жерге сала.

- Маакул, маакул, эже. Сиздикине барууга тырышайын. Таарынбасаңыз, күн мурунтан – деп, Айнур эркелей сүйлөдү. Оңол эжеси убада берген «башкалары» ким экенин ал жаңы жылды салтанаттап жаткан күнү гана билди.

5

Айнур сабакта отурган. Столдун үстүндөгү ачык журналдын жанындагы сыртында: «Күндөлүк сабактын планы» деген жазуусу бар дептерге бир үңүлүп алды да, доскага карады, андагы оң колуна сөөмөйчө ак бор кармап турган балага кайрылды: «Биздин аскерлер душмандан өз жерин бошотуп жатышат» – деп жаз.

Тиги баланын башында жакында бир колунан ажырап согуштан келген атасынын боз тумагы. Тумактын бешенесиндеги жылдыздын беш бурчу али да ордун жоготпогон. Согуш маалында отун кайда дейсиң, класстын ичи суук. Директордун уруксаты боюнча окуучулар сабакта сырткы кийимдери менен отурушат. Декабрдын чыкылдаган чилдеси класстын эки кабат терезесин өз билгениндей саймалап, ичкериге муздак илебин үйлоп турат. Айнур

өзү да пальточон, башында тыбыт жоолук. Эжекесинин сулуулугуна арбалгандай отуз төрт баланын көзү ага тигилет.

Бу классты Айнур биринчиден бери окутуп келаткан. Быйыл ошол балдар мына, төртүнчүдө.

- Кана, жазганыңы окучу – деди, тиги бала бүттүм дегенсип, досканын бир четине чыга бергенде, эжекеси. Алача бойлуу, Керимбек чыңкылдады: «Биздин аскерлер душмандан өз жерин бошотуп жатышат».

- Катаң жокпу? Ичинен окуп чыкчы.

Керимбек жазуусуна дагы бир сыйра көз жүгүртүү да: - Жок! – деди. Анан ошол эле суроо менен Айнур класска кайрылды.

- Жок, - дешти баарысы бир добуштан.

- Эми бул сүйломдүн ичинен баш жана айкындооч мүчолорду таап бер.

Керимбек мындай суроонун берилерин күткон болучу, анткени бул темага карата эки-үч күндон бери коңүгүүлор иштеп жатышкан. Ал будалабай жооп бере салды.

- Ээси – «Аскерлер», баяндоочу – «Бошотушуп жатышат» калгандары – айкындооч – деп мугалим мурда корсоткондой ээнин астын бир, баяндоочтуктун – эки, айкындоочту – үч сызып койду.

- Туурабы? – деп мугалим класска кайрылганда, Салима аттуу мыкты деп эсептеген кыздардын бири – ээси туура эмес, - деди кызарып-татарып.

- Сенин оюңча ээ кайсы?

- «Биздин» деген соз.

- Эмне үчүн?

- Ким? Деген суроого жооп берет.

- Салиманыкы туура эмес, Керимбек озү туура тапты – деп калгандар чурулдап жиберишти.

- Керимбек сен кандай дейсин? Өзүңкү туура экенин далилдей аласыңбы? – деди Айнур.

- Салиманыкы туура эмес, анткени – «Биздин» деген илик жөндөмосүндө турат. Ээ болуш үчүн сөз атооч жөндөмосүндө туруп, ким? Кимдер, же эмне? Эмнелер? – деген суроого жооп бериши керек, - деди Керимбек, эреженин эсинен чыкпаганына кубангандыгынан жузү албырып.

- Баяндоочту кантип таптын, - деп, Айнур ага дагы суроо менен кайрылганда эшик чертилди. – Бардыгынар ойлонгула бу суроону? – деп коюп, озү эшикке келди.

Каалганы каккан Сырга экен. Ал ушул мектепте Курмандын барында эле китепканачы болуп иштечү. Өнү кызарып, энтигип алыптыр, Айнурду колдон тартты:

- Айыке, чыкчы бери! Тетигинде бир аскер кийимчен келатат. Бою, басканы Сатышынын эле озү, терезеден көрүп, сага чуркадым, жүрсоң!...

Айнур сабакта экенин унутуп калды. Сырганы колдон алган бойдон мектептин кыштан кыналган коридорун тарсылдата сыртка чуркады. Кочо тараптагы эшиктен экоо жетелешип чыга келгенде, алиги киши мектепке үч жүз метрче калган экен. Карааны Сатымкулдун өзү. Башында боз тумак. Күрөң шинелинин этеги чубалжып, кечки күндүн нуруна күмүштогон крдын бетин шилеп келатат. Башын ылдый кылып алыптыр, жүзү көрүнбөдү. Сол жагынан сылтый басат.

- Окшошпу? – деди Сырга күндү колу менен калкалай берип, ал тарапты тигиле карап калган Айнурга.

- Өзү! Дал өзү, кагылайын Сырга! – деп Айнур эшиктин алдындагы цемент тепкичтен так секире жерге түштү да, эрте менен мектепке келген балдардын буту менен жасалган чыйыр аркылуу тигинин алдынан утурлай чуркады.

Сырга карап турмак беле, артынан кошо жүгүрдү. Так мандайынан озуно карап чуркап келаткан аялды көрөрү менен, алиги аскер кийимчен тык токтоду.

- Сатыш! Сатышым! – деген кубанычтуу кыйкырык менен Айнур жете келип, анын мойнуна асылып калды.

Сырга буларга эки кадамча жетпей боюн токтотуп, көргөн көзүно ишенбей, тула боюн зыркырата эрдин тиштеп тура берди.

- Что с вами, девушка? Что случилось?

Ушул создү айтып жаткан кишинин чоочун экени, анын көкүрөгүно алда качан башын коюп калган Айнурга добушунан билинди. Кубаныч жашы чайган жүзүн ойдо кыла берип, эки колун капталына капшыра кармаган бойдон какайып калган чоочун кишини кордү. Өмүрүндо жолуктурбаган жат немени кучактап алган тура! Анын адашканын-жаңылышканын биринчи болуп сезген Сырга карга боюн урарда, Айнурду колдон кармап калды. Кырктардан ашкан, бети жайык, каш-кирпиктүү, жанагы орус киши булардын окуясына эми түшүндү белем, кең ийиндерин которо терең улутунду да Айнурдун экинчи колтугунан алды...

Тоо кырына минип турган күн заматта нары кулап кетти да, баятан бери каймагын калпып алган сүттөй чаңкайып турган ак кар ошол замат куюн менен көтөрүлгөн чаң тозону бетине жабылгандай карая түштү. Жел айдаган көл бетиндеги майда толкундар сымак жыбырап, ойдо жактан кечки закым жүро баштаган. Ушул закым бети-колду каарып калган кезде Айнур менен Сырга элдин эң арты болуп, мектептен чыгышты...

Алиги райвоенкоматтын экинчи бөлүмүнүн начальниги капитан Васильев деген киши болучу. Жаратына байланыштуу былтыр тылдагы жумушка жиберилген. Мында келгенине бир жарым айча болгон эле. Бирок, Сырга, Айнурлар аны кайдан көрүшсүн. Мектептеги согуштук даярдыктан берүүчү мугалимдин иши менен таанышууга келе койгон.

Өлгөн апасын түшүндө көрүп кубанган, анан ойгонгондо алданганын сезип ыйлаган жетим кыздай Айнур үйүнө жеткиче соолуктады. Ага кошулуп, көңүлү өксүк Сырга да өпкөсүн көптүрүп алды.

* * *

Сырга бу жолу да Айнурдукунда түнөп калмак болду. Эртеңки сабактын планын түзүү, ага карата алдын-ала даярдануу ар дайым жатканга чейин жүргүзүлчү. Айнур бүгүн анткени жок. Китептерин, план жазып жүрчү дептерлерин үйүнө кире бериштеги столдун үстүнө мугалимге таарынган окучууга окшоп ыргытып таштады да, ак тор жабылган эки кишилик керебетке кулады.

Ый – толуп-ташкан опкону бөксөртүп, жүрок жүгүн азайтат эмеспи. Сыргага бул белгилүү да «Мейли, көптөн бери жыйналган көз жашын төгүп түгөтсүн, анан соолугар. Мындай кезде акылнасаат айтуу бейпайда», - деди да, эшикти сыртынан жаап Сырга үйүнө кетти.

Үй тиричилигин нарыдан-бери бүтүро калып, көңүлү түтпөй ал уулун кайын эжесине таштап, өзү мында кайра келди. Айнур жаткан жеринен туруп, шишип-көөп стол четинде жаагын таянган калыбында отурган экен. Жашы тыйылган менен, шибер арасынан көрүнгөн булак суусундай тармалданып калган узун кирпиктердин ары жагынан көлкүлдөгөн жаш тамчыларын байкоо кыйын эмес болучу.

Сырга ага эч сөз катпай мештин оозун ачты да, тыштан ала кирген тараша тамызгысын салып, жаман бир кагазды ушалап-ушалап анын астына койду да, ширеңке тартты. Кургак карагай чатырап күйө баштаганда, үй ичине жылуулук учкундары чачырап, көңүлдүү боло түштү. Плитканын чоң тешигине суу толтурган көк чайнекти койду эле, заматта ысып чыкты. Кол жуугучка ошол сууну булоосун буркулдатып куйду да, Айнурга карады:

- Кел, Айыке, бетиңди жуун алчы. Мынча суу көз болуп кеттик? Минте берсек, биздин көз жашыбызды ким аарчыйт? Кайрат кылып, жакшылыктан үмүт үзбойлучү. Сеники го дарексиз. Анын жөнү башка. Кара кагаз алган мен деле Курманыман али үмүткормүн. Сооронбайдын өлдү деген баласынан кат келгенден бери, кара кагазга деле ишенбей калдым,- деди, сооротуш үчүн эми ыңгайлуу учур келди го деп ойлогон Сырга. Айнур олоң чачтарын тутамын толтура арт жагына алмак-салмак ыргытып коюп, ордунан турду.

- Бүгүнкү ыйга сен күнөөлүүсүң, - деди Айнур, нымдаган узун кирпиктеринин арасынан капалуу көздөрүнө бир аз жылмаюу берип.

- Менин жаңылышып калышым мүмкүн эле. Өзүңө эмне болду? Нечен жыл койнунда жатып, бирге басып, бирге турган күйөөңү өзүң кантип тааныбай калдың? – деди Сырга да жүзүнө тамаша жышаанасын чыгарып.

- Ушундай да окшош болот экен ээ! Оң колун чөнтөгүнө салып басып баратканда ойго тунган кишидей башын эңкейтип алганы да Сатыштын так өзүндөй экен. Болгондо өңүн көрбодум. Ылдый тиктеп келе жаткан неменин бетин кантип коросуң. Сылтыганынана улам, ок тийген экен да, «барганда эле бир жолу билишсин» – деп, госпиталга түшкөндөн бери кат жазууну токтотуп койгон турбайбы – деп ойлодум. Мындай умсунган эмесмин, өмүрүмдө. Эми түшүмө кирсе кантем, Сырга? – деп, Айнур баягыдан ачыгыраак күлүмсүрөдү.

- Мен бирге жатамын го. Көзүндү ачпасаң эле болгону, - деди балалык кыялга курсант боло баштаган Сырга.

- Бирок, сен Сатышым боло албайсың да.

- Түшүндө Сатыш болуп калышым ыктымал.

Желеден агытылган кулундардай эки курбу моюндаша калып, күлүшөт. Бу күлкүдө тамаша да, сагыныч да, жүрөккө сары зил агылткан жаштык кумар да бар болучу. Ошондуктан, бу күлкү жалаң тамашадан жаралган күлкүдөй эшик ачып сыртка чыкпады. Оору кишинин жөтөлүндөй кулак түбүнөн алыс бара алган жок.

Айнур чечинип жуунмак болду. Фрунзеге барган жылы тиктирген кызгылт жүн көйнөгүн этегинен көтөрүп башынан ойдо чыгарды да, кроваттын желкесине илди. Саргыч жибек ич көйнөгү жаба албаган акыреги, билектери, өзгочө кош өрүм чачынын, кашы менен көздөрүнүн каралыгы жылаңач этинен болүнүп эми даана корунүп калды. Аны суктана тиктеп турган Сырга, ийнинен кучактап калып, Айнурду бет жуугучка жеткирбей, бетинен өпкүлөп, мойнунан жыттагылап жиберди.

- Сатышың мендей эркелетчү беле? – деди анан, кызынын бетине биринчи жолу эрин тийгизген жигитче аптыгып. Айнур бир нерсе дегиче болбой, кызууланган Сырга «Сатыш» боло берди. Этеги дирилдеген жибек көйнөккө тиер-тийбес болуп, такымга жете чубалжыган кош өрүм чачын мойнуна ороду да, жалына баштады. – Жаным, Айыке, ушул чачың менен мойнуман муунтуп өлтүрсөң да, мен ыраазымын. Бетиңи бери тосуп койсоң? Жаным, Айыке...

Бетинин как ортосунда кызыл кан ойноп, кой көздөрү жалжылдап кеткен Сырга башын чулгуй берип, тамаша кебин андан ары улантат.

- Бетиңи сайгылаган аныкына окшош сакал-мурутум гана жок болбосо, ушунчалык эркелеткендир да, я?... Бар, эми жууна бер, - деди Айнурдун тери нымшыган мандайынан чоп эткизе бир өпкондон кийин.

Курмандан кара кагаз келгенден бери Сырганын тиш көрсотүп күлгонүн Айнур бүгүн биринчи көрүп отурат. Сатышы менен эч ким жокто жулмалашып алганда ушинтип, мооку кана түшчү. Бул тамашадан улам, Айнурдун дагы кумары тарап калды белем, айтор, жүзүнөн капачылыктын белгиси жоголуп, ал жадырай берди.

Айнур жуунуп бүткончө, Сырга чай демдеп жиберди.

- Ысык тамак жасабайлыбы, Сырга, чал-кемпирлер да жешсин, - деди Айнур, көйнөгүнүн топчусун салып жатып.

- Мен сагынып келбедимди сени, Айыке, тамак бара турган эмес, жүрөккө. Сенин эле тигилип тиктеп отургум келет, бери келчи андан коро - деп, кучагын жая Сырга баягыдан үнүн да, Сатымкулга окшоштура унчугат.

- Койчу, Сатыш, жүз көрүшподүкпү, тиктешүү эми бизден качпас. Сен да жол келдиң. Анын үстүнө үч-төрт жылдан бери четте жүрүп, үй оокатын сагынып калгандырсың. Мен дароо жасап жиберейин – деп, Айнур да өз «ролун» жакшы өздөштүргөн актрисача шымаланып ордунан тура койгондо, Сырга анын мойнуна дагы асыла кетти.

- Убара болбосоң, Айыке! Тамакты башка күндөрдө деле жасай бересиң да. Андан көрө бери карасаң – деп Айнурдун бети-башынан аймалап дагы өбө баштады. Дубалга жөлөнө калып, ал болсо көзүнөн жашы чыкканча ыкшып күлдү. Анын күлкүсү Сырганын да көкүрөгүндөгү черди нарыга шилеп жаткансыды.

Айнур эч качан Сырганы кургак чай менен жаткыра элек. Тамак-аштын тартыш экенгидине карабастан, ал, сөз-сүз, казанынан май жытын чыгаручу. Бу сапар да, ошентти. Кроваттын түбүндөгү ящикте өткөн базарда алып келген картошкадан анчамынча калган эле, ошондон беш-алтыны аарчып, жука-жука кылып өзү туурады да, чоюн табакка салып, өсүмдүк майына кууруду. Жарымын нары үйдөгүлөрго берип, калганын Сырга экөө жеген кириштн.

«Кимге кыйын? Өзүмө да. Эрсиз отурган жалгыз мен бекемин? Андан коро баарысын унутуп, ойноп-күлүп, бу турмуштан бөлүнгөн шыбагамы түгөто жеп калайын» – дегендей кийинки күндору Айнурдун кеп-сөзүнүн баары эле ойноп-күлгөндүк, жепичкендиктин тегерегинде болуп калган.

Картошка кууругандан кийин күрөң сатил чайнекке куюлган винону кроваттын түбүнөн сууруп чыгып, капталы гүлдүү пыялага куя баштаганда, Сырга чоочуп кетти:

- Муну кайдан алып жүрөсүң, Айыке?

- Каяктан алмак элем, ийри тумшук грузиндин сасык бочкасынан да. Билесиңби буфетчи грузинди?

- Билем. Сен иччү эмес элең го, мындай немени?

- Ичпей жүрүп, элден менин каерим артып кетти, дейсиң, Саке. Ушул убакка чейин сага байкатпоого аракеттендим эле, бүгүн ачыкка чыгарайын. Муну жаман тамак деген кээ бирлердин созүнө эми түк ишенбейм. Өзүм татып жүрбөйүмбү. Чөккөн көңүлдү которгонго мындан артык тамак жокпу деп калдым, Саке. Сатымкулум менен бир жаздыкка баш кошкон жылы ал ушунча жалынса да иче алган эмесмин. Стаканды ал колу менен кармап, мурдума жакын алып келсе эле, окшуп жиберчүмүн. «Өзүң иче

берчи, Сатыш» – десем – сен ичпесең, менин тамагыман кантип отсүн, - деп, стакандагы кызарып молтүрөгөн винону кайра шишеге куюп, тыгынын тыгып койчу. Ошентип, Сатышым көп жылдар бою үйрото албаган ичкиликти Оңол эжем бир отурушта гана үйрөттү да койду. Тилинде мээр чобү бар, - деп элдин ал тууралу айтканы ырас корүнот, Саке! Сүйлөшө келгенде ар кандай кишини ийиктирбей койбоймун дейт. Анысына мен да ишенип калдым. Өзүм ошондой болдум да. Айтканына ынанбай коё албайсың. Ушундай катындарды эркектер деле жакшы көрөт бейм. Айтып отурса, Оңол эженин жалынына жалынбаган эркек аз окшойт. Биз сыяктуу бу турмуштун жыргалына түшүнбогондор гана бир эркек менен алп уруша берет көрүнобүз го. Жаман болсо да, эркектин эркектен айырмасы болот дейт. Ошолорду байкаган катындын айтканын иш жүзүндө бир көрүш керек окшойт, Саке, - деп, Айнур колундагы мелт-калт кылып куйган пияланы чайпалта, Сырганын ийнине башын коюп кыт-кыт күлдү.

- Оңол эжемен үйронгонүм ушул болду. Адегенде мазасын билбегендиктен, бир азга огойлоп жүрдүм. Эми шыдыр кетчү болдум. Ишенбесең, карап турсаң - деди да, жана күлгондо чайпалып пияланын капталын жол-жол кызарткан винону таноо какпастан жутуп жиберип, татынакай эриндерин жалады. Анан бир нерсени эске түшүрүп жаткандай, же жанагы шимирип жиберген немеси озөгүнө тарап, магдыратып, жибердиби, көздөрүн сүзүлтө берип, саамга унчукпай калды да, кайрадан жадырай түшүп, созун улады.

- Ким билет, бу турмушуна деле ишенбей баратам, Саке, Каалаганың ишке ашпаса. Тилегенини эч ким бербесе. Сатыштан калган соң, эми мен ким үчүн жакшы жүрүшүм керек? Кана айтчы, Саке! Айтчы, сен эсиң бар жансың?

Колундагы пияланын кырына али эрин тийгизе элек Сырга тигинин жанатан берки созүнө, кылык-жоругуна таң. «Мунун баары оңум эмей эле, түшүм болсо экен» – деген кыязда, ал арсар кейипте карап турат. «Акылына эл сыктанчу Айнур ушубу? Муну ак жолунан ким азгырып жүрөт, деги?».

Башына ушул ой кылт этип түшө калган Сырга Айнурдун: «Ичип жиберсең, Саке» деп, пияласынын бир четинен кармай оозуна жакындата бергенине болбой, ал анчадан бери жүрөгүн өйүп келаткан суроосуна андан жооп талап кылды:

- Оңол деген немең өзү кандай аял? Мени санаалаш деп эсептесең, ушул сурооно тайсалдабай жооп берчи?

- Ошону тааныбайсыңбы, алигече? Райисполкомдун председатели Жылкыбаевдин аялы эмеспи, - деди ошондой кишинин катыны менен жакын мамиледе экенине кербездегендей, дымак которо. Анан тигинин пияласын түртө:

- Ичип жиберсең, Саке, мындан кийин созубүз дагы көбүрөөк, дагы маңыздуураак чыгат, ичип жиберсең! – деп, кайра

кыстап кирди. Тиги али мелт-калт болуп турган пияласын коомай ала качып, ага эриндерин жакындатпай жатты. – Мына, жалгыз иче албай жатсаң, мен өзүмө дагы куяйынчы – деп Айнур стол үстүнө койгон бош пияласына киргилт винодон дагы толтурду да, тигинин идишине тийгизе кармап туруп алды.

- Кана, озуң ичип жиберчи, сага эми жеңил болуп калса керек, мен эмнегедир жийиркенип турамын – деди Сырга ага карабай туруп. Айнур курбусунун бул сөзүндөгү какшык менен жактырбагандыкты байкаган жок.

- Анын кимдин катыны экенин билем. Бирок сага эмне себептен мынчалык жакын болуп кеткенин биле албай жүрөм. Менин сураганым да ошол. Туугандык жайынар жок экени аныk. Анан кантип эже-синди болуп калдынар?

- Мени, эмне, ага жакындашууга арзыбай турган катын дейсиңби?

- Жок, туура түшүнсоң кепке. Сен андайлардын онуна алмашпай турган жубансың. Муну элдин баары эле билип турат. Жакындан бери «Кайран неме азгырылып баратат го» – деп, айылдагылар, а түгүл сага боору ооруп да жүрүшот. Сенин эмнеге арзый турганыңы айтпайм. Андай жеңил аяк катындарды жек көрүп, сөз болгондо жаа бою каччу эмес белең. Буга кантип ийигип кеткениңи сурап атам.

- Бул кебиңин жөнү бар, Саке, ичип жиберчи, ке, калганын анан сүйлошолу, ке, ичип койчу. Аа, Саке, мазаны экообүз билбейт турбайбызбы, ичип ийсең, анан түшүносүң. Оңол эжем болор беле, азыр, бир соз айтканда тиги пиялаң кантип оозуна барып калганын сезбей калмаксың. Ичкиликтин а дегендегиси кыйын тура, андан кийинкиси озу кете берет экен, ишенбесең ичип корсоң ушуну, - деп, баягыдан Айнур буюмун откоро албай жаткан сатармандай муну арбап кирди.

- Оңолдун кандай катын экенин жашырбай айтып берсең, анан ичемин – деди тиги да кошорүп.

- Жок, чын айтам, Саке, Оңол эжем эң боорукер, эң кишиликтүү неме экен. Мен да мурда сага окшоп, «суюк аяк» деп элден укканым боюнча аны жек көрчүмүн. Аны менен жакындашкандан бери ал жонүндогу пикирим таптакыр озгөрдү. Сүйлөшсоң башындагы какыр-чикирдин баарынан арылып, боюң женил тартып калганычы. Бар тапканын оозуна кармаган берешен, колу ачыктыгын деги айтпа. Адамдын оюн айттырбай билгенине таң калам. Үстүнө үйрүло түшкон жапакечтигичи. Акылы болсо, сен экообүзго окшогон катындардын беш-алтысыныкына татыгыдай. Мындай катындарды коро албагандыктан эле, айрымдар атайлап ушак-айыңга аралаштырат корүнөт. Мындай пакизе аялды мен мурда жолуктурган эмесмин. Анын үстүнө бечера ата-энеден жалгыз кыз экен. Мени синди тутунду. «Сендей акыл-эстүү немени эңсеп жүрчү элем, акыреттик дос кылсам деп, бир жагы дос, экин-

чи жагынан бир тууган сиңдим болгунуң» деп, мага туш болгонуна ал дагы ыраазы. Бир күнү атайы үйүнө чакырыптыр. Мына ошондон тартып, жакын болуп кеттик. Ошондон бери менсиз тамак ичпес болду. Эри чоң эмеспи, элде азыр тартыш болгон эт менен ичкилик алардыкында ар убак бар. Мени ошол тамак-ашына кызыккан экен деп ойлобо. Адамгерчилигин сыйлайм. Анын үстүнө эри Сатышымы жакшы тааныйт турбайбы. Айнурду чакырып, жакшылап конокто да, оңу келсе эже-синди болуп жүргүло деп айтканына көп болуптур. Бул мага батынып айталбай жүргон экен. Менин сүрүм да кыйын болсо керек а, Саке? – деп жарашыксыз күлдү.

- Өз сүрүңдү озуң байкабай калганыңа таң калып отурбаймынбы?...

Айнур бул сөздүн деле маанисин ылгаган жок, шарактап күлгөн бойдон Сырганын ийининен мыкчый кармап, оозунан ачкыл жытты бурулдата, оюндагысын орундабай калган апасына асылган кежир балача тигини жулкулдатып алды.

- Ушундай кишилердин назарынан калууга болот беле, озуң деле айтчы. Саке? Эри – чоң, катыны – акылман, нары билерман. Мына, ушул менин Оңол эже тууралу айтарым. Кана эми, ичип жиберчи!...

Ого бетер коюуланып, жерге топ этип агып түшүп калчудай чанак ичинен мөлтүрөгөн кара тегерек көздөрүн Сырганын кубакай оңүнө кадап, саамга туруп калды. Көздөрүнөн ички сырын окуп койчудай, Сырга бетин андан ала качып, жалтанат.

- Мен ичпей эле коёюнчу, Айыке, жакпайт экен мага ичкилик. Бая күнү сеникинен эки пияла бозо ичип кеткен күнү, күн бою иш кылганым жок, бүк түшуп жаттым. Козумон болсо түн бою жаш тыйылбады. Ошондон кийин бу ичкилик көңүлдү кубантып, жанды жыргатып коёт дегенге ишенбей калдым. Муну ичсем, Курманымы таап бер деп, сени кыйнап, мазаңы аламын – деп жылмайганда, эмнегедир мунун жумшап кеткенин сезе койгон Айнур дагы асылды. Акыры аны ичирип тынды.

Бир пияла винону болуп-болуп ичип алган Сырга эми баятан бери тил учунан бери түшпөй жаткан оюн айтып таштады:

- Айыке, капа болбосоң, мен ошол Оңол эжеңи мурункудан бетер жек көрүп калдым. Калк айтса, калп айтпайт дегендей, аныңын айланасында эле сөз арбын. Ушак-айың көбөйүп баратат. Андан-алыс эле жүрсөң кантет?

- Ушактай турган ал экөөбүздүн кандай кылмышыбыз бар экен? Көрө албагандардын иши ал. Менден чоочулабай эле кой, Саке. Бирөө сыртыман сатып жибергендей сары ооз балапан эмесмин да, акыры менин да бир кишиникиндей акылым бар. Кашык салгандын озуно жараша кашык салып отүш керек бу турмушта. Адамгерчиликтин салты ушул. Ал мени карап ийилсе, мен артыма карай кежигеленсем адамдык салтка жатпас. Азырынча анын

жакшылыгын көрүп атам, жамандыгын байкай элекмин. Элдин эле кандай көзү көрөгөч, кулагы уганак болуп кеткен, билбейм.

Андан ары «эжеси» жөнүндөгү жагымсыз сөздү угууну каалабаганын билдиргендей ордунан тура кетип, бүкүлү бойдон боюн керебетке таштады. Жанагыдай сөздөр эми ал үчүн артыкбаш экенин Сырга түшүнөт эмеспи, ошол замат анын керебетинин кырына көчүк баса калып, сөз төркүнүн башкага, тигинин мындай кезде жактырчу жаштык анҙемесине буруп кетти. Эки капталынан кытыгылап жатып, Айнурду акыры күлдүрдү.

Сырга ал күнү үйүнө дагы кеткен жок.

Айнур биринчи болуп ойгонду. Ал канчалык кеч уктабасын, күндөгү ойгонуп жүргөн кезинде сөзсүз, көз ачар эле. Белине оролгон бойдон жаткан Сырганын колдорун акырын бошотту да, жымыйган калыбында төшөктүн аягынан жылып чыгып кетти.

Ойгонору менен анын эсине кылт эткен нерсе – сабагы болду. Кечинде даярдана албай калган эмес беле. Стол үстүндө иретсиз жаткан китептеринин биринин артынан бирин шашыла баратап чыкты да, анан колхоз бухгалтеринен сурап алган (дептердин жетишпегендигинен) колдойгон бир чоң китепке бүгүнкү сабактын планын нарыдан-бери жаза салды.

Кийинки кездерде Айнур чындап эле озүнө нааразы болуп жүрөт. Сабакты мурдагыдай төрт-беш саат такай отуруп даярдаганды койду. Календардык планы боюнча белгиленген теманы таап алса болгону, ошону нарыдан-бери күндөлүк сабактын планын жазып жүрчү жанагы китебине схемалап жаза коюу менен чектелет. Китептерге чекесин кармана отуруп, бир сыйра коз жугүртсо жетишет. Мурункудай кошумча материалдардан пайдалануу, корсотмө куралдар даярдоо, балдарга берилчү суроолорду алдынала тактап алуу, азыр анда жок. Жазуу столунун так мандайына илинген күн режими боюнча өз билимин көторүүгө жумшалчу күндөгү эки саат да унутулуп баратат. Көңүлү эмнегедир алагды. Келечек андан караан үзүп баратқандай ага үмүтсүз карап калды. Китеп тиктеп, бир аз отуруп калса эле, эригүү пайда болот. Көңүлү шат-шат күлкүнү, башында пайда боло калган ыпыр-сыпырды нарыга шилеп таштай турган үлпөтчүлүктү күзоп туруп алчу болду.

Китеп, дептерге капчыгы тарсайып чыккан портфелин стол үстүнө коё берип, али мемиреп уктап жаткан Сырганы көздөй жаңы бут шилтегенде, эшик тырс-тырс чертилди. Бул тааныш чертиш – Оңол эжесиники. Ал дайыма ушинтип, бир калыпта, бирдей күч менен черте турган. Калыбы дарбазаны Айнурдун кайнатасы ачып койсо керек. Өгүнү каш карайганда келип, синдисин чоочутту эле, бүгүн болсо, таң заардан келиптир.

- Ох, - деди Оңол колундагы найын тыбыт мээлейин уч жагынан кармай манчаларынан бирден чыгарып, стол үстүнө таштап жатып. Анан корпо жакалуу, кара бастон пальтосунун топчусун чыгара баштаганда, аны алып, дароо илүүгө дилгирлигин

билдиргендей, Айнур эжесинин желкесине келип, колун оңтойлото туруп калды.

- Ай, тиги жигитиң ким, Айнур? Кокуй, бетим десе! – деп Оңол тосток көздөрүн чакырайта берип, жаздыктан башы түшүп жаткан Сыргага тигилди.

Сырга жатарда куудулданып, эркек болуп алган: коз менен мурут жасап, чачын тобөсүно түрүп, чаар допуну баса кийген эле. Үстүндөгү ийнинен бери жаздыкка түшүп болбураган майка да эркектики. Булардын баары – Сатымкулдун кийими болучу.

- Жок, чочубаңыз. Жигит эмей эле, Сырга, аны сиз тааныcаңыз керек. Кээде «Сага Сатышың болуп берейин» – деп куудулдана ушинтип жатмай адаты бар. Төшогүндө минтип, эркектин керилип жатканы өзүнчо соз менен айтып бергис бакыт тура, эже. Ал койнуңда жатканда баркына жетпейт экенбиз го. Качан капшытың аңгырап бош калганда гана эркектин орду билинет экен. Сатышым аман-эсен келсе, олгончо түбүно кебез төшоп, башына жаздык койбой көкүрогүмү жаздап күн кечирейин деп тилек кылып жүром. Кандай дейсиз, эже?

- Койчу, синдим, анчалык эле эркек затын башка көтөро берүүго болбойт. Анын тукуму жалгыз болбогондон кийин.

- Жол болсун, эже, мынчалык эртелеп келгениңизге? Сиз мени байкатпай басканга үйрөнүп баратасыз – деп, шыңк этти.

- Көңүлү жакын кишилер үчүн атайын камылганын кереги не, синдим. Каалаган кезде эшик ачып кире берүү – жакындыктын, санаалаштыктын белгиси.

- Айтканыңыздын калети жок, эже. Ошентсе да сизди аяп жатканым, мен үчүн суук жеп калдыңызбы деп.

- Сендей синдими көргүм келгенде, мени эч кандай суук коркута албайт. Кулагым бир күн добушуну укпай калса, баалу нерсени жоготкон кишиче эки жагымы карана берчү болдум, жакындан бери.

Айнур төшоктүн жакасынан тарта, Сырганы ойготту. Көздөрүн эки колу менен тез-тез ушалап араң ачкан ал, стол четиндеги күроң тыбыт жоолугун алкымынан алмаштыра, эки учун эки ийининен артылта таштап коюп, өзүнө тигиле олтурган Оңолду көргондө, эмнегедир, көздөрүн кайрадан бир жумуп, анан ачты. Сатымкулдун кең майкасынан артып агарган денесин тигиден далдалагансып, жуурканды көкүрөгүнө тарта берип, Айнурга унчукту.

- Айнур, койнөгүмдү бери таштап койчу, тиги керебеттин желкесинде турат.

Ал көйнөгүн кийип, башына жоолугун салгандан кийин гана Оңолго жактырбагандай, колунун учун карматты. Көонүн тагы али да билинип турган иренине карап, шыңк эткен Айнур ага суу куюп берди. Жуунуп-чайынгандан кийин гана Сырга өз кейпине келди.

- Бу келинди мен тааныбайт экенмин, - деди Оңол кайыштай чоюлган эриндерин чүйрүй берип. Бироонү кемсинткиси келгендеги анын жоругу ушул.

- Бу менин жолдошумдун досу, нары коңшусу Курман деген жигиттин зайыбы.

- Уккан эмес экемин, андай атты. Күйөөсү азыр кайда? Анын бу суроосуна Айнурдан мурда озунуп, Сырга өзү жооп берди: - Күйоом согушта. Мындай кезде дагы каякта болмок эле, эркекмин дегендер?

Сырга эми Оңолго тик карап турду.

- Эркектин баарысы эле урушта эмес да, - деди Оңол тигинин көз карашынан жалтангандай, башын ылдый кыла берип.

- Чондорду эле алардын столу сактап калбаса, башкалардын баары ошол жакта, - деди Сырга ушунда кеги бар кишиче, онүн озгөртүп.

Создү андан ары узартса, мындан да көбүроок ичегиси чубалып каларын беркинин кейпинен түшүнө койгон кексе Оңол, ошол жерден жалт берди.

- Менин эртелеп келгеним, баягыны эсиңе салып коёюн дегеним — эки күн калбадыбы. («Кокус барбай калсаң, сени күткөн кишилерге уят болуп калбайын» — дешке өзүнүн көзүн албай чакчая тиктеген Сыргадан айбыкты көрүнөт).

- Ии, - деди Айнур, - эсимде-эсимде.

- Ага мынчалык убара болбосонуз эмне, эже? Башка жакка убада бергеним жок, демек барамын да, - деди, Айнур эжесинин өзү үчүн кыш чилдесинде ары-бери жортконун аяган кейипте.

- Мына бул келинди да ээрчите бар өзүң менен, андай жакын болсоңор, - деди Оңол анан Сыргага карап, анын көңүлүн улагандай.

Бу создүн сыпайгерчилик үчүн гана айтылып жатканын сезген Сырга жанагы бүтпөй калган сөзүн эми аягына чыгарайын деди көрүнөт, кесе сүйлөдү.

- Андай арак-шарап менен көңүл ачып, үлпөт куруу — жүрөгү кетилбегендердин иши. Мен андай жерге бара албаймын.

- Бу соз Оңолго гана эмес, Айнурдун да намысына тийүү үчүн керек эле.

- Эмне үчүн? — деп, Оңол калп эле чоочумуш болду. Кечээ эле Айнурдун жеке барышын каалаган Оңолго Сырганын «баралбайт экенмин» — дегени чынында майдай жаккан.

- Муну корбой турасынбы? — дегенсип, Сырга кара койногүнүн этегин желп эттире, башындагы кара жоолуктун учу менен көзүн сүртө, ары бурулуп кетти.

Оңол тулку бою чылк карага оронгон бул келиндин жүрөгү оксүк экендигине түшүнө койду окшойт, шашып калды:

- Кете коёюн, Аыйке, сен да мектебиңе барасың, ошону эле эсиңе салып коёюн деп келгенмин. Чоочуба, эркектер озүнчө, биз

өнчөй аялдар, өзүбузчө отурмай болдук, - деп Оңол ордунан тура бергенде Айнур чебелектеди.

- Отурунузчу, чай коёюн. Бая күнү да кур ооз кеттиңиз, куттуу үйдөн куру чыкканыңыз кандай?

- Жок, Айыке, чайга ыраазымын. Барайын, ишине кеткинче Эрмекбаевдикине кирип чыга турган жумуш бар эле деп, пальтосун карай басканда, Айнур анын колунан кармады.

- Андай болсо, нандан ооз тийиңиз. Стол үстүндөгү тарелкада турган эки-үч кесим кара нанды тиги отурган соң, алдына жылдырды да, озү түндөгү чайнекти кроваттын алдынан сууруп чыкты. Жугу менен турган эки пияланы кол жуугучтагы сууга чайкай салып, экооно тең мелтилдетте чыла суудай киргилт винодон куйду. «Тиги келинге куйбайсыңбы» - дегендей Оңол кичинекей терезенин пардасын бир жагына жылдырып коюп, жаңы чыккан күнгө төшүн тосуп чаңкайган кар талаасына ойлуу карап, буларга сыртын салып турган Сырга жакка коз ымдады. Ал ичпейт деген кыязда беркиси эрдин тиштеп, козүн кысты.

Экоо тең эшек суу ичкендей бир шыбырт билдирбей алиги кир винону жутуп жибериштн да, жарышкандай каткан нандын эки четинен ушатышып, ооздоруна салышты.

Анан ууру мышыкча басканын байкатпай Оңолдун сыртка чыгып кеткенин, оз ою менен алек болуп калган Сырга байкаган да жок...

6

Сатымкулдан башка кемпир-чалдын дагы бир уулу бар эле. Аты – Мурат. Жети баладан ушул экоонү гана карманып калган ата-эненин урушка чейинки тагдырларына таарынычтары жок сыяктуу болучу.

Мурат эки жаш улуу экендигине карабастан, согушка Сатымкулдан кийин кетти. Сатымкулдун мурда кадрдык кызматты өтоп келгендиги буга себеп болду корүнот.

Жашында үйлонгон Мураттын өзүнчө түтүн булата баштаганына анча жыл болуп калган. Үй-орозгорү башка болуп кеткен баладан ата-эненин корор пайдасы аз го. Ошентсе да, Сатымкул Фрунзеге көчүп кеткенден кийин кемпир-чалды Мурат оз колуна алган болучу. Анын бир уул, бир кызы бар. Ошентип, Айнурдун кызы келип-кошулгандан бери чал, кемпир – үч неберелүү. Мураттын зайыбы Шекер – колхозчу. Кемпир-чал ошол келини менен бир үйдө турушат.

Айнурду Фрунзеден көчүрүп келгендин эртеси эле: «Балам, коптүн бирисиң, кайрат кыл. Сен маалимдигини улантарсың. Китепти коп карачы эмес белең, өз үйүндө тура бер, бала-чакалардын уу-чуусунан алысыраак. Алар менен биз быякта алп уруша беребиз. Үйлорүбуз босоголош го, кабарлашып турууга» – деп алар

кочтү Сатымкул үчүн бир кезде атайлап салынган далистүү тамга түшүрүшкөн. Айнур ошондо жашайт.

Анын жүрүш-турушуна, акыл-эсине жете ишенген кайын ата менен кайын эненин андан коңулдорү тынч. Анын үстүнө алар кооптоно турган тигинин үйү деле алыс эмес. Түнөгөн тамдары эле башка болбосо, баарысы бир коргондун ичинде эмеспи.

Гүлнур азыр апасынан тиги карыларга жакын. Ошолор менен түнөйт. «Чоң атамын чакалын сылап бейдим». «Чоң энемин мамасын каймап жаттым» – деп эртесинде каадалуу кеп кылып, аны-сын апасына айтып келет. Гүлнур чоң ата менен чоң эненин койнунда жатып калган күнү Айнурдукунда Сырга, ал келбесе, Шекер түнөп калчу.

Кемпир-чал ишке жараксыз. Демек, алардын деле жашы улуу болбосо, тиги үч неберелеринен айырмалары жокко эсе. Баарынын жоопкерчилиги ошентип, эки келиндин мойнунда. Айнурдан да Шекердин түйшүгү көбүрөөк көрүнөт. Анын үстүнө аныкы кара жумуш эмеспи, бою-башына жакшы карана албай жүдөөрөк. Жайык маңдайынын бырышы көбөйүп, кебересиген эриндериндеги майда тиликтер да арбып калган. Анткени менен кайраттуу. Тээтиги Бозбу тоосунун күңгөйүнөн кар кеткенден бери коңшусунун кара эшегин сурап, ага күн сайын капталдан төрт боо караган-шак жүктөп келет да, ар бир боосун кырк сомдон базарга сатат. Муну Айнур гана билет. «Айыке, атам менен энем билбей эле койсун, бул ишти. Аз да болсо жардам. Сенин тапкан айлы-гың эмнеге жетет. Кийимгеби, тамаккабы? Колхоздун болсо, абалын коруп турасың. Тиги озбектерден кайыр сурагансып, анчамынча эгин таап келишип, олдум-життим дегендерге берип жатышпайбы», - деген, өгүнү отун сатуу жөнүндогү ою башында бышып жетилген соң.

Чынында бул үй-бүлонүн кирешеси ченелүү. Эшик алдындагы отуз сотых огороддон түшкөн бир тоннага жакын жүгөрүдөн болок киреше жок. Жети-сегиз жанга ошол эгин эмне болмок. Муну түшүнгөн Айнур абысынынын тигиндей ишине кайыл. Кайын ата, кайын эне муну билсе, көр намыстуу немелер «катын башы менен эшек айдап, отун сатканы эмнеси» - деп тыюу салып коюулары шексиз эле.

Мураттан үзүлбой кат келип турат. Шекерди демдүү кылган бир жагынан ошол. Сталинграддагы урушта бир колунун алакан жарымынан ажыраган ал госпиталдан чыккандан бери тылдагы жумушта, «Ат кайтарам, күнүнө сегиз саат. Бар кылган жумушум ушул. Эсенчилик болсо бир күнү барып калармын. Эми күнүтүнү тобом менен жер казсам да ыраазымын. Октун үнүн укпасам эле болгону» – дептир, колхозчу Мурат бая күнкү бир катында. Муну Айнурдун окуусу менен укkан ата-эне «Байкуш бала, урушка бир жолу кириши менен жүрок заада болуп чыккан экен ээ. Темир күйот дешет го, уруш болгон жерде. Анан кантип тирүү жан

коркпосун. Жан ширин да, жан. Кудай озү паанайында асыраган экен Муратыбызды, пай-пай! Эми Сатымкулубузду өз даргөйүндө сактаса болгону» - деп, Ажыбек карыя менен Шааркүл эне кичүү уулунан дарек болбой калгандан бери, ошонун гөйгөйүн тартып жүрүшөт.

Алардын толгосу эле Айнур. Анын кабагы ачык болсо — жакшылык деп, бүркөө болсо — жамандык деп жорушат. Деги экөөнүн бир топ айдан берки кылык-жоруктары белимчилердикиндей. Айнур күлсө кошо күлүшүп, ал ыйлаганда кошо ыйлашат. «Эмне үчүн Сатымкулдан кат-кабар келбей калды, Айнур балам?» - деп андан тик сурагандан чал-кемпирдин жүрөгү даабай келатат.

Ажыбек карыя кырк жашынан бери балдак менен жүрот. Улак тартып жүрүп, жыгылганда таштын үстүно туш келип калгандыктан, жото жилиги талкаланган экен. Тогуз ай шакшак менен тошокто жатып айыккан соң, ушул балдак ага түболүккө колтугунан таяп жүрчү шерикке айланат. Карыгангабы, жакындан бери экинчи колтугуна дагы коргон сыртындагы талдын бир ача бутагын таянып калды. Ошентип, бу күндө а киши кош балдакчан. Ал эми жаштайынан оорукчан Шааркүл эне чалынан да алсыз. Казыкка арамжыланган немелердей, азыр экөө тең коргондун айланасынан алыс барышпайт. Булардын бар эрмеги жанагы үч бала.

«Биздин аскерлер чабуулга отүптүр» — деген кабарды кулактары чалганда: «Айнур балам, биздин да датыбыз кудайга жеткен экен. Шүмшүк немецтерге элдин каргышынын тийгени ушул. Душман артына чегинсе, ажалдын чегингени дей бер. Качканды кууш эми оңой. Кудай качкылык кылбасын. Ырыс-насибибиз түгөнбөгөн экен. Балдардан үмүт кыла берсек болот, эми. Бир айлыгыны жокко сана да, козу десем коп болор, эки кичине улак алып бер. Биз — кемпир экообуз аларды бага баштайлы. Өзүбүз күнүно эки нан жебесек, бир нан жээрбиз. Ошолордун ак жолуна багыштап, бир нерсе байлап койгонубуз оң, балам. Андан артса экооно эки допу, бирден койнок алып коёрбуз. Башка кийимге азырынча алыбыз жетпес. Эч болбосо, келгенде алардын жакалары агарып, баштары жаңырып калсын. Биздин пул табарыбыз эле Шекер экөөң болуп калдынар. Кудай силерге кубат берсин. Жараткан өзү март. Жамандыгын башка салган да озү эле, эми минтип жакшылык жышаанасын көрсөткөн да озү. Кеткендер келип, кемтигибиз толсо, бу катаал күндор да унутулуп кетер. Баарынан да жакшылыктан үмүт үзө корбогүло, балам» — деген Ажыбек карыя.

Мындай жакшылык тилекке, айрыкча Сатышына багышталып жаткан нерседен Айнур акча эмес, жанын аябас. Кайнатасынын бул пикиринен улам, ал айлыгына чейин көп ойлонду. Улак деген, эмнегедир, кулагына жупуну угулуп жатты. Козу алсак дейт, бирок акчасын эсептеп эки козуга жеткире албады.

Айнур маянасын алган аптасы базарга Шекер өзү барды да, отундан түшкөн акчадан кошумчалап, эрте туулган эки улакты

жетелеп келди. Балдардын сүйүнгонүн айтпа. Сур улак коргонго кирери менен, анын төбосүн жаңы жарып чыккан шиш мүйүзүнөн карман, «Бу меники» деди Гүлнур. Сары улакты Шекердин кенжеси Самат энчиледи. Чоң ата аларды атканага кийирбей жатып, неберелерине ээрчиди. «Гүлнур кармаган ошонун папасына, Саматтыкы өз атасына аталсын. Адаштырба, кемпир. Сен Сатышка багышталганды бак, мен Мураттыкын багайын. Кимибиз тез семиртер экенбиз. Гүлнур менен Самат бизге жардамчы болушсун» – деп, Ажыбек карыя оскүлоң сакал-мурутун кыбыр-кыбыр эткизди.

Ошол күндөн тартып, аларга жардамчы катарында Гүлнур менен Самат улактарды кошо багышты. Чоң ата балдагын таянып жүрүп, арык боюндагы чоптордү корсотсо, экоо жулуп алып келет да, улактардын алдына салат. Аларга суу алып келген да ушул экоо. Неберелеринин күн бою аткарган жумуштарын айтышып үйдүн ичин балалык жорукка толтурушат.

Ал улактар азыр семирген кез. Уйкананын ичинде мурда огород жүгорүнүн паясын катырата чайнап, жалгыз кызыл уй турчу. Ага да эми конүлдүү болуп калды корүнот, жанаша эки улак байланып, оздорүно ылайык жасалган пас акырдан кырт-кырт эттире жантак аралаш Шекердин колу менен орулган чоптү жеп, улактар уйга кайдигер эместей карашат.

Сур улак семиргенден бери, ээсине – Гүлнурга мүйүзү менен айбат кылчу болду. Ага деле болбой, тиги суу, же чоп берип жатканда олүройүп, мүйүзүн тосо бергенде эки колдоп аны чап кармайт да, улактын башы каякка бурулса, ошол жакка анын да кичинекей денеси жүткүно берип, акыры улакты чарчатат. Бая күнү ошентип, улактын мүйүзүнөн кармаган бойдон термеле бергенде, тиги катуу серпип жиберсе керек, Гүлнур жыгылып калыптыр. Небересинин уйканадан чыккан чаңырыгынан улам, чоң атасы таяктарына жөлөно, шашып жетип барса, Гүлнур чалкасынан түшүп ыйлап жатат. Сур улак болсо анын кызыл көйнөгүнүн этегинен мүйүзүн корсотүп, озүно жем-чоп берип жүргон неменин кийимин жыртканга боору ооругандай, кулактарын тикчийте, аны тиктеп туруптур. Чоң ата барып а дегенде улактын мүйүзүно илинип турган көйноктү чыгарды да, анан улактын суу тумшугуна соомойү менен чертип жиберди эле, ал башын бери чулгуй берип, эмнегедир чүчкүрүп-чүчкүрүп алды.

- Ана, көрдүңбү, кызым, улагың экинчи мындай кылбайм деп жатат, - деди чоң ата ордунан тура, «улагым жаман экен, сүзот экен, эми суу, чоп бербейм. Муну улак кылбайм, мен. Саматтын улагын алам» – деп, козүнон колун албай бышактаган небересине карап.

- Ошондон кийин Гүлнур сур улакты багууга кол кабыш кылуудан баш тартты. Саматка кошулуп ал да көтөрүп келген чөбүн, жемин ары улакка берет. Сур улак ошентип, Шааркүл эненин гана

энчисинде калды. «Чеки бейбаштык кылган экенмин, эркелеймин деп мени балакет баскан тура. Эми такыр антпейин, Гүлнур, менин мүйүзүмдү кармалап ойносоң! Көйнөгүңү жыртпайм экинчи, аны кайталасам алкымыма бычак такалсын» - деп оозуна каргыш, көзүнө жаш алгандай Гүлнур, Самат экөө келип, кичинекей алакандарынан кара улакка загара нандын убактарын жедирип жатканда, сур улак көздөрүн жашылдантып, кулактарын тикчийте, тигилерге жалдырап карап турчу болду.

Айнур күн сайын сабакка жонөрдүн алдында, колтугуна китептептерлерин кыстарган бойдон кык жыттанган ушул сарайга кирип, улактарды көрүп кетет. Так ушул сур улак семирип бүткөн күнү Сатыш кирип келчүдөй, ал көзүнө жылуу, нары ыйыктай сезилип турар эле. «Улакты качан соёбуз» – деп, үйдөгүлөрдүн кимиси сураса да, Гүлнур биринчи болуп жооп берет: «Папам келгенде». Андан элөөрөк жана жоош Самат ага ээрчип бош унчугат: «Атам келгенде соёбуз»

Булардын жакшы тилегин эсепке албаган бир кесеп кар жаңы жааган күнү ошол сур улакты уурдап кетсе болобу! Аткананын артынан ороонун оозундай жерин тешиптир. Дубалдын тешигинен боорунда чоттун издери жатат. Күн батпай бурганактап жаай баштаган кар таңга барып араң басылган.

Таң тыяктан түңкүйгөндө Шааркүл эне даарат кылганы кара кумганын көтөрүп эшикке чыкса, тизеден кар. Дубалдын боору гана иреширеге аралаш күңүрт караят. Аткананын ичинен мекирене маараган улактын үнү чыкты. Шыбырт сезгенгеби, артынан уй да мөөрөп коё берди. Чапан жеңин чыканагына карай түрүп, жоолугун ийнине бош таштап, кумгандын сабын кармай берген кемпир бу шоокумдан чоочуп, ордунан турду да, аткананын оозуна барды. Сулкуйган кара кулпу жайында экен. Күн сайын ушул маалда туруп, даарат алчу Шааркүл эне мындай шоокум укчу эмес да «ичкери кир, анан билесиң» – дегенсип, эшик алдында кулак түрө туруп калган кемпирге ичкериден улактын маараканы дагы угулду. «Түшүндү» – дегенсип сыйыр оор онтоп койду. «Эмнеси болсо да, чалга айтайынчы», - деп, кемпир бери жөнөгөндө, улак үчүнчү жолу маарап жиберди.

Балдактарын шагыратып чалы да туруп келаткан экен. – Атканаңы аччы, улак маарап, уюң мөөрөп жатат, бир балакет болгонбу, - деди кемпир.

- Өлүп калды дейсиңби, маарап-мөөрөп жатышса, демек тирүү да.
- Бир эле улактын үнү чыгат.
- Эшигин карадыңбы?
- Карадым. Кулпулуу бойдон.
- Анан эмне болмок эле, жер жутуп жибербесе.

Кемпири менен кыжылдашып олтуруп, чал атканаңын бир канат дарбазасынан келип чон кара кулпуну бир азга карап турду да,

анан курундагы кайыш боосуна байланган салмактуу ачкычты чечип алып, кулпуну ача баштаганда, алиги улак дагы маарады.

- Жанатан бери маарап жаткан ушул улакпы?

Ооба, - деди арт жагында турган кемпири, кепичине кар кирип кеткендиктен ичиркенген үн менен.

- Бул кара улактын үнү – деди чал.

Аткананын оозун ачары менен анын төр жагынан ороонун оозундай аңырайган тешикти көрүп, экөө тең үн-созсүз селейип туруп калышты...

Мындан он күн өтпөй кара улакты да ушул тешиктен чыгарып кетиптир. Тоң жерди чот менен араң томкоруп, кар аралаш сууга чыланган муздак ылайдан Шекердин колу менен бүтолгон ал тешик, калындыгы жарым метр келген пакса дубалды бузуп алган ууруга кантип туруштук берсин.

«Балдар келгенде буюрганы болор. Муну билген киши уурдады. Кынуу таап калган ууру дагы келет. Кара улакты союп эле жеп алалы» - деп, сур улак уурдалган күнү кемпирдин айткан пикирин чалы четке каккан: «Уурдалса уулдарымын башы-көзүнөн садага. Ага тойбосо муну да алып кете берсин. Жакшылыкка аталган малды уурдап жеген киши, оң табар дейсиңби? Андайлар өмүр бою эч нерсеге жарыбай жүрүп өлөт. Ушул эки улакты алганда эле, биздин ырысыбызды кошо алып кетет дейсиңби. Бар, кудаанын жолуна койдум деп» – унабай койгон.

Кара улак жоголгон күну бул үйдогүлөрдүн баары чур этти. А түгүл, Шааркүл эне баш болуп, Гүлнурга чейин көз жаштап алышты. «Актык ишке багышталган нерселердин жоголушу жакшылыкпы?»

Гүлнур, Самат эрте менен ээрчише уйканага кириштн. Улактардын аңгырап бош турган акырындагы калган ыпыр-сыпырды алар ары-бери чачкылап, сустайган бойдон кайра чыгышты да, чоң атасына асылышты.

- Улактайыбызды ким алды?
- Ууру, балдарым, ууру алды.
- Ую деген ким?
- «Ую деген» – деп, небересринин тиги менен сүйлөөгө өткөн ата ачуу үн менен түшүндүрөт – уюнун көздөйү көодой кая, тиштейи кайышкыйдыкындай катуу, буттайы доңуздукундай шиш.
- Үйү каякта уюнун?
- Уюунун үйү болбойт.
- Анан каякта жатат?
- Ээн талаада, адам көйбос аң-жайда
- Улакты ниме кылат эмесе?
- Улакты ав-ав деп жейт.
- Улактын мүйүзүн да жеп коёбу?
- Ую деген желмогуз болот, эс нейсеге тойбойт, мүйүзүн да, туягын да ав-ав кыла бейет.

- Менин суй улагым мүйүзүнөн каймаса сүзөт а-а, чоң ата? деди Гүлнур.
- Ооба, сенин суй улагың сүзот. Сенин көйнөгүңү жыйтпады беле, эми уюнун муногу кекийтегин жыйтат, - деди чоң ата, кыл баскан тамагын черткилей.
- Анан ую ниме болот?
- Анан ую а-ф-у деп өлөт, - деди чал, тилин ак мурутунун арасынан бултуйта чыгарып.
- Ана! Ую олот! Менин суй улагым сүзүп өлтүйөт аны! – деп, Гүлнур Саматка карап, кол чапкылап жиберди. Небересинин созүнө курсант болуп күлгөнү менен атанын ичи ачышып турду. «Асти, ишиң оңбосун, өмүрүндө жакшылык жаан көрбө кара ниет!» – деп, ууруну каргап жатты. Андан болок эмне кылмак! Милициянын кишилери келип, дубалдагы чоттун изин тешикти ченеп, акт жазышып кеткен бойдон дарексиз болду.

Гүлнур: «Уюну менин суй улагым өлтүйөт» деп, кол чапкылап бүткөндөн кийин, андан бир жашка улуу Самат чоң атасына дагы суроо берди:
- Атам келгенде эми эмне соёбуз?
- Кой соёбуз.
- Менин папам келгендечи? – дейт Гүлнур улактын кимге аталганы жаңы гана эсине түшө калгандай.
- Сенин папаң келгенде да кой соёбуз.
- Кой кана?
- Кой тээтиги көк бетинде оттоп жүйөт.
- Кана? Кана? – дешип, тиги экөө тең жарыша баштарын чулгуй чалкайган көккө көз кадашты.
- Андагы койлойду силей көйбөсүңөй.
- Эмне үчүн көйүнбойт?
- Себеби силердин козуңой али кичине, ошондуктан алыстагыны көйө албайсыңай.
- Биякка качан түшөт, алай?
- Силердин атаңар тиги астананы аттаган күнү ошол асмандан эки кой маарап түшүп келет. Экөөн экөөңөр жетелеп, атаңардын астынан тосуп чыгасыңар, маакулбу? деди ата, эми чоң кишилер менен сүйлошкөндөй унчугуп.
- Маакул – дешип, аталары эми эле кирип келчүдөй экоо тең балалык кыялга магдырай берип, көктү бир тиктеп, азыр бек турган кош канаттуу дарбаза жакты бир карап, алышып, тыяктан да, быяктан да эч нерсе көрүнбогонүнө умсунгандай, терең улутуна, жер тиктеп тим болушту.

Эскиликти анчалык барк албаганы менен Айнур улактардын, айрыкча сур улактын киши колдуу болушун жамандыкка жоруп, үмүтүнүн бир четин кемтилтип алгандай болду. «Анын этин жей турган киши тирүү эмес бекен?... Багыштаган неменин жоголушу жакшылыкпы?...»

Бир оорукчан, анан күйүтчүл киши башкалардын оозун көп карайт эмеспи. Андайлардын күткөнү оорусуна даба, көңүлүнө төтө болчу нерсе го. Кала берсе алар ырымчыл да, нары ишенчек да келишет. Улактарды абысыны базардан алып келип көгөнгө байлаган күнү ушулар бычакка жарай турган болуп семиргенде Сатымкулу акесин ээрчитип чоң дарбазадан кирип келчүдөй. Айнурдун жүрөгү дем байлап калган болучу. Улактар уурдалгандан бери колтук жылытып келаткан үмүтү кошо уурдалгансып, анын ою чачкын, көңүлү бөксө.

7

Айнур 31-декабрь күнү эрте мененден тартып, күйөөсү келе турган колуктудай жасанып-таранды. Сатымкул кеткенден бери тазатавгир жүргөнү болбосо, атайылап мындай жасана элек болучу. «Дурус эле кийинип барсаң, кагылайын сиңдим, аерде өңчөй кызматчылардын аялдары болот» – деп, Оңол эжесинин эскерткенинен уламбы, эрте менен кайын ата, кайын энелеринин астында чай ичишти да, анан өз үйүнө келип, чоң казанга суу ысытып, киринди. Эң жакшы көргөн көйнөгүн, пальтосун кийип, башына куштун жүнүндөй үлпүлдөгөн тыбыт жоолугун салынгандан кийин, Сатымкул экөөнүн портрет алдына келип, подностой төрт бурчтуу таш күзгүгө каранды. Күзгүдөн шапая түшкөн, бирок ысык суудан эки бетинин ортосу жылтырап, нары кызарып турганын көрүп, кыз кезиндеги кызылдуу ак жүзү эсине түштү. Анан кирпигин өйдө серпти эле: «Каякка камынып жатасың? Сүйгөнү ыраактан келчү жубандай боюңа атыр сепкилеп, жасанганыңа түшүнбөй турам, Айыке?» – дегенсип, оң кашынын асты, үстүндөгү таруудай мендерин бадырайтып, Сатымкул жылмаят.

- Кечирип кой, Сатыш, төрт жылга карай кетти, сенсиз жашап келатканыма. Ошондон бери биринчи жолу чын көңүлүм менен сенсиз, эл топтолуп көңүл аччу үлпөтчүлүккө баратам. Бара берейинби? Же сен капа болосуңбу?...

Сатымкул жылмая караганда кошо жылмаюучу Айнур бу сапар да жансыз элеске күлүмсүрөй карап турду. «Бара бер, Айыке, мен качан каалаган ишиңе тыюу салып, сенин жолуңа бөгөт болчу элем, бара бер. Аялынын баскан кадамын аңдыган ичи тар эркектен эмес экеними билесиң го. Сени менен жанаша басуу озүнчо бир ырахат эмес беле. Айла канча, карап турганым менен катарыңа кошула албаймын, шарт ушундай. Мени күтпө, бара бер. Көңүлүң алагды болбосун» - деп уруксат берип жатса, бир туруп кабак чытып каарына алгансыйт: «Мени үйгө жалгыз таштап, кете бересиңби? Көргө чейин жалгыз баспайбыз деген шартты эмитен эле унуттуңбу? Көбү чоочун кишилердин арасына барып кимисине көз сатасың? Айыке, ойлон?!», - деп бир туруп жалооругандай болот. Айнурдун жүрөгү эңшерилип, көздөрүнүн кычыгына жаш толот,

тамагы кысылат. Ушул минутада ага жардамга Оңол эжесинин ар убак айта жүрчү «акыл кеби» жардамга келет: «Бир жолку жүрок мыкчыта жаш агызганың – демек кеминде беш жылдык өмүрүңө зыян келтиргенин» – дейт агайың. Көкүс мен ага калп эле таарынымыш болуп, көзүмүн чолок жашын чыгарсам, шашкан бойдон оз бет ааарчысы менен көздөрүмдү сүртөт. Эми жалгандан болсо дагы эркелеп жаш чыгарганды койдум, Айыке. Өмүрдүн баркын билбегендер ыйлай берсин. Менин жашагым келет. Көздөрүм корбой, буттарым жылбай калса да, бу турмуштун жыргалынан кол үзгүм келбейт. Кандай дейсин, Айыке! А дүйнөнү да макташып жүрөт, жыргалдын баары ошол жакта дешип. Аякка барып кайра келген киши болбогон соң, анысына ишенбейм». – Оңол эжесинин ушул «насыяты» эсине кылт этип келе калганда, тамагын бууп турган алиги машакаттуу эки анжы ой андан алыстай берди да, алдыда аны күтүп турган сый-зыяпаттын белгисиз сыры көз кычыктарындагы жашты кургатып, жерге тамдырган жок...

Айнур жасанып-таранып бүткөн соң, Шекер абысынына каяка барарын айтты да, Сырганыкына коздой жөнөдү. Чал-кемпир бу кенже келиндин баскан-турганын тескечү эмес. Үйлөнгөн мезгилде тартып, Сатымкул Айнурду озү менен кошо коноктorго бирге алып барып, киного кошо ээрчитип, ага ишенгендик менен мамиле кылганын көрүп жүрүшкөн алар, анын жеке-жарым баскынынан, кээде беймаал деле жүрө бергенинен шек да санашпайт.

Сырганын барбасын билип турса да, ага жолугуп кетүүнү Айнур азыр зарыл деп эсептеди. Мурдагы күнү Оңол чыгып кеткенден кийин, ал Айнурга суз тиктеген, ошондон бери ага жолуга элек. «Ушул эженде эмнегедир менин коңулүм ишенич бербейт. Чын ыкласы менен үстүңө түшо калганына күмөнүм бар» деп, андан нары созун улантпастан, тигинин жактырбай турганынан улам, ошондо тып токтогон.

- Анысын дагы коро жатабыз да, Сырга. Ага мынчалык башты оорутасың – деп, зекигенсип койгон анда.

Азыр Сырганын үйүно киргенде ошол созу эсине түштү белем, баласын жуундуруп жаткан аны коргондо, суз унчукту.

- Кана, Сырга, баягы жакка барабызбы?
- Каякка?
- Чакырган жаккачы?
- Баягы күнү эле айтпадым беле, үстүмөн кара койногум түшпой жатып, андай жерге кантип барам, Айыке, озүң деле ойлоп корбойсүңбү. Мени десең, аякка сени деле бастырбай коймокмун.
- Койчу, Сырга деги эле шекчил болуп кеттиң да кийинки кезде. Же мен ишеничтен чыгып баратамбы?
- Сага кантип ишенбейин, Айыке, бирок жанагы эженде түк ишенбейм.
- Эмне үчүн?

- Анын себебин азыр айта албайм, Айыке, бара берчи, балким өзүң да байкарсың акыры.

- Деги эмнеден шектенесиң, учун чыгарып койсоң жок дегенде.

- Ошол эжең сага көрсөтпөй кара тузак жайып жүрөт деп уктум, билгиң келсе.

- Кимден уктуң?

- Элден да.

- Койчу, элден деп эле турасың качан болсо, элге ишенесиң, а мага күмөн санаганың – санаган. Мен анын тузагына илингидей эселек кыз эмесмин да. Же жемди көрүп козу кызаргандан алдындагы тузакты байкабай бут койгудай, кекилик деп турасыңбы, мени? – деп, таарынганын билдиргендей Айнур артына бурулуп жөнөй бергенде, Сырга акыркы созүн айтып калды:

- Укканымы кулагыңа салып койгонум, Айыке, мени жаман көрбө, сага жамандыкты ыраа көрсөм, жалгыз баламын күнүн көрбөй калайын.

* * *

Айнур Оңолдукуна келгенде үйдүн ичи толо катын болучу. Ал мурда келгенде отуруп жүрчү төркү үйдүн ортосундагы тогорок стол жок. Бөлмөнүн төрт тарабына шайы көрпөчолор салынып, аялдар да төрт бурч болуп олтурушкан эле. Алдыларында жайылган гүлдүү жаңы дасторкон. Мурда аны урунган эмес көрүнөт, али бүктөмүндөгү жиктери жазылбаптыр. Дасторкон толо мөмө, ак, кара нан. Оозу аңырайып ачылган мистеден тартып, жаңы эле шагынан үзүлгөндөй кышкы алмаларга чейин бар.

Жылкыбаевдин чоңдугу жардам кылса керек, болбосо уруш башталгандан бери Айнур эч кимдикинен мындай жасалган дасторконду көрө элек болучу.

Эшиктен кире бергенде эле, Айнурдун көзүнө үстүндө жанагылар жайнап жаткан дасторкон көрүнүп, мурдуна атыр менен упанын жыты урду. Тиги босогону аттары менен бир кылка терилген домино таштарын аралаштырып жибергендей жанагы төрт бурч болуп олтурган катындардын тобу бузулду – ошону гана күтүп олтурган белем, дуу этип орундарынан тура келишти.

Кийими өңүнө куп жарашкан Айнурду баарысы биринчи кезиккен чоочун немедей, башынан тартып бут учуна чейин карап чыгууга үлгүрүштү.Чынында Айнурдун бир нече жылдан бери жасанганы да бүгүн эле. Жупуну жүргөндө көргөндү суктандырган анын келбети, бүгүн өзгөчө ажарына чыккан болучу.

Тамак-аш белен экен. Айнур отурары менен тарелкаларга картошка аралаш куурулган жаңы эт келди. Анын артынан бооруна ар түрдүү кагаз жабыштырылган шишелер дасторкон четинен орун алышты. Чамасы олтургандардын арасынан эркекче арак ичүүчүлөр да бар көрүнөт. Алты шише вино менен эки шише арак да келтирилди.

Отурган он чакты аялдын көбү менен Айнур тааныш, дээрлик бардыгы райондук кызматкерлердин аялдары, бардыгынын күйоолорү кашында. Береги чет жакта иттен корунган мышыктай коомай, нары жанаша олтурган эки аялдын эрлери гана согушта. Отургандан кийин алдыртан катарды кыдырата тиктеп чыккан Айнур: «Мени менен бул жерде үч тирүүлөй жесир бар экенбиз» – деди ичинен.

- Кана оокаттан алгыла, винодон куйгула, саат он экиге чейин дагы үч саат бар экен, ага дейре аз-аздан ичип отуралы, кандай дейсиң, Айыке? – деп, Оңол отуруштун айыпкери ошол окшоп, Айнурга карап, жалпак мурдунун таноолорун керди. – Булар билишсин. Көпчүлүк эмне дешсе, биз ошо да, - деди ал эжесинин сунушун жактыргандай. Саамга ойлонгондой токтоп калган Айнур тигилер суктана тиктеген жүзүн албырта анан минтип койду: «Мен эсептеп чыктым, бул олтургандардын ичинен үчөөбүздүн гана күйоолорубуз жок экен, демек биерге жалгыздап келген себебибиз ошол. Ал эми калганыңардын жолдошуңар аман-эсен ушерде эле жүрүшөт. Эмне үчүн ушундай жакшы күндө алардан бөлүнүп отурдунар?

Жаштыгына карабастан, эткел тартып кеткен, нур жүздүү семиз аял буга жооп берди:

- Алар менен күндө эле бирге болуп жатабыз, чынын айтсак коңүлгө да тийди. Ошондуктан бүгүн өзүбүзчө олтуруп, чардап алалы дедик.

Ооба, ошентип мурунтан сүйлөшүп алдык эле дегенсип, калгандары баш ийкешти.

Эркегине зар болуп жүргөн берки үчооно тигинин минтип манчыркап сүйлогону кесирлүү кептей, өөн учурады. Алардын ар кимиси азыр: «Биз минтип, күйоолорубуздун караанына зар болуп жүрсөк, булардын эркектеринен тажаганын кара. Турмуш деги кызык нерсе экенсиң. Дайыма бир жагыңа түн түшүп турса, экинчи жагыңа күн тийип турганына таңбыз» – деген кыязда алар сумсайыңкы жер карашты.

Саат он экиге ооган кезде, бу үйдөгүлөр тегиз желпинип калган болучу. Ичип алса эле, ичи бук, көзүно жаш толуу адатка айланып бараткан Айнурдун тарта ичкенине ала күү болуп алгандан кийин берки аялдар коёбу. Ичкилик кишини боорукер кылып коёт го. Айнурга айланып-кагылгандар көп болду. «Ылайым кетигиң толсун» – деп, бироолор тилегин ортосунан болуп айтса да, бироолор: «Кеткениң келип, кемтигиң толсун» – деп, аныкын толуктай жаалашат. Коңүлү виного жибип калган соң, Айнурдун жүрок-боору эзилип, мына бу көз сүзүп, каш серпкен, алды отуз бешке араң барган келиндердин ар бири өзүнүн боордош эжесиндей, же синдисиндей жакын көрүнүп баратты. Жакын кишинин шагын сындырууга болобу. Биринин отүнүчүн жерге таштабай, аз бокео стаканды жутуп койду. Бир аздан кийин экинчи жолу

ошончону ичиришти. Анан, «Кана, ичип койгула!» деп озу башкаларды кыстай баштады. Айнурдун ар бир кыймылын эсепке алып олтурган Оңол, тигинин мас боло баштаганына курсант.

Сөз барган сайын көбөйө берди. Ыр кесе да бир сыйра айланып чыкты. Айнурга келгенде ал муңкана:

«Сапарың күтүп сагындым,
Түшүмдө көрүп жалындым.
Ойгонсом жоксуң жанымда
Тагдырыма таарындым» -

деп, ушул төрт жол ырды бүтөрү менен ыйлап жиберди. Биздин ойдогуну айтты дештиби, коңүлү өксүк берки эки келин да жаштарын чуурутту, Башкалар эмнегедир сустайган бойдон олтуруп калышты. Оңол гана кайрат айтып, сес көрсөттү:

- Койчу, Айыке, бир эле сенин күйоон аскерде жүробү? Качан көрсөм ыйлайсың да жүросүң. Сатымкулуң ушуну билсе го дурус... - деп, анадан нары оозунан созу түшүп кеткендей, ал токтоп калды.

- Билет, Сатышым, эже, билет – деп, Айнур дагы ыйлады бетин алакандары менен баса.

- Ким билет, Сатымкулуң менин эркегимин айтышына караганда командир экен. Командирлерди урушта да эң кеминде экиден кыз коштоп жүрөт имиш. Сен быякта минтип коз жашыңды кол кылып, анын келер жолун тоссоң, бир күнү аның кыз жетелеп, үстүңө кирип келбесе болгону.

- Антип айтпаң, эже, - деди Айнур баягыдан эсине келген кишиче.

- Мен сага жамандык кылбасымы билесиң го, синдим. Ошентсе да жаман айтпай, жакшы жок деген. Мына, тиги тоо сельсоветинен Сатиев деген бирөө мурда райондук кызматкер экен, оң колу жок болуп келген имиш, ошентсе да бир орустун кызын колтугуна кыстара келиптир. Эки баласын канатына катып, үч жыл күткөн катыны эми арызданып жүрөт деп эркегимен кечээ эле күнү уктум. Жалган болсо мурдуму кесип берейин. Анын бетин кудай нары кылсын го, дегинкисин айтам да. Уруштун кесепетиби, азыркы эркектер бузулуп баратат. Анан кантишсин, козүн сүзүп, жаш келин-кыздар тегеректеп турса. Немистерден бошотулган жерлерде биерден жаман имиш. Эркектери аскерге кетип, калгандарын душман олтүрүп, же Германияга айдап кеткен дешет. Ошентип оңчой эле кыз-келиндер калышыптыр. Аскерлердин мойнуна өздөру асылат имиш. Командирлерге болсо, эки-үчтон аял алууга уруксат беришкен дейт. Коңүлү жайланган немелер, үйдогүлөр да бир күнүн көрүп жаткандыр – деп, кыз кучагына түшкондон кийин быяктагылары эсинен чыгып, кат жазбай коюшу да ыктымал – деди, биздин эркегибиз. Алар да укканын айтат да. Ошондуктан ар ким мындай кезде колго тийген шыбагадан куру калбасы керек. Ыйласа эле бардык нерсе ордуна келип калчу

болсо, сиңдим, сага кошулуп баарыбыз эле жашыбызды төгөт элек. Бирок, андай эмес. Кудая шүгүр, минтип ызаат-урмат үстүндө жүросүң. Ушуга да канимет дешиң керек. Жашсың, чырай десе чырайың, акыл десе акылың ар кандай кишини азгырат. Сендейлерге эркек аттуу дайыма кул. Андан коро азыр жашсың, ыйлап-сыктап ден соолугуңу бузбастан ойно, күл, доорон сүр. Бу дүйнөго эки келбейсиң. Уруштун аягы качан бүтөрүн эч ким билбейт экен. Ага чейин ким бар, ким жок. «Күнчүлүк омүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин» деп, айткандар акылман кишилер. Келе, ичип жиберели!! – деп, Оңол мелт-калт куюлган стаканын Айнурдун алдында, дасторкон четинде турган стаканды коздой жүткүнө бергенде, магнитке ээрчиген темир сыныктарындай, берки аялдар ошонун субагай тулку умтулган жакка жүткүнүштү.

Аңгыча эшик ачылды: «Жаңы жылыңыздар менен!» – деп алдында Эрменбаев, анын ийнинен баш чыгарып Жылкыбаев кирип келишти. Чамасы алар деле саатын он эки болушун күтпөсө керек, алакүү. Коздорү бүлбүлдөп, күлкүлөрү бийик. Эрменбаевдин үсүнкү ээгиндеги төрт калай тишин үй ичиндеги электр шамына тосуп, бүгүн өзгөчө жаркыратышына караганда, жыйырма жылдан бери бир жаздыкка баш коюп жаткан жарынан мындан бир нече ай мурун ажыраган кишиге түк окшобойт.

- Кечиресиздер, саат он эки болуп калган экен, карасак анан жолдош Жылкыбаев экообуз, силерди кирип келген жаңы жылынар менен, бакты-таалайынар менен эркектердин атынан куттуктап коёлу – деп келе калдык, кечиресиңер, тынчынарды алгандыгыбыз үчүн – деп, Эрменбаев тамагынан бироо кыссып жаткандай кырылдап сөз баштады эле, Оңол баш болуп, ордунан тура келген аялдар:

- Ырахмат! Ырахмат! Бизди эске алгандыгынар үчүн чоң ырахмат. Өзүңөрдү да куттуктайбыз! – дешип чурулдашты. Жайнамаз үстүндогу ыймамдын шекиртиндей Жылкыбаев буларга секретардын желкесинен карап турду. Оңол куюп берген стакандардагы аракты экөө дасторкондун четин кайрып коюшуп баары менен басып жүрүп кагыштырышты да, отурбай туруп, ичип жиберишти. Оңол Эрменбаевге, эткел кызыл келин Жылкыбаевге вилка менен куурма сугунтушуп, ызаат корсотүштү.

Эрменбаев көчөнүн наркы тарабындагы алайне үйдо жашайт. Азыр кече өткөрүлүп жаткан үстү түнүке менен жабылган чоң үйдүн эң башкы квартирасы Жылкыбаевге таандык. Үчүнчү секретарь, райондук эл агартуу болүмүнүн башчысы, Жылкыбаевдин орунбасары, банканын башкаруучусу, финансы болүмүнүн башчысы, дагы ушул үйдо жашашат. Мындагы отурган аялдар ошолордуку. Эркектер да ушул корпуста, болгондо үчүнчү секретардын үйүндо чардап жатышты. Эрменбаев алдында, беркиси энесине ээрчиген торпоктой удаа чыга беришти. Эрменбаев менен Оңол коз кысышып койду, муну эч ким байкаган жок.

Оңолдун жанагы оосарланып айткан жоокерлер жөнүндөгү аңгемеси Айнурдун өпкө-жүрөгүнө бычак мизин тийгизгендей, үшүн кетирип, башын тегеретти. Сатымкул ок аралап эмес, булар отурган үйдөн да жасалгалуу, шаани-шөкөттүү үйдө, стол четинде отуруп, чоочун элдин кыздарынын үлпөтүнө мас болуп, көз кылгырткандай, Айнур ага ичинен кыжырлана берди, акыры ооруп калды.

- Кечирип коёсуздар, шакыйым бар эле, ошонум кармап калды көрүнөт, төбөм түшүп баратат — деди да, башын оромолу менен чүмкөп, отурган жеринен бир жагына кыйшая берди.

Ошентип, тиги эки эркек кеткен соң, Айнур оозуна ичимдик алган жок. Оңолдун кайра-кайра озуу коюп берген жаздыктан которуп, жалынып-жалбарганы жардам бербеди. Тиги сөз катпай тунжурап койду.

Түнкү саат үчтөр чамасында дуулдап, бул үйгө бир топ эркектер дагы кириштн. Уйку-соонун ортосунда кеңгиреп жаткан Айнур Жылкыбаев менен Эрменбаевди добушунан жазбай тааныды. Дага эки эркектин үнү чыккан, адегенде, бирок алар дароо эле кайра жок болушту. Аялдарын алып кетишти көрүнөт.

Үйдүн ичи сээлдей түшкөндөн кийин, Эрменбаевдин кырылдаган үнү Айнурдун так кулагынын түбүнөн угулду: - Бу жаткан Айнурбу? Эмне болду? — деди, чамасы дасторкон жаңылап жаткан Оңолго кайрылды көрүнөт.

- Шакыйы бар экен, ошонусу кармап калыптыр, - деди Оңол «синдисинин» кокусунан ооруп калганын жактырбаган кыязда. Биз силер менен бир аз отуралы деп келдик эле го, конок келиндин ооруп калганы чатак болгон тура? — деди секретарь кейимиш болуп. Шакый деген бир заматта кармап, бир заматтка айыга турган оору да, тургузуп көрбойсүнбү, Оңол. Аксакалды атайын ээрчитип кирдим эле, үйдөн тамак сызып чыгыңыз. Камкор келиниңиз бизди да унуткан эмес чыгар. Бир нерсе катып койгон болсо, жатар алдында дагы бир кылк этип алалы, - деди Жылкыбаев тилеги ордунан чыкпай калган кишиче, бош унчугуп.

- Мен силерге жаңыдан закуска даярдайын. Эркексиңерби? Өзүңөр эле ойготуп көрсөңөр, Айнур андай жапайы келиндерден деле эмес. Балким, силерди сыйласа турар, - деп Оңол көз кыскандай болду. Мунун бардыгын кыймылына чейин сезип жаткан Айнурдун жүрөгү бир нерсени туйгандай дик-дик сокту.

- Айыке, - деди, үнүн ого бетер пас кылып. Эрменбаев Айнурдун жаак алдына төшөп жаткан ысык колуна сөөктүү арык манчаларын тийгизе, акырын бери тартты.

- Үн жок...

- Айыке?... - Үн жок... Катуурааk тартты эле, бир колу жаак алдынан чыгып кетти, ошондо гана оромолун кармаган бойдон Айнур зорго башын котордү. Айланасы шишик тартып калган көздөрүнүн жалжылдашынан чоочуп кеткендей. Эрменбаев колун ошол замат бошото берди.

- Турсаңыз, Айыке, сиз менен бир аз отуралы деп, биз келдик эле.

- Келгениңиздерге ырақмат, бирок мен башымы көтөрүп алалгыдай эмесмин, кечирип коёсуздар – деп Айнур кайра терс бурулуп жатты.

«Эми кандай кылабыз?» дегендей беркилер бирин-бири суроолуу тиктешип алды.

Бир топтон кийин Оңол келип, Айнурду дагы ойготту. Ага эч соз айтпай, үркүнчөк жылкыга токум салганы жаткандай, абайлап кол тийгизгенде эле, Айнурдун комокойдон «чык-чык» – деп, бардыгына тыюу салган кепсиз баш чайкаганын угуп, анын да айласы түгөндү.

Мындан соң тигилер көп отурушкан жок.

- Чындап эле сыркоолоп калса керек Айыке, эс алсын, биз кетели – деди Эрменбаев бир жооп болор бкен дегендей Айнур жакты карап. Ал былк этпеди.

Стакандар шагырашканы менен, ичишпеди деле окшойт, Эрменбаев Жылкыбаевдин узатуусу менен чыгып кетти.

Беш минутка жетпей Айнур да башын көтөрдү:

- Эже, мен да кетейин эми, башым баякыдан бир аз дурус.

- Койчу, кагылайын сиңдим, жети түндө кайда бармак элең. Мына саат үч болуптур – деди дубалдын боорунан маятниги оңгосолго жай термелип жаткан чоң саатка карап. – Мында эле жатып кал, экообүз бир жатабыз, агайыңа тиги үйго жай салып берели.

- Коюңуз, карыш жерде жатып калганым уят эмеспи, - барайын – деди ал, тура калып, кийине баштады.

Айнур болбой койгондон кийин, Оңол күйөөсү экөө аны коргонунун дарбазасына чейин узатып келди.

- Тынч укта, кагылайын, эртең менен озүм дагы кабар алам – деди, бетинен чоп эткизе ооп коштошкон Оңол. Айнурдун сезгич жүрөгү эми «эжесинин» кезектеги «адамкерчилигине» дагы жибип калды.

Эртең менен Айнур төшөктөн турбай, Оңол эжеси жетип келди. Сумкага салып, эки бөтөлкө вино, куурулган кекиликтин эти, кызыңа деп, ал кезде таңкыз бир чеңгел ар түрдүү конфет ала келген.

Бир пияла винону жутуп жиберип, бети тамылжып көздөрү кызара бергенден кийин, Оңол соз баштады.

- Түнү менен агайың экөөбүз уктабадык, сени кантип калды экен деп. Эрменбаев бечарачы, таң заардан биздикине келиптир. Сени жатып калган деп ойлосо керек, үйгө кирери менен «Айнур кайда?» – деди. «Түндө жеткирип келгенбиз» десем, «оору немени ушуйда эле жаткырып койбойсунарбы, кантип калды экен, барып кабар алып келбесең болбойт» деп, ошол шаштырды. Мына, булар да ошонуку – деп, сумкадан жанагы эки бөтөлкө винону, кекиликтин этин жана Гүлнур үчүн кагазга оролгон конфетти да столдун үстүно бирден чыгарып койду.

- Эки пияла вино ичип жибергенге кеңгиреп калдыбы, же Оңолдун кечеги командирлер тууралуу айткан ангемеси, жүрогүн муздатып койду белем, таң заардан келген бул «белектерди» Айнур үйчукпай кабыл алды. Бар болгону: «Секретарь эмне үчүн мага мынчалык боорукерлик кылып калды экен?» – деп жылмайып койду.

- Эрменбаев эң сонун киши, боорукер, адамгерчиликтүү. Катыны атын оозунан түшүрбой жүрүп, бечера үзүрүн көрбой өтүп кетпедиби. Үй-бүлого да жылоо саз неме – деп, Онол оюндагысы ордунан чыккан кишидей мардам сүйлодү.

- Секретарыңызды базарга сата турган малдай мактадыңыз го, эже.

- Жок, синдим, жаманды жаман, жакшыны жакшы деш керек да...

Алып келгендери – Оңолдун оз үйүнөн. Баятан берки айткандары, Айнурду кантер экен деп, гана, коптон бери колтугуна ката жүргон котур таштын бир четин кылтыйтып корсотконү.

Тапканын оозуна тутуп отурган Оңол эжесине Айнур ичинен ыраазы. Алкыш үстүно алкыш жаадырууга даяр. Көңүлү оксүп турган кезде, ыгын таап, аны жолоп-таяган кишини ким жаман көрсүн. Бирок, ошол «адамкерчилик» деп, ал эсептеген тамакаш, ичимдик, анан алигидей жылуу мамиленин баары аңчынын жайган торундай чебердик менен ештелип, аңчынын озү убакыт күтүп, өңүттө жатканын андай учурда сезмек беле.

«Эрменбаев Айнурду Оңол аркылуу имерип жүргон имиш. Этият болсо экен. Чондугуна эле кызыкпаса, башка эмнеси бар анын. Сатымкулга ошону алмаштырса, эстүү деген Айнурубузду деле кудай жетелеп кете койсун» – деген Сыргага, ал иштеген мектептеги мугалим аялдардын бири. Кечээ, ошонун бир четин чыгарганы.

Айнурдун жүрүш-турушун жакшы билген Сырга бу создү адегенде ушак-айың го деп таназарына албагана эле. Кийинки күндордо Оңол экоонүн катташы калың болуп кеткенинен, чындан чоочулай баштаган. Ал курбусун эскертип койгусу келди. Бирок Айнур андай насиятты угууну каалабагандыгын билдирип, чеке терисин чүрүштүрө оң жооп бербей койбодубу. «Мал аласы тышында, киши аласы ичинде» – дешет тура. Оңолдун ичинде аласын ал байкабай жатты. «Чондун аялы менен достошконуму коро албай жүрүшот го» – деп жоруду ал, бул жолдон кайра тарт дегендерди. Оңол менен Айнурдун мамилеси жаңы жылдык отуруштан бери ого бетер бекемделип калды. Сатымкулдан болсо али дарек жок. Анын кылык-жоругун айтып, Сырга менен таң атыргаан кездери эми Айнурдан кол үзгондой. Эри олүп, аргасыз андан түңүлгон жесир катындай ал эми безирейип тим жүрот. Сырга канчалык боор тартканы менен, мурдагыдай Айнур ага кучак ачпай койду. Мамилеси суз, ушундан улам акчасынын аздыгына

шылтоолоп, Сырга да мектептен райондук китепканага өтүп алган.

* * *

Айнурдун оюн биротоло тумандатып койгон катын калачтардын акыркы ушагы бу болду: «Калыбеков штабда эле иштеп жүрүптүр. Кат жазбаган себеби — бир кыз менен ойноп койгон экен, боюна болуп калып, ошого үйлонүп алган имиш. Аны баягы орус катын алып келген Сатиев деген неме бир жерде мас болуп отуруп айтып коюптур. Айнур уга көрбосүн деп, эскерткен экен, жаман кеп бир жерде жатчу беле, баары-жокко таралып кетиптир»...

Бул ушактын автору да Оңолдун озү болучу.

Оңолдукунда андан кийин да Айнур коп эле жолу болду. Ал турсун, Жылкыбаев гана эмес, Эрменбаевдин катышуусу менен эки-үч курдай бир столдон даам татышты. Бирок эжесинен шек санай турган эч окуя болгон жок.

Онолдун алыстан ыргыткан чалмасы, 8-март күнү гана Айнурдун мойнуна түштү.

Бу майрамды да оңчой аялдар Оңолдукунда откорүштү. Бир жылдан бери үлпөттош аялдардын ыкымын алып алган Айнур, эми ичкиликтен коркпой калган. Булардан мурун деги мас болбойт. Катардан калбай ичип отурду.

Түн бир оокум болгондо, жаз жыттанган сыртка чыккан эки аял мүйүштү имериле берип, соз кылышты.

- Байкуш, Айнур мас болуп калды ээ?

- Оңол ымдаган сайын үчүнчү секретардын аялы. Жаңыл анын стаканына аз-аздан арак кошуп отурбадыбы. Ал эмнеси? Эже тутунган киши имиш дагы — десе ага экинчиси оз пикирин кошот. — Бечаранын көптон бери ою да бир жерде эместей көрүндү эле. Өңүн карабайсыңбы оңүн. Эркек эмес, катын башыбыз менен, биз суктанчу эмес белек, анын ажарына. Эми карабайсыңбы, кансыраган кишиникиндей купкуу. Жалжылдаган коздорү эле озгөрбөй калыптыр, байкуштун. Биз үйүно жеткирип коёлу, десек, Оңол: «боорукер болбой эле койсоңор, силерден башка кишилер деле табылат, Айнурга күйорман, - деп кагып койбодубу.

Бул аялдар ушинтип соз кылып баратканда аларды сыртка чыгарып коюп, үйго кайра кирген Оңол, бир чачы булайып кроваттын түбүндо чубалжып, экинчиси мойнуна ороло кумсарып жаткан Айнурдун кийимин чече баштаган. Ага жардам берип жаткан үчүнчү секретарь Кулуевдин эткел аялы болучу. Башын көторүшкондо чеке-башын гана тырыштырып, оозунан сасык жыт үйлоп үшкүрүңгонү болбосо, анын көз ачууга чамасы келген жок. Өлүктү көторгонсүп, бири баш жагынан, экинчиси аяк жагынан кармап, ич койнокчон кылып, кроваттын үстүно, дубал жак четине жаткырышканда Айнурдун жылаңач денесине суктангандай тиги экоө саамга карап туруп калышты. Лампочканы өчүрүп, анан кире бе-

риштеги түбүндө бошогон бутылкалар, үстүндө жуктуу стакандар турган столдун бир четине чырак коюшуп, анын билигин басайтышты да, оздору чыгып кетишти. Мындан жарым саат өтпөй, Айнур жаткан кроваттагы бери жагы ачылып турган тошоктун ичине куркуйган арык дене жылып кирди... Мышыктыкындай анын муздак буттары Айнурдун жылаңач балтырына тийгенде, ал денесин бир жыйрып алды...

8

Калыбеков 1946-жылдын май айында келди. Аны станциядан агасы Мурат менен Сырга тосуп алышты.

Вагондон эки колуна чоң чемоданды көтөрүп, тепкичтен ылдый түшө берген Сатымкулдун буту жерге тиери менен, Мурат кучактап калды. Агасынын кучагынан бошой берген ал, баятан бери башын өйдө көтөрө албай өздөрүнөн бир кадамча бери жакта жер тиктеп турган «Айнурду» кучагына тартты. «Айнур болсо, дагы эле «күйоосүнүн жүзүнө тик карай албай, кең көкүрөгүнө баш койгону менен кылмышкер кишиче андан жүзүн үйрүп жатты. Сатымкулдун кучагындагы анын чабек тулку суукка кайыккан жаш баланыкындай дирилдеп турду.

«Айыке, аман-эсен жүз көрүшконго да киши ыйлачы беле? Эмне мынчалык жашык болуп кеткенсиң? Бери карачы?» – деп, көз жашын ааарчый берейин дегенде, Мурат чыдай албай кетти окшойт, үнүн кааргылданта: «Айнуруң эмес, бу Сатыш, Сырга! Курмандын колуктусу эмеспи? Курман жок болгон. Ошонусу эсине түшүп, ыйлап жатпайбы бечара. Мен эле барып тосуп келейин десем, болбой жатып, кошо келбедиби» - деди, озү да жашып кеткендиктен көздөрүн басып.

Так чыкый ына таяк жеген адамдай Сатымкул тегерек көздөрүн жума берип, буудай оңүнөн кан качыра сендиректей түштү. «Айнур жок! Курман жок!» Бул эмне деген жазык! Чаркка жаңы эле курчутулган бычактын кылоосун жандырбай туруп, катуу нерсеге салгандыктан тыгы желгендей, поездге отуруп бери көздөй жол тарткандан берки жакшылыкты саман дегдеген анын жүрогү курчунан жана берди. «Мени ушундай кайгы күтүп турганын билсем!...»

Эки жыл бою командованиенин атайын тапшырмасы боюнча душмандын тыл жагында чалгынчылык топко жетекчилик кылып, кат-кабарсыз жүргон майор Сатымулдун аман-эсен, бир жерин да окко чырпытпай келгендиги жөнүндөгү кабар Айнурга күн батарда жетти. Ал күйоосу Эрменбаев менен, атасынынкында дем алышта жүргон болучу.

Мас болуп, Эрменбаевдин коптон бери Оңол аркылуу оңүткө жайган торуна түшүп бергенден кийин, Айнур «муунуп, же уу ичип өлөйүн» – деп да, аракет кылып көрдү. Муну байкаган Оңол анын

артынан түшөт: «Тагдырга моюн сунуш керек. Азыр секретардан чоң киши жок. Сатымкулунун өлүүсү, же тирүүсү белгисиз. Эрменбаевге сендей тороп түшкөн келин эмес, алам десе кыз деле элде толуп жатат. Четинен ага жан деп тиет. Ушундай кишиге туш болсоң, эч качан бармагыңы тиштебейсиң. Тиги келгенде да, кандай болуп келерин кудай билет. Деги соо келген кишини көрдүңбү, фронттон? Бул дүйнөгө адам бир келет. Колдон келсе, жыргап алганга не жетсин».

Мындай «акыл-насият» Айнурдун кулак алдынан алыстабай койду. Анын үстүнө ошол түнкү жолугушуудан үч ай өткөндөн кийин боюна бүтүп калганын сезген ал тагдырына таазим кылып, Эрменбаевге тийүүгө маакул экендигин Оңол аркылуу өзү билдирет.

* * *

1945-жылы башка районго которулган Эрменбаев быйылкы отпускасын Айнурдун каалоосуна ылайык кайын журтунда өткөрүүгө келген эле.

Сырга жиберген кара тоголок бала, эшек үстүнөн Айнурга келип кат сунганда, ал Эрменбаевден торогон уулун көкүрөгүнө которуп, эшик алдында турган экен.

Сырганын колун дароо тааныды. Бул айылга келе жатып, Айнурлар райондун борборунда бир түнөшкөн, Оңолдорду корбой отүп кетүү, экөө үчүн тең күнөө эмеспи. Ошондо Айнур баягыда таарынышып кеткен Сыргага да жолуккан болучу. Жалынып-жалбарып андан кечирим сураган. Анан өз турмушун түшүндүргөн. «Күйөөм көзүмүн агы менен тең айланат. Тим эле төбөсүнө которуп жүргүсү бар, анын айласын таппайт, бирок канчалык мага үйрүлгөнү менен, жүрөгүмүн бир чети ысып койсо, өлөйүн, Сырга. Мындан көрө эрсиз жүрүп өткөнүм авзел эмес беле» – деп, арыздартын айтып, акырында «Сатыштан дагы эле дарек жокпу, я?» – деген.

-Жок, Кокус Сатышың келип калса, кантер элең, Айыке? – деген Сырга аны сынап.

- Кантерими билбейм, Сырга. Түшүмдө ага далай ирет жолуктум. Мен качам, ал кууйт. «Күнөөңдү кечтим, Айыке, качпа! Сен күнөөлүү эмессиң, согуш күнөөлүү барына!» – деп, артыман кыйкырат. Мен кача берем. Бетине кантип тиктейм – деп, түшүмдө да, оюмда ушул пикир – деп, көздөрү шишигенге чейин ыйлаган болучу. Ошондо Сырга аны араң сооротkон: «Эмнесине ыйлайсың? Болор иш болду. Айыке, ыйлаган менен эми ордуна келмек беле».

«Сатыш эч жеринен жарадар болбоптур, башка жакта жүргөн тура, эки жылдан бери. Өңү-башы кадимкисиндей. Сен тууралуу укканда, экооң турчу болмого кирип алып, ыйлады. Баарыбыз кошо ыйладык. Сенин азыр оз айлында жүргонүнү билдиргени-

биз жок. Айтсак эле, чаап жете турган түрү бар. Эми кандайча жолугушасың? Сенин мында экениңи айтсамбы, жокпу? Ушул баладан жообун жибер» – деген жерине келгенде коздорү тунарып, тулку бою безгеги кармаган кишиче титирей баштады. Колундагы баласы шалак этик, жерге түштү да: «в-а-а-а!» деп бакырып жиберди. Аны жерден ала коюунун ордуна башынан аттап, Айнур кечки жымжырттыкка шоокуму артып күркүрогон, бир кезде Сатышы менен жээгинде таанышкан, бирге басып таттуу минуталарды кечирген чоң сууну коздой чуркап жонодү. Койнок этеги делбиреп, элүү метрче жүгүргөндөн кийин, башындагы үч чарчы шайы жоолугу учуп кетти да, бир караганга илинип, кечки желге делбектей берди.

Баланын ыйынан улам үйдөн биринчи болуп жүгүрүп чыккан Эрменбаев буркан-шаркан түшүп агып жаткан чоң сууну коздой чуркап бараткан жылаңбаш Айнурдун карааның көрүп, жаны алкымына кептелди. Анын артынан удаа чыгышкан Айнурдун ата-энеси караңгылыктын кучагына сиңип бараткан кызынын тиги авалын көргөндө: «жинденсе керек» – дегенден болок ойго чамасы келбей, аңырайып тура беришти.

Артына бир тиктебеген Айнур, Сатымкулу менен жолугушуп жүрчү – жалгыз арчанын далдасына ото берип, жок болду...

Капчыгайды жаңыртып айкырган суунун шарына Сырганын катын кичинекей чеңгелине мыкчый кармап ыйлап жаткан Айнурдун баласынын чаңырыгы кошул-ташыл боло калды да, түн кара пардасын эми гана калдайта үстүнө жаба баштаган бул айыл алда кандай кайгылуу овонго добуш кошкондой күңгүронүп турду...

КҮТҮҮ

I

Супа. Анын үстүндө эне. Караганы жол. Күткөнү баласы... Сергил апаны кайрадан шул супага отургузуп, жок баланын жолун караткан мына бул окуя болду.

Күтпөгөн жерден Баймат келип калат. Мына кызык, олгон киши да тирилет тура! Андан кара кагаз келип, карыган ата-энеси ырым-жырымына чейин өткөрүп койгонуна жыл маалынан ашып кетпеди беле.

Баймат келиптир деген кабарга адегенде эч ким ишенген жок. Анан кантип ишенишсин, тирүү кишиден кудай уруп, үч жылдын ичинд бир гана кат келсин. «Өзү кат билбесе, аерде жалгыз эместир го. Эки эли кагазды ким жазып бербесин» – дешип, айылдагылардын баары таң. Чындыкты кантип жокко чыгарасың – Байматтын келип калганы ырас. Мурунураак барып аны өз көзү менен көрүп келгендер, тиги кабарга ишенбей баш чайкагандарды колдон ала шаштырышты: «Жүрсоң, ишенбесең өзүм ээрчитип барып, кучакташтырып коёюн. Баягы Баймат эмес. Созү чыгып, сүйлогону тың. Ал түгүл тошүндө ордени жүрөт. Дит багып жүзүно тиктей албайсың – сүрдүү болуп келиптир. Оозундагы чобу да жок. Немистерди коргондө коркуп кетип, түшүрүп жиберген окшойт анысын. Атасы байкуштун сүйүнгонүн коё кал – кашынан жылбай отурат. «Сени оңүмдо көргөнүм чынбы, кагылайын Баймат ым?» - деп, көзүн ирмебей тиктегени-тиктеген. «О, ата, ишене бериңиз, оңүнүздо эле көрүп отурасыз. Мен Байматыңызмын» – деп, мурункудан бир аз кубара түшкөн иреңине кызыл жүгүртүп, анысы барбаландайт. Деги эле жапакеч болуп кетиптир. Баргандын баары менен кучакташып көрүшүп жатат. Эл-журтту катуу сагынса керек, мурда үйүнөн карыш чыкпаган неме. «Жүрсоң, олгон кишинин тирилип келгенин өз көзүң менен көрүп ал» – дешип, бирин-бири сүйрөп отурушуп, тиги намашамда келсе да, эл жатпай Болотбек чалдын үйү кары-картаңга, бала-бакырага толуп чыккан.

Чынын айтуу керек, Байматтын согушта курман болгонуна ата-энесинен бөлөк эч ким деле кейиген эмес. Бар болгону, андан кара кагаз келгендиги тууралуу кабар ошол кездеги шарт боюнча, электр тогундай бардык үйгө бир эле мезгилдин ичинде жетип барганда, айылдаштарынын көз алдына дайыма оозуна чөп тиштеп жүрчү дүлөй кебетеленген, тултук бет, чыйкандай кызыл ирендүү, жагымсыз жылмаюу ар убак ууртунан кетпеген чарчы бойлуу неме ошол кебетесинде бир тартылып, жанып очкөн сынар тал ширенкедей кайра жок болгон. Андан бери эки кишинин башы бириккен жерде жорук-жосуну кеп болчу курмандардын арасынан анын ысмы угулчу эмес.

Он бир жыл бою араба минип, тракторлорго май ташыды, керек болгондо талаадан колхоз сарайына чөп тартты. Тамеки деле чеккү. Ошондо эч болбосо, бир бочка майды, же бир араба чөптү күйгүзүп-орттоп жиберсе, ошондон улам, балким, эл эсинде аты калар беле. Жок дегенде ошол да колунан келген эмес, анын. Орт жонүндө соз козголсо, созсүз, эскеришмек да.

Байматтын арбагына куран окушканы барган айылдын аксакалдары бери тартканда, эки абышканын ортосунда гана ал тууралу мүнөткө созулган пикир алмашуу болгон эле: «Байматтай баёо немелер урушка барбаса деле, корүнгондүн бут алдында тебеленип жүрүп күнү отмок да. Андайлардын барынан жогу эмеспи. Тирүү жүргондо ага окшогондун кимге пайдасы тиймек?» — деп тигинин олгонүн табалагандай Семет карыя кок эшегинин ыйыгына кыска таягынын атайын жасалган шиш учу менен бир сайып, кыдыңтаткан бойдон алга чыга бергенде Карып мурап чыдабай кеткен: «Ай, Семет, карыганча сен кишинин кадыр-баркына жетпес болдуң го. Билсең, бу дүйнөнү төбосү менен тиреп тургандар Баймат өндүү ак ойлоп, ак иштегендер эмеспи! Аларсыз тигил асмандын тобосү оюлуп, ааламды, ага кошуп адам туруп адамга ок аткан айбан немисиңи, анан сени, силердин кесепттериңерден бизге окшогон мээнеттен башканы билбеген ак пейилдүү адамдардын баарын жексен кылмак, түшүндүңбү, акмак!...»

Карып карыянын бул адилет пикирин көрүстөндөн кайткан кишилерге окшоп куйт этпей баштарын ылдый саландатып келаткан беркилер да колдоп кетерине түшүнгөн Семет аксакал башка созго келбей эшегинин кытыгына дагы бир сайып коюп, узак кете берген.

Адилетсиз айтылган жанагынан пикирине ачуусу келип калган Карып мурап тигинин карааны үзүлүп кеткиче Баймат жонүндогү озүнүн оюн уланта берди. «Бечара, десе, мээнеттин кишиси эле да. Тиштеп жүргөн бир тал чопко гана зыяны тийбесе, кимге залал кылды эле? Он жылдан ашык араба айдаптыр, бир күн үйүндө тынып отурганын кордүнөр беле? Чоңубу, кичинеси жумшайбы: «Куп, барам, аткарам» — дегенден болөк сөзүн уктуңар беле? Жок! Же ичкилик ичип маскара болгонуну, же акарат кылып бироонү сокконүн эшиттиңер беле? Жок! Калп айтып кызандаганын, же эки жүздүүлүк кылып, бирөөлөрдү ушактаганын байкагансыңарбы? Жок! Анан анын эмнеси жаман?! Немистин кызын боозутуп коюптурбу? Жем Семетей кекечтин арпасын кам орду беле, анын олүмүн табалагандай. Акмак десе!...

Ооба, Баймат көзгө комсоо жигиттерден болучу. Аны келинкесек, тели-теңтуштары «чөп жээр» деп коюшчу. Ал, эмнегедир ар убак чоп тиштеп жүрөр эле. Анысын кээде курбулары: «Чоп жебесең, курсагың кампайбайбы, сенин» — деп жулуп таштаса, кепке-созго келбей, ошол замат жерге эңиле калып, туш келген чөптүн башын чырт эттире жулуп алчу да, дароо калбыгый эрин-

деринин арасына кыстара коё турган. Элдин эсинде калган андагы бир өзгочө белги ушу.

Ушул Баймат өлүп, кайра тирилди. Буга да анын жоош-момундугу, нары тартынчаактыгы себеп болгон тура. Бир урушта оор жарадар болуп калат. Эки күндөн кийин гана аны согуш талаасынан башка бөлүктүн кишилери кансырап жаткан жеринен жолуктурушуп, госпиталга жеткиришкен экен. Он алты ай дарыланыптыр. Денесинин тамтыгы жок – снаряддын чачырандысы он жети жерине оздорү да таң калган имиш. Болгондо бир ичегисине гана доо кетиптир. «Ой, эмне үчүн кат жазбадың, тирүү экенсиң, ботом!» – деп аны «өлгөн» себебин тезирээк билүүгө ашыккандарга козүнөн жашы чыкканча ыкшып күлүп: «Сабатсыз экенимди билчү элеңер го. Кат жазбаганымын себеби ошол. Баргандан кийин келген жалгыз катты да, он күн ойлонуп жатып, бир улгайган казакка араң жаздырган элем. Андан кийин ал окшогон мойсопут мусурман туш келбеди. Жаштарына кат жазып бер, сабатсыз элем десем, ушунча жылдан бери отуз алты тамганы тааныбай кайсы бурчта жаткан немесиң, байкуш» - деп шылдыңдайбы деген кооп менен оозум барып айта албадым. Өзүңөр билесинер го, лекбезде эки жыл окуп, тааныганым эки тамга болбоду беле – А анан Б. Бул эки тамгадан кат куралбайт экен да. Госпиталдагылар таңыркашчу: «Ой сен, деги кат жазып, кат албайсың да? Же эч кимиң жокпу?» – дешип. Андайларга берер жообум бироо гана: «Менден кат күтө туурган жек-жааттан эрте айрылган экенмин. Корүп жатасынар го, мында жатканыма канча ай болду, бир жолу да кат келген жок. Тумалай жетиммин». «Андай жооптон кийин ичимен тобо келтирчүмүн» – деп сөзүн бүтүрдү.

Мына, Байматтын «олүп» кайра тирилишин бар тарыхы ушул экен. Ушул окуядан бери жакындарынан кара кагаз алып, коксүн суутуп калган ата-энелердин көбүндө кайра үмүт пайда боло баштады.

Анын үстүно ага учурашканы барган өксүк кемпир, чалдар: «Кана эми, сага окшоп биздин балдардан деле жаңылыш кабар келген болсо. Алардын деле сабаты сеникинен артык болбосо керек эле. Калем эмес, орок, кетмен кармап жүрүп эле кетишпедиби. Ылайым сага окшоп жаңылыш кабар болсун» – десе, тигилердин жүроктогү сары зилди коро койгонсуп, Баймат үмүткор кылчу кепти айткан: «О кокуй, келген кабардын баарын эле чын экен деп ишене бербегиле. Бу уруштун сыры коп. Тирүү деген кишинин өлүк чыгышы, олдү дегендин тирүү табылышы опоңой. Чабуул деген немесинде, эки тарап тең кээде аралашып кетип, тополоң-тозу чыгып, баш коргондү коз корбой калат. Андай кезде олгону ким, тирүүсү ким ажыратып отурууга убакыт кайда. Ошондой тополондо эс учунан танып, колго түшүп калгандар андан коп. Тирүүлөрдүн арасынан көрүнбосо эле, кээде командирлер, «Баатырларча курман болду» – деп быякка кабарды айдап

жиберише берет» – деп койбодубу. Байматтын мына ушул жоболондуу окуясынан бери жок балдарынан жолун кайрадан кадала тиктеп калгандар көбойүп кетти. Ошолордун бири Сергил апа.

* * *

Сергил апа чынында эле баласы Эшенкулдан үмүт үзо баштаган болучу. «Айлам канча? Жалгыз менин Эшеним болсо экен, жаштайынан минтип жаздыгы куураган. Бу каргыш тийген согуш кимдердин тилегине кылыч чаап, өмүрүно бүлүк салбады? Ушул алакандай айылдан эле канча киши кайтпай калды. Керим бозокордун төрт уулу, Айдар старчындын уулу менен жалгыз кызынын күйоосү, Тоту кара жаактын эри менен жаңы үйлонгон баласы...» - деп эки колунун манжалары бир жумулуп, кайра ачылганча эсептечү да, андан кийин тажаган немече, көк тамырлары корүнүп, териси сөөгүно жармашкан оң колун кош коңүл серпе, таягын бооруна такай көздорүн жумуп отуруп калар эле.

Чын да, бул төрт жылдын ичинде алардын алакан отундай айлынан кандуу сапарга аттангандардын тенинен көбү кайта элек. Көбүнөн кара кагаз келип, эчак ырым-жырымдары откорүлүп, жан күйорлорү: «Кантели, жаамы журттун башына түшкон мүшкүл экен. Ыйлаган менен табылбаса, кайда калса да, эми жаткан жайлары жайлуу болсун» - дешип, аргасыздан көксүн суутуп калышкан болучу. Алардын ар биринин үйүно Сергил апа да барып, кыбыланы тиктей отуруп:

«Кылычты кыя чапкандар,
Душманын мээлеп аткандар.
Бейиште болсун жайынар»
Бейкутта болсун айлынар»

деп тигилердин жакындары менен кошо жоктоп ыйлаган.

Баласы Эшенкулдан кара кагаз алганда, айылдын кары-жашынан бери түп котөрүлө келишип, ушул төрт паксалуу коргонду бир жолу дүңгүротүп, ташташпады беле. Айрыкча, Айтилла кыздын ошондогу оңгоч үзүлтө чыккан мундуу добушу күнү бүгүнгө чейин Сергил апанын кулагынан кетпей, тамагын бууп келатат. Ошого чейин ал кыздын ички сырын билбеген эне дагы эле түшүндогүдой, же бироонүн оозунан уккан керемет жомок сыяктуу болгон окуяга ишенип, ишенбей – маң.

Айтилла ким? Жетим кыз болучу. Ата-энесинен ажырагандан бери абасынын колунда жүрүп чоңойгон. Сергил апага анын эч кандай жакындыгы жок эле. Уруш чыккан жылы жетинчини бүтүп, ошондон бери колхоздо иштеп калган. Кээде эртели-кеч Сергил апанынкына келип, казан-табагын кармалашып, кири-кушун жууп бергенин: «Жетим болуп, ата менен эненин мээрине чаңкоо байкуш боор тартып жакшы сүйлөгөнго үйүр алып жүрсо керек» – деп, Сергил апа аны айылдын боорукер, жапакеч кыздарынын гана бири катарында эсептечү.

Аксаргыл бетин албырта казанга нан жаап жатып, Сергил апанын суз оңүнө тик карабай:

Кадыркулуңуздан кат келдиби, эне? – деген акыркы жолу үйүнө келгенде.

Ооба, кагылайын, келди. Кудайга миң мертебе шүгүр, урушка барбай турган болуптур, аным. Жакында уруш бүтот дешип атат. Биз ага жетпей калат экенбиз, кап! – деп өкүнүп жазыптыр, чунак бала. Согушка барбай калат экенмин деп, арман кылганын карасаң, бала да. Эл андан кантип кутуларын билбей, мазасы кетип жатса, тигинин өкүнгөнүн карабайсыңбы. Ай, балам ай, балам ай! «Урушка барсам эле, апа, баатыр боломун мен» – деп, жиниме тийчү биерде. Ажап болуптур, анын кечиккени. Эми андан көңүлүм кадыржам болду. Иштен киши эч нерсе болбойт, тени-жаны соо болсо. Душмандар кыйратып кеткен шаарларды калыбына келтирип жатабыз дептир. Ошонусу эп, мага. Бүт өмүр бою ошентип, жай курсун. Эгин эгип, суу сугарсын. Өзүнө, элге нан берсин. Мен эмес, мендей энелердин баарында эле ушул тилек болсо керек. Уруш болсо, ага уулум, же кызым катышып, баатыр деген атак алса – деп эңсеген энени төгөроктүн төрт бурчун кыдырсаң да таппасың дейм, Айтилла кызым? Же калп айтып жатамбы? – деп, кемегедеги отко жүзү албырып, кирпик-кашы төгүлө жер тиктеген немеге караган.

- Созүңүздүн калети жок, эне. Ким жакшы көргон кишисин өлүмдүн өртүнө ыраа көрсүн. Ылайым уруштун аты өчсүн – деп, кыз Сергил апанын буга удаа берилчү суроосунан качкандай, ошол замат ордунан тура калып, кийиз туткуч менен кара казандын кулагынан кармай айыгып келаткан жарадай чоктун табына жыйрылып калган нандарга карап, күлүмсүроп койгон.

Аны көргон сайын, эмнегедир Сергил апаныын жүрогүнө жакшынакай сезимдер пайда болуп, оз кызындай тигинин саамайынан сылай эркелеткиси келип кетер эле. Ал эми Айтилла болсо, купуя сырынан тынчсыздагандай мээримдүү эненин алдында жакшылыктуу кепке келе албай, тайсалдай берчү.

Эненин көз алдында азыр да Айтилланын акыркы ушул жолугушуу мезгилиндеги уялыңкы кебете-кешпири. Бир нерсени айта албай тайсалдаганы. Мындан кийин булардын ортосундагы мурункудай жылуу кезигишүүлөр болгон жок.

Андан бир жума өтпой Эшенкулдан кара кагаз келди. Бул каргашалуу кабар гана Айтилланын ким экенин Сергил апага аягына жеткире айтып берди.

* * *

Эшенкул эки катты бир күндо жазат көрүнөт, анткени Айтилла жумуштан келатып, колхоздун шифер чатырлуу конторасынын эшик жагындагы болмого орношкон почтого кирип, кат сураганда, андагы жаш орус кыз буга дайыма эки кат сунчу. Бири – озүнө,

экинчиси – Сергил апага. Сергил апага жазылган кат ар убак: «Кагылайын апа, күүлү-күчтүү жүрөсүзбү?» деп башталчу да: «Менден кам санабаңыз, душмандын сазайын колуна берип атам. Жакында алар жок болот. Биз жүз көрүшобүз. Көкүрөк жытыңызды сагыындым, апа. Ушул катты жазган эрке балаңыз Эшенкул» – деп колун коёр эле. Ал эми Айтиллаага арналган каттын тегерек чети гүлгө оролуп, жолдун ортосуна куш кат менен бадырайта: «Жүрөгүмүн кубанычы Айтилла!» – деп башталар эле да – «колуна автомат кармап, сенин сүйүүңү жоодон коргоп жүргөн жоокерин Эшенкул» деп бүтөөр эле.

Бирок Сергил апа бул кат тууралу түк билген эмес. Баласынан келген өзүнө тиешелүү үч бурч катты Айтилла окуп берип жатканда орок оруп, машак терип, чөп чаап жүргөнүнө карабастан, сынынан бузулбаган кыз колунун болор-болбос титиреп турушу жана почтодон алары менен контордун киши көрбөс далдасына өтө калып, ар убак эки баракты төрт бетине толтура жазылчу өзүнө тиешелүү катты бир саатча отуруп, кайра-кайра окугандан кийин, кара күрмөсүнүн жүрөк тушуна өзү жасап алган чөнтөктүн ичинде дайыма жүрчү Эшенкулдун сүротү менен кошо жаткан сыйкырдуу каттын күчүнөн экенин Сергил апа кайдан билсин!

Ошентип, Эшенкулдан келген эки катты тең биринчи болуп окуган, анан экөөно тең жоп жазган – Айтилла. Бирок эне көзүнө көрүнгөнү да, жазылганы да бир гана кат. Кат окулуп бүткөндөн соң, Сергил апа адат болуп калгандай ыйлачу. Анын жанында олтуруп, Айтилла да жоолугунун учу менен көздөрүнүн жашын тымызын сүртө ордунан тура жөнөсө, анысын да Сергил апа: «Байкуш эмне кылсын. Жетим неме жашык, нары боорукер болот эмеспи» – деп, кыз жүрөгүндө өзүнүкүндөй эле түйшүктүн бар экенин билбей, тескери жоруп коёр эле.

Айтилла тууралу башкача ойлоого анын негизи да жок болучу. Аскерге кеткенге дейре Эшенкулдун кыз-кыркынга тамаша айтып тайрандаганын башкалардан да укпаган, өзү да көрбөгөн. «Эрке оскөн неме ушундай болобу? Бу жашта илгеркилер бир-эки балалуу болуп калчу эмеспи. Атасы мени менен баш кошкондо он жети гана жашта эле го. Жигиттин артынан ээрчиген жаштык создорү болчу, эл арасында, анысын деле укпайм. Же кыз-келиндерге суук көрсөткөн, мен байкабаган бир айыбы бар бекен?» – деген бушайман ой менен алек болуп жүргөн эне бир күнү баласы эркелеп киргенде сүйлөдү:

- Ээ, Эшен, эркелегенди коюп, мени качан кара казандан куткарасың? – деди.

- Келиниңиз даяр, апа! Бирок шаштырбаңыз. Азыр үйлөнүш силердин заманыңардай эмес, апа. Анын көп жагы бар. Билим алуу да зарыл, үйлөнүүдөн мурун. Азыркы заман билимдүүлөрдүн заманы. Биз адегенде ошого ээ бололу дедик. Апа, - десе, Сергил апа чоочуп кеткен.

- Кокуй, дагы эмненин окуусу, сага? Жети жыл мектепке тынбай каттадың. Анан тиги Ош деген жагынан барып дагы бир жыл чыпчаң окуп келдиң. Мына эми болсо, бир колхозду кыймылдатып турган бугалтырсың. Башында сый-урматың бар, жаштыгына карабай... «Балаңыздын башы иштейт, Сергил жеңе. Билими да баарбыздан жакшы» деген сөздү раистин өз оозунан укканмын. Мындан артык дагы кандай окуу болот, сага? – дегенде Эшенкул санын чапкылап жатып күлгөн.

- Кагылайын апа, али түшүнбойсүз да. Бүгүнкү раис менен сизге көп корүнгөн билим эртең эле аз болуп чыга келет. Төрт-беш жылдык окууга барайын деп жүром. Сизди дан, кийим менен үч-төрт жылга камсыз кылып койсом, келерки жылы кете бермекмин. Алар түгөнгүчө Кадыркулунуз да бой жетип, андан аркысын озу улантып кетер дейм. Мен институтту бүтүрүп келген соң, аны жиберебиз. Келиниңиз да окумак. Демек, тойго дагы төрт-беш жыл бар, апа...

Ошондон жарым жыл өтпөй калк башына күтүлбөгөн жерден жайдын ачык күнүндөгү алда кайдан келген токумдай дейди кара булуттан тогүлгөн мондүрдөй жанагы каргаша туш болгон согуш башталган. «Деги келиним ким болмок? Келип, казан-табагымды кармап бербесе да, жок дегенде аты-жөнүн билип турайын. Ыман-салабаттуу немеби?» – десе, Эшенкул апасынын кулагына жакан барып шыбыраган: «Чырайын сурасаңыз коктогу ай. Назиктигин билгиңиз келсе – бактагы гүл. Көздорүн көргүңүз келсе – жээр алдында сууга чайылган кра чараз жүзүм. Каштарын сурасаңыз – учуп бараткан калдыргачтын канаты. Боюн билгиңиз келсе, тоонун ышкынындай солкулдак. Күлкүсү болсо, таптагы кушту канат алдындагы коңгуроосун уктуңуз беле – так ошонун өзү. Дагы эмнеси калды, мен сүроттоп айтпаган?» деп Эшенкул коюу кирпиктерин ирмеп-ирмеп көктү карай ойлоно калганда, баласынын кезектеги тамашасы экенин сезген эне, каткыра күлүп койчу.

- Эшен тамашаны кой, мен чындап эле сурап жатам, ким деги, атын айтып койсоң, эч болбогондо. Чырайын сурап жатат дейсиңби. Акыл-эсин айтсаңчы адегенде. Эси жок немеге алтын чаптап койгонуң менен деле, көздү кубантып, жүрөктү жылыта албас, балам. Чырай бергенче, жараткан пендесине акыл берсин – деп, баласы чындап эле кокусунан жолуккан бироонун сырткы корүнүшүнө азгырылтып, ушул азырда ээрчип кетип жаткандай Сергил апа карбаластай түшкөн болчу.

Ошентип, анда баласы азил-оюн менен жадегенде атын атабай койгон Сергил апанын болочок келини, Эшенкулдун тымызын сүйүп, келечекке омүр шерик кылууга шерттешип жүргонү Айтилла тура. Муну эне баласынан кара кагаз келип, бети-башын тыткылап, кыбыланы карап, ыйлап отурган күнү гана билбедиби. Кап!

Сергил апанын Эшенкулуна жаратылыштагы эң кооз нерселерди элестетип, делебесин козгой жүргөн ар убак анын алынан

кабар алып, «боорукер кыз» атанган аксаргыл, узун бойлуу, чап жаак, ымандуу неме турбайбы. «Кап, ушундай кызды Эшеним эмнеге байкабай калды экен!» – деп ал кеткен сайын эне ичинен шылпшына жүрчү эмес беле.

Бардыгын эне байкуш кеч түшүнүп калды! Болбосо, аны түндо койнунан, күндүз кашынан кетирбей бапестебес беле. Жашынан ата-энени мээрине канбай жеңенин колунда кагуу-силкүү эшитип, чоңойгон Айтилла бечара эмне үчүн мындан, болочок кайын энесинен сырын жашырды экен? Анын уялчаактыгы ай! Бир дасторкондон нечен ирет бирге отуруп даам татышкан эле. Ошондо бири кайын эне, экичиси ага келин экенин жалгыз Айтилла гана билчү да. А Сергил апачы? Тигинин жылдыздуу, нары адептүү кылык-жоругуна, кылган ишине карап: «Эшенкулума ушундай кызды туш кыла кор, жаратканым» – деп, ичинен тилек кылып тим болор эле.

Сергил апа бардыгын кеч түшүнүп, кеч билди. Айтилла делбе болуп кеткенден кийин гана, ага аз мээр токконуно окүнүп жүрбөйбү.

Ооба, Айтилла бир күнү эле акылынан ажырап, кочого чыгып кетет. Антип кетишине себеп ал, Эшенкул болуп калды. Андан кара кагаз келип, элдин баары Сергил апанын коргонун түп көторүп жатканда, Айтилланын мында келгенин эч ким байкабай калат. Жоолугун жая салып, тытылган бетинен ылдый канга аралаш жаш того, бөйрөгүн таянып катындардын катарында боздоп ыйлаган Айтилла экенин андагылар кийин байкашып калды. Ошондо гана эски салттын туткундары аны желкелеп жүрүшпойбү.

«Укпастан таттуу созумү,
Корбостон жаштуу козумү,
Кара таш беле жүрөгүң,
Тоскудай окко озүнү».

- Оо-уу-оох! – деп, оңгоч үзүлто улуп-уңшуганда ыйын токтотуп, бериде дубалга жолоно отурган аялдар жаалап: «Ой, шерменде десе! Сен анын алып койгон катыны белен, минтип озондогудай? Жогол мындан, элде жок жорукту баштабай!» – дешип, а жерден желкеден ала сүйрөп чыгарышат. Ошондон бир жума отпой, айыл арасына: «Баягы Айтилла делбе болуп кеткен имиш» – деген каңшаар тарады. Бир күнү эле Сергил апа карага чулганган арык тулкусун араң сүйрөп, дарбазасынан чыкса, анын тушундагы чоң жолдун жээгинде чачын жазып, аны боз топурак менен шыбап Айтилла отуруптур...

Ага эми ким карамак эле. Жаман болсо да, абасы Бекташ, анан Сергил апа күйүп-бышты: «Эки киши бир олот – деген кандай шумдук ботом!»

Сергил апа үстүндогү кара койногуно карабай, Айтилланы кулагы уккан коздүү-жаракгуунун баарына алып барды. Тиги Өзбекс-

тандагы бир атактуу молдонукуна алып барып, бир жумача түнөп да келди. Бирок жардам болбоду. Бакшыларга көрсөттү. Алар деле айыктыра албаган соң, анан доктурга алып келген эле. Мындан да арга табылган жок, болгондо кагаз жазып беришти – «Коконго алып барасыңар, жиндилерди ошол жакта дарылашат» – дешип.

Колхоздон араба сурашып, темир жол станциясына чейин ошону менен жеткиришмек болду. Айтилла күндө эртең менен чыгып отурчу чоң жолдун таманына келип, алар арабынын токтотқондо тиги учтары жерге төшөлүп жазылган чачын топурак менен шыбап алып, салаасы менен тарап отурган болучу. Сергил апа аны айланып-кагылып, адаттагысындай бир жакка алып барарында айтчу: «Кагылайын Айтилла, мына бул арабага түш, Эшенкул келаткан имиш, тосуп келели» – деп, ага биринчи болуп жакындай бергенде, тиги ордунан ыргып тура келди да, Сергил апанын мойнунан кучактай, жалынып жиберди: «Кагылайын эне, мени алып кетпесең, ушерден. Бүгүн Эшенкул келет! Алып кетпесең эне! Бүгүн Эшенкул келет! Алып кетпесең эне! Бүгүн Эшенкул келет!» – деп соо немече оксүп-оксүп ыйлап жиберсечи! Уккан кулагына ишенбеген эненин тула бою зыркырап, көзүнөн мончок-мончок жаш чууруду. Анан заматта шалдая туруп калган кыз эненин жүзүно тааныбаган кишисиндей тандана тиктеп турду да, ботола болгон бетинен ылдый салаалап аккан жашын да сүртпой каткырып коё берди. Акылынан ажыраган кишиге айла жок тура. «Сергил, сен да кээде жаш бала болуп кетесиң. Эмнесине карайсың жиндинин! Ошонун кебине ишенип калдың беле, балам келет экен деп. Мындайдын колу-бутунан кармап, арабага ыргыткандан жонү барбы. Каягына алып барып болсо да, ушундан кутулалычы. Айылдын ичи да тынчысын. Баарыбызды шерменде кылып бүтмой болду, бу жинди. Уругубузда жок ооруну кайдан жуктуруп жүргонүн билбейсиң, бу кара беттин» – деп, тигинин минтип калган себебин моюнга алгысы келбеген шоро коз, орой, нары элге кежирлиги менен маалым болгон абасы Бекташ андан тажаганын билдиргендей Айтиллага карап тап койду. Оң колунан кармап бурай берейин дегенде, кыз колун шарт сууруп алып, аны бет талаштыра коюп жиберсе, көзүнө аралаш тийди белем, алакандары менен бетин баскан бойдон ал жол четине отура калды. Айтилла күүлөнгөн бойдон барып, отурган жеринен тигин акыректен ары тепти эле, Бекташ чалкасынан жыгылды. «Жоголгула, мындан! Азыр Эшенкулум келет, бу жолдон. Жоголгула көзүмө көрүнбөй!» – деп, жол таманындагы бортулдап жаткан боз топурактан чеңгелдеп чача берип экоон тең кууп жиберет. Ошондон кийин аны бир жакка алып барып, коздүү-жаракттуура көрсөтолү деген аракеттерин, Сергил апа да, абасы Бекташ да токтотушкан.

Айтилланын отурган жери Эшенкулдардын үйүнүн тушундагы чоң жолдун бою. Ал кыштакты тең жарып отот. Күн бою киши

үзүлбөгөн бул жолдун четинде отуруп анын кылар иши бироо - чачын жазып, чач тароо. Жолоочунун ким экенине карабастан, тушуна келгенде, мас кишиникиндей кызарып, кейпинен кеткен коздорун жайдандата тура келет: «Менин Эшенкулумду көрдүңбү?» Анын сырын билген киши болсо: «ооба, көрдүм, артта келе жатат, күтө тур» – деп, сооротуп өтөт. Мындай жооптон кийин тиги шаңкылдап бир күлөт да, өрүмдөн жазылган чачын тизесине чейин жайпалта жанагы жолоочу айткан жакка бар күчүн жумшап чуркап жөнөйт. Туурулган жыңайлак бутунун башмалдагына илинип далдалынан кеткен багалегине чалынып, акыры жыгылат. Бир күндө бир эле жолу ушинтип чуркаса экен.

Аны тааныган жолоочу жалгыз эмес да. Анын үстүно айылдын жаш балдары деле сырын билип алгандан соң, жанына келишип: «Айтилла, Эшенкулуң келатыптыр, чуркабайсыңбы?» – деп, аны шылдындашчу болуп кеткен. «Кана?» – деп, чач тараганын токтото калып, балдар сөөмөйүн сырайта көрсөткон жакка чуркап жонойт. Акыры куру бекер жүгүрө берип, чарчабайбы, жеткен жерине колдорун дерейте жайып жиберип, бир топко дейре топурактуу жол үстүндо кыймылсыз жата берет. Тура калып кылар иши дагы баягы – чач жазып, чач тароо. Кайра жазып, кайра өрүп, отура берет. Топурак шыбай бергенгеби, же күнго кактанып отургангабы, көмүрдой кара чачы саргыч түстөнө баштаган.

Аны билбеген кишинин иши барбы, чаңга болонүп ботола болгон кебетесин көрөр замат итиркейи келе түшөт бейм, тушуна жеткенде: «Менин Эшенкулуму көрдүңбү?» деп демейдеги татынакай сурмалуу коздорүнүн калыбын бузуп тура келгенде, үркөн атынын тизгинин тарта берип: «Эшенкулунду мага кайтартып койдун беле? ары тур, албарстыдай арбайбастан! Атты үркүтосүң» – деп камчысын тобосүно үйрүй, док кылышат. Андайлар Айтилланын каарына калды дей бер, жерге чапчаң эңиле калып колуна эмне тийсе ошону алат да, буту жеткен жерге чейин ал жолоочуну кууп барат. Анан чамбыл ала болгон бетин да сүртүнбостон, арыган жеринде, кан жолдун ортосуна комкоросүнон жата кетип, улупуңшуп ыйлай бермей. Андайда алдап-солдоп, дагы Сергил апа үйүно алып келип жаткырып койчу. Качан эсине келсе, ошол замат күндөгү ордуна барып отуруп калат. Эрмеги чач тароо, чач орүү.

Мурдагы тели-теңтуш кыздары кээде боор оорушабы, нан-пан алып, анын отурган жерине келишет да, бир нерсе жедиришкенден соң, тийиштик кылып, андан тил укандары дагы коп. «Айтилла, дейм, эртеден-кечке эле чачыңы өро бересиңби, күйоосү келчү кызга окшоп?» – дешсе, тигинин кулагына жакшы угулабы, кебетеси кетип калган оңүно кайрадан чырай чыгарып, аппак тиштерин бажырайта шаңкылдап күлөт: «Акмак десе, күйоом келерин билбейсиңби? Эшенкулум келет, Эшенкулум! Ишенбесең тиги жолоочудан сурап көрсөң, тигине» – деп, сүйлөшүп отурга-

нын желкеден ала өйдө тургузат да, эчак карааны үзүлүп кеткен жолоочунун багытын көрсөтөт. «Эшенкулум келет, азыр. Жогол мындан! Аны тартып алганы келсең керек а-а? Жогол!» – деп, тигинин алып келген тамак-ашын башынан ашыра ыргытат да, озүн кууп жөнөйт.

Бир күну эле Айтилла отурган жеринде жок болуп калды. Дагы бироонүн жалган кебине ишенип, «Эшенкулун тоскону кеткендир» деп, Сергил апа элебей койду. Абасы Бекташ болсо, баягы таяктан бери анын жанына басып келгенди токтоткон. Бирок, кечке чейин кайтып ордуна келиш керек эле да. Каш карайганга дейре, Сергил апа супасына чыгып карап отурду, келген жок. Көчонүн о башы менен бу башын кыдырып, баарынан сурап чыкты, эч кимиси көрбөптүр. Анан Бекташка келип, бу кабарды айтты эле, ал корс этти: «Жиндини жин урат дейсиңби, дагы бир жерде темселеп жүргөндүр да. Аны каадалы адам көрүп, аргынан издеген сенин да келдең соо эмеспи, деп калдым, Сергил!».

Сергил апа түнү менен уктай алган жок. Эрте туруп айылды дагы бир сыйра кыдырып чыкты, дареги жок. Анан кыштактын этек жагынан отчу канал эсине түшө калганда жүрогү шуу дей берди. Иле чалып ошол жакка жүгүрдү. Көзүн жай агып жаткан каналдагы киргилт суудан албай, арыкты бойлоп кете берди. Аны жээктеп, Айтилланын чуркаганын өзү да нечен ирет көргөн эле. Эки чакырымча жүргондон кийин Айтилланы тапты. Ал жаңылышпаптыр, күмондүү жерден чыкты. Каналдан суу бурулган жердеги кум ойногон көлчүккө чалкасынан түшүп, анын денеси жатыптыр. Чачтары жазылган бойдон кумдун астында. Сууга чайылганга ал кайрадан кундуздай жылтылдап кетиптир. Өнү да таптаза. Бардык кир-кушу кетип калганга тунук бети аркан бою которүлүп калган күндүн нуруна болонүп, кызгылт, бирде саргыч түско алмашып, кубулуп турду. Осмо коюп койгондон каштары чийилип, кара. Алдынкы эрдин кесе тиштеп калыптыр. Жарымы кумга көмүлүп жаткан денеси калыбынан чыгып, жоонтумак тартып калган. Колдору эки жакка дерейип, керилип жаткандыктан, суроосуна натуура жооп берген кишини кууп барып, күчтөн тайган жеринде ушинтип жатчу эмес беле деген кыязда Сергил апа үн чыгарса эле ал айкырып тура келчүдөй үн-сөсүз тура берди...

* * *

Ошентип, Сергил апа эки айга жетпей эки бирдей кишисинен ажырап, мүңкүрөп жүргондө Байматтын келип калышы анча эле обок болбодубу. Албетте, анын Эшенкулу Байматтай жоош эмес болучу. Анын үстүнө айылда кат-сабаттуулук жагынан алдына түшөр башка киши да жок эмес беле. Райистин өзү мактаган неме оңойбу! Эне канчалык аракет кылып, баласынын Байматка окшош жактарын издесе да, таба албады. Ошентсе да, «уруштун сыры

көп, тирүүнү өлдү деп, өлүктү тирүү деп жаңылышып кеткен учурлар көп болот» – дебедиби.

* * *

Ошондон бери Сергил апа эртели-кеч супанын үстүндө. Тиктегени жол. Күткөнү Эшенкул.

Кош канаттуу чоң дарбазанын оң капшытынан нары кеткен төрт пакса дубалга такай жасалган бул супа жердин тоңу эрий баштаганда тегерек чети жибишип, урай баштайт да, күн ысыгандан тартып эне колунан кайра бүтөт. Саман шыбак менен зымылдата шыбап койсо, күн бою андан көк булоо чыгып, кечке жуук тоборсуп калат, демек отура берсе болот.

Бул супаны Сергил апанын тун уулу Эшенкул жасаган. Анда ал колхоздо бухгалтер болуп иштеп калган кези. Күн сайын кечке маал үйүнө кайтып келатканда дарбазанын сыртына чыгып, дубалга жолонгон калыбында коңшусу Ашыркүл менен апасы кочкөрүнө чапандарынын өңүрлөрүн төшөнүп, чаңга батып отурганын көрөр эле.

- Апа, отурган жериңерге супа жасап берейинби? нары бийик, нары тазараак отурасыңар, - деди бир күнү керели-кечке кагаз тиктеп карыккан көздөрүн кыбындата, жумуштан кайтып келген соң.

- Андай кылсаң, кана! Ашыркүл экообүз жыгач керебеттин үстүнө чыгып отургансып, оңуп калбайт белек! Андан көрө колуңан келер бекен? – деп күлгөн болучу. Ошонун эртеси күнү эле контордон демедейгисинен эртерээк келет да, эски коргондун ордундагы дубалдын кесектеринен жынай коюп, ушул супаны жасаган.

Ушул супанын жанынан Эшенкул колхоздун англодон деген күрөң тобурчагына минип, аны менен мындан төрт жыл илгери кош айтышпады беле. «Кагылайын апа, кайратыңызга мен ишенемин. Көзүңүзгө жаш алчу болсоңуз, менин энем эмессиз. Коп болсо дагы жарым жылга жетпей душмандын ташын талкан чыгарабыз» – деп, пайгамбарлык кылган баласы али жок. Келмек турсун «Львов деген шаарды душмандардан бошотууда баатырларча курман болду» деген кабар алганына жыл айланып баратканда, Баймат «тирилип келип» көптүн коңүлүнө үмүт жаратып таштабадыбы. Ошолордун бири Сергил апа. Ошондон бери Эшенкулдун али эсинен кете элек элестери күн санап, коз алдынан бир сыйра чубап отот.

Жүроктон тараган кан тамырындай тогороктүн төрт бурчуна кетчү сансыз жолдун башталган жери – эне кыялында ушул супа. Түгонгон жери – Эшенкулдун буту кай жерге жеткен болсо, ошондо. Анын кыялында ушул жол бу кыштактан ары чыккан соң, созолонуп отурат да, тиги Чаткал тоолорунун жыйылган кереге сымак кайчылашкан кырларынан ашып, артуу-артуу бел кесип,

чытырман токойлорду аралап өтөт да, албан-албан дайраларга барып куйругу үзүлөт. Эшенкулдун алдындагы тобурчак (бул атты баласы районго чейин гана минип барса да, согушка ошону минип кеткен деп эсептөөчү, эне эмнегедир) ошол жолдор менен жүрүп, жомоктогудай бирде кең дайраны кол арыктай кечип өтсө, бир туруп, түнт токойдун үстүнөн сызып учкан бойдон, тоо-ташка да бир илинбей: «Апа, дагы эле баягы супада отурасызбы? Үйгө качан киресиз? Менден кам санай көрбөңүз, тирүүмүн. Жоону кууп жүром. Кат жазууга чамам келбей жатат», - деп көздөн кайым болот.

Эшенкул эмнегедир, эрке өскөн. Киши-каранын тиктеп турганын деле таназарына албай, эркелегиси келсе, жогжоңдоп эркелей берчү. Жыйырма эки жашында согушка кетти. Ушул куракка келген чейин эле колу энесинин мойнунан түшкөн эмес. «Кагылайын апа, сагынып кеттим, көкүрөгүңүздөн жыттатып коюңузчу» – деп, апасынын жалгыз топчулуу жакасынан шиш мурдун салып жиберер эле. «Ах! Кагылайын апа, сиздин жытыңыздай жытты ааламды кыдырсам да таппасмын. Көкүрөгүңүздөн бир жыттап койсом, жыл маалына кубат алгансыймын» - дечү көздөрүн ойноктотуп.

Апасынын көкүрөгүн ачып, олжондогонун көргөн коңшу-колоңдор кыраан-каткыра күлүшүп калар эле. Ачык-айрым, шайыр-шайдоот жүрүм-туруму үчүн Эшенкулду ичтеринен сыйлаган алар анын мындай жоругун эроон көрүшчү эмес.

Сергил апа болсо, ал эркелеп киргенде эмчеги ийигендей мемирей түшчү. Тигинин пешенесинен жай сылап «Эми койбойсуңбу, Эшенкул, жаңы жолго кирген балача менин көкүрөгүмү ачып тайрандаганың. Илгерки убак болсо, бир-эки баланын атасы болуп калмаксың эчак. Уят эмеспи, минте бергениң. Келинкезек да күлүп жатышат, «Сергил жеңемин эмчектеги баласынын эркелегенин көргүлө» дешип. – Эненин ага кылган бар каяшасы ушул гана болучу.

Мына, Сергил апа ошол баласынын караанын кайрадан кууп калды. Тоо-таштарды, касабалуу тоолорду, чычкан жорголоп өтө алыс жыш токойлорду аралап жүрүп, заматта аны таап алат да, кадимкисиндей, пешенесинен сылап, көйнөгүнүн жалгыз топчусун озу чыгарып берип, ага көкүрөгүнөн искетет. Эне жүрөгү үчүн аралык деген жок тура. Толгоо тарткан аялдын жүзүндөй кызарган күндүн чыккан жеринен батканына чейинки аралыкты кыялы менен бир паста басып коёт. Бирде баласын шибери белден бураган жайлоонун жадыраган жеринде жолуктурса, бирде туу чокунун кур ташында камалып калган каргадай караанын башынан жоолугун түшүрүп жатып, араң карайт. Кээде күн нуру тешик таап ото албаган түнт токойдун арасынан: «Апа, мен адашып кеттим го. Кайдасыз? Сизди таппай зар болдум!» – деп кыйкырган алсыз үнүнө кулак түргөндой болот. Дагы бир туруп, ок көзөп кеткен

жүрок тушун мыкчый кармап, чала араланган теректей баш жагы ошол замат оюнан чочуган эне супасынан ыргып тура келет. «Эй, Ашыркүл, бери келчи, койчу нары, ошол тиричилигинди. Өлмой-үнчө кишинин тиричилиги бүтмок беле. Андан көрө бери бас, адатынча калп айтып болсо да, бир күлдүрүп койбосоң, чыракка айланган шайтан көпөлөктөй алда немелер дагы башымы тороп калышты. Жете корчү, тезирээк!».

Сергил апа менен Ашыркүл эже – экөө бул айылга бир жылда келин болуп келишкен. Анын үстүнө күйоолору да тууган немелер. Ошондуктан, үйлөрү да босоголош. Ашыркүл тигинден эки жаш кичүү эле, анысына карабастан булар бирин-бири атынан аташып, абысындардай эмес, эже-синдидей ынтымак күн кечирип келатышат.

Шылкым создүү Ашыркүл эженин боорун тырмап күлүп жатып эле, уруштан бери кээде ыйлап жибермей адаты бар. Керек болсо, жок нерсени таап күлдүрүүгө айылда анын алдына түшөр аял жок.

Ашыркүл эженин эри Жумакан иш фронтуна кеткен. Улуу баласы Медет эки жылдан бери согушта. Кенжеси Садык быйыл жетинчи класста окуп жүрөт.

Сергил апа мен Ашыркүл эже согуш жылдарыында башка катын-калачтардай эле үйгө кирсе аялдын, тышка чыгышса эркектин жүгүн көтөрүштү. Төрт жыл бою жаз алды менен кышта чоп жетпей арыктап, жамбаш сооктору каржайган огүздөрдү сокого кошуп, соп-соп дешип кош айдашса, сугат маалында, түн ката эркекче белге кур байлашып, ага эки өңүрдү кайрып таштап, багалектерди тизеге чейин түрүп коюшуп, суу сугарышты.

Алышты ачып жиберип, кетмен сабын боорго такай арык жээгинде туруп, алар кандай ойлорго кетпеди дейсиң. «Өз түйшүгүбүз аз келгенсип, эркектердин түйшүгүн кошо тарттырган душмандын тукуму асты экөө болбосун» – деп түндүн караңгылыгына чылап, жокко каргыш-наалат жиберсе, адам деген ыйык наамды алып жүрүүчүлөр экендиги эстерине түшө калганда: «Ээ адам кылып жаратканына миң мертебе шүгүр. Оорду көтөрүп, жеңилди ыргытып, ачуу менен таттууну, жумшак менен катуунун ылгай билүүгө, бакыт менен азапты олчоп алууга жөндөмдүү кылып жаратканына кайылбыз» – деп, жаман ойдон шалдырай түшкөн денелерине кайрадан кайрат топтоп алышар эле.

Ашыркүл эже нарыдан бери үй жумушун бүтүрө салып, абысынына шашат. Ушар неме тигинин кирпик кыймылынан ичиндеги бушайманын байкап, аны дароо алаксытуу менен алек болот.

- Сергил дейм, баягы эсиңдеби? Мурап акем колдолоң тартып тукта жылаңач жаткан сени коргондо, башындагы эски ак калпагы менен бетин жаба салгандагычы?

- И-ий-и ушундай балакетсиң да. И-й айтсаң, кандай эле? – деп Сергил апа тырыштарга тилинген ууртуна күлкү уялатса, эми эле айланасын каптай баштаган кара тумандан арып калчу.

Мурда нечен ирет эске салышкан бир жагынан кызыктуу, экинчи жагына көзгө жаш толтурчу бул окуяны кайра башынан тиги Ашыркүл эже айтып түшот.

Эки абысын уруштан бери бригадир болуп жүргөн Асылкан деген аялды кандай жумуш болсо да, экөөн бирге жиберүүгө эптеп көндүрүп алышкан. Сугат мезгили болучу. Түздө тизеге келип, кара кок тарткан отуз гектардан ашыгыраак буудайды сугаруу экөөнүн шыбагасына тийген. Сугаттын үчүнчү күнү болсо керек эле. Күн шашке болуп калганына карабастан, арыктын жээгиндеги жашыл гүлдүү калың нокетекти аралап бассаң, түнкү жамгырдан чөп сабагында калган молтур суулар балтырыңы олдоп жиберет. Аңыздан жем издеп жүргөн илегилектей, буттарын жай таштап, буудайдын этегине жеткен Ашыркүл эже колун которо берип, жогору жактагы арыктын шагында, көкүрөгүнө кетмендин сабын кадап турган Сергил апага кыйкырды. «Быяктын пээреби чыгыптыр, байлай бер алышты. Ушул команданы гана күтүп турган Сергил апа кетменди ийинине арта таштап, ары басты. Ашыркүл эже жанагысындай жай аттап, кайра мында келгенде, тиги алыштын эки жээгине бут коюп, эркекче колтук кере кетмен чаап жаткан эле.

Арыктын жээгинен кетмен менен томуруп алып, бут арасындагы алышка таштаган чымдары чулп-чулп этип сууга чөгүп жок болот да, киргилденип эңишке умтулган суунун агымы токтобойт. Улам таштаганын, улам эле агызып кете берди. Жазы мандайынан тамчылаган терге арбып бараткансып, бут арасынан кетип жаткан суу өктөм. Бу кезде ичкерип калган кош орүм чачты желкеге бүктой, кулакты кошо таңган башындагы көгүш жоолугу болбосо, арт жагынан келип таңыркай тиктеп турган Ашыркүл эжеге абысыны эркектей айбаттуу көрүндү. Анткени менен, анын кылган мээнети текке кетип жатпайбы. Тук байланбай кала турган, чамасы. Көрсө түнкү жамгырга башынан көбөйүп алган суу алышты биротоло жеп, түбүн оюп кетиптир. Сергил апа да эрегишкендей, кайра-кайра кетмен шилтоодо. «Кап. Кантсек да, бала тороп, бели мертинген катынбыз да. Анын үстүнө мунун жашы да элүүгө таяп барып калбадыбы» – деп эми тигини аяп, Ашыркүл эже ичинен мунайып алды.

Буудайдын сабагынан шылбыраган чапан өңүрлорүн Сергил апаныкындай белиндеги курга кыстыра салып, берки да тигиге кол кабыш кылууга киришти. Бир саатча урунганы менен экөөнүн да алы жеткен жок. Суу кадимкисиндей эски алыш менен жашыл буудайдын арасына жайылып кирип жатты...

- Эми эмне кылуу керек? – деди бир кезде айласы түгөнгөн кишиче, кетменин арыктын жээгине ыргыта берген Сергил апа, терең үшкүрүп. Бул үшкүрүктөн Ашыркүл эже, «Эркексиз катындын тиричилиги курусун. Ар кимисин кудай өз иши менен кыйнасын. Эркек киши болсо, эни бир метр араң келген ушул арыкты бууп ташташ кыйынбы» – деген окүнүчтүү создү укканда, бели бошой түштү.

- Билбей турам, эмне кылышты – деди ал нугун улам терендетип жеп бараткансыган киргилт суунун өкүм шарынан көз албай туруп. Анын бул кезде кызылдуу өңү кара көк тартып, кирпигине чейин нымдалышып калган эле. Сергил апа кашатына кыстарып койгон койнөгүнүн этегин бери чыгарып, терин аарчыган соң, кубакай оңү ого бетер бышаргансып, таноолору бирде керилип, бирде кыпчылып турду. Экөөнүн азыркы кебетесин коргон киши корооздорчо тытышып, жаңы гана ажырашкан урушчаак катындарды элестеши сөзсүз.

- Таптым! – деди бир оокумда, Сергил апа. Ошол замат ал чечине баштады. Сыны эчак бузулуп, бирок кебездей түсүнөн жаңыла элек денесине күндүн нуру жабыла бергенде, андан боюн ала качкансып, ич кийими менен жанагы кетменден ташталган этектей чымдарга кармооч бербей жулунган сууга колдолоңунон жата кетсе: «Жиндей баштадыбы, чак түшто жылаңачтанып» – деп, ичинен ар ойго кетип аңырайган Ашыркүл эжеге: «Ташта, эми чымды менин капталыма таштай бер. Кана эр болсо, бул сууң мени агыздырып көрсүнчү!» – деп кыйкырды. Күндүн алсыз илеби түнкү жамгырдан муздаган сууну али жылыта албаган эле, ошондуктан Сергил апанын тулку бою сууга тиери менен ичиркенип кеткени үзүлүп, нары калтырап чыккан добушунан сезилип турду.

Кетмен менен тегерете оё чаап, анан көкүрогүно көтөрүп келген биринчи чымды Ашыркүл эже тукка таштабай, эмнегедир, саамга кабак чытып ойлоно калды.

- Болбойсуңбу, аңкайбай. Суу сай-сөөгүмдү сыздатып баратат – деп, тиги экинчи жолу кыйкырганда гана ал шалп эттире чымды таштап жиберди. Чөп-чары арка этин сайгылап жибергенинен улам, тигинин таштаган чымы өзүно урунуп, токтоп калганын Сергил апа даана сезди. «Тезирээк! Дагы! Дагы!» – деп кыйкырып жатышы беркини бирде шаштырса, бирде иши оңунан чыгары белгилүү болуп калган кишиче, коодонүно коңулдүүлүк шилеп турду.

Сергил апанын сөөктөрү билинип калган эки ийнинен, капталынан ашкан суу, ак мрамордун үстүнөн жайылып аккандай акырындап калган кезде, суунун копчүлүгү ок арык менен ары кете баштаган эле.

Муну көргөндө кайраты арта түшкөн Ашыркүл эже кыймылын тездетип жиберди.

Нуктун түбүнөн ойдо көтөрүлгөн чымдардын катмары Сергил апанын каптал кырына жетип калган болучу. «Ашыркүл балам, бул эмне кылганынар?» – деген тааныш үн аны чоочутуп жиберди.

Аны келин-кесек тергеп: «Мурап аке» деп коюшат. Тентуштары үчүн гана ал Карып. Анын баласын да «Мурап акенин баласы», кемпирин «тиги Мурап акемин» кемпири» – келиндерин да «Мурап акенин келиндери» - деп айтыша турган.

А кишинин эс тарткандан берки кесиби – мурапчылык. Жетимиштен ашканда гана такымынан кетмен түшүп, минген атын, кармаган камчысын улуу баласына: «Сен элди сууга карк кылсаң, калк сени алкышка карк кылат» – деген осуятын кошо тапшырган эле. Уруш башталгандан бери ал үй-жайлуу болуп калган үч баласын тең кан майданга аттандырып, өзү кайра колхоздун мурабы болуп калган. Бир жолу да балдарын сөз кылып муңайбаган, далбаардай чоң, кабагы салыңкы бу кишинин кайратына айылдагылар айран таң. Ашыркүл жалт караса, эски калпагын бетине каптаган бойдон аргамжы бою жерде шалпак кулак тору атынын үстүндө балпайып ошол киши турат. Чамасы ал жанталашып, жерден чым омуруп, кучактай көтөрүп улам алышты карай чуркаган тигини көргөндө жардам берейин деп, кайрылса керек. Анан жакындап келгенде колдорун башына жаздап, албууттанган алыштын суусун жылаңач денеси менен бөгөп жаткан Сергил апаны көзү чалганда артына качып кетишти билбей, калпагы менен бетин баса калган көрүнбөйбү.

- Бара бериң, мурап аке, биз алыштын суусун бура албай жатабыз -–деди бир жагынан шашкан, нары уялып кеткен Ашыркүл эже жүзүн бери үйрүй берип.

- Барбай калайын, силердин ушул абалыңарды көрүп туруп. Тур де, кокуй, наркы келинди. Жанынан кечкенби, ботом сууга жатып. Тургуз батыраак!...

Мураптын мындай жан тартып кейигени тиги экөөнүн кайратып жандырып жибермек болду. Атынын башын артына бура берип, мурап дагы күбүродү: «Толгоо тартып, белдери мертингени аз беле, бу бечалардын. Жүзүн курган согуш, элге эмнелерди корсотподүн!...»

Сергил апа калтырап-титиреп ордунан араң турду да, сан этине жабышкан ич кийиминен ылдый суу шорголото, арык бойлоп нары басты. Суу сугарганда бир кезде эри кийчү, пыязы чепкенди кие келген эле, аны жамына отуруп, дамбалын сыкты, көйнөгүн кийди.

Бул убакта нарыга барып атынан түшкөн Карып карыя жүзүн ары үйрүгөн калыбында, берки экөөно окшоп, чымды арык жээгинен албастан, такымына ар убак кыстара жүргөн чоң кетменин унгусуна чейин батыра чаап, бери жактагы дың жердин чымынан тегеретип оюп жатты.

Сергил апа менен Ашыркүл жеңенин оздорүнчө күймонүп калганын байкаганда гана биринчи чымын тизе бүгө көторүп, жанагыларды кыйнаган, суу жырып кеткен алышка келгенде, ал эчак буулуп, чымдардын арасынан гана сызылып ылай чыгып жаткынын кордү. Эки аялдын ожор ишине таң калгандай чымды кучактаган бойдон туруп калда да, анан беркилерге кайрылды: «Баргыла, эми бара бергиле, үйүңөрго. Тук байланыптыр, эми калганын бүгүнчо мен карап турам. Ысык-жылык ичип жылууланбаса-

нар ооруп калышыңар мүмкүн. Кемпириме айтып койсоңор болгону – эртең мененки белиме байлап берген загарасы түгөнө элек. Ооқат жеткирейин деп убара болбосун. Бара койгула» – деди балдарына жалооруган атача, мээримдүү үн ката. Жана эле бөксө ок арык, тук бөтолгонго жээгине чейин мелт-калт болуп, ичип жаткан чынысындагы сууга малынган кишинин мурутундай арыктын кырындагы жашыл чөптөр суунун багытын коздой калкып турат. «Жок, сизге караганда биз али жашпыз. Жон эле коюңуз, жайдын күнкү суу эмне кылмак эле. Заматта кургайбыз. Өзүңүз бара бериңиз» – деп каяша айткылары келгендей тиги экоонун кылчактай бергенин байкаган Карып аксакал, экинчи созго келтирбеди: «Жоногүло, келиндерим. Менин тилими алгыла, суу деген неме бала төрөп бели кеткен силердей катындарды эмес, чучугу толо, бели бүгүн жигиттерди суй жыгып жүргон. Муну менен тамашалашпагыла. Жоногүло, кылчактабай».

Бирок, мурап акесинин бул боорукердиги, Ашыркүлдүн тоок шорпосу Сергил апаны дарттан сактап кала алган жок, ошол эле күну түн жарымы оогон ченде эти ысып, жөөлүй баштаган аял, бир жарым ай дегенде араң төшоктөн турду. Ошондон бери жумушка бир күн чыкса, эки күн сыркоолоп жүрдү. Кичине эле суук тийсе күрс-күрс жөтөлүп, денесинен ысык чыкчу болуп кетти. Өңү да кер сары тартып, бет териси кагаздай жукарып калган. Бойлуу неме ого бетер узарып, эки ийнинин сөөктөрү чапанын тиреп, эртели-кеч супанын үстүндө энкейип отурганын көргондор аны аяп кетишет.

* * *

Супа. Анын үстүндө эне. Караганы жол. Күткөнү баласы.

Сергил апалардын эшигинде ушул супа пайда болуп, ага эртели-кеч эң жакын коңшусу, нары абысыны Ашыркүл экоо чүңкүлдөшүп отурганын көргөн бу жамааттын көпчүлүгүндө азыр мындай супалар бар.

Супа үстүндө отурган айрым карылардын кашында моюндарын кучактап, эркелеп турчу неберелерин көргөн Сергил апанын ичи намекеп ичкендей ачышат: «Эч болбосо бироо жарымынан тигинтип туяк калса да, минтип жалгызсырабайт белем». Кайра бул оюнан чочуп кеткен эне ак аралап кирип келген башын чулгуй берип, өзүн-өзү жемелейт: «Эмне деп алжып атам, мен? Балдарым келет да. Мындай неберелердин али неченин эркелетер экемин. Нары барчы, жөө тумандай каптабастан, жаман ой. Сенден качан кутулар экемин» – дейт, жыгылып тура калган кишиче эки жагын элендеп карай берип.

Согумга байланган карт бээдей ушул супасынан алыстабай калгандан бери санаасы менен дүйнөну чалып чыгуу бир жагы ал үчүн ормек болуп калды. Наша чеккен бангидей көздөрү тунуп, денеси чайпала, заматка жеке болуп калса эле, кыялы менен жер кезип

жонойт. Баласынын изин кууйт... Элестер... Элестер... дагы элестер...

Тигине, Эшенкулу үйгө жетпей сол жамбашына асынган капчыгынан көк тыштуу дептерин сууруп ала: «Апа, мына бүгүн агай эсептен эң жакшы деген баа койду!» – деп, мектептен алып келген алгачкы жеңишин билдирүүгө, аны апасы менен болушүүгө ашыккан, бети-башы чан менен терге чамбыл-ала болуп кубанган жыланайлак баласы оюн салган кулундай мурдун эдирендетип, дептерин сунган бойдон жадырап турат...

Мойнунан ылдый кызыл жалын агылып бараткандай жагоо тагып: «Билгинер келсе, Павлик, Кычан дегендер да, пионер болушкан экен, мен эми ошолордун жолундамын» – деп, алдынан чыга койгон апасынын койногунун жака тоопчусун чыгарып жиберип, мамасынан соруп, денесин болкулдаткан кез да, тигине, алыстыгы каш менен кабактын арасындай.

... Жетинчи ноябрь күнү эле. Эшенкул бухгалтер болуп иштеген колхозго күзгү айдоону, кышка карата камылга көрүүнү үлгүлүү аяктагандыгы үчун байге, көкбөрү кылууга уруксат берилген. Ал турсун, райондун жетекчилери да бүгүн ушул колхоздо.

Көкбөрү кыштактын бир четиндеги беде аңызда болуп жатат. Кыз келиндер, бала-чакаларга чейин каз катар турушуп, бийик кашаттан тамашаны жардана карашат. А кезде машина кайда, кемпир-чалдар мында арабаларга түшүп келишиптир. Жүгөрү паянын үстүнөн басышкандай, кишилердин бут астындагы арабалар кычырайт. Сергил апа да бир арабанын үстүндө. Алдында тургандын желкесине кош колдоп таяна берип, ал чаң тозонун асманга буратып жаткан улакчылардын тарабына үңүлүп тиктейт. Баласынын кезегин ал чыдамсыздык менен күтүп жатты.

Эшенкулдун улак чапканын ал бүгүн биринчи жолу өз көзү менен көрөт. «Балаң атасындай улакчы болуптур. Өзү тендүүлөрдү бурчамга келтирбей аттан эңип кетет имиш» - деген элдин каңшарыны угуп жүргону менен, өзү көрө элек болучу.

Эшенкулдун бир-эки күндөн бери олуттуу бир сыноодон отчү немедей, ээлигип жүргонүн ал байкаган. Анын үстүно озү да кечээ сыр ачып койбодубу: «Апа, баягы атамын пыязы чепкени кайда? Сиз уруксат берсеңиз, эртең майрамга ошону кийип чыксамбы деймин» деп, борсулдап күлгөн.

- Койчу нары, эл сый кийими менен чыкса, майрамга сен ошол тер жыттанган чепкенди киймек белең. Анда атаңын деле акысы калган эмес, алты жыл сүйрогон.

- Жок, апа, эртең атамдын арбагын кубантып улак чапсамбы деп турам.

Анын атасы ушул жаматтын атактуу улакчысы болгон.

Эшенкулдун соок-саактуулугун, колдорунун барбайган-барбайган жоон, нары узун шадыларын көрүшкон сайын, айылдаштары: «Куду атасы, мурункудай аш-той коп болсо, жазбай атасын тарт-

кан улакчы болмок. Атка чапчандыгычы. Бир майрамдагы теңге эңмейде, тим эле ителгидей илип кетпедиби. Атты түк коркпой чабат экен. Улакчынын бир белгиси ушул эмеспи» – деп кеп кылышчу. Анткени менен, Сергил апанын көкборүдөн чочулай турган жөнү бар. Эшенкулдун атасынын мезгилсиз өлүмүнө ошол улакчылыгы себеп болгон. Кууп келаткан кишинин ат жалынан тай торпок, шалак эте жерге түшкөндө, толорсуктан кармаган бойдон ат жалына жапмалап кеткен ал, кар тозоңун артына уюлгутуп. Куугандарга жеткирбей баратканда алдынан кош арык туш келет да, аты куйругун көторо, кулагын жапыра берип секиргенде, оңөргөн улагы менен кошо аттын кулак учунан нары кетет. Мойну кайрылган бойдон ат түбүндө калып, жан берген болучу.

Ошол эсине түшө калдыбы, жанагы создү укканда Сергил апанын ак жуумал өңүндөгү каны ичине тартылып, кубара берди.

- Атаңын арбагы кубанбаса турар. Бизди эле кубантып, жыргатып койде беле өзү. Улакчылык ошол атаң менен эле кошо кетсин. Байгесинен кечтим ошонун. Ач кулактан тынч кулак дейт, Эшен. Шойконсуз олтуралычы – деп, унабай койгонуна болбой адатынча апасынын мойнунан кучактап, көкүрөгүн жыттагылап жатып, араң көндүргөн. Анысына деле көкборүдөн оозу күйүп калган апасы маакулдугун бермек эмес. «Эртеңки улакка райондун чондору да катышат. Алар өздорү менен кошо милициясын ала келишет экен. Башка колхоздордон да улакчылар чогулат. Намысты колдон кетирип ийсек, уят болор, апа. Коркпой эле коюңуз апа, а кездегидей жүздогон киши жабыла чаап, биринин үстүнөн бири ат салуу мындай болбойт. «Көкборү балбан ашы» деп коюшчу экен го ал убакта. Азыр андай эмес. Жаштарына жараша улакчыларды ондон, же сегизден кылып болүп чыгарышат. Ат салып, камчы толгоо, бири улакты топтон алып чыкча, жүзү артынан кууп алмай, толорсуктан ээрдин кашына илип коймой сыяктуу кыянаттыктарга жол берилбейт. Атайын түзүлгөн комиссия карап турат. Кыскасы, апа, бул ишке мен эртең биринчи жолу катышканы олтурганым жок. Сиздин ушинтип тыюу саларыңызды билип, айтчу эмесмин. Үч жыл болду, бул ишке аралашып жүргонүмө. Баягы магазинден сатып келдим деген саат, самовар, патефондор, апа, ошол көкборүдөн алган сыйлыктарым болучу да», деп борсулдап күлгөн.

Ошондон кийин гана он бир жылдан бери жүк түбүндөгү сандыкта жатчу суу сугарганда гана өзү кийген күйоосүнүн тер жыттанган чепкенин алып, жууп, түн ката отко кактап кургаткан эле. Ошол чепкенди кийип, даке менен атайлап ороп койгондой төрт туягынын тең байынан төмөн жагы аппак англодон атты минип, жыланбаш Эшенкул он кишинин бири болуп, ортого чыкканда эненин көзүнөн жаш дыр этти. «Ат үстүндө балаң куду атасы» – деп эл айтканга ал коп ишене берчү эмес. Тиги камчысынын борү кулагынан тиштеп, чепкенинин эки өңүрүн куруна кыстыра, алакандары менен ээрдин кашын ныгыра басып зыңгыраган неме Кабылдын так өзү эмеспи.

Кезек ошого келсе керек, милиция формасында бироо башкалар оңорткен улакты мерчемдүү жерге жеткирип таштаганда, беридеги турган он киши ошол жакка чаап жоноштү. Эшенкул биринчи болуп жетти, бирок катуу күүлөнүп алган аты жерде эки бүктөлүп тизеден кесилген шыйрактары мултуюп жаткан торпокко эңиле бергенде, манжалары жер чийген бойдон өтө чыкты, жаза кармап калды. Аңгыча аны менен куюшкандаша келген жигит сыңар колдоп, улакты толорсуктан ала элди көздой сүйрөп жонодү, ушул кезде Эшенкул да атынын оозун кемечтей тартып, бери кайрылып калган болучу. Тиги жигит аттын экинчи капталына жата калып канчалык керилип кош колдой тартканы менен, тулкусу жерде сүйрөлүп бараткан торпокту көздөй Эшенкул качырып сала берди. Көпкө узабай аттын капталында саландап кетип жаткан улакты ал кучактаган бойдон жулуп кетти. Жүнү тармалданган торпоктун үстүнөн эки бутун артылта берип, үзөнгү боосу менен анын белинен баса, обдула кайра отурганда кайкалай берген астындагы аты заматта узара калып, кулагын жапырган бойдон бериде көз ирмебей карап турган калың элди көздөй атылып жоноду. Марага жеткиргенде улакты кош колдоп ыргытты. Ошондогу аны жарданып карап турган элдин: «Бали, күчүңө!» Улакчы болсоң ушундай бол! Өзүнүн черин да, карап тургандардын черин да бир жазды! Ата баласы мына ушундай болсун, ар кимде!» – деген андагы дуулдаган алкыш сөзү, азыр да эненин кулагында. Ишенбесең, оң колун жүрөк тушуна коюп, ойго батып супада отурган Сергил апанын кулак түбүнө келип тыңшасаң, көмөкөйүнөн ошол сөздөр кайталанп жатканын жазбай угасың!...

2

Эшенкулдар машыгууда беш ай гана жүрүштү. Ошол мезгилдин чени менен өлчогондо бу да коп болучу. Жоо жакадан алып турган кезде согуштук онорду эжелеп үйрөнүүгө убакыт кайда. Жаштайынан чың денелүү Эшенкулду тылдагы бу кыска, бирок машакаттуу даярдык жүдөтө алган жок. Мындагы иштеген иштерин ал балдардын оюндай көрүп, ал турсун алымсынбай жүрдү. Тезирээк эле чыныгы жоонун өзү менен беттешип, перзенттеринен ажырап мөгдоп калган айылындагы ата-энелер үчүн, жоокер жарларынын жолун тиктеп зарыккан жеңелери үчүн, озү кокүрогүнө көтөрүп бетинен сүйө коштошкон бобоктор үчүн, «Өзүнөрдөн ылайым турпак буюрсун» деп калган апасы үчүн, кан менен ойногон жыйырманчы кылымдын кыянатчыларына тезирээк эле беттешсем экен деп, коңулү кызуу кармашты дегдеп жүргонүн ал жолдошторунан деле жашырган эмес: «Ай жетпедиби, ушул окуусу деле. Тыякта эл кырылып жатса, бизге кайдагы жалган душмандын сүлпотүнө ок короттуруп не кылышат, мында? Мылтык атууну болсо мурунтан билебиз. Керек болуп калган учурда

баш калкалагыч казып алууну деги үйрөнүп койдук. Бомбадан кантип сактанса болот, пулемет ата баштаса, андан кантип коргонуу керек, замбирек ок үзүп жаткан учурда озун коздой жүгүрүү зыянсыз болоруна чейин билип алдык го. Эми жоното бербейби, керектүү жерге» деген эки жарым айча машыгууда жүргөндөн соң, айрым жолдошторунун чеке терисин тырыштырып.

Ошентип, Эшенкулдун тилеги көпко кечикпей ишке ашты — лагерден бери он жети күн марш менен жүрүштү да, бир түндо согуштун кан жыттанган чегине кирип келишти.

Согуштун адам алдын ала биле албай турган сыры көп эмеспи. Анын ортүн аралап ким канча жүрөрүн эч ким билбейт. Ажал бүркөн отуна жетпей жатып, жарым жолдо мерт болгондор да аз эмес. Дагы бироолор «бисмилла» — деп анын кан жыттанган талаасына бут койгон жерден кайгып учкан бир дейди, октон коз жумат, же бир жерин жулдуруп алып, ошону менен жоокердик карызынан калас болуп кете берет. Ал эми төрт жыл бою өлүм менен теңтайлашып жүрүп, айлына алты саны аман кайтып келгендер андан көп.

Эшенкул бир жарым жылдан бери алдыңкы линияда. Азыр кырсыктан соо. «Ажал жинденген жерден алыс жүрот, ошондуктан али окко денесин чырпыта элек деп айткандай ал, замбирекчи деле эмес. Танкалардын артынан жоонун чегине качырып кирип барчу, же «Алга!» - деп командирин окүм кыйкырыгы угулары менен окоптон биринчи атылып чыкчу автоматчы-аткыч. «Айылга аман-эсен кайтып барсам, тели-теңтуштарга, апама, кала берсе, карып баратканда бу согушту кызыктуу жомок катары угууну каалаган бала-бакырага ушул эки окуяны айтып беремин го» — деп, бош убактысы боло калганда ошол окуяларды ичинен кайталап айта берет.

Ошонун биринчиси.

Эшенкул кызмат кылган болүк душманды кууп да, кээде андан чегинип да жүрдү. Бирок аткан огу тийген немецти али да оз козү менен коро элек. Анан кантип, андан кек алган болуп эсептелет. Эшенкул дегдеген мындай учур кийинчерээк туш келди.

Алардын батальону З... кыштагына күтүлбөгөн жерден кирип, дүрбөлөңгө түшүрүү жолу менен душманды кууп чыгуу керек эле. Мына, ушул кыштакта Эшенкул Батыш Европаны бүт канга батырып, анан эсирген бойдон биздин жерибизге кирген жоонун желдети менен теке мандай жүз көрүштү.

Эшенкулдун отделениеси, белгиленген жактан тиги кыштакка биринчи кол салган болучу. Автоматын алга сунган бойдон чуркап баратып, үстүнөн кара түтүн бүркөн үйдүн жанынан ото бергенде: «Мени ат, мени өлтүр! Кызына кол тийгизбе!» — деген аялдын алсыз, бирок ачуу үнүн укту да, ошол жакка шарт бурулду.

Оозгу үйдүн ачык эшигинен чоочун формадагы немец офицери, анын мандайында карышкырдан корунуп аркасын жарга така-

ган бодо малча далысы менен дубалды тиреп бир кемпирдин турганын көрдү. Анын буурул чачтары уйпаланып, тырыштуу жаактарынан ылдый самсаалап кеткен. Кемпирдин далдасына мойнун ары кежигеленткен кыска чачтуу кыз турат. Кемпирдин териси салбыраган арык колдору тарамыштары чыналган бойдон офицердин көкүрөгүндө. Ал болсо, бирде сол тизеси, бирде оң тизеси бүгүлө калып, тигинин артындагы кызга умтулуп жатат. Буттарынан абалына караганда мас. Шапкеси кежигесинде. Тапанчасы кабы менен саландап, киндигинин тушунда жүрөт. «Согушта бир секунд да тагдыр чечет. Ошондуктан, кысталыш учурда, тездик менен чечим таба билгендик, ыкчамдуулук, тайманбастык — жоо бетиндеги жоокердин улуу сапаттары ушулар» — деген командирдин тылдагы окуу-машыгуу кезинде айткан осуят кеби эсине заматта кылт этти. Бет мандайында секундага ойлоно туруп калган кийими таанып солдатты көргөндө кыз бакырып коё берсе болобу! Андан ары ойлонуп турууга болбойт эле. Эки аттоо менен тытмакташып жаткан тиги үчөөно Эшенкул жете түштү. Буттарын алчайта берип, кызды энесинен ажыратууга жанталашып жаткан немецтик офицердин так кара куш мээсин туштап туруп, сүмбосүнөн кармаган автоматын күч менен шилтеп алды. Мойнунан шыпка асылган кишинин жибин кыркып жибергендеги абалын элестете, тиги немецтин адегенде башы көкүрөгүн коздой шылк эте калып, эки тизеси бүгүлө түштү да, анан оң капталына кыйшая берди.

Көз алдыларында укмуштай тездик менен болуп өткөн бул сыйкырдуу окуяга али ишенбегендей алиги кемпир менен кыз дубалга аркаларын такап турган калыбын бузушкан жок, кубангандарынан эстеринен танып калган көрүнөт.

Өзү жалгыз иштеген бул жеңишине эрдемсине түшкон Эшенкул да, тигилерге сөз катуудан мурун, башынан тумагын алып, булоолонгон терин аарчыды. Сыртта бет каарыган суук экендигине карабастан, ал тердеп кеткен болучу. Саамдан кийин гана сезгө келди: «Эне, эмне турасыңар? Өлүмдөн кутулдуңар го, жылбайсыңарбы эми ордуңардан?»

Эшенкул баштаган жакты коздой бара жатып, алиги кемпир жанагы немецке кантип туш болгондорун айтып берди:

«Силердин капысынан басып киреринерди байкашып калган беле, бүгүн таңга маал каргыш тийген немецтердин тынчы кетип, адатынча айрым үйлөргө бензин чачып, от коюп жатышкан. Биздин үйдүн сыртынан алардын кобураган үнү чыкканда торкү үйдо жаткан бу неберем шашканынан ич көйнөгү менен оозгу бөлмөгө чуркап чыгат. Мен ошондо тыштан киргем. Бизди үйгө кошо орттомок болгон немелер силердин шарпаңарды сезип калган белем, бет алдынан качып жөнөштү. Аларга башчылык кылып жүргон окшойт, мунусу, нары олорун билип ичип алганбы, кызуулугунан, нары бул кызды козү чалып калды көрүнөт, түз эле кол

салды. Мен антип-минтип кийинип, эсими жыйгыча ал ит кызымы, көтөргөн бойдон ичкери үйгө алып жонодү. Тытмакташып отурүп, жанагы ооздогу бөлмөго келгенбиз. Кудай жибергендей, сенин келип калганыңы карабайсынбы, мен эмне деген ыйык жанмын. Мендейлердин башын мылтыгынын түздүгүн сынап көрүүчү бута катарында пайдаланышкан мыкаачылар тирүү коймок беле. Курсагына түшүп кеткен тапанчасына колун жеткирбөөго аракеттенип жатканмын. Анын мастыгы мага жардам бергенсиди. Колдорумун каруусу кетип калган, дагы эки-үч минута тытмакташып, анан озүм эле жыгылып бермекмин. Кудай анын бетин нары кылды. Анда Светланамын күнү эмне болмок? Ушул кыз үчүн апасы да, ошол иттердин огуна учпадыбы. Кызынын абийрин сактап калам деп, бир ок менен жай болгон. Атасы, согуштун биринчи күнүнөн бери майданда. Жарым жылдан бери бейкабар» — деп Елена Дмитриевна үшүк урпагандай карамтыл тартып, кесилген эриндерин бүлкүлдөтүп, көзүн ааручы.

Эки жарым айдан бери душмандын таман астында онтогон биердеги тирүү калган кары-жаштары чогулган жерге Эшенкул бул эки аял менен келди.

Экинчиси:

Ал кызмат кылган бөлүк кезектеги чабуулга даярданып жаткан. Мурунку күнү түн ичинде буларга тылдан толуктоо келип кошулган эле. Анын үчөө Эшенкулдун отделениесине тийди. Аларды бардыгы урушка мурда кирип чыккан жоокерлер экенин билгенде, ал кубанып калды. Согуш талаасында бир-эки жолу болгондор менен чабуулга баруу, албетте, командир үчун жакшы. Бирок жанагы үчоонүн ичинен Эшенкулга кытмыр карап суроо бергени үчүн гана эмес, бүткүл кебетеси менен жат корүнүп кеткендей болду.

- Жолдош старший сержант, сизге бир суроо менен кайрылууга болобу? — деди тигинин жанына жайчылыктагы кишиче кенебей келип. Ушул кенебестиги эле, Эшенкулдун куйкасын курштуруп таштагансыды, зекип унчукту:
- Кысталыш кезде кычаган кандай суроо?
- Эртеңки чабуул биздин жеңиш мене аяктар бекен?
- Эмне, анда сенин күмонүң барбы?
- Дегисин айтам да. Укканга караганда бир жумадан бери күн сайын чабуулга чыгып, кайра эле ушул траншеяларга кайтат имишсинер го. Чоң жоготууга учурасаңар керек, мында? — деди, дагы жай кыбырып, күрөгүн капталына жылдыра берип.
- Мындай маалыматтарды сен кайдан алып жүрөсүң?
- Эски жоокерлериниз айтты, жолдош командир.
- Муну менен эмне демекчисиң? Кырылып да жатабыз, кырып да жатабыз. Согуштун закону ушундай экен. Анын эмнесине таңданасын?
- Жок, жолдош старший сержант, менин сизден билейин дегеним башка. Сиз коптон бери урушту аралап жүрот турбайсыз-

бы, балдарыңыздан уктум. Канткенде душманды өлтүрүп, киши озун сактап кала алат? Сизден билейин дегеним ушул, командир эмессизби?

- Келжиребе, солдат. Мен сенден душманды жок кылууну талап кылам. Кантип? Аны эжелеп айтып отура турган биер чала сабат өспүрүмдордүн мектеби эмес. Бу жерди майдан дейт. Тылдан үйрөнгондү колдоно турган жер, мен ошону сенден талап кыламын. Ордуна барып, алдыдагы чабуулга даярдыгыңы жакшылап текшерип ал, андан коро. Сени урушта болуп чыккан жоокер дейбиз. Мындан башка сага айтар насыятым жок. Баргыныңы, ордуна!

Ал атасына таарынган баладай башын шылкыйткан бойдон өз ордуна барды да, мылтыгын окоптун кырына жолой коюп, душман тарапка мойнун созо бир тиктеп, ошол замат кайра башын тартып алды. «Балакетке эски жоокерминби, эки саатча урушта болгонмун. Таңга жуук алдыңкы линияга эптеп жеттик. Душман тарабынан атылган снаряддын сынығы түшко жетпей чыканагымды чырпып кетиптир. Тала госпиталына кеттим. Доктурларың укмуш экен, көп жаткырган жок. Бир айга жеткирбей полкто жүрдүм. Анан кийин эле мына, сизге туш болгомун. Менин жоокердик тарыхым ушул» – деп, Эшенкулга айтайын дегени анын ичинде кала берди.

Жер солкулдаткан артиллериялык атуулар токтоору менен чабуулдун башталышын билдирген ракета атылып, ага удаа командирлердин: «Алга!» – деген буйрук-чакырыктары траншеялар аркылуу окоптон окопко жеткенде, Эшенкул: «Отделение, Родина үчүн менин артыман алга!» – деп, озу биринчи болуп, окоптон суурулуп чыга бергенде баягы курсагы бөксорбогон күмөндүү жоокер жакты жалт карап алды. А болсо, бу кезде иттен корунган мышыкча белин дүңкүйткон бойдон окоптон муну тиктеп турган болучу. «Алга!» деген чоң командирлердин буйругун кайталаган ишаарат катарында, Эшенкул автоматын тобосүно которо берип, алды жагын коздой шилтеп койду. Биринен сала бири эңкее чуркап, анан жата калган жеринен Эшенкул артына дагы кылчак этип, бир карап алды. Баягы солдаты кашкулакча олдоксон, кыймылдап, кайра окопко түшүп кетти. Аңгыча ийри-буйру траншеянын ичинен учуна кагаз илген мылтыктын найзасы тездик менен жылып жоногонүн кордү. Мындайда ойлонуп отурууга болбойт. «Саша, отделениени сага тапшырдым, баягы качты! (ким экендигин түшүндүрүүго пурсаты келбей калды) Мен...» – деген бойдон созүнүн аягына жетпей жоонун пулеметтору ок жаадырып турганына карабастан, ордунан шарт тура, окко тонолуп шойдогон күнкараманы аралап, Эшенкул эңкейген бойдон артын коздой чуркады. Семиз тиги, суурдай ботолоңдоп көпко узай албасына козү жетти белем, Эшенкул ишенимдүү жүгүрдү.

Найзанын учунда бараткан кагаз душмандын түн ичинде самолеттон таштап кеткен чакырык-үндөө кагазы. Каш карайган-

дан тартып, алар кезектеги үгүт-насыятын орус тилинде түнкү абаны жаңыртып беришкен эле. Андайларды Эшенкулдар далай жолу угушкан эмеспи. Азыр качып бараткан неме ошондо оозун ачып туруп, кулагын түрө уккан болучу. Өз ыктыяры менен откондорго немецтер адатынча «бейишти» убада кылып жатканда, Эшенкул менен көптон бери бирге согушуп келаткан Саша алардын чакырыгына жооп кылып окоптон: «Бахтунг! Бахтунг!» Биз эртең баратабыз, тосуп алууга даярдана бер, фриц!» – деп, тигилерге угулбасына көзү жетип, кыйкырганда, алиги жоон солдат аны коркондой, нары таңдангандай тиктеген.

Жанагыны темир жол откон дөңсөгө жеткирбей кармаш, же жайлап таштап керек, антпесе темир жолдун ары жагы душман зонасы. Эшенкул траншея менен энтиге чуркап, жетишине он метрче калганда тиги артына шарт бурула берди. Тултуйган эткел беттеринен тер агып, ирең көгүш тартып кетиптир. Найзасына кагаз илинген мылтыгын беркиге карата бергенде, Эшенкул алдына сунуп келаткан автоматын басып жиберди. Ошентип, темир жолго элүү метрче калганда тиги чыккынчынын буттары басуудан биротоло токтоду...

Эшенкул кыска-кыска чуркап отуруп, алга өтө кыйынчылык менен жылып бараткан (жамгырдай жааган октун алдында) жоокерлерине келип, жата калары менен, катарындагы аскерлер аркылуу оң флангадагы взводдун командиринен буйрук келип жетти. Буйрук буйрук да. Аны аткаруу керек. Боору менен жылып отуруп, командирге жетти да, катарына жата кетти.

Кайда качып барып келдиң?

Эшенкул жооп бергиче болбой, жаак соктөрү оркойгон, кансыз оңүндөгү терге жибиген чаңын жеңи менен сүртө, командир каардуу тиктеди: «Кап, траншеяга түшө бергеенинде көрүп калбадымбы. Болбосо, иттин баласындай сулатмакмын. Эмне, кайттың? Аракетиң оңунан чыкпай калдыбы? Кана, мага жакында!» - деди колдорун бери суна берип, жака-белине чуп-чуп этип түшүп аткан октору таназарына илбегендей. Эшенкул күрөгүн каптала жылдыра берип, аны коздөй боортоктоду. Шарп-шарп эткизе эки ийниндеги пагондорду жулуп алды да, баарына так ошолор күнөөлүү окшош, командир мыжыгып туруп, асты топуракка болонүп жаткан шымынын чөнтөгүно салып койду.

- Коркок!...

- Кечиресиз жолдош гвардия лейтенанты, мен качканым жок, качканды...

Эшенкулдун созүн үзүп жиберди ал.

- Анан эмне, даарат кылганы бардыңбы, аякка? – деди коюу каштарын жыйрылтып, сур бетин түктойто. – Чабуулдан кийин сүйлөшөм, сени менен. Дайыма менин жанымда журосүң. Отделениени башка киши алып барат. Жарым метр артта калчу болсоң, сенин энчиңе тиери мына бул – деп, жыланачтап оң колуна кармаган тапанчасын Эшенкулдун мандайына такады.

- Уруксат этпейсизби, докладывать эттүүгө. Күнөөм болсо, ушул жерде атып таштаңыз, мен өлүмдөн коркпойм – деди берки да кумсара калып. Эми мунун да ачуусу келе түшкөн эле.

Бул командир менен Эшенкул биринчи жолу урушка кирип жатат. Эгер өгүнү бир салгылашууда курман болгон лейтенант болгондо, жарым жылча бирге согушуп жүргөн Эшенкулдан мындай күнөм санабас эле. «Каармандыгы үчүн» медалын да ошол командири экөө бир күнү алышкан болучу. Эми болсо, бети шабдалыдай түктүү немеден уккан сөзү бул. Эшенкул ызаланып калды. Муну тиги да байкадыбы, башка соз катпады, болбосо, бул чатактын аягы эмне менен бүтөрүн ким билсин.

- Качканым жок, качканды өлтүрүп келдим! – деп, Эшенкул кыйкырып жиберди, - Эгер аны өз көзүңүз менен көргүңүз келсе, алыс эмес. Тигинде, траншеянын ичинде мылтыгын жазданган бойдон жатат. Көрүп келсеңиз болот.
- Эмне дейсиң?... Атып дейсинби?... Кимди?
- Чыккынчыны!
- Кандай чыккынчыны?
- Душман тарабына өтүүнү каалаганды.
- Коё турчу, мен сени түшүнбөй жатамын... - деди командир ак чел каптагандай бозомук көздөрүн жүлжүйтө. Ал сөзүнүн аягына жеткиче «Алга!» деген рота командиринин буйругу угулду. «Менин артыман алга!» – деп тиги тапанчасын төбөсүнө ойдо кармаган бойдон жерден биринчи болуп көтөрүлө бергенде, Эшенкул андан бир метрче алга чыга түшкөн болучу.

«АЛГА» деген команда менен үзүлүп калган булардын чатагы немецтерди коргонуу чебинен кууп чыккан соң улантылды. Эртең мененки артиллериялык даярдыкка «Катюшанын» катышканы жоонун шайын кетирип койгон белем, бүгүн алар күндогүсүндой ожорлук менен каршылык көрсото алган жок.

Тиги экөөнүн ортосундагы чатакты бир жарым жылдан бери Эшенкул менен бир отделениеде жүрүп, согушуп келе жаткан Сашка чечип кетти. Бардыгына күбө ошол эмеспи.

Бирден-экиден болуп, өңүп чуркоо менен алга жылып барткан солдаттарына жаткан жеринен кылчайып карай берген жанагы бети түктүү, нары заардуу командир атылган октой шок барып, трашеяга секирген бойдон жок болгон Эшенкулду көрүп калат да, эч кимден ал тууралу сурабастан, тымызын каардана берген болучу. Антип-минтип ал бул жаман оюнун акырына чейин ылгап бүтө элегинде Эшенкул жумушун бүтүрүп, жетип келбедиби.

Жайчылык боло калганда Сашканын кийлигишүүсү менен иштин жонүнө түшүнгон соң, алиги ачуулу неме, өңүнө түк жарашпаган жылмаюуну берип, күнөөлүү кишидей Эшенкулдун жүзүнө тике карабай барып, кучактап оптү да, анан али орду билинип турган ийнине пагондорду кайра такты...

Эшенкул мындан болок эрдик көрсөтүүгө үлгүргөн жок. Кезектеги, бир чабуулда, биринчи болуп ордунан тура: «Алга!» - деп,

отделениесине кыйкырганда жалгыз ок келип, так мандайына кадалды...

«Апа!... Айтилла!» – анын акыркы деми менен тышка чыккан ушул эки соз болду...

* * *

Супа. Анын үстүндө эне. Тиктегени жок. Күткөнү баласы.

Торт жылы бою эл эңсеген жеңиш жөнүндогу Сергил апалардын айлына жетип келгенде, Батышка кеткен балдары ошол кабар менен кошо кайтышын, аларды күтүп отургандай ата-энелердин баары колхоздун конторун көздөй чуркашкан.

Уруш башталгандан бери кохоздо почточу болуп, кан майдандан келген жакшы, жаман кабарларды мындагыларга жеткирип турган буурул сакал, бүкүр абышка арык тору атын желдире жүрүп, айылдын баш аягына:

- О, журт! Кулак сал! Жеңиш келди! Эми балдарыңардан үмүт кыла бергиле! Тойго камынгыла! Жеңиш! Жеңиш келди! Конторго барып өз кулагынар менен бу жакшылык кабарды укkула! О журт, тышка чыккыла! – деп ар бир үйдүн жанынан чаап өткөндө дарылдаган тигинин үнүнөн улам, колундагы ишин таштап, чалкемпирлер гана эмес, жаш балдар да оюндарын токтотуп, конторду көздөй чу коюшту. Алардын ичинде, Сергил апа да камыр жууруп отурган жеринен колун да жуубай, почточу айткан жакка ашыга жөнөйт.

Контордун алдындагы аянтка заматта эл толуп кетти. Бардыгынын көзүндө жаш. Бул – улуу кубанычтын да, эч нерсе менен боксорбос кайгынын да жашы болучу.

А түгүл митинганы ачкан колхоздун председатели Балбек да, райондон келген өкүл Султанов да тамагын бууган жаштарына чакалып, жарытылуу соз сүйлөй алышпады.

Сергил апа митингиден келген соң эки челекке суу көтөрүп, Айтилла жаткан корүстонго барды. Анын мүрзосүнүн эки башына былтыр өз колу менен тигилген эки тал бүчүрлорүн жазып, жалбырак чыгарып калган эле. Кылда учунда эки чымчык конуп отуруптур. Эне мүрзого жакындап, ийнинен баканды ала бергенде, чымчыктар учуп кетишти. Сергил апа талдардын түбүндогү чуңкурга челектеги сууну куйду. Анан ары жактагы жалпак кара ташка барып олтурду да, тырыш тордогон чекесиндеги терин жең учу менен аарчынып, так мандайына келип калган күнгө карап, көздорүн жумуп, жука эриндерин бүлкүлдото саамга турган соң кош колдоп бетине бата тартты. Куран окуду корүнөт. Күндүн нурлары анын жүзүнө тике сайылып тургандыктанбы, оң колун чекесине тосо берип: «Кагылайын касиеттүү күнүм, бүгүн мынча жаркып чыккансың?! Торт жылдан бери сенин кубарсыз жүзүнү биринчи корүп отурам, баарына күбо күнүм! Былтыр ушул корүстонго Айтилламын денесин коюп жаткан учурда жүзүнү булутка

жашырып, түнөрүп турганың али эсимде. Эмне үчүн ошенттиң? Бизге кошо Айтилламын тагдырына ошончо кайгырдың бекен? Же ээ, чабал пендем, болор-болбос кайгыга туруштук бере албай, өзүңү-өзүң өлтүрдүң. «Сендей жүүнү боштордун эртерээк ушинтип олгону жакшы» - деп, каарыңы бетиңе чыгарып, табалап турганың беле? Жок, антип ойлогудай менин Айтилламын эч кандай кылмышы жок. Анын алдында күнөлүүлөр көп! Аларды айтпасам деле өзүң билип турасың. Адам туруп, адамзатты жок кылууга аттанып чыккан желмогуздарды жер бетин канга боётпой эмне үчүн оттой нуруң менен ошол замат күйкалап таштабадың? Буга сенин кудуретиң жетет эле го, касиеттүү Күнүм! Менин минтип наалып отурганымын жону да озүнө маалым. Мына, күткон жеңиш да келди. Балким, сен да ошого бүгүн ушундай жаркып турган чыгарсың. Эми биздин Батышка кеткен балдарыбыз кайтат. Алардын ичинде менин Эшенкулум да келет. Буга мен ишенем.

Ал, «Айтиллам эмне болуп олду, апа?» - десе кантип жооп берем, бардыгына күбө Күнүм?

А да биерге, созсүз, келет. А балким сүйгонүнүн мүрзөсүн кучактап ыйлаар. Ыйласын, Айтилла ар кандай ыйга арзырлык эле. Соолукан соң, мына бул талдарга суу куюп, мүрзого гүл терип коёр. Ошондон кийин а дагы менчилеп ушул ташка көчүк коюп, сага наалышын айтар. Ошондон жүзүнү жашырбай, так бүгүнкүдой жаркып турсаң, кагылайын Күнүм! Ашыкча кетсем, кечир, жаркын күнүм, мен кеттим...»

Сергил апа жоолук учу менен көздөрүн сүрттү да, бошогон челектерин ийнине сала үйүнө жонолу.

Түштөн кийин дагы ал баягы супасына чыгып отурду. Карагаңы жол... Күткөнү баласы...

БЕКИШ, САГА ЭМНЕ БОЛДУ?

Бектен минген ат үйдүн эшигине куптан ченде келип токтоду. Колу-буту карышып калган ал кылчактап эки жагын каранды. Эч ким көрүнгөн жок. Жадегенде тиги фронтто жүргон кезинде үйүн, жериң эстеген сайын жакындарына кошо көз алдына тартыла берчү Мойнок да алдынан үрүп чыкпады.

Жолдон кыйналганбы, ансыз деле арык денеси ого бетер кичирейип, куту качып келаткан ал бу кезде жоокерди укмуштай тосо турган болгон айылдын кары-жашы дебей жабалактап чыга келсе, кантмек. Алардын ар бирине кол сунуп, жакшылап салам айтып, алик алганга азыркы абалында жарабайт. Ошондон улам айыл четине жакындагандан бери коодонүн тиреген шаттыкка бушайман ой кошула калып, бир аз түйшүктонгон Бектенге кудай жалгап оз үйүно жеткенге чейин эч ким жолукпады.

Бектен арт жагына ичке мойнун араң буруп, кылчайды. Батырбекти карап жатты. Ал кыштакка жакындай бергенде: «Бастыра бер, Бекиш! Мен, азыр» - деп даарат ушатканы аттан түшүп калган эле.

Бекиш атка озү эле минген. Бирок азыр Батырбектин жардамысыз түшо алгыдай эмес.

Кыштын күнү айылдын кебетеси ушул да. Кечки суук түшконго чейин бар тиричилигин бүтүрүп алышып, анан очок боюн качырмай. Малдары сарайга, иттери күпкосүно кирип, кыштын узун түнүн жылуу откөрүүнүн камын көрүшот эмеспи.

Мойнок да Кайнар эртелеп жасаган суюк аштан калган жугундуну ичип алган соң уйкананын бурчундагы күпкосүно кирип, атайлап төшолгөн бакалдын үстүндо тумшугун колтугуна каткан бойдон уйкуга кеткен эле. Бирөо атайлап чакырбаса, анын бак-дараксыз жыланач бул айылдын азыр баш-аягына эч токтоосуз жортуп, бети-колду каарып отүп жаткан кыш суугуна чыгуу оюнда жок.

Ат үстүнөн кантип түшүрорүн билишпей кучактарын кең жайып карбаластаган ата-энесин, жары Кайнарды элестете берип ичинен бушайман жеген Бектен төрт паксалуу коргондун дарбаза тушуна жетип, карышкан колу менен чарчаган аттын тизгинин акырын тарта бергенде жакындарынан эч ким чыкпаганы үчүн ошентип таарынбастан, кайра эсин жыйып калды.

Батырбек келип, ошол аттан түшүрот.

Бектен дагы кылчайып артына тиктеди. Өзүнүн семиз атын буга берип, жолдон арык ат минген Батырбектин «Чү-чүлөй» каптаалга темине катуу жүрүп келатканын эми укту.

Бектен госпиталдан келатат. Он бир ай дегенде чыкты. Өпкосүндогу осколканы алууга мүмкүн эмес экен. «Эки-үч жылдан кийин операция жасалат. Ага чейин эс ала бер. Өпкөсүндө эмес, жүрөгүндө осколкасы менен жүргөндөр азыр көп» – деп госпиталдын врачтары сооротуп коюшкан аны.

«Кечки суукка калбайлы, Батыке, - деп үйүно шашылган Бектен тиги кишинин аты жорток экенине карабастан, өзү жоргону жаздырбай катуу жүрүп келгенине жарым жолдон бери өкүнүүдө. Осколка жылгансып, өпкөсүнүн улам бир жери ачышып, деми кысыла баштады.

Бектен акыркы темир жол станциясына келип, ашканага киргенде ал жерде тамактанып отурган Батырбекке жолугат.

Батырбек – Бектендердин колхозунун председатели. Согушка чейин эле башкарма болчу. Элүүлөрго жакындап калган орто бойлуу толмоч ал, а дегенде боорукердиги, кайрымдуулугу менен элге жаккан.

Эшигинен тышка көк буу агылып чыгып жаткан ашканага кирип келген Бектенди улага жактагы столдо эми гана алдына коюлган лагманды сыр кашык менен козгой бергенде Батырбек көрүп калат. Бирок Батырбек ага бир топко чейин таңыркагандай, бейтааныш кишидей тиктеп тургандан кийин гана кашына келип жылмая берген Бектенге кучагын ачып, эки бетинен өбот.

Бу кезде арабалар айылдагы кабыл алуу пунктунан шаардагы кабыл алуу пунктуна пахта ташуучу. Мына ошолорду болжолдоп келген Бектен. Кимдин арабасына түшпөсүн, суранса өз айлына чейин жеткирип коёруна козү жетет. Жоокерди ким жолго таштасын. «Араба десең, араба деле табылат. Тааныштан көп неме жок биерде. Бирок ат жалы жеңил болот. Нары тез жетебиз» – деп Батырбек өзүнүн атын ага тартат ашканадан чыккандан кийин.

Ат мингенди сагынып калган Бектен бул күтүлбогон жолугушууга жаш балачасынан мулундап кубанган. Батырбек болсо, бир чакырымча жоо басты да, жол боюндагы колхозго кайрылып, көп аялдабай ат минип чыкты.

Батырбек Өзбекстанга дан сурап келген карызга. Бу маалда мындагы колхоздорго мамлекет пахта үчүн эгин бере баштачу.

Согуш башталгандан бери Батырбек гана эмес, алардын районундагы көп колхоздордун башкармалары ушинтип, өзбек тууганларынан кышында эгин сурап кетип жүрүшөт. Алар жайында кыргыздардын жайлоосуна малын чыгарышат, же күздө барып, эгинтегин жыйналган маалда бергенин кайтарып алышат.

Бектен госпиталдан чыккандыгы, качан үйүно келери тууралу эч нерсе билдирген эмес. Карып калган ата-энесин бүлүндүрүүнү каалабаган. Өзүнүн удаасы Самарбек да эки жылдан бери армияда. Ал жонүндо айылдан келген каттан билет.

Арык дене кечки суукка кайыга түшкөн. Оң бутун үзөнгүдөн араң чыгарып, сол колу менен ээрдин кашын таяна денесин которүүгө аракеттенип кордү эле, буту бериге ашпай койду. Жаштык дем гана калып, анын күч-кубаты тулку боюнан эчак кеткенин эми сезди. Бектен ошондон кийин гана мандайынан муздак тер чыпылдай, жалдырап артына кылчактай берген.

Батырбек ага эки-үч метрче жетпей атынан түштү. «Кайнар!... Садык аке!...» - деп кыйкырып жиберип, Бектенге жа-

кындады. «Т-с-с»- деди Бектен тигинин шоокумунан чочугандай. – Бекер кылдыңыз, Батыке. Өзүбүз эле кирип барсак жакшы болмок» - деп шыбырады ал көгөргөн туйрук эриндерин арап кыбырата. Анан ат жалына эңкейип Батырбектин эткел ийнин таяна бергенде тиги колтуктан ала жаш балачасынан Бектенди өзүнүн көкүрөгүн көздөй тартты.

Жоокердин бири-бирине коошпой шойдогон арык буттары мындан үч жыл мурда акыркы жолу баскан жерге кайрадан тие бергенде, дарбазаны тарс ачып, биринчи Кайнар чыга келди. Узун бойлуу, шиңелчен, тумакчан арык карааңды көрүп, ал чоочуп кетти. Тынымга соз катпай, бут да шилтенбей бир орунда селейди.

- Бектенди алып келдим! Эмне аңыраясын? – деди Батырбек тигинин бул турушун жактырбагандай катуу үн ката.

- Бектен?... Бекиштиби?...

Аңгыча Бектендин атасы менен энеси жетип келишти. Алиги шоокумдан улам чочуп ойгонгон Мойнок күпкосүнөн чыгары менен үч-төрт жолу шоңк-шоңк этип үрдү да, жай басып, анан ал дагы дарбазага келди. Азыр Мойнок чочоюп отурган калыбында биринен сала биринин кучагына кирип жок болуп жаткан жаш ээси менен учурашуу үчүн кезек күтүп турду. Бектен энтиге бошогондо гана ал анын бут арасына кирип, жоокердин таяктай кожойгон буттарына шалкы келип балбыраган эски керзовый отүктүн муздак кончторунан жалап-жалап алды, анан куйругу менен отүктүн биринен сала бирин жумшак ургулап эркеледи. Бирок жаны кыйналып, чекесинен муздак тер тепчиген Бектен ага назар салган жок. Атасы менен энесинин коштоосу астында, коргонго кирип кетти. Ээсинин бул мамилесине нааразы болгондой Мойнок ошол жерде отуруп кала берди.

Бектен он мүнөтчө да отура алган жок. Чекесинен тер чыбырчыктай берип, таноосу кериле акыры башына жаздык суранды. Өпкөсүнүн өйүшкөнү эми ого бетер күчөгөн эле. Жаш жарынын, ата-энесинин кучагы аны жеңилдетпестен, тескерисинче, жолдо башталган оорусун күч алдырып, жанын жабыркатып жиберди.

Чалкасынан түшүп буттарын суна жатары менен, акталбаган, жалгыз чыракка ичи күңүрттөнгөн ным болмонун шыбын тиктеп, терең үшкүрүп алды.

Ата-эне коргонго толуп чыккан кубанычты коңшу-колондору менен азыр эле болүштүргүсү келип турса да, Бектендин абалын көрүшүп, үндобой отуруп калышты. «Үч жылдан бери ат минбегенгеби, бир аз кыйналып калдым. Анын үстүно силерге тезирээк жетели деп, Батыкем экөөбүз катуу жүрүп койдук окшойт».

Бектен азыркы оңүно жарашпаган жылмаюу менен чал-кемпирдин катарында коомай отуруп, өзүно чочугандай тиктеген Батырбекке карап акырын көз кысты.

- Ооба, ооба, мен булардан сүйүнчү алууга шаштым, - деди Батырбек да тигини туурагандай жылмая.

Жоо бетинен кйтып келген уулу менен ата-эненин жүздошүп отуруусу ошентип, бир саатка да созулган жок. Кайнар кайнаткан чайдан бир-эки пыяладан ичкенден кийин эле. Бектен кыңкыстай берип, бүгүн өзүнө кошуп бул үйдүн башка мүчөлөрүн да жаздыкка эрте баш коюуга аргасыз кылды.

* * *

Бектен сыртка чыгып келгиче, Кайнар төшөктү салып койгон. Жууракандар Бектенге тааныш. Чети көрүнүп турган ак шейшептин үстүндө Кайнары менен мындан төрт жыл мурда биринчи жаткан эле. Жайдандаган Кайнар тошөктүн аягына келип токтой калган Бектенге кыналыша түшүп, жароокерленди:

- Эмне, Бекиш?...

Чачынан сылап Бектен жарын өпкөнү эңкее берди эле, өпкөсү тешилип кетчүдөй сайгылашып чыкты. Башын көтөрө коюп, таноолорун кере энтикти. Өңү бузулуп баратканын төшөктүн баш жагына коюлган чырактын алсыз шооласынан байкай койгон Кайнары күйөосүнүн моюнуна арта берген колун кайра бериге тарта шашкалактады.

- Алсырасаң жатагой, Бекиш. Жолдо урунуп калгансың го?... «Мени жаш баладай көкүрөгүнө кысып, кыядан көтөрүп чыкан Бекиш ушубу?» – деди Кайнар ичинен ак дамбалчан, ак койнөкчөн төшөк четинде отуруп калган күйөосүнүн кебетесине карап туруп. Көздөрүнө жаш толуп чыкты. Ары карап чечинди да, жууркан астына булт койду. Сол капталына, жалынга каптап жакындаган Кайнарга көздөй бурулуп, Бектен кучагына толтура аны көкүрөгүнө тартты эле, көздөрү тунарып, эриндери титиреп кетти. Секундага алкымы буулуп калгансыды. Дароо чалкасынан оодарылды. Саамда барып эсин жыйнаган Бектен: «Какиш, оң жагыма отүп жатчы» – деди энтиккенин билдирбоого тырышып.

Күнөөлүү кишидей анын үнү пас чыкты. Алиги бооруна кыскысы келип, кыналышкан муздак дене өзүнө тааныш денеге окшобогонго чочугандай жыйрылып алган Кайнар тура калып, күйөосүнүн аяк жагы менен отүп, анын оң капталына жатты.

Бектен эки-үч курдай жарын кучактап, бооруна кыноого аракеттенди. Бирок энтигип кетип, кайра эле коё берип жатты. Жараатынын оордугун, алсыздыгын эми сезген Бектен ар жолку аракетин укмуштай күч сарп кылуу менен жасап жатты. Акырында чалкасынан түшүп жатып калды. Ушундай жатса гана эс алгыдай. Кайнар чыканактай калып, анын мандайынан өйдө чачын сылады. Соогу саналып турган Бектендин арык төшүнө бетин койду эле, ал тер экен, кайра башын көтөрдү... Бектен дагы күч жыйнап, ага карай оодарылууга кам урду эле, анын бейалдыгына эми биротоло козу жеткен Кайнар акырегинен акырын төмөн баса: «Бүгүнчө эс алчы, Бекиш. Тердеп кетипсиң. Жол келгенге кыйналып калгансың го» – деп жоошутту.

Анын үстүндө кызыл шайы көйнок. Ушул көйногү менен Бектенге баш кошкон күну жаткан болучу. «Көйнөкторүнүн ичинен ушунун сага өзгөчө жарашат» – деп Бектендин айтканы эсинде. Муну, чамасы, азыр эле далиске чыгып кийине койду окшойт.

- Баягы көйногүңбү, Какиш? – Эсин жыйган соң жарын алаксытуу үчүн Бектендин биринчи берген суроосу ушул болду.
- Ооба, тааныдыңбы?
- Кантип таныбайын, үч жылдан бери жырта албадыңбы?
- Сен кеткендин эртеси эле сандыкка салып таштаган элем.

Бектен үшкүргүсү келгенин тышка чыгарбас үчүн эриндерин бекем кымтыды. Кайнар тигинин башынан колун артылта барып, чырактын билигин басаңдатты. Көйногүнүн жеңи жыйрылып калгандыктан, анын эти чың билеги агарып, Бектендин кумарын козгоду. Анан Кайнары артка чегине берип, көкүрогү оз көкүрөгүнө туш келгенде ал кучактай калып, ошол калыбында оодарылайын деди эле, алкымына бир нерсе тиреле түшкөнсүду. Шыпты тиктеп жатып калды. Тымтырстык... Мүнөт... эки... үч... Сөз баштоо керек да.

- Кайнар...
- Ия...
- Бастатпай эле койбодуң да чыракты?
- Эмнеге?
- Жарыкты жакшы көрүп атам.
- Андай болсо...

Кайнар чырактын билигин кайра көтордү.

Саамга жымжырттык. Терезени бир козүндогү айнек сынган көрүнөт, үйдүн ичине муздак аба урулуп жатты.

- Кайнар дейм?
- Ия.
- Сүйлөбөйсүнбү?
- Эмнени сүйлөйүн?...
- Биринчи жолу кантип таанышканыбызды унутканың жокпу?
- Кантип унутайын.
- Унутпасаң айтып көрчү.

Тымтырстык... «Анын азыр эмне кереги бар?».

Кайнар ушул ой менен эрине жүзүн бурду. Ал болсо кара чүйкөлөнүп шыпка телмирүүдө. Үч жылдан кийинки жолугушуунун мындай суздугуна жүрогу муздай түшкон Кайнардын көздөрүнө жаш толуп чыкты.Сезими ызалана түшкөн. Ошентсе да мунусун билдирбөөгө аракеттенди. Саамдан кийин ал соз баштады.

«... Орок маалы болучу. Мен айылдан алтынчы классты, сен райондогу орто мектептин сегизинчи классын бүткон жылы эле, классыбыз аз болсо да, озүбүз бой жетип калганбыз.

- Ооба, сен анда он алтыда, мен он жетиде курагым. Бектен ушуну айтып терең дем алды. Бу Кайнарга эстеп жаткандай туюлду окшойт.

- Бекиш, дем албайсыңбы? Жаштык күндорүбүздү эскериш үчүн башка күн деле жетишер.

- Жок, Какиш, уйкум келер эмес бүгүн кубанычтан. Айта бер, кулак сенде.

- Эмесе, эстебей угуп тур. Жайык-Талаанын эгини эрте бышчу эмес беле. Биринчи орок ошондон башталды, анда колхоздо комбайн кайда.

- Ырас. Эгин кол менен орулчу.

- Сен анда каникулда жүргөндүктон, бригадага табелчи болуп бекитилгенсиң.

- Ооба.

- Биз ончой кыздар бирге иштоочубуз. Ичибизде Мейизкан деген долу кыз бар эле. Бир күну сен алчыныңы ийнине арта салып, орулган аңызды өлчөш үчун адатынча кечке жуук биздин топко келдиң. Мейизкан ошол убакта үч боо буудайды көлөкө кылып, түбүндө жаткан. Сени коро коюп ал ордунан атылып турду да, колуңан алчынды жулуп алды. «Мен өзүм өлчөйм!» - деп.

Ошентип, оргон жерин Мейизкан өзү олчодү. Сага ишенбей берки кыздарга жаздырды. Өзү кат билчи эмес да. Алар «Төрт сотук» дешти. Берки уч кыз да тигинин жолун жолдошту. Алар бүткондон кийин сен алчынынды мага сундуң. Мен албадым.

- Сага ишенем. Өлчөй бер, - дедим. Сен таңдангандай мага карадың. Анан ууртуңан күлүмсүрөгөндой болдуң. Өлчодүң. Эсептеп чыгардың.

- Сеники он бир сотук экен, - дединг.

Экөөбүздү карап турган Мейизкан тер менен чаңга чамбыл ала болгон бетин тултундатты.

- Кандай эле Кайнардыкы коп чыга берет? Анын эмне, торт колу бар бекен? Келе берчи алчыныңды, мен өзүм өлчөйм, - деп сенин колундагы алчыныңды ал дагы жулуп алды.

Тиги олчодү. Берки кыздар жазып турушту. Чыгарышты. Сеники туура экен. Бирок, эмнегедир Мейизкан аларга деле ишенген жок. «Өзүңдү карап көз сүзгөндордүкүн көбөйто бересиң! Мен раиске барам. Арызданам» — деди да, орогун орула элек буудайдын арасына ыргытып жиберип, кетип калды. Ошол бойдон ал кайтып келген жок. Анын айылга кеткенин жатарда гана билдик...

Биз аялдар менен бирге талдын бутактарынан жасалган, үстү бүргон менен жабылган алачыкта түноочубуз. Сен кырманчылардын жанында. Кечки тамактан кийин жатканбыз. Күндүзгү Мейизкандын чатагын эстеп күлкүм келет... Башка кыздар бат эле уктап кетишти. Менин көз алдыма ууртунан жылмайган бойдон сен келесиң. Мен ылдый карайм, уялам. Эмне үчүн экенин өзүм билбейм.

Анчыча бизге тамак бышырып берчү Сейдана деген катындын чырылдаган үнү чыкты. Ал калган-каткан тамагын коруп, ооз жакта жатчу. «Ой, эл-журт, барсынарбы? Карышкыр!».

Мен биринчи турдум. Анан калгандар дуу көтөрүлүштү. Биздин алачыктын тегереги ошентип, заматта катындардын ызы-чуусуна толуп кетти. Бир убакта көйнөкчөн, дамбалчан эки кырманчы менен сен жетип келипсиң. Алардын бири шырыктай узун Салмурат аке болсо керек эле, барк-барк этти.

- Ой, Сейдана, кана карышкыр? Киминерди жара тартты? Сейдана жеңе чебелектеди:

- Тигине, кырдан ашып баратат. Көзүң корбу? Ал бироонү жара тартмайын сага эсеп эмеспи?

- Казанында калган-каткан тамагын коруп Сейдана бечара сыртта жатчу эле, ошону жара тартып кеттиби деп жүгүрүп келе койбодукпу. Соо эле турбайсынбы, карышкыр экенин кайдан билдиң?

Салмурат акенин бул шакабасын тиги байкабады окшойт.

- Буудай пая шытыр-шытыр дейт. Көзүмү ача койсом, алачыкты көздөй боору менен акырын жылып келатыптыр. Тумшугу кара. Өзү боз экен. Кыйкырып жибердим, тура качты. Куйругун такымына кыпчып алыптыр. Желкесиндеги жүнү типтик, карыш келет, дөбөт окшоду.

Салмурат аке шакабасын дагы жөнөттү:

- Э-э айтканындын жону бар, Сейдана. Дөбөт карышкыр болуш керек. Анткени бүгүн биердеги эркектердин баарысы эртең базарга барабыз деп үйлөрүнө кетишпеди беле. Алачыкта оңчой аялдар калганын билген какең түн катып жеткен турбайбы».

Чочуганынан көздөрү умачтай ачылган аялдар бул сөзгө каткыра күлүп жиберишти. Биз, кыздар уялганыбыздан катындардын далдаасына жашындык.

- Тилиңе күйдүргү чыксын, - деди Сейдана жеңем тигини кемегесин көздөй басып. Силер менен келген экинчи аксакал киши карышкырдан үркөн эчкилердей топтошуп турган бизге карап жай унчукту:

- Жата бергиле, кыздарым. Кудай алсын Сейдананы. Анын көзүнө дайыма кош көрүнүп жүрөт. Карышкырга бышырып коюптурбу буерде. Же силер короодогу кой белеңер. Сейданадан артты бекен деп тамак андып келген ит да.

Алар кайрылып жөнөй берди. Сен да ээрчий бастың. Сени Сайра жеңем токтотту.

- А, Бекиш, сен ушул жерде эле жатып калчы. Кыздар коркобуз дешет. – Антип Сайра жеңемин кулагына мен шыбыраганмын. Коюңузчу, Сайра жеңе, тамашаңызды, - деп сен ары бастың. Сайра жеңе айтканынан кайтпаган неме го, эки бут шилтөө менен кулагынан кармады.

- Ушундай да макулук болосуңбу? Кыздар сурап атса, тескери басканың кандай? Сен ушу жерде тур. Биз Кайнар экөөбүз барып кырмандан төшөнчү-орунунду алып келебиз, - деди.

Сен желкеңи кашынып туруп калдың. Биз барып чаркаптын түбүндөгү сенин жууркан-төшөгүңдү, анан фуфайкаңы алып кел-

дик. Тошогүндү Сайра жеңем алачыктын оозуна салып берди. Биз алачыктын ичине жаттык. Сайра жеңем болсо: «Мен силерди Бектенден, ал бизди карышкырдан коруп жатат — деп күлдү. Ошентип, ал өзү сен тарапка жатты.

Сени ичимен коптон бери жактырып жүргонүмү, анан бүгүн биринчи жолу соз алмашканыбызды, сырдуу көз карашынан ого бетер жүрогүм ысып калганын ага айткан элем да.

Башкалар коңурукка киргенден кийин ал мени сенин жанына откордү. Өзү менин ордума жылды. Сен нары карап жаткан экенсиң. Жанына отконүмү билдиң беле ошондо?

- Билгенмин.

Кайнар аңгемесинин ушул жерине келгенде бир аз токтой калып:

- Жигиттер куусуңар ээ? — деди Бектенди созго кобүроок аралыштырууга аракеттенип.

- Руставели айткандай, силерден кырк эсе азыраак.

- Ха...ха...ха...хи...

Экоо тең күлдү.

- Билсең, эмне үчүн ошол замат бурулбадың?

- Сүрүнө даай албаганмын.

- Хи...хи...

- Айта бер, Какиш, андан ары эмне болду эле?

- Сен жакка отүшүн отүп алып, суукка үшүгон мышыкча тиземи боорума кысып жаттым. «Бери бурулса эмне дейм? Колуколума тийсе кантем? Кыздар туюп калсачы?» Эки бетимен от чыгып жатты, бирок сен былк этпединг. Ийин андыган аңчыдан бетер деминди ичиңе тартып жатканыңы сездим, ошентсе да сага кол тийгизүүго кыз башым менен акым жок эле. Көңүлүмдо мойнуңа кол артып эркелей бердим. Сен ошондо антүүнү каалабадың беле, Бекиш?

- Кантип каалабайын? Сенден артыгыраак кааласам керек эле, бирок уялып жаттым, бирдекиде кызга сүйлобогон жаным, колшал терге маалынып кеттим сен мен жакка оторүң менен. Анын үстүнө тили шок Сайра жеңемен чочуладым. Өзү жардам кылып жатып, эртеси озү менин кулагыман чойгулап уялтмак да.

Кайнар кайра баштады:

- Мен ошол түнү кирпигими какпадым.

- Мен да.

- Жаман алачык ошол түнү мага жомоктогу алтын сарайдан корүнүп кетти.

- Мага да ошондой корүнгон.

- Кийин деле алачык көрсөм, ошол укмуш түн коз алдыма келе калчу.

- Андай алачык соғушта да менин козүмон уча жүрдү.

- Таң тыяктан, түнкойо баштаганда карасам, үстүнө жамынган фуфайкаң жылбышып ийниңен ылдый түшүп кетиптир. Мен

аны майланышкан жакасынан акырын кармап өйдө тарттым. Ошону сездиң беле?

- Сезбегендечи? А түгүл ошондо сенин колуң тийген жер ысый түшкөнү али да эсимде.

- Мына, тааныштыгыбыз ошентип башталган. Сен күздө мектебиңе кеттиң, мен айылда калдым. Сен кат жаздың, мен жооп бердим.

Экөө тең унчукпай калды эле сырттагы кар бороонунун сүйлөгөнү угулду. Ысык үйгө киремин дедиби, ал төрт көз терезени баягыдан катуурак ургулап жатты...

- Бекиш, сен үшүгөн жоксуңбу?

- Жок. Үч жыл бою сыз төшөнүп, ок жамынып жаткан кезде үшүбогон Бекишиң, эми сенин жанында үшүмөк беле. Андан коро сүйлөсөң, Какиш.

- Эми кайсыны айтайын?

- Экинчи жолку кездешүүнү айтчы!

- Макул... Анда май айы. Мен бир топ балдар жана кыздар менен отличниктердин райондук слетуна бардым. Башка мектептерден да бизге окшогондор келишкен экен. Стадиондо адегенде, парад болду. Анан райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы — жапалдаш бойлуу, ак жуумал киши соз сүйлодү. Андан соң мектептерден келген окуучуларга кезек бериштн. Мен да сүйлодүм. Агайымдын жазып бергенин араң окуп бердим. Үнүм өзүмөн башкага угулган деле жок корүнөт, баары бир кол чабышты.

- Башкасын билбейм, мага даана угулган. Мени көрсө, сүрдөп кетпесин деп башымы өйдо көтөргөн эмесмин ошондо. Сен байкадың беле?

- Кантип байкабай калайын. Эптеп убактылуу жасалган жыгач трибунага көтөрүлөрүм менен сени издедим. Спорттук кийимчендердин орто ченинде башыңы жерге салып турупсуң. Атайлап жер тиктегениңи билдим. Кийин колумдагы бир барак кагаздан башымы көтөргөнум жок.

Ошол күнү кечинде силер окуган мектептин окуучулары клубда слеттун катышуучуларына оюн көрсөтүштү.

- Кайсы оюн эле?

- «Алтын кыз», Жоомарттыкы.

- Ооба, «Алтын кыз» болучу. Сен ошондо Жапардын ролун аткардың. Чынардын ролун Ширин деген кыз аткарган.

- Ошол кыздын ордуна бул ролду Кайнарым аткарса кандай сонун болор эле деп ойлогонуму байкадың беле?

- Жок, аныңы байкай албадым, бирок ошол Ширинднн ордуна мен болуп калсамчы деп, күнүлоштүк кылганым ырас. Хи... хи...

- Андан кийин эмне болду эле?

- Пъесадан кийин концерт бердинер.

Ошентип оюн бүттү. Барыбыз жабалактап сыртка чыктык. Бизди баштап жүргөн агайыбыз мурун эскертип койгон эле, оюн

бүткөндөн кийин клубдун эшигине топтолосунар, анан интернатка барабыз, ошерден жай беришмек болду деп. Биз чыга бериште агайыбызды күтүп турсак, сен келип кулагыма шыбырадың: «Кайда түномок болдуңар, Какиш?»

- Силердикинде.

Сен кубанганыңан жер тээп жибердиң. Агайыбыз келди да, биз жүрүп кеттик. Интернаттын кыздары бизди колтуктап алышты. Артыбыздан балдар жете келишти, ичинде сен да барсың. Чынардын ролун аткарган Ширин деген кыз силерге карап: «Кана, балдар, ырдап басалы» - деди. Саамга тымтырс боло калды. Таш төшөлгөн жолдо тең шилтенген буттарыбыздын гана шартылдаган шоокуму. Бир кезде менин кулагымдын так түбүнөн сенин коңур үнүң угулду. Корсо эчак жетип менин колтугуман алган турбайсыңбы.

«Жаш курбулар, жашаткыла омүрдү,
Өмүр чиркин, өмүр кандай көңүлдүү!...»

Бозбу тараптан агылган сыдырым мандайыбыздан сылап коёт да, туташ чыккан үнүбүздү коштоп алып, артка жонөйт. Интернатка чейин бир чакырымча жүрдүк көрүнөт, жеткиче ырдадык. Ал кезде «Алтын кыздагы», «Ажал ордундагы» ырды билбеген окуучу болбосо керек.

Жатакананын алдынан баарыбыз кол алышып коштоштук. Колуму кое бербей сен кылчактадың. Кыса-кыса кармадың. Мен да ошенттим. Байкадың беле?

- Кантип байкабай калайын?... Анда колуң эмес, кирпигиңдин бир талы былк этсе сезмекмин. Болмого барып жаткандан кийинки түйшүктү айтпайсыңбы. Бирде оң колуму сеники десем, бирде сол колуму сеники деп кармалайм. «Тургула» деген сурнайдын созолонгон үнү коридордон угулганда гана түн бою сеники эмес, оз колуму кармалап жатканымы билдим.

Кайнар Бектендин мунусуна да кыткылыктады. Бектен болсо үшкүрүп алды.

Чырак күйүп турганына карабастан ага үйдүн ичи барган сайын күңурттонүп баратты.

- Какиш?
- Ия...
- Чарчадың го дейм?
- Сен уккандан тажабасаң, мен айткандан чарчабайм.
- Суу бересиңби?

Кайнар элпек тура калып, далистеги бети каймактаган челектеги суудан алып келип, жаздыктан башын которо берген Бектенге сунганда анын мандайынан мончоктогон тер чыгып, таноолору кыпчылып турганын көрдү.

- Бекиш, башың ооруп турабы?

- Жок, Какиш, чочулаба, жолдо кыйналып келгендики го. Силерге эртерээк жетейин деп, атта катуурак жүрүп койсом керек. Таң аткыча аңгеме айтсаң, айыгып калармын, - деп жылмайды эле, бет териси кулагын карай жыйырылып, өнүн ого бетер бузуп жиберди.

Бектендин бул кезде өпкөсүндөгү осколкасы ойкошүп, алкымын кысып жаткан эле. Анысын билдирбөөгө аракеттенди. Бир күн болсо да өзүн жыл бою зарыга күткөн ушул үй-бүлөнүн кубанычын каалайт. Кайнар атайлап бейкапар унчукту.

- Бекиш, бир катында ыр жазыпсың, озүндүкү беле ошол ыр?
- Кандай ыр?
- Эсинде жокпу? Айтып берсемчи?
- Анда эсиме түшөт.

Анын эсинде эле турган, бирок эмнегедир ал бүгүн баарын Кайнарынын оозунан угууну каалап жатты. Муну байкаган тиги ыр саптарын издей баштады...

- Мм.. Мм.. Башталышы эсимен чыгып турат... мм... м... азыр... и-и-... таптым! Таптым!

«Мына эки жыл булбул үнүн укпадым,
Ок жамынып, сыз төшөнүп уктадым.
Октон безип качкан булбул добушун,
Сен ук, жаным, ошо менин укканым.
Мына эки жыл комуз күүсүн укпадым.
Ок добушун тыңшап жатып уктадым
Алыс калган коңур күүсүн комуздун,
Сен ук, жаным, ошо менин укканым.

- Сеникиби?
- Ооба, мени ки, - деди Бектен колуктусунун кылы буралып жаткан комуздай улам барган сайын бийиктей берген добушуна бериле эргий баштаган кыязда.
- Өзүң жаздың беле? – деди Кайнар жаш балача күйоосүнүн жаак сооктору оркойгон бетине капталынан тиктеп.
- Анан ким жазып бермек эле?
- Анда акын болуп кеткен турбайсынбы, Бекиш?
- Сенин сүйүүң акын кылды көрүнөт?...
- Хи...хи...хи...
- Жок, Какиш, - деди Бекиш энтиге саамдан кийин. Бул ырды ошол жактан бир досум жазып берген. Аты Сабыр эле. Өзү Жалал-Абад тараптан. Согуш талаасында аны менен жарым жылча бирге болдук. Сонун жигит. Согушка чейин мугалим экен. Бош убактысы боло калса анын кылар аскердик баштыгынан кармала берип, четтери кырылган, кирдеген блокнотун сууруп ала тизесине коё салып, жазып кирчү. «Уруш бүткүчө ушул баштыгымды, сөзсүз ырга толтурам, Айсалкыныма алып барчу белегим ушул» - дечү.

- Айсалкыны ким экен?
- Сүйгөн кызы тура.
- Аты сонун экен ээ, Бекиш?
- Мен үчүн сенин атыңан артык дүйнодо ат жок...
- Үйлөнүшпөптүрбү?
- Үлгүрбөй калышыптыр. Айсалкын медициналык окуу жайынын акыркы курсунда окуп жатканда Сабыр армияга чакырылып калат. Тойду кыздын бүтүшүнө болжоп жүргон **экен.** Андан үзүлбөй кат барып турчу. Өз кыштагында медпункта иштеп жүрүптүр. Кызы: «Тойго карата көбүрөөк ыр жазып келегөр» – деп суранса, Сабыр: «Ырдан кам санабай эле гой, кечтен таң атканча окуса түгөнбөй турган ыр жазып барамын. Кеп сенин сүйүүң жоо огунан сактап калышында» – деп жооп берчү.

Кийинки кезде силерден барган каттарды ортого салчу болгонбуз. «Менин Айсалкыным ырды менден да жакшы көрөт» – деп ал шырыктай узун боюн солкулдата күлө турган.

- Анда бул ырды өзүнүн кызына арнап жазган го?
- Жок, муну менин тапшыруум боюнча жазган. Алдыңкы линиядан кетип, үч күндүк тыныгууда жүргөнүбүздө жазып берген. Өзүнүн кызына арнаган ырлары мунсуз деле көп.

Эмнегедир, ал келечеги жөнүндө көп тынчсызданчу. «Бу жерде өлүм менен өмүр моюндашып жүрөт экен, көрдүң го, Бекиш? – дечү. – Ошондуктан бир нерсени макулдашып алалычы. Дене ачыкта кала көрбөсүн. Аны менен кошо эски касканын ичине кыздарыбыздын каттарын, сүрөттөрүн салалы да, көмкөрүп туруп, өлгөнүбүздүн башына жаздап коёлу. Бул согуш албетте бүтөт, бүткөндө да биздин жеңиш менен бүтөрүнө ишенем. Совет бийлиги орногонго бир жыл болбой он төрт мамлекет кол салганда ташын талкан кылган биздин эл эми кантип жеңбей койсун, жеңебиз созсүз, бирок жеңиш тоюна чейин кимдер өлүп, кимдер каларына пайгамбардык кыла албайм. Мына ошондуктан ушуну эсиңе ала жүргүн, Бекиш, денебизге кошулуп сүйгөндөрүбүздүн эстелиги да чирип кете бербесин. Жер алдында калган нерсе качан да болбосун жер үстүнө чыгат. Адам канына семирген бу жерге эгин айдаш, же жемиш өстүрүш үчүн жакшы ниет менен келген жаш трактөрчү сокосунун тишине илинип чыккан каскадагы каттарды окуп, сүрөттөрдү көрүп, сүйүүгө кумары канбай жалбырттаган эчен жүрөктөр ушинтип мезгилсиз кара жердин кучагында муздаганын эстеп, адам канын издеп бүт Европаны жойлоп чыккан жайырманчы кылымдын жырткычына наалат айтсын!»

Бектен созүнүн ушул жерине келгенде бир аз токтой калып, күрс-күрс жөтөлдү.

- Анан эмне болду ал жигит – деди Кайнар тигинин тагдырын тезирээк билүүгө ашыкканын жашырбай.
- Коркпо, өзү ойлогондой дейди ок анын жүрөгүн да, мээсин да таба алган жок. Бир урушта колун осколка жулуп кетти.

Андан бир ай өтпөй мен да жарадар болдум. Ошентип, бир жарым айдан кийин мен аны Куйбышевдеги госпиталдан кездештирдим. «Ээ, дос, колдон ажыраганга эч кандай кайгырбайм. Жанды курман чалып жиберүүгө даяр эмес белек» – деди мага жолуккан күнү ал. – Айсалкындан жакында кат алдым. Кандайча жарадар экенимди жашырбай жазган элем да. «Андай жарадар азыр жалгыз сен эмессиң. Ыр чыгарчу мээң менен жүрөгүң бүтүн болсо-болгону» – дептир. Ошол эле күнү доктордун тыюу салганына карабай, шаарды бир кыдырып чыктым. Мына дос, сүйүүнүн күчү!

Сабыр менден бир ай мурда үйүнө кетти. Баргандан кийин эки айдан кийин кат жазам, ага чейин сең да Кайнарыңын жанына барып каларсың – деген. Жакында каткелиш керек андан.

Бектен унчукпай калды...

Кайнар колун күйөөсүнүн мандайына койду – муздак тер. Андан көкүрөгүнө жылдырып келди, анда да муздак тер. Бул тер кол аркылуу өз денесине электр тогундай тездик менен өткөнгө Кайнардын тулку бою да муздай түштү. Кайнар колун төшөктүн ичине салды. Бектендин буттарын сылады эле, алар да тердеп жатыптыр. Бектен жарынын бир колун өз колунан чыгарган жок. Андан ал муздап бараткан денесине жылуулук алып жаткансыды.

- Баары жогуң эле тер да, Бекиш? Үстүңү жеңилдетейинби?

- Чоочуба, Какиш, жолдун эле азабынан. Андан көрө аңгемеңи улантсаң! Ошол күндөргө кайра баргандай, көңүлүм көтөрүлө түшүп атат. Сүйлөсөң, Какиш?

- Эми кайсынысын айтайын?

- Үчүнчү жолку кезигүүнү айтсаң?

- Июнь айы эле. Менин окуум мурда бүтсө да, кат алгандыктан, сенин келешиңи күттүм. Мен абамдардыкында калган элем. Он экинчи июнда кечинде келдиң, таңга жуук жолго чыгалы деп убадалаштык. Экөөбүздүн тең ата-энелерибиз малчы болгондуктан жайлоодо. Ошол жакка барып, он-он беш күн эс алып кайтмакпыз. Таң түңкөйгөндө болжошкон жерден табыштык да, жөөлөп жүрүп кеттик. Тоо этегине чейин мелмилдеп жаткан эгин талаасы. Тегиз баш алып бел курчоого чаба желге ыргалып турган буудай арасындагы жолго салдык. Кишинин карааны көрүнсө эле буудайдын арасына кире качабыз. Эми ойлосом жаш турбайбызбы.

Кашка-Булактын кыясына жеткенде мен чарчадым. Асты шибер, жагымдуу жыт чачкан тегерек арчанын түбүнө барып отура кеттим. Сен жаныма келгенде «чаңкадым» дедим. Суу кайда. Биз аастында турган кыядан чыксак гана ичсең тиш какшатчу булак бар, аны билчүмүн. Ага жетишке али алыс. «Мен ышкын терип келе коёюн» – деп, сен караган-шакты аралап, ары жактагы кур таштарга тырмышып кеттиң. Арадан коп деле өтпөй, бир кучак ышкынды көтөрүп жетип келдиң. Экөөбүз жедик.

- Чаңкооң басылдыбы эми? – дединг.

- Басылды, - деп жылмайдым.
- Чарчаганыңчы?
- Жок, - деп дагы жылмайдым. Сенин эмне жөнүндө ойлоп турганыңы билген эмесмин, бир кезде көзүмү жумуп, кайра ачсам, колуңда турам. Жерден кантип көтөрүп кеткениңи байкабай калыпмын.

«Чарчаганың басылбаса, ушул кыядан көтөрүп чыгам» – дединг, мени жаш баладай көкүрөгүңө бекемирээк кысып. Мен уялып, сенин бетиңе карай албай жаттым. Жигит кызды колуңа көторгонүн биринчи жолу көрүп жатсам, кантип уялбайын. Эркек ыйык дегенди улуулардан укчумун. Ошол ыйык эркек – сен мени көкүрөгүңө көтөрүп турдуң. Буттарымы тыбырчылата: «Түшүр, Бекиш, түшүр жерге» – деп жалындым. Сен болсо кайра бекемирээк кысып койдуң. Салмактуу бут шилтеп кыяга чыга баштадың. Жыйырма кадамча баскандан кийин жол таманы менен алдыбыздан жожолорун ээрчиткен сурмалуу көз кекилик койкоңдоп чыга келди. «Кекилик» деп кыйкырып жибердим. Ага алаксып мени таштап жибересиң го деп ойлодум эле. Жок, кайра бекемирээк кучактадың, бизге таңыркагандай алиги кекилик кичинекей башын оңго-солго койкоңдотуп бир аз тиктеп турду да, анан «пар-рр» этип учуп кетти. Артынан балапандары кичинекей канаттарын тез-тез каккылашып, кайкып учуп жоношту, аркы капталга мурун учуп кеткен энеси бир жалпак ташка коно калып, шакылыктап сайрап жиберди. Балдарына: «Мен быяктамын» – деп кабар кылганы го. Учуп бараткан балапандарды: «Бир, эки үч... тогуз» – деп эсептедиң да. – Биздин балдар да ушунча болсо ээ, Какиш? – деп менин жүзүмө карап жылмайдың. Ошентип, мени дагы уялттың. Жооп бергеним жок, бетими көкүрөгүңө катып тим бодум.

Кыянын жарымына жеткенде, мандайынан чыккан тер менен бетиме таамп кетти. «Эми өзүң чарчадың көрүнөт, түшүр» – деп тыбырчылай баштадым. Жок, түшүрүүнү каалабадың. Өргө умтула бердиң. Ошондо мен башымдагы жоолугуму алып, териңи сүртүп бардым. Кыядан чыгып, булактын өзүнө жеткенде гана бутум жерге тийди. Суу ичтик, чачышып ойнодук. Капталдан капталга жүгүрүп, гүл тердик. Заматта мен чарчаганымы унутуп койдум.

Оюн менен жүрүп, түшчүлүк жерге иңир киргенде жетип келдик. Айылдын четинен коштоштук. Үйгө киргенимде апамдар кечки тамакты эми жеп бүтүшкөн экен. Мени көрүп чочуп кетишти.

- Түндө кантип келдиң балам, жалгыз?
- Бектен акем менен келдим.
- Ошентсе да жолго эртерээк чыкпайсыңарбы?
- Бектен акемин жумушу бар экен, түштө араң бүттү – деп калп айтып салдым.

- Эмне болду, Бекиш?

- Эч нерсе болгон жок. Госпиталга түшкөндөн кийин эки айча күнү-түнү онтоп, үшкүрүнүп жаттым эле. Ошо адат болуп калса керек.

- Жаратың каерде, Бекиш?

- Жарадар эмесмин, Какиш. Эки суткага жакын курчоодо калып, сазда жатканбыз, ошондо өпкөмө суук тийип калыптыр.

Эми Кайнар да акырын үшкүрүнүп койду. Айтып жаткан аңгемеси менен күйөөсүн оорусунан алаксытам го деген жары.

- Эми кайсынысын эске салалы, Бекиш? – деди.

- Бүгүнкү ушул жетишет го дейм, Какиш. Анча-мынча эртеңкиге калтырбайбызбы?

- Уйкуң келдиби?

- Ооба.

Бектен дагы калп айтты.

- Сен да эс ал, Какиш керели кечке үрөн тазалайбыз дейсиң, а да оор жумуш. Эртең триердин кулагын кармаган бойдон уктап калып жүрбө. Уктай кой.

- Эртең жумушка барбайм, сенин тоюңу беребиз дешти энемдер. Бектен үшкүрдү...

- Үй ичи жымжырт боло түштү... Экөө тең шыпты карап жатышты. Ар кимиси өз ою мнеен убара. Бектен онтобоого тырышат. Кайнар көкүрөгүн көтөрүп бараткан букту тышка чыгар албай азаптанууда. Үй ичи улам күңгүрттөнүп бараткандай туюлат экөөнө тең. Саат өттүбү, а балким андан көбүрөөктүр. Кайнар акырын башын жаздыктан көтөрүп Бектендин жүзүнө үңүлдү... Анын ар бир кыймылын жүрөгү менен сезип жаткан Бектен көзүн жумуп, уктамыш болуп калган. Кайнар колун акырын күйөөсүнүн көкүрөгүнө салды. Анан жылдырып отуруп бутуна жетти. Аны акырын алмак-салмак сылай баштады... Бектен былк эткен жок. Кайнаар анчадан кийин колун тартып алды. Кайра шыпка тигилди... Мүнөттөр өттү... Анан капталына оодарылып, кайра Бектенге көз чаптырды. Мына, бир кезде алп көрүнгөн Бектени эми бет сөөктөрү оркоюп, көз чанагы ичине карай жемирилип, кунарсыз карааны жууркандын алдынан араң билинип жатат. Өрттүн арасынан чыккан кишиникиндей анын оңу керсары. Кайнар ага бир топко тигилип тургандан кийин жууркандын ичине башын катып алды. Көзүн ачып, эми башын ал жакка бура берген Бектен энесине таарынган баладай төшөк ичиндеги Кайнардын солкулдап жаткан денесин көрүп турду. Ага карай оодарылууга дагы бир жолу аракет жасады эле, ого бетер көл-шал терге түшүп, алкымы буулуп кетти. Араң ондонуп жатты.

Ошол бойдон төшөктөн башын чыгарбастан Кайнардын күндүз жумушка каржалган денесине түн жарымынан кийин уйку бийлик кыла баштады... Июнь ... Табигат жарашыгын жер бетине чыгарып турган кез. Жайылма айлынын «Жеңиш» деген касиеттүү

сөздүн аралай чаап жүргонүнө бир айдан ашып баратат. Эл батыштан көзүн албай кеткендерин күтүүдө. Анаркүл апанын үйбүлөсү, ошонун ичинде Кайнар да кандуу сапарга кеткенинин жолун акмалашып жүргөн.

.... «Бүгүн күндүн бетин челдей жука булут далдалап турганына карабастан Кайнар үчүн айлана жарык. Ал жумуштан шашып келе жатат. Көөдөнү кубанычка жык. Кийинки күндөрү жеңиш жетелеп бул айылга кайтып келгендердин саны көбөйгөн.

Бектен бүгүн келчүдөй. Сүйүүдөн өксүп калган жүрөк кантип алдасын! Тоялынын тамынын жанынан өтө бергенде мурдуна жийде бурагынын жыты бур этти. Кайнар мулундай берди. «Бардык гүлдүн жытынан мен жийде бурагынын жытын артык көрөм» — деп Бектендин айтканы эсине түшө калды.

Кайрыла келип, дубалдын кырына чыкты да, жийде бутагынан бир тутам сындырып алды. Шашып баратат... Кайнар куру бекер кубанбаптыр. Жакшылык, жамандыкты жүрөк күн мурунтан сезет деген чын тура! Үйуно жакындай берди эле, алдынан кең көкүрөгүн орден менен медалга толтурган, башында жылдыздуу кызыл кыргак шапкеси бар, белин жазы кур менен курчанган, алтын погондуу офицер — Бектен кучагын жайган бойдон чыга келди. Кайнар кандайча жетип, анын мойнуна асылганын билбей калды... Тутамдаган гүлү жерде чачылып жатты. Бектен алкымынан жыттагылай бергенде эреркей түшкөн Кайнар эчкирип ыйлап жиберди. Өз кыйкырыгынан өзү чоочуп ойгонгон Кайнар селт этти. Чын эле Бектенди кучактап калган. Башын көтөрө берип ал Бектендин көздөрү ботонукундай жайнап, эриндери кеберсип, мандай тери мончоктоп турганын көрдү:

- Чочуба, Какиш, чочуба!

Таноолорун керип-керип андан кийин араң унчукту:

- Суу... суу, Какиш. Ичим күйүп баратат... Суу!... Терезени чапкылай баштаган бороондун шоокуму да Бектенди коштоп: «Суу! Суу» — деп кыйкырып жаткандай Кайнардын кулагы туна түштү...

- Бекиш, сага эмне болду?!

Бюро ар бир айдын ушул күнүндө, ушул саатында башталат. Анын башталышы менен бүтүшүнө чейин ар кандай кырдаал өкүм сүрүшү мүмкүн. Иштин тагдыры. Адамдардын тагдыры. Бүтүндөй бир райондун тагдыры. Ошондуктан анын башында турган адамдын — Ашымовдун жоопкерчилиги баарынан жогору, баарынан татаал. Демек бюрону башкарган киши баарынан акылдуу, баарынан адилет, баарынан билерман, баарынан сезгич жана баарынан тажрыйбалуу болушу керек. Ашымов жогорку сапаттардын өзүндө толук болушу үчүн дайыма аракеттенгендерден.

Бюрого Ашымов кылдаттык менен даярданат. Анын күн тартибине коюлган ар бир маселе боюнча алдын ала даярдалган документтерди дыкаттык менен өзү карап чыкчу. Бюронун башка мүчөлөрүнөн да ошону талап кылар эле.

Бу жолу да ошенткен. Кечээ түнкү саат ондордо гана үйүнө кайтты. Ошого чейин кабинетинде бүгүнкү бюронун материалдарын карап отурган. Бирок алардын ичинде бул кызды, анын бардык оюн асты-үстүнө оодарып таштаган кызды, элестеткен эч кандай кагазды жолуктурган эмес.

Саат онго беш минута калганда жанатан бери Ашымовдун кабинетинде аркы-беркини сүйлөшүп отурушкан бюро мүчөлөрү аны ээрчип, заседание залына киришти. Залдын бир башына коюлган узун стол. Мында бюро мүчөлөрү отурушат. Столдун терезе жактагы башында кафедра. Андан кишилер сүйлөшөт. Эшик жанында стол. Аерде отургандар да райкомдун кишилери. Секретардын жардамчысы, бөлүм башчылары, инструкторлор. Каралуучу маселеге жараша алар алмашып турат. Залдын чоң терезелериндеги тактайга жетип чубалжыган көгүш узун пардалар ачылып коюлган. Күн которүлүп калганына карабастан, алиге илеби салкын эртең мененки жел терезелерден залга агылып кирүүдө.

Ашымов алдындагы күроң папканы эки жагынан арык манжалуу колдору менен кармай берип, бирок ачпастан алиги жагымдуу жел агылып кирип жаткан жакты карады эле, алыстагы чокусу аппак тоо кырларын күн нуру сылап-сыйпап турган экен. Бул көрүнүш секретардын көөдөнүн алда кандай көңүлдүүлүк шилеп, курсантчылык тартуулады.

Бул эки кабат имарат Ашымовдун тушунда атайын райком үчүн курулган. Бир жылча болду ишке киришкенине.

Ашымов анан күроң папкасынын үстүнкү бетин бери кайрып таштап: - Жолдоштор, күн тартиби боюнча кимде кандай сунуш бар? — деди жанатан бери өзүнүн ички сезими мнеен буйдалып калганын беркилер байкап койдубу дегендей, ар бирине алдыртан тиктеп.

- Бекитилсин деген сунуш бар, - деди биринчи болуп, тигинин оң жагында отурган экинчи секретарь.

Ашымов башкаларга назар салды.

- Бекитилсин, - дешти анан үч-төрт үн удаасы менен.

- Анда ишке кирише берели. Биринчи маселе партияга кабыл алуу. Кана, чакыра бериңиз, - деди Ашымов, ал күн тартибин макулдашып жатканда эшик жанындагы дубалга такай коюлган стол четинен тура келип, азырынча жабык каалганын туткасынан кармай калган арык аялга карап. Бул партиялык – уюштуруу болүмүнүн инструктору. Бөлүм башчысы да ушунда. Партияга өтүүчүлөр ушул бөлүм аркылуу даярдалат эмеспи.

Партиялык уюмдун секретары колуна кармай кирген делону ачат да, берки жакта отургандардын жансоосу мнен алдыңкы катардагы орундуктун бирине кочүк баскан жаңы өтүүчүнүн анкеталык маалыматын окуй баштайт.

Бюро мүчөлөрү анан өтүүчүгө каалагандай суроо берүүгө акылуу. Программа, устав боюнча гана эмес, өмүр баянына, кызматына, окуусуна тиешелүү суроолорду да беришет. Кыскасы, партияга өтүүчү кишини бардык жактан текшерип көрүш керек. Татыктуубу, жокпу? Иште да, жеке турмушунда да башкаларга үлгү көрсөтүүчүлөрдүн, коммунист деген улуу наамды алып жүрүүчүлөрдүн катарын толуктаганы жатпайбы. Ошого арзыйбы, жокпу? Жаңылбоо керек. Адамды баалоодон кеткен жаңылыштык – башка бардык жаңылыштыктан оор. Муну айрыкча, бүгүнкү бюрону башкарып отурган Ашымов жакшы билет. Он беш жылга жакындап баратат анын жалаң биринчи секретарь болуп иштегенине.

Педагогикалык окуу жайын согуштун алдыңкы жылы бүтүп келип, бир жарым жылча мугалим болуп иштейт. Анан комсомолдун райондук комитетинин экинчи секретарлыгына көтөрүлөт.

Анан согуш...

Эки жыл майдан. Жеңил жарадар. Отпуска. Дагы согуш. Дагы кызмат. Улам бир тепкичтен жогору. Ашымовдун: «Адамдардан жаңылуу, демек өзүңөн жаңылуу» – деген жыйынтыкка келгенине көп болду. Ошондуктан, партияга өтүүчүлөргө, кызматка көтөрүүчүлөргө анын бу кезде өзүнчө талабы бар.

Бардыгы өз нугу, өз тартиби менен өтүп жатты. Алтынчы болуп киргенди бюро кабыл алуудан баш тартты. Колхоздо башкы инженер экен. Эки жыл болуптур иштеп жатканына.

- Үй-бүлөң барбы? – деп сурады Ашымов адатынча жай гана коюу кашын бир аз жыйрып, тиги таржымалын айтып бүткөн соң.

Жигит эмнегедир шар жооп бербестен, мукактанып калды.

- Болгон, бирок...
- Бирок дегениң кандай?
- Ажырашып кеттик эле.
- Ажырашып?...
- Ооба.
- Бала барбы?
- Бар.

- Нече?
- Экөө.
- Алар кайда?
- Энеси менен.
- Эмне себептен ажыраштынар?

Жигит кежигесин кашына бутунун башын тиктеп, дагы саамга буйдалып калды.

- Бул жерди бюро дейт. Андан эч нерсени жашырууга акың жок, эгер коммунист болууну кааласаң, деди баятан берки тигинин жообуна алымсынбай отурган экинчи секретарь ага карап.
- Партиядан жашыра турган эч нерсе болууга тийиш эмес, - деп кошумчалады Ашымов, экинчи секретарь анын оюндагысын айтты белем.

Жигит эми гана башын котөрүп, өзүнө жабалактай тиктеп, жооп күткөн бюро мүчөлөрүн сыдыра карап алды. Анан жооп берди.

- Мунаса кыла албадык. Мүнөзүбүз келишпей калды.
- Өзүңөр баш коштуңар беле, же бироо күчтөп үйлөндүрүп койду беле?

Бул суроону райондук аткаруу комитетинин председатели, ар убак күлүмсүроп сүйлөгөн, кырктардан жашы ашкан кубакай киши берди. Анын көзүнө тиктеп турган жигит тигинин күлүмсүрөгөн оңүнөн а дегенде тамашабы деп да ойлоду. Анан бюродо экени эсине түшө калдыбы, суз тартып салмактуу жооп берди.

- Ким зордомок эле. Өзүбүз табышып, өзүбүз үйлонгөнбүз. А дегенде мен автодорожный техникумда окуганмын. Ал да ошерде окуучу. Аны бүткондон кийин, мен автобазада, ал ДУЭда иштеди. Бир жылдан кийин мен политехникалык институтка кирдим. Ал төрөп калып, бара албады. Анын үстүнө бирообүз иштеп, акча табышыбыз керек эле. Мен институтту бүттүм. Кызматым жогорулады. Демек акчам да көбойдү. Картаң ата-энем бар. Анын ата-энеси жок. Башка райондо жүробүз. Айына аларга 20—30 сомдон акча салып турууну чечтик. А дегенде макул болгон аялым, жарым жылга жетпей жаңжал салды, ошол ырбап отуруп, акыры ажырашууга алып келди.
- Балдарчы? – деди Ашымов тигинин айтып жатканы жүйөлүү экенине ынанып турса да, тирүүлөй жетим калган балдарды элестеткендей кабагын чытык берип.
- Балдарга алимент төлөп атам.
- Демек, бул районго аялынан, балдарынан качып келген экенсиң го?

Бул суроону да райондук аткаруу комитетинин председатели берди. Анын жылмайганы эми каарданганга окшоп кетти.

- Жок, качканым жок, арызым боюнча которушкан.
- Азыр үй-бүлөң жокпу?
- Бар, бир жылча болду үйлөнгөнүмө.
- Эки баласы менен аялын таштап... Дагы партияга отот имиш.

Бул сөз бюро мүчөлөрүнүн кимиси тарабынан айтылганын өз ою менен болуп калган Ашымов байкабай калды. Бирок анын салмагын сезди. «Чын эле ушундай кишини, жашы отузга жетпей жатып, эки баланы жетим калтырууга үлгүргөн кишини партиянын катарына алууга болобу?»

- Дагы суроо барбы? – деп а дегенде оң жагындагыларга, анан сол жагындагыларга тиктеген Ашымовго анын оюндагысын окушкандай баары:

- Жок, - дешти.

- Анда сунушум бар, - деди биринчи болуп, райондук аткаруу комитетинин председатели. – Менимче, Байматовду партиянын катарына алууга болбойт. Моралдык жагы шектүү экен. Окууну бүткончо гана эптеп жашап, бүткондон кийин таштап жүрө берген турбайбы. Беш жыл боюу аялы багыптыр муну. Бүтүп алгандан кийин жанагыдай жок нерседен шылтоо таап, жолго салган турбайбы. Мен, маселен, ушундай деген жыйынтыкка келип отурам. Ошондуктан мунун партияга өтүшүнө каршымын.

- Менин пикирим да ушундай, - деди экинчи секретарь, баятан бери бир нерселерди күрөң папканын ичинен алган актай баракка чиймелеп жатканын токтото калып.

Ашымов жыйынтык сөзүн айтуунун ордуна дагы суроо берди:

- Балдар тууралу ойлодуңбу?

Байматов селт этип башын көтөрдү.

Секретардын көздөрүнөн бир деме издегендей секундга тигиле тиктеген жигит анан акырын күңк этти.

- Ойлогондо эмне кылмак элем? Тиешелүү акчасын төлөп атам.

- Акча эмес, а дегенде балдарга ата-эне керек, түшүнөсүңбү ушуну? – секретардын үнү бийик чыкты.

Байматов кайрадан бутунун башын тиктеп калды.

- Партияга өткөрүүнү сурап арыз берүүдөн мурун жаман-жакшы жактарыңы таразага салып өлчөп көрүшүң керек эле. Кыскасы, татыктуу эмес экенсиң азырынча анын катарына өтүүгө. Бара бер, - деди Ашымов башка мүчөлөрдүн пикирин жана эле уккандыктан, экинчи аларга кайрылбастан.

Залга киргендин ар бирине бюро мүчөлөрү таңыркагандай жабыла жалт карап алып жатышты. Бул көз караш менен партияга өтүүчүнүн өңү-түсүн гана эмес, ойдогусун, башкача айтканда, улуу партиянын катарына кандай максат менен кире турганын да билүүгө аракеттенгендей алар сырдуу да, сүрдүү да эле. Киргендерди а дегенде буйдалтып, жалтанткан да ушул көрүнүш.

Эми жанагы кара костюм, ичинен ак кофта кийген аялдын ачкан эшигинен сымбаттуу кыз көрүндү. Мезгил күзгө таянып калгандыктанбы, ал кара жүн көйнөк кийиптир. Анысынын кыйма жакасынан көкүрөк жагын көздөй беш агыш сызык жатат. Анысы ак жумуру моюнга түстөшүп, алиги тоо чукуларын аймалап тур-

ган күндүн нурларын элестетип жиберди, эмнегедир аны кадала тиктеп калган Ашымовдун көзүнө. Башкалар адатынча бир жалт карап алып: «А сенсиңби?» – дегендей кайра эле баштарын бурушуп, алдыларындагы кагазга үңүлүп калышты. Ал эми Ашымовдун көздөрү кызга кадалды да калды... Жазы мандайы бирде жазыла калып, бирде тырышка толуп турду.

Алиги кыз бюро мүчөлөрү отурган узун столдун орто ченине келип, так Ашымовдун мандайына токтоду. Сол колунда кара сумка. Билегинде кичинекей саат. Биринчи секретарь терезеден түптүз тийип турган күнгө байкабастан карап алгансып, анан көздөрүн чылк жума саамга тунжурай түшүп, кайра ачты. Анан тигинден далдалангансып, алаканын көз үстүнө калканч кыла астындагы кагаздарга карап, тымтырс отуруп калды.

Жанагы кыздын алдында оң колуна эки делону (демек ал секретарь болуп иштеген баштапкы уюмдан бүгүн партияга өтчү эки киши экен) кармаган бойдон кирген толмоч, элүүлөр чамасындагы киши үстүнкү күрөң түстүү делону ачып, мурдагыларды туурагандай окуй баштады.

«Жолдош бюро мүчөлөрү, № 2 автобазанын алдындагы баштапкы партиялык уюмуна автобазанын диспетчери Дурусбекова Жумагүлдөн партиянын кандидаттыгына кабыл алууну өтүнгөн арыз түштү. Ага рекомедация бергендер – деп андан ары алардын партиялык стажын, Дурусбекованы качантан бери билишерин айтып, анан жалпы чогулуштун бир добуштан кабыл алгандыгын, билдирди да, делону жаап, биринчи секретарга сунду. Ашымов делого колун сунуп жатып да, алиги кыздан көзүн албады. «Качан, кайдан көрдүм эле?...»

Боолголоп жатты. Көөдөнүн алда кандай жагымдуу нерсе аралай чаап жөнөдү. Көптөн бери кийилбей калган эски кийимди ийнине сала койгондо мурунга урган эчаккы атыр жытындай бул сезими жүрөккө ушунчалык жакын, нары жагымдуу эле, Ашымовдун жан дүйнөсүн козголтуп жиберди... Кыздын бутунан тартып, башына чейин сыдыра тиктей берди... Көздөру да, каштары да, бети тамылжып уялыңкы жер караганы да, болор-болбос ууртунан күлүмсүрогонү да, мурду, оозу, а түгүл боюнда тааныш. Болгону үстүндөгү койногу, бутундагы бийик такалуу кара туфлиси, күрөң байпагы башка. Чач түргөнү башкача. Болбосо, бул кызды тааныйт.

«Ким эле? Кайдан көрдүм эле?»...

Ашымов чарчаңкы, бирок акылга, мээримге толо көздөрүн дагы жумуп, кайра ачты. Дагы эле ошол кыз... Ошол кебете-кешпир... Тааныйсыңбы? Мени дегендей эми кыз аны тиктеп турду. Анын көз карашынан жалтангандай секретарь алдында жаткан кагаздарды ары-бери оодарыштырып, анан өйдө карабастан:

- Өмүр баяныңы айтчы, кызым, - деди. Акыркы сөз кантип тил учуна келет түшкөнүн Ашымов байкабай калды. «Уулум», «кы-

зым»- деп отургандай бюро үйү эмес да. Ар убак баштапкы уюмдун секретары өзүнө сунган делону ачып, андагы кишинин атын, фамилиясын дагы бир жолу тактап алган соң, аты-жөнүнөн айтып гана кайрылчу. Ошондуктан бюронун башка мүчөлөрүнө Ашымовдун оозунан чыккан «кызым» деген сөз өөн учурады окшойт, ага жалт карашты. Бирок тиги көңүл болгон жок. «Туура»- дегенсип, кебелбеди. «Мен, Дурусбекова Жумагүл, бир миң тогуз жүз кырк бешинчи жылдын төртүнчү мартында ушул районго караштуу Кашка-Суу кыштагында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулганмын»...

... Кыздын оозунан чыккан фамилия да, район да, кыштак да Ашымовго тааныш. Жана укканда «Окшош фамилия азбы» – деп анчейин этибарга албаган эле. Кыздын өңү-түсүн бирөөлөрго окшоштуруп, баятан бери кимге экенин эстей албай чалды-куйду ойго чырмалган Ашымовдун тынчсызданууусу ого бетер күч алды. Эртеден берки таттуу сезим мына ушул минуталарда бузулгансыды...

Ашымов эки колу менен чеке терисин түрүлтө кармаган бойдон кызга дагы телмире тиктеп отуруп калды.

Кыз өмүр баянын айтып бүттү. Эмненин өмүр баяны анда. Жети жашында мектепке кириптир. Он сегизинде аны бүтүрүптүр. Турмуш жагдайы андан ары окуусун улануутга мүмкүндүк бербептир.

Ашымов эми оң колунун көк тамырлары көрүнгөн муштумуна жаагын таянган калыбында карап отурду. «Добушу да тааныш. Муну укканмын. Бирок качан? Каерден? Кимден?...

Өмүр баянын айтып бүткөн кыз баягыдан өзүн токтотуп алды көрүнөт, сол тизесин аз бүккөн калыбында оң кашына келип сеңселе берген бир тал самаайын ак көпшөк манжалары менен кулак артына кайрып сылап койду да, бериде отургандарга эркин коз чаптырды. Ансыз деле наардуу бетинде кызыл ойноп турду.

Дагы Ашымов сөз башташ керек эле. Ал болсо, жаагын таянган бойдон үн-сөзсүз. Анын ич туйгусун сезгендей, экинчи секретарь суроо берди.

- Партиянын биринчи уставы, программасы качан кабыл алынган эле?

- 1903-жылы РСДПРнын экинчи съездинде.

- Кандай газет, журналдарга жазылгансың?

- «Ленинчил жаш», «Комсомольская правда» жана «Кыргызстан аялдары», «Ден соолук» журналдарын алам.

Үчүнчү суроону райаткомдун председатели берди.

- Үй-бүлөң тууралу айтпадың го?

- Атам жок, согушта курман болуптур, мен көргөн эмесмин аны. – Жумагүл башын томон салды. Кыздын өңү эмнегедир кубара түштү. Жашыгансып кетти. Муну байкаган председатель тигинин көңүлүн которо сөз кошту.

- Андай ата менен сыймыктанууга тийишсиң. Биз да сыймыктанабыз алар менен. Демек, азыр апаң экөөнөр жашайт турбайсыңарбы? – деди ал дагы ушул ичине сыр каткандай ойлуу кыздын тагдырына кызыкканын жашырбай.

- Жок, өзүм эле... Апам да мени төрөгөндө каза болгон экен. Он бир жашка чейин таенем баккан. А киши өлгөндөн кийин балдар үйүндө тарбияланганмын.

Алиги оң жак жаак терисин муштуму менен улам ойдо карай түрүп бараткан Ашымов эми гана эсин жыйгандай акырын үшкүрүнө, так өзүнүн тушунда турган графинге кол узатты. Подноско көмкөрүлгөн жука стаканды алды да, ага суу куюп ичип жибергенден кийин ак бет аарчысы менен оозун сүртүп жатып, оң жагында отурган экинчи секретарына шыбырады: «Сиз уланта бериңиз». Анан чыгып кетти. Коридордун ары жагындагы кабинетке кирди. Кабыл алуу бөлмөсүндө бир нерсени машинкага басып жаткан толмоч татынакай кызга: «Менин үстүмө эч кимди киргизбе, телефонго да кошпогунуң», - деди. Секретардын өңүн көрүп, кыз чочуп кетти. Жүзү купкуу эле Ашымовдун. «Ооруп турасызбы?» – деген суроосу кыздын тил учунда калып кетти. Ашымов кара дермантин капталган бийик каалганы ошол замат бекем жаап алган эле.

Креслосуна отургандан кийин бир ак, бир кара телефон турчу чакан столдун четиндеги графинден дагы суу ичти. Эми стаканды толтуруп ичти. Чалкалай олтурду. Мындагылардын бардыгы ушул имараттын бүтүшү менен кошо алынган буюмдар: береги сол жактагы дубалга жакын эки жагына күроң кайыш капталган жөлөнгүчтөрү бийик он беш чакты орундук коюлган стол, кабинеттин оң канатына коюлган китеп шкафы, а түгүл тактанын үстүндөгү бүт бөлмөнү ээлеп жаткан өндөш эки палас дагы жаңы. Ушул буюмдардын баары, төрт дубалы жашыл менен боёлгон, шыбы аппак кабинеттеги тазалык, жым-жырттык да босогодон аттаары менен анын көөдөнүнө кандайдыр бир жагымдуу сезим тартуулаар эле. Көңүлүн көтөрүп, сергитчү демейде. Демилгесин, жоопкерчилигин арттырып, албан-албан иштерди аткарууга чакыргансып турчу. Азыр болсо, алардын баары жупуну тартып кетти...

Көчө тараптагы үч чоң терезенин ар бириндеги экиден бөлүнүп чубалжыгын агыш жибек пардалар да азыр бөлмого демейде агылып кирип турчу жарыкты, желди тосконсуп, кабинет караңгы тартып, абасы да жетишпей бараткансыды. Ашымов ансыз деле ичке мойнуна куушпай турган ак көйнөк жакасын сөөмөйүн сала төмөн басып койду. Тамагы кысылып турду. Чөнтөгүнөн сигарет алып чыкты. Анын түтүнүн калың эриндерин чормойто берип жогору үйлөгөндөн кийин бөлмө ичи ого бетер суз, ого бетер күңүрт тарткансыды. Шадылуу арык колдорун креслонун жан жыгачтарына бош таштап, алды майда тырыштар менен тордолгон көздөрүн жума, башын жөлөнгүчкө бекем такай отуруп калды. Бул кебете-

синде ал ой түбүнө сүңгүгөн окумуштууга, же жазуучуга окшоп турду. Сигаретинин боз күлү узарып отуруп, өзү түштү. Бир жолу соро тарткан бойдон ага ооз тийгизген жок. Сөөмөй менен ортонго кыстара кармалган ал акыры өчүп калды. Жанагы кыз коз алдында...

... 1943-жыл эле. Ашымовго госпиталдагы комиссия үч айга үйүнө отпуска берет. Ал убакыт бүткондон кийин райвоенкоматтын алдындагы комиссия аны дагы бир жылга калтырат. Буга райком кийлигишет. Анткени Ашымов согушка кеткенге чейин комсомолдун райондук комитетинин экинчи секретары эле. Ал отпускага келерден мурдараак биринчи секретары согушка кетет. Ошонун ордуна киши таппай жатышканда тигинин келип калышы партиянын райондук комитетин кубандырган. Советтик Армия чабуулга откондон кийин райондогу комиссия да согушка бир жолу барып келгендерге мурдагыдан жумшагыраак мамиле кылып калган эле.

Ошентип, Ашымов райондун белдүү активдеринин бири катарында атка минет да, колхоздон-колхозго, айылдан-айылга чапкылай баштайт. Госпиталдан кармай келген балдактарын ал үч айга жетпей таштаган.

Эстүү-акылдуу жигит аз эле убакыттын ичинде элге таанылып, оозго алынып кеткен.

Кенжеканга ал күтпөгөн жерден жолугат. Райондун борборунан он чакырымча жердеги колхозго комсомолдук чогулуш откөргөнү барганда корот. Андагы жети жылдык мектепте ВЛКСМдин эки гана мүчөсү болгондуктан колхоздогу уюмга карашчу. Кенжекан ошол уюмдун секретары экен. Колхоздо, мектепте иштеген жаштардан ал орунга андан ылайыктуусу табылган эмес. Педагогикалык окуу жайын бүтүп жатканда согуш башталып, Кенжекан ушул мектепке туш болгон. Өзүнүн айылы башка сельсоветте.

Ашымов катышкан чогулушту, ошентип Кенжекан башкарат. Чогулуштан кийин ага катышкан колхоздун председатели конокко чакырат. Кыз каңырылып: «Ырахмат, менин ишим бар эле, эртеңки сабакка» – деп созүнүн аягына чыга электе председателден мурда озунуп, Ашымов сылык гана сүроп койду: «Сабыр аке көп кармабайт го. Мен да районго кайтмакмын. Эртең саат ондо бюробуз бар».

- Тамак даяр болуш керек, айтып келгем үйгө. Жүро бер, Кенжекан, көп отурбайсыңар, - деди председатель.

Кенжекан тиги экоонүн ортосунда баш котөрбөй уялыңкы басты.

Ашымов а кезде иччү эмес. Муну председатель билчү. Мурда да аныкында бир курдай болгон. Райкомдун бюро мүчөсү Ашымовдун жаш экендигине карабастан, кайда барбасын, чарба жетекчилери оздөрү тосуп алып, оздорү узатып жүрүшөт. Анын үстүнө

оор басырык, кеби-сөзү орундуу бул жигитти алар ичтеринен жактырышчу.

Сабыр озүнө арак куйду да, берки экөөнө вино сунду. «Жок, агай, мен ичпейм» — деп Кенжекан тиги унчукпай эле анын алдына коё койгон стаканды бериге жылдырды.

- Такыр ичкен эмессизби? — деди Ашымов жагымдуу жылмайып.

- Такыр ичкен эмесмин.

- Бутүрүү кечесинде да ичкен эмессизби?

- Жок, - деди Кенжекан катарында отурган Ашымовду жалт карап.

- Биз деле ичпей коёлу, Сабыр аке.

Ашымов муну чындап айтып жатты. Кыздын козүнчо ичүү адептүүлүк эмес да. Анын үстүнө биринчи жолугушуп жатпайбы. Райондогу жаштардын жетекчиси деген аты да бар. Муну да унуткан жок секретарь. Жана эле алтымышка жакын кыз-уландар катышкан чогулушта жалаң гана алардын колхоз өндүрүшүнө катышуусу тууралу сөз кылбастан, жаштардын жүрүш-турушуна тиешелүү акыл-насыят айтканы да эсинде.

Анын баарын азыр булардан уялгандай, ийменгендей дасторкон четин сөомөйү менен акырын-акырын сайгылап, башын көтөрбөй отурган Кенжекан да укkан. Ушуну түшүнгөн, нары ичкиликтин үстүнө түшө калганды билбеген Ашымов чындап эле баш тартып жатты.

- Мейли, Кенжекан ичпесе-ичпесин, кыз эмеспи, экөөбүз аз болсо да ичели. Ансыз женеңи таарынтып коебуз. Бизди келет деп эртеден бери күймонүп, баарын минтип камдап отурса, ооз тийбесек, экинчи жолу коноктобой коёт. Женеңердин сырын айтып коёюн. Кана, эсенчиликке, - деп, Сабыр озүнүн стаканын Ашымовдун бери жылдыра берген стаканына кагыштырып токтотуп калды.

Ашымов тиги кишини кыя алган жок. Ооз тийип, кайра койду. Көп отпөй Сабырдын узун бойлуу, бети түйшүктөн албырган кой коз аялы кирди. Ал эринин жанына тизелерин жупташтыра, көйнөк этегин шыйрагына жеткире тартып отураары менен, үйдүн ичи жандана түштү.

- Куп болбодубу келгениң, Кенжекан синдиң мындай немени алиге чейин оозуна албаптыр. Дурусбек кайниң да ичпейм дейм. Эми быягын озүң билчи, - деп Сабыр оор тулкусун артка жылдырып, чарадагы этти устукандоого кириштн. Бурул кыйын экен, берки экөөн ичирди. Өпкө-боорун чапкылап отуруп, Кенжеканга да отуруштун аягына чейин жарым стаканды ичирип койду.

Ашымов бир маалда Кенжеканга жагып калганын байкады. Кыз купулуна толуп отурганын сезген сайын, ал дагы орундуу, дагы орундуу, дагы салмактуу, дагы маанилүү сүйлөөгө тырышып жатты.

Кечки саат тогуздарга тарашты. Мезгил кеч күз болгондуктан, түн эбак оз өкүмүн жүргүзүп калган булар сыртка чыкканда. А дегенде Сабырга, анан Бурулга кол сунган Ашымов мындай деди:

- Сабыр аке, сиз эми убара болбой кала бериниз. Кенжекан-ды, колхоздун секретарын аман-эсен үйүно жеткирүү милдетин мен мойнума алайын. Ат сарай ошерге жакын эмеспи. Андан ары озүм аттанып кете берем.

Дурусбек менен Кенжекан жанаша басып кетишти.

Коштошууга Дурусбек эшик алдында кол сунду эле, кыз шашкандай колун узата салды. Тиги бир топко кармап, кадала тиктеп туруп калды. Кенжекандын алаканы нымшып чыкты.

- Таанышып алдык, көрүшкөндө саламдашып туралы?

- Макул...

«Ушинтип жооп бериш керек беле, же башкачараакпы» — деген кыязда кыз жер тиктеди.

- Мен эгер сиз ойлогондон көбүроок корүнүп, көбүроок салам берсем, капа болбойсузбу?

- Жок...

«Бул жообумчу» деп Кенжекан ичинен, тигинин эмне үчүн а деген жерден ушул суроолорду берип жатканына бир жагынан таңыркаса, экинчи жагынан жүрогү ысыды.

- Эч кимди таарынтпайымбы ары-бери каттаганда мектебинизге, же үйүңүздү корүп алдым, биерге тийип салам берип отсом?

- Кимди таарынтмак элениз?

- Анда көрүшкөнчө кошуңуз. Жакшы түш көрүп жатыңыз. Кийинки жолугушканда айтып бересиз, макулбу?

- Макул...

Эми биротоло тердеп чыккан колун бир азга коё бербей турса экен деп тилеген Кенжекан ошентип, Дурусбектин жанагы суроолоруна туура же натуура жооп бергенин сезбей калган. Бирок ал жоопторду ошол күнү, андан бир нече саат мурда пайда болгон купуя сезим айттырып жатканын кийинчерээк билди.

Андан бир ай отпостон Дурусбек мектепке келди. Башка колхоздон келатыптыр. Кенжекан иштеген мектеп жол боюнда эле. Бу сапар мындагы комсомол жана пионер уюмдарынын иши менен таанышуу үчүн кайрылыптыр. Кенжекан менен ангемелешти. Аны колхоздун конторуна чейин, анан озү менен бирге алып кетти. Ал башкарган уюмдун ишине тиешелүү кагаздарын баары ошол жерде эмеспи. Демек шылтоо жүйолүү. Эч кимдин шек саноого акысы жок. Бүгүн ал Кенжекандын жүзүнөн, кыймылынан, созүнөн мурункудай кысылгандыкты, ийменгендикти байкаган жок. Тескерисинче, ал мунун тамашасына тамаша менен жооп берип жатты. Бу жолу да Дурусбек аны үйүнө узатып койду. Кенжекан мектепке жакын жердеги бироонүкүндө озүнчө болмодо жашачу. «Баягыда үйгө кириниз дегенден уялдым. Эми жакшы таанышып калдык, кирип даам татып чыгыңыз. Эшикке келип,

үйго кирбесеңиз, салтты бузгандык болот» – деп Кенжекан тигини чыканактан ала өзү жетелеп кирди бөлмөсүно. Ошондон тартып, Ашымов бу колхозго, айрыкча мектепке көп келчү болду. Келген сайын Кенжекан жашаган узун тамдын четки бөлмөсүно кирбей кетчү эмес.

Алардын таанышканына беш ай толбой, жогор жактан келген жаңы көрсөтмо боюнча Дурусбекке окшогон жеңил жарадарларды кайрадан комиссиядан өткөрүштү. Дурусбек ошентип, экинчи жолу 1944-жылы согушка кетет. Биринчи катында мындай дептир: «Кенжеш, мен кайрадан жоокерлердин сабындамын. Польшанын жерине келдик. Кайрадан минометтук взводду беришти, офицер эмесминби. Буйрук экен, күтпөгөн жерден таанышпык эле, күтпогон жерден кайра ажыраштык. Бүгүн минтип кат жазып отурам, балким эртең... Жок, андайды оюма да алгым келбейт. Сени менен кайра жолугушууга тийишмин. Ошол күнү той өткоробүз. Ага чейин сагынбай коё тур, Кенжешим... Келечектен тезирээк көрүшүүнү тилеп, Дурусбегиң».

Ушул катты алганда Кенжекан эки күн мектепке барбай ыйлады. Ооруга шылтоолоп, үйүнон чыкпай жатып алды. Дурусбек кеткенде да үч күн ыйлаган. Үйдүн кемпири араң сооротқон. «Жалгыз сен эмессиң; кызым, эркегинен ажырап аткан, сабыр кыл. Аман болсо келип калар, уруш бүтөт имиш го жакында».

Түркөй кемпир тигини Кенжеканга биротоло эр санап калган. Анткени жайдары жана ынамдуу Дурусбекти алар мында келген сайын көрүшчү. Кенжекандын коштоосу менен бул үйдүн босогосун аттар замат ал а дегенде карыларга салам айтып, анан кыздын бөлмосүно кирер эле. Ал болочок күйөө экенин Кенжекан а дегенде кемпирге билдирет, ал болсо чалына.

Ошол бойдон кат-кабарсыз кеткен Дурусбек 1946-жылы ага Ыраакы чыгыштан демобилизацияланып келет...

... «Андан бери мына, жыйырма бир жыл отүптүр» – деди Ашымов, эсин эми гана жыйгандай креслосуна түз отура калып.

* * *

Кенжекан боюна бүткөнүно толук көзү жеткенден кийин, апасын, жалгыздыгын, оорукчандыгын шылтоо кылып, окуу жылы бүтөрү менен райондон оз айлындагы мектепке буйрук алат.

Жесир апасына ал болгон окуяны жаап-жашырбай, токпойчачпай айтып берет. Апасы а дегенде кубанып, «Согушка кайра кетип калды» – дегенде: «Бактысыз кызым, ай, жаштыгың ошол да, болбосо мени чакырбайсыңбы, никеңерди кыйдырып коёт элем. Эми келсе го дурус аман-эсен. Кокус келбей калсачы? Анда кантесиң? Ким ишенет, эрге тийген элем десең?» – деп ыйлаган. Ага кошулуп кызы да бар күнөөсүн ошондо сезгендей, көпко шолоктоп басылган. Анан Кенжекандын эсине Дурусбектин алыстан жазган каты түшот. Ошону менен энесин, озүн сооротуп

«Мына, каты анын. Буга да ишенбейби эл? Ишенет. Мен болсо ага озумо ишенгендей ишенем. Жер каратып кетүүчүлөрдөн эмес да. Аты Дурусбек, апа. Аты жакшы бекен? — деп анан ийинден ала жаркылдаган.

- Жакшы экен аты, жакшы экен, кызым. Эми бактыңа келип калса болгону. Ата-энеси бар бекен?

- Бар. Ага-туугандарым да бар деген.

- Жакшы экен анда, кызым. Өнүп-оскөн жер турбайбы.

Сенин жалгыздыгыңа жараша күйөөң канат-бутактуу болсо экен деп тилечүмүн. Кудай тилегими берген экен. Кеткен жагынан аман келсин ылайым, эми экоолоп ошону тилейли жараткандан, - деп күйоо баласына жалынып-жалбырап алган.

Кенжекандардын айылы борбордон алыс турчу. Анын толгоосу күтпөгөн жерден башталат. Торт колхозу бар сельсоветте жалгыз фельдшер иштоочу. Ал ары чуркап, бери чуркап, колхоздон бир унаа тапкыча күн батып, түн кирет. Түштө толгоосу башталган Кенжекан ошентип, таңга жуук көз жарат. Бала жерге түшкондон кийин эки саат өтпой, кан коп кеткендиктен, озу жан берет.

Ошентип, Жумагүл атасын да, апасын да көргон эмес. Алардын аттарын гана таенесинен угуп жаттап калган эле. «Атаң согушка кетип, келбей калды. Энең сени төрөгондө көз жумган» — деген ал небереси жети жашка толуп, мектепке барар жылы. Кайгырганды да билбесе керек ал курагында бала. Же ата менен эненин мээримине чулганбай өскөн перзент ошентип калабы. Кыз болпоюп бир чекитке тиктеген бойдон саамга отурат да, кайра эле ойноп кетет.

Ал үчүнчү класста окуп жүргон кезде таенеси да каза болот. Ошентип, кыздын калган омүрү он биринчи класска чейин балдар үйүндө өткон. Андан ары окууга барбастан, шартка жараша оз районуна келип, автобазага ишке орношкон эле.

Эки жылдан ашып баратат Жумагүлдүн мында иштегенине. Бирок ушу районду башкарып жаткан киши атасы экени анын түшүнө да кирген эмес.

Кенжекандын өлгөнүн Дурусбек келгенден кийин билет. Андан кыз калганын да билет. Бирок аны издеп табууга, али жүз көрүшө элек кайын энесине көз көрсөтүп, кызын алып кетпесе да «Атасы менмин, жардам берип турамын» - дегендей адамгерчилик талап кылчу сөздү айтууга жараган эмес. Ата-энесине, ага-туугандарына да билдирген эмес.

Мына ошону эстеп азыр дал ортосунан, мандайынан муздак тер чыгып, өзүн-өзү күнөөлөп отурду. Кылмышы көптөн кийин мойнуна коюлган кишидей кыжаалат тартып отурду. Отуз бир жылдан бери элден, мамлекеттен көргон сый-урматы, азыркы кызматы да ал кылмышынын алдында өз маанисин жоготуп, башы айланып, көздөрү тунарып, шылкыя берди... Ушул убакка чейин, ар убак дилин тазартып, көнүлүн көтөрүп, золобосун бийик-

тентип жүрчү озү жөнүндөгу ишеним суугa тийген кесектей бир жагынан урай баштагансыды.

Дурусбек согуштан кайткандан кийин бир гана жыл райкомдо болүм башчысы болуп иштеген. Анан Фрунзеге эки жылдын партиялык мектепке барат. Аны бүткон соң райкомдун үчүнчү секретары, кийинчерээк ошол жерде райисполкомго председатель болуп иштейт. Ал кызматка котөрүлгөнүнө төрт жылга жетпей районго райкомдун биринчи секретары болуп барат. Эки район кошулуп, ирилешкенде аны ушул озүнүн районуна жиберишкен. Ошентип, жалаң гана секретарлык кызматына он беш жылга жакындап калды. Анын ортосунда Москвадагы жогорку партиялык мектепти бүтүп алган. Кайсы районго барса да, иши оңунан чыгып, макталгандардын, сыйлагандардын тизмесинен түшпөй жүрот.

Ушулардын баарын ото тездик менен көңүл чотунан откорүп, тулку бою менен сезип отурган азыркы Ашымовду уят эки ийининен, тобосунөн төмөн ныгыра басканга, көөдөнү ого бетер алоолонду. Креслодон бери жүткүно берип графинден дагы суу куюп ичти. Тезирээк күноосүн мойнуна алып, ушул кыжаалат ойдон кутулгусу келди. «И, сиз менин атам турбайсызбы?... Эмне үчүн жашынып жүрдүнүз?»...

Жанагы кыз, Дурусбекова деп озүнүн атын фамилия кылып алып жүргөн кыз, эми ушул суроо менен озүно тике карап туруп алды...

Ашымов кайра залга келди. Он мүнөтчө жоголуп кеткен секретардын өзгөргөн өңүнө кудай жалгап бюро мүчөлөрүнүн эчи кимиси караган жок.

- Жанагы Дурусбекова деген кыз эмне болду? – деди озүн токтотуп алган соң Ашымов экинчи секретарына акырын шыбырап.

- Өттү, - деди берки да пас добуш менен.

Бюронун бүгүнкү күн тартибиндеги он бир маселе кечки саат жетиде барып араң бүттү. Ашымов жанагыдан кийин да эки-үч жолу кабинетине барып суу ичип келди. Алдында турган графинден кайра-кайра ичкенден уялды. Үч-төрт жылдан бери Ашымов катуу ачууланса, бир нерсеге капаланса, жүрогү кысылчу дартка чалдыккан. Бүгүн да ошонусу кармады. Үйүнө барып, дарысын ичип, жатып алды. Аялы Салый бул жолу да күйполоктоп, алды-үстүнө түштү. Тиги түнү менен уктаган жок. Кечээ партияга кабыл алынган тааныш кыздын элеси көз алдына келе берди, келе берди... Жүрогүн мыкчыган ойдон тезирээк кутулуунун жолун изделп, түн бою алдастап чыкты.

Секретарь эртеси кабинетинде көпкө буйдалган жок. Аяк-быякка телефон чалып сүйлөштү да, анан машинасына отуруп түз эле автобазага барды. Көптөн бери анда боло элек. Базанын начальниги озүндо экен. Аны ээрчитип алып, ремонт цехтерине кириштн. Рейске чыкпай туран машиналарды кыдырып көрүштү.

Короонун ортосунда туруп, анан ал базанын кемкаржысы, адамдары тууралу сурамжылады начальниктен. Ушундан кийин гана мында келген негизги жумушун тышка чыгарды.

- Кечээ партияга бир кызды кабыл алдык силердин базанарда, билесиңби?
- Дурусбекованы айтасызбы?
- Ооба.
- Билбегендечи, диспетчер, былтыртан бери комсорг. Базада үч киши болсо, ошолордун бири да ал. Эң активдүү кыз.
- Кайда жашайт?
- Квартирада. Бир орус кемпирдин үйүндо.
- Азыр бу жердеби?
- Ушуерде.
- Кана, жүрчү королү, партияга откондон кийин кандай болуп калды экен кызынар, - деди Ашымов кечээтен берки суз оңүно бир аз жылмаюу жиберип.

Кезектеги шоферго путевка жазып жаткан экен Жумагүл булар киргенде.

- Кандай, кызым, («кызым» деген соз кечээтен бери дилинде нечен жолу кайталагандыктанбы, тил учунда эле) партияга өткондон кийинки маанайың?
- Жакшы, агай, - деп Жумагүл ордунан тура келди.
- Атайын сени кутуктайын деп келдим, кызым. Кечээ мен бир жумуш менен кабинетиме кирип, кайра чыкканча кетип калган экенсиң.

Кыз уялыңкы жер тиктеди.

- Ишиң жагабы озүңө?
- Жагат.
- Окууну кантесиң?

Бул суроону кызга кечээ да беришкен. Бирок Ашымов аны укkан эмес да.

- Келерки жылы кетсемби деп турам.
- Кайсы институтка?
- Политехникалык институтка.
- Сөзсүз барыш керек. Жардам кылабыз.

Ашымов кыздан көзүн албай сүйлошүп жатты. Кечээгилерин кайра тактап алгысы келди. Баарысы: уялыңы күлгөнү, жылмайганда корүнгөн тептегиз аппак тиштери, ак жуумал оңү, добушуна чейин Кенжеканга окшош экен. «Так озү...» Ашымовдун чыныгы аталык мээрими ашып-ташып чыкты. Өзүнө ийменип, бирде бери карап, бирде жерди тиктеп суроосуна жооп берип жаткан келбеттүү кыздын колунан чап кармай: «Сен менин кызымсың, жүр эми, кеттик үйгө» — деп ээрчитип жүрө бергиси келип, өзүн араң токтотту, акырын гана коштошуп, артына жонодү.

Кечке жуук үйүнө келатканда мындай чечимге келди.

«Жетишет муну жарыя кылуу керек. Эл билсин. Ушул убакка чейин аны издебегеним үчүн алар мени сөзсүз ачык да, купуя да жемелешет, айыпташат, күнөөлөшөт. Алар туура кылышат. Мен ошондой адилеттүү жемеге татырлык жаңылыштык кетиргеними азыр түшүнүп олтурам. Жумагүл менин кызым. Демек, бүгүндөн баштап менин эки кыз, бир уулум эмес, үч кыз бир уулум бар. Бул тууралу а дегенде үй-бүлөм билүүгө тийиш. Баарынан мурда жарым Салый билүүгө тийиш».

Аны менен Фрунзедеги эки жылдык партиялык мектепте окуп жүргөндө кезинде баш кошкон. Экөөнүн тун кызы Москвадагы бир институтка кирди быйыл. Салый орто мектепте мугалим. Ашымовдун түшүнүгү боюнча ал мугалим гана эмес, ымандуу жар, мээримдүү эне да. Ошого баарын айтат, өзүнө күнөөнү алып отуруп айтат. Ал туура түшүнот. А дегенде чоочуйт, демек өзү ойлоп жүргондой ал Ашымовдун биринчи аялы эмес, экинчи аялы экенин билгенде, сөзсүз чочуйт, огөйлөйт. Ыйлап алышы да мүмкүн, анан барып жоошуйт. Анан көздөрүн ааарчып алып, өңү кубара анын чечимин күтүп отурган күйоосүнө карап: «Кызда күнөө жок. Сен күнөөлүсүң. Апасы күнөөлү. Бирок экөөң үчүн кыз жазаланууга тийиш эмес», - дейт. «Ананчы? Анан билбейм...»

Аялы менен бүгүнкү беттешүүнү жогоркудай элестеткен Ашымов каш карайганда келип, машинадан түштү да, терезелеринен тышка жарык мол төгүлүп турган үйүнүн босогосунан чечкиндүү аттады...

АВАЗ

Гапаров Мурзага
арнаймын

1

Жайлоо дегендин тегизинен кокту-колоту, жылга-жыбыты коп эмеспи. Алардын баарында эл. Мал баккан эл.

Биздин колхоздун малчылары ээлеген конуштар тегизде. Анткени, учурда бу колхозго бириккендердин көпчүлүгү ата-бабаларынан бери ушул конуштарды ээлеп келишкен экен. Бул айылдын дагы бир артыкчылыгы — Ак-Башат деген булак да ушул аймакта. Койчулары бир болок, жылкычылары озунчо, уй баккандары да алардан обочороок үй тигишкен топ-топ айылдын ойдороок жагындагы бетегелүү капталда ал булак. Эл мында көчүп келээри менен ошол булактын көзүнө барышып, торпок союшуп, ар жылы түлоо-кудайы өткорүшөт. Анан ары капталдагы калың арчанын жашыл үрпөң бутактарынан кесип келишип, анын үстүн жабышат. Мал тепсеп, булганбасын үчүн ошентишет. Тегерете чети таш менен короолонуп, үстү жаңыланып жабылган анын суу алуу үчүн калтырган бир четиндеги ачык жери ботонун козүндой болуп ого бетер тунук, ого бетер муздак.

Мына ушул булакка бул жайлоонун биерге жакын жердеги коюн-колтугуна жайланышкан башка айылдардын да кыз-келиндери сууга келише турган. Эмнегедир, алар жасанып келишчү. Жакындашсаң тулку бойлорунан упанын, атырдын же бетмайдын жыты каңылжаарыңы каптап, мас кылар эле.

Ар бир айылдын өзүнүн жаштары бар: кыздары, келиндери, жигиттери. Биздин жанагинтип торт түлүк малга жараша топтоп болуп ар-ар жерге конушкан он беш чакты түтүн айылдын да андай жаштары, албетте, бир. Бирок, мындагы бой жеткен кыздар деле, балдар деле эмне үчүндүр, башка айылдын козго көрүнүп калган өздөрүндөй жаштарына коз арткандарын байкачубуз. Көбүнчө жигиттер коңшу айылдардын кыздарын, келиндерин жолдон-белден токтотушуп, сөзгө алгандарын көрөр элек. Кээлери аларды буйдалтып сөзгө келтириш үчүн башка шылтоо табыша албайбы, челектериндеги сууларын төгүшүп же ага тезек салып коюшуп, тамашадан бейбаштыкка чейин барышканына да күбөбүз. Бирок, тигилер андай тийишкенде жактырышабы, урушуп кеткендин ордуна шыңкылдап күлүшүп, жигиттер менен жылмандашып, сүйлошо кетишчү.

Биздин балалык көрөгоч көздөрдөн, уганак кулактардан эч нерсе жаздым калчу эмес да. Бирибиз жаздым кетирсек экинчибиз бар. Көргөндү, укканды ошол замат ортого салабыз. Биздин бул артыкчылыкты алиги «жигит», «бийкеч» атангандар өздөрү

артка калтырып кетишкен балалыктарынан улам билишет корүнбойбу, жакшылап пайдаланышчу. Башкача айтканда, керегине жаратышчу. Күнбү, түнбү ага карабастан бизди жумшашат. Кат ташыйбыз. Сөз ташыйбыз. Жигиттен – кызга. Кыздан – жигитке. Ошентип, бизди эки жак тең пайдаланат. Жигиттер да, кыз-келиндер да. Корсо, чоочун айылды аралап кыз-келин издеп баргандан жигиттер уялышат экен. Кыз-келиндер болсо, алардан бетер. Ал эми биздей мадырабаштарга эч ким конүл бурбайт тура. Чонтогүндо каты же тилинде жигит менен кыздын экиүч ооз аманат созү бар экени менен эч кимдин жумушу болбойт тура. Ошондуктан, биздей балдар тигилер оздорү алдын ала үйротүп коюшкан «шылтоолор» менен айылдан-айылга, үйдон-үйгө аралай чаап жүро беребиз. Эмнегедир, андай «милдетти» аткаруудан озубүз да ыракат алар элек. Айрыкча, тил учунда алып барган созубүздү укканда же сунган катыбызды шашыла окуп чыкканда коздорү моймолжуп, жүздорү албырып чыккан кыз-келиндерге карап туруу биздин балалык сезимге да ыракат тартуулар эле. Андайда адырандап сүйүнгонубүздү коё кал.

Бир күн намаздигер ченде бийик тоо чокуларынан капталга калдайган колоколор түшүп, жайлоонун кечки муздак жели кол-бет аркылуу денени салкын тарттыра баштаган маалда адатынча оз чатырынын жанында отуруп, китеп окуп жаткан Рыскул акенин үнү чыгып калды: «Сагынбек! Жапар!» – деген. Сагынбеги – менмин. Жапар – дагы бир жылкычынын баласы. Экообүздүн аталарыбыз туушкан. Ошондуктан үйлорубүз да босоголош. Жапар экообүз дайыма биргебиз. Ал менден жарым жашка улуу болгону менен окуган классыбыз да бир.

Рыскул акенин үнү чыкканда Жапар экообүз акыркы сааны бүткондуктон желеден агытылган кулундарды, кыска куйруктарын чычайта котөрүшүп алып, энелеринин ары-бери жагына отүп оюн салган үйүрдү түнкү жайытын коздой айдап коюп, эми гана айылды карай кайра тарткан элек.

Ага энтелеп жетип бардык. Анын чакырганына дайыма ошентип, дилгир жооп берчүбүз. Анткени, анын «агай» деген чон-кичине дебей урматтап айтчу аты бар. Экинчиден, ал да бизге экиүч атадан барып кошулган кишинин баласы. Ошондуктан, аны биз элчилеп «агай» дебестен, «аке» деп жүробүз.

– Силерге бир тапшырма бар, – деди ал коздорүн тээ арыдагы жашыл каптал менен отчү ийрелендеген бир таман жолдо баратканкан топ кыз-келиндер жактан албай туруп. – Тээтиги кыздарды кордүнорбү? – деди эми сөомойүн окуп жаткан жерине кыстара китебин жапкан бойдон капталына кармай берип.

– Кордук, – дедик жарыша. – Анын берчү тапшырмасын түшүно койгонгобу, добушубуз кубаныччтуу чыккансыды.

– Ырды угуп атасынарбы? – деди анан бизди алмак-салмак тиктеген ал. Биз тыншап калдык. Эми уктук.

– Уктук! – дедик адатыбызча дагы жарыша.

– Авазы жагабы? Тыңшагылачы дагы, – деди анан Рыскул аке ал жакка кайрадан жүзүн буруп.

Буга чейин биз укпаган аваз. Былтыр да, мурдагы жылдарда да уккан эмеспиз андай авазды. Ушунчалык бийик, ушунчалык жагымдуу аваз экен! Бир туруп кыздыкына, бир туруп жигиттикине окшоп кетип жатты ал үн.

Жол четиндеги жайкалган көк шиберди узун көйнөк этектери менен сылай басышып, анда-санда гана бут шилтешкенсиген кыз-келиндердин бироо гана ырдап баратат.

Рыскул акем баш болуп, биздин аларды карап, нары кулак төшөп калганыбызды көрүштүбү, алиги обон жанагыдан да бийиктегенсип, кечки закымдын коштоосу менен дагы алыска кетип жаткансыды.

...Бул жайлоодогу конуштун жакшысы – биздики. Анткени үйлөрүбүз өйдө-ылдыйы жок тегизде дебедимби. Тай чапканыбызга ыңгайлуу. Табарсык тепкенибизге жакшы. «Ак төлмөк», «Чики» ойногонубузга оң. Анын үстүнө айланатегереги ак чополуу, майда таштуу Ак-Башат (ушул ак чоподон улам ушундай аталып калса керек да) аттуу булак да биздин окнушубузга тиешелүү эмеспи. Буга да сыймыктанабыз. Биздин конуштун дагы бир артыкчылыгы – баш аягы бир ат чабым келген алиги алакандын отундай тегиз жердин этегирээк жагында чакан көл да бар. Улуулардын айтуусуна караганда бул көл касиеттүү көл. Анткени, кокту-колот сайын күмүштөнүп агып жаткан туптунук суулар турса, бу төлкомдогу жылкылардын баары келип ушул көлдөн суу ичишет. Тегерек чети кара чыла болуп жатчу бу көлдү кечип жүрүшүп, омуроолорун жайпай түшкөн суудан ичиркенгендей тиктеле түшкөн кулактарын «былк-былк» эттире мунун киргилт суусунан ичишмейин, анан жата калышып оонашмайын моокулары канбайт дешчү. Ооба, аны биз озубүз да корүп жүробүз. Али бул айылдын, али тиги айылдын жылкылары желеге кулундарын байлануудан мурун, анан агытылгандан кийин азынаган айгырларынын кулак чимирип үйрүүсү менен буга дүркүрөп келишип, ичтери чандайгыча коюу киргилт суусунан ичишип, анан оонашкандыктан, жалкуйруктарына чейин көл түбүндөгү кара чыладан чабыл ала болуп кетишет. Көлдүн дайыма киргилт түсто болушу көрсө, ошо жылкылардын үзүлбөстөн келип кечкенинен, чапчып-шапшыганынан.

Эликтердин чаарчыктарындай көздөрү тостоё корккондорун карабастан, энелерин ээрчишип, кулундар да бул көлгө кечип кире беришет. Биздин үйлөр жакын болгондуктан, анын жээгинен тамаша кылып карап турабыз.

Чоң кырма кара аяктай тептегерек бу көлдү көргөндө эле кубанып кетишеби, жакындап келгенде айгыры үйүрүнө, энелери кулундарына карабастан дың салып, дүпүрөп жөнөшөөр эле. Ай-

рыкча, бизди кызыктырган төрт аягы төрт жакка тартая чуркаган кулундар. Алиги көлдү кече баштаганда муздак сууга буту тийген нариете балдардай алардын чабек тулкулары калтырагансып, таакы жүндөрү түктөйө түшүп, кулактары ого бетер тикчие берет. Ичиркенгендери ошол түрүнөн көрүнүп турат. Анысына карабастан, алар деле кичинекей тумшуктарын көтөро алсыз буттарын астасекин коюу менен жондоруна суу жайпап, ээктерине тийгичекти энелерин ээрчип көлдүн ортосуна чейин бара беришет. Арылап тереңдеп барган сайын а дегенде алдыңкы эки буту, бара-бара төрт буту тең жерден көтөрүлүп, алары менен эми алиги коюу киргилт сууну артка шилегилеп сүзүп баратышкандай көрүнот.

Кулундардын мындай абалын а деп көргондо: «Кокуй, чокту!» «Чөгүп баратат!» «Келгиле!» – деп чоңдорду жардамга чакырган учурларыбыз да болгон. Көл биз антип корккондой терең эмес экенин түшүнгөндөн бери гана жанагинтип аларды карап туруп, ыракаттанганга өткөнбүз. Бир топко бары алиги кулундар сулуу денелеринен суу шорголотуп, аркы жээкке чыга келишкенде кол чаап турабыз.

Түнү менен кай жерде жайылып жүрүшпосүн, эрте менен укуругун ат үстүнөн өйдо көторо берген ээси көрүнөөрү менен ошону эле күтүп турушкансып топтоло калышкан, анан ушул көлдү көздөй дүпүроп жөнөгөн жылкылардын артынан акырын атбастырып келишчү жылкычыларга учкашкан өзүбүз куракту балдарды да көрүп жүробүз. Башка айылдардын балдары булар. Ушул көлдү көрүш үчүн келишет. Мындай чоңдорго учкашып, кээде тиги Ак-Башаттан суу алыш үчүн да келишет башка айылдын балдары. Мындай сонун конушту жайлаган кишилердин биздей балдарына суктанышарын алардын көздөрүнөн көробүз. Алар менен сүйлошүп калсак, конушубуздун артыкчылыгын атайлап сөз кылып, мактангандан уялбайбыз. «Жинибизге тийсеңер булагыбызга озүңөрдү, көлүбүзгө жылкыңарды келтирбей коёбуз» – деп аларга сес корсоткондон да тартынбайбыз.

...Мына ошол касиеттүү булак жана касиеттүү көл бизди далайлар менен тааныштырган. Азыр мен сөз кылганы отурган кыз менен да мына ушул Ак-Башат тааныштырган десем болот.

– Мына, Сагынбек, сен мына бул китепти алып кач. Сен, Жапар, муну кууп жонойсүң. Тиги кыздарга жете берип чарчаган болуп отура каласың, Сагынбек. Сен, Жапар муну баса жыгыласың. Алар конүл бурушпайт силерге. Анын үстүно алардын бар дити азыр ырда, теребелди терметип бараткан авазда. Ошол аваз кимисиники, ошону билип келесиңер. Бою кандай, кийими кандай. Айрыкча башындагы жоолук түсүн байкап калгыла. Анан мага биерден туруп көрсөто алгыдай болгула. Ушул силерге берилчү бүгүнкү тапшырма, – деди.

Рыскул акенин ак жуумал жүзү кымызга тойгон кишиникиндей тамылжып чыгыптыр. Көздөрү да, эмнегедир, күлүңдөйт.

– Эгер бул тапшырманы жакшылап аткарсанар акынарга бирден калем, дептер берем, – деди.

Андан аркысы Рыскул аке айткандай иштелди. Айылдан бир чакырымча арыдагы каптал жол менен дүйнө бейкапар ырдап баратышкан кыз-келиндерге жетпей токтодум мен. Өпкөм көөп, андан барып ачышып чыкканда, чыдабай отура кеттим. Тизелерим калчылдап, муундарым титирейт. Рыскул аке жакты карап отуруп калдык. Ал биздин мунубузду кандай жоруп атты экен дейбиз. «Кыздардан коркушуп, алыстан токтошту го суу жүрөктөр» деп жаткан болуш керек деп ой бөлүштүк Жапар экөөбүз.

Рыскул аке билген экен, тиги кыз-келиндер бизге карап да коюшкан жок. Демек, биздин «максатты» алар баамдашпады, тээтигиндеги чатыр жанынан бир жигит буларды ээрчий тиктеп отурганынан да бейкабар.

Ушул ой башка келери менен мен ызаланып кеттим. Тура калып, кайрадан «качып» жөнөдүм. Жапар «кууп» жөнөдү. Дагы бир топ алыстай түшкөн жанагыларга жакындап барып калдык. Алар дагы эле бизге көңүл бурушкан жок. Бизге берилген «тапшырманы» байкабагандарына эми биротоло ишендик. Аңгыча ыр токтоп калды. Көрсө, булакка жетип калган турбайбызбы. Кыз-келиндер бакандарын ийиндеринен алышып, челектерин жерге коюшту. Жоолуктарын ондогулашты. Көйнөк жакаларын ачышып, бой түзөштү. Булардын кимиси келин, кимиси кыз экенин чачтарынан гана билүүгө болот. Төртөөнүн капкара чачтары кош өрүмгө бириктирилип калыптыр, демек, булар келиндер. Берки үчөөнүн ак кебез менен учтукталган майда өрүм чачтары айдалыларын каптап, анан жаактарынан төмөн төгүлүп турат. Булар, демек, кыздар. Бирок, бой жеткен кыздар. Бойлору тиги келиндер менен чамалаш. Айрымдары, алардан да кабалтаңыраак. Жапар экөөбүзгө булардын кыз-келинин ажыратуу эмес, ырдаганы кимиси экенин билүү тапшырылбады беле. «Жанагы сонун аваздын, айлананы шаңга толтуруп, биздин Рыскул акени китебин жаптырып, ордунан тургузган аваздын ээси кайсынысы булардын ичинен?». Биз антип-минтип, экинчи жолу чуркап отуруп жетип келгиче ал добуш токтоп калбадыбы.

Обочороокто отуруп алып, булардын кийим-кечесине гана эмес, оңү-түстөрүнө чейин карап жаттык. Биринен өткөн бири сулуу көрүндү, эмнегедир. «Жанагы сонун аваздын ээси кимиси?» Алар болсо, дагы эле бизге көңүл бурган жок. Мунун да себеби бар. Башка айылдардан ушинтип, ырдап-чордошуп, комуз кагышып ша-ракташып, ушул сууга келишкен сайын биздин айылдын майда-барат балдары, а түгүл кыздары да тигилерди көрүш үчүн чуркап келишип туш-туштан жабалакташып тиктеп отуруп алышат. Ошолордун бири деп коюшту окшойт бизди да. Атайын «тапшырма» менен жүргонүбүздү билишсе, бир нерсе дешмек. Булактын козүно отурушуп, тигилер андан кочуштап суу ичишти. Анан

жүздөрүн чайышты. Ар түрдүү кол жоолуктар менен аарчынышты. Чөнтөктөрүндө кичинекей күзгүлөрү бар экен, аларга караныштары. Бир нерселерди айтышып, анан шаракташып күлүп да алышты. Бирок, биз тарапка дагы эле тиктешкен жок. Анан арыдагы капталды көздөй эки-үчтөн каалгый басып кетишти. Андагы арчаларды аралап, бир топко чейин жүрүп калышты.

Булакка жеңил келишип, андан жүк менен кетишет эмеспи. Эки челек сууну ийинге көтөрүп, эки-үч чакырым жерге жеткирүү оңойбу. Ошого өздөрүн даярдап жатышкансыды. Жапар экөөбүз болсо, алардын бар кыймылын ээрчий тиктеп делдейебиз. «Булардын кимиси жанагы укмуш овондун ээси?» экөөбүздүн тең башыбызда ушу гана суроо. «Рыскул аке да кызык экен. Ал аваздын ээси ким экенин билип барганыбызда эмне кылмак? Өзү эле басып келип, билип албайбы? Кызык», — деп ара-торо кейип да коёбуз.

Булар жолду карата алмак-салмак ырдап келишкендей, бирок биздин Рыскул акеге бирөө гана ырдагандай угулушу мүмкүн да. Балалык баамыбыз боюнча ушундай жыйынтыкка да келип жаттык. Ошентсе да жок дегенде булардын бирөөнүн үнүн угушубуз керек. Ансыз биерден кетишке акыбыз жок. Тыякта Рыскул аке күтүп жатпайбы. Анын тапшырмасын аткарбасак, уят да.

Аңгыча булакты көздөй кайра басышып келаткан алардын ичинен баарынан узун бойлуусу бизге карап, шаңк этти: «Ай, кыздар, тиги эки «жигит» баятан бери эле бизден көздөрүн алышпайт, кимибизге ашык болуп калышты экен? Деги бери келгилечи, кебете-кешпириңерди көрөлү. Балким, бизге да жагып каларсыңар!» — деп коё берсе. Күтпөгөн жерден мындай соз укканыбызда уялып, жер тиктеп калдык. «Койчу, наристелер менен тамашалашпай» — деп, экинчи бирөө аны каккансып койду.

Анан булак көзүнө кайрадан отурушуп, кезек менен челектерине суу куя башташты. Бирок, араларындагы соз, күлкү дагы эле токтогон жок.

Минтип, айлынан алыска сууга баруу же тезек тергенге чыгуу андагы айыл кыз-келиндеринин эркинче сүйлошүп, ойношуп-күлүшүп алышы үчүн ыңгайлуу учурлардын бири экенин, башка убакта ар ким өз тирилиги менен алек экенин да кийинчирээк түшүндүк.

Баятан берки булардын жорук-жосундарын көрүп отуруп, өзүбүзчө эле кубанып жаттык. Ушулардын чырайлуу оң-түсторүнөн, жарашыктуу кийим-кечелеринен, жанагинтип каалгый басышкандарынан, арчадан-арчага куушуп ойногондорунан, шатыра-шатман күлгөндөрүнөн, баарынан да алиги укмуштай аваздарынан ушул кооз жайлоо дагы кооз, дагы сулуу көрүнүп жаткансыды.

Жана капталдагы жашыл калың арчаларды аралап жүрүшкөндө эки-үчтөн үрпөгөй чырпык сындырып адышып, мурундарына тосо калып жытташкан эле, эми аларды челек толуп молтүрөгөн суу

бетине ташташтьı. Басып баратканда суу чайпалып төгүлбөсүн үчүн ошентишти. Анан белдерин бурандата жүрүп кетишти.

Жапар экообүз да капталдап, алардын артынан ээрчип келе бердик. Бирок, биз күткөн аваз угулган жок. Жүк оорлогондо, чамасы, ырдабай калышат го. А бизге ошол ыр керек эмес беле. Мен чыдабай кеттим. Анткени, дагы бир аз басышса, булар колотко түшүп кетишет. Рыскул акеден караан үзүп кетишет. Ошондонбу, бир карасам ал да ордунан тура келген экен. Биз жакты карап туруптур. «Ээрчип жүрө бересинерби? Ырда дебейсинерби?»— дегендей туюлду мага анын азыркы турпаты. Ошондон улам чыйпылыктадым. «Эжелер, ырдабайсынарбы? Биз ырынарды угалы деп ээрчип жүробүз!»

Кантип аларга жакын барып калганымы да сезбептирмин. Баарынын беттери албырып чыгыптыр. Соку жанчышкан, тандырга нан жабышкан ургачылардын жүздөрү ушинтип, албырып чыкчу эле. Мандайларында, мурун учтарында мөлтүрөгөн тер мончоктору... Мындан алардын өндөрү ого бетер сулуу көрүнүп кетти.

— Эмне, ырыбыз жагып калдыбы? — деди баягы баарынан узун бойлуу, арык келин. Үнүнөн кытмырланганы билинип турду. Анысына карабастан эми Жапар экообүз тең жарыша жалынгансып жибердик.

— Ооба, жагып калды. Ырдасаңар, эжелер!

— Суубузду силер которосүнөрбү, биз ырдап берели, — деп дагы эле ошол кара тору келин токтой берип, биз менен сүйлөшүүгө оттү бир ийнинен экинчи ийнине баканды откоро берип.

— Биз эки челекти которо албайбыз да,— деп жибердим мен эми тигибаканын бирообүздүн ийнибизге арта салатургандай шашып.

— Суу которгонго жарабагандар ыр укканга да жарабайт. Безилдебей кеткиле келген жагынарга. Булардын теңтуш боло калганын карасаң эки жашабай жатып. Жоногүлө, үйүнөргө! Ыр укчулдугун булардын. Ал куракка жете элексинер али. Мурдунарды тазалап алгыла андан көрө! — деп эми тиги бизди мазактоого оттү. — Суу которүп баратып да ырдап берет турбайбызбы буларга. Ыр жандуулугун карасаң бешиктен белдери чыкпай жатып жубарымбектердин.

Муну башка бирөө айтты, добушунан байкап калдык. Мындай катуу сөз угабыз деп ойлогон эмеспиз. Кадамыбыз тык токтоду. Алиги шылдыңдаган создор көкүрөгүбүздөн тиреп токтотконсуду. Карасак, Рыскул аке көрүнбөй калган экен. Биз тигилерди ээрчип, коктуга энкейиштей берген турбайбызбы. Коктудан алар дагы бир чоң капталга чыгышат. Анан бел ашышат. Анан булардын айлы. Аер — Ала-Арча деп аталат. Жанагы бойчон келинден улам таанып калдык булардын кайсы айылдан экенин. Аны Жапар экообүз огүнчороок жоголгон козубузду издеп барганда коргонбүз бу келинди түштонгону келген койлордуу саап отурган

жеринен. Анан бизди ээрчитип жүрүп, башка үйлордүн көгөндөрүндөгү козу-улактарына чейин көрсөткөн эле, ошондон анын өңү-түсү эсте калыптыр. Ал бизди тааныбады окшойт. Же таанысса да таанымаксан болдубу, билбейбиз.

– Эжелер, эртең да келесиңерби сууга? – деп калды эми Жапар узай беришкен алардын арт жагынан. Бүгүн ишке ашыра албай калганыбызды эртең ашырууга менден жарым жашка улуу анын көзү жетип тургандыктан ушу суроону бердиби, же мен өндөнүп, шашканынан эле берип таштадыбы, түшүнбөдүм.

– Мурдуңарды жакшы тазалап, анан күтө бергиле. Келебиз! – Жанагы ачык шылдыңдоого өткөн келин муну айткан да. Мунусу да шылдың, какшык экенине акылыбыз жетип эле турду. Ошентсе деле болбой мен да бир суроо узатып калдым.

– Эртең ырдап бересиңерби?

– Силерге окшогон бокмурундарга ырдап бербегенде кимге ырдап бермек элек. Ырдап беребиз. Күткүлө! – Дагы эле ошол шылдыңчыл келиндин үнү.

Береги жуушап аткан койлордой боз таштуу белди ашышса, жанагы керемет аваз Рыскул акеге гана эмес, тигилер баласынтып жа-тышканына карабастан бизге да жагып калган аваз да кошо кетээрине көзүбүз жеткенге апсалабыз бир болуп, Жапар экөөбүз жол четине отура кеттик. Көңүлүбүз чөгүп калды...

* * *

...Үйүбүзгө каш карайганда келдик. Ата-энелерибизден жеме уктук. «Козу-улак байлап, кой саадырарда каякка жоголуп кеттиңер» – деп урушушту. Ал ишти биз үчүн аткарып коюшкан бөбокторубуз кой-эчкиге кырча бастырышкан буттарын көрсөтүшүп, үңүройүштү. Бирок, кайда жүрүп, эмне кылганыбызды айтпадык алардын эч кимисине. Ушуга акылыбыз жетти. Ал эми Рыскул аке биз күткөндөй алдыбыздан тосо чыгып, тигилер жонүндө сурамжылайт го дегенбиз, эмнегедир, антпеди. Баарын өзү көрүп турбады беле. Аваз биз жетип-жетпей токтогон бойдон кайра жаңырган жок да.

...Эртеси шашке ченде энелери узап кеткен козу-улактарды күндөгүдөй эле Жапар экөөбүз короодон айдап чыга бергенибизде, Рыскул аке жаныбызга басып келди. «Кечеги барган жагыңарга жайгыла, козу-улагыңарды. Баягылар бүгүн дагы сууга келишет. Тапшырма болсо, өзүңөрго белгилүү. Кечээ ала албай калган калем, дептериңер турат силерди күтүп» – деди мээримдүү жылмая берип. Демек, бизге таарынбаптыр бул жылмаюусуна караганда. Сүйүнүп калдык мунусуна. Бизге дагы эле ишенип жатыптыр.

– Макул! – дедик Жапар экөөбүз дагы жарыша. Кечеги аваз биздин балалык сезимибизди да дүүлүктүрүп таштаган болчу. Ошондуктан, жаңы тапшырмага дагы кубандык.

Жайлоо бийиктигинен күнгө жакынбы, ал бара-бара чакчайып катуу тиет. Ири малдарыбыз арча, кайындардын көлөкөлөрүн качырышса, козу-улактарыбыз боз үйлордүн кереге-ууктарын кычыратышып, алардын көлөкө жактарын талаша башташат. Мына ошондой коюу ысык туш-тушунан кысып кирген кыйгаз түштө жайлоодо да жол жүрүү кыйын. Ошондуктан мындагылар алыстагы жана оор жумуштарын эрте мененки, андан калганын кечки салкында бүтүрүп алууга аракет кылышат. Суу алып келүү да келин-кыздар үчүн биердеги оор жумуштардан. Ага баратканда ырдап-чордоп, күлүп-жайнап жүрүп отурушканы менен кайтканда кечекидей сиркелери суу көтөрбөй калышат. Ийиндерине көтөргөн челектердин оордугунан го. Тамак-аш жасаганга, анан идиш-аяк жууганга ыландап үйдүн тегерегинен алыстабай калган козу-улактарга да суу керек. Ошентип, эки челек суу канчалык тырышып, үномдөшпөсүн, түшкө чейин араң жетет. Өзүбүздөн билебиз да. Биздин айылдагылар, бирок, сууну ысырап кылгандан коркушпайт. Булагыбыз жакын эмеспи. Керек болсо, төрт-беш жолу деле бара беришчү. Алыскы айылдардан эки жолу араң келип кетишет: шашке ченде, анан намаздигерге жакын. Демек, Рыскул аке туура айтып жатат, кечеги шарактаган келин-кыздар бүгүн да келишет. Сөзсүз, келишет. Бирок, кечеги ырдаганы бүгүн да ырдайбы, анысы белгисиз.

Түн бою когондо байланып жаткан козу-улактардын курсагы ачып калат да; курч тиштери менен кенен капталдын али чети оюла элек (жакында эле көчүп келгенбиз да) жашыл чөбүн «кырт-кырт» эттире кыркып жай жайыла баштаган эле тиги башына, бул башына бир чыгып катуулап айдап жөнөдүк. Баягылар көрүнгөнгө чейин алар отчу жолго жакын барып жайышыбыз керек да. Аерге жеткенден кийин булардын өз эркине коёбуз, маа десе бир орундан жылбай коюшсун...

...Бекер шашылбаппыз, аңгыча ыр угулуп калды. Бүгүн оздору көрүнбөй жатып ыр угулду. Козу-улактарыбызды ордотуп коюп, Жапар экообүз жолго дагы жакын келип отурдук. Бирок, бизге жакындай бергенде алиги ыр дагы токтоп калды.

– Дагы ыр укканы келдиңерби? – деди биз менен тушташа түшкондо кечеги узун бойлуусу көздөрүн кытмыр күлүндөтүп.

– Жок, козу-улагыбызды эле жайып жүробүз – деди Жапар менден озунуп. «Кокус бүгүн да шылдындай башташса, ушинтип айтабыз» деп маакулдашып алган элек да.

– Булардын куулугун карасаң жер бетегедей болушуп туруп. – Муну да ошол узун бойлуусу айтты. Аны ичибизден жаман коро баштадык.

Жапар экообүз бири-бирибизди тиктешип, отуруп калдык.

– Тээтиги селегейиңер ким? Кечээ да ошентип, селейип карап турду силерди быякка жиберип коюп. Бүгүн да уялбай карап турат деп коё берди эми алиги келин.

«Баарынан улуусу да, тилдүүсү да ушу го» – деп ойлоп жаттык. Биз эми кадимкидей уялдык. Кечетен берки ишибизди билип-байкап коюшкан тура. Оозубузга сөз келбей калды.

– Ким тиги сорогойуңар? – Алиги келин суроосун дагы кайталады.

– Рыскул аке,– деп жибердим мен шаша. Жапар капталыма түр-түп калды. «Чеки айттың» – дегенин ушунусунан түшүндүм.

– Алиги маалимби?

– Ошол – дедим дагы озуна. – Рыскул акени булар да билишет тура. Ошого сүйүнүп кеттим.

– Кыз-келин коргон немеби аныңар? – деп дагы бироо каарып өттү. Бу созго баары анан шарактап күлүп жиберишти.

Рыскул аке бу жайлоого мындагы сабатсыз жаштарды окутуш үчүн келген. (Малчылардын балдарынын арасында андайлар азырынча бар экен). Өзүңө алейне чатыр тиктирип алган айыл четине. Тууган эмеспи – тамак-ашты биздикинен, Жапардыкынан жеп турат. Жаткан жери – чатыры. Мектеби да – чатыры. Жумуштан бошогондо айылдын али сабатсыздыгын толук жоё элек бирин-серин жаштары ошол чатырга топтолушат.

– Рыскул аке дединерби? Айтып койгула ошол акеңерге, ыр укусу келсе, биздин айылга барсын. Ошол жерден уксун.

Ушул создөрдү айтыш үчүн гана биздин тушубузга келгенде токтошсо керек, анан жүрүп кетишти. Алыстан барып кечеги аваз кайрадан жаңырды. Рыскул аке дагы эле ушул жакты карап туруптур. «Жарыктык бизди «билдирбегиле», «байкатпагыла» деп коюп, өзүнүн тигинтип, булардан көз албай тиктегени эмнеси? Кечээ да ушинтпеди беле. Бизди быякка атайын «тапшырма» менен жибергенин ошонусунан байкап калышкан го булар. Жапар экообүз балалык маңыроолугубуз менен бекер эле «этияттана» берген окшойбуз го...»

...Булардын созүн токпой-чачпай Рыскул акеге айтып келдик. Алар Рыскул акенин ичин күйгүзүш үчүнбү, ырын токтотушкан жок. Жок, баары эмес, бироо гана, кечетен бери авазы биздин кулакка жат болуп калганы гана ырдап жатты.

– Алар чакырбаса деле барамын. Мен сельсовет боюнча жиберилгенмин да биерге. Мындагы айылдардын баарын кыдырууга тийишмин жайлоо мезгили бүткүчө, – деди.

Рыскул акенин иреңине, эмне үчүндүр, кан тээп чыкты. «Тапшырмасы» аткарылбаса да, тигилерден соз алып келгенибиз үчүн эле ичинен сүйүнүп атат го деп жорудук мунусун.

– Болуптур, мен өзүм табам ал аваздын ээсин. Тапшырманы аткарбасаңар да акыңарды берейин. Эмнеси болсо да мээнет кылдыңар кечээтен бери, – деп жайдандады ал. Маанайы көтөрүлө түшкөнүн көрүп турдук. Анан чатырына кирип, колуна эки дептер, эки калем кармап чыкты. Бизге бирден карматты. Сүйүндүк. Дептер, калем таңкыс анда.

– Азаматсынар! Эми өзүңөрдүн ишиңерге бара бергиле. Бошсунар, – деп коюп, Рыскул аке кайра чатырына кирип кетти.

2

Кийин билсек тегеректеги айылдардын жаштары биздин Рыскул акеден кабардар экен. Биринин артынан бири удаа эле мында көчүп келишкен алардын баарында ал болгон тура, «оспүрүм» аталгандардын тизмесин алганы кыдырып чыккан экен да. Ар бир конуштан эки-үчтон болсо да мектеп жашынан өтүп кеткендер табылыптыр. Ошолорду айылдан-айылга барып жүрүп, окутууну жогортон Рыскул акеге тапшырышкан тура. Демек, жанагы сонун аваз-дуусу бар кыз-келиндердин айлына баруу да анын милдети экен. Андай болгондо Жапар экообүздү эмне үчүн кечетен бери ары-бери чуркутып темтендетти? Түшүнбөдүк.

Кийин ойлосок Рыскул аке алигиндей конуштан-конушту кыдырып (аттуу бир жактарга барып келип жүрчү) оспүрүмдөрдү каттап жүргондо эле айрым келин-кыздардын көрүнбөс кылтагына мойнунан илинип калган окшобойбу. Аны озү деле сезбесе керек.

Жанагы авазы менен баарыбызды туткундап таштаган кыз ошол каттоо учурунда эле Рыскул акебизди жактырып калганын, ошондуктан ал жашоочу айылдын тушуна жакындаганда гана ырдап коё берерин да кийин билдик.

Биздеги мугалимдик мооноту бүткон белем же жанагинтип буйтап «колго түшүп» бербеген керемет аваз ээсин тезирээк барып көргүсү келдиби, бир күнү эле кой-эчкилер жайытка кетип, кыйжыттана баштаган короолор аңырап бош калган кезде Рыскул аке бош убактыларын дайыма бирге откорчү, нары озү тендүү Жаныбак деген жылкычы жигит менен керүүлөгү ак чатырынын казыктарын сууруп-сууруп алышты да эки башындагы жана ортосундагы тироочторго аны ороп жиберишип, бир атка артышты. Анан ичи бир аз боксоро түшкон, оозу дайыма килиттелип, эң акыркы килитине кичинекей кара кулпу салынып чатырдын бир бурчунда жатчу куржунду экинчи атка салышып, (анда калемдер, дептерлер, китептер бар экенин билчүбүз) экоо жоноп калышты.

«Ала-Арча айлына барууга кезек жетти» – деп коштошту Рыскул аке мындагылар менен.

3

Рыскул аке көчүп баргандан кийин деле Ала-Арча айлынын кыз-келиндери башкалар сыяктуу биздин Ак-Башатка сууга келип жүрүштү. Ырдап-чордоп кетип жүрүштү. Бирок, баягы аваз эми угулбай калды. Бироо анын ээсин уурдап кеткендей тыйылды да калды.

...Бир күнү ал аваз түндө жаңырды. Биз ай жарыгында ак чолмок ойноп жатканбыз айылдын четирээк жагында. Эртерээк

жатып уктоочу улгайынкы кишилерге жолтоо болбойлу деп обочорокко кетчүбүз да. Жапар биринчи угуптур алиги авазды. «Токто!» – деп туушардан келген калың шиберди кош буттап тепкилеп ак чөлмөктү издеп жанынан ого берсем «Баягы аваз!» Катуураак үн чыгарса алиги авазды бузуп жиберчүдөй ал акырын шыбырады. Кулак түрдүм. Ооба, ошол аваз! Ыргагы алиге кулактан кете элек аваз!.. «Балдар уксаңар!» деп кыйкырып жибердим мен из кууган машкелердей ак чолмок издеп чоп арасын тыткылашып жүргөндөргө. Толкундап кеттим көрүнөт алиги аваздан улам.

«Ч-и-и-ш-ш» – деп оозуму алаканы менен жаба салды Жапар.

Алыстан-алыстан Күкүк менен Зейнектин үн алышканы эле болбосо, башка «шырп» эткен шыбыш угулбай калды. Жандуулардын баары азыр демин ичтерине тарта тиги авазга кулак түрүшкөнсүйт... Асман да мынчалык чаңкайып ачык болчу эмес мурда. Тоо гүлдөрү да мынчалык аңкычу эмес мурда. Жайлоо түнү да мурда мынчалык бейкут мемиреген эмес... Ырдын, аваздын керемет күчүн кара! Теребел бүт ошонун бийлигинде термелгенсийт!..

Бир маалда Жапар мени колдон ала чуркап жонодү. Берки балдар, кыздар да бизди ээрчиди. Кайда жөнөгөнүбүздү алардын эч кимиси сураган да жок. Алиги аваз угулган жакка бет алганыбызды көрүштү да.

Ала-Арча айлын биздин айылдан бөлүп турган бир чоң кокту, анан жалпак кыр. Алиги аваз бизди ошол кырга алып келди. Он беш чакты жигиттер, келин-кыздар тегеренип отуруп алышыптыр. Ортодо малдаш урунуп отурган ак калпак жигит. Ал чертмек чертип атат. Бериден бир кыз ага үн кошууда. Жаагынан төмөн төгүлгөн майда өрүм чачтары макмалдай жашыл чопкө малынып турат. Демек, бу кыз. Баягы биз убара болуп, биле албай койгон аваз ээси! Көк бетине атылып чыгып, анан ак нур болуп айланага агылып төгүлгөнсүп аткан аваздын ээси ушул кыз тура!.. Баягыда Жапар экообүздү узун арык келин соз менен шылдындап жатканда татынакай ууртунан жылмаю тогуп үндебестен карап турган кыз экен! Кыздын койкойгон мойнундагы ак маржаны ай жарыгынан даана көрүнүп турат.

Булардын бир жак капталына тобубуз менен отура кеткенибизге чейин корун отурган Рыскул аке сүйүндү окшойт, козүн кысып койду жанаша көчүк баскан Жапар экообүзгө карап. Башкалар байкаса, муну кандай түшүнүшкөнүн билбейбиз, ал эми Жапар экообүз анын көз кысышын: «Мына, баягы экооң аткара албай койгон тапшырманы минтип өзүм аткарып отурам» – дегендей түшүндүк.

Рыскул акенин тулку бою ышкы менен кумарга толуп, бу укмуш овоң калкылдап тобөсүнөн учкан күр жайлоодо озү жалгыз, жок, жалгыз эмес, тиги эч кимди капары-кашына илбестен эркин үн созуп отурган кыз экөө гана оюн-зоок куруп жаткандай туюлуп жатты бизге.

Жанагы койкойгон мойнуна ак маржан жарашкан кыздан кийин башка эч ким ырдаган жок. Көрсө, ал акыры болуп ырдаган тура. Бизге башкалардыкы жетпей, баарыныкынан бийик ушунун гана авазы жетип, биерге чакырган тура.

...Биздин айылдык Калча деген куйма кулак кыз анын эки түрмөк ырын жаттап ала коюптур. Айылга жеткиче аны кайталап ырдап келди. Овонун да окшоштурууга аракеттенди эле, анысынан эч нерсе чыкпады.

Жайлоонун жашыл ыраңы
Ышкырган тоодон улары
Жүрөктү жүрөк таппаса,
Жазылсын кайдан кумары.

Көл жатат бото көзүндөй
Көгөрүп көктүн өзүндөй
Эсимде калды бир сөзүң
Ант шерттин ыйык сөзүндөй.

Алиги кыздын атын да ошол кечте билип алдык. Бектору экен. Мындай атты да биринчи угушубуз. Бул тегеректеги айылдарда гана эмес, бир нече айылдын кыздары келип окушчу биздин мектеп боюнча да жок мындай ат. Бектору. Аты да, эмнегедир, авазындай кулакка жагымдуу угулду.

– Эртең да кечки жумушуңар бүтүп, оокат-ашыңарды ичкенден кийин ушул жерге келе бергиле. Ай жарык. Топ чапмай, ак чолмөк ойнойбуз. Чарчаганда отуруп алып, бүгүнкүдөй ырдашабыз. Ак-Башаттыктар да келип калышкан тура чакыртпай эле. Жапар, Сагынбек, силер Жанызакка айткыла, эртең андагы жаштарды ээрчитип келсин, – деди Рыскул аке анан Бектору жактан көзүн албай туруп.

...Ошентип, алиги жалпак кырдын тобосүно эртеси дагы келдик. Жанызак аке баштап келди бу сапар. Кебетеси, Рыскул акени бул айылга көчүрүп келгенде макулдашып коюшкан го.

Биздин айылда келин-кыз аз. Жанызак акеге окшогон жигиттер деле үч-тортоо гана. Калгандары улгайып калган эркектер, катын-калач, анан бизге окшогон он эки-он үчтөгү балдар, кыздар.

Алиги авазды уккандан бери дүрбөп калышкан биздин айылдын жаштары эртеси кубанып барышты. Бизден андай аваздуу жок. Баса, андай жерде ырдаш керек же чертмек чертип, клмуз кагыш керек экен. Бул тууралуу да эскертти Жанызак аке айылдын жаштары топтолгондо. «Бара беребиз. Эки ооздон кантип ыр таппайлы. Чертмекти болсо сен чертесиң. Комуз какчу келин-кыздарыбыз деги бар» – дешип, анын теңтуштары жаалап кетишти.

Биздин айылдагылардан (жакадагыларын кошкондо деле) ырга, күүгө шыктуулар башынан аз экенин улуулардан угуп жүргөнбүз. Ал эми Ала-Арчаны жайлагандар илгертен шандуу эл аталышат экен. «Тойлордо, жоро бозолордо канча эркек отурса, бир чертмекти катарынан чертип чыгып кетишет. Жок, ар кимиси жок дегенде бир күү кайрыганга жарайт. Ал эми кыз-келиндеринен бироо оозуна комуз алса, жанындагылар кезек күтүп гана турушат» – деп соз кылышканын укчубуз.

Өздөрүндө андай шыктуулары аз айыл оюн-зоокко чаңкоо келерин да ошондо билдик. Ыр десе, оюн десе андай айылдын адамдары биринчи дүрбөшөт тура.

Ала-Арчадан сууга келишчү келин-кыздардан ырдагандар, комуз каккандар коп экенин мурунку жылдардан деле билчүбүз. Бирок, жанагы аваз алардан да быйыл гана угулуп калды. Корсо, Бектору буларга быйыл гана кошулуптур. Күздө өлгөн чабандын ордуна анын атасы чабан болгон экен да. Он сегизге карап калган Бектору апасы менен кошулуп, кой саашып, колхоз үчүн быштак жасашып, анан «өспүрүм» аталып, мында сабатсыздыгын башкалар менен кошулуп, биздин Рыскул акеден жоюп жүргөнүн да ушул жерден билдик. Өзү ыр жаратып, ага өзү овон чыгарып жүргөндүктөн айылдаштары аны «ырчы кыз» аташаарын да ошол күнү, ошол айылдын кыз-келиндеринен уктук.

Тээ береги чоң капталдагы булакка алып барчу жалгыз аяк жол менен күндө эки маал сууга келишчү ала-арчалык келин-кыздар Бекторунун Рыскул акеге көңүл кушу түшүп калганын озүнөн билип алышкан соң, андан ары анын ою менен болушкан тура. Күн сайын ак чатырдын жанында бир нерсе жазып же окуп, кээде айланасына оңчой жаштарды топтоп алып, бир нерселерди үйрөтүп жаткан Рыскул акенин карааны көрүнгөндө гана ыр кезегин Бектору озү алат экен. Башкалары аерге чейин ырдашып же комуз кагышып келишет. Мунусун да кийин өзүнөн уктук.

...Ошентип, Жанызак аке баштаган биздин айылдын жаштары, алардан калбай ээрчиген биздей балдары кечеги ай нуруна балкыган комуздактуу жалпак кыр үстүнө бүгүн биринчи болуп келиптирбиз. Ал эми Бектору, Казтору деген кыздардын бой көторгонү го оз айлынын келин-кыздарынан да кийин келишти. Казтору дегенин да кечээ укканбыз. Бектору экөөнүн аталары бир тууган немелер экен. Экөөнүн зайыптары да бир айда торошүптүр. Мындай аттарды Бекторунун атасы башка бир айылга тойго барганда угуптур. Алар союшка түшүп, анан түнөп калган үйдүн бойго жеткен Бектору, Казтору аттуу кыздарын көрүп суктанган экен. Мына ошондо пайда болот кыздуу болсо аттарын ошондой коюш. Ал эми иниси экөөнүн келинчектери бир айда, нары кыз торошкөндүктөн, өзүнүн дагы экинчи кыздуу болушун күтпой эле, экөөнө жакшы көрүп калган эки атты коё салган имиш. Муну да ошол айылдын кыз-келиндеринен биздин айылдан барышкан келин-кыздар сурамжылап билип алышыптыр.

Рыскул аке биердеги жаштарды деле өз айылындагыдай башкарып алгансыйт. «Сен ырда», «сен чертмек черт», «сен комуз как» деп, алардын четинен аттарын атоо менен ортону тезирээк эле Бекторуга жетсе экен деп жатканы билинип турду. Мунусу «топ чапма», «ак чолмок» оюндарын бат эле бүтүрүп таштаганынан да байкалып калган.

Биздин айылдан Саадат деген келин комуз какты. Жыгач комуз. Шарактатып сонун какты. Эриндери ушундай комуз кагуу үчүн атайын түйрүк жаралгандай азыр алары да жарашыктуу көрүнүп жатты. Эч кимди теңсинбегендей бой көторо отургансыган Бектору да ал жакка эки-үч курдай койкойгон келишимдүү мойнун бурганын кордук. Буга аябай сүйүндүк. Бекторудай кызга жакса, башкаларга жакканы да. Биз жактан ырга, комузга шыктуулар аз дебедимби. Четинен ырдаган, комуз каккан шыктуулардын айлына келгенибизде, бироо-жарым болсо да Саадаттай башкалардын көңүлүн бурууга жараса экен деп балаболсок да, жанатан бери түйшүктөнүп отурганбыз. Айрыкча оң-түстору жагынан да, кийим-кечелери боюнча да башкаларды теңине алышпагансып отурушкан Бектору, Казтору деген аттары да башкалардан озгочолөнгон кыздардан көзүбүздү албайбыз.

Азамат экен Саадат, тим эле сүйлоттү комузун. Анын жан талашып кагып атканын көмөкойдогу кайрыктарынан, кол кыймылынан корүп турдук. Биздин айылдын намысын талашып атпайбы.

Андан кийин бул айылдан бир кыз темир комуз какты. Жакшы кагат экен. Бирок, биздин байкообузда Саадатка жеткен жок. Андан ары кыз-келиндерди жигиттер, кайра аларды кыз-келиндер алмаштырышып жатышты. Алардын эки-үчөо ырдап же комуз каккандан кийин биз жактан бироонү атайт Рыскул аке. Бизде тигилердикиндей шыктуулар аз экенин билет эмеспи.

Жанызак аке да комуз чертип, ага үнүн кошту. Добушу анчейин жагымдуу болбогону менен, күүсүно шайкеш чыгып атканы биердегилерге жакты окшойт, тынч отуруп угушту.

Рыскул аке менен Жанызак аке бош убактыларында айылдан алысыраакка барып алышып комуз чертишип, акырын-акырын үн чыгарып ырдашканын угуп жүргонбүз. Бирок, бүгүнкүдой ага кулак тошөгөн эмеспиз.

Жанызак акенин ыры да жагып калды бизге.

Каухардай жанып көздөрүң,
Балдай жагып сөздөрүң
Мениki болсоң деп тилейм,
Жары болбой өзгонүн.

Бурала бассаң алыстан,
Карааныңы таанышкан,

Карап койсоң – аныңы
Шам кылып ойго жагышкан.

Бул айылдын жаштары да кол чабышты буга. Демек, аларга да жакты. А түгүл аны жылмая тиктеп, Бектору да эки колундагы кош күмүш билекриктерин шарактата кол чапты. Анын жылмайганы да сонун экен! Айдын көктон тогулган аппак нурунан аныcына чейин көрүнүп турду. Биздин козубуз көбүнчө ошондо. Бул айылга алып келген да ошол эмеспи баарыбызды. Рыскул акени да. Иттеринин үнү угулуп турса да бул эки айылдын жаштары деле мурда минтип баш кошушкан эмес эле. Түн жамынып, ай нуруна малынып отуруп, минтип ырларын, күүлөрүн, жаштык кумарларын ортого салышкан эмес. Бөлөк-болок ойношчу. Бөлөк-болок ырдап-чордошчу. Бүгүнкү баш кошууга Бектору менен биздин Рыскул аке себеп болуп отурушат. Буга биздей мадыра баштардын деле акылы жетип турду.

Жанызак акеден кийин копко чейин биздикилерге нообот тийген жок. Ала-арчалыктар эле кезекти биринен бири жулуп алып ырдап, же чертмек чертип, комуз кагыша берди. Рыскул аке да башталышында үч-төртөөнө: «сен ырдап кой», «сен кагып кой» деген бойдон кийлигишпей калды. Тигилер эрегишип кетишти окшойт. Биздикилергеби же өз арабы, анысына акылыбыз жеткен жок. Угуп жүргондой эле бар экен алар, катарынан ырдап же черт-мек чертип, комуз кагып жатышты.

Арадан бир аз тыным боло калганда биз тараптан бир кыз темир комуз кагып жиберди. Жанызак аке ага карап коз кысып койгон. Ушул тынымды күтүп отурган го кебетеси. Бизден аз ырдап, аз комуз какканга ичинен ал уялып отурганын ошондон байкап калдык.

Ал токтоору менен тигилерге кезек бербей биздин айылдан барган Жибек аттуу сурмалуу коз, эткелирээк келин ырдап коё берди. Жанызак аке жолуккан сайын коз кысып, бир соз болсо да азил айтпастан отпочү бу келиндин ырдаганын мурда такыр уккан эмеспиз. Жайлоого көчоор алдында үйлонгөн жигит бу жаш келинчегин мындагы Жанызак аке окшогон бой жигиттерге коз арттырып, мындагы уй бакчу ата-энесине таштап коюп, озү кайда жүргонүн да билчү эмеспиз. Анысынын бизге кереги да жок. Минтип, намыс талашканга жарап отурганына кубандык: үнү анчейин эмес экен. Мындай начар добуштуулар тигилерде деле бар экен. Укпадыкпы. Же Бекторунун авазынан кийин башкалардыкы ошондой угулуп жаттыбы, билбейбиз.

Жибек бизге мектептен белгилүү, анда кыздар хор кылып ырдашчу ырды ырдады.

Кызыл-кызыл козунун
Корпосү эдим о-о-й-дай,

Кыз да болсом бир үйдүн
Эркеси эдим о-о-й-дай
Эркеликке койгон жок,
Байга сатты о-о-й-дай.

Агайлар үйротүшкон муну да. Жибек оспүрүмдөр менен окуп жүргондо үйронгон болуш керек. Аларды да биздин агайлар окутушат эмеспи.

Азыр Жибек ырдаган ыр кыргызчабы, же казакчабы, анысын деле билбейбиз. Деги создорү биздикине окшобогон ырлар көп эле анда. Бизге, балдарга, маселен агайларыбыз: «Бу көрүнгөн топ дарак, кызыл аскер багудур» деген создорү бар ырды үйротүшконү эсибизде. Бул ыр кыргызчабы, озбекчеби, аны деле сурабаптырбыз. Өздөрү айтышпаптыр. Агайлардын оозунан эмне чыкса, анын баарын билип калууга дилгир жаныбыз, алар кайсы элдики, созү кимдики, овону кимдики деп сураганга жарабаптырбыз. Ошондой курак го. Агайларыбыз айткандын баары жаңы. Баары пайдалуу. Ушуга акылыбыз жетчү. Ошондуктан аларды ээрчип, тамгаларды үйронүп, жазганды-окуганды гана билбестен, алиги айрым создордү, түшүнүксүз ырларды деле заматта жаттап ала турганбыз.

Жибек эмнегедир, бул ырын мунайып отуруп ырдады.

...Бир маалда Рыскул аке соз кезегин кайрадан озү алды: «Башкалар бүттү көрүнот, эми Бектору ырдасын» деди. Мектепте балдарды, биерде торт түлүк малды ата-энелери менен кошо багышуу милдетин алышкан оспүрүмдөрдү саатка карап окутуп, көнүмүшко айланып калган беле, ал шым кашатындагы чөнтөктөн саатын алып, ай нуруна тосуп карады.

– Агай ырдасын. Анан... – деп андан ары созүно какалгансып, Бектору айтайын дегенинин аягына чыкпай токтоп калды. Рыскул акени анан жылмая тиктеп койду. Ансыз деле чырайлуу оңүно дагы кошумча чырай чачкансыйт алиги ууртунан тогүлгөн сырдуу жылмаюу...

«Агай» деген соз да анын оозунан чыкканда башкача угулуп кетти.

Баарыбыз эми Рыскул аке жакты карадык.

Бекторунун Рыскул акеге минтип, биринчи жолу кайрылып атышы го. Тиги жаш баладай карбаластай түштү. Сүйүнгөнүнөнбү же сүрдогонүнөнбү, билбейбиз. Бирок, ушундай кайрылууну коптон бери күтүп жүргонү түнкү салкындын кубара түшкон акжуумал оңүно тээп чыккан кандан билинип турду.

– Ырдаган эмес элем да такыр, – деди Рыскул аке Бекторунун жылмаюусуна жооп бергендей озү да акырын жылмая берип.

Жапар экообүз бири-бирибизди тиктешип алдык. Мунубуз: «Бекторудай кыздын алдында «ырдаган эмес элем» деп отурганы кандай? Ушинтип кылчактаганы уят да?.. Бектору туруп алып, басып кетип калса кантет? Биз кантебиз?» – дегенибиз эле.

Жапар экөөбүз дайыма бирдей ойлойбуз. Туушкандардын балдары болгондуктан гана эмес, кышын-жайын ирегелеш жашагандыктан жолго киргенден бери моюндашып бирге осуп келатабыз. Ойносок да, козу-улак кайтарсак да биргебиз. Көп күндөрү алардыкында же биздикинде бир жууркан астында түнөп да келатабыз. Ошондуктанбы, ар убак сөзүбүз да, оюбуз да бир жерден чыгып жүрот. Рыскул аке менен Бектору жонүндо кийинки күндордо ойлогонубуз да окшош. Аны да ортого салабыз козу-улактардын артынан жүргондо.

Рыскул аке – биздин айылдан чыккан биринчи мугалим. Муну менен да ичибизден сыймыктанабыз. А түгүл мактанабыз.

Улуулардан укканыбызга караганда Рыскул акеге кыз жакпай жүрот. Ошондуктан жыйырма экиге карап калганына карабастан үйлонбой келаткан.

Ал эми кечетен бери биздин байкообузга караганда ага ушул Бектору жагып калган. Бок, биздин түшүнүктө ага ылайык кыз ушу Бектору! Өңү-түсүн айтпаганда да, авазычы! Анан ушундай кыздын астында жанагинтип кылчактаганы жарайбы?

Ушинтип ойлой баштаганыбызда Рыскул аке: – Чынымы айтсам, мен деле ырдаймын анча-мынча. Бирок, Бекторунун авазын укандан бери бу жайлоодо ырдабайын деп чечкенмин. Өзүмдүн жагымсыз добушум менен Бекторунун сонун авазын бузбайын деп чечкенмин. Ошондуктан, ырдабастан эле ырымы үн чыгарып айтып берейин, – деди.

Күкүк менен Зейнептей
Зарланып, бирок кол жетпей
Калгандар бар тилеги
Талкаланган айнектей.

Заманын каргап зарлашкан,
Арылбай аккан көз жаштан
Өткондор болгон дүйнөдон
Күлкүсү ыйга алмашкан.

Азыркы заман башкача,
Билип, аны барктаса
Жаштыкка жолтоо эми жок
Сүйүүнү сүйүү сактаса.

Рыскул аке ушул үч түрмөк ырды үнү кайра-кайра үзүлүп атып араң айтты. Агайларды биз эч кимден сүрдөшпөйт деп ойлочубуз. Биздин Рыскул акенин сүрдөп жатканын ушул үнүнөн байкап аттык.

Анан шымынын сол жактагы чөнтөгүнөн бет арчысын алып, жазы мандайын сүрттү. Кызык, биз жайлоонун түнкү муздак аба-

сынан ичиркене бүрүштөп отурсак, Рыскул акенин тердегенин карасаң.

Тиги ыр өзүнүкүбү же коп окуучу газет, китептерден үйрөнүп алганыбы, билбейбиз.

Ангыча Жанызак аке дагы чертмек чертип жиберди. Рыскул акеге тигилген көздөрдү, алиги сүрдү ошонусу менен өзүнө буруп кеткиси келди окшойт. Эмнегедир «Карагул ботом» деген күүнү чертти. Баятан бери орто толгон шаттыкка мындай кайгылуу күүнүн кандай тиешеси бар эле. Башына келген эле күүнү черте койду го.

«Кокой кести», анан ушу «Карагул ботом» деген күүлөр – биздин айылдын жаштарына, айрыкча биздей балдарына кеңири белгилүү күүлөр. Мурдагы эле жылы дүйнодон кайткан Шатман деген абабыз чертчү буларды. Ушу эки эле күүнү билет дечүбүз а кишини. Анткени, колу иштеп бошоду дегиче айылдын четиндеги добочого чыгып отуруп алып, ушу эки күүнү алмак-салмак кайрый бере турган. Комузун кармап, аны көздой үңкүйө басып жөнөгөндө биз, балдар да, а кишини ээрчип алар элек. Аерге чыккандан кийин бир топко чейин энтиккенин баса албай кышылдап-күшүлдөп отуруп калар эле. Семиз киши. Биздин назарда а кишинин курсагы комкөрүлгөн эле кичине казан. Отурганда анысы буттарынан бери ашып турчу. Ошо семиздигинен бат чарчайт көрүнөт. Биз чуркап келебиз биерге. Аныбыздын себеби бар. Кимибиз бу добочого биринчи жетсек, ошонубуз Шатман абанын комуз башын биринчи тиштейбиз. Буга Шатман абабыз өзү үйрөткөн. Биздин кезектешип мындагы кылар ишибиз ошо.

Шатман аба кок ала болуп калган коюу сакалын ары-бери сылагылап, барбайган мурдунун кең таноолорун керилте-кыпчылта ошентип бир топко чейин үн-созсүз түнөрүп отуруп калат. Анан мурдун эки-үч курдай «шор-шор» тартып артынан «шуу-шуу» эттире үшкүрүп алган соң капкагы менен тепкесиненбашка жагы майга бышкандай күрөң кызыл чертмегинин кулактарын бурап, кылдарын семиз манжалары менен бирден терип кирет. Чермекти күүлөп бүткөндө дагы бир жолу терең үшкүрүп алат. Анан кол шилтенет. Ошентип, жүроктү эзгилеген күү пайда болот. Мунду күү. Биздин али аңкоо балалык сезимди да муңайтып таштачу күү жаралат. Анан Шатман абанын семиз бетинен томон салаалап жаш агат... Таңыркап өзүнө карап калган бизди корбойүн дейби, же жашын токтотоюн дегениби, көздөрүн чылк жумуп алчу андайда. Бирок, жаш токточу эмес. Куюла берчү, куюла берчү... Күү нарылаган сайын анын жашы да кобойо берчү. Анысын аарчыбайт. Алиги комкөрүлгөн кичине казандай курсакка чейин жетип, койнок болсо, койногүн, желеткеси болсо, желеткесин нымдап жиберер эле.

«Аба, эмнеге ыйлайсыз?» деп, а деп мунусун көргөндө ичибиздеги тапаныраак бирообүз андан сураган болчу. А киши «Экинчи

эч кимиң минтип сурабагыла. Мен айтпайм. Айткан менен силер түшүнбөйсүңөр. Чоңойгондо билип аласыңар» деп койгон. Ошондон кийин эч кимибиз сурабайбыз. Минтип жашын колдотуп отуруп чертмек черткени биз үчүн кызык. Аёо сезимине караганда балалык кызыгуу көбүрөөк бизде. Мунусу – «Көкөй кести», мунусу «Карагул ботом». Ушул эки соз анын оозунан чыкканы. Башка сөз айтпайт күү чертип жатканда. Биз кезектешип чертмек башын тиштеп отура беребиз. Андайда алиги мундуу күүлөрзыңылдап түз эле мээнин озуно барып тиет.

...Бу кишинин үч уул, эки кыз перзенти болгонун, алар элди каптаган мубадан үч-торт айдын ичинде олуп калышканын, ошондон кийин Шатман абабыз ушинтип ыйлап калганын кийин билдик. Башка да коп залкар күүлөрдү чертчү экен мурда. Жанагыдай кайгылуу окуядан кийин ушул эки гана күүнү жалгыздап отуруп чертип калган имиш.

Бул турмуш жалаң гана ырдан эмес, ыйдан да турарын ошол Шатман абадан улам биринчи жолу сезгенбиз.

...Жанызак акенин азыркы күүсү ошону эске салды. Тоодой кайгыны котөрүп жүргон Шатман абанын аянычтуу турпаты коз алдыга тартыла берди. Муну да сөзү жок эле бири-бирибизге карагандан түшүндүк Жапар экообүз. Жүзүбүзгө суздук жабылды...

Кудай жалгап бу айылдан бир жигит Жанызак акени дароо токтотуп койду. «Кемпир-чалдарга черт мунуңу кемшиндешип ыйлашсын десең. Биердегилер оңчой жаштар го, көрбөй турасыңбы? Ушундай жерде да кайгылуу күү чертчү беле? Токтот!» – деди да баятан бери оңтойлоп кармап турган чертмегин өзү чертип кирди. «Күйдүм чокту» чертип жана ырдап жиберди. Үнү да дурус экен. Патефон аркылуу кийинки жылдарда элге кеңири тарап, айрыкча жаштар тынбай ырдашып жүргон ырлардын бири ушу.

Жанызак акенин күүсү тартуулаган суздукту мунун ыры дароо жууп-чайып таштагансыды. Ал аягына жетээри менен жанында малдаш урунуп мурутунан мулуңдап отурган жигит анын колунан чертмекти алды да башка овоно менен ырдап коё берди.

Саамайыңы сылаган
Жайлоонун тентек желин кор,
Көңүлгө көңүл улаган
Жаштыктын ыйык демин көр.

Шылдыры болуп булактын
Кулагыма угулсаң,
Жарыгы болуп чырактын,
Жүзүмдө ойноп, кубулсаң.

Сар жылдыз болуп таңдагы
Алыстан жанып көрүнсөң,

Боюмду чайып сергиткен
Ак жамгыр болуп төгүлсөң.

Бу арыкчырай кубакай жигит, ошентип, ортону дагы шаттыкка толтурду.

«Бектору эле калды бейм ырдабаган?» – деп Рыскул аке аны карап, экинчи жолу жылмайып койду. Агайынын экинчи жолу ушинтип өтүнүшүн күткөн беле Бектору азыр коп назданган жок.

Сагыныч каптап жүрөктү,
Саргайтып жаштык тилекти
Койбостон тагдыр бергенби
Далай бир сонун күн өттү.

Эсептеп саат, мүнөттү,
Эзилтип жаштык жүрөктү,
Тең өткөрсөк өмүрдү
Тагдырым берсе тилекти.

Кагазга түшкөн тамгадай
Сезимге түштү сөздөрүң
Чагылган болуп «жарк» этет
Көзүңө түшсө көздөрүм.

Ал көпкө ырдады. Эргип ырдады. Мунусу анын үн ыргагынан билинип турду. Баятан бери ырдагандардан озунө тең келчү жок экенине көзү жеткенгеби, кылчактабай, ийменбей, кысталбай, эркин ырдады. Анын ырларынын баары бир кишиге – андан көзүн албай алдыртан тиктеген Рыскул акеге арналып жатканын да сезип отурдук.

Коюн-колтугуна миндеген торт түлүк малды катып, ар убак чайыр бүркүп, арча жыттанып турчу жайлоо ушул экоо үчүн гана жаралгандай туюлуп жатты. Мында көчүп келип, кереге жайып, түндүк көторүп, уук сайып, анан ортого от жагып, чамгарактан ойдо көгүш түтүн булаткан малчы эл ушул экөөндой бири-бирине жарашкан жаштар менен куттуу жана бактылуу экенин да биринчи ошондо сезип жаттык...

Ушул түнү, ырга, чертмек, комуз күүлөрүнө карк болгон түнү, баарыбыздын жашыбыз да улууланып чыккансыды...

Оюндан ошентип, кучагыбыз толо кубаныч, көторүңкү маанай менен тарадык.

Айлыбызга жеткиче Калча мындан жаттап алган ырларын ырдап жүрүп отурду. Ал да көбүнчө Рыскул аке менен Бекторунун ырларын эстеп калууга тырышкан тура. Калчанын мындай шыгына ыраазы болобуз... Башкаларыбыздын колунан келбейт бу.

...Бүгүн да Жапар экөөбүз бир жууркандын астында жатабыз. Кырыбыздан жаттык эле мен үчүн салынып коюлган оң капшытта-

гы төшөккө экөөбүз тең баттык. Ортобузду сөз аралаган жок. Жанагы жалпак кыр, андагы укkан ыр-күү бийлигинде термеле бердик... Өзгөчө Бекторунун авазы жаңырат кулакта...

Бир маалда Жапар уктап кетти. Мурду бышылдап калганынан билдим муну.

Тып... тып... тып... эргенчекке жакын жерден чыгып аткан бул шыбырт тамчынын шыбырты. Керегеге илинген чоң ак калтадагы бүгүн гана куюлган айрандан сарыгып чыгып аткан сары суунун тамчысы. Эки күндон кийин ал сүзмого айланат. Андан курут жасайбыз. Эргенчекке улана жасалган сорү бар. Апаларыбыздын жанына отуруп алып биз, балдар да, тоголоктошкон аппак куруттар ошондогу жайылган чий үстүндө жатып кургашат. Анан капка түшөт. Жайлоодон чолго алып кетчү жүктөрдүн бири ошо куруттар. Карындагы сары майга, каптагы куруттарга кышында гана кол тиет. Кой-эчкилер, уйлар байып сүт бербей, ак түгөнгөн кезде аларга кезек келет.

...Кайрадан Бектору келди көз алдыма. Айлуу түн... Короолордо жуушаган кой-эчкилер, курсактарын тарсайта жатышып кышылдай кепшеген уйлар, күн бою желеде байланып кууранган кулундарын ээрчитип капталдын бетегесине жайылган бээлер да баштарын которүшүп, демдерин ичтерине тарта бизге окшоп алиги түндү түро жаңырган керемет авазга кулак түрүшконсүйт... Кенерсиген жайлоону бүт ээлеп шанданган кыз добушу жандуунун баарына эргүү жана жаштык тартуулап жаткансыйт... Жайлоонун касиеттүү чобүн жеп, дары суусунан ичип, кудуреттүү абасынан жутканга мас болуп, өз үйүрүнө алымсынбай башка үйүрдү эңсеп көздөрүнө кан толгон айгылардын жер титиреткен демейдеги кишенегендери да бүгүн угулбайт.

Алигиче оболоп асман-жерди каптап жүргөн алиги авазга орун беришкенсийт алардын баары...

Кызыл жоолук салынып
Кылактасам кыр менен,
Шуру, акак тагынып
Кылчактасам сыр менен

Келээр белең жаныма
Чок ыргытып каныма
Келбей койсоң кыйналам
Карааның издеп сагына...

Куйма кулак Калчанын жана жалпак кырда жаттап калган ырларын кайра-кайра кайталаганынан эсте калгандары минтип дагы дилге келет. Сыртка атылып чыгып, ушундай ырлар менен жанагы жан эриткен аваз колкүгөн мейкиндикке боюмду ургум келет... Теребелди каптап, таңкы закымдай агылган авазга кириниш, арыбери кулач керип, чабак аткым келет...

...Кийин ойлонсом, ошондо биринчи жолу балалык кыялымын ойгонушу, дүүлүгүшү экен... Балалыктан, баягы «оспүрүм» деп аталчу күүлдөгөн-шарылдаган жаштардын айлын көздөй алгачкы шилтенген кадам экен...

4

Рыскул аке өзү айтып жүргөндөй мындагы айылдардын бардык оспүрүмдөрүн окутууга үлгүргөн жок. Баягы айлуу түндөн кийин бир апта оттубу, отподубу «Бекторуну алып качып кетиптир. Жолунан малчыларга согуштун башталганы жонүндө билдиргени келаткан сельсоветтин окулу жолуккан имиш» деген эки кабарды тең уктук. Чоң-кичине дебей шалдайып отуруп калдык. Рыскул акенин Бекторудай кызды алып кеткенине кубандык дечи. Ал эми «согуш башталыптыр» деген соз ал кабарга удаа ар биребиздин жаагыбызга байкоостон чабылган шапалактай көзүбүздү карайлатты.

Бул эки кабарды тең сельсоветтин көздөрү кызыл, кырктарга келип калган окулу алып келиптир.

...Бир нече күн оттү. Жанагы «оспүрүм» аталгандарга кошуп, биздей балдарды да жакага алып кетишти. Эгиндин асты бышып калган тура. Мал менен жайлоодо чал-кемпирлер гана калышты.

Баарынан жаманы — мурдагыдай калың күлкү, ыр, күү эч жерден угулбай калды. Оюн-зоок деген токтоду. Кечээ эле бизге бу турмуш жалаң жаштардан, алардын оюн-күлкүлөрүнөн тургансып сезилген. Баары өзгөрдү да калды.

Буга чейин кой артында жүрчү койчулар деле, оспүрүмдөр деле, эгин басып талаада жүрчү дыйкандар деле ырдай беришчү. Ошондон айлана дайыма шандуу көрүнчү. Жашоо көңүлдүү сезилчү. Көрсө, анын баары бейкутчулуктун жышааны экен. Ошонун шарапаты тура. Жашоо кумарынын ашып-ташканынан экен.

Ай нуру чайкап асмандан
Жамалың жайкап ашкандан
Жалындым жаным сендик деп
Ашыклык ашып-ташкандан.

Баягы куйма кулак Калчанын биз менен жолуккан сайын айтып берчү Рыскул акенин же Бекторунун ырларынан дилге келет. Бирок, эми алар мурдагыдай кубаныч сезимин тартуулабастан, арман сезимин күчөтөт. Жайлоо. Түн. Ай нуруна малынып отурушкан жаштар. Алардын ортосу толо ыр-күү. Бектору, Рыскул аке... Ыйлагыбыз келет, ошол учурду, ошол күндөрдү эстеп... «Кайда калдың, ал күндөр?! Кайрылып дагы качан келесиң?!» — деп үнүбүздүн барынча кыйкырып, ыйлагыбыз келет. Мектепке баратып, андан келатып же жумушта жүрүп деле оз ара кеп сала-

быз да, андагы акыл-эсибиздин жетишинче. Биздин да балалык кыял-жоругубузга, таптаза тилек-оюбузга, чондордукунан кем эмес бүлүк түшкөнүн ошентип сезип жаттык.

5

Рыскул акеге чакыруу кагазы ноябрдын орто ченинде келди. Бектору жеңе менен Жапар экообүз да бардык аны узатууга. Биздин кыштак райондун борборуна жакын. Беш-алты эле чакырым.

Биз, эмнегедир, күйоосу менен коштошкондо Бектору жеңени адегенде ыйлайт, анан кошуп ырдайт деп ойлогонбуз. андай болбоду.

...Күн батарга чукулдап калган маалда жоноштү Рыскул акелер. Ичи толо үч машина биринин артынан бири жөнөп бергенде Бектору жеңе артына шарт бурулду. Аны менен кошо Жапар экообүз да бурулдук. Анткени, ал экообүздүн бирден колубуздан кармап турган эле. Жанагы көз кычыктарына толуп, сымаптай мөлтүрөгөн жаш эми сыртка чыгыптыр. Аппак бетке жол салып, ал дайыма ак маржаны тагылуу жүрчү жумуру мойнуна көйнөк жакасынан сарыгып кирип жатканын көрдүк. «Коюңуз, жеңе, ыйлабаңыз» — деп бир жолудан айтып, «кайрат» корсотконго Жапар экообүз араң жарадык. Анан озубүз да ыйлай баштадык. Ийин кагып ыйлап бараттык. Тентек балдардан таяк жегенде алардын алдында алсыз экенибизди, ошондуктан аларга кол көтөрө албасыбызды билгенден ызаланып, ушинтип үн-сөзсүз ыйлаар элек. Бектору жеңем да ыйлап жүрүп отурду. Колдорубузду бирок, коё берген жок. Ыйдан анын бүткөн бою солкулдап бараткансыды. Биздин колубуздан кармаган анын колунан байкап бараттык муну.

...Өрго тырмышкансып, буттарыбыз анда-санда бир шилтенет. Күн да батты. Он бешине жакындап калганбы, четинде бир аз гана кемтиги калган айдын жүзү агарып, дааналана баштады. Каптап кирген иңирдин кара көлөкөсүн ошол айдын агыш шоласы ойдо-ойдо түрүп бараткансыйт. Андан биз өндүү жакындарын узатып коюшуп, алардын келечегин ойлоп түнөрүшкөн адамдардын карааны алды жагыбыздан да, арт жагыбыздан да көрүнүп келатты. Кеч күздүн удаа-удаа жааган жамгырынан тапталып калган жол таманы деле билинип турат.

Ай жарыгы дагы баягы жайлоодогу айлуу түндүн сөөлөтүн эске салды... Бирок, кубантпастан, бу жолу жүрөктү мыкчып оттү ал сезим. Бир маалда Бектору жеңе терең улутунду да, анан минтип күңгүрөндү:

Аман бар, курбум, аман бар,
Аргасыз калды мында жар.
Алыста жүрүп сагынсаң —
Колунда кагаз, калем бар.

Жазарсың салам катыңы
Биринчи коюп атымы.
Зарыгып күтөм — келе көр
Төктүрбөй көпкө жашымы.

Үнү араң чыгат. Мурунку шаң, мурунку бийиктик жок авазында. Тамагынан бироо кыскандай каргылданып, нары пас чыкты. Коңүлдүн чокконунон, маанайдын пастаганынан го.

Мурунтан даярдап жүргон белем бу ыры, шыдыр чыкты. Согуш башталганына бир нече ай болуп калбадыбы, эртели-кеч кезек анын күйоосүно да жетээрин билет да. Ырчылык касиет дээринде бар неменин дилине кантип андай кезде айтылып калчу коштошуу создорү, уйкашканын жазбаган ыр саптары келбесин? Бизди жаттап калсын дедиби, жай күнгүронот:

Сагынам, билгин, сагынам,
Сарсаана болуп сабылам.
Күн-түнү ойлоп жоругуң
Карааның издеп жалынам.

Танды кеч тилеп жүрөйүн:
Келгин деп аман, түгойүм.
Экөөбүздү айрыган
Талкала жоонун түнөгүн.

* * *

Жапар экөөбүз ал түнү бирибизди-бирибиз толуктап, кайталап чыккан ушу ырлардан кийин озубүз да, башкалар аркылуу да Бектору женөнин ырдаганын укпадык. Анын оозунан тогүлүп турчу (бизге ошондой туюлчу) ырын, сонун авазын Рыскул аке озү менен кошо алыс-алыс жактарга, эл азыр жек коруү менен коп айтчу болгон «Гитлер», «фашист» дегендер менен кармашчу жактарга, алып кетип калгандай укпай калдык.

* * *

...«Кара кагаз» деген келген жерге биз, балдар да, барчу болдук. Урушка чейин андай жерге балдар барышчу эмес. Улуулар тыцоу салышчу да. Эми бизди чоноюп калды дештиби, же күтпөгон жерден калкты каптап келген оор кайгыны оздорү гана котөргонго чабалдык кылып калышкандан жол бериштиби, анысын билбейбиз. Чоң кишилердин бир четинде туруп алып, андай жерде биз да колдорубузду козубүздөн албай, чыйылдап ыйлай берчү болдук. Ар бирибиздин аякка кеткен бир жакыныбыз бар да: же атабыз, же агабыз, же дагы бир жакын тууганыбыз. Ыйлап жаткан да ошолор эске түшүп, ошолор козубүзго элестеп кетчү. Ошондон го кээде чоңдор токтосо да, биз, балдар, токтобой ыйлай бере-

биз. Андайда улуулар жаныбызга акырын басып келишип: «Койгула, садагалар, койгула!» – дешип, баштарыбыздан сылагылай беришип, араң сооротчу болушту.

Ошентип, ый деген эмне экенин биз, балдар, ошол апаат жылдарда түшүндүк. Мурда көрүп жүргөндой кошогонүн артында керилип жаткан өлүк жок болсо да алигидей «кара кагаз» келген жерге боз үй которуп жүрүштү. Аялдар анын ичине кирип алышып, сооктүн жанында отурушкансып, кыбылага карап ыйлашат. Эркектер анын сыртында туруп окүрүшөт. Олгон кишинин гана жансыз денеси жок, калгандары мурункудай эле.

Ырдын да эми кошокко жол бергенин алиги «кара кагаздар» кобойгон сайын түшүнүп аттык. Эч бир заманда ошол торт жыл ичинде айтылганча кошок айтылбаса керек деп жүробүз алиге чейин. Жапар менен жолугушканда азыр деле соз кылганыбыздын бири – ошол жылдарда угуп, жүрөгүбүз эзилген кошоктор, Бектору жеңенин жүрөктү титиреткен авазы!.. Ооба, жүрөктү титиреткен авазы!

Баягыда гүл жыттуу жайлоонун айлуу түнүндө көңүлдү кокко эргиткен аваз эми жүрөктү эзгилеп, кыйнап, титиретчү болду. Ыр – ыйга айланганда ушинтет тура. Биз эңсеген, сагынып күндө уксак деп самаган ыр күтпөгөн жерден минтип кошокко айланып кетээрин эч кимибиз ойлогон эмеспиз.

...Бектору жеңенин кошогун биринчи жолу Жанызак акеден «кара кагаз» келгенде уктук.

«Мен болбосом, экоон жүрмөксүң Күкүк менен Зейнектей алыстан үн алышып. Рыскулду шаштырып, силердин айлыңарга кочүрүп барган менмин сенин кабарыңы уккандан кийин. Мына ошол акым үчүн мага да озүндой ырчы кыз табасың. Ансыз үйлонбойм» деп жүрчү эле Жанызак аке. Жолуккан сайын эле: «Жеңе, (ал Рыскул акеден үч-торт айлык кичүү экен да) таптыңбы?» деп тамашалай берчү» – деп муңайган Бектору жеңе бир жолу ал тууралуу соз болуп калганда.

Ошол Жанызак аке курман болуптур. Чоңдорду ээрчип, аныкына да бардык. Алардын жанында туруп, жоктоп ыйладык. Бой жетет деген ушу го. Улуулар сени менен эсептеше баштагандан тартып, бой жеткениң ошол окшойт. Согуш башталгандан бери колхоздун табелчилеринен тартып, башкармасына чейин биз менен кадимкидей сүйлөшчү болду. Мурда чоңдор гана аткарчу жумуштардан эми биз окшогон бала-бакырага да тапшырыша башташты. Бригадир деген немелердин ооздорунан аттарыбыз түшпой калды. Сабактан кийин ошолордун карамагындабыз.

Мезгил ошентип, бизди эрте жетилтип жаткансыды.

Жапар экообүз жанаша туруп ыйладык. Дайыма ушинтип туруп ыйлайбыз. Ал экообүз колхоздун жумушун да жанаша жүрүп иштейбиз. Талаада түнөп калсак да бирге түнөп, келсек да бирге келебиз. Согушка да бирге барабыз деп коёбуз анын дагы канчага

созуларын билгендей. Моюндашып андан да айлыбызга бирге кайтабыз. Бектору, Казтору өндүү аттары да уйкаш, оң-түстору да окшош сулуу кыздарга үйлөнөбүз. Андайлар, сөзсүз, табылат. Бизерден табылбаса башка жерлерден табылат. Экообүз издеп жүрүп табабыз. Балалык учкул кыялыбыз ушуларга чейин алып учуп жеткирет кээде.

Эркектер сыртта өкүрүп, аялдар ичкериде ыйлап жатышты.

...Акырында бардыгы токтоп, бир гана аялдын үнү угулуп калды ичкериден. Бектору жеңенин үнү, тыңшап турсак. Дароо тааный албаганыбыз — ырдагандагы аваз менен ыйлагандагы аваз башкачараак экен.

Бектору жеңе копко чейин жалгыз ыйлап калды. Биздин айылдын карыялары деле анын үнүн мурда угушпаган да. Анткени, жаштар топтолуп, ырдап-чордогон жерге алар барышчу эмес. Ошентип, анын авазын биринчи угушуп атты. Ырын эмес, ыйынкошогун угуп жатышты.

Жапар экообүз жашка толгон көздорубүз менен дагы бири-бирибизди тиктешип алдык. «Ыйлап жаткан Бектору деңе» дегенибиз эле мунубуз. «Тым-тырс» болуп калды айлана. «Шырп» эткен шыбыш жок. Ал түгүл эртеден бери сырттан, ичкериден ыйлагандарды коштогондой «торт көз» деген ит «ов-ов-ов» деп үрүп жатты эле, азыр ал да жашын кылгыртып, мойнун сунуп жатып калды. Чондорду туурап беридеги беридеги бир доңгочко жанаша кочүк баса берген Жапар экообүз аны да корүп турдук. Ал да эми бизге окшоп, үн-созсүз ыйлап жаткансыды. Ал да эми Бектору жеңенин ыйына кулак түргонсүйт. Ал да мурда муун-жүлүндү аралап кеткен мындай мундуу авазды укпаса керек. «Торт көзгө» да бул ый алыста, белгисиз жерде түболүкко калып кеткен ээсин элестетти окшойт. Кай маалда, кайдан келбесин, аттан түшоору менен алдынан чыгып, уч жагы үрпөгөй куйругун шыйпандата, оозумурдун жалагылап эркелечү аны Жанызак аке ар убак балачасынан башынан сылап отконүн көрүп жүрчүбүз. Ээсинин ошол мээрбан жоругун эстеп атат го деп жорудук Жапар экөөбүз иттин жашка мелт-калт болгон көздорүно карап. Тигинде-мында үңкүйүпүңкүйүп отурушуп, жер чукуп, жаш чуурутушкан мына бул адамдардын эсине да Бектору жеңенин ыйы көптөрдү салып жаткансыды... Жең учтары менен акырын-акырын көздөрүн сүртүшүп, «шорр», «шорр» эттирип мурундарын тартып коюшат. Ый күчогондон-күчөй берди.

Жаштайынан эл деген,
Намысты колдон бербеген
Азамат элең ары бар
Алыска колду сермеген.

Кайда өчтү экен жалыныҥ
Өмүрдүн өтпөй жарымын.

Айлыңа жетпей калгыдай
Ушунча кыска беле арымың.

Калк алкышы калкалап
Калбадыбы башыңы?
Көрбөдүбү жоо огу
Күлгүндөй курак жашыңы.

Сагынып күткөн кыз калды,
Саймасын бүтпөй уз калды.
Сага деп тиккен жоолугун
Суна албай ичте «тыз» калды.

Тамашаң турат жадымда
Таңда-кечте күлдүргөн.
Түндүгү түшсүн душмандын
Тилекти минтип бүлдүргөн.

Түгөйлордой ээрчишип
Жүрчү элеңер эки дос.
Ажыратты жоо келип,
Келбесең, эми кайыр кош!

Сумсайып калды тоо-ташың,
Салаалап агат көз жашым.
Өлүмгө кантип көндү экен
Жашоого кумар жаш башың.

Мүрзөңөн жыпар гүл онсүн,
Жанында пери түнөсүн.
Түбөлүк калат жүрөктө
Жаштыктай жаркын мүнөзүң.

Асти Гитлер оңбосун,
Бөксөргөнү толбосун
Ал дүйнө кеткен жан курбу
Эми периден болсун жолдошуң.

Ох-ох-о-о-у-у-ах!.. деп, Бектору жеңе эчкиргенде ыйдын салмагынан бут астыбыздагы жер майышып жаткансыды...

Копчүлүк деген көпчүлүк экен да. Боз үй толо отурган катындардын ичинде да биздин Калча оңдонгон куйма кулактары бар го, алиги ыйдын бирден-экиденин ошол замат илип кетип, кийин биринен бири кураштырып отурушуп, андагы Бектору женеңин оозунан чыккан бул кошоктун создорүнүн кобу алар аркылуу элге тарап кетти. Тараганда да «Бекторунун Жанызактагы кошо-

гу» деген ат менен тарады. «Анын ырчы кыз» анан «ырчы келин» деген атынын «кошокчу келин» деген атка өтүшүнө да биринчи ушул кошок себеп болгонсуду.

Улуулар аңыз кылып айтышчу кошокчулар туурасында уккан элек. Айрыкча атак-даңктуу кишилер өлгөндө, эгерде алардын оздорүнүн кыз-келиндеринен андайлар чыкпаса, башка жерден болсо да ат жиберип алдырышып, апталап кошок айттырышканын, ошол аркылуу дагы бир жолу аркы дүйнө кеткенди даңазалашканын укканбыз. Бирок, бизге алардын баары ошол эски заман менен кошо кайра келгис болуп кеткендей, кайталанбай тургансып сезилчү. Ошондуктан, андайларга мектепте агайларыбыз кайра-кайра түшүндүргөндөй «эскинин калдыгы», «өткөндүн саркындысы» катары кайдыгер мамиледе жүрчүбүз. Канча күн ыйлашса да үндөрү кардыкпаган, тескерисинче, ыйлаган сайын аваздары ачылган, бир айтканын экинчи кайталабаган ал кездин кошокчу катын-калачы да өз заманы менен кетип, түбөлүккө жоголгондой, ал эми биздин заман, биздин доор дагы эле ошол агайларыбыз сабактарда күн сайын чарчабай айта беришчү жалаң жыргалдан, оюн-зооктон, картайбас жаштыктан тургандай мээбизге сиңе баштаган эле да.

Бу жолу да өткөндүн ошол кошокчулары тууралуу кеп козголду. Буга Бектору жеңенин кошогу себеп болду. Анын ыйын укканда кийин, кайсы айылдан, кандай уруудан экенин билип алышкан соң, башка коңшу айылдардан келген кишилер: «Түшүнүктүү, түшүнүк-түү. Илгертен эле атактуу кошокчулар ошол уруудан, ошол айылдан чыгып жүрүшкөн, тегинде бар турбайбы» деп жатышты. Мындан улам биз дагы көтөрүлө түштүк. Андай оозго алынган келин биздин айылдык, а түгүл биздин жеңе болуп калганына көтөрүлө түштүк. «Ый – өлүктүн шааниси. Андан өлгөндүн баркы көтөрүлөт. Тирүүлөрдүн зыйнаты артат» дешип, оздорүнүн айлында мындай кошокчунун жоктугуна окүнүшкөндөй келгендер тамшана тарап жатышты.

...Кийин билсек, бу Бектору жеңенин биринчи кошок кошкону экен. Жанызак аке анын күйөөсүнүн айылдашы гана эмес, жакын досу экенин ошол көмөкөй жарып чыккан ыйы аркылуу билдиргени тура.

* * *

Айлар өтүп жатты. Согуштун экинчи жайы да келди. Жумуш. Жумуш. Эгини бышып, дан жыттанган талаалардан ай жарыгында бир оокумга чейин шартылдаган чалгы ороктордун үнү угулуп турат. Орокчулардын көбү аялдар. Анча-мынча калган эркектердин көбү кырманда. Аларга жардамдашкан биз, балдар. Орокчулардын арасында Бектору жеңеге окшогон жаш келиндер, бойго жеткен кыздар да бар. Бирок, мурункудай аларды ээрчиген шатыра-шатман күлкү, бирин-бири чымчылаган азил-тамашалар

жокко эсе. Биздин айылдын балдары мындагы кыз-келиндердин маанайын Бектору жеңеникине карап, билебиз. Толгобуз ошо. Аның каш-кабагы бүркөөбү, демек, башкалардыкы да ошондой. Аны көргөн сайын дагы эле баягы айлуу түн, теребел ак шоолага чайылып, ыр-күүгө магдырап, тоо-ташка, булак-сууларга чейин оз шоокумдарын токтото салып, биз тарапка, Бектору менен Рыскул акеге сук артып отурган биз тарапка, жаштык оту алоолонуп, жалыны көк төшүн аймалап жаткан тарапка кулак түргөнсүгөн учурду сагынабыз. Ага катышып калган балдар жана кыздар иш үстүндө жүрүп, дагы эле ошол кезди коп соз кылабыз.

* * *

Жанызак акеден «кара кагаз» келгенине төрт ай отпостон Жапардын агасы Алымкул деген атасындай чийкил сары жигиттен (Жапар атасына окшоп кара тору эле) «кара кагаз» келди. Биздин жакын туугандардын урушка кеткен балдарынан биринчи келген «кара кагаз» ушу. Менден улуу перзенттери кыз болуп калышканына менин ата-энем согуш башталгандан бери ыраазы.

Алымкул менен Жапар эле – ата-эненин тапкан перзенттери. Арыктыгынанбы, мойну коркоюп узун көрүнчү алардын атасы Ысман аке да «иш фронт» дегенине кеткен. Ошентип, Жапар энеси экөө эле калган болчу үйдо. Ысман акеден кат келип турат.

...Ал күндордо Жапар канча ыйласы, мен да ошончо ыйладым окшойт. Бу сапар экообүз тең чондордун жанында аларга окшоп борубузга таяк таянып туруп ыйладык. Эл басылса да Жапар экөобүз басылбадык. Экинчи күнго араң жетиптир үнүбүз. Анан добушубуз бүтүп калды. Тамагыбызды айрып алыптырбыз. Бирок, көздорубүздон жаш токтогон жок.

Бектору жеңе экинчи күнү боз үйдон сыртка чыкты. Биздин чырылдаган үнүбүз угулбай калгандан улам кабар алганы чыккан го. Кыйылдап-чыйылдап таягыбызга салмагыбызды салып жаңаша турган экообүздү алмак-салмак а дегенде башыбыздан сылады. Анан Жапарды бооруна тарта берип, кошуп жиберди:

Ыйлаба, Жапар, ыйлаба,
Жаш жаныңы кыйнаба.
Алымкулдай эрлердин
Аттары калды кыйлага.

Көз жашыңы аарчыгын,
Унутпайт эли баарчынын –
Керек кезде аянбай
Калкына берген жаштыгын.

Ошентип, биздин айылдын да четинен кетиле баштады. Жоо беттеп барууга жараксыз болгондуктан мында калышкан карыя-

лардын эки колу жакаларында. Үрпөйүп кулак түрүшот. Бүгүн бул. Эртең дагы кимиси: «Балам! Кулунум! Чырагым!» – деп боздоп турат эшик алдында? Дагы кимдин биз куруктуу балдары чоңдорчулап белдерине белбоо байлашып, боорлоруна таяк таянып: «Акем ой, Акем ой! Эми кайдан кором ой»– дешип ушул согуш деген кесепет айыл аралап киргенден тартып, жашына азырынча ылайык эмес создорду айтып, чырылдап ыйлап турушат? Муну эч ким билбейт.

6

Согуш жылдарында биздин айылда «Баланча келиндин күйөөсүн узаткандагы ыры», «Түкүнчо кыздын уруштагы жигитине жазган салам каты», «Курман болгон жоокердин жарынын кошогу» деген ондүү аты да, мазмуну да башка ырлар, укканда көңүлдү муздатып, каңырыкты түтоткон ырлар көбөйүп кетти. Кийин билсек, аларды жаратып жүргөн да биздин Бектору жеңе экен. Рыскул аке кеткенден бери ырдабай калды дебедик беле. Корсо, аваз чыгарып, демейдегисиндей шаңкылдап ырдабаганы менен ыр жаратканын токтотпоптур. Анын бул жөндөмүн билип алышкан келин-кыздар талаа-түсто иштеп жүрүшүп деле оздорүно керектүүнү анын оозунан жазып алышат экен.

Уруш бүткондон бери далай мезгил отсо да Бектору жеңенин ошол жылдарда жараткан андай «салам каттарынан», «кошокторунан» алигиче эл оозунан түшпой жүргөндөрү бар.

Кат жазамын алыстан,
Уялам – издеп барыштан
Эр аталып келе кор
Кан күйгон ошол Батыштан.

Кат жазамын алыстан
Билесиң да, – Калыстан
Эзелтен эле эрдердин
Колунда найза карышкан.

Калк таламын талашып,
Тулкуна зоот жарашып,
Түпоктүү найза сунушуп
Токой, суу, тоону тең ашып.

Бел чечпей откон жигиттер
Жоо келсе басып жерине
Баш кетсе – кеткен андайда
Бирок намыс кетпеген.

Ошолордой боло көр,
Купулга элдин толо көр.

Бул Калыс деген өспүрүмдөр менен окучу жылдызы төгүлгөн кара тору кыздын Жапаркул деген жигитине жазган каты. Бул ыр эл арасына тарап кеткенге чейин тиги эки жаштын ортосундагы ынактык мамилени мындагылардын эч кимиси билген эмес экен. Бул «салам кат» да Бектору, Калыс менен ийиндешип, талаада чогу иштешчү кыз-келиндердин оздорү аркылуу тараптыр.

Согуш жылдарында кан майдандан жигитин, же күйоосүн күткондордон бактылуу, жолдуу аталгандардын бири кийин ушу Калыс болду дешип жүрдү мындагылар. Анткени, кеткенине үчүнчү жыл дегенде каш-кабагы салыңкы, бирок эстүү-акылдуу деп эсептелген Жапаркул алты саны аман келгендердин бири болду. «Контузия» дегенге чалдыгыптыр. Жакын жерде жарылган бомбанын эпкини тийген имиш. Ошондон бир аз кекечтенип сүйлоп калыптыр. Башы да билинер-билинбес калтырап турат. Мунусуна карабастан Калыс ал келгенден кийин бир ай өтпөй аны менен баш кошуп алды.

Кошоктордон Бектору жеңенин «Жанызактагы кошогунан» кийин «Үрпашанын кошогу» дегени ушул убакка чейин айтылып келатат.

Баланы тороп, убайын
Энелер көрбой калгыдай
Айтчы, аларда не жазык
Тирүүлөй ортко жангыдай?

Кара жоолук салынып,
Карага дене малынып
Калгыдай бизде не жазык
Кайгыга эрте багынып?

Жапайы бекен элеси
Китлер деген немеси
Ким болду экен энеси
Кара таш баскан денеси?

Ким болду экен атасы
Каргыш бекен батасы
Же желмогуз бекен жети баш
Жеген сайын карды ач?

Кантип эне эмизди
Ошол аты жаман немисти?
Баскан изи кан болуп
Далайга салган кейишти?

Аты өчсүн ылайым
Жексен кылсын кудайым
Жалгызыман айрыган
Каптасын жоону убайым.

Жалгыз уулу Өмүркулунан айрылган Үрпаша эненин уруш башталгандан кийинки жоругун айтышып, айылдын кишилери азыр деле күлүшүп да, жашып да алышат. Анткени, эринен эрте жесир калган ал кызыл эт жалгызын бооруна баскан бойдон, башка эрге тийбептир. Ошонусу он тогуздан жыйырмага карап, колхоздун белдүү бир кишисине айланып калган. Жашына карап эртели-кеч баласы да кетээрин билген эне чакыруу кагазын алып келчү чабарманды жазгырыш үчүн күн сайын айылдагылардын бироонукүно баласын ээрчитип кетип калат экен. Үйүно кулп салып коёт имиш. Энесинин бул жоругуна ичинен күлгон баласы бирок, анын ыгынан чыкпаптыр. Кимдикине ээрчитсе бара бериптир. Энесинин айтканын башынан такыр эки кылбаган Өмүркул, андай жол менен «кутулуп» кетүүго болбосун билген го, апасы ээрчитип барган үйдүн ээлерине мыйыгынан күлүп, көзүн кысуу менен андай «кыдырууну» озунчо түшүндүрүп жүро бериптир. Ошентип, Өмүркул үч-торт ай жүрүп калыптыр чакыруу кези жеткиче. Ушу мезгилдин ичинде апасы айылдын айрым үйлорүно (озүно жакыныраактарына) эки-үч жолудан баласы озү айткандай «суук кабардан» качырып алып барганга үлгүрүптүр.

Өмүркул жоногондо энелерден ошол гана барыптыр баласын ээрчип райондун борборуна чейин. «Үрпаша аскерге жоногондордун арабасы козголгондо боюн баласы түшкөн арабанын астына урган экен, араң сууруп алышыптыр» деп айтканынан да укканбыз.

Ал эми Өмүркулдан «кара кагаз» келгенде тиги «Балам» деген-ден башка сөз айтууга жарабаптыр. Эси ооп, эсине келгенде ошол жалгыз создү айтып коюп гана жата берген имиш чала олүк жандай. Кошконду билбейт экен. Балам олот дегенди оюна да алган эмес го. Ошондо алиги айылдын салт-нусканы билген карыя катындары Бекторуну бир түнү менен анын жанына отургузушуп, тиги кошокту Үрпаша энеге үйротүшкон тура.

Өзүнүн аялдык парзы деп эсептеп калдыбы же андай жерден коодонүн тиреген бугун чыгарып алганга конүп кеттиби, айтор, Бектору жеңе да курман болгондордон кабар келген жердин баарына улуулар менен кошо бара берчү болду.

Бара-бара алигидей «кара кагаз» келген үйдогү ызы-чуу акырындап басайып отуруп, аягында бир гана үн чыгып калат. Бектору жеңенин үнү. Табийгат ага канча ырдаса да, канча ыйласа да кардыкпай турган үн берген беле, анысы дайыма тунук, дайыма бийик.

Бектору жеңенин кошогун эки-үч жерден угушкандан кийин айылдын башка катындары да бирин-бири этектен тартыша, кап-

талга нукуша: «Токто, Бектору ыйласын. Ошонукун угалы» – дегенге отүшкон. Сырттагы эркектер да ооз ачып-ачпай өкүрүктөрүнүн аягына чыгашы турган болушкан. Муну да алардын өз ара сүйлөшкөнүнөн билип алдык. Бардыгынын мындай жерде айтаарын ошол айтып бере тургансып, биздин Бектору жеңеге жол берип, оздору дем тарпай отуруп калышат.

Тууруңар мында, өзүңөр
Кайдасыңар, баарчындар?!
Биз көрбөгөн, билбеген
Жайдасыңар баарчындар.

Түнөк мында, өзүңөр
Кайдасыңар, шумкарлар?!
Силерди күтүп кишенейт
Мамыда туйлап тулпарлар.

Селкилер жолду тиктешет
Силер кеткен сапарга
Үмүтүн үзбөйт жеңелер
Кайрылат деп катарга

Энелер чачы агарды
Сагынып жоокер балдарын.
Келсеңер экен өчүрбөй
Үмүттүн күйгөн шамдарын.

Өлүмдүн да олүмү болот тура. «Беймаал олүм», «бөөдө олүм» дегендерди да ошол жылдарда билдик. Ооруп-сыркап жүрүп же карылыгы жетип өлгөн менен дейди октон учкандын айырмасы асман менен жердей тура. Андай өлүмдүн күйүтү да күчтүү экен. Ооруса – багып, картайса – жөлөп-таяп жүргөнгө карабай коз жумса, анан оздору айткандай колдору менен жуып-чайып, ак кепиндеп жерге коюшса, көкшүндөрү сууп, ага акыркы жолу ата-энелик же бир туугандык кызматын өтөп койгондой жеңилдей түшүшөт тура. Ал эми «согуш» деген балакет адамдарга, айрыкча жаштарга алиги «беймаал олүмдү», «бөөдө олүмдү» алып келген тура. Чондор айтып жүрүшчү ок «жамгырдай жааган» жерде мерт болгондордун баары ушундай олүмгө туш болгондор экен да. Андайлар туурасында улуулар: «Бу турмуштан көрөрүн – көро электе, билээрин – биле электе, жашаарын – жашай электе тентек бала үйлоп жиберген чырак отундай «жалп» этип өчүп калса, алардын онтогон үнүн, акыркы сөзүн укпасак, мындан өткөн арман барбы!» – дешип, ооздорунан кок түтүн бүркүшкөнүн угуп, көрүп, биз, балдар да, жашык болуп кеткенсидик. Аларга кошо муңая берчүбүз.

Кийин билсек, Бектору жеңе уруш жылдарында жоо беттеп жүргон күйөөлөрүнө же сүйгон жигиттерине ыр менен салам кат, аякта мерт болгондордун жаш жарларына кошок жазып бербегени аз экен. Бирине жазып берсе, калгандары андан көчүрүп алып жүрүптүр. Тагдырлары окшош эмеспи алардын. Демек, бирине ылайык келгени башкасына да жарай берет экен.

Каттарды көбүнчө биз, балдар, мектепке жакын жердеги почтодон алып, ээлерине жеткирип жүрбойбүзбү. Келин-кыздардын аларга жазган жооптору да биз аркылуу почтага барат. Ошентип, алардын мазмуну менен биз биринчи таанышабыз. Мунубузду деле билишет болуш керек. Бирок, үндошпейт. Торт-беш чакырым жердеги жалгыз почтага оздору барышмак беле.

Талаада жүрсом ырдаймын,
Жок, ырдабайм, ыйлаймын.
Таап бер деп жарымды
Тагдырды кыстап, кыйнаймын.

Төшөккө жатсам жалгызмын,
Түшүмдө далай баргыздың
Ойгонсом мында, сен анда
Көзүмдүн жашын агыздың.

Сагыныч каптап жүрөктү,
Коркунуч каптап тилекти
Кыйнаганда караймын
Сен жиберген сүроттү.

Ошол көп каттардын биринен эсте калган ырлардан бу саптар да. Биздин айылдын дагы бир жаш келиндин кан майданда жүргон күйөөсүнө жазган салам катынан бу.

* * *

Кайгы көбөйсө, ага кишилердин коктук менен корсотчү каршылыгы да күчөйт окшобойбу. Үчүнчү жылга баратат мындагылар айткандай батышта кызыл кыргындын жүрүп жатканына. «Кара кагаздар» көбөйдү. Бирок, ый азайгансыды. «Жаамы журт башына түшкөн мүшкүл экен. Ыйдан тапкан пайдабыз кайсы? Же андан «кара кагаз» азайдыбы? Жок ал кайра көбөйдү. Же өлгөнүбүз тирилип келдиби? Жок! Андан көрө кайрат кылалы. Акыры башта бир өлүм болгон соң, мындайда элдин керегине жарап, шейит коомунда кеткенге не жетсин. Кайрат кылалы» — дешип, адамдар, айрыкча, ошол жоокер жигиттерди төрөп чоңойтушкан ата-энелер эми бирин-бири сооротууга өтүштү. Алардын тулку боюна кайрат бүтүп, кек жыйналып, ошондон кайра чыйралып жатышкансыды. Бектору жеңе да баягыдай ээн талаа-

да энесин издеген ботодой жалгыз үн созгонун койду. Башкалар менен ыйын кошо баштап, кошо токтой турган болду. «Ылайым эле такыр ыйлабай калса экен» деп жүрдүк биз ичибизден. Анткени, анын жер жарып чыгып аткансыган мундуу үнүнөн жүрөкзаада боло баштаганбыз.

Бектору жеңе Рыскул акеге жалаң ыр менен кат жазар эле. Жапар экообүздон жашыруун анын эч нерсеси жок. Жазып жатканда үстүнөн чыгып калсак, анысын бизге окуп берчү. Кап, балалыкты карабайсынарбы, антпегенде ошолорду көчүрүп алып жүрсөк, кийин өзүнчө китеп болмок экен. «Бектору жеңенин ырлары», «Бектору жеңенин кошоктору» деп атайын дептерлер ачканыбызда, азыр аларды жалпыга жарыя кылмак экенбиз.

Көрсө, жеңебиздин өзү деле бала тура. Жыйырмага жетип-жете элек курагы. Анын деле а кездеги акылы келечек жөнүндө ойлоого жетпесе керек. Антпесе, Рыскул акеге жиберген ырларын көчүрүп калууга өзү эринсе, Жапар экообүзгө тапшырбайт беле. Ар жолу анын жүрөгүнөн жаралган ырлары Рыскул акеден калган көп дептерлердин ортосунан чыгарылган эки барак ак кагаз бетине түшүп, алыска кеткен бойдон, кайрылып келчү эмес да. Ооба, Бектору жеңе дайыма эки баректын төрт бетине толтуруп жазчу ырды. «Эгерде Рыскул аке аларды катып жүрсө, согуштан кайткан айылдаштарыбыз көторүп келип жатышкан капчыктарга окшош капчыгы эчак толгон болуш керек» – деп соз кылып калабыз кээде Жапар экообүз.

Бектору жеңенин бир жолку катын Жапар экообүз чонтогубүздо үч-төрт күн алып жүрүп, анан жөнөттүк. Аны алмак-салмак окуп жатып, жаттап алган соң гана почтага салдык.

Аргымак минсең жарашкан,
Алды-артынан карашкан.
Эр болсо бизге кана деп
Кыз-келин сени талашкан.

Талашса, мейли талашсын,
Карашса, мейли карашсын.
Аман-эсен келе кор
Боюңа боюм жанашсын.

Суусарды кийсең жарашкан,
Суйсала бассаң карашкан,
Сук артып далай кыз-келин
Сыртыңан сени талашкан.

Талашса, мейли талашсын,
Карашса, мейли карашсын.
Катылган жооң жеңилип
Айлыңа кудай жол ачсын.

Талаадан жумуш кайнаган
Торгойду көрсөм сайраган
Өзүңөн кабар бергенсип
Шанданат дайым айланам.

Гүл ичинен жайнаган
Булбулду көрсөм сайраган
Сен жанымда жүргөнсүп
Көңүлүм тынчып, жайланам.

Келе көр, жаным, келе көр
Кайрадан колуң бере көр.
Кан издеп келген душмандын
Энчисин эрте бере көр.

Таңды-кечти карытып
Караймын келээр жолунду
Душманды жеңип келди деп
Кармасам экен колунду.

* * *

...Жок, Бектору жеңеңин да тилегин тагдыр бербеди. Көптордүкү сыяктуу эле торт жыл бою анын да көкүрөгүн уялап, жүрөгүн жылытып келген үмүтү таш капты. 1945-жылдын март айынын аягы ченде Рыскул акеден «кара кагаз» келиптир. Биз Жапар экөөбүз шаарда окуп калган элек анда. Мында орто мектеп жок болгондуктан жетинчини бүткөндөн кийин эле бирибиз айыл чарба техникумуна, экинчибиз педагогикалык окуу жайына кирип кеткенбиз. Ошентип, келечекте мен Рыскул акемин жолун жолдоп, мугалим болмокмун. Ал эми Жапар зоотехник адистигин алмак.

Бектору жеңеңин башына кара жоолук салынып, эрин жоктоп бир аптага жакын таң аткандан күн батканча тынбай ыйлаганын ошентип, Жапар экөөбүз укпай калдык. Экообүздү чакырышпаптыр окууларынан калышпасын дешип. Нары жол алыс да.

Кийин Бектору жеңе Рыскул акеден келген акыркы катын жайкы каникулга келген Жапар экөөбүзгө көрсөттү. Окудук: «Бекторум! Экөөбүздүн жүздөшор күн да жакындап калды окшойт. Азыр солдаттардын, офицерлердин оозунан түшпөгөн сөз эле — Берлин. Ага биринчи болуп кирүү жөнүндө. Мен командалык кылган ротанын жоокерлеринде да ошол — тилек. Менин озумдо да. Бирок, атын укса бешикте уктап жаткан бала чочуп ойгонгон «фашист» дегендин уюгун басып кирүү, ошону менен анын урандысынын үстүнө көчүк басып отуруп, алыста-алыста калган элди жерди, жакындарды, сендей сүйгөн жарды эстөө шыбагасы ошону эңсеп-көксөгөн миндеген жоокерлерден, командирлерден кимибизге буйруйт, аны бир кудай өзү билет. Бирок, үмүт, тилек менен жашоо жанга төтө экенин ушу согуштун жан кейиткен оор жылдарында айрыкча түшүндүм.

Согуш ошентип, бүгүп жатат, буга эртеңкиге ишенгендей ишенип калдык. Сенин ыр менен жазылган каттарың солдаттык баштыгыман артып, чөнтөктөрүмө, коюн-колтугума, өтүк кончторума чейин толуп кетти. Сага быяктан алып барар башкы белегим — ошол озүңүн каттарың болот го. Баягы жайлоодогу айлуу түн эсиндеби?! Менин эсимде! Аман барсам, ал түндү дагы бир жолу кайталайбыз. Даярдана бер! А дегенде — авазыңа, анан өзүңө ашык болгон Рыскулуң» — деп коюптур каттын аягына. Катты Жапар үн чыгарып окуду. Аны угуп турган Бектору жеңем ыйлады. Бирок, көздөрүнөн жаш чыккан жок. Бети-башынын бырышыптырышканынан гана көрүп турдук ыйлаганын. Үн чыгарып бир нерсени айткысы келди — үнү да чыккан жок. Анын ордуна шыбыш гана угулду.

Бектору жеңенин жашы да түгөнгөнүн, авазы да очкөнүн ошондо оз көзүбүз менен көрүп, кулагыбыз менен уктук. Мындан мурда барган каттардан Рыскул акеден «кара кагаз» келгенде Бектору жеңе бир аптача таң тыяктан өөк салгандан тартып, күндө ыйлап жүргөнүн, анан бир күнү эле үнү тып токтогон бойдон, экинчи угулбаганын, көрсө, күчүрконо ыйлагандан комокойу түшүп калганын Жапар экөөбүзгө жазышкан эле. Бүгүн ага озүбүз күбо болдук.

Баягы биз суктанчу Бектору эмес, азыр биздин жаныбызда солөкөттөй селейген арык келин турду. Аны тааныбай жаткансып, кайра-кайра бутунан башына чейин карай берип, анан Жапар экөөбүз ыйладык. Бектору жеңенин бизге кошулуп дагы ыйлагысы келди окшойт, бирок арыктаганга алайып чоңоюп кеткен көздөрүнөн дагы эле жаш чыккан жок. Мыңкылдап мурдунан чыккан создорго да түшүнгөн жокпуз. Ошондуктан аны көрүп турган козүбүзгө дагы эле ишенбей жаттык. Биз билген, биз коргон Бекторуга такыр окшобой калыптыр.

...Бирок, эки айга созулган каникул ичинде анын Бектору жеңе экенине, озокту орттогон күйүт аны ушинтип өзгөртүп таштаганына ишендик.

...Ошол-ошол болду, Бектору жеңенин ырын да, ыйын да укkан жокпуз. Алардын баары биз билбеген, биз көрбөгөн чоочун эл, чоочун жерде Рыскул акебиз менен кошо ок жеп, анан денеси менен кошо топурак астында калгандай сезилди...

Рыскул акеден башка перзенттери жок кайната, кайненесин аядыбы, же күйөөсүнө болгон аруу сүйүүсүн башка бироо менен болүшкүсү келбедиби, Бектору жеңе жыйырма экиге караганда жесир калган бойдон экинчи эрге тийбеди. Кайната, кайненеси олгондон кийин коколой башы калып, алардын үйүндө турмуш кечирүүсүн улантып жүрүп, жакында өзү да көз жумду. Бу кезде кызмат өтөп жүргөн Жапар экөөбүз да а кишиге топурак салганы эки жактан келдик. Бектору жеңени, Рыскул акени, баягы жайлоонун айлуу түнүн, угулганда айлананы шандантып жиберчү авазды, катаал согуш окуяларын дагы бир жолу эске салдык. Анын натыйжасында мына ушул повесть пайда болду...

АШЫГЛЫКТЫН АКЫНЫ

Эки илебиң кызыл гүл
Ачылгандай, Молмолүм,
Бир карасаң жүрокко от
Чачылгандай, Молмолүм.

Мандай чачың Маргалан
Жибегиндей, Молмолүм,
Сенин ышкың баланын
Тилегиндей, Молмолүм.
Гүлзар кылчы жүроктүн
Какшып жаткан чолдорүн.

ЖЕ:

Чыныга куйган бал болсоң
Чымындай ага малынсам.
Чыгалбайжатып ошондо
Чын озүнө багынсам.
Чыгарып койсоң боор ооруп
Чырагың болуп жагылсам.
Алты оролуп мойнуңа
Ак маржан болуп тагылсам.

ЖЕ:

Ашыгың булбул мен болуп
Арзыган жарым сен болуп
Айланып учуп келип мен
Чарбагыңа коноюн.
Чарбагыңан учурсаң
Өрмогүңө коноюн.
Өрмогүңөн учурсаң
Койногүңө коноюн.
Койногүңөн учурсаң
Саамайыңа коноюн.
Саамайыңан учурсаң
Мандайыңа коноюн.
Мандайыңан учурсаң

Кабагыңа коноюн.
Кабагыңан учурсаң
Сагагыңа коноюн.
Сагагыңан учурсаң
Тамагыңа коноюн.

ЖЕ:

Аты эмес озү алтын.
Аземдеп айткан созү алтын.
Алчадай кара козү алтын.
Осмо койгон кашы алтын.
Он сегизде жашы алтын.

ЖЕ:

Бириң – дутар, бириң – кыл
Бириң – дастан, бириң – ыр.
Бириң – тандай, бириң – тил
Бириң – жүрөк, бириң – дил.
Бириң – нават, бириң – кант
Бириң – жоомарт, бириң – март.
Бириң – жакут, бириң – зер,
Бириң – сая, бириң – жел.
Бириң – баар, бириң – жай.
Бириң – чолпон, бириң – ай.

ЖЕ:

Көзүм сүйсо миң сулуу,
Көңүл сүйдү бир сулуу.
Көңүл сүйгөн сен болдуң
Корүноо ашык мен болдум.

Улуу Барпы акындын ушундай керемет ыр саптарына кайра-кайра үңүлгөн сайын менин эсиме, эмнегедир, Чыгыштын ар кайсы доордо жашап өтүшкөн, бирок алардын нукура поэзиялары жапжаш бойдон кийинкилерге да көркөм дөөлөт катары кызмат өтөп жатышкан Омар Хайям, Хафиз, Жами сыяктуулар түшө берет. Барпы булардын бири менен да замандаш эмес экенине карабастан, демек, алардын акындык мурастары менен да (аттарын, балким, эшиткендир)бейкабар экенине карабастан, ошолордун ОЛИМПИНЕ чейин кантип көтөрүлдү экен дейм да!..

Барпы – менимче, баарынан мурда, ашыглыктын акыны. Анын бул жаатгагы ырларын укkан, же окуган киши МАХАББАТ

айлын кайрадан дагы бир жолу аралап, анын СҮЙҮҮ аттуу гүлзарынан кайрадан жаңы гүл үзүп, аңкыган анын сонун жытынан кайрадан дагы бир марта ырахат алып, өмүрдүн ошол эстен кеткис кырчын курагына кайрадан кайтып баруу бактысын башынан кечирери шексиз. Мына ушундай касиети үчүн Барпыдай акындын артында калган эстетикалык мүлкүнө түбөлүккө таазим этүү урпактардан-урпактарга улана берчү түгөнбөс жөрөлгөгө айланаарына күмөн жок.

Ушундай улуу лирик жана улуу философ акынды көзү тирүүсүндө бир жолу болсо да көрүп калганыма, түздө-түз дайрадай жай агылган ырын оз оозунан угуп калганыма дайыма сыймыктанып жүрөм.

...1948-жылдын күзү эле. Мен ошол жылы жаңыдан ачылган Жалал-Абаддагы (областтын борборундагы) мугалимдер институтунун студенти болуп калганмын.

Бир күнү лекциялар бүтүп, институттун короосунан чыга берсек шырыма чапан, көрпө тебетей кийген, бир колуна таяк кармап, экинчисин байбичесине сунган калыбында дөңүрөөк, нары жазы мандайын күндүн кеч күздөн бир аз муздай түшкөн нуруна тоскондой ээгин көтөрө салмактуу жана сабырдуу бут коё орто бойлуу, толмочураак келген Барпы аксакал баратыптыр. Мурда угуп жүргөнгөбү, сурабай эле тааныдык аны жаныбыздан өтө бергенде. Анан ал өзүнө окшоп жылуу кийинген, башына бул жактын зайыптарындай жоолугун чамбар кылып оронгон байбичесинин жетегинде (аялы жетелеп жүрот деп укkан элек) нарыдагы Маданият үйүнө кирип кеткиче тобубуз менен аны узатып карап турдук.

Кечетен бери биерге райондордон, шаарлардан областтык олимпиадага катышчулар келе баштаган эле. Ал жыл сайын откорүлүп (согуш бүткондон бери) дайыма ушу Барпы акындын ыры менен ачыларын да укканбыз. Демек, Барпы аксакал бу жолу да ошого келген.

А киши жанагинтип жубайы менен караан үзүп кеткенден кийин жатаканабызга келип китеп-дептерлерибизди таштап, түшкү тамакка барууга камынып жатсак тыштын комуз үнү угулуп калды. Ага удаа эле ачык турган эшик жактан: «Жунай Мавлянов деген студентти билесинерби? – деген үн чыкты. Бироо ага жооп берди: «Кире бериниз, оң жагыңызга кайрылсаңыз биринчи эшик сиз издеген студенттики» – деп.

Бул – Токтосун Тыныбеков экен. Жанында жылдызы жанган татынкай ак саргыл ирендүү бала жүрот. Токтосун мени менен учурашкандан кийин эле аны менен тааныштыра кетти: «Жуке, бу бала да акын. Силерге коңшу айылдан – Ак-Суудан. Ормонбек Асанов деген. Он алтыга жаңы карады. Башкача айтканда, ал тай. Мени болсо билесиң – кунандан өтүп быштыга карап калган курагым.

Жанагы олимпиада дегенге келдик. Мен ага эки-үч жылдан бери катышып келатам. Быйыл минтип Ормонбекти да болбосуна койбостон ээричите келдим, ал алдына чыгып бети ачыла берсин деп. Кыздан бетер уялчаак. Корбойсуңбу, мен сүйлоп атсам, бу уялып атат кызарып-татарып — деп адатынча тамашасын улантып.

Ушул турушунда Ормонбек мага ого бетер жаш көрүнүп, согуштан келгенден кийин үч жыл окутуп калган мектептеги менин окуучуларымы элестетти.

Аңгыча коншу бөлмолордон агылып башка студенттер келе башташты. Алар коридорго чейин толуп кетишти. Колунан комузун түшүрбогон Токтосун жанагинтип анысын сырттан эле шаңкылдата чертип келиши менен аларды биерге чакырып койгонун ушундан түшүндүм. Ичкериге батпагандары коридорго, терезе тушуна келип тикелеринен туруп калышты. «Токо, кордүңбү элди? Эми ырдап бербесең биерден чыкпай калдың» — десем — «Албетте ырдап берем. Буларга ыр-күү керек экенин билем да. Ошондуктан комузуму ала келбедимби» — деп ал комуз кулагын кайрадан бурай баштады.

Токтосун көпкө ырдады. Залкар күүлөрдөн чертти. Төш чөнтөгүно кутусу менен сала жүргон экен темир комузун, анысын да кагып берди. Студенттер мындай бекер концертке ыраазы болушканын кайра-кайра шатырата кол чабышкандары менен билдирип жатышты.

...Токтосун менен андан эки жыл мурда таанышкан элем. Бозбу-Ата тоосунун аркы өңүрүндөгү Тегене деген айылдык ал Бозбунун берки өңүрүндөгү биздин айылдагы таякесиникине келет. Ошерден областтык, республикалык басма создорго ырларым чыгып жүргондон таанып калган (кийин озү айтып берди бул тууралуу) менин ошол жердеги мектепте иштээримди угат да, анан мектепке келет. Ошондо да анын колунда комузу бар эле. Жаңыдан гана ырдай баштаганын, анын «угуучуларды минтип өзү издеп таап жүргонун да жашырган эмес. Таанышып алгандан кийин анда да мугалимдерге ырдап берген.

Анан эртесинде биздин үйдө да болгон. Анткени, ал күндордо согуштан кайтып келип мектепте иштеп калган Акмат Жоробеков деген жээнибиз Бусаадат Нурманбетова аттуу озү менен бир мектепте иштеп жаткан кызга үйлонмок. Токтосундарды ошолордун тоюна катыштырдык. Токтосун дээрлик түн бою ырдап чыккан ошондо. Анын бүгүн мени издеп келген жону ушундай.

Анын келиши менин эсиме жана эле көчодөн көргон Барпы акынды салды. Ошону менен бирге ага Токтосунду жолуктуруу ою пайда болду. Жаңыдан ырдап чыккан мындай жаш акындардын кишидей улуу акындардан бата алуу салты бар эмеспи эзелтен келаткан, ошол эсиме түштү. Токтосун менен Ормонбекти мейманканага узатып баратып бул оюму айтсам, Токтосун сүйүнүп кетти.

— Анда даярданыш керек да? — деп ал азыр эле аны менен айтыша тургансып, шашып калды.

— Эмненин даярдыгы? Оозуңу ачсаң эле ырың кумдай куюлуп атпайбы — дедим аны кайрадан тамашага чакырып.

— Өрдок жокто чулдук бий болуп жатпаймбы. Мен ким, Барпы ким! Ал деген башкаларын айтпайын «Женижок, айтышаарга теңи жок» — деген менен, Токтогулдай тоо булбулдары менен беттешип жүргон залкарлардан эмеспи, — деди чындап эле эмитен сүрдой баштаганын озгоро түшкон буудай иренинен билдирип.

— Сен аны менен беттешкенде айтышмак белең. Болгону саламдашасын. Өзүңү таанышгырасың. Анан эле бата сурайсын. Шакирт кылып алыңыз дейсин. Анан ал киши жооп айтат ыр менен. Угуп жүрбойбүзбү — дедим бир жагынан анын көңүлүн көтөргүм келсе, экинчи жагынан андан улуураак, демек, бул жагынан да андан көбүроок билеримди түшүндүргондой.

Чындыгында андайдын жол-жобосун озум деле билбеймин. Укканларыма, окугандарыма таянып гана айтып жатпаймбы. Барпы акынды да биринчи көрүшүм дебедимби. Токтосун да аны мурда көрбөптүр. Ошентип, тиги кишинин даңазалуу акын экенин экообуз тең билет экенбиз. Андай акын тигиндей оюбузду жокко чыгарып койсочу? Чын да мен ким, Токтосун ким ал үчүн? Ошентсе да тобокелге салмай болдук. Аны менен жолугушууга бел байладык. Эртеси олимпиада башталмак. Эрте менен эрте келип, а кишини Маданият үйүнүн жанынан күтмөй болдук үчөөбүз.

Эрте менен болжошкон убакытта келсек, Маданият үйүнүн эшиги ачылып калган экен. Ичинде үч-төрт киши жүрүптүр. Алар менен учурашкандан кийин сураштыра келсек булар олимпиаданы уюштуруучулардан — областтык маданият бөлүмүнүн кызматкерлери болуп чыкты. Ошондуктан, аларга кечетен берки оюбузду айттык жардам беришер деген үмүт менен.

«Эгерде силердин тилек ишке ашып адатынча эрте келип калса, мейли, жардам берели. Сахнанын бир капталында кичинекей жай бар, анын кочо жагы дубал менен тосулган. Бери жагынан эшикти жаап коюп ырдаша бересиңер. Укkандар репитиция жүрүп жатса керек деп коюшат. Ошентип, олимпиада башталгыча а киши менен жакындан таанышып алсанар болот» — дешти, кудай жалган, тигилер.

Андан ары биз тилегендей кудай жардамга келди беле, коп отпой Барпы акын да өзүнө окшогон балпайган байбичесинин жетегинде кирип келип калды. Жанагы жигиттердин бири аны акырын каруудан алды, биринчи катарга алып барып отургузду. Анан эшиктен бери аны акмалап ээрчий баскан бизге карап: «Силер сахнага чыга бергиле. Бу адамды мен өзүм алып барам» — деди.

Сахнанын артына алар келгенде Токтосун Ормонбекти ээрчитип барып арыдан эки-үч орундук алып келип коюшту. Анан алиги жигит Барпы акынга карап: «Барпы ата, дагы бир саатча убакыт бар башталышка – деди саатына карап алган соң. – Сизди озум келип алып кетем жакындашканда. Азырынча ушерде отура туруңуз муногу балдарыңыз менен. Булар алыскы Жаны-Жол районунан, илгерки Аксы деген жерден келишиптир. Акын болобуз дегендер экен. Сиз менен олимпиада башталгыча тааныышып алсак дешип кечетен бери ээрчип жүрүшкөнүнөн биз жок дей албадык. Кечиресиз, сиздин сыртыңыздан биз макулдук берип койдук эле. Быягын эми оздору айтышар» – деп анан аны эмне дээр экен дегендей ал тиктеп туруп калды.

Барпы аксакал жана орундукка отургандан кийин башындагы тебетейин (мезгил кеч күз эле) тизесине кийгизип, торткүл ала допучан калган эле, ошонусун азыр кармалай берип: «Майли, майли, козум. Силер каерге отур десеңер ошерге отуруп, ниме кыл десеңер ошону кыла турган букараңарбыз биз» – деп койду акын азилдешкендей түр менен.

Анан тиги жигит: «Баштай берсеңер болот» – дегендей бизге карап көзүн кысты да менин кулагыма: «Жыйырма мүнөттөн ашпасын. Чарчап калат бу киши. Табы да жакшы эмес экен анчадан бери» – деп шыбырап коюп чыгып кетти.

Мен Барпы аксакалдын жанына жылып отуруп анын барбайган жанжалуу колдорун кайрадан кармап, а дегенде өзүмү тааныштырдым; анан Токтосунга жол бердим. (Ормонбек тууралуу өзүнүн өтүнүчү боюнча а кишиге айтпай эле коюуну чечкенбиз). Токтосун да кош колдоп а кишинин колдорун кайрадан кармады да анан эле орундугун анын маңдай жагына жылдыра коюп, комузун күүлөп, анан ырдап коё берди. Алдастап шашканы, сүрдогону үн ыргагынан билинип турду. Токтосун өзүн жетим болуп чоңойгонун, согуш маалында ФЗО дегенден окуганын, анан казак жериндеги Караганда деген жерде комүр казганын, уруштан кийин айылына келип азыраак балдарды да окутканын, бир-эки жылда жаңы жолго кирген баладай бирде жыгылып, бирде тура келип дегендей ырдамыш болуп жүргонүн, кайда туулганын, башкача айтканда, ак тандай акын Женижок, атактуу комузчу Ниязаалылар өткөн жактан экенин айтып келип, өзүндой улуу акындарды ээрчип жүрүп үлгү алсам дегенде эки көзү торт экенин, кудай асмандан тилегенин бүгүн жерден берип бир тилегине жетип отурганын, ошого тобосу кокко жете сүйүнүп атканын билдирип токтоду. Ырынын аягына жеткиче Токтосун эки-үч марта мүдүрүлүп алды. Ал мандай терин аарчып отуруп калды. Анын үнү чыккандан тарта аса таягынын чокмор башына эки алаканын жупташтыра коюп анын үстүно ээгин такай ойлуу отуруп калган чоң акындын сүрү аны тигинтип мүдүрүлтүп да, тердетип да жатканын түшүнүү кыйын эмес болчу.

«Беймаал, анын үстүно эч кандай шарты жок жерден эле бу кишини минтип учурашууга мажбурлап биз адепсиздик кылдык го» — деп мен да ичимден беймаза тартып отурганмын тиги кишинин моло таштай зыңгыраган турпатынан мунубузга эч кандай колдоо таппастан. Жок, жаңылышыптырмын. Мен чоочулагандай ал киши биздин мындай «адепсиздикти» кошуп ырдаган жок. Токтосун басылаары менен уйкудан ойгонгон куштай сергек баш котордү да, аяк-буягын карана акырын-акырын жотолүп койду. Күн нурунда, тентек желге тотуккан жүзүнөн бирок, азыр уккан ырына нааразылыктын белгиси көрүнгөн жок. Анан бир-эки жолу тамагын жасап алып куран окууга камынган молдодой алакандарын жайган калыбында эки санына коомай таштап коюп, биз буга чейин коргон-уккан акындардын (артисттердин) эч кимисине окшобогон аваз-ыргак менен жай ырдай баштады. Аксы тараптан чыккан онорпозду бирден атап, аларга кошуп Түндүктүн, Түштүктүн биз мурда укпаган-билбеген далай акындарын саноо менен акындык улуу салт жаатынан алиге чейин мандай терин кайра-кайра аарчына отурган мандайындагы жаш акынга алгачкы сабакты берип жаткансыды. Акын жолу канчалык татаал, ошону менен бирге канчалык улуу жол экенин эскертип жаткансыды. Энесин коргондо желесин үзгүдой жулунган тайдай болбостон, сабырдуураак болуп, адеп күтүп дегендей, анан кыскараак чаап, бирок, маанилүү-маңыздуу ырдап жүр» — дегендей Токтосунду бираз чымчып да койгонсуду.

Аз эле убакытка созулган ушул жолугушуу озүнүн андан аркы акындык тагдырына канчалык чоң таасир эткенин, ошол күндөн тартып аны ошол улуу акындын ак батасы (ошондогу) дайыма коштоп жүргонүн, ошондуктан анын алгачкы чыгарган овону да ошол Барпы акындан «Молмолүм» деген ыры болгонун Токтосун өмүрү өткүчо айтып-эскерип жүрдү.

—...Ал эми кийинки жылы, тагыраак айтканда, так ошол биз таанышкан маалда (1949-жылдын ноябрында) Улуу Барпы акын катуу оорудан Бишкекте каза тапканда тигиндей күтпогон жерден болгон жолугушууга кубанып да, анан мындан ары анын кайталанбасын эстеп, терең кайгырып да кала бергенмин...

«КАНДАР БАСПАС ЖОЛДУ БАСТЫМ»

Темиркул Үмөталиевдин төрөлгөн айлы – Тоо-Жар. Биздин айыл – Кош-Добо. Бул эки айылды бөлүп турган Чер деген боксо жайлоо бар. Чер – аты айтып тургандай коюн-колтугу токой, болгондо дагы жаңгагы, алмасы, алчасы, алмурутуна чейин ойноо балдардай моюндашып оскон токой. Гүлдорүчү! Май айында барып калсаң тушарды жаап желпилдеген шиберге аралаш оскон түркүн гүлгө бут койгондон аянасың. Булбулдарычы! Эки айылдын малчылары булбул үнүн жыл сайын а дегенде ушул жерден угушат. Бул жердин булбулдары ушунчалык коп, анан ушунчалык мукам үндүү дейсиң!.. Болочок акындын кулагына энесинин бешик ырына кошул-ташыл угулуп, наристе жүрогүно акындык үронүп а деп таштап койгон так ошо Чердин ажайып булбулдарыбы деп да жүром!

Бирок, ал чакан жайлоонун ары жагында ал киши төрөлүп, бери жагында мен төрөлгонүм менен экообүз биринчи жолу согуштан кийин гана көрүштүк.

Мен согуштан оор жарадар болуп кайтып келгенден соң кайрадан мектепте иштеп жатканмын. Согуш бүткон жылдын кышы эле. Сельсовет боюнча бир гана жети жылдык мектеп бар, ошондо директормун. Күндогүдой эрте менен мектепке келсем, мугалимдер да, окуучулар да дуулдап жатышыптыр:

«Темиркул Үметалиев келиптир! Айтикеевдикинде имиш кечетен бери. Кантип жолугушууга болор экен?!» – дешип.

Бул кабар мени да ээликтирди. Китептерин бала кезден окуп, кобүнүн аттарын жатка билгенибиз менен «акын», «жазуучу» дегендердин оздорүн окуучуларыбыз эмес, алардын агайлары биз да коро элекпиз да.

Мен отура калып эле кат жазып кирдим Темикеге. Эмне үчүн анткеними деле билбейм. Айтикеев Роман деген биздин мектеп аймагына жайгашкан «Кызыл-Дыйкан» деген колхоздун башкармасы. Темике менен ал бала кезде бирге кой кайтарышканын (бул да жетим экен), кийин Ак-Суу балдар үйүндо да чогу окушканын озүнон укканым бар. Анын үйү мектепке жакын. Кайра аттанып, аерге заматта жетип барсам деле болмок, а мен болсом минтип кат жазып отуруп албадымбы. Ангыча сырттан бир мугалим келип: «Кетип атышат!» – деп атпыкты. Тышка чыксак, нарыдагы жолдон үч-торт атчан кишилер баратыптыр. Бироо чоочун, нары аскер кийимчен экен. Ошону Темике деп чечтик. Беркилер тааныш колхоздун активдери.

Ошентип, баарыбыз умсунуп кала бердик. Мугалимдер болмосүно кирип, кайрадан мен жазып жаткан жанагы катымы андан ары уланттым. Сабагымын жогунан пайдаланып үч-торт саатка чейин баш котербой жаза бердим. Темике жонүндо ошого чейин эмне билсем, ошонун баарын кагазга түшүргондой болдум. Эмне үчүн? Билбейм. Эмнегедир, эле толкунданып аттым.

Анан чы-гарма жаратып койгонсуп, дептердин сегиз барагына жазып таштаган жанагы катымы танаписте мугалим-дерге да окуп берип атпаймбы! Буга да түшүнбодум... Айлыбызга өзү келип калган чоң акындын бири менен кездешүү мүмкүнчү-лүгү болуп туруп, анын ишке ашпай калганына ызаланып кетсем керек го...

Бу катымы окуп бүткөндөн кийин жашы алтымыштан ашып калган, орус тилинен сабак берчү Касым Салахутдинов (улуту – татар) деген карыя мугалимибиз сурап алды. «Бул катың мага абдан жагып калды, өзүмчо да бир окуп чыгайын. Эртең кайра беремин. Баары бир, бул кат адрестелген киши кетип калбадыбы» – деди. Бердим.

Кызыкты эртесинде укпадымбы. Касым агай (баарыбыздан улуубуз да билимдүүбүз да ошо киши болгондуктан аны: «Агай» деп сыйлачубуз. Жанагы менин катымды алып райондун борборуна барыптыр. Сурамжылап отуруп, Темике кимдикинде экенин да билип алыптыр. Турдубаев Учкемпир дегендигинде экен. Турдубаев – менин ушул райондун борборундагы интернаты бар орто мектептен торт жыл окуганымда кыргыз тилинен сабак берген агайым. Анын бир кезде Темике менен Ош педтехникумунда чогу окуганын, да укkан элем. Турдубаев бу кезде райкомдун үчүнчү секретары болуп иштечү.

Улгайган кишинин кар малтап, кыштын күнү он эки чакырым жерге жөө барып келгенине бир жагынан кубансам, экинчи жагынан уялдым.

Кат колуна тиери менен Темике окуп чыгыптыр. Анан жанындагыларга угузуп дагы бир жолу окуп берген имиш. «Барамын! Сөзсүз, кайра барамын ал айылга ушул жигит үчүн. Буга жолугуп кетпесем болбойт. Бир нерсе чыкчу неме экен» – дептир.

Ушул кабарды билдирүү менен Касым агай жылмая муну кошумчалады: «Уялбай эле кой, директор. Шыгыңы байкап калдым. Ошондуктан, улуу болсом да бир жолу сага кызмат кылып коёюн дедим».

Жок, Темике ал жолу келбеди. Жанагыдай достору үч-торт күн ойнотуп алып жүрүшүп, анан ошондон ары Наманган аркылуу поезд менен узатып жиберишиптир. Айтикеев Романдын айтуусуна караганда кийинки келишинде биринчи меникине келмей болгон имиш.

Ошентип, Темике менен 1950-жылы гана көрүштүк. Баягында Айтикеевдин айтканы чын экен, бир күнү эле жадырап-жайнап, көптөн көрүшүп жүргөн немедей атымдан айтып, үйүбүзгө кучак жая кирип келсе! Дагы бир жолу а киши туулуп өскөн элжерин көргөнү келген тура.

Мына ошондон бери а киши менен жанаша жашап, жанаша басып дегендей, ошондуктан, анын Адамдык да, Акындык да жүрөгүнүн кандай кагышын жакындан угуп, жакындан сезип калганмын.

Темике – адабиятка согуштан кийин келишкен мен өндүүлөрдүн далайынын устаты. Алардын адабият айлынан орун-очок алып калышына түздөн-түз кол кабыш кылгандардан. Дээриндеги дасмиясына ишенип-ишенбей адабият аттуу чоң жана сырдуу дүйнөнүн эшик алдында калтаарып турган кезде ичкериден: «Кире бер» – деген ишенимдүү үндүн чыгышы кандай күчкө, кандай мааниге ээ экенин ар бир жаш талапкер жакшы түшүнөт.

...Менин алгачкы ырлар жыйнагым Жазуучулар союзунда талкууланып жатканда да биринчи болуп тигинтип «ичкериден» үн салып колдоп чыккан ушу Темике. «Мен Аркытты Жунайдан мурда көргөнмүн. Демек, Аркытка андан мурда ашык болуп, андан мурда ага арнап ыр жазган элем. Бирок Жунайдын Аркыт жөнүндөгү ырын ушул жыйнактан окуп алып, озумкүнөн уялып калдым» – десе.

Бирок, Темикенин мага тиешелүү ырды мынчалык которо чаап мактаганына туура түшүндүм. Жаш калемгерге колдоо керек эмеспи андайда. Мен ичимен: «Жок, Темике: «Кыз сүйө элек кезимде, мен Аркытты сүйгөнмүн. Кол менен жасап койгондой кооз бурчун дүйнөнүн» деген сиздин калемге таандык ыр саптарынан өткөн ыр, менимче, жазыла элек, мындан ары жазыларын да кудай билет» – деп отурдум.

Баш соз жазып «Ала-Тоо» журналына да ырларымды биринчи сунуш кылган ушу киши. Демек, менин да адабиятка келишиме Темикенин комогү зор.

Дээрлик бардык акындар сыяктуу эле Темикенин алгачкы ырлары да озүнүн киндик каны тамган жерге – Төө-Жарга арналган. Киндик каны тамган жер... Ошентип, туулган жердин топурагынын ысык-суугун оз таманы менен сезгенде гана, авасынын артыкчылыгын оз тулку бою менен туйганда гана, ал жерде оскон түркүн-түмөн гүл жыты каңылжаарынан биротоло кетпей калганда гана адам ошол жердин кулуну, ошол айылдын перзенти экенин биротоло мойнуна алып, атуулдук жоопкерчилигин аркалоого бел байлайт. Дээринде акындык шыгы барга сырдуу илхам ошондой сааттарда, ошондой минуталарда келип, тула бойду коргошундай көлкүлдөтө эритип, жүроктөн сыгып алып кагаз бетине ыр төгүлтөт. Кайда жүрбөсүн ошол жандүйнөсүнө тамга болуп басылып калган оз «Мисири» эсине түшкөндө озүнүн гана эмес, окугандын да жүрогүн элжиретип, делебесин козгоп, ага да озүнүн кичине Мекенин эсине салып, ага болгон сагынычын, кусалыгын арттырат.

Сенде жүргөн чоң атам
Эске түшөт санасам.
Карегимдей көрүнөт,
Каптаңынды карасам.

Адырмын жаткан дебесең
Жер аз экен сага тең.
Кагылайын, тууган жер
Кандай сүйкүм кебетең!

Бул саптар акындын «Тоо-Жар» деген ырынан. Мына, акындык кудурет деген! — алакандын отундай жерди ааламдай корсотүп, дүйнөнүн эң сонун бир бурчундай сүрөттөп таштады! Чыныгы уулдун чыныгы ыкласынан, сүйүүсүнөн жаралган чыгарма гана ушундай касиетке ээ!

Отузунчу жылдардын башында жаңыдан гана түзүлүп жаткан улуттук жаш адабият «хоруна». Уметалиев келип кошулганда ал хордун үнү дагы бийигирээк, дагы шандуурааk угула баштаган. Андан бери алтымыш жылга жакын убакыт отсо да ошондогу түштүктүн аптабына тотуккан буудай ирең, жел желпиген Сары-Челек көлүнүн бетиндей толкундуу кара чач, орто бойлуу «солисттин» добушу кардыкпай чыгып, эл сыноосунан жогору баа менен өттү. Т.Уметалиев ошондо озу менен кошо эми гана түптонүп келаткан адабиятка түштүктүн «Ак алтыны», «Кара алтыны», «Сары алтыны» жөнүндө, кийинчирээк өзү жазгандай:

«Кол менен жасап койгондой «дүйнөнүн кооз бурчтары — Аркыт, Арсланбап тууралуу жаңы ырларды ала келди.

Түштүгүм — менин ак алтын.
Түгонбос айтса санатын.
Түштүкто жүрүп жетилип
Чалгын болгон канатым.

Ооба, ага өмүр берген, ырдаганга шык берген — а дегенде Түштүк. Анан Кыргызстан. Акындын поэзиясынын аймагы ушундай.

Т.Уметалиев — революцияга чейинки тагдырдын «огой балдарынын» бири. Ата-энесинен эрте ажырап тумалай жетим калган ал андан ары кандай күн кечиргенин озу айтып берсинчи:

«Жашымда жетим калдым, жалчы болдум.
Саргайдым, үшүк урган гүлдөй соолудум.
Тил уктум, таяк жедим, түйшүк тарттым.
Түнкүсүн короо болду жаткан жерим.
Чалканга болоп урду жылаңачтап
Бооруму кебеп кылды отко кактап.
Күйкөго тоют болуп кетээримде
Большевик туйгун жетип калды сактап.

Ошентип, болчок акын корүнгөндүн эшигинде отунун жагып, күлүн чыгарып дегендей эртеден-кечке ач-жылаңач темпейип

иш кылса да, үйдүн ичинен орун тийбей кый тошонүп, таш жазданып, койлор менен кошо короодо жатып күн кечирип жүргондо дагы бир ушундай эле тагдырдагы акын айткандай: «Мурун зарлап, жымы жаргак» антип жүргөндөрго жаңы заман: «кел берилеп сунат кол». Бул кол Октябрь революциясынын кыргыз жергесине чейин жетип келген касиеттүү колу эле. Ал кол кедей-кембагалдардын, Темиркулдай жетимдердин коз жашын аарчыган. Таякка уугуп, «чалканга таланып» жыланач жаткандардын колунан кармап өйдө тургузган.

Ошого чейин тигинин ата-энеси койгон атына уккан сайын муз тийгендей денеси ичиркенген «жетим» деген соз дайыма жанаша айтылып келген. А турсун, ал азыркы Жаңы-Жол районуна караштуу Ак-Суу деген жерде биринчи биринчи интернат ачылып (1924-жылы), ага кирип окуп калгандан кийин деле аны билгендер «Темиркул жетим» дешип жүргонүн Темике өзү айтып калар эле. Кокойго тийген мындай кемсинтүүдон да аны совет бийлиги куткарат. Ал интернатка киргенде он алты жашка келип калган. Бирок, ага чейин эле ал тамгаларды таанучу. Эшигинде коюн кайтарып жүргон Тегенелик Ормотой деген байдын балдарын окуткан молдодон дээринен зээндүү Темиркул да эртеликеч кемегеге от жагып отурчу тигилерге тирмие тиктеп жүрүп сабатсыздыгын жоюп алган эле. Айырмасы — бай балдары кагазга жазса, «Темиркул жетим» муздап калган күлдү астына тарта алаканы менен тегиздеп туруп, соомойу менен жазчу экен. Кой кайтарып талаага чыкканда топуракты кагаз кылып жүрүптүр. Ошондуктан, класстан-класска аттап отуруп, экинчи жагынан жашы отүп кеткенине байланыштуу Ош педтехникумуна которушат. Акындын чыгармачылыгы мына ушул жерде окуп жүргон жылдарында башталыптыр.

Педтехникумда окуп, анан азыраак болсо да мектепте иштеп калганынанбы, же бала корсо ага жетпей жатып эле айланып-кагыла опко-жүрогүн чапкылап жиберчү табиятынан баласактыгынанбы, Темикенин аларга арналган ырларын озүнчо жыйнактарынан тышкары кырктан ашып кеткен ар бир китебинен кезиктирүүго болот. «Алп кара куш», «Күч бирдикте» деген ондүү китептери кыргыз балдарынын башынан колдон-колго отүп келаткан китептеринен.

Улуу Ата Мекендик согушка катышкан кыргыз калемгерлеринин ичинен анын башталышынан бүтконүно чейин катышкан, башкача айтканда, алардын эң «стаждуусу» ушу Темике. Эгер согуш 1418 күнгө созулган болсо, анын бардыгын бу киши жоокер кийими, жоокер жарагы, ыры менен откордү. Башкалар жоо беттеп, жалгыз куралы — жоокердик жарагы менен гана барса, бу адам душманга каршы торт жыл бою кош курал менен автоматы жана ыры менен күрөштү. Анын жоокердик жолу Кара-Балтадан башталып (Адеп аскердик машыгуудан ушул

жерден өткөн) Кавказ, Украина аркылуу өтүп, Венгрияга чейин созулган.

Саясый кызматкер, капитан Уметалиевдин ызылдап ок учпай калган мүнөттөрдө, сааттарда дайыма офицердик планшетинде жүрчү блокнотуна жазылып калган жоокердик тер жана ок жыттанган ырлары кийин «ЖЕҢИШ» аттуу чоң китепти түзгөн. «Кубат» поэмасын жараткан.

Фашизмге каршы жүргүзүлгөн согуш социалисттик коомубуздун саясый-моралдык жактан күч-кубатын гана сынабастан, анын ар бир адамынын патриоттук жана граждандык парзын кандай аткарарын да сыноодон өткөрдү. Советтик адамдар өз жерин, ошону менен бирге Октябрь революциясынын бергендерин сактап калуу үчүн бир кишидей болуп олүмгө тике карап барышты. Алардын ичинде азыр биз соз кылып жаткан Уметалиев да бар эле.

Жердин бетин кызыл жалын каптады.
Койдой жайнап танк тебелеп таптады.
Баарынан да батып кетти жаныма
Биздин жерде биздин кандын акканы.

Мына чыныгы атуулдук ар-намыстын сөзү! Өзүн гана эмес, курал кармоого жарактуу ар бир кишинин ар-намысын козгоп, ууруларча түн жамынып ыйык чек арабызды бузуп кирген душманга каршы аттанууга чакырган ураандай угулган сөз!

Биздин жоокерлер Улуу Ата Мекендик согушка катышуу менен жалаң оз олкосүнүн эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн күрошпостон, башка элдердин да фашисттик кулчулуктан кутулушуна жардам көрсөтүү аркылуу интернационалдык милдетин да отоштү. Буга далил катарында Темикенин венгер элинин корүнүктүү акыны Сабо Лоренцти өлүм коркунучунан куткарып калганын айтсак жетиштүү. Анда эмесе, Сабонун өзүнө сөз берели:

«Темиркул Уметали кыргыз акын.
Кайдасың ушул бүгүн сен, курдашым.
Тарсылдап теребелде металл уруп
Турганда туу тагдырга моюн сунуп
Жардамга ким жиберди, кайдан шаштың?
Кийимиң өөн, кайдан сени таанышпырды
Айткансың ал тозокто: «Жакынмын» — деп.
Капыстан жарк эткенсиң жарык жылдыз
Күбүройм: «Керемет» — деп ченебеген.
Курдашың жүрогүндо сүйот али
Эки соз — ал Темиркул Уметали».

Темиркул Уметалиевдин согуш мезгилиндеги ырлары, поэмалары — анын чыгармачылыгынын бийик чокусу деп жүрүшөт адабият теоретиктери. Туура баа. Акындын жүрөгү канамайын андан жакшы ыр чыкпайт. Ал эми жоокер акындын жүрөгү төрт жыл бою тынымсыз канап жүрбодубу!

Чыгармаларынын табияты боюнча Темике — негизинен «Жыргал турмуш» акыны. Анын көп жылдык акындык эмгегинин басымдуу болүгү жаркын маанайдагы ырлардан турат. Мейли, койчу, шахтёрду ырдасын, анын акындык добушун бейкут турмуштун шандуу күүлөрү коштоп турат.

Темикенин улуттук адабий казынабызды башка элдердин адабиятынын чыгармалары менен байытууда сиңирген эмгеги да чоң. Ал Пушкиндин, Маяковскийдин, Бажандын, Новианин, Турсун-Заденин жана башкалардын ырларын эне тилине которгон.

Темикенин адабиятка сиңирген эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланды. Ал Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак белгиси» ордендери, медалдар менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын эл акыны. Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты.

«Малай элем кандар баспас жол бастым.
Ким бактылуу, мен бактылуу болбосом! —

дейт, Темике. Туура айткансыз.

АК БАТА

1959-жылдын жайы эле. Ден соолукка байланыштуу Жети-Өгүз курортуна баратканмын. Фрунзеге келген сайын (Анда мен райондо жашачумун) биринчи Темикеге (Темиркул Уметалиевге) жолугам. Бу жолу да ошенттим. Үйүндө отуруп жай-жонумү айтсам, Темике адатынча бапырап шашып калды:

«Жакшы болгон турбайбы! Жолубуз бир экен. Биз да эртең кайра кетмекпиз Колгө. Бала-бакыра ошоякта. Чолпон-Атадан бироонүн үйүн ижарага алып эс алып жатабыз. Мурдагы күнү келген элек быякка анча-мынча жумуштар менен. Аларыбыз бүттү. Аерде Мухтар Ауэзов жүрот. Баргандан кийин аны конок-томокпуз. Берки окмот дачасында дагы эки киши бар биз менен катышып жүргон. Мына эми аларга сен кошуласың. Ошентип, бир козу менен баарыңардан кутулат экенбиз» — деп барс-барс күлдү да — «Андан ары курортко өзүбүз жеткирип коёбуз, машина бар эмеспи. Бир күн кечигесиң, эч нерсе эмес» — деп койду.

Ауэзовду укандан кийин мен да ичимен: «Кечиксем деле мейли» — деп калдым.

Темикелердин Мухтар Омархановичке кошуп коноктой турган дагы эки киши — Абды Суеркулов менен Молдокул Мамбеталиев деген экен. Экоон тең тааныйм. Абды Суеркулов Министрлер Советинин Председателдигинен мурунку жылы бошоп, Соода министри болуп иштеп калган. Ал эми Мамбеталиев дегени — Министрлер Советиндеги орунбасарлардын бири. Башкача айтканда, Суеркуловдун мурдагы орунбасары.

Суеркуловду биринчи жолу Өкмот башында туруп, 50-жылдарда СССР Жогорку Советинин депутаттыгына корсотүлгондо ошол шайлоо округуна карагандыктан биздин сельсоветтеги шайлоочулары менен жолугушканы барганда коргонмүн. Жолугушуудан кийин колхоздун башкармасы, менин бир тууган агам Темиркулдукунда конок да болгон.

Суеркуловдун келбеттүү оңү-түсү, алача боюна жарашкан жапжаңы, нары жарашыктуу кийим-кечеси гана эмес, сүйлогондогү конгуроодой жагымдуу добушуна чейин ошондо адамдардын соз кылып калышканы да эсимде. Ал эми узун бойлуу, кара торусунан келген толмоч Мамбеталиев менен бир кезде ушу Темикелердикинде таанышканмын. Бу киши — Ат-Башылык, Темикенин зайыбы Зуура жеңебиздин жердеши экенин да ошондо билгенмин. Экоо тең биерде аялдары менен бирге эс алып жүрүшүптүр.

Ауэзов отуз бештер чамасындагы казашкага караганда татаркага көбүроок окшош, аксаргыл, кой көз, сымбаттуу келиндин коштоосу менен келди. Учурашып жатып Зуура жеңе андан: «Жеңгей кана?» деп казакча сурады эле, тиги киши: «Жеңгейиниз мурдагы күнү Алма-Атыга кетти. Давлениеси бар о кисиниң.

Сосы кармап калды. Бу келин менин секретарь-машинисткам гой» – деп анан жанында уялыңкы жер караган келинди тааныштыра кетти.

Бирин-серин ак аралап, тармалынан да жана баштаган чачы эки чыкыйдан өйдө түрүлө баштаган Сократтыкындай жазы, нары дөңүрөөк мандайлуу Мухтар Омарханович ти а деген жерден сөзгө тарткан Абды Суеркулович болду. Сөздөрүнө тамаша кыстара коюп сүйлөшкөнүнө караганда экоо көптөн бери тааныш. Анын үстүнө атактуу жазуучу быйыл биринчи жолу эс алып жаткан дачасы үчүн көл жээгинен эң сонун жерди тандап, анан ага жай салып бердирген да ушу Суеркулов тура. Бул жөнүндө сөз арасында Ауэзов айтып кетти: «Абдыкенин Окмет бастыгы кезинде маган тартуулаган белеги гой бу даша» – деп.

Суеркулов да, Мамбеталиев да жакшы жешип, жакшы ичип жатышты. Өздөрүнө теңоо үчүн айрыкча Суеркулов Ауэзовго көп кайрылды. Бирок, тиги киши ар жолу оң колунун алаканын жүрөк тушуна коё калып, кутулуп кетип жатты.

Тиги экоо жаш да – элүүгө да чыгыша элек. Ал эми Мухтар Омарханович ошондо алтымыштан ашып калган кези. Анын үстүнө чын эле жүрөгү да жакшы эмес окшойт – колунан бет аарчусу түшпөй терин аарчынып отурду коньяктан ууртап-татып гана жатканына карабастан.

Аңгеме-дүкөн көпкө созулду. Абды Сеуркулович эки элдин тарыхынан, болгондо да казак менен кыргыздардын откондогү хандарынан, бектеринен, ашкан байларынан көптү билет экен. Олтургандардан аларга кээде Темике кошулуп кетип жатты.

Бир кезде Мухтар Омарханович адабият менен искусствого отүп, анын акырында Чынгызга арнап тост котордү. Биздин эки калктын тили менен айтканда Чынгыз алдына ат алдырбай турган күлүк. Азырынча ага тең келчүлөр Орто Азия менен Казакстанда гана эмес, Союзда да жок десем жаңылбаймын. Жакшы деген чыгармалардын баары Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктар боюнча Комитетке барат да. Мен анын мүчөсү эмесминби. Демек, андай чыгармаларды окуп жүрөмүн. Бирок, Чынгыздын «Жамийласына» тең келе турган чыгарманы алардын ичинен кезиктире элекмин. Ал повесть тууралуу мен пикиримди борбордук басма сөздө айттым. Окуган чыгарсынар. Бирок, ал чыгарма туурасында менин француз досум Луи Арогончолук (мунусун укканда мен ичимен: «тиги «Абай» романын которгондо достошушкан го» – деп алдым) эч ким чоң ой айта элек. Ал повесть жөнүндө кийинки кезде Союздун озүндө деле көп жазылып, көп айтылып жатат деңизчи, ошентсе да аны Арогондой терең түшүнүп, андай эргүү менен эч ким айта элек... Келиниз, Абыке, Темике, кыргыз жеринин бермети аталган Ысык-Көлүңөрдү казак боордошуңар менен болүшкондон ичи тардык кылбадыңар эле. Энди Чынгыздай уулуңарды биз менен болүшкондон деле

тарчылык кылбайсынар го деп ойлойм. Аман болсо, келечекте ал эки эл тең сыймыктана турган жазуучу болот. Тфу-тфу «көз тийбесин ылайым. Ошол Чынгыз үчүн ичип коёлу» – деп анан озү биринчи болуп бу жолу чойчогун түгото ичип койду.

Андан кийин залкар жазуучу Айтматовго качан, кайдан жолукканын айтып берди. Жанагы Комитеттин кезектеги заседаниелеринде жүргон кезинде жолуккан тура Чынгызга. (Чынгыздын Москвадагы Жогорку адабий курсту бүтүп жаткан жылы экен). Биринчи жолу адабиятчылардын үйүнөн аны Чынгыз таап таанышыптыр. «Жамийла» повестин да ошондон кийин окуптур. Ал повесть «Новый мир» журналына чыкканда ал тууралуу Луи Арагонго кабарлаган да ушу киши экен.

Мухтар Ауэзовдун адабият, искусство, илим жаатынан сүйлогонүн угуп отуруп, менин эсиме борбордон чыкчу журналдардын биринен мурда окуп калган Украинанын чоң жазуучусу Олесь Гончардын жол очеркине ушу кишини: «Чыгыштын учурдагы даанышман жазуучусу жана окумуштуусу» деп атаганы түштү. Алар Америкага барышкан экен делегациянын курамында. Мухтар Омархановичти (Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреатын) ал ага чейин чоң жазуучу катарында жакшы билсе да, Адам жана Окумуштуу катарында (Ауэзов Кошмо Штаттардын бир нече жогорку окуу жайларында советтик жана чыгыш элдеринин адабияты боюнча лекцияларды окуптур) катары ошол күндордо жакындан байкап, жакындан коргондон кийинки чыгарган жыйынтыгы, берген баасы тура ал.

* * *

Андан бери далай жылдар отүп кетти. Бирок, Чынгыздын жаңы чыгармасы чыккан сайын менин эсиме Мухтар Омархановичтин Чынгыз жонүндогу ошондогу айткандары түшо берет. Ошондон үч-төрт жыл отүп-отпой Айтматов Лениндик сыйлыкты алды. Андан беш-алты жыл отүп-отпой Мамлекеттик сыйлыкка да ээ болду. Бу жолку сыйлыгын да республиканын партиялык уюмунун Борбордук Комитети атайлап бир партиялык-чарбалык активдин жыйынына тушташтырды.

Андагы негизги маселеден кийин Чынгызды куттуктоо башталды. Биринчи куттуктоо Борбордук Комитет менен Өкмоттүн атынан болуп, анан чыгармачыл уюмдардын жетекчилери чыгып куттукташты. Жазуучулардын атынан Чынгызды куттуктап мен сүйлодүм (анда мен Жазуучулар союзунун секретарымын).

Бул жыйындан мурдараак Чынгызды союзда озүбүз куттуктаган элек. Ошондо калемдештеринин чын ыкластан айтылган жылуу создорүнон улам толкундап-эргип алган Чынгыздын жооп созүнон бир айтканы алиге эсимен чыкпай келатат: «Атабыз эл душманы» аталып камалып кеткенден кийин айылга барып жашап калганыбызды билесинер. Андан коп отпой согуш баш-

талды. Эртели-кеч биз, неберелери, ач-жылаңач үрпөйүп кашында очокту тегерене отуруп калганыбызда чоң энебиз ыраматылык: «Кагылайындарым, башыңарга азыркыдай мүшкүл иш түшүп кыйналып-кысталганыңарда жардам сурап а дегенде Жаратканга, анан Шекер энеңерге (Чынгыздардын айылы ушинтип аталат эмеспи) жалынгыла. Жакшылык кылыш ошолордун гана колунан келет» – деп калар эле. Чоң энебиздин ошол сөзү дайыма эсте жүргөндүктөн, биринчи жолу мен чындап Алла Таала менен Шекер энемен жардам сурап айылдан эптеп жетинчини бүтүп, Жамбылдагы зоовет-техникумга барганда кайрылдым. Кирүү экзамендерин тапшырарда кайрылдым аларга. Артыман издеп барып же почтодон акча жиберип жардам кыла турган кишибиз болбогондуктан, алардан стипендияга жеткире коргүлө деп сурандым. Жеткиришти. Экинчи жолу Фрунзедеги айыл чарба институтуна кирерде сурандым. Мында да стипендияга жеткире коргүлө деп Жараткан менен Шекер энебизге жалындым. Бу сапар да алар тилегимди бериштн. А турсун, эң жакшы окуп кеткендигим үчүн кошумча стипендия алып жүрүп бүттүм окуу жайын. Бирок, Мен Алла Таала менен Шекер энемен жогорку сыйлыктарды сурабадым эле».

Чынгыздын мунусун угуп отургандар анчейин муюган жок. Анткени, «Жакшы тилек – жарым ырым» – дешет го элибизде. Андай тилек ар бирибизди өмүр бою коштоп жүрот эмеспи.

Андан бери да эсептесем, отуз жылдан ашып кетиптир. Бирок, Чынгыз, анын чыгармалары жонүндогү улуу сөз али токтогон жок.

Тагдырды карасаң, бир кезде ырымдап балдарын Ауэзовдун отурган жерине отургузуп, анын кешигинен жедирип жүргон (бу тууралуу да бир жолу Чынгыз өзү айтып берген эле). Чынгыз бу кезде андан өткон чоң кадыр-баркка ээ болуп отурбайбы! Бир кезде ошентип, казак агасынын артынан чуркап, анын кепкенешине, көмөгүнө муктаж болуп жүрсо, бүгүн тескерисинче, казак калемдештери анын артынан ээрчип жүрүшпөйбү!

* * *

Чынгыз бир күнү: «Жунай, түштөнгөнгө бүгүн биздикине баралы. Казак туугандардан келип калышыптыр, бирге отуруп чай ичели» – деп калды. Бардык. Анын Өкмөт мүчолору жашаган дачалардын жанындагы бул үйүндө биринчи болушум. Үйүнүн мейманканасы жакты мага – түндүгү түрүлгөн боз үйдү элестетти анысы. Ошерде отуруп козунун этин жеп, кымыз ичтик.

Чынгыздыкына бу жолу келген мен тааныган – Абдижалил Нурпеисов менен Калтай Мухамеджанов. Калган үч жаш жигит кино жагында иштегендерден экен. Чынгыз жонүндо даректүү фильм тартып жүрүшүптүр.

Чынгыздын азыр булардай достору коп. Менин билишимче кыргыз калемгерлеринен мынчалык коп дос күткөн жок. Мурда-

гы СССРдин аймагында гана эмес, дүйнөнүн кайсы бурчуна барбасын аны кучак жая тосуп алчу достору бар. Аларды Чыңгыз тапкан эмес, алар чыгармалары аркылуу Чыңгызды табышкан.

Ал эми казак боордоштор аны ачык да, тымызын да бизден талашып келатышпайбы. Буга алардын башкы «аргументи» — Мухтар Ауэзов Чыңгызды — Шыңгыз кылган биздин Мухтар агамыз гой» — дешип. Анысы чын. Муну Чыңгыз өзү деле жазып да, айтып да келатпайбы. Бирок, менимче Чыңгызды казак туугандарга талаштырган жалгыз а киши эмес. Анын кайгылуу балалыгынын бир болүгү көк бетиндей мелмилдеп учукыйыры көрүнбөй жаткан казактын даркан талаасында өткөнү; ошондон улам кийин анын чыгармаларынан «казак темасы» өзүнчө чоң орун ээлеп калганы.

Чыңгыздын бүгүнкү коноктору менен сүйлошүп отурганда бир окуя эсиме түштү. Айтматовдун сүйлөгөн сөздөрүндө, жазылган макалаларында айтылган пикирлер ал, же бул жазуучунун чыгармачылыгын баалоодогу чечүүчү пикир болуп каларын Москвада СССР жазуучулар союзунун кезектеги бир пленуму өтүп жатканда байкап калдым. «Россия» мейманканасынын ресторанында төрт-беш кыргыз жазуучулары тамактанганы жаткан-быз. Жаныбыздагы столго бир топ казак калемдештер келип отуруп калышты. Алардын арасында ушул бүгүнкү коноктор — Нурпеисов менен Мухамеджанов да бар эле. Бир маалда тигилердин ичинен бироонүн:

«Биринчи тостту сенин романыңа Чыкемдин бүгүнкү сүйлогон созүндо берген жогорку баасы үчүн ичели» — деген сөзү угулуп калды. Нурпеисовдун «Кан жана тер» деген романын айтып жатат. Чыңгыз бүгүнкү пленумда сүйлогон созүндо дагы эки-үч чыгармалар менен кошо ошол роман тууралуу да жакшы пикир айткан эле. Ошону айтып жатышат. Чынында эле ал чыгарма кийинки жылы Лениндик сыйлыкка татыды. Бирок, муну менен: «Чыңгыз мактагандын баары эле шедевр» дегим келбейт. «Кишинин көңүлүн калтырыш кыйын экен. Суранып туруп алышат. Кобүнчо китептерине баш соз, же юбилейине карата макала жазып бер» — дешип. Кээде ошентип, озүм окубаган, же окусам да купулга толбогон чыгармаларды, кудай озүң кечире кор деп мактап коём. Пенде экенбиз да, анан кантебиз» — деп Чыңгыздын андайда кечигип болсо да кейип калгандарын коп уктум.

* * *

...Кайсы жылы экени эсимде жок, биздин баш калаабызда журналисттердин кандайдыр бир эл аралык жыйыны отүп калды. Ага катышкандардын «актарынан каралары» коп эле. Демек, башка континенттерден — Африкадан, Америкадан, Азиядан келгендер арбын болду.

Жыйын Токтогул атындагы филармониянын чоң залында оттү.

Фрунзеде мен билгенден мындай дүйнөлүк маанидеги чоң чогулуш биринчи жолу отүп жатты. Жыйындын Президиумунда республиканын жетекчилеринен үч-төрт эле киши отурушту. Андагы кыркка жакын адамдын көпчүлүгү коноктор эле. Биринчи катардын баш жагында ак костюмчан Чынгыз отурду. Жай мезгили.

Чынгыз — жакшы да кийинет. Интеллигент эркектердин кийинки жылдардагы тездик менен озгорүп жаткан модасын биз, анын калемдештери, көбүнчө дүйно кезип жүргөн ушу Чынгыздын кийим-кечесинен байкап калабыз. Анткени, анын бутунан тартып башына чейинки кийгендери — чет элдики нары кымбат баалуу. Биздин кээ бир шылкымсоз жазуучуларыбыз алиге айтып жүрүшпөйбү, Чынгыз куралтуу эле калемгерибиз Москвада окуп жүргөн досуна кат жазыптыр дешип: «Мага Чынгыздыкындай байпак (анын — оңү-түсүн, размерин, кайсы мамлекеттен чыккынын катында корсотүп) алып берип жиберчи. Жок дегенде анын байпагына байпагым окшошуп калсын» — деп.

Ошентип, Чынгызда айрым кесиптештеринин козүн кызартып, ичин тарыткан чоң ТАЛАНТ да, коп АКЧА да бар. Бирок, бул экоон Алла Таала баардык эле пенделерине бирдей олчомдо бере бербесин айрымдардын моюнга албагандарына таң каласын.

АКЧА... БАЙЛЫК... демекчи... Чынгыздын ошол жылдарда эле дүйнонүн жетимиш-сексен олколорүндо китептери чыкканы, демек, алардан да гонорар алары баарыга белгилүү эле. Калемдештеринин ою боюнча аны байытып жаткан негизинен ошол чет мамлекеттерден алып жаткан — доллар, франк, марка, фунт-стерлингдер.

Ал жылдарда жазуучулар бир жакка барса, кайтып келгенден кийин ал жактан ала келген таасирлерин айтып бериш үчүн жазуучулар менен жолугушуу откорүлчү. Бир жолу ушундай жолугушуу Чынгыз Англияга барып келгенден кийин болду.

Чынгыздын созүнүн аягында ага коптогон суроолор берилди. Ошолордун бири: «Чыке, ал жактан алган калем акыңы айтпадың го?» деген суроо болду. Чынгыз адатынча мурун алдынан мулуң эте бир күлүп алды да: «Ушул суроону жакшы бердинер. Коптон бери озүм да күтүп жүрдүм эле. Анткени, сурабасанар деле: «Айтматов акчанын астында басылып калды го» — дегенинерди жолуккан сайын көзүнөрдон окуп келатпаймбы. Чындыгында андай эмес, достор. Мисал үчүн ушу жолкуну эле алалы алыска барбай. Англияга бир уулум менен барганымы билесинер. Ишенсенер, алардын берген акчасы экообүздүн ал жердеги тамак-ашыбызга, жатаканабызга жетип-жеткен жок.

Чет элдик коп мамлекеттерде бардыгы бар, бирок бардыгы кымбат. Бизде арзанчылык экенин ошоякка барганда билип атпаймбы.

Бу сапар да а дегенде менин китебими чыгарган басманын кожоюну кабыл алып, сүйлошүп, анан гонорарын берген соң мага ачкыч сунду: «Бул менин шаардагы үйүмүн ачкычы. Бизде мейманкана деген ото кымбат. «Төрт жылдыздуу», «беш жылдыздуу» деп жылдызы көбойгон сайын аларда төлоно турган акчасы да көбойо берет. Ошентип, азыр бизден алган акчаңыз кайра эле озубүздо калышы ыктымал. Андыктан мейманканага барбай эле койгула. Биз азыр дачада жашайбыз. Шаардагы үйүбүз бош. Ошерде жашай бергиле канча күн болсо да. Акысыз. Сиздей жазуучунун жашап кеткени озү эле биз үчүн чоң сыймык» — деп.

Мен ага, албетте, ыраазылыгымды билдирдим. Бирок, сунган ачкычын алганым жок. Чет элдик журналисттер «сенсация» дегендин артынан сая кууган эл экенин билем да. Эртеси эле газеталарына уулум экообүздүн тең сүрөтүбүздү бакыйта басышып (тилмеч, сүротчүлөр кошо жүрүшкөн да) СССРдин Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты Лондонго келип баласы экооно акчалары жетпей бироолордүн үйүндо жашап жатышат» — дегендей чуу которүп чыгышат. Билем да аларды. Корүп да, угуп да келатпаймбы коп жылдан бери. Мына ушул кыска маалыматтан эле жыйынтык чыгара берсеңер болот менин чет жактардан алган калем акыларым жөнүндо» — деди ордунан тура берип.

Кечиресинер, мен негизги айтайын дегенимен четтеп кеттим. Журналисттердин бүткүл дүйнолүк форуму тууралуу соз баштабадым беле? Кайра ошого отойүн.

Сүйлөгондордүн созү ошол замат чет тилге (англис тилине) (синхрондук) которулуп жатканына карабастан, убакыт откон сайын чет элдиктер отурган жерлеринде эле сигареттерин түтотүп, анан сыртка чыгып кеткендеринен кайра залга киргендери азайып отурду. Демек, трибунадан улам алмашып сүйлөгондордүн созү алар үчүн анчейин кызык болбой жатты. Ошентип, түшкө жакын залдагылар суюлуп калды. Акыры жыйынды башкарып жаткан киши түшкү чоң дем алышты жарыялоо менен андан кийин биринчи болуп Айтматов сүйлоорүн эскерткенде, эмнегедир, кол чаап жиберишти. Корсо, ошону күтүп жатышкан тура. Аяк-быягыма карасам, кол чапкандар дээрлик чет элдиктер экен.

...Түштөн кийин зал дагы эрте мененкидей жык-жыйма болуп, ачылган эшиктердин ары жагына да адамдар тикесинен тирелип туруп калышты. Чынгызга соз берилди. Зал дымып калды. Башка жактан келгендердин бардыгынын кулактарында наушниктер. Чынгыздын коңур үнү барган сайын бийиктеп

отурду. Кызып калганда, ал өзү ошонусун сезеби-жокпу билбейм, колдорун жансай баштайт. Бу жолу да ошентти. Вьетнамдагы согуштан баштады. Өзүнүн чыгармаларына мүноздүү лирико-философиялык терендик... Учурдун глобалдык проблемаларынын тегерегинде өзүнө гана таандык ой жүгүртүү... Адамзат... Согуш... Тынчтык... Адабият, журналистика. Алардын карым-катнашы, аткарып жаткан жана аткарууга тийиш болгон тарыхый миссиясы тууралуу ага чейин эч ким айтпаган ойлор... Соз кудурети, калемгерлердин учурдагы орду жана ролу жаатынан өзүнөн мурда сүйлөгөндөрдүн эч кимиси айтпаган ойлорду айтып жатты...

Ар бир ораторго программа-регламент боюнча он мүнөттөн убакыт берилген. Чынгыз жарым сааттан да көбүроок сүйлөдү. Зал былк этпей укту. Регламент боюнча белгиленген убакыттан жарым мүнөт өтүп кетсе астында турган конгуроону «шынгыр» эттире баса коюп отурган жыйындын торагасы да бу жолу сүйлөп жатканга арбалгандай ошол жакты тиктеген бойдон сөз бүткүчө кыймылдабай отуруп берди.

Чынгыз сөзүн аяктаганда жыйындын катышуучулары дүркүрөтө кол чабуу менен орундарынан тура келишти. Дүйнөнүн ар кайсы бурчунан бизче айтканда: «ат арытып, жол карытып» келишкен коноктор анын ушул сөзүн угуш үчүн гана келишкендей, ал үмүттөрү акталганын ушул кол чабуулары менен билдирип жатышкансыды.

Чынгыз сөзүн Баба дыйкандын урук сепкендиги Анты менен аяктады...

Ошентип, бир кезде эки киши — бири Чыгыштан (Ауэзов), экинчиси — Батыштан (Арогон) туруп берген бата бара-бара жалпы элдик батага — Ак батага айланып кетти окшойт, Чынгыз бу кезде дүйнөнүн онго жакын мамлекетинин адабият жана искусство жагындагы сыйлыктарынын ээси.

Ш.АБДЫРАМАНОВДУН «ДЫЙКАНДАР» ДЕГЕН РОМАНЫ ЖӨНҮНДӨ

Мен соз кылайын деп отурган чыгарма – жазуучунун көлөмү жагынан да, алган темасы боюнча да биринчи ири чыгармасы. Бул роман кимдер жонүндо экендигин чыгарманын аты эле айтып турат – Дыйкандар жонүндо. Автордун озү ушу убакка чейин, алар ондургон эгиндин, пахтанын, малдын арасында аралашып кошо жашап жүргондуктон, чыгармасындагы персонаждардын турмуштагы кейипкерлери жонүндо китеп аркылуу айтып берип жатканда анын көбүно: «Ооба, ошондой» – деп баш ийкеп, макул экендигиңи билдиресиң.

Ш.Абдырамановдун адабиятка келген күндон тартып ар кандай жазуучу сыяктуу эле изилдеп да, жазып да келаткан оз объектиси бар – ал айыл, андагы жашаган колхозчулар, айылдык интеллигенттер.

Автор көркөм создорүнө боёкту Арсланбап, Кара-Алманын жемиши тогүлгон токойлорунан, андагы сүт болуп сапырылган шаркыратмалардан алат, калемине кубатты, жүрогүно эргүүнү түштүктүн мээ кайнаткан аптабына карабастан чекелерин жоолук менен чарт буун таштап, колунан кетмен түшүрбой жайды-жайлата күнү-түнү пахтанын агеттеринде жүргон, бар бактысын, а түгүл өмүрүн жерге байлап коюп иштеп жүргон чыныгы дыйкандардан, жаны-каны менен топуракка жуурулушуп кеткен мээнеткеч кишилерден алат.

Дыйкандар, болгондо да пахтакерлер жонүндо бир чоң чыгарма жазууну ойлоп жүргонүн Шабданбайдан укканыма он жылча болуп калды. Кээде ой, жазуу жонүндогү идея автордун башында көп жылдап жүрүп калышы мүмкүн. Анын кагаз бетине түшүп, окуучуларды коздой жол тартышы үчүн бир себеп – турмуштук жагдай түрткү болот эмеспи. Автор романында озү белгилегендей ошондой түрткү-себеп 1964-жылкы Борбордук Комитеттин Октябрь пленуму, өлконүн саясый жана экономикалык турмушуна жетекчилик кылууда Ленниндик принциптердин-нормалардын бузулушун ашкерелеген валюнтаристтик методдорду айыптаган жана ага түболүк чек койгон тарыхый чечими.

Чыгармадагы окуялар Түштүктүн бир районунда, «Ак-Таш» аттуу пахта эгүүчү колхоздо отот. Мезгили 60-жылдар... Автордун бул чыгармасында көтөргөн маселелери турмуштук проблемалар, ар кимдин жүрөгүнө жакын турган маселелер: жер, анын ээси – дыйкан, адамдардын өз ара мамилелери, болгондо да мамлекеттик кызыкчылыктар менен жеке кызыкчылыктардын кагылышы, тагыраак айтканда, ошолордун күрошү жонүндогү маселе, ошондой эле адабияттын эзелтен келаткан түбөлүктүү проблемалары – олүм, өмүр, сүйүү ж.б.

Бул проблемалар албетте, биздин адабият үчүн калем учу тийбей жаткан дың проблемалардан эмес. Жазуучуларыбыз кайра-кайра кайрылып келаткан проблемалар. Башкача айтканда айыл темасы, адабиятыбыздагы башынан келаткан башкы темалардан. Мурдагыларын айтпаганда да, кийинки эле беш-алты жылдын ичинде ушул темада жазылган, чыгармалар ондоп саналат. Союздук масштабда Владимир Фоменконун, Элизар Мальцевдин, Петр Проскуриндин, Георгий Радовдун очерк, повесттери, Белов, Лихоносовдордун повесть, аңгемелери так ушул Абдыраманов оз романында которгон маселелердин тегерегинде, тагыраак айтканда, айылдын экономикасын, маданиятын которүүго тоскол болуп келген жана жолто болуп жаткан терс көрүнүштор, анан аларды жогорулатууга багытталган реалдуу мүмкүнчүлүктор тууралуу соз кылышат. Ошол чыгармаларды озүнүкүн жазуудан мурда автордун окуп чыкканына да шегим жок.

Романда, менимче, эки борбордук чоң фигура бар, алардын бири — Садык Балбаков. Экинчиси — колхоздун председатели Байдылла Балтабаев.

Окуялар ушулардын тегерегинде чиеленип, ушулардын кагылышуулары аркылуу онүгүп олтуруп, оз кульминациясына жетет. Бул экөо тең ар кандай создү, ар кандай нагрузканы которүүго жарамдуу толук кан-жандуу образдар.

Садык ким? Ал жогорку маалыматтуу экономист. Турмуштан алган тажрыйбасы, институтка чейин бир азыраак мектепте иштегенин эске албасак, али тайкы. Турмуштун чыныгы казанында ушул жерде «Ак-Таш» колхозуна келгенден кийин гана кайнады. Ушул жерден анын ойдо-ылдый, ачуу-таттуусун, жыргалын-кууралын дегендей оз козү менен көрүп, оз денеси менен сезип, ал турсун оз колу менен иштөөго мажбур болду. Жогорку окуу жайында алган билимин да практика жүзүндо ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүно биринчи жолу ушул жерден ээ болгон. Ага чейин колхоздо экономист жок эле. Демек, экономиканын объективдүү закондорун билген, коомдун онүгүш закондорунун теориялык жагы менен тааныш жогорку маалыматтуу кишинин айылга келиши, түздон-түз ондүрүшко келиши андайларга муктаж болуп жаткан чарбанын жетекчилерин кубантышы керек эле. Шарттын, иштин логикасы ушуну талап кылып турат. Бирок, андай болбоду.

Садыктын чарбага келатканда эки асыл ою болгон — биринчиден, колхоздун экономикасын жогорулатуунун булактарын ачууга жардам берүү, экинчиден, ушул колхоздун онүгүү жолун изилдеп, ошонун негизинде илимий эмгек жазуу. Ошондуктан, областтык айыл чарба башкармасы «Ак-Таш» колхозуна жибергенде тобосү кокко жете кубанган. Анткени, ал бай колхоз. Атагы областка гана эмес, республикага белгилүү болгон

алдыңкы чарба. Даңктуу адамдары коп, демек, иштоого да, жазууга да арзый турган чарба. Кубанууга негиз бар эле.

Көкүрөгүндө алтын жылдыз менен депутаттык значогу бар сулуу раистин жасалгалуу кабинетине киргендеги анын авалын ошондуктан, түшүнүү кыйын эмес болчу.

Андан ары эмне болду? Садыктын бул чарба жонүндо мурда укканлары, газеталардан окугандары чын бекен? Автор негизинен андан аркы окуялардын сүротголүшүндо мына ушул суроолорго жооп издейт.

Партиянын чарбаларга койгон учурдагы талабын терең түшүнгон жаш адис алгачкы күндон тартып эле бардык ишке мейли Миңбайлар, Алимжан бувалар бала-бакырасы менен эзелтен эгип келаткан пахта болсун, мейли Аттокур, Шалпыктар багып жүргон койлор болсун, анын түшүнүгүндо чарбаны байытуунун негизги булактары ошолор. Алар кандай жол менен остүрүлүп, кандай метод менен башкарылып жатат. Алардагы иштегендер, деги эле ондүрүштo иштеп жүргон адамдардын колхоз мүлкүно, коомдук мүлккo мамилесин (анткени, бу да экономикалык рычагды кыймылга келтирген башкы күч) эсинен чыгарбайт ал. Ушулардын баары кызыктырат аны, ушулардын баары үчүн, колхоз турмушунун майда-чүйдасына чейин изилдегиси, ошолордун баарын бир максатка — колхоз байлыгын жогорулатууга, жогорулатканда да экономикалык объективдүү закондорго таянып иш алып баруу аркылуу жогорулатууга багыттагысы келет. Бул үчүн шарт, бул үчүн башкалардын жардамы, колдоосу керек эле.

Тилекке каршы, мына ошондой мүмкүнчүлүктордү издоо, жолунда жаш адис — каршылыкка, болгондо да чарбанын озү мойнуна алгандай билгич жетекчисинин каршылыгына дуушар болот.

Ушул жерден башкы каармандардын оздорүно — Балтабаев менен Садыкка соз берип королүчү:

Балтабаев: «Эмне үчүн булар сенин башыңы оорутат, айтчы?

Садык: Абдан оорутат.

Балтабаев: Сен жокто эле адилетсиздик болуп кетип, эми анын жолун сен тосмок болдуңбу? Сенсиз эле колхоз онүккон-оскон. Сен оз ишиңи иштесең жакшы болбойбу. Бир туруп парторгдун ишине киришет экенсиң, бир туруп доктурдун ишине, анан дагы бирине... Чотунду уруп оз милдетиңи иштебейсиңби?

Садык: Милдетим ошо. Менин милдетиме жансыз жерлер гана кирбейт. Адамдардын эмгекке, ондүрүшко коомдук мамилелери да кирет. Ак эмгегине адилет баа болбогон жерде адамдардын коомго болгон көз карашы кирдейт. Адамдар канчалык аң-сезимдүү болсо, оз ишинин коомдук маанисин канчалык терең түшүнсо, экономиканын натыйжалуулугуна, сөзсүз таа-

сирин тийгизет... Үй-турмуш шартынын жакшы болушу, маданий тейлоонүн жакшылыгы, бироодон ыза көрбөй, көңүлүнүн көтөрүңкү болушу, кыскасы, менин милдетиме кирбей турган нерсе жок».

Мына ушул диалогдон эле экоонүн коз караштары, түшүнүктөрү, ишке мамилелери эки башка экендигин көрүү кыйын эмес. Экоонүн турмуштук кредолору ушинтип эки башка.

Балтабаев — оз күчүнө ашыра баа берип, озү башкарып жаткан чарбанын эки тизгин, бир чылбырын жалгыз оз колунда гана кармап конгон окум киши экендиги, колхоздун байышы, же жардыланышы ошонун гана керт башына, ошонун кудуретине гана байланыштуу экендигине толук ишеним алган адам. Анын башка кемчилиги ушул — жеке бийлоочүлүккө конүп алгандыгында. Айтканын кынк эттирбей орундатууга, анысы кээде натуура экендигине козү жетип турса да орундатууга бир жолу конүп кеткен кишилерден. Эч кимден каршылык корбогон, оз билгендей иштеп конгон раисти оройлоткон, ачуусун келтирип, анын бут алдындагы тең салмактуулукту жоготкон — Садыктын андан байкаган кемчиликтерин бетине айта баштагандыгы.

Быягы район, тыягы область атын атаганда сыймыктанчу Балтабаевдин мышыгын он беш жыл эч ким «пыш» деген эмес эле да. Эми кайдан-жайдан келген, озүно салыштырганда мадыра баш Садык кебелбестен анын мандайында отуруп алып: «Мунунуз туура, тигиниңиз натуура» — деп акыйлашып отурганына жол болсун?

«Билдим дединг тутулдун, билбедим дединг кутулдун» — деп, кемчилик козүно сайып турганына карабастан, кормоксон, билмексен болгон чирик философиялуу тумалайларды үнүн бийигирээк чыгарып койсо, алдына дарбыздай тоголонуп түшкон чериктерди, тили туруп раис алдына келе калса, дүлой болуп калчу Мусаларды, «Суу үстүно үй тиккен кобүктор» деп атайт. Андайлардын оз ою, оз коз карашы, туруктуу позициясы болмок беле. Тургунай айткандай: «витринадагы манекенге айланып калган кишилер». Алар менен эч ким, биринчи кезекте колхоздун жетекчиси Балтабаев эсептешпейт.

Балтабаев тулку бою менен жалаң минустардан турган фигурабы? Жок. Ага а дегенде Садык озү да суктанган. Анын уюштуруучулук жондомдүүлүгүн парткомдун секретары Бозулановдор жакшы билишет. Андагы орой кемчиликтерди байкап жүргонүно карабастан обкомдун бюросунда, анын тагдыры чечилип жаткан кезде райисполкомдун председатели Алдосов да таланттуу уюштуруучу катарында мүноздоп келип, кийинки кезде элди башкаруу, демек, колхозду башкаруу методдору социализмдин духу менен келишпей кеткендигин айтат.

Балтабаев — бели бешиктен чыккандан бери пахта агетинде келаткан дыйкандар династиясынан. Ал чарбачылыкты беш ко-

лундай билген киши. Чоң чарбага жетекчилик кылуу искусствосун ал атайын мектептен, Садыкка окшоп жогорку окуу жайынан да үйрөнгөн киши эмес, бар болгону жети жылдык, билими бар; бухгалтердик курсту бүткөн. Анан өзүнүн саясий деңгээлин корсотүү максатында Садык менен болгон биринчи кагылышуу учурунда бетине кармай калганы бир кезде советтик-партиялык мектептен алты ай окуган экен. Мына ушул анын «интеллектуалдык» чарбасы, эгер ушундай деп атоо туура болсо.

Раис — алдына койгон максатына жетүү үчүн ар кандай кыйынчылыкка тике караган киши. Коздогон оюуна жетүү үчүн кара жумуштан да коркпойт. Ошондуктан, жайкы аптапта салкын, кышкы ызгаарда жылуу контордогу ордун таштап, колуна кетмен алып, пахтаны аралап кетет. Табелчи болуп жүргөн күндөн анын зиректиги, мээнеткечтиги, кишилерге жасаган мамилеси жамаатташтарынын көңүлүн буруп, ичин жылыткан. Ошентип, дагы кайталайм, аны ири чарбанын рулуна отургузган а дегенде озүнүн ак эмгеги, акыл-эси, тубаса уюштуруучулук жондомдүүлүгү.

Колхозчулар үчүн материалдык стимул түзүү максатында оммот менен партия согуштан кийин оздорүнүн чечими менен дыйканчылык жана мал чарбачылыгы боюнча атайын чектер белгилешкен. Маселен, ар бир жүз тубар койдон 110 козу алган чабан Ленин орденин, ал эми озүнүн оторундагы ар бир жүз тубар койдон 125 козу алган чабан Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон. Же, 15 гектар пахта эккен звено ар гектарынан 60 центнер түшүм алса, Ленин орденин, ал эми 70-75 центнерден алса, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наамга татыган. Бул цифраларды мен болжол менен алдым. Балтабаев мына ошондой чечимден кийин контордогу калемин (бухгалтер кезинде) кетменге алмаштырып, пахта талаасына чыгып кеткен. Ал коздогон максатына жетти. Муну автор да танбайт. Түндо алыш башынан кетпей суу сугарып, күндүз агет ичинен чыкпай чаап, чеканкалап, угут чачып жүрүп кетишти. Башкача айтканда, Балтабаев — Зууракан Кайназарова, Керимбүбү Шопокова, Алля Анаров, Өлмөсхан Атабековалардын тибиндеги киши. Булар түн уйкусунан кечип суу «уурдашкан», («уурдашкан» дегенди жакшы мааниде айтып жатам) ошентип, башкалар эки жолу сугарса булар оз участкасын төрт жолу сугарууга жетишкен, башкалар уктап жатканда алардын короосундагы малдын, а түгүл тооктордун кыгын «уурдап», алыш башына алып келип, чачышкан; эринип таштаган силитр, суперфосфатын уурдашкан. Ошентип, элдин аянты, бир-эки жолу жергиликтүү жана минералдык угуттар менен азыктандырылса, жогоруда аты аталгандар жана аталбай калган мээнеткеч жана өжөр дыйкандардын участкалары үч-төрт жолудан азыктандырылган. Ошондуктан,

Балтабаев Социалисттик эмгектин Баатыры деген наамды бироолордун колдоосу аркасында жетишкен деген сыяктуу автордун кылтыйткан оюна Балтабаевдин андан кийинки аракети да, ишteген иши да анчейин күболук бербей турат.

Өзү жана колхозу жонүндо айтып берүү үчүн дагы бир жолу, Балтабаевдин озүно соз берип көрөлүчү: «Мен раис болгондо үч колхоз бирикти. Баш-аламан. Тартип жок. Колхоздон колхозчулар бир кило эгин албайт. Түшүндүрүп көрчү. Эки-үч жыл ар кимисине бир жалынып, дубана болуп кеттим. Карасам боло турган эмес, бир нерсе кылыш керек эле. Тартип орнотоюн дедим. Темирдей тартип. Бара-бара чаңыртканга оттүм. Ыштанына сийдирдим көбүн... Качканын кармап алып кестирдим кана, оңолбогон ишти көрөйүн... Оозго кирдик. Мактоого алындык. Мына азыркы авалды болсо озүң көрүп турасың»...

Балтабаев 1947-жылдан жетекчилик кыла баштады ирилешкен чарбага. Жогорку оюна кошулууга болобу анын? Болот. Анткени, мезгил ошондой эле. Жыл бою иштеп, эмгегине эч нерсе албай, жалгыз уюнун бир эмчегин ата менен энеси, калган үч эмчегин балдарына сордуруп коюп, анан эшик алдынан ондүрүп алган анча-мынча жүгөрүсүнүн загара нанын жеп күн кечирип жүргөн колхозчуларды кургак үгүт-насыят менен иштетүү жаңы гана кетменди таштап, раистин атына минген Балтабаевдин колунан келмек эмес. Ошондуктан, жогоркудай «темирдей тартипти» орнотуудан баштаганы мезгил духуна, менимче, шайкеш келип турат.

Компания учурунда эл менен кошо Балтабаевде тыным жок. Уктабай жүргөндүктөн көздөрү кызарып түйрүлүп чыккан. Конторго кирүүгө буямасы келбей, чайханада, талаа шыйпандарында тамактанат, кээде ошол жерде отуруп да, машинада баратып да буйрук берип, коп маселелерди чечип кете берет. Муну автор жетекчиликтин туура эмес методу катарында корсотүүгө аракеттенген. А мен мунусун да раистин жетекчилигиндеги плюс жактарынан деп эсептейм. Анткени «жыйым-терим мезгилинде түштүкто күндүз да, түндо да, колхоз конторалары гана эмес, башка коп мекемелер да жабылып калат эмеспи.

Ал эми ошондой бош коргондү коз корбой жаткан кызуу оноктүк учурунда ага ак койнок кийгизип, шайы жоолук менен желпинте чайханага килем төшөп отургузуп, чоң «свита» менен аны курчатып койгонуң, жолдош Абдыраманов, маселен, мага жетпей турат. Анткени, бул сүрөттөөң каармандын дыйкандык натурасы менен, мезгил шарты менен анчейин айкалышпай жатат. Түндордо чала уктап «көздөрү кызарган, кулактарына, эки ийинине бозоруп чаң отурган» Балтабаевдин хан ордосундай атайын жасалгаланган жерде, көк чайды чайнап коюп отурушу жогорку анын ошол күндордогү кебете-кешпирин сүрөттөө менен такыр айкалышпай жатат.

Балтабаевдин образы боюнча менин авторго кошула турган жерим булар:

Өз күчүно, оз жондомдүүлүгүно ашыра баа бере баштагандыгы; ошонун кесепетинен коллективдин пикирин укпай, анын демилгесин баскандыгы. Ал эми массанын демилгеси, жандуу аракети, кичине-чоң маселелерди чечүүдо алардын активдүү катышуусу — бул биздин социалисттик коомубуздун, ошону менен бирге колхоздук ондүрүштүн кыймылдаткыч күчторүнон экендигин Балтабаев түшүнбойт; түшүнгүсү да келбейт; экинчиден, ал экономиканы (албетте, соз мында колхоз экономикасы тууралуу болуп жатат), которүүнүн илимде, социалисттик ондүрүштүн практикасында сыналган рычагдарына таянганды билбейт; билүүго аракеттенген кишиге душманындай мамиле кылат. Бу жерде ал өзүнүн карапайым расчётуна гана таянат. Өз бийлигине, оз жондомдүүлүгүно, керт башына гана таянат. Ошондуктан, ал Садыктын акылдуу кеңешине: «Бир кишинин айтканы-айткандай, дегени дегендей аткарылып турушу керек. «Коп суур ийин казбайт, казса да терең казбайт» — деген натуура ишенимин карама-каршы коюп жатпайбы. Ошондуктан, колхоздун өзүндөгү реалдуу ресурстарды изилдеп, ошолорду ишке киргизүүнүн жолдорун издебестен, тыягы Сибирге чейин пияз саттырып, ошол жол менен колхозун дагы байытам, дагы даңкын котөром деп чапкылап жүрбөйбү. Мына ушул маселелерде Садыкка кошулуп, Балтабаевди жемелегиң келет, Садыкка жанаша туруп алып, ага каршы ачык күрөшко чыккың келет. Бирок, ушуларын корүп туруп деле Балтабаевден жүзүндү терс буруп кете албайсың. Бир туруп аны жек көрүп кетсең, бир туруп аны аяп кетесиң, жактагың да келип кетет. Анткени, согуштун алдында деле анчейин чын эмес, согуш мезгилинде ого бетер бүлүнгон, саналып кабыргасы корүнгон чарбаны жанагинтип, район, область, а түгүл республика сыймыктана турган даражага, деңгээлге жеткиргендер болор-болбос билими бар, бирок жаратылышынан дыйкан Балтабаевге окшогон ожор, эркн күчтүү, «элдин даңкын эр чыгарат» деген эл макалын жүрокко бекем түйүп алып күнү-түнү а дегенде ат үстүнон, андан кийин машинадан түшпөгөн азаматтар ушул Байдылла Балтабаевдер, Исак Кочорбаевдер, Хайтахун Ташировдор, Топчубай Юнусовдор, Өсконбай Каиповдор, Топчубай Кочубаевдер эмес беле!

Эгер байкаган болсоңор Балтабаевдин эки созүнүн бири эле: «Колхоздун даңкын котором». Анча-мынча зыянына карабастан мамлекетке пахта тапшыруу планын бир күнго болсо да, кээде жарым күнго болсо да башкалардан мурда бүтүрсом дегенде эки көзү төрт. Ошол үчүн озү уктабайт. Садык, ага окшоп пахтага көмүлө жатып уктагандарды, Мусага окшоп кырманды таштап, кийим-кечесин гана алмаштырыш үчүн үйүно бара койгондорду зекип, согуп жатпайбы?

Ал эми анын жеке бийликке ото берилип кетиши, колхоздук демократиянын принциптерин одоно түрдө бузууга кантип багынгандыгы албетте, ал башкарган «Ак-Таш» колхозунун пахта талаасында чигитке кошо онүп чыга калган нерсе эмес. Жеке бийлоочулук, ал же бул маселени чечүүдө башкалардын, башкача айтканда, коллективдин пикирин эске албагандык фактыларын каралган жана айыптаган Борбордук Комитеттин 1956-жылкы чечими эч кимдин эсинен чыга элек. Балтабаевдердин, Бозулановдордун жанагыдай өз күчүнө, артыкчылыгына, бийлигине гана таянып иш алып баруу методдору ошол нерсенин, партиябыз, элибиз айыптаган нерсенин, алыстан угулган жаңырыгы болуп жүрбосүн? Ушул образга байланыштуу авторго айта кете турган дагы бир дооматым бу: эки киши тиреше түшсө, анын бири анан чапчандык кылып бир кол шилтоосу менен экинчисин жыга койсо, четтен карап тургандар тигинин шамдагайлыгына, күч-кубатына ичтеринен ыраазы боло карап калышат. Ал эми жыгылган кишинин үстүнө чыга калып, тепкилеп кирсе, жанагы ыраазычылыктан жымыйып тургандар жете келишип жанагы күчтүүсүнгөндү төпочтоп киришет, же ары түртүп жиберип, беркини колдон тартып өйдө тургузуп алышат. Балтабаевге автордун а деп койгон күнөөлорүнө а дегенде окуучу катары ошентип макул болуп турдум, ал эми анын чабал, бирок сулуу денесине айылда ошол кезде орун алган терс көрүнүштөрдү орундуу да, көп жеринде орунсуз да үйө баштаганда: «Ай, ай жолдош Абдыраманов, мынча ташбоорлук кыласың» — деп арачалоого, анын улам жаңы көтөрүлгөн союлунан тигини калкалай калууга мажбур болосуң. Балтабаевдеги терс мүнөздөр Шалпыкты колхоздон чыгаргандагы сценадан, Садык менен болгон кагылышууларынан эле жетиштүү болбодубу. Жок, автор ага канаттанбай, окурманын да канаттанбайт деген натура ой менен сельсоветти сөктүрөт, мектеп директорун башка жакка айдатат, мурунку парторгду бошоттурат, дагы ушул сыяктуулар...

Дагы кайталайм — Балтабаев чоң образ. Толук кандуу жандуу образ. Бул образды минус-плюстары менен кошо эсептегенде, менимче, автордун башкы ийгилиги. Бул персонаж — жазуучунун жүрөк жанында көп жылдар бою жашап келаткан персонаждардан болуу керек. Автордун ага зор «симпатиясы» болбосо, мынчалык даражага жетмек эмес. Бул образ менен коштошуп жатып муну айткым келет: Эгер Бозулановдой бийлиги менен көзү пардаланган, ошондуктан тигиндей чоң колхоз вожагынын жакшылык жагын гана көрүп, терс жактарын көз жаздымында калтырып койбогон болсо, Алдасовдой либерал председатель болбосо, жанагы Садык ашкерелеп жаткан кемчиликтерди бетке айтып, а турсун, райкомдун бюросунда талкуулап, учурунда катуу эскертип же жазалап коюшса, Балта-

баев ушул кезде тиги Топчубай аке сыяктуу ызат-урмат менен пенсияга кетчү раис экен. Кап!..

Сөз кезеги келе калды: Алдасов жөнүндогу пикирими айта кетейин. Алдасов — турмуштук тажрыйбага бай, акыл-эстүү жетекчи. Согуш мезгилинде учкуч болгон, демек, олүм менен беттешип, аны жеңип келгендерден. Ушундай кишинин жаш жигит Садык бар күчү менен каршы күрөшүп жаткан Балтабаев башкарган колхоздогу законсуздуктарды билип-көрүп туруп, унчукпай жүргөнүно жол болсун? Же оз креслосунан коркуп жатабы? Же Бозулановдун тигиндей былык иштерди көрүп туруп, унчукпай, ал турсун колдоп келе жаткандыгынан: «Баары бир эртели-кеч кетет» — деп ошонун ордун андып отурабы? Антпесе аракеттенбейби, күрөшпойбү? Садык ага келип, Балтабаев менен болгон чатагын айтканда — баарын биле тургандыгын, баарын түшүнө тургандыгын билдирбеди беле? Эмне үчүн бюрого чейин унчукпай жүрүп алды? Же чын эле өзү ошондо Садыкка эскерткендей тиги коргондорүнө, байкагандарына жаштык кылып кыйшык күзгүдөн карап жүрөбү, андай болгондо жаш адиске кеп-кеңеши менен жардам берип, Балтабаевдин жетекчилик таланты менен Садыктын адилет жана илимий көз караштарынын жуурулуп кетишине комокчү болуш керек эле да. Садыктын персоналдык иши каралган бюродо, кийин да ал чечкиндүү ишке отө алган жок. Бир кезде өлүмгө тике карап барган киши бу жерде адилеттүүлүктүн алдында жалтактап жатат, кыскасы, Алдасов пассивдүү каарман, автор китебинде муну эске алат го деп ойлойм. Биз чыгарманын журналдык вариантын талкуулап жатпайбызбы.

«Автордун бетке кармаган жалгыз каарманы — Алиман» — деп корсотөт сынчы Укаев. Менимче, бул чыгармасында жазуучунун кара туткан, медер кылган каармандары, башкача айтканда, баба дыйкандары Алима эмес, Миңбай, Мамажан бува, Балтабаевдин өзү, Григорий, Мусалар. Денеси топурак жыттанган, кесек жыттанган, укум-тукумунан бери дыйканчылык менен келе жаткандар ушулар. Балтабаевдин төшүнө алтын жылдыздын, Алиманын көкүрөгүнө ордендин тагылышына, а түгүл Бозулановдор бир район элди башкарышы үчүн адепки шартты түзүп бергендер дал ошол Миңбайлар эмеспи? Анткени, көкүрөгүн окко тосуп жүрүп бул аймакта совет бийлигин орноткондор ошолор да. Азыр болсо, бүт омүрүн түйшүк менен, мээнет менен откорүп, каш-кирпиги агарып калганга чейин колунан кетменин түшүрбөй жүргөн Миңбай карыяга баласынан жаш Бозуланов бийлигине, мансабына манчыркап кекирейип туруп: чириксиң, бузукусуң, митесиң» деп жатканы кимдин кыжырын келтирбейт. Миңбай сыяктуулардын жашын, сиңирген эмгегин сыйлаганды билбеген Бозуланов бир райондун эл тагдырын чече алабы?

Аны менен болгон кагылышуусунда Миңбай минтип айтат: «Мен жерди билем. Жерден адамдын жанынан башканын баарын өндүрүп алганды билем».

Кандай таамай, кандай салмактуу айтылган соз! Бул дыйкандын, болгондо да бар омүрүн, бакты-таалайын жерге байлап коюп жашаган нукура дыйкандын сөзү. Алардын турмуш философиясы.

Алима, Тагай, Исабек, Камилжан, Жапарлар – тигилердин балдары, алардын колунан эмгек эстафетасын алып жаткан жаштардын өкүлдөрү. Булардын образына байланыштуу авторго кааларым: Алиманын кыска, бирок таза биографиясына таптакыр жуушпай жаткан болор-болбос күнөолорду андан алып эле таштаса. Ал эми Исабек, Жыпар, Камилжандарды аталарынын өмүр жолуна гатыктуу деңгээлге көторсо, мезгилдин талабына аздыр-көптүр кызмат кылып берер беле деген ойдомун. Анткени, азыр алардын курбулары ата-энелеринин кылымдап келаткан кесибин жерип, шаарды коздой качып жатышканы, окууга отпой калса, магазинде жүк түшүрүүчү, же чачтарачка шакирт болуп иштеп кетип жаткандары эч кимге жашырын эмес. Бул ой Миңбайлардын тукуму айылдан үзүлбөсо экен деген тилектен улам келип чыгып отурат.

Сынчы Укаев өзүнүн «Советтик Кыргызстан» газетасына басылган макаласында Алиманы саясат менен жумушу жок каарман катарында көрсотүп койгон. Мына ушуга коңүл буруп королүчү. Алима билими жагынан Садык менен теңтайлашчулардан эмес. Анан жанагы: «Саясатың менен менин жумушум жок, мага үй-бүлолүк турмуш керек» – деген создү кандай шартта, кандай жагдайда айтып жатат.

Түндо. Бак ичинде. Экөо гана – Садык, Алима. Тободон айдын гана адатынча мындайда «шыкаалап» турганы болбосо, башка эч ким жок. Ушундай интимный шартта эки жаш жогорку материялар жонүндо «дискуссия» ачып отурушуп алса, жакшы болор беле?..

Бул жерде мен тескерисинче, Алиманы эмес, Садыкты, буттарын алмаштыра жаткан бойдон озүнүн саясий «коз караштарын» айтып бүткондон кийин этек-женин кагына туруп кеткенин айыптагым келип турат. Андай экен, эмне үчүн бир кезде палоо сугунтуп жатканда Алиманын кол учун тиштеп, жаш неменин жүрогүно чок ыргытты эле? Эмне үчүн андай кийин да жолуккан сайын коз кысып, каш серпип жүрдү эле? Эми келип ага негизсиз «саясий айыптарды» жүктоп, Балтабаевке тиешелүү күнөолордүн бир болүгүн ага да оодара салып, жаш келиндин жүрок сыры менен эсептешпей тура басып кеткени кандай? Кыйкыра токтотуп ага: «Ай жолдош, Садык, экономикалык закондорду жакшы билгениңиз бизге да жагып турат, ал эми жүрөк, сезим закондорунан жүз буруп кеткениңиз кандай? Баары-

нан мурун сиз адамсыз да, болгондо да эркексиз да» — дегиң келет.

А балким, анын ушул түнкү суздугу Алиманын саясий көз карашынын башкача экендигинен эмес, өз башына түшкөн оор мүшкүлдөндүр: партиядан чыкты, үй-бүлосүнөн ажырап, ээн үйдо жалгыз башы калды. Мына ушул жагдай аны тобосүнөн басып, жүрогүн мыжыгып, Алиманын тигиндей жүрок сырын да сездирбей жүрбосүн? Автор ойлоно турган нерсе бу, менимче. Борбордук Комитеттин секретары келген кезде Садыктын табылбай калышы Укаев белгилегендей ишенимсиз... Мен буга толук кошуламын. Областтык прокуратуранын тергоочусү келип, Бозулановдон Садыкты таап берүүнү талап кылганы жок. Борбордук Комитеттин секретары талап кылып жатат. Демек, Садык табылууга тийиш эле. Бозуланов да жакшы түшүнөт, бүгүн болбосо, секретарь озүнүн издегенин эртең таптыраарын. Ал эми Кубатов — Борбордук Комитеттин биринчи секретары деген чыгармада жок. Менимче, Садык ири чарбада иштеген адис болгондон кийин, нары жогорку маалыматтуу, а дегенде озүнүн арыз-датын чарбаны тейлеген секретарга билдирүү керек экендигин түшүнөт го дейм? Анан дагы бир айта кете турган нерсе, Кубатовдун образынан эч кандай ирониняны байкаган жокмун. Тескерисинче, ал — партиялык чыныгы жетекчинин, адилеттүүлүктүн, партиялык оперативдүүлүктүн үлгүсү катарында автордун чоң симпатиясы менен сүроттолгон каарман. Эмгекчилерден түшкон арыздар, даттануулар партиялык инстанцияларда кандайча оперативдүүлүк менен текшерилээрин корүп жүробүз. Ал эми чыгармада Борбордук Комитеттин секретары (мейли, кайсынысы болсо да) областтык партия комитетинин биринчи секретарына текшерүү үчүн калтырып кеткен. Садыктын арызы милициянын начальнигинин столунан чыкканы чындыктан алыс. Ал эми Тургунайдын берген кастык мүноздомосү боюнча (ал Токтордон кетпегендиги үчүн ошентип жамандап жаткан чыгар, ким билет) Жанузаковду, Балтабаевди, Бозулановдорго кошуп койгону да, аргументсиз, демек ишенимсиз.

Менимче, китебинде автор эске ала турган дагы бир нерсе, Тургунайдын кетип калышы, автордун созү менен айтканда анын «жүрок бунту» түшүнүксүз. Мектеп директору Сатымкулду бюродо кызматынан бошотуп койгондугу үчүн эле Тургунай мурда бардык жагынан жактырып тийген Бозулановду таштап кетиши күмондүү.

Эми чыгарманын документалдуулугу жонүндо: Мындагы фактылардын бардыгы болбосо да, айрымдары күндолүк басма создордо жазылган. Айыл чарбасына жетекчилик кылуудагы жогоркудай орчундуу кемчиликтерди учурунда ашкерелеген окмөт менен партиянын чечимдери да бар. Бозуланов, Балтабаевдердин турмушта кейипкерлери, созсүз болгон. Андайларды рай-

комдордун, обкомдордун жана Борбордук Комитеттин 1964-жылга чейинки токтомдорунан чыныгы аттарын, фамилияларын таап алууга болот. Андайлар партиялык жана мамлекеттик катуу жазага тартылышканына чейин баарыбыз күбөбүз. Ошондуктан, бул чыгарманын публицистикалык маанат менен очерк ыкмасында жазылып калган беттери да менимче арбын.

Китебинин үстүндө иштеген кезде автор эске алса деп дагы муну эсептейм: Мындан башка китеп жазбачудай, же башкалардан кызгангансып ото көп нерселерди, айрыкча кемчиликтерди камтууга тырышып аракет кылган сыяктанат. Ошондуктанбы, тажап кетесиң – кемчиликтердин биринен кутулсаң экинчисине мүдүрүло берип...

Чыныгы художниктин козү менен корүп, жүрогү менен сезип, чоң эргүү менен жазылган беттер да бар. Алар бүткүл чыгармага коркомдук нурун жиберип тургансыйт.

Ал эми ошондой беттерге удаалаш экономист жонүндогү жоболордон алынгандай кунарсыз беттер да кездешет, мисалы, экономисттин милдети жонүндо түшүнүк берген жери. Ал таптакыр керексиз. Анткени, экономист ким экенин, колхоз ондурүшүндогү анын орду, ролу жонүндо китептин башынан аягына чейин соз болуп жатпайбы?

Мындагы каармандардын – турмуштагы кейипкерлери – прототиптери бар болуу керек дедик. Албетте, аларды кол менен сайып «тигине» – деп, жашаган жерине, иштеп жаткан кызматына чейин корсотүүго мүмкүн эмес. Анткени, корком образ фактылардын жалпыланган, типтештирилген жыйындысы эмеспи. Китебин басмага даярдаган учурда автор эске алчу дагы бир нерсе, менимче, колхоздо Балтабаевдин, райондо Бозулановдун көздөрүнүн агы менен тең айланган лаппайчылар көп. Алар тилсиз макулукка айланып кетишкен. Муну турмуш чындыгы менен адабият чындыгынын таразасына кайрадан салып, текшерип көрүү зарыл.

Жолдош Укаев өз макаласында так аныктагандай Абдырамановдун алган темасы – жер майышкандай чоң, нары салмактуу тема. Ушундай темага батынып кол салгандыгынын өзү эле колдоого татыктуу. Эми ошол теманы кандай моралдык-эстетикалык деңгээлде чечкендигин аныктоо талкуунун негизги милдети.

1968-жыл

БАР БОЛ, СОКЕ!

Сооронбай Жусуев – кыргыз жоокер жазуучуларынын жашы жагынан кенжеси, бирок чыгармачылык «стажы» боюнча көбүбүздөн улуу. Анткени, анын «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» деген биринчи ыры кан майданда жазылып, ошол 1943-жылы азыркы «Ала-Тоо» (андагы «Советтик Кыргызстан») журналына басылып чыккан. Журналдын ошондогу башкы редактору Жоомарт Боконбаевден ал ыры тууралуу алган катын Сооронбай алиге чейин сыймыктануу менен айтып жүрөт. Ырларынан дайыма жаштык жалындын илеби уруп, махабаттын касиеттүү деми сезилип турган чоң акындын ал каты болочок чоң акынга берген ак батасы окшобойбу, ошондон го, Сооронбайдын сүйүү лирикалары да Жоомарттыкы сыяктуу күүгө келтирилген комуз кылдарындай дирилдеп обон сурап турат го. Профессионал композиторлордон тартып, обончуларга чейин анын ондогон ырларын музакага салышканын, алардын ичинен бүтүндөй бир аваздык (вокалдык) мектептин негиздоочусу, кубулжуган оз үнүнөн «инфаркт» болуп, сайрап олтурган бутагынан «топ» этип жерге кулап түшкон булбул ондүү күтпогон жерден Ала-Тоо койнун жаңырткан жан эритет добушу чорт үзүлүп калган Рыспайдын обондорун атайын бөлүп айткым келет.

Рыспай менен Сооронбай жердеш. Экөө тең талантка бай Кара-Кулжа жактан. Демек, бир суудан ичишип, бир абадан дем алып чоңойгондор. Бирок, буларды достоштурган жердештик эмес, жакшы абаз, жакшы текст. Булбул гүл издегендей обончу да жакшы ыр издейт. Булбул үнүн кубулжуткан – гүл болсо, обончунун абазын түрлонткон – акын созу. Обон менен поэтикалык соз топ келишкенде гана жүроктү элжиреткен ыргактар пайда болорун мен, көбүнчө, ушул Рыспайдын соз болуп жаткан акындын ырларына чыгарган обондорунан байкап жүрөм. Сооронбайдын поэзиясынын бир озгочолүгү – ушу Рыспайга окшогон таланттуу обончуларга «гүлазык» болуп бергенинде, ошентип, элдик ырлардын казынасын байытып келаткандыгында.

Сооронбай 70 жаш курагында 20 дан ашык китеп жазып, алары орус, украин, азербайжан, казак, тажик, озбек жана башка тилдерге которулуп, кыргыз элинин терең сый-урматы менен, тагыраак айтканда, «республиканын эл акыны» деген эң жогорку ардак наам менен келип отурат. Акындык цехтин ири устаттарынын бири катарында келип отурат. Сооронбайдын акындык мүлкү чебер дувазгердин (куруучунун) колунан чыккан үй сымал. Ал үйдүн тышынан да, ичинен да кынтык табуу кыйын. Чебердик деген ушул.

Былтыр окурмандардын колуна тийген «Курманжан датка» романы – жогорку оюбузга жаңы күбө. Бул роман, менимче,

Сооронбайдын чыгармачылыгындагы жаңы бийиктик. Кыргыз адабиятына кирген чоң салым. Ошону менен бирге бул роман автордун жаш курагы өмүрдүн бир чоң дабанына жетип калса да, анын акындык күч-кубаты али жаш экенинен кабар берип турат.

Чыгармачылык лабараторияны изилдоону максат кылгандарга, айрыкча акындык чебердиктин сырын билүүго кызыккандарга мен биринчи ушу Сооронбайдын атын атаар элем.

«Курманжан датка» романы — кыргыз аялдарынан чыккан биринчи мамлекеттик жана коомдук ишмер жонүндо эпикалык масштабда ыр менен баяндалган алгачкы роман экендиги менен гана эмес, бул чыгармадан акындын жарым кылымдык адабий бай тажрыйбасы, башкача айтканда, корком онорканасы бардык озгочолүгү менен даана корүнүп тургандыгы менен да баалуу.

Өнoркана демекчи, Сооронбайдын соз менен иштоо ыкмалары, создүн көркомдук жана маани берүүчүлүк кудуретине жасаган жоопкерчиликтүү мамилеси, ой жана образдын эриш-аркагын түзүүдогу чебердиги калемгердин чыгармачылык лабараториясын изилдөөчү окумуштууга, улуулардын үлгүсүн алууга ынтызар жаш талапкерге бай материал болуп берерине ишенемин.

Сооронбай Жусуев — корүнүктүү котормочу да. Дүйнолүк классикадан тартып (Шекспир, Пушкин, Шевченко), советтик корүнүктүү акындардын кобүнүн ырларын, поэмаларын кыргыз окурмандарына жеткирген. Маяковскийдин, Есениндин, Тычинанын, Исаакяндын, Мактымкулунун, Кулиевдин, Гамзатовдун, Алимбаевдин ж.б. көп чыгармалары ушу Сооронбайдын чебер котормосу аркылуу кыргызча сүйлоп калышты.

Сооронбай ыр жазуу, же ыр которуу менен гана чектелбестен, башынан эле коомдук иштерге автивдүү катышып келатат. Улуу Ата Мекендик согуштан кайтып келгенден кийин озү туулуп-оскон Совет (азыркы Кара-Кулжа) райондук гезитинин жооптуу секретары болуп иштоодон «Ала-Тоо» журналынын башкы редакторлугуна чейинки кызматтарды аткарган. Бул жагынан атайы белгилеп кетчү нерсе — анын отуз жыл бою Жазуучулар Союзунун алдында адабий кеңешчи болуп иштеп, ал мезгилдин ичинде ондогон зиректүү жаштардын устаты катары алардын көбүно адабият аттуу сырдуу дүйного жолдомо бергендиги.

Сооронбай Жусуев Ош областына караштуу алыскы Алайкуу өрөонүндогү Кызыл-Жар айлында торолсо да, бүгүнкү анын айлы — бүтүндой кыргыз аймагы. Анын бардык жеринде Сооронбайды оз уулундай таанышат, оз уулундай барктап-сыйлашат. Мындай терең сый-урматка ал жашоону шаанилентип, коңүлго канат берип оболонткон чыныгы поэзиясы аркылуу жетип олтурат.

Мамлекет тарабынан да анын кан майданда, кийин адабият-ты өнүктүрүүдө кошкон зор салымы жогору бааланып, Ата Мекендик согуш ордени, «Каармандыгы үчүн» медалы жана башка көптөгөн медалдар менен сыйланган. Кыргыз, Украина, Саха-Якут Республикаларынын Жогорку Советтеринин Ардак грамоталарына татыктуу болгон.

Сооронбай Жусуев 1979-жылы «Огонёк» журналынын лауреаты аталат. «Моя жизнь» деген Москвадан чыккан китеби 1991-жылы А.Фадеев атындагы сыйлыкты алган. Акын – «Кыргыз улуттук гвардиясынын маршынын» автору.

Сооронбайдын акындык дарамети али жаш бойдон экендигине күбө – анын жазуу столунда акыркы саптары-түрмөктөрү жазылып жаткан элибиздин улуу инсаны Исхак Раззаков, улуу ырчы Рыспай Абдыкадыров жөнүндогү дастандары.

Бар бол, Соке!

МЕЗГИЛ СҮРӨТКЕРИ

Акматовдун жыйнагын дит коюп окуп жатканда улам секиргең сайын таякчаны өйдө жылдырууну талап кылган спортсмен эсиме түштү. Ал чыгармадан-чыгармага өйдөлөп-өсүп келатыптыр.

Адабиятыбыздын учурдагы кеңгээли, келечеги биринчи кезекте так ушундай адеген жерден үмүткор кылган таланттардын кудуретине байланыштуу эмеспи.

Окурманды айтып жатканына ишендирүү — талант менен чеберчиликтин касиети. Казаттын бул жыйнагына кирген чыгармалардын көбү ушул касиетке ээ. Жазуучунун ойку-кайкы фантазиясынан гана жаралып, реалдуу турмуш менен жуурулушпай суу бетиндеги май сымал калкып туруп алган окуялар, каармандар кездешпайт. Турмуштук эпизоддор, тааныш адамдар. Автордун мындагы каармандары менен көп жылдар бою ирегелеш күн кечиргени көрүнүп турат. Кезеги келгенде «Эки сап өмүр» повестиндеги фотокабарчы Чолпонкул айткандай сактап жүргөн «негативдерин» чыныгы сүротко айландыруу менен башкаларга да тааныштырууну чечкен тура.

Жакшы кылган экенсиң, Казат! Аңгемелеринде, повесттеринде экинчи өмүр кечире баштаган сенин жандаш-кандаш кишилериң уялбай-сыйрылбай, кээлери «эки сапка» сыярлык гана өмүр кечиришсе да калың элди аралап чыгууга татыктуу экен» — деп айткың келет.

«Комсомолдук-жаштар бригадасы» аталып, бирок саны жагынан бир гана звенону түзүп калган беш улан (кийинчирээк Армияга кеткенинин ордуна жалгыз кыз келип кошулат) ал, эми бу дүйнөдөн кош айтышуунун алдында тургай дүлөй чал, («Кайтып келбес» аңгемесинен), Шадыбек карыя («Алиса» аңгемесинен) «Кара баскан киночу ойкуштатпай жон койсочу киносун!» — деп ат сарайынын эски дубалында өйдө-ылдый болуп ойдологон төрт бурч ак жарыктан кыргыз түспөлдөш жоокерди көрүп алып, баласына окшотуп, бирок, анысы менен жолугуша албай, сүйлөшө албай, жок дегенде көз токтотуп кебете-кешпирине тоюнбай умсунган эне Умсунайга чейин дили таза, ниети ак, жакшылыгы өзүнөн артып, башкаларга жете турган кишилер. Кээде бул турмушту тынымсыз кылтылдап турчу эки табактуу чоң тараза деп алсак, ошонун жакшылыктар турчу табагын дайыма оордук кармап турган кишилер ушулар эмеспи). Менин баамымда караөзгөйлүк, ичи тарлык, эки жүздүүлүк, адилетсиздик сыяктуу жамандыктар сакталчу табактын жүгүн арттырчу адамдар (жаман адамдар) а дегенде турмуштун өзүндө, анан китептерде көбөйүп кетсе, ошентип, жамандыктын табагы жакшылыктын табагын басып түшсө, жер огунан ошол күнү чыгабы деп жүрөм.

Ал эми биз сөз кылып жаткан бул жыйнактагы кубанарлык нерсе – жакшы адамдар көп. Үч наристенин өмүрүн сактап калуу үчүн «Карып калган күроң жыгачтын дүмүрүндөй тырыш баскан чал» машинанын дөңгөлөк астына кирип кетет. Жок, автордун «колдоосу» менен кирбей калат. Кап! Кирип кетсе болмок. Аңгеменин онүгүш локигасы, менимче, ушундай финалды талап кылып турду эле. Автор деле а дегенде ушундай бүтүрүүнү ойлосо керек, кийин боору ооруп кеткенби, аны тирүү калтырган. Мен ушуга маакул эмесмин.

– Абышка озү эле кирип кеттиби дөңгөлөкко? – деп сурайт милиционер, окуя болгон жерде тургандардын биринен.

Ушу суроого мен, эмнегедир:

– Ооба, өзү эле кирип кетти – деген жоопту эп көрүп турам.

Шадыбек карыячы? «Бала туугандыкы эмес, тутунгандыгы» – деп Алисаны (Олесяны) издеп келген таежесине, ортончуларга көктүгүн карматса акысы бар эле. Ымыркайынан бооруна басып жүрүп чоңойткон кызын алып кетем деп отурса оңойбу? Жок, Шадыбек карыя керт башынын гана жайын ойлоп, башкалар менен сокур тыйынчалык жумушу жок карамүртөздөрдөн эмес. Адамгерчиликтин ала жибин аттабаган калыс адам. Өзү барып айылдын чөңдорунан Алисанын курман болуп кеткен атасын, туушкандарын – Патапенколорду курулуп жаткан эстелик бооруна жердештери менен кошо чегип коюуну отүнөт. Ошентип, Шадыбек карыянын адамдык көкүрөгүндө да башкаларга жетчү жакшылыктын, калыстыктын «запасы» жаткан экен. Алисага окшоп балапан түгү түшө элек кезинде ата-эненин мээршавхатынан куру калгандарды жетимсиретпей ата болуп алпечтеп алууга ушундай адамдар гана бара алат.

Умсунай энечи! Жок балдарынын жолун тосуп көз майын түготкон энелердин бири! Күткөндөн тажашпайт го булардын тукуму! Ыйык жана улуу энелердин тукуму. Ушул аңгемени окуп олтурганда: «Алёша! Алексей! Алё-шенка, сыноо-ок мой!» – деп кинодон баласын көрүп, залда отурганын да унутуп калып, ордунан жулунуп турган бойдон кучагын жая экранды көздой жөнөгөн эненин далбактаган караанын элестетип, жашыдым...

Жыйырма жылдан ашык ак кар, көк музду басып, Ала-Тоонун арасында кой багып, ага алы жетпей калган кезде куржунга китептерди салып, үйдөн-үйдү кыдырып, аларды малчыларга таратып жүргөн «Ой-Бай-акечи! кемпири – экөө тытылган-жыртылган китептерди чаптап-жамап жүрүшөт. Ушул кичинекей деталдан-штрихтен тиги белгисиз кабарчынын (кемчиликтер менен келишпеген натурасы аны ушул кабарчылыкка алып келген болуш керек) адамдык сапатынын ажары ачылып турат.

«Ала-Тоонун ак кары» экилтигиндеги мындан башка Керимкул (муз жарылып, көл түбүнө кеткен), Узак (көчкү менен кошо күм-жам болгон) экөөнүн кайгылуу өмүрүнөн эле тоо-ташта кышын-жайын кой артында жүрүп өмүр кечиргендердин иши

канчалык жооптуу, канчалык коркунучтуу, ошондуктан, канчалык ардактуу экени көрүнүп турат. Касым, Шербеттер да тиги турмуш таразасынын жакшылык аттуу табагынын салмагын арттырғандар. Ошондуктан, алардын сүрөтүн тартуу үчүн Шалта кыштоосуна барып, алар менен аз күнгө болсо да азап-тозокту бирге көргөн жаш фотокабарчынын: «Мен эртең кайрадан Шалбага учканы турам. Шефтикиндей (райондук газетанын редакторун айтып жатат) кара тон, кийиз чокой, жылуу тумак алгам озумо. Койнумда фотоаппаратым бар. А негативдер бүтүндөй менде сакталуу. Сүрөт бар болгону бир ирмемге токтой калган мезгил, өмүрдүн бир учкуну. Ошо учкунду Ала-Тоонун миңсандаган терең колотторунун бир чойчоктой коңулунда көзго көрүнбөй, кулакка угулбай, эл үчүн эмгек кылып жүргондордүн өмүрүнүн жок дегенде бир ирмемин мен эми адамдарга көрсөто алам» — деген убадасын угуп туруп: «Жоной көр тезирээк! Ылайым жолуң ачылсын, Шалбалыктарды элге көрсөтөм деген ак ишиңе, мен да чын ыкластан кошулам! Жоно, тезирээк! — деп тигини шаштыргың келет.

Соз болуп жаткан чыгармалардагы жаштар кандай? Негизинен алар да улуулардын ишин улантууга жарамдуулар жана ынтызарлар. Мезгилинен курагына жараша ата, энелеринен «озгочологон» жактарына карабастан туура жолдо телчигип бараткандар. Мындай жаштарга ишенүүгө болот. Анткени, алардын улуулардан үйронолү, үлгү алалы дегенде ниеттери ак. Буга да чыгарманын озүнон далил келтирип королү: «Биз сени көрүп остүк, Асек! Сенин жалындай кыялынан озүбүзго дем коштук. Сенин карасы жок ниетинен озүбүзго ниет коштук. Сен эми жолго чыктың. Асек, Ата журтту аралап, жакшыны көр, турмушту ылгап нускаңы оркүндөт. Ошол онор, ошол билим бизге орнок болсун, биз үчүн үлгү сабак болсун».

Бул создү «эки сап өмүр» повестиндеги звенонун мүчолору (мурунку жылы гана он жылдыкты бүткон) насаатчысы Асекти тажрыйба топтоп келиш үчүн Ош тарапка узатканда ичтеринен айтып турушту. Булар 16-18 куралтагылар, аз эле убакыттын ичинде оз насаатчысы Асектин «оң» жана «терс» сапаттарын, башкача айтканда, анын мүнөзүндогү ойдүк-сойдүктү туура баамдашып, туура жыйынтыкка келишет. Бирок, андан үйронүүго, аны ээрчүүго болот. Буга жазуучу бизди, окурмандарды, ишендире алган.

Жакшы-жаман кишилердин саны, албетте, чыгарманы баалоодогу башкы критерий эмес. Ошентсе да корком адабият адамдарды таануу жонүндогү илим экендиги чын болсо, каармандардын иши, ой-тилеги, оз ара жылуу мамилеси, созсүз, чоң мааниге ээ.

Ой багып, акыл терметкен чыгармачыл адамдын чарк-чамасы, көбүнчо озү жашап турган коомдун, мезгилдин саясий-моралдык турпатын канчалык даражада корком чагылдырып бере

алгандыгы менен өлчөнүп бааланат. Доордун өткөндөгүсүн, бүгүнкүсүн жана эртеңкисин башкалардан мурдараак баамдап-сезип аларга карата өз мамилесин озунуп айтып калуу ар бир сүрөткерге кудай берген жөндөмүнүн өзгочолүгүнө жараша болору да белгилүү. Бирок, мындай шыбаганы тагдыр калемгер аталгандын баарына эле ыйгара бербеси да белгилүү.

Мына ушулар жөнүндө, эмнегедир, мен Казат Акматовдун чыгармаларын окуганда дагы бир жолу ойлодум. Анткени, ал — өз калеминен жаралгандын нарк-баасын билген жазуучу. Ошону менен бирге окурмандарынын жана мезгилдин алдындагы жоопкерчилигин да туура түшүнүп, аны ыйык туткан сезимтал жана милдеткор жазуучу.

Менин байкашымда Акматов — мезгилдин жазуучусу. Тагыраак айтканда, өз доорунун сүрөткери. Биринчи ири чыгармасын «Мезгил» деп атаганынын да «сыры» менимче, ошондо. Ар бир чыгармачыл адам а дегенде өз мезгилинин ырчысы денизчи, ошентсе да, Казат сыяктуу ага атайлап бел байлап, «чу» деген жерден ошону көздөй аттангандар, аны көркөм изилдөөнүн туруктуу объектисине айландыргандар аз. Жогоруда аталган романында автор советтик деп аталган доордун бүтүндөй бир мезгили — кыргыз элинин турмушуна, психологиясына олуттуу «алымча-кошумчаларды» кийирген мезгили сүрөттөлөт. Муну менен ал адабиятыбыздагы «дың», мурда эч кимдин колу тие элек теманы ачты дегим келбейт. Ошентсе да ал тема бул жазуучунун кыска жана чебер баяндоосу аркылуу дагы бир жолу «жашарып» алды го демекмин.

Казаттын чыныгы мезгил сүрөткери экенин анын: «Күндү айланган жылдар» деген жаңы романы, «Айлампа» деген драмасы, мезгилдүү басма создорго жарыяланган даректүү аңгемелери, публицистикалык макалалары далилдеп турат.

Казат Акматов тууралуу соз кылып жатып, аны башка адабиятчылардан айырмалап турган дагы бир ишмердигин айтпай кетсек болбос. Бул анын жаш кезден коомдук иштердин кайнаган жеринде келаткандыгы. Университеттин студенти кезинде комсомолдук ишке аралашкан ал аны бүткондон кийин да жаштардын райондук комитетин башкарып, ошондон тартып улам ойдолоп отуруп партиянын Борбордук Комитетине чейин жеткенин айтып жатам. Ошондуктан го, эс тарткандан бери жогорку элитанын келечегинен үмүттөндүргөн окулу болгондугуна карабастан, мезгил желаргасы башка багытты көздөй сого баштаганда тигилердин терс жактарын жазуучуларыбыздан биринчи болуп көргөн да, биринчилерден болуп алардан биротоло кол үзгөн да, алар тууралуу биринчи болуп чыгарма жазган да ушу Казат болуп жатпайбы...

1992-жыл.

ЖАШ КАЛЕМДЕШКЕ КАТ

Ассалоом алейкум, АБДИЛАМИТ! Сага бул катты жазууга «АЛА-ТОО» журналына чыккан «АК КОРГОН» аттуу повестин себеп болду. Андан мурдараак айылдык инженер-куруучу Мейман Раманкулов менен жаш автор Тойчубай Субанбековдун повесттерин окуп, алардан алган таасирлер ушунчалык күчтүү болгондуктан, аларды Жазуучулар союзундагы бир жыйында башкалар менен бөлүшкөнүм да эсимде. Субанбеков менен Раманкуловдун повесттери «Ала-Тоо» журналында кезек күтүп жатышат. Алардын кечигип болсо да жарык көрөрүнө ишенем. Анткени, экөөнүкү тең жакшы чыгармалар.

Раманкулов менен былтыр гана тааныштым. Ал эми Субанбеков тууралуу бир нече жылдан бери тиешелүү жерлерде сөз кылып келатамын. Анын алгачкы аңгемелеринен тартып, (анын да азырынча сага окшоп бир гана кичинекей китеби чыккан) жазганынын баарын такай окуп келатамын. Мындан жети-сегиз жыл мурда жаш жазуучулардын кеңешме-семинары учурунда анын жетекчиси катары Субанбековдун биринчи аңгемелерин окуп, жактырып калган элем. Андан бери ал бир нече жаңы аңгемелерди, повесттерди, а турсун, роман жазып таштады. Бирок, алары азырынча эки гана адамга — өзүнө, анан мага гана белгилүү. Башкаларга жете элек. Бу да болсо, азырынча адабий-көркөм жана басмаларыбыздын мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү экендигинен. Көптөн бери сөз болуп келаткан жаштар журналы көз жарып калса, жаңы гана ишке киришкен «Адабият» басмасынын тармагы күтүлгондой кеңейип, «Ала-Тоо» журналынын көлөмү муктаждыкка жараша тезирээк чоңойсо, албетте, силердей жөндөмдүү жаштардын окурмандарга барчу жолун кескин кыскартып чыгармачылык жаштыгыңарды эртерээк жетилтмек.

Абдиламит! кат менен сага кайрылып жатып, биерге дагы эки жаш талапкерди кыстарып отурган себебим, үчөөңөрдүн чыгармаларыңардан мен, кандайдыр бир, окшоштукту байкап калдым. Тагыраак айтканда, жазуу манераңар окшош экен. Курчап турган дүйнөнү байкоо, туюп-сезүү жана аларды окурмандарга айтып берүү жөндөмүңөрдү айтып жатам. Үчөөңөргө тең элпек лиризм жана терең психологизм мүнөздүү. Үчөөңөрдө тематикалык жактан окшоштук бар — бийик адамгерчиликти даңазалайсыңар. Мен окуган силердин аңгемелерде, повесттерде — адамдардагы ак ниеттүүлүк, боорукердик, айкөлдүк сыяктуу ыйык сапаттар, алардын атадан — балага, энеден — кызына өтүшү сөзгө алынат.

А дегенден эле кээде биз, улуулар, этибарга албай койгон тигиндей улуу адамгерчиликти биринчи планга коюп отурганыңардын өзү мени аябай ыраазы кылды. Ата-бабалардын кийин-

ки урпактарга түгонбос гүлазык, көзгө сүртөр табарик катары өткөрүп берчү ошол ыйык сапаттар объектүү жана субъектүү себептер менен, убакыттын өтүшү менен бөксөрүп отуруп, бүгүн «дефицитке айланып кеткенин эч кимибиз тана албайбыз. Натыйжада эмне болуп жатат? Кимдин колунда бийлиги болсо, ошонун бутун кучактаган арсыздар, эки жүздүүлөр, тыйындык пайдасы үчүн баасыз досун саткан ыймансыздар, карыган ата-энесин карабай таштап кеткен безээри балдар, жашоонун женил жолу деп уурулукту тандап алышкан кесептер, сойкулар көбөйүп кетпедиби! Башкача айтканда, ЖАКШЫЛЫКТЫ жамандык жакадан алып аны ал-күчтөн тайдырып баратканда ЖАКШЫЛЫККА жаңы күч-кубат берчү чыгармаларды жаратуудан өткөн асыл милдет барбы?! Деги эле көркөм сөз онорүнүн түпкү вазийпасы – адамдардын акыл-эсин тазартып, бири-бирине болгон сүйүүсүн, ыкласын арттыруу. Ыйык Куран талабы да ушундай эмеспи!

Абдиламит, ушул ойлорумду далилдөө үчүн сенин ангемелериңин тегерегинде сөз кылуу максатында ушул катты жазып отурам. Бул катты жазуу ою сенин «АК КОРГОН» повестиңи окуган соң пайда болгон эле дебедимби. Ана-мына деп ага чоло тийбей жүргөндө жакында «Кыргызстан маданияты» газетасынан «Палван» деген жаңы ангемеңи окуп калдым. Ошондон кийин башка бардык иштерими жыйыштырып коюп, ушул катты жаздым.

Эмесе, сөздү ушул кийинки ангемеңен баштайлы. А дегенде кичинекей «лирикалык чегинүү». Быйылкы жайды мен түштүктө жүрүп өткөрдүм. Түштүк дегенде Ош, Жалал-Абад гана аймагы эмес, сен тиги ангеменде базарын эң сонун сүроттогон бүтүндөй Фергана ороонун көзгө тутуп жатам. Бул ороондун дүйүм жемиши кыйгаз бышып, тогүлүп-чачылып жаткан маалда мен да жездең экоон окшоп (ангеме биринчи жактан айтылып жатпайбы) Фергана базарын араладым. Маргылан, Наманган, Анжиян базарларында да болдум. Демек, сен ангемеңде сүроттогон: «жебей жатып даамы тилге жетип, ырахаты көздөрүнөн көрүнгөн» адамдарды, айрыкча, бир колун боорына алып, экинчи колу менен эгиз балдардай моюндашып жаткан коондорун көрсөтө: «Мырза чолдукү. Кайсынысын тартайын? Тилип берейин а дегенде жеп көрүңүз. Ага пул бербейсиз» – деп аларманды кызыктыра ага сылык-сыпаа кайрылып турган сатармандарды дагы бир марта өз көзүм менен көргөн элем. Ошол баш-аягы көрүнбогон чоң базарды аралаган ала допу, ак калпак аралаган адамдарды, коон, дарбыз, жүзүм, шабдаалы жыттанган адамдарды, колдору тилик, беттери туурук, бирок, тулку бойлорунан кут агылган, салааларынан береке чууруган адамдар менен кайрадан жолуктурганың үчүн ыраазы болдум. Азүтүн агызган ачкөз да, ашынган ууру-кесип да мындай мол-

чулук базарын араласа, жок дегенде сенин ушул аңгемеңи окуса, азга болсо да андай ыплас жоруктарынан баш тартып, агытып таштаган напсисин тыяр беле деген ойго келдим. Башкача айтканда, чыгарманын жандүйнөгө тийгизер таасири жөнүндө айтып жатам.

Бирок, мени тигиндей базарларды, анда жайнаган алигидей мөмө-чөмөлөрдү көрбөгөн тоолуктардан окшойт деп ойлобогун. Мен өзбек туугандардын алигидей дүйүм жемиштери бышкан кезде алардын жагымдуу жыты жазбай жетип турчу, демек, аларга жааматташ кыштактардын биринде туулуп-өскөндөрдөнмүн. Балким, ошондуктан сен аңгемеде соз кылгандарды ушунчалык тез кабылдап, алардан тез таасирленип жаткандырмын. Ооба, чыгарманын башкы касиети ушунда – окуганды таасирлентүү. Чынын айтайын, ушу аңгемеңи окугандан кийин менин да өзүң жазгандай: «Закым желген, ошол чолдо, анделек жыттуу кепеде жатып туруп ширин-ширин аңгемелерди жазгым келди».

Окуганды мына ушундай кумарлануу сезимине дуушар кыла алган чыгарма гана өз максатына жетип, жандүйнөнү аруулантуу милдетин аткара алат. Мындай деңгээлге жеткире сүрөттөй алуу, албетте, баарынан мурда талант чамасына, анан түптөлө баштаган чыгармачылык чеберчиликке жараша болот.

Сенин аңгемелериңен мен байкаган дагы бир өзгөчөлүк – жогоруда эске салган адамгерчилик жагдайына тиешелүү. Таалим-тарбия маселеси. Мен окуган ар бир аңгеменин негизги каармандары – ата менен бала, эне менен – кызы. АТА менен ЭНЕ – перзенттери үчүн жакшылыктын уюткусу, көроңгөсү. Ушул короңгодон, ушул уюткудан осүп калса, баланын келечекте турмуштун тескери жолуна түшүп кетпеси үчүн алгачкы шарттын түзүлгөнү дей бер. Сенин ушул чындыкты жаш эле туруп, баамдаганыңа кайыл болдум. Далдалчы – Өсөр, анын баласы Аттокур («Далдалчы» аңгемесинде), Шергазы, анын баласы – Аскар («Үйдүн куту» аңгемесинде), Нарыбың, анын кызы – Кантажы («Экзамен» аңгемесинде), Анар, анын кызы – Каныш («Дандыр» аңгемесинде), жездеси менен кайниси («Палван» аңгемесинде) жана башка аңгемелеринде балдар, кыздар коларага кирип улууларга алардын күндолүк тиричилигинде комоктошүүгө жарап калышкандан тартып алардан бийик адамгерчиликтин уюткусунан, көроңгосүнөн жүрөктөрүнө сүртүп, акыл-эстерине жуурултуп келатышат. Мындайлардын келечегинен шектенбесе болот.

Штрихтер... Деталдар... Булар Коркөм чыгармада каармандардын мүнөздөрүн ачууда чоң-чоң кызмат өтөшөт. Бул көркөм каражаттарды да ыктуу пайдаланасың. Кээде бир эле шилтемиң чоң нерседен кабар берип коюп жатат. Маселен, келинчегинин: «Козулуу кой алып кел» – деген өтүнүчү менен базарга барган күйөөсү аны аралап жүрүп акыры козулуу кой кармаган

сатарманга жолугат. Ушул жерден улам биринен-бирине өтүп аларман менен сатармандын колдорун кармаштыра: «Бар, береке!» айтып жүргөн Өсөр далдалчы да пайда болот. Буга аны жакшы тааныган эки жак тең сүйүнүп кетет. Койдун ээси 250 сом сурайт. Ал эми ӨСӨР далдалчы анын айтканына дагы 30 сом кошуп коёт. Анын көп жылдык далдалчылык тажрыйбасы таразага айланып калган да. Ал жаңылбайт. Ошондуктан, эки жак тең анын баасына маакул болот. Демек, эки жак тең тигинин калыстыгына ишенет. Мал ээси, мурда мал сатып көрбөгөн экен, ошондуктан, аз сурап коюптур. Мындай сооданы өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен угуп турган Өсөрдүн баласы Аттокур биерден калыстыктын «сабагын» алып жатпайбы. Тигилердин ишин бүтүрүп, анын атасы ал кызматы үчүн алардан эч кандай акы албастан башкаларга шашат. ЧОҢ базардын бардык жеринде моюндарын созо аны издегендер, аны күткөндөр. Анткени, Өсөр – калыс далдалчы. Аны сатармандар да, алармандар да биротоло түшүнүп калышкан. Өсөрдүн далдалчылыгы – байыш үчүн эмес, башкалардын ажаатын ачыш үчүн экенине көздөрү жетип бүткөн. Андан баласы Аттокурга калчу байлык да, мурас да – атасынын мүнөзүндөгү ушул артыкчылыгы. Башкалардын камы үчүн кара жанын карч уруп эртеден кечке тынбай басып, калыстык ишин кылганы.

Дагы бир деталы... Дагы бир штрих... Сатып алат го деген үмүт менен кооңпуруштун кесип берген бир тилим коонун «кабыгына чейин кемирип жеп» анан бир кылчайып артына карап койбостон басып кете берген жездеси үчүн кайнисинин катуу уялганы... «Албагандан кийин алиги тилимди эмнеге жеди десең» – деп күн бою кыжаалаттанган бала чоңойгондо да азыр белгилүү болуп жаткандай бүтүндөй бир чарбанын, же ишканын бир жылдык кирешесин жеп-жутуп коюп деле эч нерсени көрбогон-билбеген кишидей компоюп жүрө бергендерден болбойт. Башкалардын ак эмгегинен жаралганды бала кезден баалай билген неме андайга бара албайт.

Дагы бир штрих... Дагы бир деталь... «Апаңардын дандырына нанды эми Каныш жабат» – дейт энесинен ажыраган балдардын атасы. Дандырды курдурган алардын апасы Анар эле. Ал көз жумду. Артында тестиер уулдары менен кызы Каныш калды. Анар олду, бирок, аны менен кошо жашоо олгон жок. Анткени, жашоону уланта турган Каныш бар артында. Демек, дандырдын оту өчпөйт. Ага мындан ары да нан жабыла берет. Мындан ары да ага нан жапкан сайын алардын ысыгы тарай электе апасы Анардай эле Каныш да коңшуларын чакырып, алардын астына дасторкон жайганды унутпайт. Энесинен жуккан чоң адамгерчилик андан ошону талап кылат. Жакшы нерсени башкалар менен бөлүшүп туруу дандырга жапкан ак нанындай ак дилдүү адамдардын гана колунан келет.

Дагы бир деталь... Дагы бир штрих... Таразачы Туйту бир күнү жакын жердеги суу саткыч Калбү аттуу келинге келип суусун ичкенден кийин тыйын сунса тиги кошуналыгын көрсөткүсү келгей го, тыйынын албай коёт. Туйту болсо, кадимкидей кейип: «Муну сага берип жатканым жок, Өкмөткө берип атам» — деп тиешелүү сары чакасын таштап кетет. Мына, дагы бир ак ниет Адам! Өкмөттүн дегени элдин чөнтөгүнө дегени эмеспи. Элдин чөнтөгүнө кол салбастан ага өзү тыйын болсо да салып жатпайбы! Өкмөттүн, демек, мамлекеттин чөнтөгүнө коркпой кол салгандарды колго чаба турган АДАМ!

Абдиламит, сенин бул катта аталган жана аталбаган аңгемелериңи окуп отуруп, Туйту таразачынын сөзү менен айтканда: «Бирөөгө грамм дагы жаманчылыгы жок адамдар» да турмушубузда али аз эмес экендигине ынаанып калдым. Менимче, жакшылыгы керт башынан артпаган, башкаларга багыштаганы жалаң гана жамандык-арамдык адамдар саны жагынан далдалчы Өсөрлөр, таразачы Туйтулар, дандыр ээси — Анарлар, Каныштардан ашып кеткен күнү кыямат кайың болот. Сенин каармандарың менен таанышкандан кийин, кудайга шүгүр, ал КҮН азырынча алыс экен деп калдым... Ушундай сезим тартуулаганың үчүн сага ушул кат аркылуу ыраазылыгымды билдирип коёюн дедим.

Абдиламит, мага жаккан дагы бир артыкчылыгың — тилиң болду. Жазуучунун дагы бир милдети — эне тилинин даяр запасынан гана сарамжалдуу пайдалануу эмес, колдон келишинче анын мүмкүнчүлүгүн андан ары да арттырууга көмөктөшүү экенин билесиң да. Ушуну эске тутсак ал, же бул чөйрого гана тиешелүү сөздөрдү жана түшүнүктөрдү пайдаланып жатып (андайлар сенин чыгармаларыңдагы персонаждардын речинен гана кездешпестен, автордук ремаркадан да жолугат) «окурман түшүнөөр бекен?» — деп кылчактабаганың жакшы. Мунуң кээ бирөөлөр ойлогондой «тилди булгоо» эмес, анын али ачыла элек «запасын» ачууга далалаттануу.

Абдиламит, кийинки жылдарда өзүңү очерк, публицистика жанрында да сынап көрдүң окшойт. Менимче, бул жагынан да ишиң жемиштүү болуп жатат. Алардын айрымдары республикалык, ал турсун союздук сыйлыктарга татыктуу болгонуна мен да кубандым.

Бул жанрдагылардан мага айрыкча жаккандары — жогорку жакта учкай сөз кылган аңгемелериңен кем эмес таасир калтыргандары — жазуучу Кубат Жусубалиев менен актёр Сүймөнкул Чокморов жөнүндөгү очерктер болду.

Кубат Жусубалиев калемдештериңин эч кимисине окшобогон (чыгармалары, кулк-мүнөзү жагынан гана эмес, өңү-түсү жагынан да) — оригиналдуу инсан. Чоң талант! Өзгөчө бир түйшүктөрү менен, башка эч ким билбеген, өзү да билдирбе-

ген, эч кимге чечилип сыр айтпаган, табиятынан «түнт» адамдардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кириш сендей азырынча жарганаттын канатындай болгон жука бир китепченин авторуна эмес, калеми «төшөлүп» калгандар үчүн да кыйын иш эле. Интеллектуалдык дарамети бай, бу жашоонун философиялык жагын тынымсыз аңтарып казып жүргөн Жусубалиевдей сейрек учуроочу жазуучунун жана АДАМДЫН көптүн көзүнөн өтө этияттык менен жаап-жашырып келаткан сырдуу дүйнөсүнө үңүлүп кире алганыңын озүн сенин чыгармачылыгыңын дагы бир жетишкендиги деп эсептеймин. Ушундай эле пикирди Сүймөнкул жөнүндогү очеркиңе да айткым келет. Керемет таланттын бийиктигине чыга алгансың биерде да!

Очерктер дейсиңби, портреттер дейсиңби, кеп алардын аталышында эмес, жакшы АДАМДАР, бул турмуштун туткасы болуп калууга татыктуу АДАМДАР, тууралуу жүрок отуң менен кеп кылгансың. Ошонуңа кубандым, ыраазы болдум. Ушундай сезимден улам, дагы кайталайын, ушул катты жазып олтурамын.

...Ал эми «Ак коргон» повестиң тууралуу бул каттын башында кыстарылган өзүңө окшогон дагы эки таланттуу жаш калемгерлердин – Тойчубай менен Мейманднн повесттери жарык коргондон кийин алар менен бирге сөз кылайын деп чечтим.

1987-ж.

«МИЛДЕТ, ПАРЫЗ ДЕП...»

Өткөндөгү Улуу Ата мекендик согуш – көркөм адабиятыбыздын өмүрү узак темаларынан экенине Ө.Даникеевдин «Көкөй кести» романын окугандан кийин дагы бир жолу ынандым. Чын эле көкөйдү кескен ал катаал жылдардын азап-тозогу, ага карабастан советтик адамдардын мурда тарых билбеген аскердик жана эмгектик эрдиги тууралуу айтып берүүгө ал жүрөк үшүткөн окуялардын түздөн-түз катышуучуларынын өмүрү жетишсиз экенине, ошондуктан ал улуу баянды андан ары улантып кетүү үчүн, ошентип анын азыркынын гана эмес, келечек урпактардын да эскере жүрчү жана ошону менен бирге сыймыктана жүрчү руханий мүлкүнө айландырыш үчүн, ал кезде Изат курагында болуп, чондор каякка барса, ошол жакка, алардын этек-жеңинен кармана ээрчий басышкан, элдин-жердин башына түшкөн оор мүшкүлдү жеткире түшүнө беришпесе да боолгото сезген, бирок ал кыйынчылыктарды улуулардан арткан тамак кешиги, Айша апалардын оор үшкүргүү, Гүлшандардын тымызын төккөн көз жаштары менен кошо кан-жанына сиңирип алган наристелердин үлүшү да талап кылынаарына да дагы бир жолу ишендим.

Ооба, көкөй кескен ал кайгылуу окуялардын бир үзүмүн ушунчалык таасирдүү кылып айтып берип жаткан азыркы белсемдүү жазуучуларыбыздын бири Өскөн Даникеев китептин эң кичинекей каарманы Изат менен жашташ. Ооба, оокаттын тартыштыгынан чондордон калган кешикти жеп, аскерге кеткен аталарынын, агаларынын эскирген кийимдеринен кичирейтилген кийимдерди кийип, энелердин үшкүргүгүн угуп, келин-кыздардын көз жашын көрүп, демек, өксүк өскөн балдардын бири. Ал көкөй кескен мезгилден бери кырк жыл өткөндөн кийин ошондогу алты-жети жаштагы наристенин бири Өскөн жүрөгүнөн түбөлүккө түнөк таап калган ошол кездеги адамдар, алардын иштери тууралуу айтып берүүнү чечкен.

Сөздү, ошондуктан, мына ошол азыркы автордун өзү менен жашташ, чыгарманын эң жаш персонажы Изаттан баштаганыбыз оң келип турат.

Изат жаңы конушун «Ор» деп атайт. Туш-тушу асман тиреген тоолор менен тосулган капчыгай – наристенин түшүнүгү боюнча ор. Наристенин жаңы конушту минтип атоого жүйөсү бар. Дүйүм жемиш жыттанган Чүйдүн мелмилдеген түзүн, көк бетиндей көпкөк, нары тептегиз Ысык-Көлдүн кылаасын көргөн балага албетте, капчыгай ор сыяктуу көрүнөт. Ал жерге эмне үчүн барып калды? Буга баланын акылы жетпей жатат. Тээ батыштан гитлердик фашизм дегендин көрүнбөгөн жез тырмактуу суук колу ал жашаган айылга чейин жетип, аны, анын энеси Айша апаны, жеңеси Гүлшанды, айылдашы Дарийканы,

Мурат деген жигит менен кошо кежигелеринен мыкчый кармаган бойдон ушул оор өндөнгөн алыс капчыгайга алып келип таштаганына анын акылы али жете бербейт.

Изат ошол жылы биринчи сентябрда өзү тендүүлөрго кошулуп, Айша апанын, же агасы Тургунбектин коштоосу менен гүлдесте көтөрүп, биринчи жолу жаңы дүйнө астанасын – мектеп астанасын аттамак! Карачы, тагдырдын күтпөгөн жерден такуулаган адилетсиздигин! Биринчи сентябрды ал өзү куракту мотурайган отуз-кырк балдардын, кыздардын арасында боёк, акиташ жыттанган чоң терезелүү жарык класс бөлмөсүндө эмес, рация будкасында тосуп албадыбы! Мугалим болуу түшүнө да кирбеген Мурат абасынан «сабак» алуу менен «билим сапарын» баштабадыбы! Колунда жаңы китеп, дептер эмес, абасы аба ырайы жөнүндөгү маалыматтарды жазып жүрчү эски журналдын актай калган баракчаларынан тиркелип жасалган «дептер» менен окуй баштабадыбы!

Изаттан өз сөзү менен айтканда «ордо» жашап жатышса да алардын «чоң жер», «чоң дүйнө» менен байланышы үзүлбогонү, кыйын күндөрго карабастан жашоосун улантып жаткан бир жагынан күнү чыгып атса, экинчи жагынан күнү батып аткан учукыйыры чексиз олконүн бир тамыры так ушул «ордо» кагып жаткандай сезилет. Башкасын айтпаганда да Изаттын, мектеп жашына келип калган Изаттын, окуусу да токтогон жок.

Этеги – Изат, башы – Айша апа. Каармандардын жаш курагы, а түгүл жынысы да, менимче, биерде мааниге ээ. Жер дүңгүрөткөн биздин жеңишти камсыз кылууга Ата журттун бардык адамдары – Изатынан тартып Айша апага чейин катышкан да. Эркек, аялдары, жаш-карысы дебей, түздогүсү да, суудагысы да, а түгүл ашуудагысы да.

Бул чыгарманын артыкчылыгы катары корсото кетчү нерсе – мында сүрөттолүп жаткан озгочо кырдаал, ага дуушар болгон адамдар кыргыз адабиятына буга чейин сейрек кездешкенинде. Мындагы адамдардын жоо-жарагы жок. (Мураттын жалгыз мылтыгынын аткарчу «милдети» башка). Бирок, жоокер башынан кечирчү кыйынчылыктарды, тагыраак айтканда, ошого тете кыйынчылыктарды башынан кечиришти. Мага булар жоокер кийимсиз, жоокер куралсыз эле кең Мекендин нукум жерин жоого бербестен, акыркы огу калганча туш-туштан кысып келаткан жоого каршы күрөшүп аткан жоокерлердин чакан тобун элестетишти. Ал топтун тигиндей эрдикке шыктандырган командири – Мурат. Кыйын учурларда ага акыл-кеңеши менен жардам берген комиссары – Айша апа. Ал эми Дарийка, Гүлшан, Сакинай, Изат – катардагы жоокерлер. Алар да мекен алдындагы милдеттерин, парыздарын тиги командир менен комиссардан кем түшүнбогон катардагы жоокерлер.

Мен айбанат болсо да Тор кашка менен Алаякты да ошол жоокерлердин катарына койгум келип атат. Анткени, алардын аткарган иши да кан майдандагы жоокер минген, ок ташыган, замбирек, тамак-аш тартып жүрүп, жоокер сыяктуу эле дейди октон же, жакын жерге түшүп жарылган бомба, снаряддан мерт болгон аттарга окшош. Алардын мезгилсиз өлүмү да, ок тийген жерин колу менен баса калып «жалп» этип суналган жоокер өлүмүндөй эле аянычтуу!

Ооба, тигилер да жоокерлер. Айырмасы эле — оруктун жоокерлери. Ал эми Тургунбек, Дубаштар — кан майдандын жоокерлери. Кап, азыр дээрлик ар бир айылда өз жоокелерине тургузулган эстеликтин катарында дагы бир Эстелик — оруктун Мурат өндүү «жоокерлерине» тургузулган эстелик да турса кандай сонун болор эле!

Бул романдын дагы бир өзгөчөлүгү — персонаждардын саналуу гана экендигинде, башкача айтканда, аздыгында. Ошондуктан, бир жолу окуганда адамдарынан тартып, сур эчкиге чейин аттарын гана эмес, өң-түстөрүнө чейин жаттап калууга болот. Буга автордун сараң, бирок так сүрөттөолору, ошону менен алардын ар бирин толук кандуу образга жеткире алган чебердиги жардам берип турат. «Орду» жердегендер — милдеттин, парыздын адамдары. Адамдардын адамдыгы, граждандык аңсезими өлүм менен өмүр жакындан беттешкен кан майданда, анан тиги кичине топ дуушар болгон кыйын-кысталыш кырдаалдарда сыналат. Мурат «приказ», «приказ» — деген сөздү бир нече жолу кайталайт. Бул сөз да биздин жогорудагы оюбузга далил.

«Приказ» дегенди аскер кишилери, ал эми ал жылдары кан майданда жүргөндөр гана колдонгон сөз. Аны биерде, эл жашаган жерден төрт-беш күндүк алыстагы ээн жерде жашаган Мурат да кайра-кайра айтууга мажбур болуп жатпайбы. Демек, ал да өзүн жоо беттеп кеткен Дубаш, Тургунбек досторунун катарында деп эсептеп жатканы, оорусунан мында калып калганына өксүгөн, бирок намыскөй, нары эл алдындагы, оор учур алдындагы адамдык милдетин, граждандык парзын туура түшүнгөн ал озүн жана жанындагыларды да так ошол курал кармап душман алдын тосуп жүргөн досторунун деңгээлинде иштеп жана өмүр кечирүүгө үндөп жүрөт.

Мурат: — Гүкү! Айланайын жарыгым! Каран калтырба мени. Ооба, Айша апам ошенткен мени. Анын керээзин кантип эки кылайын... Бирок, Гүкү, сен мени түшүн да. Мен жыргаганыман ушинтип жүрөт дейсиңби? Менин милдетим бар да! Эмне, билбейсиңби аны сен? Билесиң да. Жалаң ошол милдет, парыз деп... Баарына кайыл болуп»... — дейт.

Алиги «ордо» экөө гана — Гүлшан — экөө гана калып, башкалары өлүп, же сур эчки менең Изаттай тоо арасына кайып бо-

луп кеткенден кийин эң кыйын учурда, Гүлшан да кетип, ээн капчыгайда тамак-ашсыз өзү жалгаз калар учурда айтып отурган сөзү эмеспи бу. Элдин, тиешелүү мекеменин («сентирдегилердин» таккан милдетин ыйык туткан кишилердин гана оозунан чыкчу сөз эмеспи бу соз!

Бардыгына күнөөлүү ошол бийик ашуунун белиндеги метеостанция окшоп аны каргашып, тилдешип, жакага кетүүгө жулунуп аракеттенишкен, мунусуна караганда «милдет», «парыз» дегенди этибарларына алышпагансыган Дарийка менен Гүлшанды зирек окурман кетирген «чекиликтери» үчүн айыпташпайт, күнөөлөшпөйт. Анткени, жазуучу учурунда арага түшүп, тигилердин андай жүйөолүү себептерден келип чыккан «кежирликтерин» жетерлик аргументтер менен түшүндүрүп бере алган.

Бул романдын ар бир каарманы (а түгүл сур эчки, анын эки улагына чейин) өзүнчө сөз кылууга арзый турган каармандар. Бирок, бир жолку учкай ой айтуу менен алардын баарын камтуу кыйын. Бул чыгармасы менен автор жазуучу катарында жетилген курагын, чыгармачылык потенциалын далилдеген.

Жыйынтыктап айтканда, Өскөн Даникеев өз окурмандарын жакшы кишилердин дагы бир тобу менен, өмүрлөрүн улуу жана ыйык нерсеге — Ата Мекенинин алдындагы милдетин ар кандай кыйынчылыкка карабастан ак өтөөгө бел байлаган кишилердин тобу менен тааныштырып отурат.

1986-жыл.

Ж.МЕДЕТОВДУН «КҮРӨШ» ЖЫЙНАГЫ ЖӨНҮНДӨ

Ж.Медетовдун чыгармалары менен буга чейин эле таанышмын. «Мурат улама» жеген китеби жазуучулар союзунда талкуланганда ага катышып, оң пикир айткандардын бири менмин.

Бул автордун калеминен жаралгандардын ичинен окурмандарды кызыктырган, менимче, элдик уламыштарга өзөктөштөрү. Эл даанышмандыгын, айрым адамдардын асылзаадалыгын, калыстыгын, эрдигин, сөздү кадыр тутканын, акылман айла-аракеттерге баш урганын даңазалаган көркөм каражаттарга бай аңгеме, повесттери. Буга биринчи далил — мен жогоруда атаган «Мурат улама» жыйнагы. Ал эми сөз кылалы деп отурган топтомдон — Базарбек, Бекберди, Баратаалыга байланышкан окуя, айрым аңгемелер.

А дегенде жыйнактын баш жагында берилген эки повесть тууралуу оюму айтайын:

«Өгөй» повестин окуй баштагандан тартип, алымсынбай жүрүп, аягына да ошол эле сезим менен чыгып кеттим. Жок, айрым авторлор үчүн бу чыгарма деле, балким, табылга, ийгилик. Медетовдун бай тили, көркөм боёгу, сүрөткерлик көрөгөчтүгү жана баамчылдыгы мында деле өз жайында. Бирок... Бирок, баатыр менен туткун кыз окуясынан башкасы өз деңгээлинде эмес. Жүрөккө жетпей, демек, сезимди козгобой, андай болгон соң оюна-ой кошулбай, бөксөң толбой, капчыгың чыкпай кыжалат тартып туруп аласың го. Мен ошенттим бу повесттен. Дагы кайталайм, эгер мен мурда бу авторду (чыгармасын) билбесем, жакшы көрүп калбасам, балким, бул повесттен деле мынчалык ирээнжимек эмесмин. Анда ошол иренжүүнүн себептерине өтөйүн:

1. Аталган повесть ушул темада (өгөйлүк темасында) жазылган чыгармаларга кандай «үлүш» кошуп отурат? Мына ушул суроого жооп таба албадым.

2. Каармандардын иш-аракетине мотивировкалар жетишпейт. Маселен: Кудагыйлар Зуура менен Калыйчанын катаалдыгы сюжетке жарытылуу «кызмат» кылып берген жок го?.. Жаңылдын өлүмүнө ал экөөнүн катаал мамилеси эмес, Барчындын төрөп коюшу себеп болгонсуп калды. Анан дагы ишенимсиз бир нерсе — Беребай Жаңылдын (бу келиндин аты чыгарманын кээ бир беттеринде «Жамал» да болуп жүрөт) өлүмүнөн кийин ичип кетет экен, эмне үчүн? Ушунчалык сүйдү беле? Андай болсо, эмне үчүн Барчынга үйлөндү? Чынығы сүйүшкөндөр ошол сезимдерин баладан өйдө көрүшүп, бу дүйнөдөн ак эткенден так этип эле өтүп кетишчү эмес беле? Барчын төрөп алган соң: «Сенден мага ушул эле керек болчу» дегенсип, Беребайдан жүз үйрүп кеткенин кандай түшүнүү керек?

Жаңыл орто билимдүү. Ал эми анын андан аркы иш-аракети, бактысы үчүн «күрөшүү» (күрөшкөн жок) жеткен түркөй немени элестет.

«Кайгылуу Какейлердин» эле бири. Заары тилинен төгүлгөн энесин, кайненесин каалаганда соогүп, жемелеп кордоп «кумардан чыгышы» үчүн гана бу дүйнөго келген бир шордуу. Ошондуктан, автордун ушул чыгармасынын жыйынтыгы катары берген акыркы абзацындагы мындай ой менен маакул болуу кыйын: «Жаңыл каза тапкандан бери бул жай — Берембайлардын үйү дайыма бороон улуп, бороон жалаган жыланач асканын чокусундагы турмушка окшошуп калды». Мындай деп жыйынтык чыгаруу үчүн, менимче, повестте «далилдер», күбөлөр» жетишсиз.

Повестте бирин-бири дайыма эле коштой бербеген, окуяны андан ары күчөтүп, курчутуп жибере албаган, тагыраак айтканда, сюжеттин онүгүп-осүп кетишине автор ойлогондой кызмат отобогон майда-барат окуялар көп. Мындагы ырлар да, менимче артыкбаш. Информация мүнөзүндөгү беттер да бар. Дегинкиси ушул повесттен сыгып отуруп, Жаңыл менен Берембайга гана тиешелүү бир ангеме чыгарса болчудай экен.

Ал эми «Күрөш» повестин окуй баштаганда Медетовдун өз стихиясын кайрадан тапканын көрдүм. Элдин өткөндөгү турмушу — анын талант кушунун канаты экенине дагы бир жолу ишендим. Автордун мындан ары да изилдей турган, окурмандарына тартуулай турган (бу жагынан чоң утукка эки жак тең ээ болоруна көзүм жетип турат) объектиси турмуштун мына ушул жагында окшобойбу. Адамды — адам кылган, же адамды — айбан кылган окуялар мына ушул чыгарманын тулкусуна чогорүлгөн. Ооба, бир акылман жазуучу айткандай, адам торолгондо периште менен айбандын абалында торолот. Андан ары андан периште чыгабы, же жырткыч айбан чыгабы, баарыдан мурда ошол адамдын иш-аракетинен, кулк-мүнөзүнөн. Адамдык сапаттарын кайсы жакты көздөй багытташынан экенин мындагы окуялардан улам дагы бир жолу эске алып, анын коомдогу орду, ролу тууралуу ой жүгүртүүгө мажбурсуң. Элдик оозеки чыгарма — элдин даанышмандыгы эмеспи. Ошону бизге жеткирүүгө жасаган Медетовдун аракети биерде онунан чыкканына кубандым. Ак эмгеги менен ушул убакка чейин элинде-жеринде аты ардактalып жүргөн — Базарбектер байыртан эле бу турмуштун туткалары. Адамдык асыл сапаттарды жанкечти, ыймансыз Бекбердилерден сактап калуу үчүн тулпарынын терин кургатпай, жоо-жарагын чечпей ат жалында өмүр кечирген, башкалардын ишенимин аркалаган, Баратаалы өндүү эр жүректөр — нукура адамдар. Бул повесттеги Константин Ивановичтин образы да — кыргыз адабиятындагы орус каармандарынын тобун толуктоого арзырлык образ.

Бул повесттеги калемдин бир шилтөөсү менен алынып таштalчу майда-чүйдө мүчүлүштөрдүн астын сызып койдум. «Айчык-жар», «Илбирс менен беттешүү» аңгемелери да эзелтен эл менен кошо мезгил жолун карытып келаткан жомоктордун, уламыштардын, санжыралардын материалдарынан.

«Айчык-жар» – жердин аты. Аңгемеде анын өткөндөгү таржымалы менен азыркы таржымалы баяндалат. Тили ширелүү, демек жугумдуу. Көркөмдүгү жогору. Автордун айтканына ишенесиң, көрсөткөнүнө ээрчийсиң. Каармандардын абийирине, ыймандына суктанасың.

«Бироолөрдү бийиктикке отургузуп койсо ал озүн бийикмин деп ойлойт. Андайларды бийиктин чокусуна чыгарып койсо да көрөгоч болбойт. Жапызда туруп бийиктиктин ары жагын көргөн бар. Уятсыздын, зөөкүрдүн азабынан абийирдүүлөр өлгөн бар» (101-бет). Эркайымдагы кыз балага таандык аруулук – эмне деген аруулук! Калк атасы акылман чалдагы ар-намыс эмне деген ар-намыс! Элинин тазалыгын сактап калуу үчүн өзүн курмандыкка чалып отурбайбы! Мында да «Күрош» повестинин акыркы болүгүндө айтылган ойго үндөшкөн, аны менен жуурулушкан ой айтылды. Жаратылыш, анын кучагында ажайып көрүнүш – суу, тоо-таш, түркүн токой, дүйүм жемиш, сансыз парандалар, алиги өмүрлүү да, нускалуу улуу да, ыйык да, уламыштарга шайкеш келгенин, менимче, ушул Медетов гана кыраатына келтирип окуп бере алат. Ошол окуя өтүп жаткан жердин сүрөтүнө жараша көркөм сөздү табуу ушул автордун колунан гана келерине ушул аңгемесинен кийин ишенип калдым. Сөздүн ыңгайы келип турганда кыстара кетейин дегеним – автордун тукумунда «илбирс менен беттешүүдөгү» соз баккан, керегинде аны жамгырдай төккөн, жыл маалына тапталган күлүктөй улам арылаган сайын таманы (тандайы) кызыган ак тандай чечендерден болушу керек. Ошондой адамдардын колтугуна башын катып отуруп, далай жылдар бою анын жанагыдай керемет жомокторун, уламыштарын угуп, андан өмүрүнө жетерлик «көркөм» азык алып калган директүү жаш гана андай турмуштан «ат чабым эмес, аэроплан чабым» алыстап кеткен турмуш добосүндо отуруп, так ошол жаралган учурундай саймедиреп бериши мүмкүн.

КАТААЛ ТУРМУШ

Кубат Жусубалиев турмуштук окуяларга, көрүнүштөрго өз «түзотүүлорүн» күчтоп кийирип, аларды атайлап жымсалдаганды билбейт да, каалабайт да. Менимче, анын талантынын өзгочолүгү да, артыкчылыгы да мына ушунда. Ал — күлкүнүн ары жагынан ый угулуп турган катаал турмуш сүроткери. Мунун алысты жакындаткан дүрбүсү да, кичинени чоңойткон лупасы да башкалардыкына окшобойт. Ушул себептен анын көп чыгармалары көзго тааныш, дилге жакын, демек, кабылдоого оңой чыгармаларга көнүп калган айрымдарыбыз үчүн тил жагынан да, стилдик жагынан да, композициясы боюнча да, колдонгон корком каражаттары да бир караганда чоочун сезилиши ыктымал. Мындай караганда «майда-барат» өндонгөн нерселер Кубаттын талант кудуретинен чоң образдардын жаралышына обөлгө болуп берет. Эргеш улакчыны карап көрсоңөр («Улакчы» аңгемесиндеги), табияттын орой, үй-бүлого катаал адам. Жек көрүп кетесиң анын сөзүн угуп, мамилесин көрүп туруп. Турмуштагы кумары көрсө башкада тура. Анын ким экенин бир гана учур — улакты коргөндөгү, ага жакындашкандагы учур, көрсотүп койду. Жылаңач экенин да унутуп калбадыбы улакка колу тийгенде: «Айланайын, Алим Сарык! Баланан айланайын, Алим Сарык! Катыныңан айланайын, Алим Сарык! бир ашырып койчу» — деп ат жалындагы килейген торпокту кош колдоп кучактаган бойдон бериге тартып алып, же ат төшүнө чабылып баратканын анын чолтойгон эки бутунан кош колдоп кармаган бойдон атаандашынын ат капталына чирене тээп туруп, өзүнө тартып алууга күч-кубаты жетпей, бирок көкүрогүнөн улакчынын ышкысы тарап бүтө элек, ошондуктан тигини жандай чаап жалынып-жалбарган таяктай арык чалчы! Мындай бир сүйлом, бир көрүнүш менен калдайып бар турпаты, бар мүнөзү көз алдына тартыла калган каармандар көп Жусубалиевдин чыгармаларында. Каарман, образ демекчи, бул автордо менин байкашымча эки гана негизги каарман — образ бар — жетим бала, анан анын көзү азиз чоң энеси. Бул жыйнактагы окуялар негизинен ушул экөөнүн тегерегинде болуп отот. Бул экөөнүн турмушуна байланыштуу автордун айтып бергендерине (жогоруда белгилегендей күлкү менен ый аралаш турмуш-өмүр жөнүндө) ишенесиң. Мейли, кымыз жыттанган жайлоодо болсун, мейли, ыш жыттанган алыскы айылдын бир четиндеги жаман тамда болсун, ушул чоң эне менен анын окуучу небересинин башынан кечиргендеринен согуш жылдарынын каары, ага карабай кыйынчылыктан майышпаган, каранғылыктан тумчукпаган, небересине жасагандай эле ал оор мезгилге да кээде күлкү, шылдың менен мамиле жасаган Азиз эне бардыгына чыдаган, жакшылыктан үмүт үзбогон, ал үчүн таякчан болсо да жер кезип таалай издеген, жашоо үчүн күрөшкөн элдин символу сыяктанат.

Буларга кошуп айта кетээрим: Кубаттын кайсы чыгармасын окубайын (ал башкалардай чуурутуп көп деле жазбайт эмеспи, айлап-жылдап бир нерселери газетага, же журналга чыгып калат го) а дегенде жаш теректей шыңгыйган узун, нары ачайган арык, узун жаак, узун мурун, башынан кышын-жайын түшпогон, дайыма кир, жука ак шапкелүү, бутуна бир нерселерди илип алган (анда жыл мезгилине карап башкалардай кийим тандап кийүү деген болбойт да), алыска деле, жакынга деле, мейли сыртта каар жаап атабы, жамгырбы, ага карабастан арбандап чоң-чоң тоо менен бир жакка шашып жөө бараткан анын башкаларга такыр окшобогон карааны көз алдыма тартыла берет...

Бир жолу кабинетиме келип: «Жүрүңүз, сизге бир сүрөт көрсөтөм, андай сүрөттү эч жерден али көрө элексиз» – деп шаштырып отуруп, Сүрөт музейине алып барганы такыр эсимен кетепйт. Музейдин биринчи кабатына кирип, оң жакка бир аз баскандан кийин эле карасам, тааныш караан – Кубат баратат арбандап... Болгону, кийимсиз – жыланач. Таң калдым карап туруп... Кубаттын сырткы кебетесинен да ички дүйнөсүн кармап алган художникке таң калдым. Кубаттын «ичи» менен «сыртынын» окшошуп калган учурун кантип кармаганына таң калдым. Азамат экен скульптор! Хабибуллин деген скульптор. Кубат өзү да ага абдан ыраазы болсо керек – көпкө чейин арбайган колдорун кайра-кайра чапкылап жатып, жаш балачасынан жыргап күлүп атты өзүнүн гипстен жасалган сүрөтүн карап туруп.

...Ошентип, баскан-турганы да башкача, кийим-кечеси да, кеп-созу да башкача (башкалар билбегенди билет ал), өңү-түсү да, ал турсун, тигиндей бүтүн турпаты да башкача Кубат келет көз алдыма. Аны менен сүйлөшсөң, бул бийлик менен байлык үчүн адамдары кызыл кыргын болуп жаткан дүйнөгө башка дүйнодон келип калган киши менен сүйлөшкондой болосуң. Бу жашоонун бардык жыргалынан кечип коюп күн кечирген байыркы Чыгыштын жер кезип жүргон календери менен баарлашкандай болосуң...

Алла Таала башка калыбына салып жаратып койгондой эбисыны жок, бирок, ТАЛАНТ дегенден, Ой дегенден олчойто берип таштаган, ошондуктан, анын чыгармалары да башкалардыкынан өзгөчөлөнүп турган Кубат келет көз алдыма...

1984-ж.

ТҮКӨ

Түкө менен (Түгөлбай Сыдыкбеков) мен жакындан 1966-жылкы жазуучулардын кезектеги съезди жүрүп жаткан күндөрдө тааныштым. Ага чейин деле (согуштан кийинки жылдарда жаш жазуучулар менен борбордо кээде өткөрүлүп калчу жыйындардан) көрүп-билип жүргонмүн, ошентсе да буга чейин шынаарлаша бирге басып, же мандай-тескей отуруп сүйлөшкөн кишим эмес эле. Биринчи күнкү чоң танапис учурунда Түкө акырын басып жаныма келди да: «Жунай, сүйлөйсүңбү?» деди. «Билбей турам, Түкө, сүйлөсомбу-сүйлөбөсөмбү деп ойлонуп атам» — дедим.

Мага Түкөнүн бул жан тарткандай жакындан берип жаткан экинчи суроосу. Биринчисин андан үч жыл илгери мен жазуучулар союзунун жиберүүсү боюнча Москвадан эки жылдык жогорку адабий курсун бүтүп келип, кызмат жөнүндө Союздун жетекчилери менен сүйлөшөйүн деп жүрсөм (союз анда Совет кочөсүндөгү Кыргыз керек-жарак союзунун үч кабат имаратынын биринчи кабатында эле) Түкө да ошол жерде экен... Аерде мен ишими бүтүрүп түшкү дем алышка жакын сыртка чыга берсем, артыман: «Жунай, токто» — деген үн чыгып калды. Карай салсам, Түкө. Жана учурашып, ал-жайды сурашып гана ажырашып кеткенбиз.

— Дегеле кыйын басат экенсиң да кишиге жеткирбей?

— «Мен үч буттуумун да, Түкө, ошол артыкчылыгымды байкай элексизби?» десем, жарыктык киши зеңгирдей боо-башын болк-болк эттире күлдү. Тамашасына ылайык тамаша менен жооп бергеним жагып калды окшойт. Эстүү киши менин карманган таягымы айталбай жатпайбы.

Дзержинский бульварына чейин бирге басып келип, анан коштошордо (мен «Ала-Тоо» мейманканасына бармакмын) Түкөмүн берген суроосу бул болгон:

— Окууну бүтүпсүң, эми шаарга келесиң да?

— Ошентсемби дегенмин. Бирок, үй жагы чатак турбайбы, Түкө. 8 балам бар. Биердеги чондорубуз эки кызматты айтып жатышат. Бирок, экөө тең жакында үй бере алышпайт экен. Мынча бала-бакыра менен батирде туруш да кыйын.

— Да-а. Ойлоно турган маселе бар экен. Бирок, жазуучу болом десең ошо чойрого жакындашың керек. Анын үстүнө минтип атайын окуусун да бүтүрүп келдиң дегендей. Ойлон, баатыр. Келиштин жолун изде жакшылап, ажеп эмес табылып калса».

Ушундай күтпөгөн жерден чыккан суроо-жооптон улам мурда көргөн сайын алпатандай турпатынан, анан атак-даңкынан (Кыргызстандан биринчи Сталиндик сыйлык алып, ошонун шарапаты менен СССР Жогорку Советине депутат да болгон

киши) сүрдөп, минтип азилдешип сүйлөшмөк түгүл жанына жакын баргандан жалтактай жүргөн адамым ошондон бери эмнегедир, жакын көрүнүп калган. Ага карата ыкласым арта түшкөн. Бирок анда шаардык болуунун ал киши айткан жолу табылбай, кайра районго кеткен элем.

Ал адам бүгүн да минтип жакын адамымдай жаныма келип, суроо узатып турбайбы.

— Сүйлөп кой, чондор каалап атат сенин сүйлөшүндү — деди Түкө.

Кайсы чондор экенин — Борбордук Комитеттенби, же Союздун чондорубу, анысын айткан жок. Түкөнүн мунусуна да анчейин түшүнө бербей:

— Сүйлөөго аракет кылайын, — дедим.

— Аракет кылбай эле, сүйлөп кой. Чогулуш башталары менен президиумга кат жөнөт, жазып коюшсун жарыш сөзгө чыкчулардын тизмесине — деп буйругандай сүйлөдү.

Түкө бироолөрдүн, болгондо да өзүнөн чондордун тапшырмасын аткарып жатканын экинчи дем алыш учурунда кең фойеде ары-бери каалгый басып кобурашкандардын арасынан мени таап, Түкөнүн жана мага берген суроосун Борбордук Комитеттин пропаганда жана агитация боюнча секретары Бейшенбай Тоголоковић Мураталиев кайталаганда түшүндүм.

— Силер сүйлөйсүңөрбү? Перифериядагы жазуучулардан сүйлөгөнгө жазылгандар жок. Силер сүйлөп койгула — деди да, ал менден жоопту күтпөй эле анан арыга басып кетти.

Корсо, чондорубуз ал кездеги тартип боюнча съезддин алдында Түкөгө окшогон аттуу-баштуу жазуучулар менен союздун ушул чоң жыйынында шайлана турган жаңы жетекчилери тууралуу кеп-кенеш курушкан тура. Ал жетекчилердин тизмесинде мен да бар экенмин. Ал эми съезддин трибунасынан сүйлөшүм — мен үчүн сыноо. Эмне жөнүндө, кантип сүйлөгөнүм боюнча чондорубуз менин ал кызматка татыктуу, же татыксыз экенимди аныкташат. Менин кандидатурамы союздун жаңыдан шайлана турган жетекчилеринин тизмесине кийиргендердин ичинде Түкөм да бар тура. Буларды кийин билип жүрбойүнбү.

* * *

Союзга секретарь болуп калгандан кийин менин эң жакын адамдарымын бири ушу Түкө болду. Ал киши президиумдун мүчөсү. Жазуучулар союзунун турмушуна тиешелүү маселелердин бардыгы а дегенде ошол Президиумда каралып, ошерде чечилет. Ошондуктан, анын заседаниелери тез-тез өтүп турчу. Демек, Түкө менен бат-бат жолугушуп, чогулуштан соң бульварда, бакта, гүлзарда көпкө чейин бирге басып, ой-пикир алмашып турууга мүмкүнчүлүк бар эле.

Бир жолу Москвага СССР жазуучулар союзунун кезектеги пленумуна жөнөп калдык. Фрунзеден чыкпай жатып эле Түкө:

мен «Зайыптарымын» сөзмө-сөз котормосун ала барамын. Кирьянов менен экөөбүз сүйлөшөбүз – мен автор катары, сен биздин чоңубуз катары – деди адатынча мурутунан күлүндөп. – Романды орусчага эки киши которгон да – Олжобай Орозбаев менен Кузьменко Владимир. Кузьменкону кошпосо да, Орозбаевди көркөм которгондун бири кылып койсун, ошону сураналы экөөлөп. Кежир неме, жанагы Кирьянов деген. Ортого албасак, оңою менен кеп жечү ит эмес» – деген.

Кирьянов деген – «Советский писатель» басмасында СССР элдеринин адабияттары боюнча бөлүмдүн башчысы. Басманын планына улуттук жазуучулардын чыгармаларын кийирүү-кийирбоо (рецензияланган соң) ошонун эркинде.

Сыдыкбеков сыяктуу аксакалдарыбыздын жаңы чыгармаларын басманын планына киргизүү өзүбүздө проблема эмес, Москвада проблема. (Аталган бул борбордук басмадан менин андан мурдараак бир китебим чыккан эле. Кийинки жылдарда андан дагы үч романым чыккандыктан, ал «проблеманын» канчалык түйшүктүү экенин мен да түшүнүп калдым).

Кирьяновдун үйүнө кечинде такси менен бардык. Жолдон Түкө шоферге акча берип, бир бөтөлкө арак, бир бөтөлкө вино алдырып алган. «Эмне кыласыз буларды?» – десем, «Орус менен мунсуз сүйлөшүүгө болбойт да» – деп жылмайган.

Кирьянов кызматтан келгенден кийин кызып алганга үлгүрүптүр. Кичинекей стол үстүндө турган чоң кара бөтөлкодогү «кагор» деген винонун жарымынан көбү ичилген экен.

Үй ээсинин эткел, чачтары апсайып таралбаган аялы алдыбызга үч кичине тарелка менен куурулган жумуртка алып келип койду. Анан дагы эки стакан алып келди. Түкөм ичкилик иччү эмес да. Олтуруштарда кыстасак: «Мен ичпейм, эгер ичсем чоң чыны менен аракка нан туурап алып ичем» деп коёр эле. Жаш кезинде достору менен мелдеше кетип, ошентип ичкенин калемдештери айтып жүрүшчү. Мындан торт жыл мурда да ушул «Москва» мейманканасында (Анда жазуучулардын Бүткүлсоюздук тортүнчү съездине келген элек) делегаттардын бири союп келген козунун этин жеп-ичип отуруп кызып калышкандан кийин Аалыке, Темике, Касыке (Жантөшев) баш болуп кысташып киргенде чыны жок болгондуктан кырдуу стаканга толтура арак куюп, ага майдалап нан туурап, анысы аракты соруп барсаябарсая чыккандан кийин вилка менен бирден сайып жеп, артынан стакан түбүндө калган кичине аракты ууртап койгонун көргөнмүн Түкөнүн. Ошондон кийин аны оозуна алганын билбейм. Биерде болсо, тиги Кирьянов куюп берген винону унчукпай эле ичип койду. «Бу эмнеңиз? Корккондонбу?» дегендей мен тиктесем, ал көзүн кыса жылмайып койду. «Эмне үчүн ичпей калгансыз, чынылап ичкениңизге караганда ичкиликти көтөрөт турбайсызбы?– дегендерге: «Ай, бу жазуучу дегендериң

кызык эл болот. Кээде жаш балдар жасабаганды жасашат. Ошондой бир учурда бир жагынан ачуум келгендиктен, экинчи жагынан аларды күлдүрөйүн деп ичип койгонмун да. Андан кийин оозума алган эмесмин. Себеби, мен бешиктен белим чыккандан ооруй баштаптырмын. Итий деген оорусунан тартып, жүрок (порок сердца), өпкө (туберкулез), ашказан (язва) деген ооруларга чейин ооруп бирок, жараткан өзү жанагыдай ооруларын жармаштырып коюп, анан кайра боору ооруп кеткен го өзү жардамга келип, алардын баарын иттей кылып женип чыккан кишимин. Мына, менин ичпеген себебим» – деп, Түкө сөзүнүн аягын тамашага айландыра арстандыкындай коздорун жүлжүйтө жымыйып коёр эле.

Жанагыдай ооруларын укkан адам анан кантип аны кыстасын. Бирок, азыр минтип унчукпай ичип койгонуна тандандым.

Минтпесе, досу (жолду катар Түкө Кирьяновду «досум» деп мактап да, кыялынын кырстыгын айтып, согуп да) келген чамасы, таарынып калат го.

Дагы бир аз андан-мындан сүйлөшүп отургандан кийин Түкө чоң сумкасындагы алиги эки бөтөлкө ичимдик менен килейген кол жазмасын алып стол үстүнө койду. Анан келген жөнүбүздү айта баштады. Шиш мурдунун учу кызарып калган Кирьяновду, менимче, Түкө ойлогондой алиги бөтөлкөлөр анчейин сүйүндүрө албады. Алакан арты менен аларды бир аз нарыга жылдыра да, бошогон жерге чыканагын коё Түкөгө карап: «Кана, кана айта бер, кулагым сенде» – дегендей суз тиктеди.

Түкө созүн минтип баштады: «Эртең өзүң билесиң пленум. Ага сен да катышасың. Ошондуктан бүгүн үйүңө келип отурганыбыз. Мына бул кол жазманы мен түшкү чоң дем алыштан пайдаланып, басмага алып барып тапшырам. Сени менен, Сергей Леонидович, бир гана маселени макулдашып коёлу деп келип калдык. Бу жолу алып келгеним – «Зайыптарым» деген романым. Билесиң, сөзмө-сөз которууга берерден мурда телефон менен айтканмын сага. Көрүп турасың, роман коломдүүроок. Ошондуктан муну эки адам которду. Көбүрөөгүн – Орозбаев деген тажрыйбалуу да, таланттуу да котормочу которду. Азыраагын Кузьменко деген которду. Жанагы көбүрөөгүн которгонду көркөм которгон кишиге соавтор кылып коёсуңбу» – деп ошону суранганы келип отурганыбыз мына бул жазуучулар союзунун секретары экөөбүз» – деп Түкө мени да жардамга тарта сүйлөдү «досунун» мисирейген кебетесинен иши бу сапар онунан чыкпасын туйгандай. – Өзүбүздөгү орус жолдошторго окутуп көрсөм, Орозбаевдин котормосун көркөм котормонун деңгээлине жетип калыптыр»– дешти – деп кошумчалады анан Түкө.

Кирьянов мени тааныйт. Мурунку жылы ушул басмадан менин «Ожидание» деген аңгемелер жана повесттер жыйнагым чыккан.

Чала мас Кирьянов Түкөнүн сөзү бүтөрү менен бурк этти: «Мен республикаларда улуттук котормочулардын дээрлик баардыгын билемин. Алардын ичинде азырынча көркөм котормонун деңгээлине жеткирип которо ала тургандары жок. Он жылдан ашып калды өзүң билесиң ушул редакцияны башкарып келатканыма. Ошондуктан, биз перифериядагы котормочулардын которгондорун сөзмө-сөз котормо катарында гана кабыл алабыз, жолдош Сыдыкбеков. Сен муну билишиң керек эле биздин эски авторлордон болгондуктан. Эгер ага макул болбосоң, ошол өзүң мактап жаткан котормочуларың менен аягына жеткирип, Фрунзеден чыгара бер. Эмне үчүн быякка алып келдиң?» – деди колун түбүндө эле калган кара ботолкого кайрадан суна берип. Тили булдуруктан калганына улам, Түкө сөздү андан ары улантуу бейпайда экенин түшүнө койду окшойт:

«Мейли, Сергей Леонидович, мен пленумдан дагы бир күн каламын ушул кол жазмам үчүн. Эртең пленумда дагы көрүшөбүз го» – деди да ордунан тура келди.

Эртеси пленумда жүргөндө Түкө тиги менен дагы сүйлөшүптүр. «Кечки саат жетиге «Арагви» ресторанына чакырып койдум. Бир жолдошу менен келмей болду. Сен да жакшылап тааныша бер, терс кыял неме болсо да керектүү киши. Эмне кылабыз, буларсыз китеп чыгара албасак? Ушинтип артынан калбай ээрчүүгө туура келет булардын тескери басканына карабастан. Көз карандыбыз да. Кептин баары ушунда болуп жатпайбы, баатыр. Түшүнүп атасыңбы?» – деп койду. Түкө аргасы түгөнгөн адамдай акырын үн катып. Анан артынан минтип кошумчалады: «Кайда барат дейсиң чычандап. Менин китебими акыры чыгарат дечи. Жанагы Олжобайдын эмгегин аяп атпаймбы. Көркөм котормочулардын бири катары кирсе ага материалдык да, моралдык да чоң жардам болуп калабы дедим эле».

Ошентип, Түкө чайлашуу жолу менен да сүйлөшүп көрүүнү чечкен тура.

Мен эмне демек элем, мындай аракетти колдоо гана керек. Бирөөгө жакшылык кылайын деп жатса, анын үстүнө Олжокени мен дагы адам катары да, котормочу катары да сыйлайм. Түкө ойлонгондой чечилип калса, а киши котормочу катары дагы бир тепкичке өйдөлөйт. Москванын басмалары которуу үчүн чыгармаларды өздөрү сунуш кылып, өздөрү аны менен келишим түзө башташат.

Бирок, «Арагви» деле жардам бере албады. Түкө эртеси кол жазмасын басмага алып кетти эле, түшкө жакын келди: «Болбоду итиң. Өздөрүнүн шилекей алышып койгон кишилери бар го. Ким которот десем, кайдагы бир мен мурда укпаган киши-

нин атын айтат. Фамилиясына караганда жүүттөрдөн го. Өзүң бил дедим. Андан башка эмне дейин. Уктуң го. Кыйын болсоңор өзүңөрдө чыгара бергиле деп жатпайбы. Ушундай да бул улуу агалар. Аргасыздан айткандарына макул болосуң – деди колундагы бүктөй кармаган үч-төрт газетасын стол үстүнө таштай берип.

Ошентип, Түкөнүн «Зайыптар» деген романы «Женщины» деген ат менен мурда эч кимибиз билбеген бир котормочунун котормосу менен жарык көрдү. Анын көркөм сапатына Түко абдан нааразы болуп жүргөнү эсимде.

Биз болсо, бул романга аз жерден Мамлекеттик сыйлык берип коё жаздаганбыз. Ошол жылы бул сыйлыкка көрсөтүүгө татыктуу чыгарма таппай калсак. Ал кездеги көркөм чыгармаларды баалоодогу башкы жана чечүүчү критерий – алардын саясий-идеялык, деңгээли эмес беле. Биринчи кезекте мына ушул жагынан комиссияны канааттандыра турган чыгарма таппай секретариатта Түкөнүн ушул чыгармасына токтодук. Президиумга коймой болдук маселени. Биздин бул оюбуз авторго да жетпейби. Бир күнү телефон чалат: «Жунай, жакшысыңбы? Мага дагы бир сыйлык бергени жаткан турбайсыңарбы? Сенин демилгең го бу. Проза жагын тейлейт эмессиңби. Ыракмат аныңарга. Токтоболотко да айттым (Токтоболот Абдымомунов – биринчи секретарыбыз). Мени ал тизмеден сызып таштагыла. Бир кишиге бир сыйлык жетишет. Менин мамлекеттик сыйлыгым бар эмеспи. Жетишет ошо. Сыйлыгы жоктордон издегиле» – деп.

Жибийби деген ой менен үйүндө Сергей Леонидовичке ушуну да айткан элем. Ал болсо: «Жолдош Мавлянов, жолдош Сыдыкбеков, – экооңорго караганда биз, москвалыктар, көркөм чыгармаларды баалоо жана тандоо жагынан тажрыйбалуурааксыз. Ошондуктан, кол жазмаларды өзүбүз окуп, өзүбүз баалайбыз. Анан гана басманын планына киргизебиз. Демек, котормочуларды дайындаганга чейин али көп бар. Бирок, дагы кайталайм, силердин котормочуларды биз албайбыз, мактаганыңарда да. Капа болбосоңор маселенин бул жагын биздин өзүбүзгө койгула» – деп дагы бир жолу экообүздү алмак-салмак ичкиликтен бозоро түшкөн көздөрү менен тиктеп, сөздүн аягына чекит койгон.

* * *

Мен редактору болуп иштеп калган «Мугалимдер газетасынын» редакциясы Дзержинский бульвар менен Москва көчөсүнүн кесилишине жайгашкандыктан, Токтогул–Биринчи май көчөлөрүндөгү Түкөнүн үйүнө жакын болуп калды. Көбүнчө жумуштан кийин бульвардан жолугушуп жүрдүк. Түкөм, же мен телефон чалабыз да алдын-ала сүйлөшүп алып чыкканыбызда

кээде төмөндөп жүрүп отуруп мен жашаган тоголок Молдо менен Фрунзе көчөлөрүнүн кесилишиндеги үйдүн жанына чейин кантип жетип калганыбызды байкабай да калар элек. Түкө менимче, бул жашоого философторчо мамиле кылган киши болчу. Дүйно, АДАМ, ЖАРАТЫЛЫШ, алардагы ар кандай кубулуштар тууралуу ой термеп, акыл жүгүртүп, кыял эргитип сүйлөгөндү жана сүйлөшкөндү жакшы көрөр эле. Турпатынан да, кеби-сөзүнөн да өткөн доордон, учурдан сөз баштап коюп жанындагысын өзүнүн деңгээлинде сөз учугун улап кеткенге чакырган киши эле.

Бир күнү бульвар менен эмесн багындагы фонтанга жеткенде андагы чакан гүлзарды тегерете коюлган скамейкалардын бирине отуруп калдык. Аркы-беркиден кеп салып жатып бир маалда Түкөнүн адатынча философиялык кыялкечтиги кармап кетти окшойт, ой багытын чукулунан башкага бура коюп, мени таң калтырды. «Жунай, бир нерсени дөөдүрөсөм, ишенесиңби? – деди карт арстандыкындай көздөрүн чоңураак ачып, алпатандай тулку боюн мен жакка бура. Он-он беш жылдан кийин бир кызык заман келет. Аны биз көрбөй калышыбыз мүмкүн, бирок силер көрөсүңөр. Кызык заман келет» – деп дагы бир марта анысын кайталап, анан жаш баладай көкүрөгүн тиреп турчу курсагын бүлк-бүлк эттире күлүп койду.

Демейдегиден бүгүн делген тээ эзелки эл тарыхынан күндөлүк газеталардан окугандарынан, теле көргөндөрүнөн кеп салып, алар жөнүндө анан менин пикирими угуп отуруп эле өзү айткандай күтпөгөн жерден «дөөдүрөп» отурганын карасаң. Кайсы заманды жобурап атат? Мындай учурун таап тамаша аралаштырып күлүп алчу элек, ошону кайталагым келди:

– Бу сиз Түкө, кайсы заман жөнүндө сөз кылганы жатасыз? Кандай доордо жашап атканыңызды ушинтип заматта эле унутуп каласызбы?

– Кантип унутайын жашап аткан заманымы – советтик деген заманда жашап атабыз.

– А-а-а билет турбайсызбы. Мындай доор, мындай заман болгон эмес тарыхта, мындан ары да болбойт – деп алтымыш жылдан бери тынымсыз айтып да жазып да келатсак, сизге дагы эле жеткен эмес турбайбы? кайсы заманды эңсеп атасыз, деги жарыктык. Бу жанагы үч тамга дегендин адамдары кайда жүрөт? Аяк-быягымы карап калдым үч тамганын адамдарын издеген киши болуп. Түкө дагы кыт-кыт күлдү да:

– Үч тамга эмес, Түкөң алты тамгадан коркпой (Сталинди айтып атат) өзүнө кат жазып жүргөн киши. Коё турсаң коркутпай, мен оюмун аягына жетейин. Кеп ошол советтик деп аталган доордун, замандын ээлери жөнүндө. Заман деген да өзгөрөт. Ленин, анан Стакең тарабынан жаралган жанагы агитация жана пропаганда деген неме адамдардын мээсине кыт куйгандай куюп

таштабадыбы, сен айткан заманды өзгөрбөс заман деп. Байкадыңбы, кээде бир эле адамдын күчү менен замандын өзгөрүшү тездеп, же кашаң тартып кетээрин? Же байкап атасыңбы, Стакең өлгөндөн бери анын отуз-кырк жылдап курган имараты акырындап урап атканын? Ураганда да пайдубалынан урай баштаганын? Пайдубал дегеним – элдин жашап аткан дооруна, башкача айтканда, заманына болгон ишеними. Ошол ишеним деген акырындап кете баштады. Аны кетиргендер кимдер дебейсиңби? Так ошол Стакең отурган такка андан кийин келип отурган жаңы падышалар. Аттарын да айтып берейин билбесең. (Түкөнүн дагы тамашалашканы келди, анда-санда гана кылы бар мурутун кыбындата жылмайып). Хрущев, андан кийинкиси – Брежнев. Хрущевунун бийликке келгендеги тапканы – жүгөрү болду. Ошондуктан, эл арасында ал «жүгөрүчү», орусча айтканда «кукурузник» аталды. Жер кыдыргандан, ичкен-жегенден колу бошоду. Экинчи падышабыздын колу көкүрөгүнө орден, медаль таккандан бошобой келатат. Ушундай падышалардын башына эл тагдыры, заман тагдыры жөнүндөгү ой келеби? Жок, келбейт! Жанагы заманга – доорго элдин ишеними жоголуп атат дегенге эми түшүнсөң керек. Ошентип, Стакең курган имарат он-он беш жылдын ичинде толугу менен урайт. Аманчылык болуп, ошол мезгилге жеткенде «Түкөмүн бир убакта дөөдүрөп койгону келди дээрсиң»– деп ал ордунан тура жөнөгөн.

* * *

Күндөрдүн биринде жазуучулар союзунан телефон чалышып:

«Сыдыкбековдун 80 жылдыгы белгиленип жатканын билесиз го? Чоң жыйыны филармонияда өтмөй болду. Жазуучулардан анда сиз сүйлөйт экенсиз?» – дешти.

– Эмне үчүн мен?

– Түкөбүз өзү сизди тандап алыптыр.

– Тандаганы кандай?

– Биринчи секретарыбыз торт-беш жазуучуну атаса, ошолордун ичинен а киши сизди тандап алыптыр, – дейт союздун жетекчилеринин бири. Эмне демек элем: «Макулмун»– дедим. Табиятыман трибуна талашкандардан болбосом да мындай кишинин салтанатында ал тууралуу ой айтып коюу, албетте, сыймыктуу иш.

Белгиленген күн келип, башкалардын катарына мен да юбилярды куттуктап, сөз сүйлөдүм. Залдагы минден ашык адамдын көздөрү кадалган сахнадагы жалгыз отурган Түкөнү (мага, эмнегедир, ушул бүгүн байбичесинен ажырагандай жетимсиреп көрүндү) карап туруп: «Түкө! – дедим жалгаздыктан жабыркагандай үнкүйгөн тиги авалынан чыгарып кетким келип,– Орустун XIX кылымдагы алдыңкы жазуучулары: «чындыгында баарыбыз Гоголдун шинелинен чыкканбыз» – дешкен эсиниз-

таштабадыбы, сен айткан заманды өзгөрбөс заман деп. Байкадыңбы, кээде бир эле адамдын күчү менен замандын өзгөрүшү тездеп, же кашаң тартып кетээрин? Же байкап атасыңбы, Стакең өлгөндөн бери анын отуз-кырк жылдап курган имараты акырындап урап атканын? Ураганда да пайдубалынан урай баштаганын? Пайдубал дегеним – элдин жашап аткан дооруна, башкача айтканда, заманына болгон ишеними. Ошол ишеним деген акырындап кете баштады. Аны кетиргендер кимдер дебейсиңби? Так ошол Стакең отурган такка андан кийин келип отурган жаңы падышалар. Аттарын да айтып берейин билбесең. (Түкөнүн дагы тамашалашканы келди, анда-санда гана кылы бар мурутун кыбындата жылмайып). Хрущев, андан кийинкиси – Брежнев. Хрущевунун бийликке келгендеги тапканы – жүгөрү болду. Ошондуктан, эл арасында ал «жүгөрүчү», орусча айтканда «кукурузник» аталды. Жер кыдыргандан, ичкен-жегенден колу бошоболу. Экинчи падышабыздын колу көкүрөгүнө орден, медаль таккандан бошобой келатат. Ушундай падышалардын башына эл тагдыры, заман тагдыры жөнүндөгү ой келеби? Жок, келбейт! Жанагы заманга – доорго элдин ишеними жоголуп атат дегенге эми түшүнсөң керек. Ошентип, Стакең курган имарат он-он беш жылдын ичинде толугу менен урайт. Аманчылык болуп, ошол мезгилге жеткенде «Түкөмүн бир убакта доодүрөп койгону келди дээрсиң»– деп ал ордунан тура жөнөгөн.

* * *

Күндөрдүн биринде жазуучулар союзунан телефон чалышып:

«Сыдыкбековдун 80 жылдыгы белгиленип жатканын билесиз го? Чоң жыйыны филармонияда өтмөй болду. Жазуучулардан анда сиз сүйлөйт экенсиз?» – дешти.

– Эмне үчүн мен?

– Түкөбүз өзү сизди тандап алыптыр.

– Тандаганы кандай?

– Биринчи секретарыбыз торт-беш жазуучуну атаса, ошолордун ичинен а киши сизди тандап алыптыр, – дейт союздун жетекчилеринин бири. Эмне демек элем: «Макулмун»– дедим. Табиятыман трибуна талашкандардан болбосом да мындай кишинин салтанатында ал тууралуу ой айтып коюу, албетте, сыймыктуу иш.

Белгиленген күн келип, башкалардын катарына мен да юбилярды куттуктап, сөз сүйлодүм. Залдагы минден ашык адамдын көздөрү кадалган сахнадагы жалгыз отурган Түкөнү (мага, эмнегедир, ушул бүгүн байбичесинен ажырагандай жетимсиреп көрүндү) карап туруп: «Түкө! – дедим жалгаздыктан жабыркагандай үңкүйгөн тиги авалынан чыгарып кетким келип,– Орустун XIX кылымдагы алдыңкы жазуучулары: «чындыгында баарыбыз Гоголдун шинелинен чыкканбыз» – дешкен эсиниз-

дедир. Анын сынарындай биз дагы, биз дегеним – адабиятыбызга согуштан кийин келгендер, сиздин «Тоо арасынан» чыкканбыз. Мына ошолордун чын ыкласынан чыккан куттуктоону кабыл алып коюнуз.

Түкө, сексен жаш курагыңыз кут болсун! Табиятыңыздан олуячалыш киши элениз, мына, чыныгы олуянын жаш курагына эми келдиңиз. Демек, ушул убакка чейин такыр мойнунузга албай келаткан карыялык касиетиңиз мындан ары да арта беренне ишенебиз. Сиздин андай касиетти өзүнүз патриархтарынын бири болуп эсептелген адабиятыбыздын да касиети деп түшүнөбүз. Түкө! Сиздин элге, мезгилге кылган эмгегиңиз узунузун жана чоң-чоң создөрдү айтууга арзыйт; бирок, создү кыскартууга мажбур болуп атам, анткени, бүгүн сизди куттуктоочулардын кезеги абдан узун экен. Бул бир жагынан. Экинчи жагынан, алдыда токсон жылдык, анан жүз жылдык юбилейлериңиз туруп атат. Аларга да бизге окшогон шакирттериңиздин айтар сөзүнөн калсын. Дагы бир жолу улуулук курагыңыз кут болсун, Түкө! – дедим.

* * *

Кийинки жылы Түкө төшөктө жатты. Ошол бойдон андан турган жок. Өзү баягыда айткан кызык заманы келсе да анын ачуу-таттуусун толук сезүүгө күтпөгөн жерден жармашкан оору мүмкүндүк бербеди.

Бир жолу көргөнү барсам: «Бу сапар мени торогон дарттын аты доктурлардын айтуусуна караганда «паркинсон» деген имиш. Муну менен көбүнчо атактуу адамдар ооруптур. Мен атактуу деле эмес элем го? Жараткан жаңылышып калды бейм, атактуулардын тизмесин түзүп жатканда? Жаман дарт экен, куруп кетсин» – деп кейип алды.

...Ушул оорусуна байланыштуу Түкө менин 70 жылдык тоюма катыша албай калган. Бу жолу байбичем экообүз ошол той тамагынан ооз тийгизели деп дасторконубузду которо келгенбиз. Колу-башынын калтыраганы күчоп, Түкө тамакты да өзү жей албай калган экен. Жука кесилген чучук, казы-картадан ага байбичем жедирди. Арстан аттуу баласы жардам берди. Мурдагы алпатандай Түкөнүн ордуна эми жер менен жексен болуп бараткан жетим абышка отургандай көрүндү мага минтип бироолордун сүйөп-таёосу менен столго араң келип көчүк баскан, анан дагы башкалардын колу менен сунулган тамак-аштан араң тиштеп, араң чайнап, араң жутуп жаткан куудай ак чач чалга боорум ооруй көз чаптырсам... Жүрөгүм сыздады... «Тоюңан тура, мейли, ичсем, элүү грамм ичейин. Бала деп жүрсө, сен да жетимишке келип калдыңбы? Эмнеге шаштын?– деп Түкө адатынча дагы тамаша чалайын деди эле, бирок жылмайгандан нары бара албады. Коньяк ууртагангабы, колу-башы баягыдан

да катуу калтырап чыкты. Аларын акырын стол астына ката берип сөзүн улады. – Мурда жабышкан оорулардын баарын жеңип ит кылганмын дечү эмес белем. Мына бул «паркинсон» деген ити эми мени жеңет окшойт. Моюн сундуруп алгансыды. Алдан-күчтөн тайдырып салды биротоло. Жүрөгүм күчтүү окшобойбу. Ошонун эсебинен эле жашап аткансыйм. Дасторконунар үчүн келип экөөңөргө тең ыракмат, Жунай! Тез-тез келип турсаң дасторкон көтөрбөй эле. Сенин дасторкон көтөро албасыңды билем да. Ошондуктан, таягың менен эле келе бересең, таарынбайм» – деп дагы бир аз жылмайды. Тамаша аралаштырбай сүйлөбөгөн Түкө кыйналып-кысталып жатса да анысын унуткусу келбей жатпайбы. – Кыргыздар үзүлүп бараткан деле авалын сураганга «Жакшымын» деп жооп беришет эмеспи. Мен деле кыргыз туруп, эми анте албай калдым, Жунай. Күн өткөн сайын начарлап баратам. Ошондуктан, тез-тез эле жолугушуп туралычы» – деди Түкө алаканы муздак колдорунун калтырагы дагы күч алды белем, менин колумду коштошуу үчүн бош кармаган колун тарта берип.

* * *

Кийинчирээк дагы бир жолу көргөнү барсам, менин учурашуу үчүн сунган колуму тынымсыз калтырап калган муздак колунан чыгарып-чыгарбай туруп, Түкө кеберсиген эриндерин араң кыбырата: «Куттуктайм, Жунай! Чоң болупсуң. Уктум келипкетип аткан жазуучулардан. Жакшы болуптур. Чынгыз көрсөткөн турбайбы. Мурдараак эле ошентсе болмок, балаң түшкүр. Ошенткенде балким, болүнүп-жарылбайт белеңер» – дегенди какалып-чакалып атып араң айтты. Көрсө, менин жазуучулар союзунун торагасы болуп шайланганымы уккан экен.

Түкөнүн жанында бу сапар тогузунчу класста окуган небереси гана бар экен. Үйдүн куту аял деген чын. Түкөнүн жаркын ажарлуу жубайы Асылкүлү о дүйно кеткенден бери бул үйдүн куту качып, берекеси төгүлгөндөй бир капшыты ангырайт да турат...

Мындан алты-жети жыл илгери Түкө үйүнөн телефон чалып чакырганда мен келип, өзүнүн 75 жылдыгына карата тартылган даректүү фильмди көрүү үчүн кызмат машинам менен киностудияга үчөөбүз барганыбызды эстедим. Ошондо жолдо кетип атып Түкөнүн: «Жунай, жеңеңи көрдүңбү, айыктырып алдым алиги сырроз дегенинен. Доктурларың боор ооруну ошентип аташат го. Эки жыл катары менен шаардын тегерегиндеги казак баурдастардын саамал кымызын ичирип жүрүп эле айыктырып алдым» – деп борс-борс этип сүйүнгөнүн эстедим.

Чын эле ошондо табиятынан ажарлуу жарынын күлчөдөй тегерек бетинде нур ойноп, жашарып кеткендей көрүнгөн эле. Көрсө, байкуш бой түзөткөн турбайбы. Андан кийин жыл өтпөй ошол эле оорусунан көз жумуп кете бербедиби.

...Өзүн жаш баладай аспиеттечү жары Асылкүлүнүн асыл эмгегин андан биротоло ажыраганда Түкөң дагы бир марта түшүндү белем, аялынын сөөгү коюлган Байтиктин Боз-Болтогүндөгү көрүстөнгө (Асылкүл женебиз солтонун атактуу бийлеринин бири – Өзбектин урпактарынан тура, ошондуктан, анын сөөгү ошол кишинин күмбөзүнүн жанына коюлган) чатыр тиктирип алып, Арстан деген – сүрөтчү, Сабыр деген – курулушчу балдарын жанына алып жумалап, айлап конуп-түнөп жатышып, а кишиге кыштан, таштан, мрамордон эстелик тургузушканын эстедим...

Түкө мурдагыдан да арыктап кетиптир. Ошондуктан, женил тартып калган окшойт, жанагы тогузунчу класстагы небереси эле аны ары-бери жылдырганга жарап жатты. «Оору – пилди чымын кылат» деген ушул экен да. Түконун кебете-кешпиринде гы демейки сүр да, арстандыкындай айбат да жок. Элинин тарыхы, маданияты, тили күнүмдүк саясыт үчүн, айрым атка минерлердин керт башынын зоболосу үчүн бурмаланып, ал турсун курмандыкка чалынып баратканда өз башынын кадыр-баркы коркунучка кабыларын көрүп-билип турса да ага карабай кыл чайнашкан «кызыл кыргынга» тайманбастан нечен ирет боюн урган, тагыраак айтканда, кыргыз десе биердин чондору быякта турсун. Кремлде отургандарга чейин кат менен кайрылгандан, чоң жыйындардын трибуналарынан сүйлоп өз оюн айткандан эч качан жалтанбаган көк жал киши экени сөзүнөн гана эмес, баскан-турганынан да көрүнүп турчу ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ кайда?!..

Чоң болуп калыпсың, менде дагы жети-сегиз китептин даяр кол жазмасы жатат. Жок дегенде ошолордун эки-үчөөн чыгарып берсенер жакшы болот эле көзүмдүн тирүүсүндө»– деп кыңылдады. Түкө акырында коштошууга колун сунуп жатып.

– Мен жакында чондорго, болгондо да президенттин өзүнө кирейин деп атам, Түкө эки-үч маселе менен. Ошолордун бири кылып Сиздин маселеңизди коём – десем, жарыктык кишинин кабагы ачыла түштү.

* * *

Ошондон көп өтпөй президентке кирдим. Мамлекет башчысына кирчүүлөрдүн кезеги узун экенин билем да, ошондуктан көптөн бери башымда сактап келаткан, озум маанилүү деп эсептеген үч-төрт маселе менен кирдим. Биринчи маселе – көптөн бери күн тартибинен түшпөй келаткан Түндүк–Түштүк маселеси. Экинчиси – Кыргызстандын экономикасын, маданиятын өнүктүрүп-өстүрүүдө чоң эмгек сиңиришкен Исхак Раззакович Раззаков менен Болот Мамбетовдун сөөгүн Москвадан – Бишкекке алып келип, кайрадан коюу жөнүндөгү маселе. Үчүнчүсү – Ош менен Бишкек шаарларынын мэрлерин шайлоого

байланыштуу маселе. Бул эки шаардын чону республиканын башка район, шаарларыныкы сыяктуу президенттин указы менен дайындалбастан ошол шаарларда жашаган эл тарабынан шайлансын деген указ чыккан эле андан мурдараак. Менимче, бул эки чоң шаарда тең мэрдин креслосунда жергиликтүү улуттун өкүлдөрү отуруш керек. Ал эми шайлоо жолу менен дайындалганда андай болбой калышы шексиз. Анткени, экөөндө тең элдин көпчүлүгү башка улуттар да. Демек... Төртүнчү маселем — жазуучулардын учурундагы ал-ахвалы жөнүндөгү маселе. Буга Түкомүн маселесин да кошмок болдум.

...Аскар Акаевич мени жылуу тосуп алды. Чоң жана бийик кабинеттин эшик жагына жакын коюлган эки диванга экөөбүз бетме-бет отурдук. Президент анын чакыруусу менен кирген кабылдамадагы арыкчырай узун бойлуу келинге кофе заказ кылганына караганда мени менен кенен-кесир сүйлөшкөнгө шарт түзгөндөй болду. Ал-авалды сурашкандан кийин эле мен коптон бери жүрөгүмү өйүп жүргөн жогорку маселелер боюнча жай олтуруп, жай түшүндүргөнсүдүм. Президент башын ийкеп ошонусу менен менин оюмду колдогонун билдирип жаткансыды. Ортобуздагы кичинекей столдо ачылып жаткан дептерине жазып да коюп атты.

Биринчи үч маселе боюнча тең Аскар Акаевич менин пикирими колдоду. Ал эми жазуучулардын учурдагы көйгөйлүү маселелерин айтып келип, Сыдыкбековго жеткенде президент ого бетер жандана түштү. «Биздин республикада жаш курагы жагынан да, эмгеги боюнча да баарынан улуу азыр бир адам бар — ал Түгөлбай Сыдыкбеков — дээрим менен эле Аскар Акаевич кандайдыр бир себептер менен эсинен чыгып кеткени эсине түшө калгандай шашып калды. «Билем-билем. А кишини кантип билбейин»— деп ачылган дептеринин ортосунда жаткан калемин кайрадан колуна алды. Мен созумү уланта бердим — «Баарынан улуу дегеним ал адам тунгуч мамлекетибиздин тунгуч президентине таажы кийгизип, такка отургузганы, анан элдин атынан ага ак бата бергени үчүн ушундай аксакалдык даражасына которулгон. Ошол биринчи аксакалыбыз дээрлик эки жылдан бери төшөктөн турбай калды» — десем эле Аскар Акаевич ого бетер шаша — Туура айтасыз; ал киши менин эсимде эле жүрөт. Бирок, алиги убакыт деген балакет кээде жетишпей туруп алат экен — деди актангандай. «Ооба, Аскар Акаевич, Мамлекеттин башында отурган сиз эмес, өзүбүз таппай калабыз кээде андайга убакытты. Аппараттан бироо-жарым барып койсо деле а киши кубанып, ыраазы болуп калар эле дедим да анан Түконун өтүнүчүн айттым.

— Жок, Жунай Мавлянович, мен өзүм барам а кишиге. Өзүм кабар албасам болбойт — деп кагаздарын жыйыштыра баштады. Соз аяктаганын байкады окшойт а киши, мен саатымы ка-

рагандан улам. «Ырахмат, Аскар Акаевич, кенен-кесир сүйлөшкөнгө убакыт бергениниз үчүн. Бир саат кырк мүнөт сүйлөшүптүрбүз – деп кош айтышып чыга бердим.

Убакыт онго жакындап калганына карабастан, кабылдамада дагы беш-алты киши олтурушуптур. Мына жанагы президент: «кээде жетпей калат экен» – деген убакыт...

* * *

...Ошондон көп өтпөй Президент дагы бир жолу бийик адамгерчилигин далилдеп, мен сурангандай кишилеринен жибербестен өзү Түконүн үйүно барып, жөн барбастан, акчалай жардамын ала барып, жанында отуруп кошо чай ичишип, анын алавалынан кабар алды. Муну теле аркылуу бүт эл көрдү. Кийинчирээк эки китебин да чыгарууга жардам берди.

САПАРДА

САХА ЖЕРИНДЕ

1966-жылдын август айынын экинчи жарымында Якутияга бардык. СССР Жазуучулар союзунун чечими боюнча ошол жылы, ошол айда РСФСРде кыргыз адабиятынын КҮНДӨРҮ өтмөк. Ал эми Россиянын жазуучулар союзу аны Якутияда өткөрүүнү ылайык табышыптыр. Эки элдин тектештигин эске алышкан го.

Биздин Жазуучулар союзунун биринчи секретары Токтоболот Абдымомунов баштаган он чакты жазуучу а дегенде Новосибирскиге, андан ары Якутия АССРнын борбору – Якутскиге учтук. А кезде азыркыдай чоң самолёттор жок. Жолдо бир конуп, авада 13-14 саат жүрүп (ИЛ-14 самолёту менен) араң жеттик.

Якут калемдештерибиз аэропорттон бизди кымыз менен тосуп алышты. А дегенден эле алар бизди ушунусу менен таң калтырышты. Якут жазуучулары менен кошо бизди тосқондордун арасында Россиянын жазуучулар союзунун председатели, белгилүү чоң жазуучу Леонид Соболев орунбасары менен бар эле.

Ооба, Якут жеринде бизди таң калтырган биринчи нерсе – кымыз болду. Муну эч кимибиз күткөн эмес экенбиз. Кымыз – бул элдин да башынан келаткан баалуу суусундугу экенин жашыраак биз эмес, арабыздагы аксакалдарыбыз Темике (Темиркул Уметалиев) менен Саткын Сасыкбаевдер деле билишпейт экен буга чейин. Бирок, жолдон самолёттун тар салонунда аңкап-чаңкап келгенибизге карабастан, сунулган кымызды аягына чейин шимирип ичип коё албадык. Анткени, кымыз өтө эле кычкыл экен. Каймак даамдуу кымыз ичип чоңойгон кыргыздар аны коргондо сүйүнсок да ошентип, ырахаттана иче албадык.

Экинчи таң калтырган нерсе – биздеги кымыздын аларда да кымыз, кыздын – кыз, аттын – ат деп, дагы бир топ создордүн буларда да так биздегидей аталыштары болду.

Тарыхый-этнографиялык музейиндеги аялдардын (улгайгандарынын, кыз-келиндеринин) кийим-кечелери, айрыкча ат жабдыктарынын укмуштай окшоштугуна да таң калдык. Анан дагы бир окшоштук – барган жерибиздин баарында жылкы союп коноктоп жатышты. Бирок, тамакты чала бышырышат экен. Ошондуктан, сыртка чыкканыбызда жатып жүргон мейманканадагы ресторандын тамагын эңсечү болдук.

Аммосов деген отузунчу жылдарда Кыргызстандын партиялык уюмуна жетекчилик кылып туруп (улуту – якут) анан кама-

лып, андан ары атылып кеткенин билчүбүз. Бир күнү ошонун туулган айылына алып жөнөштү. Сейрек токойлуу эки-үч кырды ашкандан кийин машиналарды токтотушту. Көрсө, ал жерге да тай союшуп, токой арасына от жагышып, казан асып коюшкан экен. Алдынан шиш кебеп жасашыптыр. Алакандай-алакандай эттеринен каны кызарып көрүнүп турса да колубузга карматып койгондон кийин аны жемиш болуп жаттык ары-бери чойгулап. антпесек «Ат жалы ай жүрүшкөн саха туугандарыбызды» (алар бизди «улуу агабыз» деп жатышты да) таарынтып алышыбыз ыктымал эле.

Бул жерге токтогонубуздун себеби — жол боюна жогор жагы ат башына окшогон, бийиктиги эки-үч метр келген мамы орнотулуптур. Анын бооруна кыргыз адабиятынын мында өтүп жаткан азыркы КҮНДӨРҮНӨ катышкандардын тизмеси жазылыптыр. Бул да жаңылык болду биз үчүн. Урматтуу конокторго көрсөтүлчү сый-урматтын дагы бир белгиси ушул экен бул элдин салты боюнча.

* * *

...Лена дарыясында сейилдеп жүргөнбүз. Бир жалама зооканын тушуна жеткенде кемебиздин жүрүшү акырындап, күрүлдөршарылдаганы да басая түштү. Ушул жерден якут-саха досторубуз алиге чейин элдин эсинен кетпей келаткан кайгылуу окуяны айтып беришти.

Мындан 250-300 жыл илгери орустар бул жактагы элдерди каратып алганда, ошолордун ичинде якуттарды-сахаларды да багындырып жатканда алардын динине киргенден баш тартканларды ушул бийик аскадан дайрага ыргытышкан экен...

Кичинекей элдердин тагдыры тарыхтын тигиндей кыйчалыштарында ар кандай калчана берерин эстедик окшойт, эртеден бери ичип-жеп, шатыра-шатман ойноп-күлүп келаткан баарыбыздын укканда каш-кабагыбыз заматта бүрколо түшүп, ал анан көпкө чейин жазылбай койду...

* * *

Эртеси эрте менен мен мейманканадан көп алыс эмес жердеги почтага барып, өзүм ачылгандан тартып он жыл директор болуп иштеген Караван мектеп-интернатынын жамаатына куттуктоо телеграмма жибердим. Эки күндөн кийин жаңы окуу жылы башталат. Бул окуу жылы — он биринчи окуу жылы болуп эсептелет. Ошол дата менен андагы мугалимдерди, тарбиячыларды жана тарбияланып жаткандарды куттуктадым.

* * *

Тортүнчү күнү дегенде якут жазуучулары бизди бөлүп-бөлүп коноктошкону үйлөрүнө алып кетишти. Биз Байдылда Сарно-

гоев, Смар Шимеев – үчөөбүздү Николай Кунников (якутчасы – Урастыров) деген ошо кезде алтымыштан ашып калган эткел, узун бойлуу жазуучу алып кетти. Таз башындай сейрек токой ичиндеги дачасы бар экен – ошол жерге алып барып коноктоду. Биерде бизди таң калтырган нерсе – үй ээсинин райондон келген күйөөдөгү кызы бири – он үч, экинчиси – он беш чамасында уул, кызы менен чайыр жыттанган жыгач үйдө биз менен столдо чогуу отурушуп, биз жана «казан асып» дегендей минтип талаа-түскө карабастан жетине албагандан жеп гана тим болушпастан, биз ичкен ичимдиктерден да чондордой эле ичип жатышканы болду. Улуулардан аларды эч ким тыйбады.

Жыйырма-отуз жылга жетпей кыргыздын да тигилердей балдары, кемпир-чалдары ушинтип катарынан отуруп алышып улуукичүүнү ылгашпай ичишип калары кайдан эске келсин...

Программа боюнча эртеси алмаз кени чыккан жерге – Мирныйга бардык. Суйдаң токтой ичиндеги шаардын чет жакасы гана эмес, ичи деле бульдозер, экскаваторлор менен аңтарылып ташталыптыр. Кенчилер ошолордун арасынан кумдан алтын издешкендей алмаз издешет тура.

Кечинде адаттагыдай эле мында да күндүз биз иштеген жерлерине барып көргөн жумушчулар менен жолугушуу болду. Делегациянын жетекчиси катары ал жерде мен сүйлөдүм, анан калгандарыбыз. Акындыр ырларынан окуп беришти. Миндеген тонна топурак-таштын арасынан граммдаган алмаз таап иштетишип, андан бриллиантка жеткире иштешкен азаматтардын көңүлүн колдун келишинче көтөрүүгө тырыштык. Биз барган күнү табылган кырк караттык алмазга аердегилер Токтогулдун атын коюшту. Ал үчүн да ыраазычылыгыбызды билдирдик.

Кенчилер менен жолугушуу бүткон соң берилген кечки сый тамак учурунда менин жанымда отурган шааркомдун биринчи секретары: «Турдакун Усубалиевич кандай жүрөт?» – деп сурап калды.

– «Жакшы – дедим. Жакында биздин жазуучулардын кезектеги съезди болду эле а киши анда узак соз сүйлөдү» – дедим. Анан мен да ага суроо узаттым: «Биздин биринчини сиз кайдан билесиз?» – деп.

– Усубалиев КПСС БКде иштеп жүргөндө (басма соз секторунда) биздин обкомду Борбордук Комитеттин секретариатында угуу үчүн даярдаганы келгенде мен обкомдун агитация жана пропаганда бөлүмүн ,башкарчумун. Ошондуктан, жарым айча а кишини республиканы кыдыртып алып жүргонмүн. Абдан эмгекчил адам экен. Чарбаларды, мекемелерди, райондорду, шаарларды кыдырып, түноочу жерибизге дайыма келебиз. Жатып эс алгандын ордуна ал отуруп алып иштейт. Жазат. Күндогүсүн күндө ошентип, кагаз бетине түшүрмойүн жатчу эмес. Кээде мен уктап ойгонсом деле анын столдо отурганын көрчүмүн – деди.

Республикабыздын жетекчиси тууралуу алыскы Якутиядан уккан бул жылуу пикир, албетте, жагымдуу сезим тартуулады.

* * *

Саха жеринде өткөн ошол жумадан эсте калган дагы бир нерсе — орустун атактуу жазуучуларынын бири, советтик бийликтин алгачкы жылдарында пайда болгон «Капиталдык ремонт» деген романдын автору, Мухтар Ауэзовдун «Абай» романын орус тилине которгон Леонид Соболев менен жакындан таанышканыбыз болду окшойт. Ошо кезде жашы жетимишти карап калгангабы, дүнкүйүп далысы чыгып, карылыктын башка белгилери да баскан-турганынан билинип калганына карабастан ал адам ичкиликти катырат экен. Кызып калганда аракка шампанды кошуп ичет экен. Анысын «Соболевка» деп атап алыптыр. «Соболевкасынан» баарыбызга ичирди жарыктык киши. Айрыкча биздин Токтоболот кыйналып жатты ал «жаңы» ичкиликтен.

Аммосовдун айлынан келатканда Соболевдин жүрок оорусу кармап, эки саатча жолдо токтоп калганбыз. Райондон барып доктор алып келишип, ийне сайдырып жатып араң оңоп анан ары кеткенбиз. Эртесинде эле ал киши ичкенин кайрадан улантып, баарыбызды таң калтырды.

Якутия—Саха жериндеги акыркы жана эстен кеткис эстелик — Өкмөт үйүндөгү коштошууга арналган жолугушуу, ал жерде бир жума бою эртеден кечке артыбыздан калбай ээрчишкен сүрөтчүлөрдүн тарткан сүрөттөрү чапталган альбомдорду беришип, ага кошо ар бирибизге сабы бугунун мүйүзүнөн, өзү болоттон жасалган бычак-наштар болду. Ошол бычакты кийин үйдон бирөө уурдап кетиптир. Ушу күнгө чейин ичим ачышат ал эсиме түшкөндө.

1966-жыл

ДНЕПРДЕН КЕЛГЕНДЕР

1968-жылы бизде Украина адабиятынын КҮНДӨРҮ өтмөк болуп калды. Чондугу жагынан Россиядан кийинки эле республика ушу болгондуктанбы, же бизге келчү украиналык жазуучулардын тобун союздун председатели, Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын ээси, Олесь Гончар Борбордук Комитеттин мүчөсү өзү башкарып келаткандыктанбы (бизге ал жактан алдын ала ал КҮНДӨРГӨ катышчулардын тизмеси келген да), бул адабий иш чарага даярдык ишине Борбордук Комитет жакындан кийлигишип жатты. Ал КҮНДӨРДҮН программасын биздин Жазуучулар союзу түзгон менен аны а дегенде БКнын болүм башчысына, анан идеологияны тейлеген секретарга көрсөтүп, маакулдашуубуз керек. Алардан кийин Биринчи өзү аны менен таанышып чыгаарын да эскертип коюшкан.

Украиналык калемдештердин келер күнү жакындашып калганда Т.Усубалиев үч секретарды тең чакырыптыр. Барсак, үч күн мурда алдырып кеткен биздин программа а кишинин алдында экен.

– Программаңар менен таанышып чыктым – деди Турдакун Усубалиевич саламдашкандан соң. – Коноктору республика менен тааныштырууну Түштүктөн баштап туура кылып жатыпсыңар. Элибизде айтылып жүргөндөй ал жакта азыр ак төөнүн карды жарылган маал эмеспи. Коон-дарбыздары түгөнө элек. Анар, жүзүмдөрү кыйгаз бышып жаткан кез. Баарынан да бажырайып ак алтыны ачылган убак – деди биринчибиз жагымдуу конур үнү менен адатынча акырын жай сүйлөп. – Жазуучулар сулуулукка чаңкоо эл эмессиңерби. Түштүктүн учурдагы сулуулугун тандап жакшы кылыпсыңар – деди Турдакун Усубалиевич дагы бир жолу жанагы оюн кайталап. Анан ал бир аз жылмайган калыбында алтын алкактуу көз айнегин сөөмөйү менен өйдө кыла берип – Бирок, мындагы бир нерсеңерге мен кошула албай турам. Ошко баргандан кийин алгачкы жолугушууну Кара-Суу районуна караштуу Ленин атындагы колхоздон баштайт экенсиңер. Себеп? Эмне үчүн башка колхоздон эмес? а именно ушу колхоздон? – деп Биринчи Секретарь эми үчөөбүзгө алмак-салмак тиктеди. Абдымомунов менен Жангазиев мени карап калышты. Анткени, бу колхоз программага менин сунушум боюнча кирип калган эле. «Эми өзүң жооп бер»– деп жатышканы тиги экөөнүн мени караганы. Мен жооп бердим:

– Биринчиден, Турдакун Усубалиевич, ал колхоз аэропорттун жанында. Экинчиден, кыргыз колхозу. Үчүнчүдөн, областтагы макталып жүргөн чарбалардан. Төртүнчүдөн, аерде социалисттик Эмгектин Баатыры да бар – дедим.

Турдакун Усубалиевич жылмайган бойдон ээгин бир аз көтөро берип:

– Өзүңүз болгонсузбу ал колхоздо?– деди мени карап туруп.

– Жок, дедим чынымы айтып. – Элдин айтканынан, анан басма создон окуганым боюнча гана билем.

– Анда патриоттук сезиминер жеңип кеткен турбайбы. Ал колхозго алып барсаңар конокторуңарга уят болуп каласынар. Жарды чарба. Башкасын айтпаганда да баргандарды кийире турган дурусураак конторасы, жыйын откорчү клубу да жок. Менин тилими алсаңар анын ордуна программаларга Араван районундагы Жданов атындагы колхозду кийиргиле. Баатыры бар. Башкармасы СССР Жогорку Советинин да депутаты. Кыргызда: «Эшигин көрүп, төрүнө от» – дешет го. Кыскасы, мен айтып жаткан чарбанын эшиги да, төрү да уят кылбайт силерди конокторуңардын алдында. Ал эми элинин улутуна келсек, бу жагынан да утасынар. Интернационалдык чарба – кыргыздар да, өзбектер да, түрктөр да бар анда» – деп Биринчи жыйынтык чыгарып таштагансыды.

Биринчи минтип бизге карата жылуу мамиле кылып, салаа салып сүйлөшүп жаткансыганы менен айтканынын баары буйрук катары кабыл алаарыбызды билет да. Программабызга а киши айткандай озгортүүлөрдү ошол жерден эле кийирдик. Кийин алардын тууралыгын оз козүбүз менен көргөндө ага ыраазы болдук.

Конокторубуз оздөрү үчүн жайылган дасторконду көргөндө ого бетер таң калышты. Дүйүм жемиштер – коон, дарбызынан тартып, анжирине чейин жайнап турду стол үстүндө. Мисте, бадам, мейиз, жаңгак дегендерди биринчи жолу көрүп жаткандары бар экен Днепрден келгендердин ичинде. Баарынан да чоң-чоң графиндерге куюлган анардын ширесине үзүлүп түшүп жатышты. Улам эле ал идиштерди бошотуп коюшат. Кайра эле толтуруп куюп коюшат үй ээлери. Мындай «берекеге» тигилер эмес, аларды узатып жүргөн биз да таң калып жаттык. Анан танапис учурунда көрдүк жанагы «агылып» келип жаткан анардын ширесин. Кең короонун бир бурчундагы сорудо он чакты киши ортосуна чоң чараларды коюп алышып, анар сыгышып жатыптыр.

Дасторкондо жайнаган ар түркүн мөмө-чөмөлөрдүн бардыгы чарбанын өзүндө өстүрүлөт экен.

Чейрек кылымга жакын убактан бери ушу чарбаны башкарып келаткан Көчүбаев Тойчубай Украина жеринде согушка катышкан эр жүрөк жоокерлерден экенин, ал жактан бир топ күжүрмөн орден, медалдар менен келгенин да билип алышкан украиналык жазуучулар ага бат эле жакындап кетишти. А түгүл анын Кочубаев деген фамилиясы белгилүү адабий каарманга алмаштырышып «Кочубей» коюп алышты. Бул КҮНДӨР тууралуу оздорүнө баргандан кийин жазыша турган очерктеринин, китептеринин башкы каармандарынын бири ушу саргыч калың

диоганалдан китель, галифе шым, жайында дайыма оодарма өтүк кийген (чаң-чуңга жакшы дешип, түштүктүн раистеринин көбү ушундай өтүк кийишчү) кара торусунан келген чын денелүү, салыңкы кабак кара тору киши болорун да андан жашырышкан жок конокторубуз.

Чарбанын сүт-товар фермасына алып барышты. Биерден меймандарыбызды ыраазы кылган нерсе ак халатчан саанчылардын кадимки кара аяк менен сунган «курутаба» деген суусундугу болду. Курутту ысык сууга эзишип, үстүнө көлкүлдөтө сары майдан куюп коюшуптур. Ичкиликтен, таттуу момо-чөмөлордон, күчтүү тамак-аштан аңкап-чаңкагандар үчүн бул табылбаган суусундук эле. Кош колдоп табакты кармашып, тамшана ичип жатышты.

Намаздигер ченде бу колхоздогу баягыда Турдакун Усубалиевич айткан төрт-беш Баатырдын бири менен — атактуу Дилорам Рафикова деген келин менен ал бажырая ачылган ак пахтаны терип жаткан жеринен жолугушуу үчүн бардык. Машиналарыбыз «ак алтынды» аймап арыдан келаткан комбайнга жакындай берип токтошту.

Дилорам — Социалдык Эмгектин Баатыры гана эмес, Республиканын Жогорку Советинин депутаты да. Дилорам комбайнын биздин тушубузга жеткенде токтотту. Гүлчөдөй эткелирээк, нары ак бетине сүрткон эндик, упа үстүнө эми гана жабылган жука чаң анын жаштык, нары ургачылык чырайына анчейин доо кетире албаптыр. Үстүндөгү жаңы атлас көйнөгү, башындагы төрт чарчы шайы жолугу, бутундагы кара туфлиси анын «комбайнер» деген атына такыр жуушпай турду... Табияттан жылдызы жанган неме конокторду келишине карата оз акылы мененби, же чоңдору айтканбы, айтор, жаңы кийинип да, боёнуп да алган тура. Бир аз кызуу конокторубузга ал бул турушунда перидей эле көрүндү окшойт, заматта тегеректеп алышып, бир топко чейин аны кармап туруп алышты. Мындай «жутунган» меймандарды биринчи көрүшү белем, Дилорамдын ансыз деле наардуу бети ого бетер албырып чыкты.

Жашы отузга жетип-жетпей эмгеги аркылуу ушундай атакка ээ болгон, ар кандай жигит: «мага жар болсо» — деп айтарлык өңү-түсү бар келинге меймандарыбыз биздин тилмечтик жардамыбыз менен деги эле көп суроо берип жиберишти. «Чыныңызды айтыңызчы, Дилорам, («атыңыз да ыр сабына окшош экен» деп а дегенде бу суроону узаткан жаш акын тургандарды күлдүрүп алды) комбайнда көп жүрөсүзбү же ар кандай чогулуштардабы? — деп калбадыбы. Бул суроону Дилорам котортпой эле түшүнө койду. Татынакай мурун учуна келип мөлтүрөгөн терин сөөмөйү менен сүртө берип, кызара жер тиктеди. Суроонун төркүнүн түшүнө койгону ушунусунан билинип калды.

Мындагы колхозчулар менен болгон кечиндеги жыйынга Дилорам күндүзгү пахта талаасында кычык суроо бергенге ушунусу менен жооп бергиси келгендей шаардыктарча жасанып келиптир. Үстүндө ак көйнөк-костюм, башында ак килем допу, бутунда да ак, окчосу бийик туфли, кулактарында алтын сөйкө, колдорунда алтын шакектер. Көкүрөгүндө алтын жылдызы менен депутаттык значогу. Аны бу көрүнүшүнөн эртеден кечке комбайн үстүнөн түшпой чаң жутуп, күнгө күйүп пахта терген комбайнерге окшоштура албайт.

Ошентип, Дилорам чогулушта да (ал да биз менен чогулуштун президиумунда отурду), андан кийин сый тамак учурунда да конокторубуздун көңүл борборунда болду.

Программабыз боюнча Оштон Жалал-абад областына караштуу Ленин районуна келдик. Бул райондун программага кирип калышынын жогорудагы Жданов атындагы колхоз сыяктуу эле өзүнүн «тарыхы» бар. Биринчиден, улуу көсөмдүн ысмын алып жүрөт, экинчиден, бул район кийинки эки-үч жылдан бери пахта өстүрүү, тагыраак айтканда, анын түшүмүн жогорулатуу жана аны мамлекетке тапшыруу боюнча планды, анан милдеттенмени биринчилерден болуп аткарып келатат. Үчүнчүдөн, бул районду райкомдун биринчи секретарларынын биринчи Ленин орденин алган, биринчилерден СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган Ташиев Кулназар деген башкарчу. Ошол киши келгенден бери райондун экономикалык көрсөткүчтөрү жогоруда айтылгандай кескин өйдөлөй баштаган. Мына ушундай артыкчылыктары үчүн бул районду да Украина адабиятынын бизде өтчү күндөрүнүн программасына киргизгенбиз Борбордук Комитеттин сунушу боюнча.

Кулназар Ташиев бою-башы чүкөдөй жыйнак, баскан-турганы тыкан, сөзү октой өткүр киши. Бул адам 50-жылдарда Жалал-Абад областынын Аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген. Ошондо мен аз жерден анын карамагында иштеп кала жаздаганмын областтык эл агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп. Ага чейин деле мектеп-интернаттын директору катары а кишиге ар кандай чарбалык-финансылык маселелер боюнча тез-тез кайрылып жүргөндүктөн бири-бирибизди таанычубуз.

Мында да конокторубузду жылуу кабыл алышты. Биерде да алдыңкы чарбаларда болуп, жолугушууларды өткөрдүк. Партиялык уюмдар катышкан, алар жетекчилик кылган ар кандай иш чаралар дайыма уюшкандыкта өтөрүнө ишенип калганбыз. Бу жолу да ошондой болду. Күндөрдүн катышуучулары кайда барышпасын, ыраазы болуп жатышты.

Бул райондун меймандарыбызды таң калтырган бир нерсе акыркы күнү түнөгөн жерден делегациянын жетекчиси — Олесь Гончарды эрте мененки чай учурунда айтып бергени болду. Адаттагыдай эле кезектеги бир жолугушуудан кийинки сый та-

мактан соң экиге бөлүнүп жатканбыз. Биз колхоздун мейманканасында, ал эми Ташиев биздин биринчи секретарыбыз Абдымомунов менен конок Гончарды өзү менен кошо райондун меймандар үчүн атайлап салынган дачасына алып кеткен болчу.

Гончар жаткан бөлмөнүн терезе тушунан «кырс-кырс» эткен эле шыбырт угула бериптир бир маалга чейин. Андан үктай албаган конок коңшу бөлмөдө жаткан Абдымомуновго барат. Ал да тыңшап, бирок эмне экенин ажырата албай коёт. Анан экөө Ташиевди ойготушат башка бөлмөдө жаткан. Көрсө, ал киши да угуп жатыптыр алиги шыбыртты. «Ит жаңгак чагып жатат» — дептир беркилерге. Алар ишенбейт. Айрыкча, Гончар. Ал тигиндей жооптон улам кызыгып калат. Ташиев аларды ээрчитип тышка чыкпайбы. Чын эле ит экен, буларды көргөндөн кийин тура келип, арыга басып кетет. Ошону көргөндөн кийин гана мейман алардын «тынчын» алган ким экенине ишениптир.

Олесь Терентьевич ушуну айтып берди эрте мененки дасторкон үстүндө. — «Башка жерде дарылыкка табышпай жүргөн немени биердегилердин иттери жешет экен» — деп таң калганын жашырбады. — Мындай нерсе болочок китептен, сөзсүз, оз ордун табыш керек. Биздин Василь ушердеби?» — деп, ал анан жылмая узун столдун этек жагында отурган, жеткен тамашакөй, чукугандай сөз тапкыч, ашкан аскиячы, келгенден бери баарыбызды күлкүгө карк кыла жүргөн Большак Василь Григорьевичти издеп калды.

— Кулунуз, Василь биердемин, Олесь Терентьевич! Мындай нерсе, анын үстүнө сиздей адам башынан кечирип жаткан олуттуу окуя кантип кирбей калсын китепке. Кулунузга ишенип коё бериңиз. Азыркы айтып отурганыңыз келечекте мен жазчу бул сонун КҮНДӨР жонүндогү китептин биринчи баракгарынан орун аларына ишенип коё бериңиз» деп дагы бир жолу баарыбызды дуу эттире күлдүрдү.

...Бул турмуштун күтүлбогон жерден чыга берчү тигиндей кызыктары көп эмеспи. Абдымомунов экообүз Ала-Арча капчыгайынын оозундагы Өкмоттүк дачага бардык. Мейманларыбыз туруп жүрүшүптүр. Аркырап капчыгай аркылуу агылып келчү эрте мененки муздак желгебой тосушуп, алар суктана чокуларынан ак мөңгүсү кетпеген алыскы тоолорду карап ары-бери басып турушкан экен. Петро Ребро деген акын жигит кол алышып учурашканыбыздан кийин костюмунун чөнтөгүнөн бир значок алып, менин төшүмө такты. Окусам анын бетинде «Запорожье» деген жазуу жүрөт. Беш-алты күндөн бери чогуу жүрүп атпайбызбы, бул жигиттин Запорожьеден экенин, ал областтагы жазуучулар бөлүмүн башкарарын билгенмин. Өзүнүн шаарынан эстелик катары тагып жатат мунусун, демек. Менин эсиме ушул значоктон улам кылт этип өткөн күндөр түшө калбайбы.

«Петро, мен мунуңу значок эмес, орден катары кабыл алам-ын. Анткени, мен ошол шаарды алуу үчүн салгылашка катышып, ошерден оор жарадар болгонмун. Ошондо төгүлгөн каным үчүн запорожьелик туугандар кечигип болсо да сен аркылуу ушул сыйлыгын жиберишкен тура» – дедим күлүп. Петро селейип эле мени тиктеп туруп калды. Качандан кийин гана эсине келгенсип, мени акырын кучактай берип, бооруна тартты. Бетимен өптү. Эмнегедир, көздөрүнүн кычыктарына мөлтүроп жаш толуп чыкты... «Родной мой брат» – деп жатты калтыраган үнү менен...

Мен анын бул авалына түшүндүм. Анын шаарын бир кезде душмандардан бошоткондордон болуп атпаймынбы. Ошондон улам аны менен боордош болуп чыга келбедимби. Менин айткандарым анын адамдык, айрыкча, акындык жүрогүн козгоп койду окшойт.

КҮНДӨРДҮН акырында опера жана балет театрында өткөн салтанаттуу жыйында Петро Ребро мага арнаган ырын окуп берди. Анан анын текстин президиуда отурган мага тапшырды. Ал ырын кийин украина журналдарына жана биздеги орус тилинде чыкчу «Литературный Киргизстан» журналына да басылды. Ошондон тартып Петро экөөбүздүн ортобузда кат алышып, кат беришүү башталды.

Ал эми биздеги өткөн ошол КҮНДӨРдөн алган таасирлери боюнча анын катышуучулары өздөрүндөгү адабий-көркөм журналдарына, газеталарына көп материалдарды басышты. Ал эми баягы көрүнүктүү сатирик, республикалык сатиралык журналдын башкы редактору Василь Большак өзү убада кылып кеткендей ал КҮНДӨР жөнүндө «Гүлстан» аттуу китеп жазып, чыгарды...

«МЕН САЯСЫЙ БЮРОНУН МҮЧӨСҮ ЭМЕСМИН»

1976-жылдын башы эле. Үч-төрт жылда бир өтчү Бүткүлсоюздук «Педагогикалык окуу» деген ошол жылы Украинанын борбору – Киевде отмөй болуптур. Ал жакка жөнөр күнүбүз жакындап калганда баягыдан бери байланышыбыз үзүлбөй келаткан Василь Большак доско телеграмма жибердим. Аны мен гана эмес, ал КҮНДӨРДӨ бир жолу аны менен болгондордун баары айрыкча жайдары мүнөзү үчүн жакшы көрүп калышкан. Баскан-турганы жалаң күлкү менен коштолгон Василь да кыргыз жерин жана мындагы адамдарды чын ыкластан жактырып калганын (анын быякка биринчи келиши экен) каттарында үзбөй жазчу. Биздин элге-жерге карата болгон ал сезимин иш жүзүндө (келип-кеткенине жыл айланбай) килейген китеп жазуу менен да далилдеген.

Бу жолу да адаттагыдай эле Педокуу мектептерде жазгы каникул башталганда өткөнү жатыптыр. Ошондуктан, мен тогузунчу класста окуган уулум Анварбекти да алып алдым. Василь аэропортто тосуп чыкты. Бизди «Украина» мейманканасына жайгаштыргандан кийин кечкисин келип, үйүнө алып кетерин эскертти.

Василь Большак кызмат жагынан чоңойгон. Кино боюнча Украинанын Мамлекеттик Комитетинин председатели болуп иштеп калган. Бирок, чыгармачылыгын да токтоткон эмес. Мурунку жылы эле мага жаңы чыккан китебин «Эки повесть» деген китебин жиберген.

...Василь Григорьевичтин үйүнө барганыбызда уулум Анварбек экөөбүздү таң калтырган үч нерсе болду. Биринчиси – кыпкызыл кирпичтен курулган беш кабат үйдүн подъезине киргенибизде эле биринчи көзгө урунган секичедеги жыгач тосмонун ары жагында отурган милиционер болду. Ал бизге ордунан тура келип чест берди да, анан Васильдин тамашалуу бир созүнө жылмайган бойдон сөз катпай кала берди.

Фрунзедеги биздин үй да ушундай кызыл кирпичтен курулган. Ал да беш кабат. Аердеда Большак доско окшогон министрлер, Комитеттин председателдери жашашат. Бирок, эч бир подъездинде мындай милиционер турбайт. Ошондуктан, уулум Анварбек – экөөбүз тиги кызыл шапкеге таң кала тиктеп жатпайбызбы.

Бул үйдөн бизди таң калтырган экинчи нерсе – үй ээси Василь Григорьевич мейманканасындагы узун столдун эки жагындагы жөлөнгүчтөрү бийик орундуктардын эң төркүсүнөн орун алганы болду. Биз өгөйлөп жаткандарды Василь дароо байкап койду окшойт, озү түшүндүрүп кирди отурарыбыз менен. «Жунай, күтсөм сурабай жатасың. Кыргыз туугандар өтө эле карапайым, өтө эле жупуну эл келет экенсиңер. Сен ошол элдин

кулунусуң да. Түшүнүп атам унчукпаганыңы. Башы иштесе, үй ээси өзү байкаар, өзү айтаар деп. Азырынча менин башым иштейт. Ошондуктан, өзүм жооп берейин сен сурабаган суроолорго. Биринчиси – бу Большакты кимден эмне үчүн милиция коюп коргошот? – деп калдың жанагы милиционерди коргондон кийин. Туура кыласың ошондой ойлоп. Мендейди милиция коюп коргоп башы жок адам бар дейсиңби биерде. Мен сыяктуу министр, председатель аталгандар жүздөн ашат. Демек, ошончо милиция посту керек. Жок, андай эмес. Бул үйдө биз менен кошо мындагы саясый Бюронун бир мүчөсү жашайт. Ошого коюлган сакчы тиги. Уулуң экооңордү ал чет элдиктер деп түшүнүп алды көрүнөт, чест берип калбадыбы. Ошого карата мен ага тамаша сөз айттым. Чест бериш эмес, бизге ордунан да туруп койбойт ал. Так-что Жунай, бул жагынан Василь досуң байкуш пенделердин эле бири бойдон кала берген.

Экинчи сени таң калтырган – төргө өзүмүн отуруп алышым болду окшойт. Силерде төр коноктуку турбайбы. Биздин Олесь Терентьевич бир жума бою төрүңордон бери түшпой койбодубу баягыда. Жок, силер түшүрбөй койдуңар аны. Салтынар ушундай турбайбы башынан келаткан. Ал эми бул – менин үй-бүлөлүк салтым. Өз үйүмдүн төрүндө өзүм отурушум керек деп чечкенбиз үй-бүлөлүк «советте». Ошол чечимди кыйшаюусуз аткарып келатабыз. Кандай кымбат конок келбесин, мен ага өз ордуму бере албайм. Ал турсун, жубайым да, балдарым да мен жокто бул орундукка отурууга акысы жок. Көз жуумп кетсем да бул орун мени жоктоп бош турушу керек» – деп алпатандай толо, нары бойчон Василь Григорьевич айтканын ошонусу менен ырастагандай бийик креслосуна чалкалай калды эле, аныcы кычыр-кучур этти.

Уулум Анварбек – экообүздү бул үйдө таң калтырган үчүнчү нерсе – тамак ортологон ченде жарыяланган танапистен пайдаланып Василь бизди кабинетине алып кирди. Кең болмонун бир жак капталын бүт ээлеген шкафтарда толо китептер турат тизилип. Бирок, алар бир гана автордун китептери экен – Большактын өзүнүн. Башка жазуучулардан бироонукү да жок. Буга Анварбектен мурда мен өзүм таң калдым. Ошол жылдарда эки жүз томдон турган дүйнөлүк адабияттын сериялары чыгып жаткан. Ар бирибиз аны ар кандай жол менен таап, жазып алып жатканбыз. Эч болбосо, ошолордон барбы деп шыпты тиреген текчелердеги китептерди канчалык кыдырып тиктесем да көрүнбөдү. Сурооого туура келди. «Эмне үчүн?» – десем, ал кебелбей: «Мен өзүм жазуучу болгон соң башкаларды эмне кылам?» – дейт. Муну албетте, Васильдин кезектеги тамашасы катары кабыл алыш кыйын эле. Андан ары суроо бербедим. Түшүнүктүү да. Василь дос биерден да башкаларга окшобогон өзүнө гана таандык мүнөзү, ошону менен бирге өзүнө гана таандык, өзү

айткандай үй-бүлөлүк салттары бар инсан экенин далилдеп жаткансыды.

Китептерге «саякатыбыз» жанагинтип бүткөндөн кийин Василь Григорьевич жанагы ар биринде өзүнүн гана ар башка жылдарда чыккан ар түрдүү китептери тизилип турган шкафтардын түбүнө коюлган сандыкчалардын ар түрдүү түстөгү шишелерден (чет элдик шишелерден) бармак башындай чөйчөккө ичкилик куюп ичирбедиби мага. Көрсө, кино боюнча Мамлекеттик Комитетти башкарып калгандан бери ал кызматы боюнча көп өлкөлөрдү кыдырыптыр да. Жанагы ичимдиктер ошол жактардан «белек» катары берилген тура. Алардын ар биринин оозун ачып үйүнө бизге окшоп келген ардактуу конокторуна бир чөйчөктөн куюп берүүнү да Василь дос үй-бүлөлүк «салтка» айландырып алыптыр.

Бирок, дос дегенде үстүнө үйрүлүп түшө калган Василь Григорьевич көпкө жашаган жок. Акыркы жолугушуудан кийин беш-алты жыл өтүп-өтпөй каза болуп калды. Ал эске түшкөн сайын аны жоктоп бош турган баягы төрүндөгү жөлөнчүгү бийик креслосу көзүмө элестей берет...

«ЖУБАЙЫҢАР МЕНЕН КЕЛГИЛЕ»

1969-жылдын күзүндө өткөндөгү улуу акындарынын бири – Туманяндын туулганынын 100 жыл толушуна карата Арменияга чакырып калышты. Делегациянын башчысы болгондуктан, анын курамына жазуучулардан озүм тандадым. Белгилүү жазуучу – Касым Каимовду, анан көрүнүктүү сынчылардан Кымбатбек Укаевди коштум.

Бакудан башка Самолётко отурушубуз керек экен. Ага чейин беш-алты саат убактыбыз болгондуктан, бетинде кара майы көлкүлдөгөн Каспий деңизинин жээгиндеги ашканада отуруп тамактанганга, анан Низами атындагы адабий музейге да баш-бакканга үлгүрдүк.

Ереванга келгенден кийин бизди башка коноктоого кошуп, шаардын четиндеги өкмөттүк дачаларга – катеджлерге жайгаштырышты. Биздин делегация туруп калган эки кабат үйдө дагы эки үй-бүлө Москвадан – «Юность» журналынын башкы редактору, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, «Чыныгы киши» повестинин автору Борис Полевой, экинчиси – Балтика боюнан келген, атактуу акын, Лениндик сыйлыктын ээси Эдуардас Межелайтес аялдары менен жашап жатышты.

Элинин саны жагынан Армения Кыргызстандан кийин турса да тарыхы, маданияты боюнча коп чоң олколордон да жогору турарына биз ошол күндөрдө ишендик. Башкаларын айтпаганда да, Матенадарандагы орто кылымдардан да мурунку мезгилдерге таандык кол жазмаларды көрүп, анан бу юбилейге дүйнөнүн бардык жагынан – Америкадан, Японiядан, Англиядан, Франциядан жана башка олколордон жалаң армян улутундагы кишилердин келгендиги – бул эки байыртан түптүү эл экендигинен кабар берип жаткансыды. Бул элди башка чоң элдердин тизмесине кошкон дагы коп нерселерине күбө болдук ал күндөрдө. Өздөрүнүн алфавити болгондуктан, аны менен бул чоң тойго карата чыгарылган газета-журналдарындагы сүрөттөрүн гана карап койбосок, окуй алганыбыз жок.

Салтанаттуу чоң жыйында партиянын Борбордук Комитетинин биринчи секретары жасаган доклад эне тилинде болду. Бизде, сөзсүз, орус тилинде болмок: «Биз» дегеним – Бүтүндөй Орто Азия жана Казакстанды айтып жатам. Көрүп жүрбойсүзбү. Эки киши башка улуттан катышты дегиче аталган региондун элдеринде бардык иш-чаралар – чоңбу, кичинеби, сөзсүз, орус тилинде өтүп жүрөт. Биерде да башка союздук республикалардан келгендер орус тилинде сүйлөдүк. Ал эми чоң театрдын чоң залы толо отурган оңчөй кара чачтар жактырышпаганын ошонусу менен билдиришкендей биз сүйлөгөндө алар бакылдап, өздөрүнчө сүйлөшүп отурушту.

Шаар менен да тааныштырышты. Имараттарынын көпчүлүгү таштан – туф ташынан курулган турбайбы.

Бир күнү түшкү тамак учурунда (өзүбүз жашап жаткан катеджде) Межелайтис өздөрүн узатып жүргөн кишиге (аларды Өкмөттүн алдындагы Диний иштер боюнча башкарманын начальниги узатып жүргөн) «Сиздин чоңдуктан пайдалансак болобу?» – деп, кайрылып калды. Тиги киши аны түшүнө бербегендей түр көрсөтүп тиктеди «Айтыңыз, күчүм жетсе аракет кылып көрөйүн» – деди анан вилка, бычагын тарелка четине коё берип. Колуңуздан келет. Анткени, сиздин карамактагы мекеме тууралуу соз кылайын деп атам. Бүткүл армян католикосу менен жолуктурунуз бизди. Ага каалагандын баары эле кире бербесин билем да. ошондуктан, сизге кайрылып жатканым мында отургандардын атынан – деди Межелайтес.

– Катуу жерден кармадыңыз – деди начальник, кырктар чамасындагы шыңга бойлуу сулууча келген жигит.

Биз бул экөөнүн сөзүнө а дегенде түшүнө бербедик. Анан начальник сөзүн улады: – Католикос деген бүткүл дүйнөнүн армяндары шайлаган киши эмеспи. Жини келсе, ал мен эмес, өкмөт башчысынын тилин албай коёт. Бизге баш ийбейт, кыскасы. Ошентсе да суранып көрөйүн, силердин ким экениңерди түшүндүрүп. Бирок, бир шарт менен бу тууралуу башка делегацияларга айтпасаңар. Быякка келгендердин баары эле сурана беришет. Бирок, көбүн кабыл албайт.

...Кечки тамак учурунда тиги жигит Мажелайтистин өтүнүчүн орундатканын билдирди. Католикос бизди кабыл алмай болуптур.

Бүткүл армяндык диний борбору ушул Ереванда – мурдагы духовный семинарияда экенин да чын эле биздин делегация ушул жерден угуп, ушул жерден билип отурат.

Бул диний борбордун башчысын – Католикосту шайлоого армяндар жашаган бардык мамлекеттердеги диний мекемелердин жетекчилери катышат экен, жашырын добуш берүү жолу менен. Бизди кабыл алган учурдагы католикос 63 жаштагы румыниялык армяндардан экен. Чет элдик бир нече тилди билгендиктен, аны менен биздин Межелайтес немис тилинде сүйлөштү.

Католикос иштеп жана жашап жаткан биердин короосу абдан кенен, анда бир нече имараттардан башка өзүнүн чакан багы да бар экен. Католикостун өзүнө окшош согончогуна жете шалбыраган кара кийимчен, соксогой кара такыячан эки жигит биз католикостун жасалгалуу кабинетине кирип отурганыбызда эки чоң подноско алма, жүзүм, алмурут алып келишип алдыбызга коюшту эле, көрсө, алар ошол өздөрүнүн жемиш багынан тура.

Католикос ээрчитип жүрүп анан ал жердеги жайлар менен да тааныштырды. Укмуш килемдер, укмуш люстралар менен

кооздолгон залдарды көрдүк. Андай кымбат баалуу буюм-теримдердин дээрлик бардыгы башка бай мамлекеттерде жашашкан миллионер-армяндардын бул диний борборго тартуулашкан белектери экенин да католикостун өзүнөн уктук.

Байыркы кол жазмалардын музейи Матендаран да ушул короодо экен. Адамдар сыйынчу жайга кирип, жаш эле жубайлар кичинекей балдарын аердеги диний кызматкерлер аркылуу чокундуруп жатканына да күбө болдук. Бул да болсо, «кичинекей» мамлекеттин өз алдынчалыгын али жоготпогонунан кабар берип жатты.

Католикостор дүйнөдөн кайтышканда алардын сөөктөрү ушул короонун ичине, атайын бөлүнгөн жерге коюлат экен. Алардын ак мрамор менен капталган бейиттерин да көрсөтүштү.

Бул жерден уккан дагы бир жаңылыгыбыз — Анастас Иванович Микоян бир кезде ушул жердеги семинариядан окуптур. Ал киши да бу күндөрдө биз менен Арменияда жүрөт. Жакындан аны биринчи көрүшүбүз. Жетимиштен ашса да али баскантурганы тың экен. Ал Туманяндын 100 жылдыгын өткөрүү боюнча түзүлгөн Бүткүлсоюздук уюштуруу комитетинин мүчөсү экенин басма сөздөн билчүбүз, бирок биерге келет деп ойлогон эмеспиз.

Москвадан келген дагы бир ардактуу конок —маршал Баграмян. Ал майор наамындагы адьютанты менен жүрөт. Баграмян өзүнүн Ата мекенинде өткөрүлгөн мындай салтанаттардын бардыгына ардактуу мейман катары чакырылат тура. Дүйнөгө ушул эки АДАМДЫ бергендиги үчүн деле Армения чоң элдердин катарынан орун талашууга акылуу. Ааламга атагы чыккан окумуштуу-астроном Амбарцумян, өткөндөгү улуу композитор Комитас, кийинкиси — Хачатурян, бу сапар жер шарынын бардык бурчунан конокторду чакырткан улуу акын Туманянчы?! Демек, кичине элди чоң элге теңеген анын элинин саны эмес, атактуу инсандары тура!

Үчүнчү күн дегенде поезд менен той ээлери бизди Ленинаканга алып жоношту. Туманяндын туулган айлы ошол жакта экен.

Түнкү саат он экилер чамасында поездге отурдук эле, эрте мененки саат тогуздарда жетип бардык акыркы станцияга. Бизди Ереванда алып жүргөн женил машиналар, автобустар кайрадан ошол жерден күтүп алышты. Андан ары ошол машиналар менен кеттик юбилярдын туулган жерине чейин. Баса, Микояндын туулган жери да ошол кыштак экен. Биздин жерге окшогон тоо-таштуу, токойлуу, кыр-ойлуу бир нече белестерди ашып, үч-төрт саат дегенде жетип бардык.

Кыштакка бир чакырымча калганда машиналар токтоду. Андан ары жоо бастык. Жол бойлото столдорду коюшуп, алардын үстүлөрүно тамак-ашты жайнатып таштаптыр, куйкалан-

ган торопойлорунан бери. Түркүн ичимдиктер. Мындайда ар бир эл учурдан пайдаланып, озүнүн меймандостугун көрсөтүп калууга тырышат го. Поезддеңда тамак-ашты төгүп-чачып келишкен армян туугандар.

Мындагы салтанаттуу чогулуш ачык талаада өттү. Эч кандай клубга батчудай эмес келген эл, ушунчалык көп келиптир. Кылкылдаган капкара тармал чач адамдарга карап туруп (коноктор үчүн тактадан бийик секиче жасап коюшуптур) эмнегедир, менин көз алдыма бала кезден карекке чөгүп калгангабы, бетегелүү капталды бербей жайылып жаткан өңчөй кара тармал козулар тартыла берди.

Аерден бери тартканда биздин делегацияны келгенден бери узатып жүргөн орто бойлуу, семиз, каш-кирпиги үрпөйгөн элүүлөрдөн ашып калган кишиден (Маданият министринин орун басары) сурадым:

– Силерде башка улуттар канча процентти түзөт?

– Сегиз процентти. Алардын да үч району өзүбүздүн азербайжан туугандар – деп жатпайбы. Орто Азия, Казакстан деген аймакта 50-60 процентти түзүшөт да башка элдердин өкүлдөрү.

Аерден Севан көлүнө келдик. Чоң көл экен, бир жээгинен экинчи жээги көрүнбөйт. Кемеде алып жүрүп сейилдетишти мында. Ичкиликке көлдүн өзүнөн «закуска» алып берип жатышты. Түштө «Ах, Тамара!» – деп аталган көл жээгиндеги таш үстүнө таштан курулган ресторанда сый тамак беришти.

Тамара – 100 жылдыгы белгиленип жаткан улуу акындын ошондой аттуу поэмасынын башкы каарманы экен. Севан көлүнүн колтугунда тиги дөңдөгү ресторандан алакан отунда жатканда көрүнгөн дагы бир чакан көл бар экен. Уламышта ушул көлдүн экинчи жээгинде турган сүйгөн кызы Тамарага жетүү үчүн наркы жээктен сууну жиреп сүзүп жөнөгөн жигит берки жээкке жакындап калганда толкун уруп, ошондон улам күчтөн тайган неме сүйгөнүнө жетпей: «Ах, ТАМАРА!» деген бойдон чөгүп кете берген тура... Ошондон тартып эл бу көлдү да: «Ах, Тамара!» деп атап коюшкан имиш.

«Ах, Тамара!» ресторанындагы олтурушубуз күтпөгөн жерден чоң концерт менен коштолуп кетти. Республиканын партиялык уюмунун Борбордук Комитетинин биринчи секретары Кочерян (уюштуруу комитетинин да төрагасы) коноктордуу дагы бир марта кызуу куттуктап, учурунда улуу акын Туманяндын өлбөс-өчпөс поэмасынын жаралышына башкы себеп болуп берген чыныгы сүйүү үчүн тост айтып, элге биринчи чөйчөктөрдү ичирген соң, кийинки сөздү Микоянга берди. А киши юбилейдин жакшы өтүп жатканын, анын себеби – баарынан мурда ар жактан келишкен ардактуу коноктор буга активдүү, чын ыкластан катышып жаткандыгы экенин айтуу менен баарыбызды Комитеттин, анан өзүнүн атынан куттуктап, бирок азыркы тос-

тун башкага арнай турганын, ал үчүн алдын ала кечирим сурарын билдирип, эки-үч күндөн бери бир нукта келаткан эрежеден бир аз четтегенсиди. Ал тостун Молдовиянын атактуу ырчысы – Мария Биэшуга арнады. А дегенде өзү Саясый Бюронун мүчөсү болуп турган кезде өкмөттүн башчысынын биринчи орун басары катарында Чио-Чио-Сан операсындага мадам Баттерфляйдын ариясын аткаруу боюнча Японияда өтө турган бүткүл дүйнөлүк конкурс-кароого катышуучуларды кантип тандашканын, акыры ушу Биэшуга токтошконун, ал болсо, булардын ишенимин актап, Токиодо биринчиликти жеңип келгенин айтып, анан бу күндөрдө армян жеринде чоң салтанат менен өтүп жаткан ушул иш чарага ошол атактуу ырчы да катышып жатканын айтты: «Кана, Мария, барсыңбы? Көрүнүп койчу!» – деп залга кайрылганда бир бурчтан күнгө күйгөн цыганкага окшогон кара тору арык кыз тура келди эле, зал дүркүрөтө кол чаап жатып калды. Анастас Иванович сөзүн улап: «Улуу акындын юбилейинде дагы бир жолу Мариянын ошол арияны аткарып беришин өтүнөм!» – деди. Мария а дегенде бурчта турган роялдын жанына барды. арияны аткарды. Дагы дүркүрөгөн колдор чабылды. Анан залдан дагы бирөө тура келип, эми молдованча да бир ырды аткарып беришин сурап калды эле, Мария анын да отүнүчүн орундатты. Анан столуна барып рюмкасын алды да тордогу узун стол артындагылардын ортосунда отурган Микоянга барып аны менен чөйчөгүн кагыштырды. Анастас Иванович анан аны өзүнө тарта бетинен өөп койду. Ошого байланыштуу жанында отурган маршал Баграмян тамаша сөз узатты окшойт, аерде отургандар шатырап күлүп калышты. Ал эми ойноок кыздай жеңил чуркаган артистка улуу кишинин тигиндей «сыйын» кубанганын жашырбай аппак тиштерин бажырайта күлгөн бойдон ордуна шашты.

Микояндан кийинки тостту маршал айтты. Ал да юбилей жөнүндөгү кириш сөзүнөн кийин биз билбеген бир артисттин атын атап, ага арнап ал да тост көтөрдү. «Анастас Ивановичтин үлгүсү боюнча» – деп тамашага айлантты анысын. Республиканын атактуу ырчы кыздарынан экен а киши тост арнаган. Бул да жакшы ырдады. Буга да шатырата колдор чабылды. Ал да анан барып, биринчи өзүнө тост арнаган маршал менен чөйчөк кагыштырды. Анан аны да маршал өөп койду. Аны карап эми Анастас Иванович да тамаша кеп узатты окшойт, аерден дагы жанагыдай күлкү чыкты. Демек, бу күлкүлөр жетимиштен ашкан карыялардын тостторун шылтоолоп, жаш келин-кыздарды опкондорүнөн улам чыгып жатат.

Ал күнү Дилижан курорт-санаториясына келип түнөдүк. Кадимки дары суу – «дилижан» чыкчу жерге.

Ереванга кайтып келгендин эртеси 1915-жылы геноцидге байланыштуу (түрктөр тарабынан 1,5 миллион армян кырылган

эмеспи) тургузулган эстеликке алып барышты. Ал шаардан бир кыйла обочо жерде экен. Мундуу музыканын үнү угулган жерден машиналар токтоп, андан ары жөө бастык. Биз жакындаган сайын бийиктеп отурган жанагы музыкадан – эркектердин, аялдардын, чоңдордун жана балдардын жүроктү титиреткен үндөрү-ыйы угулуп турду. Бул кайгылуу музыканы-реквиемди өткөндөгү атактуу композитор Комитас жазган экен.

Кийинки күнү кайтмакпыз. Ошондуктан, бала-бакыраларга, «женил барып, оор келгиле» – деп калышкан досторго белек-бечкек алыш керек эле. Ал үчүн биз келгенден бери эрте менен тургандан жатканга чейин дайыма жаныбызда жүргөн коштоочубузду түшкү тамактан кийин калтырып, анын машинасы менен үчөөбүз дүкөндөрдү кыдырып кеттик. Балдар магазинининен баштадык. Биринчи эле дүкөндөн алар үчүн издегендерибизди таптык. Бирок, досторго «ылайык» белекти таппай магазинден-магазин кыдырып, көпкө жүрдүк. Кандай магазиндерге кирип атканыбызды көрүп аткан шофер анан сурап жатпайбы:

«Эгер жашырын болбосо, издегениңерди айтсаңар; жергиликтүү эмесминби, балким жардам бере алармын» – деп. Биз ага айттык.

«А дегенде эле айтсаңар мынчалык убара болмок эмессинер» – деди тиги бекерден далай жолду баскан машинасын аяганын түрүнөн көрсөтө. – «Армян коньягын армяндар озубуз да көрбөйбүз магазиндерден. Майрамдарда гана чыгарып калышат аз-аздан».

Көрсө, быякка жумуштап келгендердин дээрлик бардыгы кайра кетеринде ушул «белекти» издешет тура. Чынында эле достор үчүн андан өтөөр «белек» жок да.

Меймандарыбызга келсек, бизди күтүп отурган баягы министрдин орун басары күлөт: «Издегениңердин баарын таптыңарбы?» – деп.

«Таптык» – десек бакылдаган ачык мүнөз неме: «Жок, калп айтып атасыңар, башкаларын тапсаңар да бир нерсени тапкан жоксуңар. Эч нерсе эмес, аны өзүбүз таап беребиз. Жүргүло, тамак да муздап калды окшойт силерди күтө берип» – деди.

Тамактан соң болмолорубузго эс алуу үчүн кеттик. Беш-алты мүнөт өтүп-өтпөй Касым менен Кымбатбек менин номериме кирип келишти. Анан экөө тең жарыша» «Эмне жаңылык бар экен?» – дешет.

«Эч кандай жаңылык жок» – дедим тигилердин суроосуна түшүнө бербей.

Бироо анан нарыдагы шкафты ачып жиберди эле ичинде биз бир нече саат шаарды кыдырып жүрүп таппай келген эки ботолко армян коньягы, эки бөтолкө вино, анан Туманяндын юбилейине карата чыгарылган китептер, газета-журналдар, ырларына

чыгарылган музыка жазылган пластинкалар жүрүптүр. Бизди узатып жүргөндүн: «Аны өзүбүз таап беребиз» – дегени ушул тура.

Эртеси жоөоор алдында тамакка келгенибизде Межелайтис бизди карап жылмая: «Кавказга силердин биринчи келишинер окшойт жубайларсыз келгенинерге караганда. Биздин бул жактан (Полевойду карап) тажрыйбабыз бар да, аялдарыбызды ала келгенбиз. Анткени, канча киши келсе, быяктагылар кетээринде ошончо чемодан белек беришет. Мындан ары кавказдык туугандардын ушул жакшы салтын эске алып, жубайларынар менен келип жүргүлө» – деди эми кадимкидей күлүп.

...Баса, ошол окуядан төрт-беш ай отпой Молдовиянын баягы атактуу ырчы кызы Мария Биэшуга «СССРдин эл артисти» деген жогорку наам ыйгарылды указ менен. «Ах, Тамара!» көлүнүн жээгиндеги «Ах, Тамара!» ресторанында толо отурган элдин (тойго чакырылгандар, аларды узатып жүргөндөрдү төрт жүздөн ашык деп жатышкан) ошондогу берген батасы кабыл болгон экен го» – деп калдым мен тигиндей Указды окугандан кийин.

1969-жыл.

«ЖҮЗ ЖЫЛ ЖАШАП, ЖҮЗ КИТЕП ЖАЗАМЫН»

Казак совет адабиятынын негиз салуучуларынын бири Сабит Мукановдун туулганына жетимиш жыл толгонуна байланыштуу ал жактын чакыруусу менен Касым Каимов – экөөбүз бардык. Кызга окшоп жыбылжып сүйлөгөн, табиятынан маданияттуу, терең акылдуу, бирок, ыңкыйып оорукчан Касымды адам катарында да, жазуучу катарында да сыйлачумун. Андай киши менен кайда барсаң да уят кылбайт. Ошондуктан, бир жакка чыкканда дайыма менин эсиме биринчи ушул Касым келчү эле. А кезде ал – «Кыргызстан маданияты» газетасынын башкы редактору. Мен болсом – Жазуучулар союзунун секретарымын.

Бизди «Казакстан» мейманканасына жайгаштырышкан соң андагы жазуучулар союзунун бир секретары Габдыкерим Идрисов: «Саат үчтө жазуучулар союзуна келесинер, Сабит ага менен жолугушуу ошерден башталат» – деп калды.

Келерибиз менен колубузга беришкен программа боюнча юбилярга арналган салтанаттуу жыйын кечки саат алтыда Абай атындагы чоң театрда башталмак. Ага чейин дагы кандай чогулуш өтүшү мүмкүн? Түшүнбөдүк. Бирок, сураганыбыз жок. Айтышкан убагында союзга бардык. Андагы традиция боюнча мындай көрүнүктүү жазуучулардын тоюна Москва, Ленинграддан, анан бардык Союздук республикалардан коноктор чакырылчу да. Бу жолу да ошондой болуптур. Түркмон адабиятынын патриархы Берди Кербабаев баш болуп, бардык жактан окүлдөр келишиптир.

Программада көрсөтүлбөгөн бу жолугуунун себебин союзга келгенден кийин билдик. Көрсө, Сабит ага 20-жылдарда Казак потребсоюзунун (Казакстан керек-жарак союзунун) системасында иштеген экен. Анын азыркы чондору бу кишиге арнап даярдаган белегин көпчүлүктүн көзүнөн далдаракта, жазуучулар союзунда эле азыраак адамдардын – коноктордун катышуусу менен гана тапшырып коюуну отүнүшкөн тура. Жогору жактан да ошондой кеңеш берилген го. Анткени, потребсоюз деген бай мекеме эмеспи, демек, алардын юбилярга берчү белектери да кымбат баалуу. Андайды көптүн көзүнчө тапшыруу – дуу-дуу сөздөрдү туудурушу мүмкүн да.

Чындыгында да биз ойлогондой чыкты: потребсоюздун жетекчилери Сабит агага кундуз тебетей, кундуз ичик кийгизишти. Белине күмүш кемер байлашты. Андагы түшүнүк боюнча мындай белектер – «байманаптык белектер». Мындайды эл алдында берүүгө, албетте, чондор жол коё алышпайт.

Тигиндей кийитти биз, коноктор, чын ниеттен кол чаап куттуктадык. Анан Сабит ага жанагы жарашыктуу жаңы кийими менен кең бөлмөдө колундагы татынакай таягын паркет полго акырын-акырын коё ары-бери баса баштады. Сүйлөгөнү жатат. Тигиндей кымбат баалуу белек ээлерине ыраазылык сөзүн

айтыш керек да. Бир-эки мүнөтчө үн-созу жок эле басып калды. Анан ооз ачты. Орусча баштады. Орток тилибиз – ошол эмеспи. Чоң акцент менен сүйлөйт экен аксакал. Бу тилди кечигип үйрөнгөнү ушунусунан эле билинип турду.

Юбиляр өзүнүн өмүр жолунан кабар берип жатып, баарыбызды «селт» эттирген бир сөз айтты. Чоң бөлмөнүн (Жазуучулар союзунун биринчи секретарынын кабинетинде отурганбыз) орто ченинде токтой калып, колундагы таягын көтөрдү да: «Мына бул таякка карап, достор, мени картайган экен, же буттары ооруса керек» – деп отургандырсынар. Антип ойлоп жатсанар жаныласынар. Мен азырынча карылыкты сезе элекмин. Буттарым да,оорубайт. Бул таякты болсо, мен он алты жашыман бери кармап келатамын. Ал куракты өзүнөр билесинер да кандай курак экенин. Анткени, баарынардын башынардан өткөн ал курак. Тагыраак айтканда, жигиттерди ээрчип кыз-келиндерге барып жүргөндө ит капкан эле. Жайлоодо. Ошондон бери таяк карманып жүрөмүн. Коркуп калсам керек. Кыскасы, денсоолугум абдан жакшы. Жетимишке чыгып, жетимишке жакын китеп жазыптырмын эсептесем. Эгер күтпөгөн жерден эле кырсык тооруп кетпесе, жүзгө чыгып, жүз китеп жазамын. Мына, ушундай, достор, менин алдыдагы планым, силерге бере турган убадам да» – деп таштады белек ээлерине а дегенден бир гана сүйлом менен ыраазылыгын билдиргенден кийин.

Сабит аганын бул сөзүнөн улам Касым экөөбүз бири-бирибизди тиктешип алдык. Анткени, ал экөөбүз былтыр эле Арменияда жүргөндө бу кишинин аз жерден аркы дүйнөгө кетип кала жаздаганына күбө болгонбуз. Казакстан жазуучулар союзунун мага окшогон экинси секретары акын Жубан Молдогалиев баштап барган делегациянын курамында Сабит ага да бар эле. Дилижан санаториясына келип жаткан түнү казак боордоштор түн бою ушул киши менен алек болушкан улам доктур чакырышып. Байбичеси жанында экенине карабастан беш-алты жазуучу алмак-салмак жанында кароол болушуп чыкканы алиге эсибизде. Деми кысылып, мурдунан кан кеткен. Көрсө, кан басымы жогору экен. «Сабит аганын картая баштаганы баскантурганынан билинип калыптыр» – деп аны аяп өз ара ошондо соз кылганыбыз да эсибизде. Андан бери жыл өтүп өтө элек. Бүгүн болсо минтип: «Куландан соомун. Кырсык тоорубаса, бери дегенде жүзгө чыгып, жүз китеп жазам» – деп отурбайбы жарыктык киши, «буюрса» дегени жок.

Мукановго арналган чоң салтанатка Д.А.Кунаев башында турган Бюро мүчөлөрү толук катышты. Алар менен бирге президиумда отурушкан делегация башчыларынын катарында мен да соз сүйлөп, юбилярга салттагы ак калпакты кийгизип, үстүнө чепкен жаптым.

Ошону менен бул жакка келгендеги негизги милдет аткарылды. Эми кете берсек болот. Анткени, эртесинде биздин республикада Өзбекстан адабияты менен искусствосунун Декада-

сы (он күндүгү) башталмак. Мурунку жылы биз аларда болгон элек.

Ал эми бүгүнкү юбилярдын чайы да эртең кечинде ушу биз токтогон мейманкананын ресторанында берилет колубуздагы Чакыруу билети боюнча. Демек, биз ага катыша албайбыз. Себебин союздун жетекчилеринин бирине айтып койдум. Машина менен келгенбиз, таңга маал жолго чыксак үч-төрт саатта өз шаарыбызга кирип барабыз.

Күн батарга жакын (Салтанаттуу чогулуш күндүз өткөн болчу) Сабит ага балпайган жылдыздуу байбичеси менен мен жаткан номерге кирип келип: «Кыргыз казак жерине келип, же казак кыргыз жерине барып, бирак шай ишмей кеткенин эшиткенин барма, карагым?» — Жок, эшитмегенсиң. Хазыр үйгө барасынар. Эрте менен кетет экенсинер, уктум. Келген досторуман Кербабаев да эртеге кетиши керек экен. Оны да шакырып койдым. Бирге отуруп шай ишесинер» — дейт. Мен айткандыны жанагы жазуучулардын секретары бу кишиге билдирип койсо керек да.

Ошентип Касым — экөөбүз Берди аксакал менен бирге Сабит аганыкында элден бир күн мурда конок болдук.

Кербабаев аксакал мурунку жылы 75 жылдыгын белгилеген болчу. Келишимдүү бою-башынан, жеген-ичкенинен карылыктын кара колөкөсү көрүнбөдү. Эки дос бүгүн чер жазышты бейм. Көп сүйлөшүп, көп күлүштү. Жакшы жеп (айрыкча, казы-картадан, чучуктан) жакшы да ичип отурушту. Экоонүн мунусуна караганда бироо жетимиш алтыда, экинчиси — жетимиште деп айтууга ооз барбайт эле.

* * *

Тагдыр го, орто бойлуу, жазы мандай балпайган эткел, жалпагыраак мурун астында татынакай кылып серптирген муруту бар Сабит агага бою-башы жагынан да, жылдызы жагынан да, эткелдиги боюнча да, нур жүздүүлүг жагынан да абышкасына абдан окшош байбичесине да, төрүнөн-эшигин карай кут-береке агылып жаткансыган байыстуу үйүнө да ошондогу беш-алты сааттын ичинде үйүр ала түшкөн белем, андан бери он жыл өткөн соң (Сабит ага 70 жылдык юбилейинен кийин эки жылга жетпей каза болуп калган эле) ал адамдын туулганына 80 жыл толушуна карата дагы мен барып, дагы ошол театрда сөз сүйлөп, дагы баягы үйүндө болбодумбу. Бирок, бу сапар ал үй эмес, үй-музей болуп калган экен... Андагы төрт бөлмөнү кыдырып, үй ээлерине тиешелүү буюм-теримдерди көрүп жүргөндө алар биерге үзүлбөй кирип-чыккандардын арасынан өз ээлерин издеп жатышкандай мунайыңкы көрүнүштү...

ТУРМУШ деген, ЖАШОО деген ушул тура... Пендемин дегендердин баары эле Сабит ага сыяктуу тилек кылышканы менен, анысы дайым эле ишке аша бербейт экен да...

ЖЕҢИШ САПАРЫ

(Бишкек-Лондон-Париж-Москва)

1.

...Азыркы курагымда мындай алыс сапарга чыгамын деп такыр ойлогон эмесмин. Бу да болсо, Улуу ЖЕҢИШТИН шарапаты...

Тунгуч мамлекетибиздин тунгуч Президентин экинчи дүйнөлүк согуштун аяктаганына 50 жыл толгонуна байланыштуу өткөрүлчү салтанаттарга катышуу үчүн Великобританиянын, Франциянын, Россиянын өкмөттөрү чакырышкан тура. Бул деген – өз тагдырыбызды өз колубузга алганыбыздын дагы бир тарыхый далили.

Аскар Акаевич делегациясына Советтер Союзунун Баатыры, генерал-лейтенант Калыйнур Усенбековду, анан мени кошуптур.

...Мен үчүн ЖЕҢИШ майрамы кечээ, 4-майда башталган эле. Анткени, Президентибиз ал күнү республиканын ар кайсы бурчунан чакырылган мурдагы жоокелердин чоң тобун кабыл алып, баарыбыздын төшүбүзгө 50 жылдыкка арналып чыгарылган медалды таккан, анан баалуу белектер тапшырган.

2.

Лондонго 5-май күнү кечки саат 17.00 де учтук. Бир салондо Калыйнур, Президенттин тышкы иштер боюнча кеңешчиси Абдуразаков Ишенбай – үчөөбүз гана бараттык.

Самолётко киргенден кийин эле бизге жагымдуу сезим тарттуулаган мындагы акырын чыгып жаткан кыргыз музыкасы болду. Самолёттун ичин тейлегендер да жалаң кыргыз кыздары. Экипаж да негизинен кыргыздар, анын командири биринчи класстагы учкуч Жүндүбаев деген экенин да авага көтөрүлгөндө а дегенде «Урматтуу Президент! Урматтуу жүргүнчүлөр!» деген жагымдуу үндөн да кандайдыр бир жылуу илеп уруп турган сыды. Учканда, конгондо кайталанган бул эки сөз кандайдыр бир сыймыктануу сезимин тартуулап жатты. Өзүбүздүн мамлекет!.. Өзүбүздүн Президент!..

Калыйнур экөөбүз сүйлөшүп баратканбыз. Мен мындан эки күн мурда Москвада өтө турган Жеңиш парадына катышуу үчүн бизден кетишкен отуз бир кишинин ичинде эки адамдын – жердешим жана бир кездеги классташым Шатманов Масалбектин, анан Колдук Карымшаковдун бары-жогун сураштырып жаткан мын. Анткени, Калыйнур Усенбеков – ветерандардын республикалык советинин төрагасы эмеспи. Москвага барчулар ошонун катышуусу менен такталган да. Анғыча учкуч формачан жигит биздин салонго кирип келди да кечирим сурап, Калый-

нурдун жанына отура кетти. Кызык, бул жигит мен азыр эле сураштырып жаткан Карымшаковдун баласы болуп чыкты. Атыжөнү — Кубанычбек Уметалиев экен. Төрөлгөндөн атасынын баласыз бир тууганы багып алгандыктан, ошонун фамилиясын алып жүрөт тура. Азыр ал «Кыргыз аба жолдору» компаниясынын вице-президенти, бүгүн болсо, бизди алып бараткан самолёттун штурвалында отуруп бараткандардын бири экенин да анын өз оозунан уктук.

Мен сураштырып жаткан Шатманов да, Карымшаков да, үчтөн «Даңк» орденинин ээлери. Башкача айтканда, өткөн согуштун Баатырларынан. Карымшаковду көргөн эмесмин, бирок, ал тууралуу согуштан кийин көп жазылган эле. Ошондон билчүмүн. Штурмовик самолётто аткыч болуп жүрүп, душмандардын бир нече самолётун атып түшүргөн киши. Ошондой эрдиктери үчүн тигиндей артыкчылык ордендери менен сыйланган. Менин классташым — Шатманов болсо, согуштун башынан аягына чейин артиллерияда кызмат өтөгөн.

Москвага кеткендердин ичинде Шатманов бар экен, ал эми Карымшаков барбай калыптыр. Ден соолугуна байланыштуу келе албаптыр. Бул тууралуу райондон атайын кабарлашса да, Усенбековдун мында экенин көргөндөн кийин атасынын бул чоң окуяга катыша албаган себебин өзү да айтып коёюн деген тура.

Самолёттон элибиздин дагы бир эр жүрөк уулунун урпагы менен таанышып калдык. Стюардесса кызыбыз — кыргыздан чыккан биринчи революционер, революциялык стажы 1905-жылдан тартып эсептелген, революциялык иши үчүн нечен жолу түрмөгө түшүп, сүргүнгө айдалган, акырында атууга да өкүм болуп, бирок көздөгөн максатынан ошондо да баш тартпай жаңы турмуш үчүн күрөшүн уланткан Таабалды Жукеевдин-Пудовкиндин небереси экен. Карымшаковдон уктук муну да. Ал туруп кеткенден кийин Калыйнур экөөбүздүн маегибиз кайрадан уланды.

Экөөбүздүн быйылкы ЖЕҢИШ майрамыбыз апрель айынын акыркы күндөрүнөн башталган, бирок анда минтип анын шарапаты менен Европа өлкөлөрүнө чейин барарыбызды билген эмеспиз.

Улуттук телевидение ушул улуу датага карата күн мурунтан жазып алуу үчүн бир топ мурунку жоокерлерди «Ысык-Көл» мейманканасына чакырыптыр. Ошолордун арасында Калыйнур экөөбүз да болгонбуз. Ошондода экөөбүз бүгүнкүдөй жанаша отуруп калганбыз. Теленин кызматкери ар бирибизге согушка, андагы ЖЕҢИШКЕ байланыштуу суроолор менен кайрылып жаткан. Кезек мага жеткенде Калыйнур бери эңкейе берип кулагыма шыбырап калды: «Баягы ырыңан баштасаң созуңү» — деп.

Экөөбүз кайдан кезигишпейли, ал менден ушул ырды окуп коюуну сурана берет. Бул ырды качан, кайдан (50-жылдарда

чыккан китептенби, же журналданбы) окуп, анан жактырып калганын эстей албай жүрөт. Мындан бир нече жыл илгери ушул датага – ЖЕҢИШТИН 50 жылдыгына карата «Эстелик» китебинин маселеси чечилгенде да Калыйнур ага эпиграф кылып алуу үчүн ушул ырды сураганы эсимде. Бу жолу да ошол ырды эстеп атат. Анын өтүнүчү боюнча мен сөзүмү чын эле ошол ырдан баштадым.

Мына эки жыл булбул үнүн укпадым,
Ок добушун тыңшап жатып уктадым.
Алыс калган булбулдардын добушун
Сен ук, жаным, ошол менин укканым.

Мына эки жыл – комуз күүсүн укпадым,
Сыз төшөнүп, ок жамынып уктадым.
Алыс калган коңур күүсүн комуздун,
Сен ук, жаным, ошол менин укканым.

Ушул ырдан улам менин эсиме Калыйнурдун «Ак булут» деген ыры түштү.

Мындан он жылча мурда Калыйнурдун Улуу Ата мекендик согуштагы басып өткөн күжүрмөн жолун баяндаган китеби чыккан. Мен ага көлөмдүү макала-рецензия жазып, ал «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») газетасына басылган эле. Ошондон эсимде калган болчу тиги ыры. 1943-жылы ал ыр ушул аталган партиялык газетага жарыяланган экен. Ырдын аягында автордун адреси (талаа почтасы) көрсөтүлбөйбү. Ошол дарек боюнча жоокер Калыйнурга кыздардан каттар бара баштайт. Алардын ичинде Жумагүл Мусаева деген Фрунзедеги авио клубдан окуп, келечекте учкуч болууну самаган кыздан да кат алат. Ошончо кыздын ичинен Калыйнур эмнегедир, ушул кызды тандап, ага жооп жазат экен. Ошентип, экөөнүн ортосунда ары-бери каттар каттай баштабайбы. Согуштан кайтып келгенде Фрунзеден издеп жүрүп биринчи таап жолукканы да ошол Жумагүл болот. Буларды мен анын жанагы китебин окуганда билип калганмын. Бүгүн да согуш тууралуу аңгеме-дүкөн куруп отуруп, минтип өткөндөрдү эстеп жатпайбызбы.

Калыйнур согуштун акыркы күндөрүндө, дүшмандын уюгу Берлинди алуу үчүн жүргүзүлгөн айыгышкан салгылашуулардын биринде көрсөткөн эрдиги үчүн Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болгон. Мунун ал эрдиги тууралуу маршал К.Жуковдун китебинен да окуган элем.

Баатырдыктын орден, медалын, аларга кошуп мурдараак сыйланган Кызыл жылдыз орденин бир күндө, ЖЕҢИШ күнүндө тапшырышканын, тапшырган киши алардын ар бирин стакандагы аракка малып туруп анан мунун көкүрөгүнө такканын алиги үч стакандагы аракты да ичиргенин, ошол күнү өмүрүндө

биринчи жолу мас болуп, жатаканасына кантип келгенин да билбей калганына чейин Калыйнур бүгүн чечилип айтып берди.

...Самолёттогу менин экинчи маектешим – Президенттин тышкы иштер боюнча кенешчиси, Абдуразаков Ишенбай болду дебедимби.

Абдуразаков – кыргыздын тунгуч дипломаттарынан. «Окуган жылдарымы кошо эсептегенде Москванын озүндо жыйырма жыл жашаптырмын» – деп эскерди ал.

СССРдин тышкы иштер министрлигинде иштеген. Кийин он беш жыл бою Японияда жүргөн дипломатиялык кызматта. Англис, япон тилдеринде эркин сүйлөрүн ушул сапар учурунда билдим.

Ишенбай быякка жөнөордон бир аз мурдараак эле Японияда келишкен чакан топ ишкер адамдарды узатып, вертолёт менен Көк-Ойрок жайлоосунан ашып Көлго, эртеси Миңкуш, Тогуз-Торо аркылуу Арсланбап, Аркытка чейин барышканын айтып отурду. Меймандар Көлдү, миңдеген гектар жерди ээлеп жаткан түштүктүн жемиштүү токойлорун көрүп, алар жөнүндө тийиштүү адистерден маалымат алышкандан кийин жараткандын өз колу менен жаралган укмуштай байлыктан эл кандай пайдаланаарына кызыгышкан тура. Алар Сары-Челек көлүнөн торсуз, кайырмаксыз эле балыктарды кармап алышыптыр. «Силерге экономикалык, гуманитардык жардамдардын кереги жок экен. Анткени, озүңөрдогу байлыкты жакшылап жыйып албай тебелеп-тепсеп жүрот турбайсыңарбы. Бангладеш эмессиңер да ал бир жүз кырк миллион калкы бар; ал эми жер аянты силердикинен бир аз гана кобүрөок» – деп уялтышканын эстеди.

Чын эле, кыргыздарга башка жактан келгендер тигинтип суктангандай жердин коозун да, байын да берген кудай мээнеткечтикти да кошо бербегенине кээде нааразы болуп кетесиң. Башкасын айтпай эле коёлу, короосундагы огородун жакшылап карабагандыктан, анысын куурай басып кеткен үй-бүлөлөр азбы? Жер менен убакытты алтындан кымбат баалаган япондордун арасында он беш жыл жашаган Ишенбайды гана эмес, алардын созү азыр угуп отурган бизди да уялтып, намыстантты.

3.

Лондонго кызарган күн кылкылдап батып баратканда жеттик. Кортеждин коштоосу менен аэропорттон шаарга барыш үчүн жолго чыкканыбызда жолдун экй тарабынан көзго урунган жашыл токойлор, сейрек бадалдар тааныш пейзаждарды эске салып жатты.

Жаңырганына төрт-беш эле күн болгон коон тилиминдей ай турду тунарган ачык асман четине илинип...

Биз конгон аэропорттон шаарга чейин 60 миллге жакын экен аралык. Самолётто кандай кенен-кесир, анан чайпалбай-нетпей келсек, машинада да (Калыйнур, Ишенбай, мен – үчөөбүз бараттык бир машинада) ошондой эле кенен-кесир жана чай-

палбай бараттык. Кенен-кесир баратканыбыз – жолдун кендигинен, чайпалбаганыбыз – анын тегиздигинен.

«Мамлекеттин байлыгы – жолдорунан, маданияты – дааратканаларынан көрүнөт» деген сөз ушул жолу Лондон менен Парижде жүргөндө, эмнегедир, кайра-кайра эске түшө берди. Бул тууралуу өзүбүзчө отуруп калганыбызда Президентибиз да көп ойлонуп, көп толгонуп жатканын жашырган жок. Анткени, бизде да бир нече айдан кийин чоң мааракe «Манастын» 1000 жылдыгы болот эмеспи. Ага көп мамлекеттерден коноктор чакырылат. Бийик даражалуу конокторубуз а дегенде «эшигибизди» (жолдорубузду, дааратканаларыбызды) көрүшүп, анан гана «төрүбүзгө» өтүшөт да. Бул тууралуу Мамлекет башчыбыз гана башын оорутпастан баарыбыз ойлонуп, баарыбыз башчыбыз гана башын оорутпастан бабабыздын арбагы менен кошо ар кайсы жактан келишкен кадырлуу меймандарыбызды да ыраазы кылып узатуунун камын жалпыбыз көрүшүбүз керек. Улуттук арнамыс бизди ушуга милдеттендирет. Англия, Франция болбосок да келген коноктордун көзүно колунан бир нерсе келе турган эл сыяктуу көрүнүшүбүз керек.

Лондондо «Савай» мейманканасында жашадык. Ал шаарды тең бөлүп мелмилдеп жай аккан Темза дарыясынын жээгине курулганын эрте мененки тамакка келгенде биринчи кабаттагы ресторандын чоң терезелеринен көрдүк. Ары-бери жүрүшкөн чакан кемелерге чейин аерден даана көрүнүп турду.

Бизден башка бул мейманканада Казакстандын делегациясы жашады. Эртели-кеч алар менен жолугушуп калып жаттык.

Мейманкана демекчи, Американын Президенти Билл Клинтондун 9-май күндөрү жашай турган Москвадагы мейманканасы (номери) суткасына 900 доллар турарын самолётто газетадан окуганыбыз эске түшөт. Ал эми биерде (Лондондо) бир номердин суткалык баасы – 700-800 фунт-стерлингге жеткен мейманканалар бар экен. Англиянын акчасы болсо, доллардан кымбат турарын ушерден билдик.

Мындагы мейманкананын дагы бир артыкчылыгы, эрте менен болмонүн эшигин ачаарың менен козго урунган нерсе – эшиктин туткасына илинген газеталар, журналдар салынган кагаз баштык. Ошол күнү чыккан газеталар, журналдар. Аларды барактап, түстүү сүрөттөрүн гана көрүп тим болобуз. Кулак, тилиң соо туруп заматта дүлөй болуп калыш оңой эле тура. Кудай жалгап менин катарымдагы номерде Ишенбай жашап калды. Тиги аэропорттон бери шофер менен биздин ортобузда «тилмечтик» кыла баштаган ал бу жерде да мейманкана кызматкерлери менен менин ортомдо ошол «кызматын» улантты.

Орус тилинин кадыры ушул жерден дагы бир жолу бийикке көтөрүлө түшкөнсүдү. Тилмечтерибиз аркылуу мындагылар менен ушул тилде гана сүйлөшүп жаттык.

Лондондогу тилмеч кызыбыз – Таня түбү Ленинграддык экен. Лондондо 70 минге жакын орус жашарын, алардын көбү Рос-

сияда «кайра куруу» башталгандан кийин байып кетишкен миллионерлер «жаңы орустар» экенин ошондон уктук. Шаардын кымбат үйлөрүн ошол «жаңы орустар» сатып алып жатышыптыр.

Лондондогу эстен кеткис таасирлердин бири, албетте, Королеванын ЖЕҢИШТИН урматына шаардын мэри тарабынан уюштурулган банкетке катышып, сөз сүйлөгөнү болду! Королеваны тосуп алуу-узатуу аземи укмуш экен!.. Мындан үч жүз элүү жыл илгери түзүлгөн улуттук гвардиянын солдаттары катышчу бул азем өзүнчө сөз кылууга арзыйт...

Бул жердеги салтанаттарга катышуу үчүн чакырылышкан 58 мамлекеттин башчылары Королева Елизавета II менен бир залда, делегация мүчөлөрү экинчи залда отурдук. Бирок, ал залдын туш тарабында чоң телевизорлор коюлгандыктан, Королева биздин да жаныбызда отурган сыяктуу сезилип жатты.

А дегенде шаардын мэри сүйлөп, анан кийин Королевага сөз берди. Экинчи дүйнөлүк согуш жөнүндө Черчиллдин айткынан баштаптыр ал сөзүн. Муну мени менен бир столдо отуруп калган түркмөн Президентинин кеңешчиси (орус киши) мага которуп берип жатты. Советтер Союзунун ролун да (гитлердик фашизмди жеңүүдөгү) унутпаптыр улуу даражалуу Королева.

Баса, Королева катыша турган мындай салтанаттарга эркектер кара костюм, кара галстук (смокинг), кара туфли, ак көйнөк кийип келүүгө же улуттук кийим, ал эми аскер адамдары өз формасы менен келсе болорун быякка жонобостон мурун президенттик аппараттан эскертишкен эле. Ошондуктан, мен кыргызча чепкен, башыма калпак кийгенмин. Ошол кийимим менен кирдим, Калыйнур аскер кийими менен. Президентибиз, жубайы менен мындай кабыл алууга даяр экендиктерин ошол жерден көрдүк. Королеванын кийгени башынан бутуна чейин аппак. Королеванын таажысы бриллиант менен шөкөттөлгөн го, электр жарыгынан ого бетер жаркылдап миң кубулуп кең залдын көркүнө көрк кошуп жатты...

Лондондон алган дагы бир чоң таасир Ыйык Павелдин (Святой Павел) Соборундагы Жеңишке арналган сыйынуу учуру болду. Ага үч миңге жакын адам катышты дешти. 1945-жылкы Жеңиш күнүндө ушул собордун ичи-тышында отуз миңге жакын адам болгон экен.

Бул собор Римдеги ушул аттуу собордон кийинки экинчи собор болуп эсептелет тура дүйнодөгү. Ага бир чакырымча жерден жөө бардык. Королева да жөө барат экен аерге. Биз машинадан түшкөн жерге чейин жетип турду собордон чыгып жаткан органдын жүрөк титиреткен үнү...

Мен соборго киргенде, эмнегедир капчыгай ичине кирип баргандай сездим өзүмү. Анын ичинин кендиги, бийиктиги шы-

бынан тартып капталдарындагы булуң-бурчтарындагы гипстен жасалган толгон-токой диний жана тарыхый темаларындагы ар кыл фигуралар, сюжеттер, деги эле собордун архитектуралык келбети, мындагы тынымсыз ойнолуп жаткан музыка адам акылынын, фантазиясынын, талантынын улуулугунан кабар берип тургансыйт. Жараткандын кудурети менен касиети да ушундай жайда айрыкча сезилип, айрыкча билинет окшобойбу. Согуш – кудайдын каары. Бейкуттук – анын мээрбандыгы. Өздөрүнүн жүрүш-турушу, өз ара мамилеси менен жараткандын каарына калып, канды суудай агызган да адамдардын өзү; тескерисинче, бирин-бири түшүнүшүп, сыйлашып ынтымак жашоосу Алла Тааланын мээрбандыгын чакырган да адамдардын өздөрү деген эскертүү да эки жарым саатка созулган мындагы сыйынуу учурунда сүйлөнгөн сөздөр аркылуу, музыка аркылуу кайра-кайра жаңырып тургансыды...

Биерде Королева сүйлөгөн жок. Мында да улуу даражалуу Королеваны тосуп алуу-узатуу аземи өзүнчө экен. Алды-артынан топ-топ болуп шам кармашкан свиталарынын ортосунда бараткан Королева аерде жыйылгандардын алдынкы катарларын аралап чыккан соң төр жактагы секичеде турган тагына барып отуруп калат экен.

Бул жерде Королеванын күйөөсү (согуштун катышуучусу экен) сүйлөдү. Англиялык дагы бир фельд-маршал сүйлөдү. Башка мамлекеттерден келгендерден да сөзгө чыгышты. Бардыгы англис тилинде гана сүйлөп жатышты. Тартип ушундай экен. Алардын дээрлик бардыгынын сөздөрү 60 миллиондон ашык адамдын өмүрүн кыйган экинчи дүйнөлүк согуштай согуштун кайталанбасы үчүн күрөшүүгө, адамдарды, элдерди достукка чакырган сөздөр болду.

Собордогу сыйынуу аземи ЖЕҢИШ жөнүндөгү Гимнден башталып, Королеваны даңктаган Гимн менен (Англиянын улуттук Гимни) бүттү.

Азыркы Королева Елизаветанын коронациясынан бери өткөн отуз жыл ичинде бул собордо ушунча мамлекеттердин өкүлдөрү катышышкан биринчи сыйынуу экен. Булардын баарысын мен жанымда отурган Нияз Алдашев деген жигиттин которуусу аркылуу билип жаттым. Нияз – биздин Тышкы иштер министрлигинде иштеп, азыр Лондондогу Жогорку дипломатиялык академиядан окуп жатыптыр. Англис тилинде такалбай сүйлөйт экен.

Лондондо жүргөндө мага улуттук сыймыктануу сезимин тарттуулаган – мындагы Ниязга окшогон кыргыз балдары, кыздары болушту. Ниязден башка биерде Кубан Кашкаев деген али үйлөнө элек жигитибиз жүрүптүр. Гүлнара, Чынара Касмамбетова деген эже-синдилер. Булардын үчөө тең Би-би-си радиостанциясында иштешет экен. Кубан окуусун Кыргыз универ-

ситетинен баштап, Лондондон бүтүптүр. Окуп жүрүп биердеги япон ашканасында а дегенде идиш жуучу, анан повар болуп да иштептир. Ал эми Гүлнара менен Чынара быякка атайын конкурстан өтүп келишиптир.

Бир жолу чай ичип отурганыбызда Кубан казыны сагынганын айтып калды. Калыйнур, Ишенбай үчөөбүз бири-бирибизди тиктешип тим болдук. Уялып калдык чучук алып келбегенибиз үчүн. Ойдо турса да алыскы жолдо бузулуп калат дебедикпи, кап! Кубан эне тилин унутпас үчүн тез-тез Бишкекте жашаган пенсионер ата-энеси менен сүйлөшүп, сүйлөшкөндө да узагыраак сүйлөшүүгө тырышат экен. Келерки жылдан ал бир чоң компания ачууну пландаштырып жатыптыр. Ийгилик кааладык анысына.

Собордон кийин Нияз экөөбүз атактуу Гайд-Паркка бардык. Чынын айтсам, парк мага анчейин жакпады. Парктын ичи толо жарым жылаңач эркек, аял (шибердин үстүндө күнгө кактанып жатышкан) экен. Мен бул парктан көп жазылып, көп айтылып жүрчү «Бакырчактардын аянтчасын» көргүм келген. Ошол жерге бардык. Алты жерде сүйлөп жатышыптыр «ораторлор». «Трибуналары» – бир гана киши батып тургудай кичинекей секичеси бар кыска-кыска шатылар экен. Азыркы сүйлөп жаткандардын – бешөө кара, бирөө гана ак түстөгүлөрдөн. Алардын биринен экинчисинин аралыгы он беш-жыйырма метрче гана. Добуштары бири-бирине угулуп турат. Ар биринин жанында он-он бештен киши. Бирөөндө үч-төрт гана адам. Баарынан көп кол жаңсап, нары баарынан катуу үн чыгарып сүйлөп жатканына жакындаштык. Нияз которуп турду. Тиги мусулман экен. Өз дининдегилерди башка диндерге каршы күрөшүүгө чакырып жатыптыр.

Биердеги «ораторлор» дүйнөнүн бардык «проблемалары» боюнча өз ойлорун айтып, кимди болбосун сындоого да акылуу экен. Бирок, булардын да бир кишини – Англиянын королевасын сындоого акылары жок экен. Королеванын кадыр-баркы биерде канчалык бийик экенин ушундан деле түшүнсө болгудай.

Лондондон алган акыркы жакшы таасир – жанагы аттары аталган аердеги кыргыз балдары менен коштошкондо көнүмүшкө айланып калгандай шалпылдата өбүшпөстөн кучак жайып көкүрөккө көкүрөк тийгизип, бетке бет тийгизип гана коштошканы болду. Учурашуунун, анан коштошуунун ата-бабадан келаткан жол-жосуну ушундай эмес беле?!

4.

Лондондон – Парижге чейин поезд менен барууга макулдук берип биздин Президентибиз абдан жакшы иш кылган экен.

Деңиз түбүнө салынган Ла-Манш кысыгындагы туннель аркылуу оттук. Парижге чейин үч саат жыйырма мүнөттүк жол экен поезд менен. Лондондон кеч бешимде чыктык эле, терезеден теребелди кенен-кесир көрүп кетүүгө мүмкүндүк болду. Жашыл талаалар, жашыл даректар. Козуларын ээрчитип жайылып жүргөн койлор. Курсактарын барсайып жуушап жаткан уйлар... Темир жолду бойлото салынган үйлөрдүн көпчүлүгү черепица менен жабылыптыр. Эки мамлекеттин аймагын аралап келгенден кийин: «Кудайдын жеринин бардык бурчу эле окшош турбайбы» деген ой келди башыма.

Аскар Акаевич үй-бүлөсү, биз үчөөбүз (Калыйнур, Ишенбай, мен) чогуу бир вагондо келдик Парижге чейин. Англичандар вагондо да бизди коноктогонун улантышты.

Туннелде жыйырма мүнөтчө жүрдүк. Парижге кечки саат ондор чамасында жеттик. Көчөлөрү толо эл жүрүптүр. Көрсө, Президент шайлоонун жыйынтыгы белгилүү болуп калыптыр Париждин мэри – Жак Ширак жеңген тура. Ал тараптагылар жеңишин майрамдашып жатышкан экен.

Бу жердеги мейманканабыз Елисей талаасына жакын жерден орун алганын майрамдык парад өтчү Наполеондун тушунда анын жеңиштерине арналып курулган атактуу Триумфалдык Аркага автомобилдердин кортежи менен эртеси жоногондо көрдүк. Эйфель мунарасы аерден алыс эмес экен.

Триумфалдык Арканын мандай жагындагы ардактуу конокторго арналган трибунада отуруп, биердеги салтанатка катышып жатышкан (Францияга 72 өлкөнүн делегациялары келишиптир) мамлекеттердин Арканы тегерете илинген улуттук желектеринин ичинен биз өзүбүздүкүн тез эле таап алдык. Анан парад башталганда бирден аскер машинасында бирден офицер ар бир өлкөнүн желегин эрте мененки желге желбиретип алып откондо эркин мамлекетибиздин желегин көрүп дагы бир марта толкунданып алдык.

Аскер парадын мурунку күнү шайланбай калган Президент Миттеран өзү кабыл алды. Жанысын ант бермейин ишке киришпейт тура. Антты ал 20-майда берерин ошол жерден уктук.

Параддан кийин делегация мүчолорүно Тышкы иштер министрлигинин ресторанында банкет беришти. Сый тамак аяктап калган кезде биз отурган столго төшү толо орден, медаль бир аял арыдан басып келди да тилмечибизге кайрылып калды. (Бизге өзү француженка, университеттен орус тилин үйрөнгөн, бу кезде Тышкы иштер министрлигинде Борбордук Азия боюнча бөлүмдү башкарган Сильва деген кыркта чамасындагы аял тилмечтик кылып жүргөн).

Биерде да менин калпагым ишке жараптыр. Ошого кызыгып жакындап көргөнү келип, анан биздин жай-жөнүбүздү да билип алгысы келген тура. Мурдагы Советтер союзуна караган

Кыргызстан деген республикадан экенибизди түшүндүрдү Сильва. Анан акыркы столдон бир орундукту бери жылдыра берип отурган соң алиги аял муну билдирди: Биз азыр отурган ресторан гитлердик оккупация жылдарында гестапонун жайы болгон экен. Өзү 1941-жылдын 18-июнунан тартып согуштун акырына чейин генерал Де-Голльдун Эркиндикке чыгаруу Армиясында болуп, Нормандияда кызмат өтөптүр. Ошондуктан, советтик жоокерлерди жакшы көрөрүн айтыптыр.

Жанагы аял коштошо бергенде аты-жөнүн сурап калдык. — Полэт Левосэр деген мурдагы жоокер экен.

Лондондон да менин ак калпагым эки киши менен тааныштырган эле. Автобуста жанаша отуруп калганбыз. Гайд-Паркка баратканда көкүрөктөрүндөгү белгилеринен алардын да согуштун катышуучулары экенин билгенбиз. Алар да тигинтип а дегенде сөздү менин калпагыман башташкан. Нияз тилмечтик кылган. Мындай баш кийимди алар да биринчи көрүп жатышыптыр.

Өздөрү шотландиялыктар экен. «Силер деле бизге окшогон эле кишилер турбайсыңарбы. «Советтик адамдар» дегенди угуп жүрсөк да биринчи жолу минтип жүздөшүп отурабыз. Укканларыбыз боюнча силер жөнүндөгү маалыматтарыбыз такыр башка эле» дептир.

Парижге келгенден кийин экинчи тилмечибиз Макеев Эркин деген өзүбүздүн бала болуп калды. Бизди жолго даярдаган да, андан бери да бардык уюштуруу-чарбалык жумуштарды аткарып келаткан, ошол сапар учурунда кубакай өңүнөн чарчап-чаалыкканы кетпеген, бирок анысын сөзү менен да, аракети менен да такыр билдирбеген ошол Эркин болду.

Эркин Москвадан Лумумба атындагы Элдердин достугу университетин бүтүрүптүр. Лондондо англис тилинде эркин сүйлөп жүргөн эле, биерде француз тилин билген ошол жалгыз болуп калды. Көрсө, Эркин үч тилди билет экен орус тилинен башка да. Тиги эки тил, анан немец тилин.

Эркин бу кезде Президент алдындагы Эл аралык бөлүмдө эксперт.

Ушу кезде кыргыз жаштарынан башка мамлекеттерде эки миңден ашык кыз, уландар окуп жатышканын Президенттин өзүнөн угуп, анан тиги Лондондогу балдарыбыздан, кыздарыбыздан, ушул Эркинден улам элибиздин эртеңин аркалай турган бүтүндөй жаңы муун өсүп келатканы жөнүндө ойлодум.

5.

Москвага 8-майдын кечинде келдик. Россиянын өкмөт башчысынын биринчи орун басары баш болгон топ тосуп алды биздин делегацияны. Внуково-2 аэропортуна конгондо өз үйүбүзгө келгенсип эмнегедир өзүбүздү эркин сезе баштадык.

Биздин Президенттин бу жолку резиденциясы шаардын четирээк жагында токойдон орун алган эки кабат (чет элдик ардактуу коноктор үчүн атайлап салыныптыр) үй болду.

Эрте мененки тамактан соң парад болчу Кызыл Аянтка жоноп жатканыбызда Калыйнур экөөбүзгө Аскар Акаевич «Кечкисин согуш темасындагы бир кинону көрөлү. Атап койсоңор, балдар таап коюшат» деп калды. Бир аз ойлонгондон кийин мен «В шесть часов вечера после войны» деген фильмди атадым. Ошол кино эсиме келиптир. Бирок, бизди тейлеп жүрүшкөн жигиттер алып келишкен тизмеде ал фильм жок экен. Он үч фильмдин тизмесинде озубүздүн Болот Шамшиев тарткан «Снайперы» деген жүрүптүр, ошону тандадык.

Улуу Жеңиштин 50 жылдыгына арналган Москвадагы парад Лондон менен Париждеги параддардан, демонстрациялардан бардык жагынан ашып түштү. Кызыл Аянттагы ветерандардын парады да, Поклонная Горадагы аскер парады да аларды көрүп тургандарды көздөрүнөн жаш чыкканга чейин толкундатты. 135 гектар жерди ээлеген Поклонная Горадагы музей-мемориал, анын ичи-тышындагы экспонаттар Улуу Ата мекендик согуш жылдарындагы СССРдин согуштук күч-кубатынан, моралдык бийик духунан, элдердин улуу биримдигинен кабар берип турат.

Ушул Поклонная Горада сүйлөгөн сөзүндө Американын Президенти Билл Клинтон Кызыл Аянттагы ветерандардын парадын карап туруп көзүно жаш алганын жашырган жок. Ушул адамдык жогорку сапаты менен ал экинчи дүйнолүк согушта советтик адамдардын тарткан азабы да, жоготуусу да, ошону менен бирге бул күндөрдө жарым кылымдык юбилейи бардык жерде чоң салтанат менен белгиленип жаткан Улуу Жеңишке кошкон салымы да бардыгыныкынан салмактуу болгонун тарых алдында мойнуна алып жаткансыды. Бул ойду далилдей турган ал өз сөзүндө дагы бир цифраны келтирди. Сталинграддын алдындагы салгылашуулардын учурунда биздин куралдуу күчтөр он төрт күндүн ичинде гана эки жүз элүү миңге жакын аскеринен ажыраган экен.

Америкалык Президенттин бул оюн андан ары улантканда Великобританиянын премьер-министри Мейджор экинчи дүйнолүк согушта анын олкөсү Ленинград блокада мезгилинде канча кишисинен ажыраса, ошончо гана солдаттарынан ажыраганын айтты.

Тигиндей чоң олкөлөрдүн башчылары бул күндөрдө бүткүл дүйнөнүн алдында минтип моюндарына алып жатышкан тарыхый чындыкта кыргыз элинин да (үч жүз алтымыш миңден ашык жигит, кыздары катышпады беле ал согушка) үлүшү бар экенин эстеп, сыймыктандым.

Кызыл Аянттагы, анан Поклонная Горадагы параддардан, музей-мемориалдан алган эстен кеткис таасирлер менен бирге

ошол сааттарда нааразылык сезимин да баштан кечирүүгө туура келди. Россиянын президенти да, коргоо министри да, эмне үчүндүр, Ельцинден кийин эле сөз берилген Грузиянын президенти Шеварнадзе да Сталиндин атын атабай коюшту. Ушу да калыстыкпы? Торт жылга созулган Улуу Ата мекендик согуш жылдарында Сталин озүнүн мурунтан аткарып келген партиялык жана мамлекеттик милдеттеринен тышкары Мамлекеттик Коргоо комитетинин Председатели, Советтер Союзунун Куралдуу күчторүнүн Башкы Командачысы эмес беле? Анын үстүно улуу полководец К.Г.Жуков айткандай ал согуш маалында «Болбой турганды болтурган» эмес беле? Бул күндордо бүткүл дүйнө 50 жылдыгын белгилеп жаткан Улуу Жеңишти камсыз кылган башкы факторлордун бири катарында Советтик мамлекеттин башында ошо эң оор жылдарда Сталиндей адамдын тургандыгы болгонун тарых да өз бетине жазып калтырбады беле? Ошол тарыхый чындыкты айтып коюудан эмне үчүн тайсалдашты?

И.В.Сталин аз өлкосүнүн гана эмес, бүткүл адамзаттын цивилизациясынын тагдыры чечилген ал жылдарда озүн улуу стратег жана тактик, чыныгы полководец катарында көрсөткөнүн «Большевизмди бешиктен бели чыга элегинде муунтуп жок кылуу керек» деп бар омүрүн ошого каршы күрөшүүгө арнап койгон, ошондуктан, Сталин аны «Совет бийлигинин №1 душмаңы» – деп жарыялаган У.Черчилль деле танган эмес эле го?..

Атайын делегациялар Кызыл Аянтта да, Поклонная Горада окмоттүк трибунада олтурдук. Бизден үч күн мурун Москвага кетишкен ардагерлерибиз Поклонная Горада аянттын (аскерлер параддан откон) ары жагында трибунада отуруп калышты. Аларды калпактарынан таанып отурдук. Москвага жоноордун алдында Өкмөт Башчысы Апаз Жумагулов кабыл алып, аларга да юбилейлик медалды тапшыруу менен баштарына ак калпак кийгизген болчу. Ошол калпактары менен отурушту. Кызыл Аянттагы парадда да биздикилерди ошол калпактарынан, ал эми түркмон туугандарды жүндөрү сенселген ак корпо тебетейлеринен таанып отурганбыз.

...Ошол эле күнү кечки саат алтыда Кремльдин чоң сарайында Жеңиштин урматына уюштурулган банкет башталды. Бир столдо мен, Ишенбай Абдуразаков, Калыйнур, Москвадагы элчибиз Е.Нанаев – тортообүз отуруп калдык.

Биздин стол Ельциндин столуна жакын экен. Аны менен АКШнын президенти Билл Клинтон, экинчи капталында Кытай Эл Республикасынын Председатели Цзян-Цземинь, мандай жагында Франциянын президенти Ф.Миттеран, Германиянын канцлери Колль, Великобританиянын премьер-министри Дж.Мейджор, Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык секретары Б.Гали отурушту.

Ельцин менен бир столдо отурушкан оңчөй чоң мамлекеттердин башчылары кезектешип сүйлөй башташты. Биринчи

болуп созго Ф.Миттеран чыкты. Он төрт жыл президент болуп отурган, эми кетип жаткандыгы үчүн башкалар ага ызаат-урмат көрсөтүштү бейм, анткени, ар бирибиздин колубуздагы программада а кишинин фамилиясы жок эле. Коштошкону го, Миттеран көбүрөөк сүйлоп койду. Бирок, жакшы сүйлоду. Тажрыйбалуу саясатчы, мамлекеттик ири ишмер экени ушул сөзүнөн да билинип турду. Жанында туруп бир аял которуп жатты.

Чоң мамлекет жетекчилеринин мындагы сөздөрү фашисттик Германияны жеңүүдөгү биргелешкен күчтөрдүн маанисине токтолуу менен бирге планетанын ар кайсы жеринде «дүрт» этип чыга калып жаткан кичинекей орттор туташып чоң ортко айланып кетпеси үчүн да, эл аралык терроризмди, уюшкан кылмыштуулукту жок кылуу үчүн да ошондой биргелешкен күч-аракеттер талап кылынарын баса көрсөтүп жатышты.

Дүйно тагдырын өз колдорунда кармап турушкан мамлекеттердин башчылары биздин байкообузда абдан эркин отурушту. Ортолорун тамаша аралап, ошондон тез-тез шатыраган күлкү чыгып, рюмкалар да бат-бат которүлүп жатты.

Банкет ортолоп калган ченде ары жактагы бир столдон кыргыздардын жердеши, Армиянын даназалуу генералы Лященко рюмкасын которгон бойдон (сексен алты жашта экенине карабастан генерал али тетик экен) түз эле Клинтонго келди. Ал ордунан чапчаң тура калды рюмкасын кармаган бойдон. Генерал сүйлодү, бирок, анысын биз укпадык. Б.Клинтон Поклонная Горадагы сүйлөгөн сөзүндө Эльбадагы жолугушуу учурунда Америкалык армиянын ошондогу бир лейтенанты көпүрөнүн бир башынан, экинчи башынан советтик бир офицер жамгырдай жаап турган окко карашпастан көпүрө менен боортоктошуп бири бирине карай жылып отуруп, анын орто ченинде жолугушуп кол кармашканын, ошону менен ал экөө ошондо эле эки чоң Державанын ортосундагы достук көпүрөсүнүн алгачкы кирпичтерин коюшканын, ошол лейтенантты быякка озү менен ала келгенин айткан эле. Азыр генерал ошону, же ошондой согуштук бир эпизодду эске салып жаткансыды... Анан үчоо тең (Ельцин да турган болчу тиги келгенде) рюмкаларын актап ичишти. Клинтон — анан генералдын колун кайра-кайра кыса кармап жатып, коштошту. Ельцин кучактап оптү генералды.

...Банкеттен келгенден кийин эрте менен тандап кеткен кинобузду көрдүк Аскар Акаевичтин үй-бүлосү менен чогуу отуруп. Алар эң кенже уулу — Илимбекти кошо алып жүрүшкөн.

Кино көрүп отуруп, Аскар Акаевичке Ельциндин тиги Кремлдеги банкеттен кийин белек катары «тартуулаган бир ботолко арагын» да ичтик.

Мына ушул жерден мен түшүндүм: быякка жоноордон бир күн мурунку өкмоттүк дачада өткөн банкетте Президентибиз залда отургандарга кайрылып: «Урматтуу аталар! Урматтуу энелер!» — дегенде үнү каргылданып, дирилдеп чыкканына киши катуу

толкунданганда анын добушу ошентип өзгөрөт эмеспи. Көрсө, Аскар Акаевичтин эң улуу агасы да өткөн согушта Ленинград фронтунда салгылашып жүрүп курман болгон экен. Өзүнүн айылдык мектепти алтын медаль менен бүткондон кийин Ленинградга барып окуп калуусуна да ошол агасы себеп болуптур.

1937–38-жылдардагы репрессия учурунда анда али дүйнөго келе элек Аскардын да атасы оздорүнүн эле жакын туугандарынын ушактоосу менен түрмого түшүп, жарым жылдан ашык күн нурун көрбөй караңгы жер толодо жаткандыктан, андан чыкканда көздөрү көрбөй калат экен.

Мектепти алтын медаль менен бүткөн уулуна өзгөчө үмүт артканы го а киши уулум, окугуң келсе, Ленинградга барып оку. Аерде агаңын мүрзөсүн тап. Баарыбыздын атабыздын арбагына багыштап куран оку» – деп зынарлаган тура.

Андай уулдардын миллиондору Россиянын, Европанын, Азиянын ар кайсы жериндеги аты-жөндөрү жазылбаган «Боордоштордун мүрзосү» – деген гана бир жазуусу бар мүрзөлөрдө жатканын элеттик ата кайдан билсин...

...10-май күнү шашке ченде Президент баштаган биздин делегация «Белгисиз солдат» бейитине, анан маршал Г.К.Жуковдун жаңы эстелигине гүлчамбарлар койду.

Соз болгон Улуу Жеңиштин 50 жылдыгына арналган Москвадагы салтанаттарга катышуу үчүн келишкен баягы отуз бир жердештерибиз менен түшко жакын аэропорттон жолугуштук. Андан бери алар да президенттик самолётто учуп келишти.

Бул делегациянын ичинде мурдагы жоокерлерден башка кыргыздын биринчи Баатыр уулу Дүйшонкул Шопоковдун зайыбы Керимбүбү Шопокова, нарындык эмгек ардагери, нары акын К.Суранева дегендер да бар экен.

Баарыбызды Аскар Акаевич самолёттон дагы бир жолу улуу Жеңиштин жарым кылымдык юбилейи менен куттуктап, тост көтөрдү; анан ар бирибизге тээ Парижден бери алып келаткан баалуу белектерин тапшырды. Ушуну менен Жеңиш сапарына чекит коюлгансыды.

Бул узак, нары ыйык сапардан эсте калган дагы бир чоң таасир – Калыйнур экөөбүзгө (Сапардын негизги «күнөөлүүлөрү» – экөөбүз болуп жатпайбызбы) Аскар Акаевичтин, анын жубайы Майрам Дүйшеевнанын сапар күндөрүндөгү көрсөтүшкөн терең – сый-урматтары болду. Алар оздорүнүн бизге жасаган мамилелери аркылуу ар кандай бийлик даражасынан да адамгерчиликтин даражасы бийик, нары улук экенин далилдешкенсиди. Ушул сапаттары үчүн аларга соз акырында өзүмүн жана Калыйнурдун атынан чын ыкластан ыраазылык билдирем.

1995-жыл. Май айы.

ЖАМГЫР

Марттын аяк чени эле. Эки-үч күнгө чейин жамгыр тынбай себелеп туруп алды. Балдардын жоругу белгилүү да. Сыртта жамгыр жаамактан таш жааса да оюндан баш тартышпайт эмеспи. Мындайда ат тезегин кургатпай жогортон келип турушчу текшерүүчүлөр келбесе экен деп турабыз. Анткени, алардын сүйлөшүп алгандай биринчи талап кылгандары эле – тазалык. Территориядагы тазалыктан тартып, мектеп ичиндеги, жатаканалардагы, ашканадагы, а турсун, жыгач, темир иштетүүчү мастерскаялардагы тазалыкка чейин кийлигишет. Көрсө, тазалыкты текшериш үчүн атайын билимдин кереги жок тура. Көзүң соо болсо, жетишет экен андай «текшерүүнү» жүргүзүүгө. Бардык жерде тазалык, айрыкча, балдар жашаган жана окуган жерде тазалыктын болушу зарыл экенин мында иштеп жатышкан биз деле алардан кем түшүнбөйбүз деңизчи, бирок, кээде ал колдон келбей калат экен.

Биерде жети жаштан он беш-он алты жашка чейинки балдар жана кыздар окуп-тарбияланып жатышат. Болгонда да, алардын көпчүлүгү жарым, же тумалай жетимдер. Буга чейин самындап бети-колун жууганды да билбегендер. Керебет дегенде жатпагандар. Мончо дегенди укпагандар. Мындай балдарды бир окуу жылынын ичинде педагогика талап кылгандай санитардык-гигиеналык жактан кайра тарбиялап коюш кыйын экен да. Анын үстүнө территорияда областтын борборунан тартылып келинген курулуш материалдары жатат чачылып. Анткени, курулуш иштери жүрүп жатат. Машиналар (жүк ташышкан) күнү-түнү тынбай катташат. Суу түтүктөрүн өткөробүз дешип, мектептин аймагын курулушчулар кыйма-чыйма кылып казып ташташкан. Мындай шартта жогортон келишкен чоңдор талап кылышкан тазалык дегенди камсыз кылыш кыйын экен. Ошентсе да аракет кылып жатабыз.

Бүгүн-эртең дагы бир чоң комиссия келмек. Бу жолку жамгыр тууралуу атайын сөз кылып жаткан себебим, ошол. Тазалыгыбыз талаптагыдай болбостон дагы жеме укканы турабыз. А балким, жазаланып да калабыз.

«Тышта жамгыр жаап атат, булгайсыңар» – деп балдарды керебеттерине байлап коё албайбыз да. Ары-бери басышат, ага алымсынбай чуркашат. Мектеп-интернаттын аймагында тарбияланууучулар менен кошо эсептегенде төрт жүзкө жакын жан жашайт. Ошолордун баары бир жолу тышка чыгып келгенде да

канча ылайды ичкериге алып киришет. Мындай «өзгөчолүгүбүздү» ким эске алат? Ал жактан келишкен чондорубуз: «Кана, тааныышууну кайдан баштайбыз, мектептенби, же жатаканалардан-бы?» – деп турушат. Андайда жайларды гана эмес, жанынан отүп бараткан баланы, кызды токтото калып, анын өсүп кеткен чачын, же тырмагын, байланбай калган ботинкасынын жибин көрүп калышса, аны деле «тазалык» маселесине кошуп, директор менден тартып, тарбиячы, пионер вожатыйына чейин эле эзгилешкенден ырахат алышкандай сөз кыла беришет.

Ошондой жүрөкзаада болуп калган биз жаңы комиссиянын, келгенде да тиги Фрунзеден келчү комиссиянын кабарын укандан бери жамгырдын өчөшкөндөй басылбай жаап туруп алганына кейип атпайбызбы.

Тигиндей чоң комиссиянын келиши жөнүндө адаттарынча областтагылар райком, райисполкомго гана эмес, менин өзүмө да телефон аркылуу кабарлашкан да. Бу сапар борбордон министрибиз ээрчиткен Министрлер Советинин Председателинин маданият, илим-билим жагын тейлеген орунбасары, алар менен бирге областтан да эки-үч адамдар келерин эскертишкен болчу.

Борбордон текшерүүчүлөр келерде областтагылардын да тынчы кетет. Анткени, бизге тийчү тил аларга да тиет. Бизден табылган кемчиликтер – алардын да кемчилиги. Себеби, бул мектеп-интернат анда областтагы жалгыз мектеп-интернат эле. Анын үстүнө: «мындай жаңы типтеги окуу-тарбия мекемелери партиянын XX съездинин чечими боюнча, анын Борбордук Комитетинин Генералдык катчысы Н.С.Хрущевдун демилгеси менен ачылган. Ошондуктан, бул окуу жайлары ар бир республиканын партиялык уюмдарынын, тагыраак айтканда, биринчи секретарлардын, бизде демек, Исхак Раззаковичтин көзөмөлүндө турат» – дешип, ошол жогортон келгендер өздөрү айтып калышат. Ошондуктан, биз деле бар күчүбүздү, тажрыйбабызды, мүмкүнчүлүгүбүздү жумшап, ошондой жооптуу жерде иштеп жатканыбызды актасак дегенде эки көзүбүз төрт. Ким эле ишин жаман болсун десин. Мактоону биз деле жакшы көробүз. Ошентсе да ишибизде али кемчиликтер көп. Бирок, алардын объективдүү да, субъективдүү да себептери бар. Биздин текшерүүчүлөрдөн күткөнүбүз – ошол объективдүү себептерди, башкача айтканда, биздин өзүбүздүн колдон келбей тургандарын эсепке ала жүрүшсө деген гана ой.

Биздин колдон келбегендери кайсылар? Биринчиси – таң тыяктан түнкөйгөндөн намашамга чейин жумушчулар тынбай иштегендерине карабастан, бүтпөй жаткан объектилер. Территориябыздын бир жеринде жыйылган кирпичтер; экинчи бир жеринде шиферлер, тунукелер; дагы бир жерде – цемент, такталар ачылып-чачылып жатат. Күнү-түнү ары-бери ар кандай

жүктөрдү (курулушка керектүү) ташыган машиналар. Эки жүздөн көбүрөөк ойноок балдар. Айрыкча, мындай жаан-чачындарда баткакка белчебизден батып эле жатып калабыз. Экинчиси — окуучуларыбыздын үстү-башы да азырынча кир. Анткени, жума сайын жуундура турган өзүбүздүн мончобуз бүтө элек. Райондун борборунда жалгыз мончосу бар — анысы бир жума иштесе, эки жума ремонтто турат. Жаңы жатаканабыз али бүтпөгөндүктөн, төрт бала жатчу бөлмөдө азырынча он бала жатып атат. Ашканабыз да тар. Ал да жаңыдан курулуп атат. Балдардын кири-когун жууй турган жайыбыз да жаңыдан курулууда. Мугалимдер, тарбиячылар үчүн курулуп жаткан эки кабаттан үч үйдүн да курулушу бүтө элек.

Мына ушулардын жана башка майда-чуйда кемчиликтер биригип келип, мектебибиздин жалпы санитардык-гигиеналык авалына терс таасирин тийгизип атканын кээ бир текшерүүчүлөрүбүз эске алышпай койгондо нааразы болобуз. Азыркы кыйын авалдан чыгыш үчүн баарынан мурда мындагы курулуп жаткан объектилерди тезирээк бүтүрүшүбүз зарыл. Ошондуктан, мен убакытымын көбүн биердеги курулуш участкасынын начальниги, элүүдөн ашып калган, көпкө чейин албай жүргөнгө жээрде сакалы кирпиникиндей тикирейип ого бетер картаң көрсөткөн еврей Гайсинский Абрам Моисеевич («евреймин» дегенди өзү айткан еврейди биринчи кезиктиргеним) менен өткөрүп келатамын.

Азыркы келаткан комиссия ушуларды эске алабы, жокпу, кудай билет. Министрибиз баш болуп, башка чондорубуз биерде болуп жүрүшөт. Демек, аларга биздин жогоруда айтылган кемчиликтерибиз белгилүү. Өкмөт башчысынын орун басары гана биринчи келатат. А кишини сырттан тааныйм. Биз Жалал-Абаддагы мугалимдер институнун акыркы курсунда окуп жүргөнүбүздө партиянын обкомуна пропаганда жана агитация жагынан секретарь болуп келген эле. Ошондон бери улам чоңоюп отуруп, азыркы кызмат даражасына чейин көтөрүлгөн. Анын жакындан билгендердин айтымында «чересчур строгая». Аны келет дегенден бери менин эсиме институтта окуп жүргөндө областтык эл агартуу бөлүмүнүн башчысынан укканым эсиме түшүп атты. Бир күнү биздин институттун директорун обкомдун тиги секретары облононун башчысы менен кошо чакырып калат. Сүрдөп кеткен го, элүүлөргө жакындап калган биздин директор секретарга аты-жөнүнөн айтып кайрылгандын ордуна: «Аксакал» деп кайрылыптыр. Кийинчирээк бу өкмөт башчысынын орун басарын: «Ургаачы жолборс» дешип жүргөнүн да укканмын.

Чынында эле узун бойлуу, коюу кара каштуу, кубакай ирең, эриндери эркектикиндей калыңыраак, капкара чачын желкесине түйүп алган Күлүйпа Кондучалованы студент кезде бир жолу чогулуштан кандайдыр бир майрамга арналган салтанаттуу чо-

гулуштан (областтын борборундагы маданият үйүндө өткөн) көргөн бойдон жакындан көргөн эмесмин.

Мына ошол «ургаачы жолборс» келатыптыр бу жолу. Мурунку күнү райкомубуздун биринчи секретары менен райондук аткаруу комитетинин председатели чаап келип кетишкен «тазалыгыңарга этият боло көргүло, өтө строгия адам келатат» — дешип. Жаңы типтеги мектептин бар өзгөчөлүгү ушул тазалыкка байлангандай кичинесинен чоңуна чейин ошого айрыкча көңүл буруп келатканына таң каласың. Окуу-тарбия дегенге кызыккан эч ким жок.

Тигилер айтканды өзүбүз делетүшүнөбүз дебедимди, бирок сырттагы тынбай эле себелеп аткан жамгырды кантип токтотобуз? Ал биздин колдон келбей турган нерсе да? Комиссиянын да колунан келбейт аны токтотуш. Бул күндөрдөгү тазалыгыбыз ошого байланыштуу болуп жатпайбы. «Какаганды муштаган» деген ушул.

...Үч машина менен (эки «Волга», бир УАЗ менен) келишти күткөндөрүбүз. Кондучалова биринчи көргөнүмөн бир кыйла тотугуп калгандай. Чоң кызмат да кишини улуу көрсөтөт го. Үстүндөгү кийими шыңга боюна жарашып турат. Капкара чачы мурдагысындай эле желкесине түрүлүү экен. Машинадан чыккандар аны тегеректеп тура калышты эле Кондучалованын башы бардыгыныкынан ашып турду. «А дегенде көрүп чыгалыбы?» — деп, ал эки жагында турушкан министр менен биздин райкомдун биринчи секретарына алмак-салмак тиктеди. Анан бут алдындагы чылпылдаган ылайдан жийиркенгендей алды жагын бир карап алды да кабагын ого бетер чытыган калыбында абалап бут шилтеди. Жанындагы коштоп басышкан берки экоо мага азыр күнөкөр окуучулардай көрүнүп кетти тигинин жанында. Бир кезде мунун алдында: «Аксакал» деп — алдастаган агайым эсиме түштү дагы. «Ургаачы жолборстун» алдында бүжүрөгөн байкуштарды түшүнүп атам. Биерден көргөн-билгендери боюнча маселени Борбордук Комитеттин бюросуна чейин коюуга акысы бар Кондучалованын. Анткени, бу киши бюро мүчөсү да болуп эсептелет.

Күлүйпа Кондучалова мындагы эски, жаңы жайлардын дээрлик бардыгына башбакты. Дээрлик бардыгынан тыштагы жамгырдын издерин көрдү. Ошондон го, анын бүркөө кабагы бир жолу да ачылган жок. Демек, көргөндөрү көңүлүнө толбой жатты. Коштоп жүргөндөрүнөн бетер мен да анын азырынча эч кимге айта элек пикирин ошол саландаган каш-кабагынан байкаганга аракеттенип жаттым. Акырында мектептин корпусунан чыга бергенибизде:

— «Чылага белчеңерден батып калыпсыңар го, жолдош директор?» деди мен жакка үңүройо тиктей берип.

— Ооба, азырынча ушинтип баткакка батып турабыз — дедим мен.

– Азырынча дегениңизди кандай түшүнсо болот? Эмне, эртең эле тазарып кетесинерби? – деди Кондучалова.

Чондун какшыгынын торкүнүн түшүнүп аттым. Менин атымды да атагысы келбей улам эле «директор» деп кайрылып жатканынан эле мен жөнүндогү маалымат менен, болгондо да тескери маалыматтар менен тиешелүү кишилер аны «камсыз» кылганын түшүнүп аттым.

– Территориябызды көрүп турасыз, коп курулуш жүрүп жатат, анын үстүно үч-торт күндөн бери жамгыр тынбай жаап» – дегенимде эле Кондучалова созүмү аягына жеткирбей үзүп таштады: – Маакул, сыртта курулуш жүрүп жатыптыр, аны көрүп турабыз. Анан жамгыр. Аны да көрүп турабыз. А балдардын шейшептерине, жаздык каптарына, жууркан ичтерине, сүлгүлөрүно, менимче жамгыр тийген эмес, жолдош директор, алар эмне үчүн кир?

– Бир кир жуугуч машинабыз бузулуп калды, аны ондой турган уста районубуздан табылбай шаардан таап келгиче он күндо бир алмаштыра турган жанагы нерселерди бир айда эки гана алмаштырып калдык бул айда – деп актана баштаганымда Кондучалованы тегеректеп турушкандардын ичиндеги областтык аткаруу комитетинин өзүндой орун басары кара арык неме жоон үнү менен ортодон барк этти: «Күлүйпа Кондучаловна, бул мектеп-интернатта менден көп болгон киши жок. Бирде ЦКнын, бирде Совминдин, кээде лично Сиздин тапшырмалар менен. Апта сайын дебейин, ай сайын сөзсүз, келем, айрыкча курулуш маселелери боюнча. Бирок, эч качан бүгүнкүдөй ахвалды көргон эмесмин биерден. Сиз азыр аралап көрүп чыккандарды мен да келген сайын көрүп жүром да. Дайым эле таза турчу, жайлар деле, кийим-кечектер деле, тошончү-орундар деле. Сиз Фрунзеден чыкпай жатып эскерткенбиз директорду (демейде: «Жуке» деп эркелетчү бу киши да бүгүн атыман айткысы келбей калган тура) Сиздин бул жакка келериңиз тууралуу. Менимче, директор бу жолу атайлап карабай койгон» – десе болобу.

Карыбек Жаныбековдун мунусуна мен гана эмес, Кондучалова өзү баш болуп уялып кетишти окшойт, эч кимиси сөз кошподу. Кайсы келесоо киши иши жаман болсун дейт?

Областтык аткаруу комитетининКондучалова сыяктуу орун басары болуп иштеген бу К.Жаныбековдун быякка көп келип жүргону ырас. Дайыма кызуу келип, кызуу кеткени да ырас. Борбордук Комитеттин бөлүм башчылыгынан, андан кийин обкомдун үчүнчү секретарлыгынан ичкиликтин айынан кетип, азыр ушул кызматта жүргонүн элдин баары билет. Мен да билем. Обкомго секретарь болуп келгенден бери ал мектептерди тейлейт да, ошондон улам билем.

Жанагы «келген сайын баарын мен да кыдырып көрүп жүрөм» дегени, албетте, жалган. Мени менен сүйлошот. Курулуш участ-

касынын мындагы начальниги Гайсинский менен сүйлошот. Биздин чайды ичкен соң: «Райондордун чондору менен сүйлошүп, силерге жардам уюштурам» – деп кеткен бойдон анан караанын көрсотпойт.

А дегенде бири-бирибизди туура түшүнүшүп, ошондонбу, сыйлашып жүргонбүз. Бара-бара ыкласым андан кайта баштаган. Анткени, жакшылап таанышып алгандан кийин боло берет дедиби, дайыма кызуу келчү болду. Областтын борборунан биздин районго жеткичекти далай райондорду, шаарларды басып отот да. Демек, аны тосуп алып, кайра узатып койчулар жолду катар табылат. Билбейм, ошентип сыйлаган жерден ичеби, же чонтогүндогү командировкага деп алган өзүнүн акчасына сатып алып ичеби, иши кылып бизге жыттанып, кээде кадимкидей кызып келчү болгон. Биз балдар менен иштейбиз да. Ичкиликти оозуна такыр албаган сопу болбосок да жыттанып балдардын арасына келбейбиз. Андайга өзүм баш болуп, катуу тыюу салганбыз.

Экообүздүн арабызды биротоло алыстаткан мындан үч-торт ай мурдагы бир окуя болду. Бу киши дагы келиптир. Кабинетте отурган мага кабар бериштн. Мен тышка чыксам, а киши нарыды машинасынан түшкөн жерде бир баланын чачынан мыкчый кармаган бойдон туруптур. Жанына басып салам айттым. Ал алик алгандын ордуна: «Бул эмне?» – деп дорулдады. Кебетесинен эле дагы кызуу экенин байкадым.

– Чач – дедим. Кыжырым келгенин үнүмон билдирип койдум окшойт, тиги киши жанагыдан да орой үн катты.

– Мени сокур дейсиңби? Көрүп турам чач экенин – деди мага акырая тиктеп.

– Көрүп турсаңыз анан эмнеге сурап атасыз? – дедим да, ары басып кетип калдым. Мына ушундай «диалогдон» кийин экообүз сүйлошпой калган элек. Бүгүн тигинтип ошол үчүн оч алып жатат. Бирок, азыркы сөзү менен менимче, өзү ойлогондой мени гана «жыга чаппастан» өзүнүн да ким экенин, чонунун алдында ашкерелеп койгонсуду.

Чоң дегендин ушунчалык пастыкка барышын күткон эмес элем. Айтканын карасан: «жогортон адамдардын келишин билип туруп, жамгырды токтотпогон» – дегендей эле күнөөнү коюп жатпайбы мага. Мен, демек, өзүндой областтык «масштабдагы» кызматкерди гана эмес, тыягы республикадан келчү чондорду да тоотпой жаткан турбаймбы. Ошондой кабар берип жатпайбы бу киши.

Эмне дээримди билбей тултуюп туруп калсам, Кондучалова дагы суроо узатты:

– Ушундайбы, жолдош директор?

– Сиздин келериңизди областтан кабарлашкандары чын. Жогору жактан келгендер биринчи мындагы тазалыкка конүл

бурушарын да билебиз. Ошондуктан, бу жолу да колубуздан келгендин баарын иштедик. Бирок, Карыбек Жаныбекович айткандай кантип эле асмандан жамгыр жаадырып, баары-жокту баткакка батырып коёлу сиздин келишинизге? Антип каалаганда жамгыр жаадырып жиберчи жайчылык деле касиетибиз жок биерде иштеп жаткандардын. А кишинин каалоосу боюнча мен Сиздейлердин келишине карата «Потёмкиндин кыштагын» куруп коюшум керек тура. Андайды кааласам да, колуман келбейт — дедим.

Жаныбековдун жанагы кытмыр созу соогумон отуп, чучугума жеткенин Кондучалова, менимче, эми түшүндү. Анын созуно жараша жооп бергеним менен, чондордун психологиясы белгилүү да, менин бул созумү озуно карата айтылган каяша катары кабыл алганын анын: — «Түшүнүктүү. Кордук да. Кетели эми» — дегенинен байкап калдым.

Менин кабинетиме, же мугалимдер болмосуно кирип, мындан көргөн-билгендерин ортого салуу менен биздин да «арызмунду угат го» деп күткон элек. Антишпеди. Кетип калышты. Оозун тиктеп, ошондон гана буйрук күткөндордун ичинен мени туура түшүнүп, мага боору ооруганы көз карашынан көрүнүп турган жалгыз Малик Эргешев — райкомубуздун биринчи катчысы болду. Жана мен Кондучаловага карап: «Потёмкиндин кыштагы» тууралуу айтканымда башын чайкап калган: «Чеки айттың ушуну» дегендей. Аны өзүм деле сезип калдым. Бийликти сыйлап, анча-мынчаны тышка чыгарбай шилекей менен кошо жутуп коюу да керектигин угуп деле, көрүп деле жүрөмүн. Ошентсе да кээде ачууга жендирип коймой адатым бар. Бу жолу да ошондой болду окшойт. Айрыкча, адилетсиздикти байкагандан кийин озумү токтото албайм. Кандай чоң болсо да калыстыктан тайып атканын сезсем, оюму айтмайын тынч алалбай каламын.

Чондордун күткөнү: «Сиздики туура» — дей беришим керек эле да, натура экенин көрүп-билип турсам деле. Буга акыл жеткени менен кандагы күч жетпей жатса кантейин. Кыскасы, «лаппайчилик» (айткандын баарын «хуп» дей бериш колуман келбейт. Далай жолу озумү сынап көрдүм. Жасалма мамилеге жарабайт экенмин. Ушул мүнөзүм үчүн кээлерге жаман көрүнүп жүргөнүмү деле билемин. Бирок, аны өзгөртүүгө, эмнегедир, аракет да кылганым жок. Демек, жараткандын берген мүнөзү ушул окшойт да. Адамды ишинен эмес, озуно жасаган мамилесинен баалагандарга мындайлар, албетте, жакпайт экен. Туура жообуну жанагинтип тоотпогондук, же каяша кылгандык катары кабыл алып, ошондон таарынат экен, анан артынан жамандык издейт экен.

Биздин түздон-түз жетекчилерибиз — министр менен облоттук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы бүгүн биерде ооз ачышкан

жок. Мунун да себеби бар. Министрибиз бир жолу областтык чоңубуздун коштоосу менен келгенде да так ушул жолкудай а дегенде баары-жокту кыдырып көрүп жүргондо жатаканадан керебет кырында жаткан бир кир сүлгүнү көрүп калат. Дагы бир бөлмөдөн дубалга кагылган мыкты көрүп ирээнжиген. Ашканага киргенибизде чоргосу сынган чайнекти, жугу менен турган эки-үч идишти көзү чалат. Алардын баарын мага көзгө сайгандай алмак-салмак: «бул эмне» — деп көрсөткөн, баягы Жаныбековдун: «Бул эмне?» — деп мен билбей калгансып, баланын чачын мыкчый кармап акырая тиктегенин эске салып. «Замечаниеңиз туура. Буларды бүгүн эле жоюп коёбуз. Биздин булардан да маанилүүроок маселелерибиз бар эле, ошолор жөнүндө сүйлөшпөйбүзбү?» — деп койбоймбу, мындай текшерүүлөрдөн тажаган жаным. Министрибиз ошол замат тык токтоду. Аарчылган пыяздай ак, нары жымсал бетине кан тээп чыгыптыр. Демек, менин бул сөзүм ага катуу тийди. Ыңгайсыздана түштүм.

Бу киши Борбордук Комитеттин бөлүм башчылыгынан министрликке эки жыл мурда келген.

— Маанилүү маселелериң кайсы эле? — деди ал кекээрдүү үн менен. Мен бир нерсе дегиче министр өзү сөзүн улантты — балдар мекемелеринде санитардык-гигиеналык ал-ахвал, менимче, маанилүү маселелерден, жолдош Мавлянов? Эгер институтта окуган педагогиканы унутпасаң эстетикалык тарбия деген коммунисттик тарбиянын составдык бир бөлүгү. Ал эми тазалык деген — ошол эстетикалык тарбияга кирет. Айрыкча, жолдош Хрущевдун мектеби деп аталган мындай жаңы типтеги мектепке майда-чүйда деген жок» — деген.

Министр ошондо албетте туура айткан. Уялып калганмын. Демек, катамы мойнума алганмын. Ошого карабастан, министр да, облононун башчысы да жанагы менин бир сөзүм үчүн жаман көрүп калышканын байкаганмын. Муну мен кээде областтык эл агартуу бөлүмүнүн Советине, же Министрликтин коллегиясынын заседаниелерине тез-тез чакырган, аларда болор-болбос нерсе үчүн деле мага «замечание» кыла башташканынан сезип жүрөм.

Министрди ичимен сыйлачумун. Оштун тээ алыскы бир районунан келген тумалай жетим, а дегенде балдар үйүндө тарбияланып, ошондон өсүп-өнүп отурган дегендей министрликке чейин жеткендиги үчүн сыйлачумун. Өзү балдар үйүндө тарбиялангандыктан, албетте, мындай мекемелердин майда-чүйдасына чейин билет да. Ушул жактарын эстеп, жанагы сөзүм үчүн а кишинин алдында ошондо катуу уялып калганым эсимде.

Ээсин сыйлабасаң да, бийликтин өзүн сыйлаш керек. Бирок, бийликтин алдында балыктай дүлөй болуп калыш колдон келбей жатат. Бүгүн министрибиз ошол бийликти сыйлаганын билдирип, өзүнөн чондун алдында унчукпай койдубу, же мага

таарынганы жазылып калган беле, айтор, сөз кошподу. Облононун башчысы болсо, тигилердин алдында бала болуп калды алардын оозун тиктегенден башкага жарабаган.

Бийлик, анын адамдары менен жакындан карым-катнаш кылууга ушул мектеп-интернатта иштей баштагандан бери туура келип жатат. Кызмат жагынан өзүңөн чоңго — кул, өзүңөн кичинеге — кан болушуң керек тура. Ушул жерде иштей баштагандан тартып чондуктун ар кайсы баскычындагы адамдар менен бат-бат жолугушуп жана сүйлөшүп жүргөндөн бери бийлик жана анын тигиндей «кулдары», «хандары» тууралуу көп ойлонуп, көп толгончу болдум. Бийликти иштин кызыкчылыгы үчүн эмес, өзүнүн керт башынын зоболосун көтөрүү үчүн пайдалангандар, тагыраак айтканда, өзүнөн төмөнкүлөрдү кулдай жумшагысы келгендер арбын экен...

Ал эми биз иштеп жаткан МЕКТЕП аттуу мекеме кызыл эт балапанга канат тагуунун ыйык жана улук вазийпасын аткаруу-га тийиш да. Ал үчүн мындай окуу-тарбия мекемелеринде түйшүктөнгөндөр гана эмес, ага тиешеси барлардын баары а дегенде өз башынын үлгүсү менен андай чыныгы инсандын калыптанышына салымын кошушу керек. Иш жүзүндө андай болбой жатпайбы. Чоң дегендер ат тезегин кургатпай келишкени менен үзөнгүдөн буттары чыгып-чыкпай кайра кетишет. Мындай «жардамдардын» пайдасын азырынча сезе элекпиз. Алар чарбалык маселелерге көбүрөөк көңүл буруп жатышат. Ансыз, албетте, окуу-тарбия процессин ойдогудай уюштуруу мүмкүн эмес, ошентсе да бизге «педагогикалык сабак» жетишпей жатты. Бизге жакындан жана түздөн-түз жетекчилик кылууга тийиш болгондордун тигиндей «сабактары» жетишпей жатты.

Кондучалова баштаган чондордун тобу келип кеткенден кийин дагы эки-үч күн ушундай кыйнамыш ойлордун тегерегинде баш оорутууга туура келди.

Кыскасы, дагы кайталайм — бул жаңы типтеги мектепте иштөө жөнөкөй адамдар менен бийлик адамдарынын ортосундагы мамилелер туурасында көп ойлонуп, көп толгонууга жем таштап жатты...

1958-жыл.

ДАГЫ БИР САБАК

Мектеп-интернатта директор болуп иштеп жатканыман бери экинчи окуу жылы жаңы эле аяктаганда областка чакырып калышты. Райкомдун биринчи секретары өзү телефон чалып: «Эртең обкомго барасың. А дегенде партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысына киресиң. Андан аркысын ошол айтат» – деди.

Бөлүмдүн башчысын тааныйм. Мектеп-интернатка жиберишип жатканда да мага тиешелүү кагаздарды ошол бөлүм даярдап, анан бюрого сунуш кылган. Көрсө, обкомдун номенклатурасына кирчү кызматкерлердин баары ошол бөлүм аркылуу өтөт экен.

– Кандай маселе менен чакырышып атты экен? – деген менин суроомо Эргешов:

– Кызыксың, (ушул создү ал көп колдончу) обком деген райкомго айтчу беле сырын? Партиялык тартипти али билбейт окшойсуң. Чоочубай эле кой, телефон чалгандын добушуна караганда жакшылык иш менен эле чакырышып атса керек – деп гана койду биринчибиз адатынча сөзүнө бу жолу да тамаша аралаштырып.

Малик Эргешович чын айтып атат: «партиялык тартип» дегенден али көптү билбейт экемин. Анымы ушул кызматка келгенден бери сезип атам. Буга чейин иштеген мектебимде жогортон – районо, облоно, жергиликтүүлөрдөн – сельсовет, анан колхоз дегендерди гана билчүмүн. Мектеп иши ошолор менен гана бүтүп жүрчү. Мектеп-интернат дегенге келгенден бери советтик-чарбалык уюмдарга караганда партиялык уюмдардын адамдары менен көбүрөөк сүйлошүүгө туура келип жатат. Буга чейин мамлекеттик бардык ишке партиянын жетекчилиги болорун билсем да анын аки-чүкүсүн эми гана баамдап байкап келатамын.

Биздин райкомдун биринчи катчысы – өзү көп айткандай кызык неме. Кээде анын чыны менен тамашасын айрып биле албай каласың. Аския айтып, азилдешкенди жакшы көрөт. Айрыкча, мени менен. Жашыбыз тең. Мурда таанышып калгангабы, бу кызматка келген күндөн бери эле мени менен көптөн сырдаш тенгтушундай мамиледе келатат.

Мен мындай чакырууну (обкомго, же министрликке) Кондучалова келип-кеткенден кийин күткөн элем. Бирок, анда эч жакка чакырышкан эмес. «Баткакка белчебизден батып жатканыбыз үчүн болбосо да, менин оозуман чыккан: «Потёмкиндин кыштагы» үчүн сөзсүз, бир жерде жазалашат го деп ойлогонмун. Ошол сөздү айтканымда өзүбүздүн биринчибиз да башын чайкап калбады беле. «Партиялык тартиптин» нюанстарына чейин жаштайынан ошол жагында иштеп келаткан ал жакшы билет да.

Комиссия кеткенден кийин Эргешов мени чакырып сүйлөшкөндө: «Чондор жаман пикирде кетишти, ишинер жонүндө» дегендин ордуна (мен күткөндөй), эмнегедир: «Серьезный замечаниелерди айтышты. Силердин атынардан: «айтканынардын баарын ондойбуз» – деп мен убада берип койдум. Ал-ахвалынардын азыр мындай болуп жаткан себептерин райкомго келишкенден кийин жай отуруп, аларга жакшылап түшүндүрдүм. Эстүү киши да Кондучалова кабагы бүркөө болгону менен. Жанагы сенин «Потёмкинине» бир аз териккендей болду эле, биерде аны эске салбады. Кызыксың, аны эмне үчүн айттың, түшүнбөдүм. Бирок, аягы жакшы болду. Чондор кээде андай майда-чуйда нерселерди кулак сыртынан кетиргенди да билишет. Күлүйпа Кондучалова дагы айтам, эстүү киши эмеспи, сен тууралуу мен кенен-кесир айтып бергенден кийин жумшарып калды тиерде териге түшкөнсүгону менен» – деген.

Ошондо эч жакка чакырышпаганы – демек, районубуздун жетекчиси ал чондорду «жумшартуунун» «партиялык жолун» тапкан экен да.

...Мен а дегенде облоного (областтык эл агардуу бөлүмүно) кирдим. Башчы озүндө экен. Дайыма эле жадырап-жайнап турчу аксаргыл иренүү, бетинде бир аз чечек тагы бар башчыбыз менин көзүмө жүроңкү, нары маанайы да пас көрүндү. Арыктап да калыптыр. Үч айча болгон биз жакка барып келгенине.

– Келип калыпсың, Жүке, чакыртпай-нетпей эле? – деди башчы адатынча жылуу-жумшак үн катып.

– Чакырыпсынар го? – дедим мен анын сунган колун коё берип жатып. Башчы мени тиктеп, саамга унчукпай калды. Демек, мени обкомдун чакырганынан кабарсыз экен.

– Обкомго чакырышыптыр. Райкомдон айтышты. Кандай маселе боюнча десем, билбейбиз деп коюшту. Ошондуктан, биринчи силерге киргеним эле» – дедим отура берип.

– Анда, келе колунду, Жуке, куттуктайм! – деди башчы (атын атайлап эле айтпай жатамын) кайрадан ордунан тура келип колуман кармай. Түшүнбодүм. Өңү, эмнегедир, эми кызарып чыкты. – Менин ордума келесиң – деди анан.

– Сизчи? – дедим.

– Мени обкомдун бюросунда мурдагы күнү бошотушту – деди шылкыя стол үстүн тиктеп.

– Эмне үчүн?

– Обкомдон айтышат го эмне үчүн экенин – деди ал башын көтөрбой туруп.

– Мен сиздин ордунузда иштей албайм – дедим. Оозума ушул соз кириптир.

– Кантип иштей албайсың? Иштейсиң. Менден жакшы иштейсиң. Аныңа мен ишенем. Төрт жылдан бери чогуу иштеп келатпайбызбы. Жанагинтип айтпа. Кесир болот. Чоңойтуп атышса, – деди башчы ого бетер суз тарта.

Иштей албайм дегеним – колуман келбейт бул кызмат дегеним эмес. Кантип келбесин? Жогорку билимим бар. Мугалимдердин бир эмес, эки институтун бүттүм. Экөөн тең артыкчылык диплому менен. Демек, билим бар, тажрыйба, деле аз эмес – он беш жылдан ашып калды. Чоочуганым – майыптыгым. Себеби, облононун башчысы областтагы мектептердин иши менен гана алектенбестен, обком менен облисполкомдун тапшырмалары менен да чапкылаарын билчүмүн. Бизге мектеп-интернат ачылгандан бери облононун башчысы районубузга батбат келип жүрбойбу. Анын иш озгочолүгү менен ошондуктан, жакындан таанышмын. Бул – биринчи себеп. Экинчи себеп – эч кимге айтпаган, айтууну каалабаган да себеп атка минер болуп кетсем, тымызын ичтен багып жүргон максатым – чыгармачылык ишим калып кетет.

...Облононун бошогон башчысы туура айтыптыр – обкомдун бөлүм башчысы ал-ахвалды сурашкандан кийин эле «лист по учету кадров» деген эки чоң баракган турган бланканы алдыма таштап койду: «Толтур» – деп.

Алиги себептерими айта баштасам, бөлүм башчы кесе мындай деп таштады:

«Партиялык тартип боюнча жогоркулар ишти буйруйт, төмөнкүлөп аны «кыңк» дебестен аткарат. Мына ошол аткаруучулардамын мен. Бүгүн жумуштун аягына чейин сени дагы эки секретарь кабыл алат. Бул себептериңди ошолорго айтып көр, анан кандай чечишет, оздорү билишет. Менин милдетим – аларга керектүү кагаздарды даярдап бериш сен жонүндо. Эгер жанагыдай арызыңы алар угушпаса, эртең кезексиз бюро болгону жатат, ошого кийиребиз сенин маселеңи да, башкача айтканда, бекилесиң – деп койду.

Ошол эле күнү тиги айткан эки секретарда тең болдум – үчүнчүсүндо, анан биринчисинде. Экөоно тең алиги себептерими айттым. Экоонүн тең кулак сыртынан кеткендей болду айткандарым. Биринчи секретарь: «Сага биз кетмен карматкаңы жатканыбыз жок. Машинасы бар кызмат берели деп атабыз. Эгер машинаң эски болсо, аныңы жаңылап да беребиз сенин авалыңы эске алып. Азыр, билгиң келсе, эл чарбасынын тармактарында жооптуу кызматтарда жүргондордүн теңинен көбү согушка катышып келгендер. Көпчүлүгү сага окшогон майыптар. Бул шылтооң, демек, жүйөлүү шылтоо боло албайт. Экинчи шылтооңо келсек, областтын кадрларына партиянын областтык комитети кожоюн, билбесең. Сен министр менен эмес, биз менен иштейсиң. Башкача айтканда, областтын кадрларынын тагдыры обкомдун колунда. Ачык эле айтып коёюн – биз кожоюнбуз бул областта, быягынан кадырың жам болсун» – деп ушуну менен сөзүнүн бүтконүн билдиргендей жашыл сукно жабылган чоң столунун артынан тура келди. Төрогелди Балтагулович коштошуу үчүн колун суна.

Үчүнчү себебими булардын эч кимисине айтканым жок.

«Партиянын солдаты» – деген керт башынын кемтигине да карабастан анын жиберген жагына кың дебестен барууга тийиш экенин башынан билем дечи, ошентсе да «чоңдукка», эмнегедир, көңүлүм чаппай жатты. Бирок, бөлүм башчысы айткан кезексиз бюро эртеси күнү мени жаңы кызматка бекитип таштады «негизги эки себебими» биерде да айтканыма карабастан. «Дене кемтиги эч нерсе эмес, акыл кемтиги болбосун» – деп койду а түгүл обкомдун экинчи катчысы – орус мага карап туруп.

Баса, облононун мурунку башчысынын эмне үчүн бошогонун ал озү айткандай обкомдон уктум. Үйүндо жашаган жердеш кызы менен ойноп жүрүп, боюна болдуруп коюптур. Аны билгенден кийин аялы арызын жазып, обкомго бериптир да озү жети баласын алып келген жагына – Ысык-Көлүнө кетип калыптыр.

Ишти мурунку башчыдан мага өткорүп бериш үчүн областтык аткаруу комитетинин төрагасы областтык финансы болүмүнүн башчысын жиберди. Мектеп-интернат областтык бюджетте тургандыктан областтык финансы болүмүнүн башчысы, шакылдаган ачык-айрым мүноздүү бу жигит менен тааныш элем. Мектептин финансылык-чарбалык маселелери боюнча көп жолу сүйлөшүүгө туура келген.

Тиешелүү документтерди мөөрүнө чейин сейфинен бери алып бирден мага көрсөтүп тааныштырган соң жазылган актыга: «Өткөрдүм»– деп мурунку башчы, «откорүп алдым»– деп жаңы башчы мен кол койгондон кийин экообүз орун алмашып отурарыбыз менен менин каптал жагымдагы кичинекей тегерек столдогу эки телефондун бироо шынгырап калды. Трубканы алсам, министрибиз экен. Андып карап тургандай чалып жатканына таң кала: «Саламатсызбы?»– дедим. Алик алгандын ордуна ал: – «Өткорүп алдыңбы?» – деп сурады. Анан менин жообуму күтпөстон эле: «Кыйналасың го?» – деп кошумчалады.

Министрдин бул сөзү мени аягандыктан эмес, жактырбагандыктан айтылып жатканын түшүнүү кыйын эмес эле.

– Кыйналарымы жеке сүйлошкондо да, бюродо да айттым, бирок угушкан жок, бекитип коюшту. Ошол жактан сиз сүйлошүп корбойсүзбү чондор менен. Азыр деле кеч эмес го?» – дедим. Министр: «Сүйлошүп коройүн» – деди. «Азырынча иштеп тур, обком бекитип койсо» – деген жок. «Шылтоого шынаа таппай турган мага ушул жетиштүү болду. «Кеттим!»– дедим ордуман тура келип.

Ошол эле күнү районго– үйго кетип калдым. Эртесинде райкомдон Эргешов чакырат. Келсем: «Кызык экенсиң. Баласыңбы, таарынып баса бергидей? Обкомду тоотпогондук, партиянын чечимин аткаруудан баш тарткандык дейт мунуңу. Бул үчүн

кызматтан бошотуу эмес, партиядан чыгарыш керек сени. Кызык турбайсыңбы. Эртең саат ондон кечикпей обкомдо болосуң. Дагы партиялык-уюштуруу бөлүмүнөн баштайсың. Кечирим сура а дегенде баарынан. Партиялык тартипти али жакшы түшүнө бербегениңди мойнуңа ал. Башка жол жок мындайда. Чондуктан качкан сени биринчи корүшүм, кызык экенсиң» — деп озүнүн жакшы коргон созүн дагы бир жолу кайталоо менен Малик Эргешович «жемесин» токтотту.

Мен чындап, эми уялып калдым. Таарынчаак баладай иш кылганымы эми түшүндүм. Эртеси Жалал-Абадга кайрадан келдим. Биринчибиз эскерткендей а дегенде баягы бөлүмгө кирдим. Ал бөлүмдүн башчысы: «Самодур министриңин акысы жок обкомдун чечимин бузууга» — деп күпүлдөп кирди. Мен үндобой отуруп бердим. Бейчеки иш кылганымы түшүндүм да. Идеологияны тейлеген секретарь да жемеледи мени. «Бардыгын буздуңар министриң-экооң. Мурда жогор жактын макулдугун телефон аркылуу эле алып койдук эле, эми кайрадан башынан баштоого туура келет. Бүгүн кечки рейс менен Фрунзеге жонойсүң. Борбордук Комитеттегилер сүйлошмок болушту. Министриң бир нерсе деген го. Биз озүбүздүн чечимде турабыз дедик.

Бийликтин күчү, болгондо да партиялык бийликтин күчү тууралуу ушинтип дагы бир сабак алат окшодум.

...Обкомдогулар айткандай а дегенде Борбордук Комитеттин мектептер, окуу жайлары жана илим боюнча бөлүм башчысы Абдылда Каниметович Каниметовго кирдим. Ал мени менен бир аз ангемелешип отургандан кийин телефон менен министрди чакырды. Чондордун да шартка жараша озгорүп турушарын ошондо түшүндүм. Бөлүмдүн башчысынын козүнчо министр мени мактап кирбедиби. «Акыл-эстүү. Билими жетишерлик. Мектеп ишин абдан жакшы билерин биринчи жолугушуп сүйлөшкөндө эле байкаганмын. Коллективинде кадыр-баркы да чоң. Кыскасы, облононун башчылыгына гана эмес, андан жогорку кызматты берсеңер деле алып кете алат. Мени ойлонткон эле физически жактан кемчилиги. Кыйналып калбасын деп аяп атканым» — деп болпоюп койду ал. Мунусу азыр чындап эле мени аяп жаткандай туюлуп кетти. Буга ичим жылый түштү.

Министрдин минтип бөлүм башчысынын кабинетинде отуруп мага берип жаткан мүнөздомосу баягыда «тиреше» түшкондон кийинки анын мага карата мамилесине, көз карашына бүтүндөй карама-каршы чыгып жатты.

Бөлүмдүн башчысы да министрден мындай мактоону күткон эмес окшойт.

— Кыскасы, сиз каршы эмес турбайсызбы жолдош Мавляновдун облоного заведующий болушуна — деди жаш эле туруп бирин-серин ак аралай баштаган негрдикиндей коюу, нары тармал чачын кыска колунун, кыска манжалары менен алойдо карай тарай берип.

– Жок, каршы эмесмин. Бирок, озү ойлонсун. Иштей турган озү эмеспи – деди министр мага карап. Анын азыркы мостойгон коздорунон: «кетип калып туура иш кылгансың бая күнү. Биерден деле ошентип кетип кал. Сени соттоп жиберишмек беле. Авалыны корүп турушпайбы. Мен азыр соз жүзүндо сени колдоп атам, минтүүго аргасызмын. Партиялык жетекчилерге каршы тура албаймын. Иш жүзүно келгенде колдобойм. Талап гана кылам. Ошого чыдай аласыңбы?» – дегенди окудум.

Кайрадан ичим жыйрыла түштү. Бирок, обкомдун биринчисинин: «Сен министр менен эмес, биз менен иштешесиң» – дегени эсиме түштү. Эгер бу жерден да министр каалагандай туруп алып кете берсем, обкомду, мени чоңойтобуз деген андагы кишилерди уятка калтырарымы эстеп, Эргешов айткан балалык «жорукту» каталабаска аракеттендим.

Болүм башчысы Каниметов кечки саат беште Борбордук Комитеттин секретары Абдыкайыр Казакбаев кабыл аларын эскертип, ал кайсы кабатта, неченчи кабинетте отурарын айтып коштошту.

Абдыкайыр Казакбаевдин кабылдамасында отурганымда жыланбаш, мурдагысындай эле капкара болгон чачын желкесине түргон калыбында зынгыраган бойдон менин саламыма баш ийкеп-ийкебей Кондучалова кирип кетип, жарым саатча отуруп чыкты. Менин маселем боюнча киргенин түшүндүм. Болүмдо мени колдоп алып, айласы кеткен министрибиз муну суранса керек да: – Баягыда бизге эмес, сиздин озүңүзгө каяша кылган директорду чоңойтуп атышат» – деген болуу керек да.

А кишиден кийин мен кирдим. Абдыкайыр Казакбаевичтин алгачкы суроосу:

– Эмне үчүн обкомдун бюросунун чечимин аткарбай качып жүросүз? – деген болду.

Шар жооп бере албай кекечтенип барып, анан:

– Майыптуулугума байланыштуу – деп баштаганымда эле бу киши создү андан ары озү улап кетти.

– Мына бул балдактар меники – деди ал жолонгүчтү бийик орундугунун бир жагына таяп койгон кош балдактарына карап.

– Билем – дедим.

Майып республикада жалгыз мен окшоп көрүнгөн жерде арыздана жүргөнүм үчүн азыр, бу кишинин алдында кадимкидей уялдым.

– Сиз бир таяк менен жүрөт экенсиз. Мен болсом, эки балдак менен. Ошого карабастан партия каякка жиберсе, ошоякка барып иштеп келатамын. Эч жерде, эч кимге майыптыгымы айтып, арызданган эмесмин» – деди секретарь мени ого бетер жарга такап.

Борбордук Комитетке келгенге чейин Абдыкайыр Казакбаевич Маданият министри болуп да иштегенин билчүмүн. Бу

кишини биринчи жолу мурунку жылы эл агартуу кызматкерлеринин республикалык кеңешмесинде көргөн элем. Анда докладжасаган. Кош балдак менен жүрөрүн ошондо көргөнмүн.

Секретардын экинчи суроосу бу болду:

– Министр менен мамилеңиз кандай?

– Дурус эле – дедим. Калп айттым. «Жакшы эмес, бул кызматтан баш тартып атканымын бир себеби да ошол» – дешим керек эле.

– Обкомдун чечимин орундатыш керек, жолдош Мавлянов – деди Абдыкайр Казакбаевич акырында. – Исхак Раззакович Ош областында жүрүп жатат. Бүрсүгүнү Жалал-Абад областына келет. Ошо киши да сүйлөшөт сиз менен – деди.

Раззаковду да жакындан бир эле марта, 1954-жылы жазуучулардын кезектеги съездинде көргөнмүн. Жеткен чечендигине, орус тилин жана адабиятты эң сонун билгендигине биз, кыргыз жазуучулары гана эмес, тиги Москва, Ленинграддан жана башка Союздук республикалардан келгендер да ошондо тамшана соз кылышканын угуп, тымызын а киши менен абдан сыймыктанганым эсимде. Эми а кишиге да жолугушум керек экен. Чондуктун жолу (областтык масштабдагы бир кызматтын тегерегинде мынчалык узун соз кылбаса деле болмок, бирок, мен аны атайылап соз кылып атам. Ушул кичинекей бир кызмат аркылуу партия дегендин ошол кезде кадрларга кандай мамиле кылганын көрсоткүм келди) ушунчалык, узун, нары машакаттуу, ошону менен бирге жооптуу да экенин баштан биринчи жолу кечирип жатышым. Партия озүнүн кадрларына канчалык камкордук менен мамиле кыларын да биринчи байкап атышым.

«Партиялык электен откөрүү» дегени, чамасы, ушу го.

«Бардыгын чечкен кадрлар» деген принцип менен иш кылуу деген да ушу болсо керек.

...Исхак Раззакович мени обкомдун биринчи секретарынын кең кабинетинде кабыл алды. Биринчинин столуна такай коюлган кичирээк столдо экообүз бет мандай отуруп калдык. Торогелди Балтагулович озүнүн ордунда. Бир жолу гана коздөрүм Исхак Раззаковичтин көздөрүнө түшташа түштү. Экинчи дит багып аны карай албадым. Көздөрүнөн от жанып тургансыды. «Падышанын сүрү – жолборстун сүрүндой» – болуш керек дегенди бир жерден окуганым эсиме түштү. Менин сүрдөп жатканымы байкап койдубу, Исхак Раззакович акырын үн катты.

– Башкалар чоңойтпойсуңар деп бизге таарынып жүрүшсо, сиз чондуктан (жетекчилердин дээрлик бардыгы эле өзүнөн жаш жагынан кичүү кишилер менен сүйлөшкондо деле «Сиз» дешип сүйлөшөрүн да ушу жолу байкап атам) качып жүргөн имишсиз, чынбы? – деди.

Мен стол үстүн карап туруп жооп бердим.

– Чын, Исхак Раззакович, – деп, анан бу кишиге да башкаларга айтып келаткан «себептеримин» эң башкысын айттым.

– Мунунуз жүйөолүү себеп боло албайт, – деди, Исхак Раззакович. (А киши суроосун орус тилинде берип жатты, мен да ошол тилде жооп берип аттым. А кезде кадрларды тандоодогу башкы критерийлердин бири – ушул орус тили эмес беле. Исхак Раззакович мени бул жагынан да такшерип коргүсү келгенин байкадым). Бир бутсуз эмес, эки буту тең иштебегендер мамлекетти башкарышкан. Алыска барбай эле, Американын Президенти Рузвельтти алсак. Согуштун алдында, анан ал бүткүчө ошол киши кол арабада жүрүп башкарды го чоң мамлекетти. Уктунуз беле, Рузвельт дегенди?

– Ооба, билемин – деп жибердим, «укканмын» дегендин ордуна.

– Демек, сиздин бул шылтоонуз өтпойт. Дагы кандай шылтооңуз бар? – деди.

– Башка жок – дедим.

– Интернатыңарга жүгөрү эккенсиңерби? Өкмоттүн чечими менен мектеп-интернаттарга жер бөлүнбөдү беле? – деди эми Исхак Раззакович кеп багытын башка жакка буруп.

Ал жылдарда ушу «жүгөрү» деген соз партиянын ошондогу биринчи Секретары Н.С.Хрущевдун ысмы менен бирге айтылып калган эле. «Жүгөрү – бу учурдун башкы саясаты»– дешчү партиялык-советтик жооптуу кызматкерлер. Айрым акындарыбыз: «Айга да барып, жүгөрү өстүробүз» – деп ырдап калышкан кез эле. Каяктан чондор келбесин, чарбалардан гана эмес, мекеме-ишканалардан да, сөзсүз, жүгөрү жөнүндө сурашчы. Республиканын жетекчисинин бул суроосуна ошондуктан, мен таң калганым жок.

– Ооба, Министрлер Советинин чечими боюнча жаңы ачылган мектеп-интернаттарга жер берилген. Бизге да 75 гектар жер болүнгөн.

Биринчи окуу жылы аяктап жатканда жаз чыгаары менен анын он гектарына алманын кочотторун отургузуп койгонбуз. Калган аянттарыбызга эгин, жашылчалар остүробүз.

– Өзүбүз жүгөрү эккен эмеспиз, Исхак Раззакович, бирок, коңшу колхоздун жүгөрүсүн багууга колдон келген жардамыбызды берип атабыз» – дедим.

Чын эле биздин мектеп территориясында турган «Крупская» атындагы колхоздун жүгөрүсүн чабуу, бышкандан кийин сотолорун кайрыганга жардамдашып жүробүз.

Жүгөрү экпегенибиз үчүн айыптайт го деп күтконмүн, бирок бу киши антпеди. Биздин негизги жумуш эмне экенин билет да.

Исхак Раззакович дагы бир суроо берди:

– Айтыңызчы, чындап эле чоң болгуңуз келбей жатабы?– деди.

– Чын эле, Исхак Раззакович, мындай чоң ишеним көрсөтүп жаткандарды уят кылып коёмбу деп коркуп атам, – дедим баягыдан үйроно түшконгобу, ишенимдүүроок үн катып.

Анан Исхак Раззакович баятан бери биздин сөзүбүзгө аралашпай отурган обкомдун биринчи секретарына карап:

– Демек, жолдош Мавляновду чондук кызыктырбайт экен. Азыркы сүйлөшүүбүздөн мен, маселен, ушундай жыйынтыкка келдим. Мунусун, мен чынымы айтсам, жактырып да отурам. Анын үстүнө биз үчүн азыр облононун башчылыгына караганда мектеп-интернаттын директорун табыш кыйыныраак болуп жатат. Кабарыңыз бар чыгар, эки жылдын ичинде эле айрым мектеп-интернаттарда эки-үчтөн директор алмашып кетти, ар кандай себептер менен. Айрыкча, жаңы типтеги мындай окуу-тарбия мекемелеринин ишин учурдун талабына жараша уюштура албагандыктары үчүн, жеп-ичип койгондору да бар. Моралдык жактан татыксыз жүрүш-туруштары үчүн да. Кээлерин Борбордук Комитеттин бюросунда карап, бошотууга мажбур болбодукпу. Ал эми жолдош Мавляновду чоңойткону жатканынарга караганда жакшы иштеп жатса керек да? – деп Исхак Раззакович Балтагуловду тиктеп бир аз унчукпай туруп калды. Кыркка жашы жетпей жатып коюу тармал чачы буурул тарта баштаган обкомдун биринчиси.

– Ооба, Исхак Раззакович, азырынча Мавляновду жаман иштеп жатат деген арыз жок бизде – деди Төрөгелди Балтагулович адатынча оң кашын өйдө серпе берип Борбордук Комитеттин Биринчи Катчысы өзү сунуш кылып жаткан киши жөнүндө жаман эмес пикирде калганына козү жеткенге ыраазы болгондой түр менен.

– Андай болсо, жолдош Балтагулов мен Мавляновдун тарабына оттүм. Чечиминерди кайрадан карагыла» – деп койду Исхак Раззакович өз чечимин ушул жерден чыгаргандай.

Мамлекеттин биринчи адамы, болгондо да коп жылдан бери ким менен сүйлошпосүн, акылынын тунуктугу, билиминин терендиги, орус тилин гана эмес, өзбек, тажик тилдерин да эне тилиндей таптаза сүйлоорү, жыйындарда анын сөзүн бир жолу уккан киши дагы уксам деп эңсеп калары сыяктуу артыкчылык сапаттары, баарынан да кадрларды тандаганда кимдин-каяктан экенине такыр көңүл бурбагандыгы, алардын баарынан мурда саясый сапатына, ишкердүүлүк сапатына караган кара кылды как жарган калыстыгы менен элдин, айрыкча, эл башында турган кадрлардын терең сый-урматына ээ болгон Адам менен кыска убакытта болсо да бетме-бет отуруп сүйлошкондо ысйлоо жана сүрдөө сезиминен келип чыккан терим ошондо копто барып кургаган...

1958-жыл.

ООМАТ

1958-жылдын күзүндө Бозбу-Ата тоосунун берки өңүрүндө жаткан биздин Караван району ал тоонун аркы колтугунан орун алган Жаңы-Жол району (согуш убагында бул район Караван районунан бөлүнүп чыккан чакан район эле) кошулуп, Жаңы-Жол району аталып калды. Ушул биригүүгө байланыштуу бир кичинекей окуя такыр эсимен чыкпай келатат.

Эки район кошулганда алардын жетекчилерине да өзгөрүү болду. Райкомдун биринчи секретарлыгына буга чейин обкомдун агитация жана пропаганда боюнча секретары болуп иштеп жүргөн, жаңы-жаңыдан гана кырктан ашкан салабаттуу да, келбеттүү да, өзү ушул райондон Шадыбеков Кадыркул деген шайланып калды. Ал эми кошулганга чейинки райкомубуздун биринчиси бошоду. Бул райондордун биригишине арналган конференцияга (райкомдун мүчөсү болгондуктан, ага мен да катышканмын) залдан берилген суроого: «Жолдош Эргешов Малик азырынча партиянын областтык комитетинин карамагында болот» – деген гана жооп берген аны башкарып жаткан обкомдун биринчи секретары.

Конференциядан бери эки аптача өтсө керек эле, Малик телефон чалат. («Обкомдун карамагында болот» – дегенден кийин ошол жакка барып убактылуу иштеп турат го дегенмин. Көрсө, биерде эле турбайбы).

Ошол күнү үйүнө бардым. Бийлик деген кыйын окшобойбу. Малик шалпайып, оңүнөн аза түшүптүр. Аския-азили да баягыдай биринин артынан бири чууруп келбей жатты. Сүйлөшүп бир топко отуруп калдык. Бир тарелка куурулган эт менен жарым шише арак да ичтик. Созүнө караганда Малик зериге баштаптыр. Кызмат жагы дагы эле белгисиз экен. «Озүңүн районуна барасың» – дешкен экен обкомдогулар райондорду ирилештирүү маселеси чечилип жатканда. Бирок, ким болуп, качан барарын так айтышпаган тура. Ошого кыжаалат боло баштагандай.

Эртеси сыртка чыгып көңүл ачып келүүнү чечтик. «Тоодак атабыз – деди Малик. – Жаңы биринчиден машина сурайм. Берет. Өзүбүздүн акебиз эмеспи».

Эргешовдун аңчылыкка ышкыбоздугун билчүмүн. Машинасында дайыма эки мылтык – беш атар, анан «чып» этме жүрөрүн да укканмын. «Беш атары – тоодон кийик, элик, карышкыр, түлкү атыш үчүн, «чып» этмеси – тоодак окшогон парандаларды атыш үчүн – дешчү аны менен тез-тез ууга чогуу чыгып жүрүшкөн достору. Мен да анын тентуштарынан экениме карабастан, буга чейин тигиндей аңчылыгына-мергенчилигине кошулган эмес элем. Андай нерселерге кызыкчу да эмесмин. Бирок, бу жолу ага маакул болдум. Мындайда кишинин көңүлүн оорутуп коюш оной да.

Малик өзү айтып жүргондой кызык киши. Аския-азил айтканга уста дебедимби. Болбогонду – болгондой, жокту бардай кылып көбүртүп-жабыртып айтып таштаганга маш. Тигиндей «артыкчылыктарын» ичип-жеп, ойноп-күлүп отурушкан үлпөтчүлүктө гана эмес, кээде «официальный» жерлерде деле айтып жиберип, уккандардын боорун тырмата күлдүргондорүно күбөмүн.

Бир күнү райкомдун кезектеги пленуму жүрүп жаткан. Анын ишине обкомдун биринчи секретары да катышып отурган. Эргешов доклад жасап атты райондун айыл чарбасынын ал-ахвалы тууралуу. Бир маалда алдындагы кагаздан башын көтөро берип, президиумдун орто ченинде отурган обкомдун биринчи секретарына карап туруп: «Жолдош Төрөгелди Балтагулович! Быйыл буюрса, биздин эгин-тегинибиз да, жашылчаларыбыз да эң жакшы. Алардан мурда болуп көрбөгөн мол түшүм алабыз деп турабыз. Ишенсеңиз, азыр дүмбүл байлап калган жүгөрүбүзгө төөчөн адам араласа көрүнбойт, ал эми дарбыз-коондорубузга адам минип отурса, буту жерге тийбейт» – десе болобу оозу-мурду кыйшайбай туруп. Обкомдун биринчиси баш болуп, чөнтөктөрүнөн бет ааарчыларын алып, кайра-кайра жаштарын ааарчыгыча күлүшконү эсимде.

Ар кандай жыйындарда Эргешов өзүно өзү сөз кезеги келгенде ыңгайын таап дайыма элди ушинтип эки-үч курдай дууддатып күлдүргонү үчүн аны баарысы жакшы көрүшчү.

Малик согушта чалгынчы болуп жүрүптүр. Майрамдарда төшүн толтура жаркылдатып тагып чыкчу үч-төрт күжүрмөн ордендери жана беш-алты медалдары бар. Согуштук окуялардан сөз башталса да күлдүро берип, бооруну эзет. Немис дегендерди ал каалаган жерден, каалаган санда, созсуз, бир-эки генералын баш кылып алдына салып айдап келе берет берилген тапшырма боюнча бир гана «тил» кармап келиш керек болсо да. Ал эми аңчылык-мергенчилик жагынан да ич тырмата күлдүро турган «жоруктары» толуп атат. «Мугалимдер да жанагы бешик терметип, бала эмизген катындардай айланчыктап үйдон чыкпаган эл экенсинер. Анын үстүно сенин кичине колуң бошосо эле бир нерсе окуганды, же жазганды жакшы көрөрүнү да угуп жүром. Адам деген акыры эзилип кызмат кылганга гана эмес, ойноп-күлүш үчүн да жаралган. Же жалган айтамбы? Акыры биз бу дүйнөгө мейманбыз го. Эртели-кеч кетишибиз керек да. Ошондуктан, өмүрдүн бу жагын да эстен чыгарбаш керек» – дечү ал кээде философторчо ой таштап.

Ошол Малик бу жолу өзүнүн кандай аңчы-мергенчи экенин мага көрсөтмөк болду. «Тоодак атканы барабыз» дебедимби. Ушул тоодакка байланыштуу да анын бир жолу айтып бергени эсте. «Абдилла (шоферу) экообүз Ала-Букадан келатып, (Эргешов – Ала-Букалык) Ак-Тамдан бер жактагы ээн талаага келгенибизде тоодактар жүрүшүптүр оттошуп.

«Токтот!» – дедим Абдиллага. Машинамда дайыма мылтык жүрөт эмеспи. Аттым. Бирөөнө тийди. Далдайып канаттары жазылганы менен жерден көтөрүлө албай калды. Мен ага биринчи жетип, кучактай жыгылдым, сүйрөп жөнөбөдүбү. Шашып кетип жардамга Абдилланы чакырдым. Мени он-он беш метр жерге чейин сүйрөп барып эми көтөрүп учканы калганда шоферум жетип барып, экинчи канатынан баса жыгылды. Анан эмне болду дебейсиңерби, силерге жалган мага чын – экөөбүздү тең сүйрөп жөнөбөдүбү, канатынан кайрып жатканыбызга карабастан. Көтөрүп учканы калганда башына шляпамы кийгизе берип, мойнун толгогонго үлгүрүп калдым. Анан ал тоодакты Абдилла экоолоп көтөрүп машинанын артына сала албай жатсак, кудай жалгап Ала-Буканын райкомунун биринчи секретары келип калса болобу, колхоздон келатыптыр. Ошол үчөөлөп жатып, араң көтөрүп салдык. Ишенбесеңер, Малаевдин өзүнөн сурагыла» – деп мостоюп койгон.

Андай апыртмаларынан айтканда Малик, сөзсүз, тигинтип белгилүү адамдардан «күбөго» тарта коёт. Биринчи жолу укkан киши анан ишенбей корсүн.

...Ошентип, эртеси Малик болжолдогон убакта (ал кайсы убакта тоодактар оттооруна чейин билет экен да) ал айткан талаага кеттик. Төрт жылдан бери өзү минип жүргөн райкомдун УАЗ машинасы менен кеттик. Жакшы, жаңы секретарь беріптир. Авлетимди карай кетчү чоң жол менен келатып, беш-алты чакырым жүргөндөн кийин андан чыгып машинаны көмө желпилдеген кубакай ак чөптү аралап жөнөдүк. Аздан кийин эле артында отурган Малик Эргешович шоферду далыга түртту: «Токтот!» – деп. Мурдагы кожоюну менен төрт жылдан бери мындайдын далайын көргөн Абдилла ошол замат машинасын токтотуп, отун да очүрүп койду. Мен да, шофер да корбөй жаттык, Малик көрө койгон тоодактарды. «Мергенчиликтин көзү курч болот» деген ырас окшобойбу. Ал мени капталга нукуп:

«Көрдүңбү?» – деп шыбырайт. Мен болсо, сары талаа болор-болбос желге ыргалган андагы ак чөптөн башка эч нерсени көрө албай жаттым.

«Тиякты кара, быякты кара» – деп жатып тиги акыры көрсөттү тоодактарды. Экөө экен. Жанагы үлпүлдөгөн узун чөптүн арасынан улам биринин башы көрүнүп, кайра жок болуп кетет. Оттоп жатышыптыр.

«Кана, эми, Жуке, танда. Кайсынысын атып берейин?» – деди Малик машинадан түшкөндөн кийин.

– Тие турганына ата бериңиз, – дедим эч нерседен бейкапар оттоп жүргөндөрдү аяганымы үнүмөн билдиргендей акырын. (Жашыбыз тең болгону менен мен Маликтин кызматын сыйлап «сиз» дечүмүн).

— Жок, бүгүнкү анчылык сен үчүн. Ошондуктан, сенин корсотконүнү атып берем, — деди ал кесирлене. Жаза атып калуу коркунучу мында жок экенин мен ушунусунан байкадым. Жерден жемин алды беле сорок этип узун чоптон башы көрүно калган тоодакты көрсөттүм. Ичимен «тийбесе экен» деп тиледим. Бала кезден канаттууну кармаган да, өлтүргон да эмесмин. Мал сойгон жерде да башкалардай анын жанына барып карап тура албайм.

Малик мен корсоткондү мээлей баштады тигинин башы бирде көрүно калып, бирде жок болуп кетип жатканына карабастан. Созүно, мээлегенине караганда Малик жаза атпайт. Бир маалда «тарс» этти... Бирок, кокко эки тоодак тең көтөрүлдү калдайган канаттарын тез-тез каккылаган бойдон. Демек, ок тийбептир. Буга мен ичимен сүйүндүм. Балким, булар — жубайлардыр. Бирине тийсе — экинчиси жалгыз кетмек. А балким, тигинисин таштап кете албай үйрүлүп учса, өзүно да ок жаңылмак. Жакшы болбодубу алардын жубунан ажырабай кетишкени.

Малик болсо, адатынча таноолору менен кырдач мурдун шамалга тоскондой өйдо карап, анан мага бурулду да: «Эч нерсе эмес, тиги кырдын ары жагына барып конушат. Ошол жерден атып берем көрсөтконүнү» — деп кебелбей мылтыгынын оксүрмөсүн артына тарта берип.

Эргешовдун бул созүнөн анчылыктын жөн-жайын, башкача айтканда атып жүргон жаныбарларынын, канаттууларынын «тилин» жакшы билет экен деп калдым. Октон өлосо чоочуп асманга көтөрүлгөн тоодактар артынан машина эмес, оздорүндой канаттуу кууп жетпеген жактарга безип кетиш керек эле да. Тиги кырдын артына эле барып кайрадан конушат тура. Жеткен баёо байкуштар го булар.

Маликтин мунусуна ишенип-ишенбей отурдум кайрадан машинага.

Жок, Малик билет экен — баягы эки тоодак ал корсоткон кырдын ары жагындагы күздүн кубарган жанагыдай узун чоптөрдүн арасында чоочуганын ошонусунан билдиришкендей койкойгон баштарын жерге салбай ары-бери акырын басып жүрүшүптүр. Тиердегиден да алысырааkta токтодук эми. Мезгил күз болгондуктан, боппоз талааны жандуу көрсөткон аер-биерден жер айдаган тракторлордун күркүрөгөн добуштарына кулак түрүшкондой аяк-быягына карап жатышты тоодактар. Тракторлордун үнүно улам жанагы мылтыктын «тырс» эткенин кайрадан тоотпой калышты бекен байкуштар. Же керең тартып, андан ары учууга күчторү жетпей калды бекен?! Мен ичимен кайрадан аларды аяй баштадым.

Малик дагы жанагинтип: «Кана, Жуке, айт, кайсынысын атып берейин?» — деди.

— Мен корсотконго тийбейт экен, эми озүңүз тандаңыз — дедим.

«Ылайым дагы тийбесе экен» деген тилегими ичимен кайталай берип. Мылтык дагы «тырс» этти... Кудай дагы менин тилегими берди окшойт — дагы эки тоодак тең асманга аман-эсен көтөрүлүштү. Малик үн катпастан ормое тиктеген бойдон туруп калды тиги экоо канат сермеп бараткан жакты карап. Мылтык сүмбосүн ылдый каратып кармаган бойдон ошол турушунан жазбады тигилердин карааны көк бетинен жоголуп кеткичекти. Маликтин эми эмнегедир, оңу да озгөрө түштү — ирени кубарып чыкты. Бир маалда минтип жатпайбы: «Угуп жүргөнсүң да, Жуке, армияда жыйырма беш-отуз метр жердеги мыкка тийгизгемин, аскердик мелдештерде. Мыкка!» — деп туталана түштү. Ызаланып калганын ушундан байкадым. Анан баягычы — Баягы! Өзүң көргөн! Алманын жаңы түйгөн коросуна тийгизбедим беле? Бүгүн болсо, минтип калдайган тоодакка тийгизе албай койбодумбу! Бир эмес, эки жолу атып да! Түшүнүп атасыңбы, Жуке?»— деди эми Малик кадимкидей мостоё берип.— Жакшылыктын жышааны эмес бу, Жуке. Ооматтын кеткенинен кабарлап атат» — деп анан мылтыгын шалк эттире жерге таштап жиберди.

Мен түшүндүм Маликти. Ошентсе да анын бу созүн тамашага айланткым келип: «Райкомдун биринчи секретары райондун биринчи атеисти да болуп эсептелет. Ошондуктан, суеверный болушка акынар жок силердин» — дедим. Бирок, менин бул сөзүм анын чөккон маанайын өзгөртө алган жок. «Бу да болсо, ооматтын кеткени» — деп жатканы — Биринчиликтен бошоду. Кайрадан андай, же ага тете кызмат берилеби-жокпу, анысы да белгисиз. Азыркы авалына караганда бүгүнкү анчылыгын мени менен бирге көңүл ачыш үчүн гана эмес, «толго» кылып да көрүш үчүн ойлоп тапкан көрүнөт. Бүгүнкү жолу болбогонун жамандыкка жоруп алганы кара-тору иренинин кубара түшкөнүнөн да, созүнөн да көрүнүп турбайбы.

Маликтин: «Баягыда алманын коросуна атып тийгизгеним эсиндеби?» — дегени мындай: Алма коро байлап калган убак эле. Эргешов үйгө телефон чалып калды. «Майлы-Сайдан коноктор келиптир. Ошолорду интернаттын багына ээрчитип барсам, кандай дейсиң?» дейт.

«Жакшы болот» — дедим. Биздин кыштакка жакын жердеги ал Майлы-Сайдан уран кени чыкканын, ал жашырын кен экенин, ошондуктан, анын аты аталбастан почта ящигинин гана номери менен аталып жүргонүн, ал кичинекей кыштак ошол кендин аркасынан кичинекей шаарчага айланып кеткенин, ал жерге ар кандай курулуш материалдары, азык-түлүк, онор жай товарлары да коп келгендиктен алардын аерге жакын кыштактардын эли алиги товарлардан, ал эми колхоздор андагы куру-

луш материалдарынан дайыма пайдаланып турушарын билчүмүн. Ошондуктан ал кендин начальниги, улуту грузин– Авельян дегенди да таанычумун. Ал колхоздун башкармасы болуп иштеген менин бир тууган акем Темиркулдукунда эки-үч жолу конок болуп да кеткен.

Кыскасы, Малик – экөөбүз жанагы конокторду бак ичиндеги көк чөптүн үстүнө жайылган кийиз, шырдак, көрпөчөлөрдүн үстүнө отургузуп, коноктоп жаттык. Тигилер дем алыштан пайдаланып атайын ойноп кетиш үчүн, Малик Эргешовдун боорду эзип күлдүрчү «апыртмаларынан» угуп кетиш үчүн гана келишкенин жашырышкан жок. Ошондуктан, сөздүн кобүн Малик сүйлоп, Малик күлдүрүп жатты. Алардын ичинде мергенчилик жаатынан да бир кыйла тамашалуу окуялар айтылды. Ошентип отуруп Малик Эргешович тигилерди а дегенде күлкүгө карк кылды. Мурда да далай угушкан алар: «Ушуларыңызды сагынгандыктан келип калдык да чакырышыңызды күтпөстөп» деп жатышты.

Акырында Малик ушул жерден да такыр жаза атпаган мерген экенин дагы бир жолу буларга көрсөткүсү келди белем, чоң дасторкондун бир четинде бирде чай, бирде ичкилик куюп отурган Абдилласын жиберип, арыда турган машинасындагы «тырс» этмесин алдырды. Буудайча болуп калган алма коросун атып түшүрмөй болдук. «Бутабыз» ошентип, эки-үч метр гана бийиктиктеги алма бутагынан болор-болбос башбаккан алиги коро болду. Эч кимибиз ага тийгизе алган жокпуз жакындыгына карабастан. Жалгыз Малик тийгизди. Өзүнүн мындай «жеңишине» шерденип кеттиби: «Эми алманын сабагына тийгизем» – десе. Мунусуна эч кимибиз, албетте, ишенген жокпуз. Ал мылтык кундагын акырегине бекем такаган калыбында анан ошол жактагы чыканагын тизесине коюп жатып, көпкө шыкаалады тобосүндөгү алма бутагын. «Кандай шыкаалабасын, тийбейт» деп эле отурдук. Мылтык «тарс» эткенде сабагы менен бир алма коросу «тып» этип дасторкон четине түшүп калса, колубузга алып карап чыктык ишенбестен. Сабакта карарып октун тагы жатат. Ишенбей коюуга болбойт эле.

Маликтин азыркы сөзүнө караганда: «Оомат келип турганда кылды кырчып аткан ок»– деген чын окшобойбу. Ал эми ооматың тайса, тигинтип, далдайган тоодакка да тийбей коёт турбайбы.

...Биз «аңчылык» кылган бүгүнкү жерден эки-үч чакырымча нарыда «Шевченко» атындагы колхоз бар эле. Аерде менин экинчи акем Субанкул – райондун жер-суу бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп жаткан жеринен партия менен өкмөттүн чечими боюнча «отуз миңчи» аталып, үч жылдан бери ошол колхозду башкарып жаткан. Болбосуна койбостон бүгүн мергенчиликтен жолу болбогон Маликти мен ошонукуна алып бардым. Аерден

ичтик, жедик. Бирок, алардын баары да тигинин маанайына мен күткондой оң таасир этпей койду. Жай сүйлөшүп, жай отуруп эле чыгып кете бердик. Анын бар ою жанагы өзү айткан «Оомат» деген бир созго барып байланып калгандай, ошондон кутулуп чыга албай кыйналып жаткансыды...

...Чын эле Малик ошондо тиги тоодактарды «толго» кылып, чындыкты айтканбы деп жүрөм. Анткени, ошол жылдардан тартып ал кызмат жагынан төмөндой берди. Ал экөөбүздүн жолдоштук мамилебиз – анын өмүрүнүн аягына чейин созулду. Бирде райондон – аныкынан, бирде Бишкектен – меникинен жолугушуп жүрдүк.

Ал акыркы ирет Бишкекке ЖЕҢИШТИН кырк жылдыгына карата келди. Чогулуштан мурда мени издеп иштеген жериме барган экен – бирге отуруп сүрөткө түштүк. Анткени, ал аскердик-офицердик жаңы кийим менен келиптир. Анысын атайын ушул жылдыкка карата Анжияндан тиктиргенин айтып берди. Майордук погондору менен. Жаңы форма аябай жарашып калган экен. Төшү толо ордендери жана медалдары. Атайлап сүрөткө түшчү кишидей болуп келгенине сүйүндүм. Ошондуктан, ошондой кийими менен эстелик болсун үчүн атайлап сүрөткө түшкөнбүз.

Билгендей түшүптүрбүз, ошондон коп өтпөй эле а киши инфарктан бу дүйнө менен кош айтышып кете берди...

1958-жыл.

«ЖАРЫМ ПАДЫШАНЫН БЕЛЕГИ...»

Бүгүн үйгө Баялы аке келиптир. Бу кишинин бизде эки кызы окуйт. Өзү айтылуу Пача-Атадан («Падыша-Ата» болуш керек го) мектеп-интернаттын артыкчылыгын укканлар экинчи окуу жылынан тартып эле балдарын, кыздарын алып келе башташ-кан ата-энелүүлөр акча төлөй турганына карабастан. Ошолор-дун бири – ушул Баялы аке.

Баялы аке райондун кадыр-барктуу адамдарынан. Көп жыл-дардан бери сельсоветти, бирде колхозду башкарып келатат. Авлетим сельсоветинде жашы жагынан да, эл ичиндеги кадыр-баркы жагынан да, ал турсун «раистик» боюнча да бу кишиге окшоп дагы бир адам бар – аны да чоң-кичине дебей «Калмат аке» деп коюшат. Экөөнүн дагы бир окшоштугу – экөө тең сабатсыз; экөө тең сакал-мурутчан; экөө тең оздорү башкарган чарбаларга тиешелүү документтерге кол койгонду эптеп үйрөнүп алышкан бир эле тамганы жазып, ар жагына чычкан куйругун-дай чычайта сызып коюшат имиш. Бирок, бул үчүн аларды ушул убакка чейин эч ким айыптай элек. Анткени, алар баш-карган жерде дайыма иш жайында деп жүрүшөт.

Ошентип, Баялы аке бүгүн биздикине келип калыптыр. Кэ-эде ушинтип келет мындагы кыздарын көргөнү. Ошондо мага да жолугат, бирок: «Үйдөн чай ичип кетиңиз» – дегениме бол-бой, ишин шылтоолоп мектептен ары кете берчү. Бүгүн үйгө келиптир түз эле. Үстү-башы – аппак кар.

«Жарым падышанын белегинен таратып жүрөмүн. Жакшы көргөндөрүмө эки кутудан, мындайраактарына бир кутудан чай» – дейт жарыктык челкейген курсагын бүлк-бүлк эттире күлүп. – Сен менин жакшы коргондорүмдөнсүң, ошондуктан сага эки куту алып келдим» – деп түйүнчогүн чечип кирбедиби.

Мен түшүнгөнүм жок Баялы акенин бул сөзүнө. «Жарым падышасы ким экен?» – деп тим болдум ичимен; «Отургандан кийин өзү чечмелеп айтып берет го» – деген ой менен.

Көрсө, иштин жайы мындай экен. Пача-Ата – биздин рай-ондун жаратылышынын эң кооз бурчтарынан. Баялы аке ушул айылдан дебедикпи. Эл жайланышкан көп коктунун өйүз-бүйүзү токойлуу келип, айылды теңге бөлүп агып жаткан чоң суусу бар. Ал сууну бойлоп салынган беш-алты лагерь иштейт жайкысын. Ошолордун бири – биздин мектеп-интернаттыкы. Калгандары дээрлик Өзбекстанга карайт. Ошондуктан, жай бою жашыл кымкап жамынып жатчу бул өрөөндө май айынан тартып эл көп болот. Айрыкча, Өзбекстандан. Мындагы лагерлерге ке-лишкен балдарын шылтоолошуп, тааныштарын издешип деле келе беришет. Алардын ичинде Баялы акени издеп келчүлөр арбын экенин айылдаштары ар убак соз кылышчу. Андай ашы-налары үчүн а киши жайкысын атайын үй которүп, чатыр тигип

коёт экен. Алкынып аккан көк кашка суунун боюндагы үч кайындын көлөкөсүндөгү боз үйдө мен да Баялы акенин тигиндей ашыналары менен эки-үч курдай чогу конок болгонум бар. Жашыл шибердеги жасалгалуу боз үйдө, ага жанаша тигилген ак чатырда отуруп эт жеп, кымыз ичкенбиз. Өзбек досторунун алып келген мөмө-чөмөлөрүнөн ооз тийгенбиз. Ошерде укканмын: «май айынан тартып, августтун акырына чейин жанагы, конок үйлөрүнүн» эшиги жабылбайт, дасторкону жыйылбайт» — дешкенин. Баялы акенин эл арасындагы кадыр-баркын которгон анын жакшы сапаттарынын дагы бири — меймандостугу.

Наманган шаары мындан алтымыш эле чакырым алыстыкта турат. Жайкысын тынбай күнү-түнү машиначан, арабачан каттагандардын көбү ошол шаардан.

Ошентип, Баялы акенин укмуштай кооз, жайы салкын, кышы мелүүн жери, анан өзүнүн меймандостугу менен бу чолкомдо башка эч ким күтпөгөн дасторконду күткөнүн да айылдаштары сыймыктануу менен соз кылышат. Ошол досторунун бири — Нуритдин Акрамович Мухитдинов — КПСС Борбордук Комитетинин секретарлыгына чейин өсүп, бу кезде Москвада иштеп жана жашап калган. Баялы акенин — жанагы «жарым падышасы» ошол киши экен. Ошол адамдын озүно берген белегинен болүшүп жүргон тура.

Баялы акенин үстүндөгү пальтосу да, тумагы да, а түгүл бутундагы галош-маасысы да жаңырып калыптыр. (Бу киши жайында деле маасы кийчү). Булар да жанага «жарым падышанын» берген белектеринен экен. Булар жонүндо да дасторкон үстүндо Баялы аке өзү айтып берди.

Көрсө, Баялы аке Мухитдиновдун атасы Акрам чал менен жакында Москвага барып келиптир. Он күнчо жүрүшүптүр аерде.

Башка дүйнөнүн кишилеринде конок болуп кайткандай бапырап сүйлөп жатты аксакал.

Мухитдинов — Наманган обкомунун биринчи секретары кезинде достошкон экен аны менен Баялы аке. Жайкысын ал кээде дем алыш сайын бала-бакырасы менен жанагы суу боюна тигилген боз үйгө келип, түнөп кетип жүрүптүр. Ташкенге Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчиси, андан Москвага чоңоюп кетсе да байланышын үзбөптүр. Кызмат боюнча өзү тигинтип алыстап, кемкаттоо боло баштаганы менен анын атасы Акрам аксакал алиге чейин жайкысын озүно окшогон үч-төрт мойсопут достору менен келип алиги атайлап тигилген үй менен чатырда айлап эс алып кетишет экен да. Мына ошол Акрам аксакал болбосуна койбостон кыргыз досун Москвага ээрчитип барган турбайбы.

«Маскөөнү биринчи көрүшүм — дейт Баялы аке. — Үйлөрүнүн бийиктигинен, адамдарынын көптүгүнөн башым айланды. Нурдин тил билген бир полковникти кошуп, машина да берип

койду атасы экообүзго. Эртең мененки тамактан кийин чыгып кетебиз. Бирде жердин астына түшсок, бирде жердин үстүно чыгабыз. Музей дегендери да көп болот экен, аларды да кордүк. Койчу, он күндө Маскоонүн коюн-колтугуна чейин кыдырдык окшойт. Жарым падыша дегениң да оңой эмес экен. Ыраазы болуп келдим өзүнө да, атасына да. Ашыналыгын экөө тең ашыгы менен аткарышты. Бирок, башка жер канчалык жакшы болбосун, оз жериңе жетпейт окшойт го. Ар кимдин оз жери — Мисйр дегенге ушул жолу куп ишендим. Намангандан ары эч жакка барган эмесмин да. Акрам аксакал дагы бир апта жүро туралы» — дейт. Мен унабадым. Пача-Атамы сагындым; кетели деп туруп алдым. Бир аптадан кийин эле үй ээсинен уруксат сурадым:

«Балам, биздин сапар карыды. Эми уруксат бер атаң-экообүзго. Ыракмат, уулум, сага. Көрбогондү — корсоттүң. О дүйно, бу дүйно ыраазымын. Жараткан жар болуп, өзүң быякка чоң болуп келбесең, биз кайдан келмек элек? Эки чалды ак мамыкка ороп-чулгап мына, бир аптадан бери багып атасың морожный дегенге чейин жедирип. Мындай бийик зыяпатың үчүн да миң мертебе ыраазымын. Эми уруксат бер, уулум», — дегенден кийин да баласы түшкүр эки күн кармады. Анан жоноор күнү сый тамактан кийин менин бутуман башыма чейин жаңы кийим кийгизди. Аларды сага да корсотүп, мактанайын деп атайын кийип келдим» — деп мулундады Баялы аке озбектен ошондой чоң ашынасы бар экендигине кубанганын ачык билдире. Анан муну кошумчалады:

«Буларды кийгизгенден соң дагы сурап жатпайбы: «Кана, Баялы аке, бизге кандай тапшырмаларыңыз бар?» — деп. Өзбек туугандардын минткени: «Менден дагы кандай жардам керек?» — дегени. Анысын билем да, булардын ата-бабасынан, биздин ата-бабалардан бери карым-катнашта келаткандыктан. Чынын айтсам, Маскоого барыш туурасында соз болгондон бери балдарым: «Оңу келип калса, Мухитдиновдон машина сураныз» — дешкен эле. Ошону кантип айтаарымды билбей жатканда кудай берип, озү минтип сурап калбадыбы. «Эгер, уулум, сага оордук кылбаса, балдарым «Волга» машина сураңыз» — дешти эле. Мен пенсияга чыкпадымбы» дедим.

Кең үйүнүн бир болмосүндогү тегерек стол үстүндө ар түрдүү түстогу беш-алты телефон турат экен. Ошонун бирин котордү. «Ортак Алимов?» — деди Мухитдинов. Алимовду тааныймын. Өзбекстандын ошол кездеги окмот башчысы. — Кыргызстанда илгертен келаткан бир азиз ашинамиз бар. Ата-баладай болуп калганбыз. О киши азыр биздикинде — Москвада. Бүгүн кечкисин поезга чыгышат биздин дадамиз блан. Ошо адам жакында пенсияга чыккан экен. Бу адам Ташканга баргыча бир машина таярлап койсаңгиз. «Волга» машинасын. Сатып алышат.

Сиз блан биздан эсталик болуп калсин бу адамга. Хупми?» — деди да жообун күтпөй эле телефонду ордуна коюп койду.

«Чоң болсоң уулум, озбектерге чоң болуш керек. Бийликти барктаганды-сыйлаганды билишет. Хандык көргон эл да. Каттакан (чоң) дегендин көзүнүн агы менен тең айланышат го. Бу сапар ошондойго өзүм дагы бир марта күбө болдум.

Ташкенге келгенибизде бизди жыйырма чакты адам тосуп алды. Мени дейсиңби, тигинин атасын да. Бизди тоскондордун арасында соода министри да жүрүптүр. Таанышкандан кийин эле ал: «Баялы ака, машина таяр. Каякка айдап келишсин?» — дейт. Мен шашып калдым. Жанымда чай пулуман башка акчам жок да. Иштин мынчалык тез бүторүн кайдан билейин. Бу да болсо, бийлик дегендин күчү! Айрыкча, озбек туугандарда деп айтпаймбы. Буйруктун ооздон чыгаары менен аткарылганын көрдүңбү?

— Эртең гаплашайлы — деп койдум министрге сыр билдирбей.

— Хуп! Сиз качан, каерге десеңиз, ошол убакта, ошол жерде таяр болот машина» — деп тиги эки колун боорына ала коштошуп кете берди.

Үйүнө баргандан кийин Акрам аксакалга алиги пул тууралуу айтсам ал машина жонүндо Маскоодо соз болгондуктан, жолду катар ойлоно келген беле: «Э-ээ — убара болбоң кышлакка бараман деп. Керек пулду шейдан топамиз. Шопурну хам шейдан топамиз. Сизни кишлаккиңгизга ёткирип, пулни хам алип келади. Мына ушу дасторханда отурганлар тапуб келишади пулни» — деди бизди тосуп алышкандан кийин кошо келишип бирден бирге чай ичип отурушкандарды тегерете карап. Баарысы баш ийкешти.

Ошентип, эртесинде бир шайы жоолукка түйүлгон акча пайда болду Акрам аксакалдыкында. Түштөн кийин машинаны алдык. Айткандарындай шопурду да оздорү табышты. Кийинки күнү жолго чыктык аны менен. Шопурду үйго бир күн түнотүп, эртесинде пулду озбек туугандардын озүно окшотуп белбоого түйүп, жаңы машина менен балдар аны Наманганга чейин алып барышып, андан ары самолётко салып келишти. Баса, жанагы пулга кошуп, бир козунун этин да куржунга салып бердим: «Акрам аксакалга айтып бар, машинага акча бергендерди чакырып, ошолор менен бирге отуруп, жеп коюшсун бул этти» — деп.

Баса, кой демекчи, Маскоого да козу союп барганмын. Жарым падышаныкына баратпаймбы, кандай дасторкон менен барсам экен деп көп ойлондум. Акыры таптым. Биз бала кезде аталарыбыз ардактуу коноктор келгенде атайын жер тандыр казышып, аларга арналып союлган козунун терисин сыйрып, ичеги-карын, башын алып ташташып мойнун ылдый каратып али-

ги жер тандырга асып алышып, түбүнөн бүлбүлдөтүп от жагышар эле. Козунун куйругу акырындап эрип отуруп бүт денесине сиңгиче ошондой жол менен бышырар эле. Ошондой жол менен бышырылган козунун эти балыктын этиндей жумшарып, даамы да укмуш болуп калчу. Мына ошол эсиме түшүп, ошондой кылып куйкалап алып барган козумун эти Мухитдиновго аябай жакты. Барган күнүбүз бала-бакырасы менен бабырашып, мен кесип берген эттен тойгуча жешти да анан калганын халадилник дегени бар экен, ошого салып койсо бузулбай тура берет экен го канча күн болсо да. Күндө түшкү тамакка келгенде алдына коюп алып, кичинеден кесип жеп, балдарына берип, али түгөтүшо элек болчу. «Баялы ака, Пача-Ата бубамын этин сагынып калганымы байкап атасызбы? Сиз келгенден бери сиз алып келген эттен башка эт жебей жатамын, – деп күлдү Мухитдинов бир күнү. «Ал жердин малынын гөшүнүн даамы башкача» – деп сизге барган сайын айтып жүрчү эмес белем. «Мал этинин даамы ошол жердин чөбүнөн, суусунан, анан авасынан» – дечү эмес белеңиз» – деп эстеп жатты откондордү. Бирок, Баялы ака, бул козуңуздун гошү илгери барып жүргөнүмдө сойчу козуларыңыздыкынан да ширин экен. Же ушунчалык катуу сагынып кеттим бекем Пача-Ата бубамын чөбүн жеп, сусун ичкен козулардын этин?» – деп тамшанып калат бирге тамактанып отурганыбызда.

Мен анан бул козунун этин кантип бышырганымы айтып берсем: «ушундай этти жеш үчүн болсо да бир шылтоо таап Кыргызстанга барыш керек болду. Андан ары Пача-Ата бубама барчу жол кыскарып калат» – деп күлдү Нуритдин. «Келиңиз. Кайсы убакта келсеңиз да андай козу эти даяр болот» – деп дагы конокко чакырып койдум а кишини» – деп дагы борсулдады Баялы аке ушунусу менен созүнүн аягына чыкканын билдиргенсип.

Баялы аке эшикте кар жаап жатканына карабастан, өзү айткандай «Жарым падышанын» берген бир чемодан памил жана кок чайынан өтө жакшы көргөндөрүнө эки кутудан, мындайыраак көргөндөрүнө бир кутудан чайды, ошол киши берген машинаны минип, таратып жүргөн тура...

1959-жыл.

ОРУС ТИЛИ

1987-жылдын күзүндө Өзбекстандын советтик доордогу адабиятына негиз салгандардын бири – Абдулла КАХХАРдын 60 жылдык юбилейи белгиленди. Кыргызстан жазуучулар союзунан ага мен бардым. Бул окуяга арналган салтанаттуу чогулуш Навои атындагы Чон Театрда өттү. Президиумда Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Биринчи секретары Шараф Рашидов баш болгон бюро мүчөлөрү, Союздук республикалардан келишкен делегаттар отурдук.

Бул салтанаттуу жыйын республиканын чондору алдын ала «пландаштырышканындай» отпогону доклад башталганда эле президиумдан чыккан күбүн-шыбындан байкала баштады. «Эмне үчүн доклад орус тилинде эмес, озбек тилинде болуп жатат? Биздин алды жагыбызда отурушкан чондордун биринен бири канчалык акырын сурашканы менен, бизге да анча-мынчасы жетип турду. Докладчы жогортон берилген корсотмону озү билгендей озгортүп, докладын орусча эмес, оз тилинде даярдап коюптур. Муну жетекчилер ушул жерден гана билип калышкандай.

Докладды – филология илимдеринин доктору, профессор, корүнүктүү адабий сынчы жана драматург Иззат Султанов жасады. Ал орус тилин да жакшы билет. Борбордук газеталарда, журналдарда тез-тез, чоң-чоң макалалары орус тилинде чыгып жүрчү. Демек, ага докладды орус тилинде жасаш керек деп айтылса да аны аткарбай койгон. Бул үчүн ал озү гана эмес, аны докладчыга сунуш кылган жазуучулар союзу да партиялык жогорку органдардын алдында жооп берүүлөрү керек. Партиялык тартип ушуну талап кылат. Жанагы күбүр-шыбыр жон жеринен чыгып олтурган жок.

Биз, башка союздук республикалардан барган окүлдор, орус тилинде сүйлодүк. Салт боюнча акырында юбилярга соз берилди.

Биздин байкашыбызча экинчи каталыкты ушу киши озү кетирип койду. Бу киши да өзбекче сүйлодү трибуна жакта отурган үчүнчү секретардын шыбыраганына карабастан. Юбиляр эки баракгагы өзбекче жазылган созүн окуп бүтөорү менен: «Энли русчасини хам укип койиң» дегенине ал: «Ким үчүн окуйман? Акыры залда рус ёкку?» – дегени секретардын артындагы катарда отурган бизге да угулду. Ушунусуна караганда а кишиде эки тилде жазылган текст бар экен да. Бирок, аны аткаруудан докладчыдай эле бу киши да баш тартты.

Залда бирин-серин болсо да орустар бар болчу. Анан президиумда Кавказ, Балтика боюндагы республикалардан, Москва, Ленинграддан келген он чакты киши отурат. Ар кандай жыйындарда жергиликтүү элдин тилин билбеген бир киши катыша

турган болсо да орус тилинде сүйлөш айрыкча ушу Орто Азия, Казакстанда онокотко айланып кеткен. Ал эми Закавказье, Балтика боюндагы мамлекеттерде андай «тартип» байкалчу эмес. Өзбекстанда да бул жагынан биз менен казактарга салыштырганда бир топ эркинирээк го деп жүрчүмүн буга чейин.

Өзбек калемгерлеринин тигиндей «каяшасы» бир жагынан бизди чоочутканы менен, экинчи жагынан жагып жатты. Чоң элдин чондугу, демек, озунчолугу – баарынан мурда ошол тилинен корүнүп турушу керек да.

Докладчы менен юбилярдын жанагыдай «кераяктыгы» залдагы элге да терс таасирин тийгизди белем, башынан эле ушундайбы, айтор, концерт учурунда да орус тилине мындагылардын начар мамилеси оркоюп корүнүп калды.

Концерттик болумдун басымдуу болугу – озбек тилинде экен. Арасында үч-төрт гана ыр орус тилинде аткарылды. Ошону да залдагылар өгөйлөшүп, тактаны тепкилешип, ышкырышып, ага да токтотпосо, ала допу эркектер, атлас көйнокчон аялдар топтобу менен сыртка чыгып кетип жатышты.

Менин жанымда отурган Москвадан келген делегациянын башчысы, «Дружба народов» журналынын башкы редактору, СССР Жазуучулар союзунун секретары Сергей Баруздин башын мен жакка энкейте берип сурап коёт:

– Эмне үчүн минтип атышат?

– Мындагылардын көбү студенттер окшойт. Жаштарды билесиз да, – деп коём мен анын конулун улап.

Коноктордун арасында отурган Шараф Рашидович улам бир жагы аңырайып бош калып жаткан жакты акырын карап коёт.

Мен биерден байкагандарыман улам, бул жагынан озубуздогу «ахвалды» эстедим. Биздин чондор жайлоого барышып, кээде малчылардын чогулушун да орус тилинде откорүп жүрүшпойбу. Эл да, бийликтегилер да мындайга жедеп конүп бүтүшкондой.

Малчылар дейм да, озубуздун, мен жетекчилеринин бири болуп иштеп жаткан жазуучулар союзунун мисалынан эле алсак болот. Жазуучулар союзунун Уставы боюнча анын жумушчу органы болуп – съезд шайлаган ПРЕЗИДИУМ эсептелет. А кезде анын курамы он бир кишиден турчу. Ошолордун бироо гана орус – белгилүү акын Сергей Фиксин деген эле. Кырк жылдан ашып калыптыр анын кыргыз жерине келгенине. Бирок, кыргызча кырк соз да билчү эмес. Жалгыз ошол Фиксин үчүн президиумдун заседаниелерин орус тилинде откорүп жүробүз.

Ошондой «тартип» бир жолу каны-жаныбызга сиңип кеткен белем, андайды таптакыр өгөйлобөй калганбыз. А бу жерде болсо, андайга ачык каршылык көрсөтүлүп жатпайбы. Чоочуганыбыз да, ичибизден ыраазы болгонубуз да ошондон.

Эртеси биз жаңы эле тамакка отурганыбызда (делегациялар шаардын четиндеги өкмөттүк дачада жашап жатканбыз) бир жаш

жигит келип, биз менен отурган Сергей Петровичти сыртка чакырып кетти. (Кийин билсек алиги жигит – Борбордук Комитетте болүм башчысынын орун басары экен). Бир аздан кийин Баруздин кайра келип: «Кечирип коёсуңар, мени жолдош Рашидов чакырып жатыптыр». Биз бул чакырыкка анчейин деле маани бербедик. Москвадан келгендердин баары башка республикаларда оздорүн эрке талтаң балдардай алып жүрорүн билебиз. Ушинтип ар бир республиканын биринчи адамынан тартып, аларды тобосүно көторүшот. Баруздин да ошол «чоң коноктор» категориясына кирет. Москвага баргандан кийин ал сөзсүз, Борбордук Комитетке кирип, тиешелүү адамдарга мындан коргон-билгендери жонүндо айтып берет. Башкача айтканда, «отчёт» берет. Ошол «отчёт» боюнча мындагылар тууралуу тиердегилерде жакшы-жаман пикир пайда болот. Муну Союздук республикалардын жетекчилери жадыбалдай жатка билишет. Ошондуктан, Москвага оздорү тууралуу жакшы, оң гана пикирлердин жетип турушу үчүн бардыгын иштешет. Ал үчүн баарынан мурда «улуу аганын» көңүлүн табыш керек. Ошондой аракеттен го деп гана койдук тигинин чакырылганын.

А киши түшкө жакын кайра келди. Коноктор кечки саат бешке чейин бош элек. Беште барып юбилярдыкынан той чайын ичмекпиз. Сергей Петрович жарыктык адатынча тердеп-тепчип алыптыр. Чоң сөзго катышып келгени ошондон билинип турду. Бирок өзү ага анчейин маани бербеген киши катарында колун шилтей кайдыгер унчукту: «О-о-ой арзыбаган эле нерсе экен. Партиялык жетекчилер да кээде кызык кишилерге айланып кетишет. Кечеги эле салтанаттуу чогулуш туурасында. Мен, маселен, унутуп деле калган экенмин аны. Ну, что, ыр жакпаса? Же аны аткарып аткан артист жакпаса, угуп жаткандар тарабынан кандайдыр бир реакция болуш керек да. «Токтот!» – деп кол чапса – токтотпосо, жер тепкилесе – токтотпосо, ышкырса – токтотпосо, анан нааразылыгын ошонусу менен билдирип, залдан чыгып кетишет да. Мен, меселен, кечеги концертти ошондой эле түшүнгөмүн. Ал эми доклад, юбилярдын сөзү орусча болсо албетте, жакшы болмок. Анын үстүнө ал эки жолдош да орус тилин жакшы билишет. Юбилярдыкы атүгүл орус тилидегиси чонтогүндо турса да окубай койгону натуура деңизчи. Аны башка республикалардан келгендерди сыйлабагандык десек болот. Ал эми Иззат Султановичти мен түшүнбөдүм. А киши орус тилинен мени окутууга жарайт да. Мен редактор болуп иштеген журналга макалаларын дайыма басып келатпайбызбы. Биерде эмне үчүн мындай кежирликке барды – түшүнбодүм. Мына ушулар тууралуу сөз болду жолдош Рашидовдо. Аларды деле кечирсе болот да, чынында эле залда орустар абдан аз экен. Келгендердин дээрлик бардыгы жергиликтүү тилди билишет турбайбы. Президиумда отурушкан он-он беш

коноктор өзбекчени билбейт экенбиз, эми ушундан деле саясый жыйынтык чыгарыш керекпи?» – деп өзүн тегеректеп тура калган биздин пикирди уккусу келгендей Сергей Петрович баарыбызды айландыра тиктеп чыкты. – Шараф Рашидович менден кечирим сурайт – деди Баруздин биз унчукпай тура бергенден кийин озү созүн андан ары улантып. Бул каталык – жыйынды даярдагандар тарабынан кетирилди. Алар, сөзсүз, күнөөсүнө жараша жазаланат. Биздин тилди билбеген бардык коноктордон сиз аркылуу кечирим сурайбыз – дейт.

Мен чынында а кишинин мындай сөзүнөн уялдым. «Сиз кечирим сурай турган эч нерсе болгон жок, Шараф Рашидович. Кадырыңыз жам болсун. Коноктордун бироонон да жаман пикир укканым жок кечетен бери ал салтанат жөнүндө – десем деле жарыктык киши кайра-кайра кечирим сурады» – деди жээрде сакал, узун жаак, узун бойлуу арык неме, укканынан толкундап алган го, ого бетер кызарып-татарып.

* * *

Абдулла Каххардын Дүрмөнтүдөгү үйү – жүзүмзардын арасында экен. Биерде Өзбекстан жазуучуларынын чыгармачылык үйү бар экенин билчүмүн, бирок, юбилярдын үйү да ушул жерде экенин биерге келгенден кийин гана билдим. Ар кандай түстогү жүзүмдөр кыйгач бышып туруптур.

Тойду өкмөт башчыларынын бири – Сардар Азимов (Республиканын министрлер Советинин Төрагысынын орунбасары) башкарды. Бул адам да жазуучу-драматург.

Биз, коноктор, тактадан жасалган татынакай сөрүдө отурдук. Жыгачтан жыткелип турганына караганда, мындагы экиүч сөрү ушул тойго карата атайлап курулса керек.

Чогулуштан бери мен эки кишиге көбүрөөк назар таштап жаттым – докладчы Султанов менен юбилярга. Экөөнүн тең кабактары салыңкы жүрүп атышты. Ушуга караганда жыйын бүтпой жатып эле президиумдагы чоңдор аларга карата нааразылыктарын билдирип коюшкан. Султановдун алдына эч ким барбай да койду. Бир сөрүнүн бурчунда аялы экөө гана отуруп калышты.

Той башкаргандын кыска кириш сөзүнөн кийин юбиляр, анын үй-бүлөсү жөнүндөгү жыйырма мүнөттүк кыска метраждуу даректүү фильм (Абдулла Каххардын жубайы көрүнүктүү котормочу экенин ушул фильмден билдим) көрсөтүлдү.

Анан башкы тамада биринчи тостту айтып, анан кезектеги конокторго узатты. Бизден, албетте, алгачкы соз Баруздинге берилди. Анан Украина, Белоруссия, кавказдыктар... Мындайда да «конституциялык тартип» сакталыш керек эле. Бирок, андан ары андай болбой калды.

Создү Азимов колундагы блокнотуна карап берип жатты. Демек, күн мурунтан бардыгы даярдалган. Бир столдо отурган –

казакка, түркмөнгө, мага «Конституциялык тартип» боюнча болгондо да Балтика боюндагы республикалардан келгендерден мурда сөз берилиши керек эле. Биз ошону күтүп отурганбыз. Бирок, дагы кайталайм, андай болбой жатты. Башынан калыптанып калган жанагыдай «тартипти» Азимов өзү атайлап бузуп жатканын ал орустарга, Украинадан, Белоруссиядан келгендерге экинчи жолудан сөз бере баштаганда түшүндүк. Аңгыча дем алыш жарыяланып калды. Ага чейин ошентип, үчөобүздүн бирөөбүзгө сөз беришкен жок. Сардар Азимовичтин жанына келип, биз «нааразылыгыбызды» билдирдик. «Жан ортаклар, түшүнүшпөмөн силарни. Нааразы болгонуңар да тугри. Бирак, илгартан базарыбыз бир, мазарыбыз да бир калмыз. Ушинин үчүн бизни кечиришади деп ушул ишти кылыяпмиз. Кечирасилер, жан карындашлар. Мажбыр булияпмыз ушинга боришка. Уртак Рашидовнин бизга берган тапширмаси шундак. Мына азыр отурарыбыз менен сөздү силернен баштаймын» деп күйпөлөктөдү.

Азимов айткандарга түшүнүп аттык, бирок, үчөобүздүн улуттук сезимибиз күчтүүлүк кылды окшойт, тагыраак айтканда, өзбек туугандар биздин ошол аялуу сезимге тийип коюшкандыктан катуу ызаланып калдык беле: «Биз биерге палоо жеш үчүн эмес, элибиздин атынан юбилярга жакшы тилек-каалоолорубузду билдирип кетели деп келдик эле. Ага силер мүмкүндүк бербединер»— дедик да тиги кишиге коштошуу үчүн кол да бербестен үчөобүз ээрчишкен бойдон элден акырын бөлүнүп чыга бердик. Арыда машинабыз күтүп турат да. Ага жетип, түштүк да кетип калдык.

Бирок, жолдо баратып сүйлөшө келгенибизде алиги Азимовго, ал аркылуу бардык өзбек чондоруна, ал турсун, өзүбүздүн да чондорубузга карата пайда болгон жанагы таарыныч сезими бара-бара балит саясаттын алдында кулдай бүжүрошкон тиги байкуштарды аёо сезими менен алмашты...

* * *

Абдулла Каххардын бул юбилейин кайрадан эске салып, аны кагаз бетине түшүргонго андан үч жыл өткондон кийинки бир окуя, дагы өзбек калемдештерге тиешелүү окуя себеп болду.

1970-жылы биздин республикада Өзбек адабияты менен искусствосунун Декадасы (он күндүгү) отүп калды. Мурунку жылы биздики алардыкында откон эле. Башынан келаткан салт боюнча декаданын ачылышына арналган чоң салтанаттуу жыйындан кийинки күнү анын катышуучулары областтарга жөнөштү. Мен жазуучулар союзунун бир жетекчиси катары тигилердин Түштүкко барчу тобун коштоочуларга кошулдум. Биздин бул топто Өзбекстандын көрүнүктүү жазуучуларынан — жазуучулар союзунун ошол кездеги председатели, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, белгилүү драматург (мен бала кезден

билген «Гүлсара» драмасынын автору) Камиль Яшен, чоң прозаиктерден – романист Мирзокалан Исмаили, таланттуу акын, котормочу (биздин «Манасты» да өзбек тилине которгон) Миртемир, Орто Азияга гана эмес, бүткүл союзга даңазалуу артистка – СССРдин эл артисткасы – Халима Насырова (Камиль Яшендин жубайы), атактуу бийчи – Клара Юсупова сыяктуулар бар эле. Булардын ичинен мен кобүрөөк таанып, анан чоң акындыгы, «Манас» эпосун которгондугу үчүн гана эмес, бийик адамгерчилиги үчүн да жакшы көрүп калганым – Миртемир аке эле.

Миртемир аке кыргыз калемдештерине ыкласмандыгын мурунку жылы биз аларга барганда да далилдеген. Кыргыз жазуучуларын бөлүп алып, бир күнү атайылап коноктогон. Ар биребизге көңүл бөлүп сүйлошүүгө, ал-авалыбыздан кабар алып турууга убакыт тапкан.

Түштүктө жүргон күндөрүбүздө Миртемир аке менден алыстаган жок. (Атымды да өзгөртүп: «Жунайдилла» деп алды. Чынында эле азан чакырылып коюлган атым ушундай болчу. Айлыбызга коңшу өзбек кыштактарынан үзүлбөй келип турушчу, кээде айлап, жылдап деле мындагы намазгой аталарыбыздыкында жүрүп калышчу молдолордун бири койгон экен мага тигиндей атты. Менден кийин торолгон укемин атын меникине окшоштуруп-уйкаштырып анан – «Абибилла» коюшуптур. Экообүз тең эс тартып мектепте окуп жүргон жылдарда ал аттарыбызды «кыргызчалаштырып» – «Жунай», «Абыш» кылып өзгөртүп алган элек да). «Сиздин ысмыңыз өзүңүз айтып жүргондой Жунай эмес, Жунайдилла болуш керек» – дебедиби Миртемир ака бир күнү. Мен баш ийкеп гана тим болдум. Китеп боюнча коюлган мындай ат Өзбекстанда, Тажикстанда коп эмеспи.

Бул Декада күндөрүндө пайда болгон мендеги таасирлердин эң күчтүүсү да, демек, эстен чыкпай калганы да ушул Миртемир акенин Жалал-Абад шаарында жаралган бир ыры болду. Алыр шаардын мурдагы комсомол паркындагы Улуу Ата Мекендик согуштун курмандарына арналып тургузулган эстеликти коргондон кийин жаралган эле. Жоолугу башынан түшүп, буурул чачтары чачылып, кулачын кере мүрзөнү кучактап жаткан энеге бир аз карап тургандан кийин коздорүнүн кычыктарына молтүрөп жаш толуп чыккан Миртемир акени көрүп калганмын. Кечкисин шаардын Маданият үйүндө өткөн эл менен жолугушууда ал ырын (эки-үч сааттык түшкү дем алыш учурунда жазып салган го) жашына какалып жатып араң окуп берген. Акындын ыйлап отуруп жазган ыры уккандардын да жүрөгүнө түз барып жетти окшойт, залдагылардын да ал окулганда коз сүрткондөрүн президиумда отурган жерден көрдүм.

Өзбекстандын түштүккө келген бул делегациясына андагы партиянын Борбордук Комитетинин Маданият бөлүмүн баш-

карган киши жетекчилик кылып жүргон. Ошол таарынтып коюптур бул ырдын авторун. «Ырыңыз жакшы чыгыптыр, Миртемир ака. Агарда «партия» деген яна бир сөздү кошуп койгонунузда мындан да жакшы чыкмак» дептир. Ал акындын колун кармай алиги ыры менен куттуктап жатып. Ошерден жарыктык Миртемир аке «тарс» жарылган тура: «Э-ээ — бу эстеликке партиянын кандай тиешеси бар?» — деп, партиялык жетекчи да бош келбептир: «Э-эх — Миртемир ака, сизга нима болду? Ушу убакка чейин түшүно элексизби партиянын бардык нерсеге тиешеси бар экенин?» — дейт. «Мен жүрогүм айтканды гана кагазга түшүрөм» — дептир кежирлиги чындап кармаган Миртемир аке тилин тартпай. «А-а, Миртемир ака, энди туура айттыңыз. Сизге окшогон шайырлар оздорү ырга салып жүрүшпойбү, биздин жүрогүбүз — партияга таандык» — деп. Же биздин жүрок алардыкынан башкачараакпы?» — дептир кыжырыгы ого бетер келген болүм башчысы да. «А-а сиз да энди туура түшүнүпсүз. Менин жүрогүм башкалардын заказын кабыл албай турган жүрок» — дептир Миртемир аке.

Бул «диалогду» Миртемир аке өзү айтып берди мага. Анан менден: «Жунайдилла, энди мани кетириңиз бияктан. Сураштырдым— Жалал-Абаддан Ташканга самолёт ёк экен. Ошко барыш керак экан. Мани Ошка кетирин, бу тугрисида сиздан башка адам билмасин. Мехманда юрганда хам бу киспурушларни соясатидан кутилмас экенмиз. Ушуну билар эдим. Ошондуктан каттаканалар билан билла бара турган ерлардан хамма вак качар эдим. Кыргыз досларимиздан, Манас бубамизний еридан кантип качаман? Манас бубамизни берган кыргыз халкига хурмат көрсатиш үчин келган эдим. Кордүңизми бу ахмакларни. Хаммани бузип юришади. Энди ман булар билан юра алмайман. Кожайниңиз билан сүйлошүң, мани машина блан Ошка ташлатип коюң» — деп суранып туруп алса, мен шашып калдым. Миртемир акенин азыркы түрүно караганда айтканынан кайтчудай корүнбойт. Ары ойлонуп, бери ойлонуп туруп, акыры: «Миртемир аке, эгер сиз кетсеңиз, озүңүздүн чоңдорунузга гана эмес, силерди узатып жүргон биздин чондорго да таарынып кеткен болосуз. Биздин да сиздикиндей партиялык (биздин да маданият бөлүмүнүн башчысы кошо жүрүп аткан) кожоюнубуз кошо жүрбөйбү. Сиздин мындагы кожоюнуңуз ырына «партия» деген бир сөздү кошуп койбогонуңуз үчүн күнөолоп жатышса, мени эки элдин достугуна доо кетирдиң деп айыпташат. Эгер мага ушундай саясый айыпты ыраа корсонүз, кете бериниз»— десем, кудай жалгап башын шылкыйта ойлонуп туруп калды. «Ха-а бу гапиниз хам тугри, Жунайдилла»— деди бир маалда а киши кабагы жазыла берип. — «Тугри айтияпсиз, саясий айип коюшка маш да бу киспурушлар» — деди эми озүнүн чондоруна биздин чондорду да кошо согүп.

Мына ошентип, Миртемир аке ошондо мени аядыбы, же озүнбү, кетип калса, озүнүн да «күноосу» артмак да, иши кылып кетпей калган.

СӨЗ АЯГЫ

Бул эки окуянын ортосунда үч жыл отүп кетти дебедимби. Соз болгон Декададан кийин бир ай отүп-отпой (декада июнь айында оттү эле) кызматтан эми кетейин деп жатканымда кабинетке Иззат Султанов кирип келди. Ээрчиткен бир-эки балдары бар. Курорттогулардай женил-желпи кийинген. Ысык-Колдон дем алыш үчүн келиптир. Эч кандай путёвкасы жок келе бериптир. «Жазуучулар союзу кантип эле үч-торт путёвка таап бере албасын. Табышат — деп келе бердик. Янгиниз хам эшикта машинада отурупти» — дейт.

Кыскасы, а кишинин отүнүчүн эртеси ар кайсы жерге-мекемелерге телефон чалып атып, бир пансионатка жайгаштырмай болдук.

Убакыттан пайдаланып мен Иззат Султановичтен ошол үч жыл мурдагы биз күбо болгон окуяны эсине салсам, күлдү: «Мейманларыбыз байкабагандыр деп жүрсок, билип калган экенсинер да. Саясат деген баарыбызда бирдей эмеспи. Андайлар силерде деле болушу мүмкүн. Чын эле мени ошондо чондорубуз, Шараф Рашидович баш болуп, жаман көрүшүп калды. Копко чейин иштен четтетип да ташташты. Бирок, биздин Рашидов абдан эстүү киши. Экинчи жагынан озү да жазуучу эмеспи. Чынын айтуу керек, Өзбекстанда жазуучу деген эл ушул кишинин тушунда чоң кадыр-баркка жетиштик. Жазуучу деген эле аты болсо, кайда барбасын райкомдун биринчи секретарлары тосуп алышып, оздорү узатып жүрүшот. Шараф Рашидович озү да кайда барбасын, аны тоскондордун арасында жазуучулардан болсо, биринчи ошого кол сунат. Китеп чыгарыш, гонорар жагын айтпай эле коёюн. Мына ошол Рашидович озү чакырып, кийин кайрадан жарашканбыз. А киши ошондогу нааразылыгын айтты. Туура айтты. Менин кежирлигимен кеткен катачылык эле. Мойнума алдым. Орус тилинде жасап койсом эле баарысы жайында болуп калмак.

Жарашып алганыбыз жакшы болгон экен бир аз акча жыйналып калды эле, Шараф Рашидовичтин озүно кайрылсам, «Волга» машина бергизбедиби. Өзүңөр билесинер, бул машина азыр дефицит. Мына ошо кишинин берген машинасына отургандан кийин сүйүнгонүбүздөн:

«Кыргыз туугандардын колү кайдасын» — деп ушул жакты карай жүро бердик» — деп күлдү...

1968-жыл.

ЭКИНЧИ САБАК

1968-жылы Темикенин (Темиркул Уметалиевдин) 60 жылдыгын белгилемей болдук. Тойду өзү туулуп-өскөн айлынан баштоону чечтик. Жайдын чатырап турган кези. Аксы жергесинин чырайы жылдын ушул мезгилинде сыртына чыгат. Аркыт... Сары-Челек... Пача-Ата (Кашка-Суу)... Авлетим... Тегене... Кожо-Ата... Койчу, май айынан тартып райондорубуздун кайсы бурчуна барбагын, ал бойго жеткен сулуудай жан кумарын арттырып, делебени козгоп, көңүл кушун оболотуп туруп алат...

Темикенин юбилейин ушундай маалга тушташтырдык.

Бул тойго байланыштуу биздин районго юбилейди өткөрүү боюнча түзүлгөн комиссиянын председатели Чынгыз Айтматов баштаган комиссиянын бүт курамы бармай болду. Алардын барышына карата даярдык иштерин жеринде жүргүзүү максаты менен мен жайкы отпускамы алдым да ал жакка эртерээк кеттим.

Мен – Темикенин жердешимин, нары союздун жетекчилеринин биримин. Ошондуктан, бул иш чаранын өз деңгээлинде өтүшү үчүн баарынан көбүроок мен эмгек кылышым керек да.

Темикенин 50 жылдыгында партиянын областтык комитетинин үчүнчү секретары баштаган атайын делегация келген Фрунзеге. Ошондо жердештери кундуз жакалуу түлкү ичик алып барышканын билчүмүн. Анткени, ал делегациянын курамында менин бир тууганым – колхоздун башкармасы Субанкул да бар болучу. Мен өзүм келе албагандыктан райондун типографиясында атайын калың кагазга бронза менен Темикеге арнаган ырымы бастырып ошо Субанкулдан берип жибергенмин. Менин ал белегиме жооп кылып, кайра Субанкулдан юбиляр мага А.С.Пушкиндин статуэткасын берип жиберген.

Андан бери арадан он жыл өтүп кетти. А киши эми 60 жаш курагына келип отурбайбы. Демек, жердештери, биз, бул жолку юбилейди андагыдан да мыктылап өткөрүүгө милдеттүүбүз. Менин отпускамы ушу датага тушташтырганымын себеби да ошол.

Районго келгендин эртеси эле райкомдун биринчисине кирип, жакында бул юбилейге карата районго кимдер келерин, юбилейди райондо өткөрүүнүн программасы, а түгүл юбилярга кандай белек даярдаш керектигине чейинки оз оюму айтып чыктым. Биринчи секретарь баарына макулдугун ошонусу менен билдиргендей баш ийкеп гана отура берген.

Эки күндөн кийин мени райкомго чакырышат. Барсам, биринчи: «Сизди Мураталиев байланыштыргыла деп жатат» – дейт. Анан ал өкмөттүк телефону менен Фрунзени тез эле алып берди.

Бейшенбай Тоголокович менин саламыма алик алгандын ордуна:

– Силер ал жакта эмне кылып жүрөсүнөр? – деди.

– Отпускада жүрүп атам, Бейшенбай Тоголокович – дедим.

– Отпусканы ким берди? – деди. Саамга жооп бере албай калдым. Анан:

– Секретариатта чечкен элек – дедим.

– Силердин секретариат ЦКнын секретарынан жогору турабы? – деди Бейшенбай Тоголокович. Мен дагы унчукпай калдым. Борбордук Комитеттин секретары дагы суроо узатты:

– Силерди жазуучулар союзунун секретарлыгына союздун секретариаты эмес, ЦКнын секретариаты сунуш кылган, унутуп койдуңарбы эки жылда эле? Силер деген ЦКнын номенклатурасындагы кызматкер болуп эсептелесинер. ЦКнын бюросу бекитти беле? – Бейшенбай Тоголоковичтин үнү улам бийиктеп баратты.

– Ооба – дедим.

– Демек, отпусканы да ЦК менен макулдашып алуу керек болчу, – деди.

Мындай тартипти, чынымды айтайын, билген эмесмин. Муну көптөн бери Жазуучулар союзунун биринчи катчысы болуп иштеп келаткан киши эскертиши керек эле да мен ага отпуска тууралуу кайрылганда.

Отпуска алуунун алдында бардык ишти ошол биринчибиз менен кеңешкенмин да. Комиссия баргычакты аерде кандай жумуштарды аткарууну да макулдашып кеткемин. Ошондуктан, маселенин ушул жагы мени таң калтырып жатты. Тиги кишинин айрым суроолоруна жооп табалбай буйдалганым ошондон.

Мураталиевдин акыркы суроосу мурдагыларынан да катуу угулду:

– Ал жакта кандай чоң той өткөргөнү жатасыңар?

Бейшенбай Тоголокович «Сиз» дегендин ордуна дайыма:

«Силер» деп сүйлөөрүн эки жылдан бери жакындан иштешип келаткандыктан, билип калганмын. Борбордук Комитеттин идеологияны тейлеген секретары болгондуктан, ал биз менен тез-тез сүйлөшүп турчу.

Мураталиев – менин байкашымча билимдүү да, акылдуу да, чырайды да кудай жакшылап берген. Ушундай сапаттарынан го, ар кандай кишини бир сүйлөшкөндө озуно тартып алчу касиет бар эле анда. Ушундай артыкчылыктары үчүн мен аны ичимден абдан жактырып, абдан сыйлачумун. Анын үстүнө, эки жылдан бери бир жолу да катуу үн чыгарып, бироолорду кагып-силккенин укkан эмесмин. Ошолордун ичинде мага да. Дайыма жыбылжып акырын, нары маанилүү сүйлөөр эле.

Азыр ал адамды такыр тааныбай жаттым.

Акыркы суроосуна жооп бергенимче, а киши дагы:

– Ошол жерде өткөрүлчү иш чаралар үчүн силер керт башынар менен ЦКнын алдында жооп бересинер – деди да трубканы коюп койду.

Баятан бери биздин тигиндей «сүйлөшүүбүзгө» гана күбө болуп үндөбөй отурган райкомдун биринчи секретары эми тилге келди:

— Кечиресиз, Жунай Мавлянович, мен иштин мындай оборот алып кетерин такыр ойлобоптурмун. Сиз менен юбилей тууралуу сүйлөшкөндөн кийин обкомго, идеологияны тейлеген секретарга телефон чалганмын. Аларды билишет го дегенмин. Көрсө, билишпейт экен. Ошондуктан, экөөбүздүн ортобуздагы болгон сөздү айтып бергенмин. «Бизге эмне үчүн айтышпады экен. ЦКдан сурап көрөйүнчү деп калган эле. Демек, ошондон кийин ал Мураталиев менен байланышкан го», — деди мени аягандай түр менен.

Эми баары түшүнүктүү болду. Бул дагы бир сабак. Биерден да мен баягыда Малик айткан партиялык «тартипти» түшүнө бербегенимми көрсөттүм. Партиялык тартип ушундай экен да: жогорку жагы көрсөтмө бермейин төмөнкү жагынын колу-буту байланууда тура. «Бул маселе боюнча Борбордук Комитетте каралып, анан областка тиешелүү көрсөтмө берилди бекен?» — деп райкомдун биринчиси менден сураган эмес экөөбүз сүйлөшкөндө, сураса да мен ага оң жооп бере алмак эмесмин, анткени, өзүбүздүн союздун биринчи секретары: «Жуке, сен эч нерседен камтама болбой бара бер. Жанагы айткандарыңы мен толук колдойм. Барып, аларды аткарууга кирише бер. Быяктагы иштердин баарын өзүм бүтүрүп коём» — деген да. Ошо кишиге ишенгем.

Бейшенбай Тоголоковичтин жанагы: «Бардыгы үчүн ЦК-нын алдында керт башынар менен жооп бересиңер» — дегенинен кийин көзүм ачыла түштү. Биринчи эле мындагы тойду откоруунун план-программасынан «кымбат баалуу белек» деген пунктту алдырып таштадым. Ушул белек-бечкектер тууралуу чыгармачыл уюмдарда, айрыкча, жазуучулардын арасында мен союзга барганга чейин да, кийин деле коп соз болуп жүргонү эсиме түштү. «Калпак, анан койнок-кончок сыяктуу гана женил-желпи белектер болсун» — деп чечтик райкомдун биринчиси менен. Мындай чечимге райондун жетекчиси, албетте, сүйүндү. Жүктүн оорун ошол котормок да. Өз чөнтогүнөн бербегени менен бардык чыгымдарды райондогу чарбалар аркылуу ошол уюштурмак.

Ошондон бир апта отүп-отпой районго юбилейлик комиссия толук курамы менен келип калды. Эл менен биринчи жолугушууну райондун борборундагы Маданият үйүндө откордук. Чогулушту Чынгыз ачып, юбилярдын өмүрү, чыгармачылыгы жонүндо айтып берди. Андан башка дагы он чакты киши сүйлодү. Алардын ичинде Темикени мен да куттуктадым.

Экинчи жолугушуу программа боюнча Уметалиевдин айылында — Тегенеде отмок. Ал жакка ден соолугуму шылтоолоп,

мен барбадым. Бейшенбай Тоголоковичтин жанагыдай катуу эскертүүсүнөн кийин ошондой чечимге келгенмин. Бул тууралуу райкомдун биринчи секретары гана билди. Ал эми Фрунзе менен алигидей сүйлөшкөнүмү мен башка эч кимге айткан жокмун. Коноктор андан кийин Аркытка, Пача-Атага да барышат. Райондун жетекчиси – экообүздүн жаңыдан түзгөн план-маршрут ошондой.

Бирок, ал экообүз маакулдашканды юбилярдын айылдаштары белек-бечкек маселесине келгенде бузуп жиберишиптир. Башына калпак, анан көйнок-кончок деп чечпедик беле. Аны аердеги совхоздун жетекчилери «майда» деп эсептешип, баргандардын эркектерине бирден саат (Темикеге калпак, чепкен кийгизүү менен), аялдарына бирден жүн жоолук (Темике менен Чынгыз жубайлары, бала-бакыралары менен барышкан болчу) салышыптыр.

«Чырдын башы – Көкотойдун ашы» – дегендей кийин сөз болуп жаткан той тууралуу Борбордук Комитетке түшкөн «сигналда» негизги «компромат» ошол сааттар болуптур. Корпусу сары металлдан жасалган, баасы отуз сомго жетип-жетпеген (аларды ошол жердеги эле дүкөндөн сатып алышкан экен) саттар «алтын сааттарга» айланып кетиптир. Козу союлса – кой, кой союлса – тай, тай союлса – бээ союлду болуп жетиптир Борбордук Комитетке түшкөн материалда.

Мен отпускамды бүтүп келгенден кийин Мураталиевде болдум. Бирок, баягы телефондо сүйлөшкөндөн кийин мен күткөндөй Бейшенбай Тоголокович бу сапар опурулуп-жапырылган жок. Адатынча сылык-сыпаа, нары акырын сүйлөшүп отуруп, менден кеткен кемчиликтерди санап айтуу менен уялтты.

«Силер көңүлүңөргө албагыла. Жазуучулардын кээлери оздөрү катышып, өздөрү бирге ичип-жеп алышып, а түгүл белектерди да бирге алышып, анан биринин үстүнөн бири жаза беришет экен. Үч-төрт жылдан бери алар менен жакындан иштешип калбадымбы. Силер бир шылтоо таап, ал жакка барбай койсоңор абдан акылдуулук кылган болот элеңер. А силер тескерисинче, ал жакка эртерээк баруунун шылтоосун издегенсинер. Мени менен кеңешсеңер жибермек эмесмин жердешиңердин тоюна. Ошонун тегерегинде сөз болорун билем да. Мындан ары этият болгула. Ар кандай ушак-айың сөздөрдүн чыгышына повод бериш керек эмес жетекчилер. Түшкөн арыз боюнча атайын киши жиберип, жеринде текшертип көрдүк. Жакшы, андагы көрсөтүлгөн фактылар негизинен аныкталган жок. Антпесе, кызматыңар жөнүндөгү маселени кароого мажбур болот элек. Көп жылдардан бери жазуучулар союзунда өкүм сүрүп келаткан ыйкы-тыйкыларды али да жакшы байкай элек экенинерди көрсөттүңөр бу жолку ишиңер менен. Силерге ошондойлордон таза, нары калыс деп ушул кызматка алып келгенбиз

да. А силер болсо...» — деп Бейшенбай Тоголокович сөзүнүн аягына чыкпай токтоду. Бирок, мен бардыгын түшүндүм. Бул сүйлөшүү мен үчүн дагы бир сабак болду.

Мураталиев менен райондон, отпускадан кийин Фрунзеден сүйлөшкөнүм тууралуу бул окуяга катышкандардын бирине да айтканым жок. Биерде Чыңгыз менен Темикеден башкаларынын аттарын атабаганым да ошол себептен. «Борбордук Комитетке түшкөн арызды кимибизден көрүштү экен?» — дегендей шектенүү болбосун үчүн ушуга барууга мажбур болдум.

* * *

Темикенин бул сөз болуп жаткан юбилейине байланыштуу эсте калган дагы бир нерсе — союздун жетекчилери Темикеге «Эл акыны» деген ардактуу наамга көрсөтүүнү чечтик. Буга чейин мындай наам бир гана кишиде — Аалы Токомбаевде бар эле. ага бул наам согуш маалында 1944-жылы ал 40 жашка чыкканда жана чыгармачылыгынын башталганына 20 жыл толгонуна байланыштуу ыйгарылган. Андан бери чейрек кылымга жакын убакыт отсо да эч кимге берилбей келаткан.

Ушуларды көрсөтүп, Борбордук Комитетке кат менен кайрылсак, алар биздин бул демилгебизди колдоо менен бирге андай наамга татыктуулардан ал тизмени кенейтүүнү сунуш кылышты.

Ошентип, ал жылы улуттук адабиятыбызды түптөшкөн жана андан ары өнүктүрүп-өстүрүүгө кошкон зор салымдары үчүн алты акын жана жазуучуларга Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун УКАЗЫ менен бул багыттагы эң жогорку наам — «Эл акыны», «Эл жазуучу» деген наамдар ыйгарылды. Алар булар эле:

1. Темиркул Уметалиев
2. Кубанычбек Маликов
3. Касымаалы Баялинов
4. Касымаалы Жантошов
5. Түголбай Сыдыкбеков
6. Чыңгыз Айтматов.

ДОО КЕТТИ

Мен ит минген кедей тукумунанмын. Жети атамдан бери эле оокат-аштуулардын иретесинде жүрүп өмүр өткөрүшүптүр. Эркектери алардын малын кайтырп, отунун алышса, катын-калачы кожоюндарынын тамак-ашын бышырышып, кир-когун жуушуп, башкача айтканда, алардын отуну менен кирип, күлү менен чыгып жан багышыптыр. Ошол башынан бироолөрдүн козүн карап турмуш кечирген ата-бабаларымын кешигинен мен да ичип калдым. Ичкеним ошол — алты жашымда ата-энем эшигинде жүргон орустун каздарын кайтара баштадым. Кий-инчирээк чочколорун, уйларын да кайтардым. Бара-бара биздин айылга жакын жердеги шаарда жашашчу бай татарлардын да кызматын кылууга үлгүрүп калдым. Кенеш өкмөтү чыкпаса, мен да ошолордун эшигинде жүрүп, өмүрүмүн аягына чыкмакмын.

Ошентип, кедей-кембагалдардын, жетим-жесирлердин мен сыяктуу балдарын ата-энелеринин жолун жолдоодон кенеш өкмөтү куткарып калды. Он алтыга келгенимде шаарда жаңы ачылган «интернат» дегенине алиги кенеш өкмөтүнүн вакилдери мендейлерди айылдан-айылды кыдырып жүрүшүп, жыйнап алып барышты. Жардылык аздык кылгансып, элди каптаган кара тумоодон улам ата-энемен ажырап, «тумалай» жетим атанганыма да үч-торт жыл болуп калган анда.

Дээримде бар беле, же кожоюндардан көрбөгөн камкордукту мындан көрүп, жебеген тамак-ашты мындан жеп, укпаган жылуу-жумшак сөздү мындан угуп, кийбеген кийимди мындан кийгенге ынтаам күчөп чыккан белем, мугалимдердин, тарбиячылардын айткандарын — айткандай, дегендерин — дегендей жаттап алчу болдум. Орус тилин билгеним да коп пайда берди окшойт. Кыскасы, жакшы окудум. Тагдырды карасаң, мага окшоп мурда кыргыздын, орустун, татардын байларынын эшигинде жүрүп мал жайган, талаа-түздөн, отун алган тоо-таштан жолугушуп, орусча да, татарча да кыргызча да сүйлөшө берчү балдардын бир тобу менен ушул интернаттан дагы жүз көрүштүк.

Эки-үч жылдан кийин мага окшоп жашы отүп бараткандарды ичкерки шаарларга: Ташкенге, Алма-Атага окууга жонотүштү. Мен Ташкенге кеттим, САКУдан окуп калдым. Адегенде, анын даярдоо курсунан окудум. Аны бүткөндөн кийин советтик, партиялык кызматтарда иштей баштадым. Адегенде райаткомдун торагасынын орунбасары, анан торагасы, райкомдун секретары болуп иштеп жүрүп, согуштун алдында түштүктогү эки областтын бирине областтык аткаруу комитетинин торагалыгына котөрүлдүм. Мына ошол кызматта жүргонүмдөгү бир окуя эсимен чыкпай келет. Аны эстегенимде, азыр деле бейма-за боло түшөм. Чынын айтсам, ошондо биринчи жолу жаңы

өкмөтко, жок, өкмөтко эмес, анын башында тургандарга болгон ишенимине, ыкласыма доо кеткенсиди. Интернатка келген күндөн тартып, кеңеш өкмөтү, дүйнөдөгү эң калыс, эң адилет өкмөт деген түшүнүк жүрөгүмөн биротоло моор болуп басылып калган. Эми ошого доо кетип калгансыды.

...Адатымча эрте мененки тогузга жетпей кабинетиме келсем, отуруп-отура электе үч телефондун бири шыңгырап калды. Ала койсом, тааныш үн, Фрунзеден. – Үйүңүзгө чалсам, чыгып кеткен экенсиз. Силер убактынардын көбүн райондордо, чарбаларда откорот эмессинерби. Ошондуктан эртелеп чалып калганым, – деди алиги тааныш үн. Аксакалдын жардамчысы.

– Кулак сизде – дедим адатымча мандайымдагы кутулардан даяр кагаз, калем алып, стол үстүндө жатчу калың айнек бетине коё берип.

«Аксакалдын кезектеги көрсөтмөсүн айтат го» – деп ойлодум. Аны жазып алышым керек.

– Аксакалдын бу жолку тапшырмасы сиздин өзүңүзгө гана тиешелүү, жазып алыңыз, – деди жардамчы.

– Айта бериниз – дедим.

– Аксакалдын кайнатасы менен кайыненеси баратышат силерге курортко. Эртең эртең менен барышат. Поезддин барар саатын аерден билесиз да. Өзүңүз тосуп алыңыз. Анан жакшылап жайгаштырасыз. Тез-тез кабар алып турууну да унутпасаныз – деп, жардамчы анан тиги экөөнүн кайсы вагондо экенин, болжол менен жаштары канчада, кандай кийимчен экенине чейин жаздырды.

Аны менен сүйлөшүп бүтөрүм менен темир жол станциясынын начальнигине телефон чалдым. Мен өзүм жазып алганды ага да айттым да «Өзүң мени менен кошо чыгып, аларды тосушасың», – дедим келаткандардын ким экенин түшүндүргон соң. «Куп, болот», – деди ал чоң кишинин жек-жааты менен учурдан пайдаланып, таанышып калууга астейдил экенин билдиргендей сүйүнүчтүү үн менен. – Тиешелүү кишилериме эскертип коём. Сиз айткан вагон менин кабинетимин тушуна келгенде поезд токтой турган кылып уюштурушат – деп кошумчалады ал.

...Начальник айтканын аткарыптыр. Эртеси перронго чыгып, анын кабинет тушуна турсак, жашыл вагондорду чиркеген кара паровоз «күш-күш» эте акырын алдыбыздан өтө берип токтогондо карасам, аксакалдын кайнатасы менен кайыненеси түшкөн вагон тиги табыштагандай эле так тушубузга токтоду. Кара баркыт шырмал топучан, этеги тизесине жете шалбыраган ак көйнөк үстүнөн жеңсиз бозумтук жука кемзел кийген киши таяк таянып жүрчү. Анда көрк үчүн кармаса, азыр карылыгынан кармангани жай кыбыраган караанынан көрүнүп турду. Өңү-түсү

да тааныш. Чалынын колунан кармаган бойдон тамбурдун тепкичине бут коё бергенде кемпирин да таанып калдым. Менин бир кездеги кожоюндарыман булар. Болгондо да акыркылары. Ушулардыкында жүргондө, талаадан нары алып кетишкен мени интернатка. Өздорү тамактанып бүтмойүн, кешик артмайын бизге (үч бала жүрчүбүз анын эшигинде) эч нерсе бербеген, оздорү жашачу үйдүн босогосун биздейлерге такыр аттатпаган, тошончүорунубуз, идиш-аягыбызга чейин макоолордукундай кылып болуп тацтачу кожоюндарыбыздын бири ушулар. Көрорүм менен денемин жыйрылганы ошондон. Далай жолу таягын жеп, соокту тепчип өтүп чучукка жеткен заар создорүн укканбыз булардын. Ошондуктан, аларды көройүн деген козүм жок эле. Жыйырма жылча болуп калган алардан караан үзүп кеткениме. Тагдырды карабайсынбы, минтип кайрадан алар менен жүзөштүрүп отурганын...

Жакын келгенде, тигилер да мени таанып калышты окшойт. Муну экоонүн мага тике карай алышпастан жалтакташкандарынан байкап калдым. Алар да мени менен кездешебиз деп ойлошпосо керек.

Ошентип, учурашуубуз эки тараптан тең суз болгону билинип турду. Муну берки начальник байкадыбы, жокпу, билбейм.

Эгер уктап, убагында тура албай калсаң, буту менен тээп ойготчу бизди. Ошентип, бизди короочу итине да теңебей жүрчү кесирдүү кожоюндарды ушинтип өзүм барып тосуп алганымы баягы эки досум укса, (экоо тең бу кезде жооптуу кызматтарда жүрүшөт) менин бетиме түкүрүп, достуктан кечип кетишээри аныk.

Бирок, тигилерди таштап кете албадым. Курортто чондор үчүн, алардын жек-жааттары үчүн атайы үй бар. Жасалгасы жакшы, таза. Дааратқана, суусуна чейин ичинде. Тамакты да аердегилерге ашканадан ташып беришет. Үч бөлмодон турган мына ошол үйдү кечээ тыяктан кабар болору менен курорттун башкы врачына телефон чалып, булар үчүн даярдатып коюуну тапшырган элем. Аным үчүн да ичимен азыр окүнүп алдым. «Жок, ал үйго жатышпайт булар» — деп чечтим озүмчо.

...Курортко алып келдим. Башкы врач жанагы мейманкананын жанынан тосуп алды бизди. Тиги экоон ичкериге отургузуп коюп, башкы врачты ээрчитип сыртка чыктым. «Башка үйго көчүр булардыы» — дедим ага тышка чыккандан кийин. Врач мага таңдана тиктеди. Бирок, ага мындай чечимдин себебин айтканым жок. Бирден болмосу бар, далистүү үч-төрт үй бар. Ошолордун бирине көчүрүүнү тапшырдым. Аларда эки кереветтен башка жасалга жок. Жок дегенде ушундай жол менен болсо да «өч» алгым келди тигилерден.

Кайра алигилердин үстүно кирдим да: «Кечиресиздер, мени тиякта жумуш күтүп атат. Биягын мына бул башкы врач өзү жайгаштыра берет» деп коюп, чыгып кете бердим.

...Түштонгонү үйгө барганымда кечетен бери бүлүнүп жүрүп тоскон кишилерим кимдер болуп чыкканын аялыма айттым да, андан улам пайда болгон оюму да билдирдим: «Тосмок эмесмин алар ким экенин билгенде. Аксакалдын кайната-кайыненеси болмоктон, пайгамбардыкы болсо да эми алардан кабар албаймын. Аксакал эмне десе, ошо десин. Кызматтан айдап салса да, мейли. Алардын жүзүн экинчи көрбөсөм экен деп жүрчү элем, аргасыздан көрүп калдым. Кайдан жүрүп аксакал мурдагы байдын кызына үйлөнүп калды экен? Ичкерки шаарлардан окушканда табышкан го. Мейли, табышса – табышсын. Бирок, мен бир кезде конулумду кок талкандай калтырышкан кишилерге кызмат кыла албайм» – деп, аялым алдыма койгон тамакка деле карабай кейий бердим, наалый бердим...

Жардылыктын, анан жетимдиктин айынан таш боор кожоюндарыман коргон кордугуму баш кошкондон бери далай жолу укканга бы, зайыбым да бул пикириме каршы чыкпады. Бирок, ойлонуп калды. Эстүү жан тыягын да, быягын да ичинен териштирип жатты окшойт. Бир маалда: «Эч нерсе дей албаймын, Кубан (атым – Кубанычбек). Өзүң бил. Бала кезде муздаган жүрөктү ысытыш кыйын окшойт го. Бирок, сен барбасаң да, мен барып турайын. Жок дегенде жумасына бир жолу кабар алып турайын. Козу союп барбасам да, тоок-соок бышырып дегендей. Антпесек адамгерчиликке жатпай калат го? Атайылап, тыяктан телефон чалып, табыштабаса да мейли эле. Аксакалынын өзүнүн тапшыруусу боюнча чалышкан да. Сен барбасаң – барба, бирок, мени тыйба. Барып турайын. Ал эми сенден аларынышып кетсе, Фрунзеге барганда а кишиге озүн түшүндүрүп коёрсүң. Себебин укканда кийин ал адам да таарынбас» – деп, аягында ал мени жоошуткандай болду.

Андан ары ошол аялым айткандай иштедик. Мен ошентип, алар эс алып жаткан кезде бир жолу да барганым жок. Зайыбым барып турду. Өзү айткандай бирде тоок бышырып барса, бирде аш басып барып жатты. Бирок, ал барган сайын анын дасторконун ачпай туруп тигилер анын астына чети араң бузулган баш, куймулчак, жамбаш жана башка жиликтерди, момочөмөлөрдү коюшканын айтып келип жүрдү. Кийин уксам, аларды үзбой жеткирип турган коңшу областтын мен ондонгон эле областтык аткаруу комитетинин торагасы экен. Дем алыш сайын козусун союп, тамак-ашын жүктоп озү келип туруптур. Ал эми башка күндөрү карамагындагылар кезектешип катташыптыр.

Курорт биздин областтын аймагында эмеспи. Анын кем-каржысы боюнча башкы врач дайыма мага кайрылып турчу да. Ошол айтып берди бир жолку мага киргенинде тигилердин алабалын сурап калсам.

Жыйынтыгы эмне болду дебейсизби алигидей эки башка мамиленин? Жыйынтык да кийин ошол мамиледей эки башка болуп чыкты. Коңшу областтын аткаруу комитетинин төрагасы жыл өткөн сайын чоңоё берди, чоңоё берди. Мен болсо, ошондон тартып (Фрунзеге бир жолу келгенде баягыда зайыбым айткандай аксакалга чогулуштан кийин атайлап кирип, бала кезден көргөн азап-тозогумду айтып берип, ошондон улам тиги кишилерге жылуу мамиле кыла албаганымды түшүндүргөнүм да пайда берди) жыл өткөн сайын улам төмөндөп жүрүп, акыры айлыма барып токтодум. Колхоздун ферма башчылыгынан пенсияга чыктым.

Ошондо биринчи жолу кеңеш өкмөтүнө, жок ага эмес, анын башында отургандарга болгон ишенимиме доо кетти.

40 ЖЫЛ БИЙЛИК БИЙИКТИГИНДЕ

Согуштун кан майданынан кайтпай калган мугалимдердин ордун тезирээк толтуруш керек болгон го, 1948-жылы Жалал-Абадда мугалимдер институту (эки жылдык) ачылып калды. Ага бизге окшоп согуштун алдында, же согушка аралаш мугалим болуп иштеп туруп, анан фронтко барып келгендер гана эмес, орто мектепти жаны эле бүткондордон да келип кириштн. Ошондойлордун бири — а кездеги Ленин районуна карашгуу Рахманжан атындагы (Рахманжан — согушта эрдик көрсөтүп курман болгон ошол айылдык офицер) колхоздон келген Өсоров Арзимбек деген илмейген арык, ирени кесектей боппоз, орто бойлуу, көз карашы зирек бала эле.

Аталган институтта окуган эки жыл ичинде тапкан менин эң жакын досторуман болуп калды ал кийин. Мындан башка факультетте окуганына карабастан Балтагулов Атамырза, (кыргыз элинин көрүнүктүү уулдарынын бири, ири мамлекеттик жана коомдук ишмер — Балтагулов Торогелдинин бир тууган иниси) озүмүн факультетимен — Сейиткулов Медетбек дегендер менен институтта гана эмес, ушул убакка чейин кубанычыбызды да, кайгыбызды да болүшүп келатабыз.

Мугалимдик институтту бүткөнү менен жоон топ курбуларыбыз партиялык-советтик кызматтарга, ошолордун ичинде Атамырза менен Арзимбек партиянын райондук комитетинин секретарлыгынан тартып, Борбордук Комитетке чейинки кызматтарда жүрүшүп, анан пенсияга чыгышкан. Кызмат аларды далай бийлик адамдары менен тааныштырган да.

Биздин Кыргызстанда бийлик мунарасынан түшпой 40 жыл отурган, ошондуктан, «Эл атасы» аталып кеткен Кулатов жөнүндө Өсоровдон укканларымы кагазга түшүрүп коюуну туура таптым. Анда эмесе, соз тизгинин Арзимбектин озүно карматалы:

— 1961-жылы эле. Борбордук Комитеттин жооптуу уюштуруучуларынан болуп иштеп калганмын. Мендейлер — Борбордук Комитетте — тогузбуз. Ар бирибизге бөлүнгөн райондор, шаарлар бар. Ошол жердеги партиялык-саясий, чарбалык жана маданий иштерди уюштурууга жана аларга көзөмөл болууга милдеттүүбүз. Өзүңүз билесиз, Жалал-Абад институтун бүткөн бойдон андан ары окубай калганмын да. Жогорку билим керек эле, болгондо да саясий жактан. Партиялык кызматтарда иштеп калбадымбы. Ошондуктан, сырттан болсо да бүтүп алайын деп Алматыдагы жогорку партиялык мектептен сырттан окуй баштадым. Кышында, жайында анын сессияларында болчумун. Бу жолу да келген чакыруу кагазына ылайык кезектеги сессияга — акыркы сессияга барганы жатканмын. Ушу маселе боюнча озүбүздүн болүм башчыбыз (партиялык-уюштуруу болүмү), Лев-

ченко Николай Павловичке кирдим. Ошондо а киши мага мындай тапшырма берип жатпайбы: «Жакшы келдин. Мен озум да чакыртмакмын сени эртели-кеч. Сага бериле турган жооптуу партиялык бир тапшырма бар. Торобай Кулатович менен бирге кетесин. А киши да быйыл бүтөт партиялык жогорку мектепти. Бирге барып, мейманканада да чогуу жасайсынар коншу болмолордо. Тыяк менен сүйлошүлдү. Экзамендерге да бирге даярданасынар. Кыскасы, сен аксакалды ошол жактан озүн менен кошуп дипломдуу кылып келесин. Бул менин тапшырмам эмес, Исхак Раззаковичтин тапшырмасы. Түшүнүктүүбү?» – деди анан Николай Павлович.

«Түшүндүм» дедим.

Мурда чогулуштардан гана корүп жүргонүм болбосо, Кулатов менен жакындан сүйлошкон жан эмесмин. Жогорку Советтин Президиумунун Председатели, СССР Жогорку Советинин 1937-жылдан берки туруктуу депутаты, КПСС БКнын мүчолүгүно кандитат, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1937-жылдан бери Бюро мүчосү болуп эсептелген адамдын билими чынымы айтсам, буга чейин ойго да келбептир.

Корсо, а кишиде жогорку эмес, орто деле билими жок тура. Бул үчүн, албетте, ал озү күноолүү эмес. 1937–38-жылдарда ар кандай шылтоолор менен улуттук кадрлардын каймагы «эл душманы» аталып, айдалып, камалып, андан ары атылып жок болгон соң «жумушчу-дыйкандардын» катарынан кат-сабатына карашпастан жооптуу кызматтарга которо башташканы тарыхтан белгилүү да. Бул бир жагы; экинчи жагы, билимдүү – А.Сыдыков, Ю.Абдыракманов, Т.Айтматов, Эсенамановдорго карагандда Кулатов сыяктуу сабатсыз, же чала сабаттууларды башкаруу женилирээк эмеспи. Жогорку жактагылар иштин ушул жагын да эске алышкан окшобойбу.

Ошентип, белгиленген күнү Кулатов аксакалдын машинасы менен Алматыга жоноп кеттик. Аерде бир жарым айча чогу болдук. Мамлекеттик төрт экзамен тапшырууга туура келди. Ар бирине даярданыш үчүн он күндон беришиптир. Мурунтан чоңдорубуз «пландаштырып» коюшкандай аксакалдын «люксуна» жакын болмодон мага орун беришкен. Ошондуктан, дайыма бирге даярданып жаттык. А кишинин озүнүн отүнүчү боюнча ар бир экзаменге даярдыкты анын болмосүндо откоробуз. Билеттеги суроолорду мен окуп, анан аларга жоопторду да мен беришим керек... Торобай Кулатович угуп гана отурат. Күнүно эки-үч саат ошентип кайталап чыгабыз.

Кызмат даражасына жараша керкейсе керкейип, мени баласынтып койсо деле таарынмак эмесмин. Бирок, тиги адам табиятынан ушундай жонокой, ушунчалык карапайым экен, мени тез эле озүно үйүр кылып алды. Чарчай баштаганда: «Кана жигит, эс алалы. Уялба. Ийменбе менден. Биерде чон-кичине

деген жок. Экообүз бирдейбиз. А түгүл, сен менден чонсун. Билимиң жогору болуп атпайбы менден. Мага үйротүп дегендей. Жигиттик созүң болсо деле ортого сала бер, уга берем. Уялба» – дечү болду. Кээде, ал турсун, өзү биринчи болуп жаштык жаатынан ортого от «жагып» коёт жарыктык. Андайда өзү да каткыра күлүп, мени да күлдүрүп, бир кыйла сергип калабыз. Көбүнчо а киши чоңдор менен, Москвадагы чондор менен болгон мамилелеринен айтып бергенди жакшы корот. «Угуп кой жигит, керек болот, сага. Жашсын. Келечек силердики. Бизге окшогон чала сабаттуулардын доору бүтүп баратат. Аны сезип да, корүп да турабыз, билим болбогону менен. Акыл-эси жайында адам байкаса болот да».

* * *

1939-жылы Маскоодо кыргыз адабияты менен искусствосунун Декадасы болуп калды. Анын акыркы күндорүндо Чоң театрда «Айчүрок» операсы коюлду. Зал толо эл. Бир убакта адамдар «дуу» тура калышты. Корсо, Сталин, Молотов баштаган Саясий Бюронун мүчолорү капталдагы окмөттүк ложадан корүнгөн экен. Алар да залдагы өздорүно карап кол чаап жаткан калың элге кошулуп, бир топко чейин отурбай кол чаап турушту. Анғыча алды жакта отурган бизге бир жигит келди да биринчи секретарыбыз Вагов деген – экообүздү (мен анда Эл Комиссарлар Советинин төрагасымын): «Силерди жолдош Сталин чакырып атат» – деп ээрчитип кетти. Мага жолдош Сталин оң жагынан орун корсоттү. Сол жагынан Вагов отурду. Оюн башталды. Бир маалда ак куу болуп кубулган Айчүрок Семетейдин ак шумкарын алып качканда Сталин башын мен жакка бура берип: «Бул ким?» – деди. «Невеста богатыр Семетей» деген үч соз оозума араң кириптир. Шашып калганымы тиги киши, менимче, дароо байкады. «Башка суроо бербесе экен» – деп жаттым ичимен. Сүрү укмуш экен. Мынчалык жакындан биринчи корүшүм эле ал кишини. Кудай жалгап башка суроо бербеди. Алиги жообуман эле баарын түшүнүп койду окшойт даанышман киши.

Декадага атайлап даярданганбыз да. Москвадагы концерттен корсото турган оюндарыбыздын ичинде ушу – «Айчүрок», «Ажал ордуна», «Алтын кыз» дегендер бар болчу. Буларда эмнелер тууралуу соз болорун билебиз, анткени, озүбүз бир нече жолу барып коргонбүз. Анан аларды жазгандар, койгондор да айтып беришкен. Менин биринчи орунбасарым боло турган Ребров деген чогулуштарда менин сүйлой турган созүмү жазган, анан аны кайра-кайра окуп берип, өзүмө окуттуруп, машыктырып жүрчү орус тил мугалимим да ошол орунбасарым эле. Шахтёр эмесминби, аерде иштегендер дээрлик орустар эле. Бирок менин аерде билген орус тилим чоң болгондон кийин аздык

кылып калган. Ошондуктан, күнү-түнү окууга, тилди үйрөнүүгө мажбур болуп жаттым. Анан экинчи жагында баятан бери серендеп отурган Ваговго кайрылды:

«Сиз кыргыз тилин билесизби?» – деп сурады андан.

– Аз-маз билем, жолдош Сталин – деп жооп берди ал. Калп айтты. Бир сөз да билчү эмес кыргызча.

– Тигиндей чыгарманы жараткан элдин тилин аз-маз эмес, жакшы билиш керек, жолдош Вагов – деп койду сахнадан көзүн албай туруп.

Сталиндин ошондогу бир сөзү менен Вагов Декададан кайтып келерибиз менен атайын бюро чакырып, кыргыз тилин орус жетекчи кызматкерлердин арасында үйрөнүү жөнүндөгү маселени коюп, ал боюнча атайын чечим кабыл алдырды. Ал чечимге ылайык Борбордук Комитеттен тартып бардык жерде күн сайын кызматтан кийин эки саатча кыргыз тилин үйрөнүү боюнча орус кызматкерлерге сабактар отүлө баштаган. Сталиндин оозунан чыккан ар бир сөзү канчалык маанилүү жана жоопту экенин ошондо бир түшүндүм.

* * *

Экинчи марта жолдош Сталин менен 40-жылдын баш жагында жолугуштум. Өзбек туугандар Чоң Фергана каналын ашар жолу менен бир жарым айдын ичинде куруп таштап, бүткүл Советтер союзуна «дүңк» этти. Биз да ошондой жол менен Чоң Чүй каналын, Орто-Токой суу сактагычына, Когарт жолун, Фрунзе–Балыкчы темир жолу сыяктуу курулуштарды баштоону озубузчо чечтик да, анан Москоого кайрылдык. А кезде СССР өкмөтүнүн башчысы Молотов эле. Ошо кишиге жанагыдай чечимибиз менен Вагов мени жиберди. Молотов жылуу кабыл алды. Бирок, биздин демилгени колдобой койду. К кишинин ошондо айткандарынан эсимде калганы: «Каналды, жолду кетмен, күрөк менен каза берсенер болот. Бирок, кетмен-күрөк менен согушууга болбойт, жолдош Кулатов. Түшүнүп атасызбы мени?» дегенди ал киши эки-үч курдай кайталап жиберди. Мен түшүнүп аттым. Мен которуп турган документтерде тонналаган темир-тезек да бар эле. Молотов ошону айтып жатат. Ошол кездеги эл аралык авалды эске салып жатат. Ал тууралуу Москоодо өтчү ар кандай жыйындарда дайыма айтылчу.

Молотовдун тескери жообун телефон аркылуу Ваговго айтсам, ал:

«Жолдош Сталинге кириниз» – деди. Кагаздарымы которуп, эртеси Сталиндин жардамчысы Поскребышев дегенге бардым. Ага Молотовдо болгонуму, анан Ваговго званит кылсам, жолдош Сталинге кир дегенин айтып, которуп жүргөн кагаздарым эмне жөнүндө экенин эптеп чала тилим менен түшүндүрсөм, калың журналына жазды да: «Мейманканага барып жата бери-

низ. Өзүбүз чакыртабыз» – деп узатып койду. Ошол эле күнү түнкү саат он экилер чамасында бир жигит келип, мени машинасы менен Кремлге алып кетти. Саясый Бюро, Өкмөт түнкү саат эки-үчкө чейин иштеше берчү.

Сталин эшик алдынан тосуп алды. Бир колунда – чылымы. Кол берип учурашкандан кийин эле ордуна барып отурду да, мага орун көрсөткөндөн кийин эле Молотовду чакырганына караганда менин маселеми Поскребышев айтса керек деп калдым. Мандайыман муздак тер тепчиди. Бир жагынан бу кишинин сүрүнөн болсо, экинчи жагынан Молотовду чакырганынан. А кишинин үстүнөн арызданып келген болуп атпайбы.

Молотов дароо эле кирип келди. Ордуман тура калыптырмын. Эстүү киши менин авалымы түшүнө койду окшойт: «Отур» – дегендей бир колу менен ийнимен баса берип оттү да Сталинге жакын орундукка отура кетти.

– Вячеслав Михайлович, Сиз туура кылгансыз кыргызстандык жолдоштордун чечимин колдобой. Азыркы шарт ошондой. Бирок, кичинекей эл чоң ишке аттанып калыптыр. Азыркы учур канчалык кыйын болсо да, буларга азыраак жардам көрсөтүп коёлу, – деди эле, Молотов көз айнегин оңдогулап, унчукпай койду. Анан гана: «Мейли, Иосиф Виссарионович» – деди чоң башын ага карай бура берип.

Сталин анан:

– Жолдош Кулатов, маселе чечилди. Эми бара берсеңиз болот – деди коштошуу үчүнбү, козголо берип.

Үч күндөн кийин эле ВКП(Б) БКнын жана СССР Эл Комиссарлар Советинин биргелешкен чечими чыкты биздин республикага тиешелүү.

Союздук республикалар тарабынан коюлган маселелер дайыма ушундай тез жана так чечилчү.

* * *

Үчүнчү жолу жолдош Сталинге согуш маалында, 1943-жылы кирдим. «Эми өзүңүз барыңыз. Бул чатак маселе. Анын үстүнө менин тилим менен а кишиге маселенин жөн-жайын жеткире түшүндүрө албайм»– десем: – Жо-о-ок, тескерисинче, сиздин ошол чала тилиңизди эске алышы мүмкүн Иосиф Виссарионович. Нары шахтёрсуз. Ал адам жумушчулар менен кедейлерден чыккан жооптуу кызматкерлерге абдан чоң сый-урмат менен мамиле кылат. Ошондуктан, дайыма сизди жиберип жүрбөймүнбү. Дайыма ишти да бүтүрүп келип атасыз. Буюрса, бу жолу да жолуңуз болот, Төрөбай Кулатович» – деп биринчибиз кашайып туруп алды. коркуп атат. Билип турам. Экөөбүздүн тең башыбыз кетчү маселе, эгер а киши каарына алса. Борбордук Комитетке, Өкмотко тиешелүү органдардан:

«Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Кок-Жаңгак шахталарындагы жумушчулар көтөрүлүш чыгарууга даярданып жатышыптыр...»–

деген жашырын кат-билдирүү келип түшкөн эле. Шашылыш чара көрүш керек болду. Текшертсек, жогоруда аталган шаарлардагы ундун запасы бир аптага жетип-жетпейт экен. Фрунзеде буудай бар, бирок, ал согуш башталаары менен түзүлгөн Коргоо Комитети дегендики. СССР Коргоо Комитетинин башында болсо, жолдош Сталиндин озү турат. Ал комитеттин карамагындагылардын бардыгы — кол тийгис запас деп аталат, НЗ деп койчубуз. Алар жолдош Сталиндин буйругу менен гана чыгымдалууга тийиш. Ошондой чечим бар. Ал чечим бардык республикалар тарабынан кыйшаюусуз ишке ашып турушу керек. Ал чечимди аткарбагандар, же бузгандар согуш мезгилинин закону боюнча атууга чейинки жазага кириптер болору эскертилген. Бирок, ошол фонддун эгининен башка бизде эгин жок эле. Кенчилер которулуш чыгарса да, биринчи жоон бере тургандар. Вагов — экообуз. Жанагы фонддон эгин алсак да жоон берчу — экообуз. Ошондуктан тобокелге салдык. Коргоо Комитетинин биздеги окулун чакырып алып, Вагов экоолоп республикада түзүлгөн ал-ахвалды түшүндүрдүк. Үч жүз тонна буудай сурадык. Он күнго жеткирбей ордуна коюу шарты менен. Башка унаа жок болгондуктан арабалар гана эмес, огуздор, эшектер менен тиги Ысык-Колдон эгин ташып жатканбыз. Бар ишенгенибиз ошол.

Эки күн ойлонуп-толгонуп жүрүп, алиги окул акыры макул болду. Бирок: «Совнарком кат жазсын кайтарып берүү моонотүн корсотсүн» — деген шарт койду. Ал катка, албетте Совнаркомдун торагасы мен кол койдум. Ошондон кийин бир апта отүпотпой Коргоо Комитетинин баягы окулу келиптир: «Жолдош Кулатов, ойлоп-ойлоп отуруп акыры кат жазып коюуну туура таптым. Силердин катынардан кочүрмо алып калып анын озүно кошо тиркеп Микоянга жиберип койдум». Комитеттин азыктулук жагын ошол киши тейлейт эмеспи. Менимче, ал киши муну жолдош Сталинге жеткирбей озү эле чечип коёт. Билдирип койбосом, башка бир жолдор менен жетип калчу болсо, менин башым кетет да. Туура түшүнгүло» — деп ыйламсырайт. Мен чындап эми корктум. «Бизди олтургон турбайсынбы!» — деп ордунан тура келди.

Мына ушундай сүйлошүүдон кийин мени Вагов дагы Сталинге жиберип жатпайбы.

Коркконубуздун жону бар. Жайында, эгин-тегинди жыйноо учурунда РСФСРдин бир областында оруу-жыйуудагы техникага күйүүчү май жетпей калгандыктан областтын жетекчилеринин кийлигишүүсү менен жанагы фонддун андагы базасынан эки-үч тонна күйүүчү майды пайдаланышканы Москвага билинип калат. Ошол үчүн областтык жетекчилери баш болуп, бир нече кишн согуштук трибуналдын чечими менен атууга окум болгон. Бул жонүндогү Саясый Бюронун токтомун (жашырын) алганбыз да. Бирок, аргасыз болуп жатпайбызбы.

Ошентип, мен дагы Маскоого жөнөдүм. Микоянга кирдим. Кудай жалгап, ал мурунку күнү эле келген экен Украинадан. «Анастас Иванович, я умер! Я умер!» – дей бериптирмин а дегенде. Как ты умер? Ты же со мной разговариваешь?» – дейт тиги киши да аң-таң. Акыры эс-учту жыйып, анан келген себебими төкпөй-чачпай айткансыдым өзүмүн жарым тилим менен. Жардамчысын чакырып тапшырды эле жанагы биз жактан келген катты дароо эле таап келди. Көрсө, бу киши али аны окуй элек экен. Окугандан кийин Анастас Иванович креслосуна чалкалай берип:

«Действительно умер, товарищ Кулатов, өзүң жалгыз эмес, Вагов – экөөңөр тең өлөсүңөр. Согуш трибуналына кетесиңер бул ишиңер үчүн» – деди, ого бетер эсими оодарып.

Согуш маалында бардык бийлик бир гана адамдын – жолдош Сталиндин колуна топтолгон экен. Партиянын Борбордук Комитетинин Генеральный Секретары, Эл Комиссарлар Советинин Председатели, Коргоо Комитетинин Председатели, Куралдуу Күчтөрдүн Башкы Командачысы – жалгыз өзү болчу. Өлкө: «Бардыгы фронт үчүн!», «Бардыгы жеңиш үчүн!» деген ураандардын астында иштеп жана жашап жаткан учур, эң жоопту учур! Ар бир килограмм эгин, ар бир литр күйүүчү май эсепте. Коргоо Комитетинин эсебинде. Ошентип, согуш үчүн, жеңиш үчүн эмне керек болсо, ошонун баары бир адамдын колунда – Сталиндин колунда топтолгонун, алар ошол кишинин буйругу менен гана чыгымдаларын билип туруп тигиндей кылмышка баруу, албетте, катуу жазага татыктуу экенин түшүнчүбүз. Ошентсе да жанагыдай күтпөгөн жерден чыккан жагдай бизди мындай кылмыштуу ишке барууга мажбурлап отурбайбы. Минтип мамлекеттин кол тийбес ыйык фондуна кол тийгизүүгө мажбур болуп отурбайбызбы! Демек, кандай жазага тартышса да согуш мезгилинин закондоруна туура келе берет. Азбы-коппу, ал кол тийгис запастан алынган нерсе үчүн бир гана жаза – атуу жазасы гана бар экенин да билебиз. Вагов-экөөбүзгө ушундай гана жаза ыйгарылмак Сталинге жетсе. Муну да билебиз. Кеп, ошо кишиге жеткирбей, басып калуу. Ошол үчүн Вагов мени шашылыш түрдө жиберген. «Бактыңар бар экен, жолдош Кулатов, катыңар минтип мага келиптир. Жолдош Сталинге жетсе кантет элеңер?! Эми сага тапшырма: озүң айтып отургандай эшек менен ташыйсыңарбы, же Вагов экөөңөр жонуңарга коюп ташыйсыңарбы, аны менен биздин ишибиз жок, кандай кылсаңар да бул катта көрсөтүлгөн мөөнөттөн бир күн да кечиктирбей алган эгиниңерди ордуна коёсуңар. Ваговго да бүгүн телефон чаламын. Мындай ээнбаштыкты мындан ары токтоткула жашагыңар келсе», деп үрпөңдөдү бир топко чейин. Үрпөңдөсө деле мейли деп аттым ичимен. Айла канча. Күнөөбүз чоң. Ошондуктан, Анастас Ивановичтин ар бир сөзүнөн кийин: «Спасиба» – дегенден башкага жараган жокмун.

Фрунзеге келгенден кийин Маскоодогу создү айтып берсем, Вагов тура калып, мойнуман кучактаган бойдон ыйлап жиберди...

* * *

Мынчалык сырдашып калдык, жигит, эми бир жолу Сталин менен арак ичип мас болгонуму айтып берейин. Жеңишке арналган Кызыл Аянттагы параддан кийин Кремлдеги Георгий залы дегенде сый тамак беришкен. Сталин башында турган Саясый Бюронун бардык мүчөлөрү өкмөттүн кишилери, Союздук республикалардын жетекчилери катышты. Бирок, биз төштөрү орден менен медалдарга толгон жоокер кийимчендерден көрүнбой-билинбей жаттык. Залды толтурган жана көркүнө чыгаргандар ал күнү ошол аскер кийимчен эр жүрөк уулдарыбыз, кыздарыбыз болду. Бир столго үч аскер адамы, бирден бизге окшогон граждандык адамдардан отургузушту. Биз үчүн төрт жылга созулган согушта жолдош Сталин айткандай: «Тишине чейин куралданган жоону жеңип чыккан азаматтарыбыз менен отуруу сыймыктуу да, сүрдүү да эле». Жанын курман кылууга даяр жүргөн эр жүрөк жоокерлер менен бүгүн канча жеп-ичсек да аздык кыларын сезүүнүн өзү эле бизди, согушка катышпагандарды, жарым-жартылай мас кылып таштагансыды. Мамлекет да Улуу ЖЕҢИШТИ алып келишкен баатыр балдарынан, кыздарынан бүгүн эч нерсесин аягыдай эмес!.. Дүйүм тамак-аштан, түркүн жемиштерден столдор майышат.

Биринчи тостту Башкы командачы, ушул УЛУУ ЖЕҢИШТИ уюштурган АДАМ жолдош Сталин айтып, өзү биринчи болуп рюмкасын түгөтө ичип жиберди.

Анан тосттор биринин артынан бири айтыла берди. Рюмкаларын жоокерлер бат эле кырдуу стакандарга алмаштырып алышты. Суу ичишкен стакандарга эми арак куюп ичкенге өтүштү. Бизге да ошондой стакандарга куюп бере башташты. Баш тартууга акыбыз жок. Бүгүн бардыгы ошолор үчүн, ошолордун буга чейин тарых билбеген эрдиги үчүн уюштурулуп жатпайбы. Демек, бүгүн алар эмнени кааласа, бардыгы кыйшаюусуз аткарылууга тийиш. Республиканын жетекчилери менен параддан мурдараак Кремлде өткөрүлгөн кыска кенешмеде ушундай көрсөтмө берилген.

Жолдош Сталиндин акыркы тостунда столумдагы үч офицер менен дагы бир марта стакан кагыштырганымы билем, андан аркысын билбейм. Акыркысын тиги үчөөнүн коштоосу менен арак ичкенмин да...

Ойгонсом, бүкүлү бойдон жатыптырмын керебетимде. Аркы керебетте жеңеңер жатыптыр. Сурасам: «Бир жигит алып келди» – дейт. Мени ал экоолоп да чечиндире алышпай коюшуптур. Өмүрүмдө биринчи жолу ушинтип эс-учуман тангыча ичишим. Шахтада иштеп жүргөнүмдө деле тийип-качып иччүмүн

майрамдарда гана. Чоң болгондон кийин да кызыганча ичкен жан эмесмин. Же уктуңар беле, Кулатов баланча жерде мас болгуча ичиптир деп? Жок, укканэмессиңер. Сопу да эмесмин. Бирок, ичкич да эмесмин. Керек жеринде ууртап-татып коймой адатым бар.

Туруп, жуунуп-таранып, ысык чай-пай ичкенден кийин гана эсими жыйып, анан коркуп жүрөм. «Республикадан атайын салтанатка, ушул чоң салтанатка чакырылган үч адамдын бири болсом, анан минтип эс-акылдан тангыча ичсем, жатаканама («Маскоо» мейманканасында элек) кантип келгеними жана ким алып келгенин да билбесем, мунун аягы кандай болот?» – деген ойдон кыжаалат боло баштадым. Анткени, баскан-турганыбыздын баары эсептелүү да. НКВД, КГБ дегендердин адамдары кайда жүрбөйлү, көлөкөбүздөй эле ээрчип жүргонүн билебиз да...

Түнкү ал-ахвалымы билүү лифтте иштеген аялдан башталды. «Ар бириңерди бирден киши колтуктап алып келип атты. Башка эч нерсе айта албайм» – деди ал. Андан кийин Кремлдин комендантына бардым. Көп келип-кетип жүргондүктон ал да тааныш эле. Ал жонуман таптап туруп:

«Коркпо, жолдош Кулатов. Көздөрүң шишип калыптыр, номериңе бар да эки жүз граммды басып алып жат, эс ал. Эки күнго чейин силердин баскан-турганыңарды эч ким андыбайт да, текшербейт. Жолдош Сталиндин буйругу ошондой Жеңиштин урматына. Ал турсун ар бириңе органдын бирден киши бекитилип коюлган анын көрсөтмөсүно ылайык. Бирок, бу сапар кылмышыңарды андыш үчүн эмес, жардам бериш үчүн керек болуп калса. Түндосү ар бириңерди жаткан жериңерге чейин жеткирип баргандар ошолор. Бар, барып эс ала бер» – дегенде гана жан озүмдүкү болбодубу.

* * *

Жолдош Сталин менен 1946-жылы дагы бир жолу көрүштүм. Элдин согуш жылдарындагы тылда аткарган эмгегин жогору баалап, алардын эң мыктыларын ордендерге жана медалдарга көрсөтүү жүрүп жаткан олко боюнча. Маскоодон берилген разнарядка боюнча биз эки миң жети жүз адамдын тизмесин жоноткон элек. Борбордук басма сөз беттерине биринин артынан бири чыгып жатты союздук республикалар. Биздики чыкпайт. Ал убакта мен республиканын Жогорку Советинин Президиумунун Председатели болуп калганмын. Өкмөтүбүздүн башчылыгына ага чейин Өзбекстанда окуп, ошол жакта көп жоопту кызматтарда иштеп жүргон (госпландын председатели, агартуу министри, совнаркомдун председателинин орун басары, Борбордук Комитеттин секретары) отуз беш жаштагы Исхак Раззакович Раззаков (озү Лейлектик) деген келген болчу мурунку жылы. Ал эми партиябыздын Борбордук Комитети-

нин биринчи секретары — Боголюбов деген адам эле. Ошол биринчи Мамлекеттик сыйлыктар боюнча болумго телефон чалып, эмне үчүн кечигип атканын сураса: «Саясый Бюронун башка мүчолору колдорун коюшкан. Жолдош Сталин гана эмне үчүндур кол койбой жатат» — дешиптир аердегилер. Сталинге чалыша албайт да. Эки чоң дагы мени жумшап жатышпайбы. «Сиз мурунтан жолугушуп жүргөн турбайсызбы жолдош Сталин менен. А киши корүнгөн чонду эле кабыл кыла бербейт. Дагы бир марта ишке жарап бериниз» — дешип. — Биз экообүз тең жаңыбыз, билесиз. Ушул кызматтарга жиберип жатышканда беш-алты мүнөтко кабыл алганы болбосо, буга чейин ал адам менен эч бир маселе боюнча жүздошүп сүйлошпоптүрбүз экообүз тең. Ошондуктан, дагы сизди ылайык корүп турабыз жибергенге» — деп отуруп алышты. Анан эмне дейин. Барбаймын демек белем, бардым.

А дегенде Жогорку Советке кирип сураштырсам: «Биз билбейбиз. Сурай да албайбыз Иосиф Виссарионовичтен. Укканыбызга караганда Ленин орденине коп корсотүп коюпсунар. Ошол үчүн ал киши кол койбой жатыптыр», — дешти андагылар.

Мындай создүн чын экенин Сталиндин озүно киргенден кийин билдим.

— Ленин ордени кандай орден экенин билесизби, жолдош Кулатов? — деп сурады а киши.

— Билем, жолдош Сталин, — деп шаштым.

— Билсениз эмне үчүн ага мынча коп корсоттүнөр? — деди эле шар жооп бере албай буйдалып калдым. Бир аздан кийин гана:

— Товарищ Сталин, Кулатов, Боголюбов, Раззаков орден Ленин не давайте» — десем, а киши жылмая берди кок-ала болуп калган мурутуна тамеки түтүнүн аралата ойдо карай акырын үйлой берип.

Бир аптага жетпей биздин республика боюнча да УКАЗ жарыяланды. Бирок, жанагы бербей эле коюнуз деп мен суранган үчообүз деле тизмеде жүрүптүрбүз.

* * *

Өкмөт башчысы болуп иштеп калганыма экинчи жыл болуп баратса керек эле. Ош жакка командировкага барып калдым. Ал жакка баргандан кийин Кызыл-Кыя шахтасында, созсүз, болушум керек. Анткени, мени ушул даражага жеткиргендер ошолор эмеспи. Өкмөт башчысы эмес, депутат дегени ойго келбеген. Ыракмат партияга, Сталинге, кала берсе элге — бизге окшоп турмуштун түпкүрүно түшүп кеткендерди жер үстүно чыгарышканы үчүн. Билими болбосо да акылы жайында адам түшүнөт кечеги менен бүгүнкүнүн айырмасын. Ошондуктан, билимим чала болсо да элдин алдындагы, партиянын алдында-

гы жоопкерчиликти эч кимден кем түшүнбойм деп жүром. «Кулатов чала сабат. Мындай постту ээлешке акысы жок деп эч ким, эч бир жыйында ачык айтпаганы менен артыман кыңмын дегендерин деле угуп, сезип келатамын. Бирок, кыргыз элимин алдында ниетим ак. Дилим таза. Кээде билимдүүлөрдүн колунан келбей калчу калыстык, адилеттүүлүк, чындык дегендер менин колуман келерине ишенем. Ушулар мага бел жана кубат болуп, жанагыдай ушак-айың кептерден калкалап келаткандар. Менин тутунганым эл, анын кызыкчылыгы. Менде тууганчылык, жердештик деген жок. Кыргызстанда жашагандардын баары менин жердештерим, менин туугандарым. Минтип алыстан соз баштап аткан себебим, жигит, сага дагы бир эски окуяны айтып берейин деп отурам. Ош жакка бардым дебедимби. Кызыл-Кыяда да болдум. Өзүм мурда иштеген шахтага түшүп андагы жумушчулар менен жолугуштум. Арыздарын уктум. Мынчалык келгенден кийин туугандарды да көро кетейин деп, жалгыз акем бар эле ошону чакырттым токтогон жериме. А кезде азыркыдай барган жердин баарында мейманкана жок. Поюздун запастык жолго чыгарып койгон вагонунда жатып турчубуз.

Эртеси келди акем. Аны алыстан эле тааныдым. Мингени күроң жорго. Астына артынган эки козү толо ак куржун. Чапан этектери делбектеп эки жакка кеткен, анткени, мени корсүн дегениби, жоргону катуу салдырып келатыптыр. Артынан ээрчиткен эки-үч кишиси да бар. Вагонду кайтарып турган күзотчүго: «Алдында келатканды киргиз мага, артындагыларды киргизбе» – деп буйрудум.

Анан вагонго энтиге кирип келген акеми кучак жайгандын ордуна ал жаагына, бул жаагына чаап жибердим. «Биз ким элек, ким болдук? Эми эле эсинен чыгып кеттиби? Жарты нанга зар болгонубузду унутуп койдунбу?» – деп урдум. Байкуш акем кол кайтарган жок. Түшүнүп атты окшойт да менин эмне үчүн салтта жок ишти кылып озүно кол которгонүмү. Минтип жулкунтуп жорго миниш эмес, эшигибизде эшек жок эле да. Кеңеш окмот ошондой томояктарды жакырчылыктан гана куткарбастан, минтип элди да башкартып койсо, тайрандап коон кеткенибизге жол болсун?» – деп кол которуп жатканымы акем байкуш жазбай түшүндү көрүнот. Ошондуктан, ал таяк жеген жетимдей томсоруп калды. Ыйлады. Анан аны кучактап мен да ыйладым. Ошентип, экөөбүз тең азаптуу балалыгыбызды эстеп ыйладык... Анан барып бири-бирибизден кечирим сураштык. Бирок, райондун жетекчилерине айтып, ошондо акеми сельсоветтин торагалык кызматынан бошоттуруп кеттим. Мен үчүн чоңойтушкан да аны. Билемин.

Дагы бир айта кетчү нерсе, Кызыл-Кыя шаарынан менин Жал деген туулуп-оскон айлыма чейин алты эле чакырым. «Жок дегенде ушул жолду асфальттатып койбоду Кулатов чоң болуп

жүргондо» — дешет экен жердештерим. Алардан кечирим суроо менен бирге: «Мен иштеген кырк жыл ичинде Кыргызстанда курулган, салынган нерселердин баарында силердин уулуңардын, демек, менин үлүшүм бар. Ошондуктан, ал жылдарда «жердештик», «туугандык» кыла албаганым үчүн кечиреринерге ишенем» — деп жүрөм ичимен.

Элде айтып жүрүшөт турбайбы Кулатов пара гана эмес, подарка да албайт имиш дешип. Туура айтышат, мен андайды жаман көрөм. А мен болсом, ошолордун киши болуп атпаймынбы. Менден билимдүүсү, жигит, кана, айтчы, кайсы заманда бизге окшогондорго ушундай бийлик беришкен эле? Эч качан. Анан мен эмне үчүн пара алганга барышым керек? Өкмөтүбүз баарын берип атса. Курсак ток, кийим бүтүн дегендей.

Бирок, бир жолу подарок алып койгонум үчүн алиге чейин эске түшсө, бетим ысып чыгат. Анын сыры мындай. Эгер билип калсам, аны деле алмак эмесмин. Мен жөнүндө угуп жүргон киши анысын билдирбестен иштеп коюптур да. Аны деле эми айтып берейин.

Москоодо СССР Жогорку Советинин кезектеги сессиясы бүтүп, үйлөрүбүзгө кайтканы жатканбыз. Фрунзе менен Москоого анда ИЛ-14 деген кичинекей самолёт уччу. Төрт жерге конуп араң жетчүбүз бир жагынан экинчи жагына. Муну Өзбекстандык туугандар да жакшы билишчү. Мейманкананын буфетинен эрте мененки тамак учурунда Өзбекстандын ошол кездеги Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Шараф Рашидов менен бир столдо отуруп калдык. Создөн-сөз чыгып отуруп, тиги киши: «Ортак, Кулатов, юриңг биз блан Ташканга. Юрасизми он торт-он беш саат хавада. Ташкандан Фрунзага кичкина самолёт билан хам бир саатлик юл» деп калбайбы. Ташкенге ал убакта ТУ самолёту уча баштаган эле. Калдандаган кашаң самолёттон тажаган жаным: «Хуп» дебейминби. Эртеси бирге учуп келдик Ташкенге. Ал күнү Рашидов кетирбестен конюктоду. Эртеси аэропортко өзү келип Фрунзеге учуруп койду. Өзүбүздүн аэропортко келгенден кийин эле жардамчым кыйшактайт: «Төробай Кулатович, чоң машина чакырбасак, жүгүбүз жеңил машинага батпайт» дейт. «Кандай жүк?» — десем: «Жолдош Рашидовдун берген подаркалары. Сизге Фрунзеге баргандан кийин айтасың дегенинен аерде унчуккан эмесмин» — деп турат. Он чакты коробка экен. Үйгө келгенден кийин ачып карасак, жанагы коробкаларда Өзбекстанда өсчү коон, дарбыз, жүзүм, анардан тартып дагы далай момо-чомолор экен. Баарынан дагы бизди тан калтырганы — бир коробка толо ар кыл түстогу атлас, шайы кездемелер болду...

Мына ошентип, жигит, мен да бир жолу чоң подарка алганмын. Бирок, элден эмес, өзүмө окшогон чондон,— деп күлдү.

1961-жыл,

АЙТЫЛБАЙ КАЛГАН АЛКЫШ

Исхак Раззакович Раззаковду мен жакындан биринчи жолу 1954-жылы көрдүм. Кыргызстан жазуучуларынын кезектеги съезди отуп жаткан күндөрдө а киши Борбордук Комитеттин Бюро мүчөлөрү менен бирге анын ишине башынан аягына чейин катышкан. Анда узак соз сүйлогон.

Съездге СССРдин тутумундагы бардык Союздук республикалардан, алардан тышкары – татар, башкыр, хакас, якут, тува ондүү түрк элдерине кирген боордоштордон да делегаттар катышты.

Мен сыяктуу адабиятка согуштан кийин келишкен жаш жазуучулар үчүн бул биринчи съезд болучу. Ошондуктанбы, биздейлердин бул съездге карата кызыгуусу да озгочо эле.

Съезддин жумушчу президиумунун биринчи катарынан кап ортосунда отурган суйданыраак кара чачы оң кашын карай таралган жазы мандай, ойноктогон жалындуу коздорү менен бироонү издегенсип залдагыларды кыдырата тиктеген Раззаковдун ошондогу элеси алиге көз алдымда...

Докладчы да, андан кийин жарыш созго чыккандар да кызуу сүйлоштү. Саясый кырдаал ошондой болчу. Идеологиялык майданда айыгышкан катуу күрөш жүрүп жаткан. Анда бешалты жыл мурда КПСС БКнын «Звезда», «Ленинград» жана айрым кинофильмдер боюнча кабыл алган чечимдеринен кийин адабият менен искусство жагында идеялык жактан «тазалануу» процесси ишке ашып жаткан эле.

Улуттук республикаларда ошол идеяга таянып алышып айрым адабий сынчылар, окумуштуулар кээ бир акындарга, жазуучуларга каршы «чабуулга» отүшкон. Биздеги андай сынчылардын бири – Жээнбай Самаганов эле. Ал биздеги «Буржуазиячыл-улутчулдардан» ушул макала-эскерменин жазылышына да себеп ошол кишиге байланыштуу бир кичинекей окуя болду.

...Ошентип, съезд жүрүп жатты. Докладдан кийин а дегенде озүбүздүн кишилер сүйлоштү. Акыры кезек конокторго да жетти. Алгачкы соз Москвалык делегациянын жетекчиси, акын, «Советтер Союзу» деген журналдын башкы редактору, СССР Жогорку Советинин депутаты Николай Грибачев дегенге берилди. Ал негизинен жогоруда аталган партиялык чечимдер боюнча жалпы совет адабиятындагы ахвалга токтолуу менен биз-деги буржуазиялык-улутчулдук топтордун бетин ачуудагы ийгиликтер менен бирге кемчиликтер да кетирилгенин созго алды. Бул багыттагы жүргон сынга республиканын Балтин, Нуров, Самаганов сыяктуу сынчылары, окумуштуулары бир топ алгылыктуу иш аткаруу менен бирге орой кемчиликтерге да жол беришкенине токтоду. Жээнбай Самагановго карата катуу сын айтып койду. Самагановдун кийинки жылдарда партия менен окмоттун

жогоркудай чечимдерине жамынып алып, кээде туура эмес доматтар менен айрым жазуучуларга тагып келген ярлыктарын жыйнап туруп, бүгүн өзүнө тагуу керек дегендей пикир айтып таштады Грибачев. Мындай бүтүмдү күтүшпөсө керек, залдагылар бироо команда бергендей Самаганов жакты жалт бир карап алышты.

Грибачев баштап койду бейм, андан кийин сүйлөгөндөрдүн көбү тигинин адресине айтылган сынды улантып кетишти.

Чогулуштан кийин кечки алтыларда чыкканыбыз менен сыртта али жарык болчу. Мезгил али жай эле да. Үч-төрт жаш жазуучулар эмен багында тикебизден туруп пиво ичип жатканбыз. Бир маалда нарыдан саман шляпасын баса кийип, оң колундагы таягына салмагын сала Самаганов жалгыз өтүп бараткандын көрүп калдык. Ал бараткан жолдун эки тарабындагы бездикиндей столдордон тикелеринен туруп алып пиво ичип жатышкан калемдештеринен бироо да аны: «бери келип, биз менен пиво ич» деген жок.

...Эртеси чогулушка Самаганов биринчилерден болуп келди. Бир эле түндө арыктап кеткенсийт кебетесинен. Бүгүн анын жанына да эч ким отурбай койду. Ага маани бербеген кишидей ал кармай келген газетасын окугансып, отура берди. Эртеси жарыш соз дагы улантылды. Бирок, Самагановду жактап сүйлогон бүгүн деле эч ким болбоду. Тескерисинче, аны сындагандар көбөйдү. Андан тигинин устара менен кырдырып таштаганга тасыйрайган башы улам төмөндоп, демейдеги эткел тулкусу барган сайын кичирейип бараткансыйт.

Түштөнүүдөн кийин биринчи соз Исхак Раззаковичке берилди. Зал дымып калды... Раззаков орусчаны да, озбекчени да, тажикчени да бирдей таза сүйлоорүн, сүйлогондо да ийине келтире сүйлоорүн угуп жүрүшкөндүктөн го, залдагылар дымып калышты. А киши трибунага ала чыккан кагаздарын ачып койгону менен аларына көп үнүлгон да жок. Чын эле чечен экен. Создорү так жана даана. Алгачкы минуталарда эле ал аудиторияны туткундап алгансыды. Грибачев баш болуп, президиумда отурушкан коноктор да ал сүйлой баштаганда ошол жакка моюндарын бурушкан бойдон анын сөзүн акырына чейин былк этпей угушту.

Улуу адамдардын, алардын ичинде атактуу жазуучулардын айткандарынан узун-узун цитаталарды келтирип жатка айтуу менен киши адабият, искусство боюнча да көптү билээрин далилдеп койду.

Исхак Раззакович кырк мүнөтчө сүйлөдү.

Созүнүн орто ченине келгенде Исхак Раззакович Грибачев жакка карап:

«Урматтуу Николай Алексеевич, биздин адабияттын учурдагы ал-ахвалы тууралуу айткан баалуу пикириңизди колдоо ме-

нен бирге айрым адабия сынчыларыбыздын, айрыкча, жолдош Самагановдун адресине айткан катуу сыныңызга мен кошула албайм. Жолдош Самаганов учурунда баарыбыз бүгүн баса белгилеп жаткан партия менен өкмөтүбүздүн согуштан кийин адабият жана искусство боюнча кабыл алган чечимдерин ишке ашырууга да, тагыраак айтканда, көркөм сөз өнөрүндөгү буржуазиячыл-улутчулдук агымдын зыяндуу жактарын ашкерелөөдө Борбордук Комитетке да чоң жардам бергенин баса көрсөтүп кетким келет, — дегендей ой айтты. Биринчи Секретарь бул пикирин бекемдөө үчүн андан ары келтирген аргументтерине москвалык чоң конокту ынандырды белем, ал жооп кылып экинчи жолу сөзгө чыккан жок биз күткөндөй.

Раззаков Самагановдун атын атаганда залдагылар дагы бир марта кечегидей ал отурган жакка бир карап алышты.

Ошентип, бүгүн Раззаков Самагановду актап таштады. Буга съездге катышып отургандардын көбү ыраазы болгонсуду. Бул залдагы жандануудан сезилип турду.

Съезд намаздигер ченде ишин аяктады. Кайрадан чогулуш жүрүп жаткан жерге жакын эмен багын көздөй чуурушту делегаттар. Жайында пиводон өтөр суусундук жок эмеспи. Биз да үч-төртөө болуп алып пиво иче баштаганыбызда дагы ары жактан келаткан Самагановду көрүп калдык.

Бүгүн аны эки-үч жазуучу коштоп алыптыр. Биздин тушубузга келгенде арабыздан бирөө Самагановду чакырды. «Атасынын көрү, бүгүн канча болсо да жеп-иче берем. Кечээ олүп калсам бүгүн силер менен ким мен үчүн ичип-жемек эле» — деп калды бир кружка ак көбүк пивону дем албай жутуп жибергенден кийин доң мандайынан мончоктоп чыга келген терин кир бет арчуусу менен шыпыра берип. — Эмнесин жашырмак элем, силерден — түндө өлөйүн деп, кайра олбой калганым жакшы болгон экен. Кечээ Грибачевдин сөзүн укпадыңарбы. Москвалыктардын бүтүмү — акыркы бүтүм экенин да түшүносуңор. Менин ишим бүткөн экен дегенмин. Саясый айып койбодубу. Андайдын аягы түрмө, же сүргүн да. Андан көрө өлгөнүм жакшы деп чечтим озумчө. Окусаңар керек: «Максим Горький жана кыргыз адабияты» деген китебими. Ошонун гонорарына куруп алган үйүм бар эмеспи, короомдо беш-алты түп алма багым да бар. Аерде эски темир керебет турат. Жайкысын анда жатып эс алам алманын көлөкөсүндө. Кечээ түнү да ошол бакчама чыгып жаттым. Кечки тамактан соң аскерден-согуштан курчана келген офицердик кемерими ала чыгып кеткеними үйдөгүлөрдүн эч кимиси байкабай калды. Ошонум менен алманын бутагына асылып өлөйүн деген элем — деди. Самаганов экинчи кружканы түгөткөндөн кийин дагы чекесинен мончоктоп чыга келген терин аарчый берип. — Ошентип, суудан жээкке ыргытылган балыктай туйлап, кыйналып жатканымда кудай ушул Раз-

заковду эсиме салганын бүгүн а киши сүйлогондо түшүнүп атпаймбы. Жараткан бар тура! Андай болбогондо торт жыл согушта олбой келген Жээнбайынар ушул жерде, өзүнүн үйүндо, өзүнүн алма багында, өзүнүн колунан мерт болуп кете бермек да. Раззаков эсиме түшкондо, эмнегедир, конулум жайлана берди. Ал киши сүйлой элек да. Калыстык бир келсе, ошол адамдын гана колунан келет деген ой жүрөгүмө үмүт тартуулагансыды. Менин тагдырым коммунист катары баарынан мурда ошо кишилердин колунда эмеспи. Демек, ошол адамдын пикирин угушум керек да. Өлүүнүн оной жолун болсо, таап койдум» — дегендей жыйынтыкка келип, тынчый түштүм, — деди Самаганов ого бетер тердеп-тепчип.

— Исхак Раззакович сыйыртмакты алып таштагандай эле иш кылган турбайбы бүгүнкү сөзү менен? Ошондуктан, жок дегенде чогулуштан кийин жанына басып барып ырахматыңызды айтып койсоңуз болмок да. Антпединиз. Биз ошентет го деп күттүк эле — деп калдык.

— Туура айтасың, бир эмес, миң мертебе ырахмат айтсам да аздык кылат эле. анткени, а киши мени өлүмдон куткарып калып атпайбы. Иймендим. Ичимен тилек кылып гана тим болдум. Кандай тилек дебейсиңерби? Ылайым эле Исхак Раззакович көпкө ушул кызматында иштесин дегилечи. Бирок, түбөлүккө бийлик деген эч кимге берилбейт да. Акыры бошойт, же пенсияга чыгат. Ошондо атайлап үйүнө барып, бутундагы байпагына чейин озум чечип, анан таманынан өөп туруп, бүгүнкү айталбай калган ракматымы айтып, ыраазылыгымы билдирейин деп тилек кылып койдум» — деди Самаганов ого бетер бортулдана тердеп.

Самагановдун мындай тилегине таң кала биз бири-бирибизди тиктеп тим болдук... Мындай тилектин салмагын да, маанисин да тигиндей окуяны башынан кечирген адам гана билет» — дегендей башка соз кошподук...

* * *

Ушул окуядан кийин он эки жыл откондо тагдыр буйруп, мен жазуучулардын кезектеги съездинде союздун жетекчилеринин бири болуп шайланып калдым. Ар кандай жумуштар менен жазуучулар күндо кирип-чыгып турушат. Баарынан көп киргени — баягы Самаганов Жээнбай. Себеби, ал жумушсуз экен эки жылдан бери. Республиканын жетекчилеринин үстүнон жогору жакка (Москвага) арыз жазып, бирок, андагы фактылардын көбү аныкталбагандыктан, кызматынан бошотулуп, партиядан чыгарылганын билчүмүн. Аны көргон сайын баягыда айткан сөзү эсиме түшо берет. Ошондо айткан тилегин ишке ашыра алды бекен? — деген суроо ал мага кирген сайын тил учуна келип турса да аны тышка чыгара албайм. Анткени, ал

дайыма каш-кабагы салыңкы келип, салыңкы кетет. Кызматынан бошоп калгандан бери үйүндө отуруп алып, жазуучулардын справочнигин түзүптүр. Ошонусун басманын планына киргизе албай жүрөт бизден жардам сурап. Биз да ага оң жооп бере албай келатабыз. Анткени, ал маселе да Борбордук Комитет аркылуу чечилиши керек. Аларсыз жазуучулар союзу кат бергени менен эч ким, эч жерде аны планга киргизе албайт. Анын автору болсо, БКнын алдында күнөөлүү киши. Баарыбызды кыйнап жаткан иштин ушул жагы. Муну Самаганов озү деле билет, бирок, бизге келгенин койбойт.

Бир күнү Самаганов мага чала кызып алып келиптир. Бадандап деги эле коңулдүү. Китеби тууралуу соз да кылган жок. Башка нерселер жөнүндө (согуштук окуялардан) айтып отурду.

Бир топко сүйлошүп отуруп калдык. Тигинтип бүгүнкү маанайынан пайдаланып, акыры он эки жылдан бери эсимден чыкпай келаткан суроому бердим. Анын эсинен чыгып кеткен экен — а дегенде эсине салдым.

Самаганов саамга жер тиктеп үн-созсүз отурду да анан эки колу менен эки санын апчый кармаган бойдон ордунан туруп келип: «Иттик кылдым, ошол убадамды аткарганым жок» — деген бойдон эшикти көздөй жөнөп берди...

КАЗАНГА ЖАПКАН НАН

Кеңирсиген жайдын күндорүнүн биринде обкомдун биринчи секретары райондун борборуна жакын колхоздун бакшармасы болуп иштеп жаткан менин агам Субанкулга телефон чалып, беш-алты күндон кийин областка Борбордук Комитеттин биринчи секретары Раззаковдун келе тургандыгын, эки-үч күн райондорду кыдыргандан кийин Аркытка келип бир-эки күн эс аларын айтат. – «Ошого карата бир аз даярданып койчу» – дейт.

Андан аркы созду Субанкулдун озүнон угалы:

– Кийинки жылдарда областтан, борбордон келчүлөрдүн көбүн райондун жетекчилери биздин колхоздо кабыл алышып, ушу колхоздон ары узатып жүрүшот. Анткени, райондун андай уяттуу меймандары (көбүнчө, командировкага келгендерди) кабыл ала турган алгылыктуу жайлары жок. Мейманканасы эски, нары жайсыз. Мончосу бир жума иштесе, эки жума ремонтто турат. Ал эми мен беш-алты жылдан бери иштеп жаткан «Фрунзе» атындагы колхоздо ушул мезгилдин ичинде чайхана, мончо, алардын жанына дүкөнүнө чейин куруруга үлгүргөнбүз. Ошентип, жогортон келгендердин жуунуп-чайынып, тамактанып, анан эс алышы үчүн шарт бар эле. Бош убактысы биллиард ойноочу жерине чейин даярдап койгонбуз. Муну обкомдун секретары да билет. Бир нече жолу болгон биерде. Иштен соң конуп-түнөп кеткен. «Кандай конок менен келсек да уят кылбайт экенсиңер» – деп ыраазы болуп жүргон келген сайын. Ошондуктан райондун чондоруна эмес, түз эле мага телефон чалып жатпайбы. Ишиң жакшы болсо, чондор да сени менен эсептешет экен. Бул колхоз мен иштеп жаткан экинчи чарба. Андагы тартип боюнча бир чарбаны ондоп койсоң, «эми муну ондоп бер» деп, экинчи бир арттагы чарбага алып барып коюшчу. Ошентип «сынашчу» кадрларды. Отуз миңчи катарында менин биринчи барган колхозум – орус, кыргыздардан турган «Шевченко» атындагы колхоз эле. Аны жолго койгондон кийин чоңдор мени ушул колхозго жиберишкен. Кудайга шүгүр, иш жаман болгон жок мында да. Беш жылдыктын жыйынтыгы боюнча биерден Ленин орденин алып, Республиканын Советине депутат болдум. Мына ушундай эле эмгегим үчүн «Шевченко» атындагы колхоздон да орден алган элем. Эмгекке жараша кадыр-барк деген келет экен. «Борбордук Комитеттин биринчи катчысын тосуп алууга даярдан» – деп областтык чоңубуздун (а кезде партиянын Ош обкомунун биринчи катчысы – Медербек Абдыкулов эле) ишеним корсотүп жатканы да ушундан улам деп түшүндүм.

Обкомдун биринчиси күн мурунтан эскертип жаткан «даярдыкка» эмнелер киреринбилебиз. Биринчи жолу тигиндей бийик даражалуу конок күткоңу жатканыбыз жок да. Аркытты,

демек, Сары-Челекти коруу үчүн ар кандай шылтоолор менен тыягы Москвадан бери министрлер, БКнын союздук Өкмөттүн кишилерине чейин келе башташкан кийинки жылдарда. Райондун борборунда нары жанагыдай жагдайлуу шартыбыз бар болгондуктан, алардын дээрлик бардыгы биздин колхоз аркылуу.

...Сары-Челек көлүнүн жээгине жакындатып боз үй тиктирдик. Андан арыраак тайпанга желе тарттырдык ушул аймактагы жылкы фермасынан беш-алты бээни болуп алып келип. Июль айы эле. Түркүн гүлдордун жыты анкыйт. Гүлдобогон бак-дарак жок. Жашыл шибер тизеге чаап, бассаң — бутуңа оролот. Исхак Раззакович жылдын ушул мезгилинде бир-эки курдай болгон биерде, бирок эки-үч саат гана. Бу сапар эки-үч күнго келаткан тура. Жакшы убакты тандаптыр.

«Исхак Раззакович Москвадагы институттардын бирин бүтүп, анын алдындагы аспирантурада калып жаткан Эрик деген уулу менен келип атыптыр. Мергенчиликти жакшы көрөт экен Эрик. Аксакал озу айтып жатат. Ошондуктан, төо-ташка чыгып жүргөн мергенчилериңер болсо эскертип койсоңор аңчылыкка аны ээрчитип чыкканга» — деп кошумчалаган областтын кожоюну. Бул жагын да караштырып койдук. Малчылардын арасында андайларыбыз да бар. Биринчинин буга чейин командировкага чыкканда үй-бүлөсүн озу менен кошо ала жүргөнүн такыр уккан эмеспиз. Аркыт менен Арсланбап канчалык сулуу болбосун, а кишинин аерлерде конуп-түнөп калганын да укпаганбыз Бу жолу конуп-түнойт экен. Демек, кадимкидей эс алууну чечкен.

Бу сапар Исхак Раззакович иштен коро эс алганды көбүрөөк эңсеп келгенин ушунусу менен да далилдегиси келгендей ага арналып тигилген боз үйдөгү стол үстүндо жайнаган момочомолордон, жеңил тамак-аштан ооз тийгенден кийин эле дасторконго бата кылышып, андан көп отпостон баласы экоо тең кийимдерин спорттук костюмдарга алмаштырышты. Баштарына да кайруулары калдайган күндөн тосчу шляпаларды кийип чыгышты экинчи боз үйдөн.

Ата-бала экоо тең сууда кыйын сүзүшот экен. Алар жээкти бойлоп далдоо жерге барышты да кадики суучулдардай биринин артынан бири боюн сууга урду. Бери жакта калгандарга алардын капкара чачтуу баштары, чабак аткан колдору гана көзде көрүнүп калып жатты. Биринчинин жардамчысы обкомдун секретары менен дагы бир булунда киринип жатышты. Ал эми биздин райондун секретары — экообуз тең сууда сүзгондү билбейт экенбиз. Менин шылтоом бар эле, беридеги чарбалык жумуштардын бардыгына озум баш-коз болуп атпаймбы. Ал эми райкомубуздун катчысы шашып калды тигилер сууга түшүү жонүндо чай үстүндо соз кылгандан тартып эле. Өзүнөн чондор

тигинтип далда жерлерди табышып, бирине бири корүнбой жуу-на башташканга жашынууга жер таппай ого бетер шашкан ал шоферун арыдагы айылга чаптырып аркан алдырыптыр. Анын бир учун белине, экинчи учун жээктеги кайынга байлатып коюп, анан сууга түшө баштайт. Муну шоферунан угуп алып, биз бериден аябай күлдүк.

«Жарыктык киши мынчалык неге кыйналды экен? Биз түшкөн сууга сен эмне үчүн түшпөдүн?» – деп чондору айыптамак беле? Ушунусу менен да жогортон келгендерди терең сыйлап-урматтаарын билдирейин дегени го.

Исхак Раззаковичтин биринчи чай учурунда гана менден колхоздун, биринчи секретарыбыздан райондун ал-ахвалы тууралуу учкай гана сурап койгону болбосо, ал жагынан башка соз кылган жок. «Булар да эс алсынчы» – дегениби, ошентип саясат, чарба иштери жөнүндө кеп салбады. Анын ордуна мындагы корукта кандай айбандар жашаарын, кандай мөмөлүү даректар (алма, жаңгак, алчалардан башка да), кандай өсүмдүктөр, гүлдөрдүн түрлөрү бар экенин, көлдогү балыктар, алардын кайдан алынып келингени, кыскасы, быяктын фаунасы менен флорасы, алардын коруктагы окумуштуулар тарабынан кандай изилденип жаткандыгы тууралуу Аркыт коругунун орус директору менен көбүрөөк аңгеме-дүкөн куруп отурду. Анын алдында республиканын биринчи чону өзүн ошол чондой эмес, бул жердин керемет сулуулугун, жемиштүү токойлорун бирөөлөрдөн угуп, же окуп алып а дегенде сыртынан ашык болуп, анан өз көзү менен аны көрүп келүү үчүн атайылап алыстан ат арытып келген туристтей алып отурду.

Эртесинде аксакалдын баласы биз күн мурунтан даярдап койгон эки мергенчи менен тоого барып, бир кийик атып келишти. Эрик атыптыр аны. Мергенчилер ага ошондой шарт түзүп беришсе керек. Азаматтык кылышыптыр. Эриктин сүйүнгонүн айтпа. Улууларга ээрчип биринчи жолу тоо-ташка чыккан оспүрүмдөй мергенчиликтен көргөн-билгендерин ал атасына айтып аягына жете албай жатты. Аска боорундагы кур таштан эч нерседен бейкапар ээрчишип бараткан кийиктердин ичинен бул жердин коён жатагына чейин жатка билишкен буктурмадагы мергенчилердин катарынан чыккан ок жаңылган кийик жерди бир сүзүп, анан оңкочок атып төмон кулай баштаганын, төмон жактагы бир арчага жеткенде ага кептелип жатып калганын, бирок аерге өзү чыга албай алиги жанындагы эки мергенчи араң чыгып барышып, кийикти ошоерден союшуп, этин колу-санды кылышып, терисине салып анан жерге көтөрүп түшкөнүнө чейин терип-тепчип айтып отурду көпкө чейин арчанын, кайындын, карагайдын как бутактарынан ортого жагылган улуу отту тегерене отурушуп колдоруна добулгунун чыбыктарынан жасалган шиштерге ошол кийик этинен сайып алышып кебеп бышы-

рып жаткандардын катарындагы атасынын тизесине тизесин тийгизип отуруп. Эмнеси болсо да, бул бир күнгө толук жетип-жетпеген аңчылык баласына бул сырдуу дүйнөнүн дагы бир жагынын көшөгөсүн ойдо которуп, андагы белгисиздиктен кабардар кылганына сүйүнгонүн ата жашырган жок: «Азаматтык кылыпсың, уулум, а дегенден эле мээлегенине тийгизип. А дегенден эле мындай олжо менен кыйын тоолордон» – деп койду Исхак Раззакович шишкебекптен а дегенде өзү бирди тиштеп, анан баласына суна. Ушунусу менен да ата баласынын бүгүнкү мергенчиликтеги ийгилигин куттуктагандай түр менен.

Баласынын тигинтип аңчылыктан олжолуу болуп келгенинен-би, же Сары-Челектин гүл аңкыган аймагынын түнкү сулуулугунанбы, айтор, жадырап чыккан кара тору иренинен конулу которулгонү көрүнүп турган Исхак Раззакович бир маалда жалыны жалмандап көктү карай сойсоңдоп жаткан алиги чоң оттун бери жагында отурган мени карап: «Бери келиңизчи» – дегендей ишаарат кылды. Тура калып, барсам:

«Ортак раис, сизден бир нерсени сурасам капа болбойсузбу? – дейт күлүмсүроп. – Биерде бардыгы жакшы болуп атат ортак раис, сиздин рахбарлигиңиз менен. Бирок, бир нерсе жетишпей жатат. Быякка келатканда ал нерсе дасторкондо, сөзсүз, болот го деп ойлогон элем. Көрүнбойт. Же тоодогу малчыларыңар да тандырга жапкан нан жеп калышканбы? Андай дейин десем, тандырды тоого артып жүрүш кыйын. Эми түшүндүңүзбү, эмне жонүндо сурайын деп жатканымы? – деди а киши дагы эле алиги жагымдуу күлүмсүрогонүнөн жазбай.

– Түшүндүм, Исхак Раззакович. Кечиресиз. Чынын айтсам, аны такыр ойлобоптурбуз. Мен гана эмес, менин чондорумун деле эсине келбесе керек. Келсе, айтышмак. Казанга жапкан нанды айтып жатасыз. Ишенсеңиз, аны көп жылдардан бери жебей, ошондуктан, унута баштаганыбыз да ырас. Жакада тандыр нан, же болко нан жеп калдык да коптон бери. Биерге дагы ошондой нандарды алып келгенбиз да. Кечиресиз, эки-үч сааттын ичинде табабыз казанга жапкан нанды. Бул аймактын кокту-колотунда малчылар коп. Табабыз» – деген бойдон эле мен тура жонодүм.

– А-а балли! Таптыңыз. Чыныгы раис экениңизди энди көрсөттүңүз – деп аксакал ого бетер жылмайды.

Анан мен болжогон убакта сууга эмес, жалаң сүткө жуурулган камырдан жабылган ысык нан дасторконго коюлганда жаш баладай мулундаган Исхак Раззакович өзү биринчи алиги нанды колуна алып учу шиширээк кырдач мурдуна тийгизе бир жыттады да анан алдындагы чоң чыны толо кымызга андан туурай баштады. Баласына карап: «Сен да мен жасаганды жасай бер» деп койду орусча. (Ата-бала экоо көбүнчө эле ошол тилде сүйлөшүп жатышкан. Шаардык интеллигенттердин көбүнүн бала-бакырасы ушул тилде сүйлөшүп калбады беле).

Эрикке да атасынын тандаган тамагы жагыптыр. «Эмне үчүн кечетен бери айтпадың, папа, мунуну? Сонун турбайбы! Болду, мен эми мындан башка тамак жебеймин» – деди ал бөрсөйүп чыккан курсагын сылай берип. Нагавицинге аябай жагыптыр казанга жапкан нан. Заматта андан экөөнү жегенин (кымызга туурап) жашырбай айтып дасторконду тегеренип отургандарды ал дуулдата бир күлдүрдү.

Раззаковго казанга жапкан нанды минтип кымызга туурап жегенди ата-энеси тирүү кезинде атасынын оокат-аштуу бир тууганы жайлоого чыккан кезде ошонукуна атасы менен барып, бир аптача жүрүп калышкан экен. Ошондо эртели-кеч атасынын жанында отуруп, бүгүнкү Эриктей аны менен бирге кырма кесеге куюлган муздак кымызга казандан жаңы үзүп алынган нанды туурап жешип жүрүшүптүр да. Ошондон бери ошол тамактын даамы да, жыты да оозу-мурдунан кетпей калыптыр. Муну өзү айтып берди, эмнегедир, (ата-энеси, балалыгы эсине түшүп кетти бекен?) анан муная түштү...

Ошентип, көл жээгинен кеткиче ата-баланын, анан жардамчынын тамагы ошол кымызга тууралган казан наны болуп калды.

Баарынан кызыгы үчүнчү күнү болгондо, коноктоорубуз: «Буюрса, эртең жолго чыгалы» – дешип жатканда Абдыкулов (обкомубуздун биринчиси):

«Исхак Раззакович, ушунчалык болду, көлдүн башына чейин барып көрүп кетпейсизби?» – деп калды.

– Канча километр башына чейин?

– Сегиз километр – деди жанында турган коруктун директору.

– Андай болсо, жакын эле экен, баралы – деди аксакал, өзүнөн да баласына көбүрөөктү көрсөткүсү келгенин ошонусу менен билдиргендей ага кайрылып: «Кандай дейсиң, Эрик? Колдойсуң го дейм мындай сунушту» – деп аны мойнунан акырын орой кармап эркелеткендей.

– Созсүз, колдойм, пап, – деди, ал да папасын эркелеткендей ага ыктай берип.

Кызык ошол көлдүн башында болбодубу. коруктун директору өзү айдап барган (көл да, кайык да ошол корукка карайт да) кайыктан түшүп жээкке чыккандан кийин баласы менен моюндаша ары-бери басып, баштарындагы кайруулары калдайган шляпаларын бир колдору менен кармай чалкадан жатышып бири-бирине кол созо көздөрүнө айланадан урунган кооздукту биринен сала бирин көрсөтүшүп жатышкан ата менен бала бир маалда бериде туруп топ бойдон аны-муну сүйлөшүп жаткан бизге жакындап келишти да мени карап Исхак Раззакович: «Кана, ортак раис, шампаныңыздан калды беле? Мына ушундай жерде ичсе болот ичимдикти азыраактан. Карасаңар кандай сулуулук!

Кол менен эккендей карагай менен арчалардын, кайындардын айкалышып, коюн-колтук алышып өскөнүн! Гүлдөрдү карагылачы! Жылгалардан төмөн жыбыраган сууларды карасаң! Мал эмес, адамдын жегиси келген чөптөрдү караң! – дей берди Исхак Раззакович.

Мен озубүздүн райкомдун биринчисине карап калдым. Ал обкомдун биринчисин тиктеп калды. Шампан бар беле? – деп бири-бирибизден сураганыбыз бул тиктешкенибиз. Бир ящик шампан алып келгенбиз быякка. Исхак Раззаковичтин шампан, аны да аз эле ичээрин обкомдун биринчиси баягы даярдык тууралуу эскерткенде кошо эскерткен эле. Биринчи коногубуз шампан ичсе, башкабыз башка ичимдик ичип отурмак белек а кишинин козүнчө. Ал эмнени ичсе, биз да ошондон ичүүгө тийишпиз. Ошондуктан бир ящик алганбыз. Бир-эки эле ботолкөсү ичилген, калганы турат болчу, ящикке салынган бойдон боз үйдүн бир бурчунда үстү жабылган бойдон. Исхак Раззакович казанга жабылган нанды кымызга туурап жей баштагандан тартып шампанды оозуна албай койгон. Аны ээрчип баарыбыз аны ичкенди токтотконбуз. Ал эми быякка алганды такыр унутуптурбуз да. Мындагы сулуулук ага карата кайрадан минтип ичтейди ачаарын кайдан билели. Кап! Конок ээси менмин да. Баарынан да мен уялып калдым. Анын үстүнө Исхак Раззакович эки-үч күндөн бери тааныш болуп калган жылмаюсунан жазбай туруп, мени караган калыбында:

«Ушундай да, ортак раис, ичпеймин деген жерден ич деп кыстайсыз, ичейин деген жерден ушинтип бербейсиз»– деп жатпайбы ого бетер чычалатып. Баарыбыз каткыра күлүп алдык а кишинин бул созүнө. Бул күлкүдөн ичпесек да, эмнегедир, ичкендей көңүлүбүз көтөрүлө түштү. «Тамаша ортаклар» – деп коюп, Исхак Раззакович дагы баласынын мойнуна колун оролто берип, килемдей жумшак, нары гүлдүү шибер менен арыга басып кетти...

...Кийинки жылдын жаз башында Исхак Раззакович кызматынан бошоду. Бийик даражалуу кызмат карьерасы бүтүп калганын сезгенден бала чагынан ысык нан даамы, жайлоонун кыйгыл кымыз даамын эсинен түболүккө чыкпай калган жергеси менен, Аркыттай, Арсланбаптай ажайып сулуулуктар менен биротоло коштошорун алдын ала сезгенден, эки-үч күнгө болсо да эркинче жатып эс алган тура кайран киши...

ӨЗБЕК ЖЕРИНДЕ

1969-жылдын күзүндө кыргыз адабияты менен искусствосунун Декадасы Өзбекстанда өтүп калды. Биздин делегацияга капкара чачы дайыма бешенесинен экиге болүнүп, эки кара кашына учтары тийип турчу, ошонусунан жүдөйбү, анысын тез-тез алаканы менен артын көздөй сылай берчү орто бойлуу, сулуучасынан келген Бейшенбай Тоголокович Мураталиев, Борбордук Комитеттин секретары, жетекчилик кылып барды.

Өзбек жериндеги алгачкы жолугушуу андагы партиянын Борбордук Комитетинде өтүп, ага жазуучулардан, артисттерден отуз чакты гана киши катыштык. Өзбекстандын Борбордук Комитетинин Биринчи секретары Шараф Рашидович Рашидов баарыбыз менен кол кармаша учурашты да Чынгызга жеткенде аны менен кучакташып, эки бетинен ооп көрүштү. Ушунусу менен чоң саясый жетекчи биздин жазуучунун башкаларыбыздан артыкчылыгын гана көрсөтпөстөн, өзүнүн да көркөм сөзгө түздөн-түз тиешеси бар адам (бир нече повесттердин, романдардын автору эмеспи) экенин көрсөтүп калгансыды.

Рашидовдун мунусуна, башкаларды билбейм, мен ичимен сүйүндүм, сыймыктандым. Каякка барбасын, аердин окурмандары гана эмес, башчылары да минтип төбөсүнө көтөрө тосуп алганы акыры келип, ошондой, таланттуу берген элдин кадыр-баркы эмеспи...

Кырдач мурдунун учу шиш, көздөрү тостогураак, бирок, жүзү наардуу, ошондон жылдыздуу жана сүрдүү Шараф Рашидович мындай чоң бийлик башындагы кишиге жараша бербеген чыйылдагыраак үнү менен баарыбызга кайрылып куттуктоо сөзүн сүйлогондо да ал Чынгызга озгочо басым жасады. Анын көп улуттук совет адабиятына, дүйнөлүк көркөм сөз казынасына кошуп жаткан салымын атайлап болуп айтты.

Бул кабыл алууга Өзбек ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Ядгар Насирдинова катышты. Анын желкесинде түрүп алган капкара чачы (эгерде ал жазылып кетсе, такымынан ылдый чубалжыгыдай караанына караганда) кара сур иренине көрк берип турду. Бул аялдын үстүндөгү жакшына, он-түсүнө жарашкан кийим-кечеси, келишимдүү турпаты, ишенимдүү көз карашы, келишимдүү мүчөсү бийлик үчүн төрөлгөн ургаачы экенинен кабар берип тургансыйт. Сөз да, иш да колунан келери, ал үчүн акыл да, билим да, турмуштук тажрыйба да жетишерлик экени өзүн алып отурганынан эле көрүнүп турат.

Рашидовго жооп кылган биздин Бейшенбай Тоголокович сүйлогондон кийин Декаданын катышуучуларынын атынан сүйлогон Айтматов мындай эки элди дагы бири-бирине жакындата турган иш чараны откөрүүгө демилгечи болушкан Өзбек Рес-

публикасынын жетекчилерине баарыбыздын атыбыздан ыраазылыгын билдирди.

Ошол күнү кечинде Декаданын ачылышына арналган салтанаттуу Чогулуш болуп өттү Навои атындагы Чоң театрда. Ага ошол кездеги салт боюнча биздин республиканын жетекчилери да келип катышышты. Салтанаттуу чогулуш эки жактын искусство чеберлеринин чоң концерти менен аяктады.

Экинчи күнү Декаданын катышуучулары төрткө бөлүнүп, облasttарга кеттик. Бир жумадан кийин баарыбыз байыркы Самаркан шаарынан жолугушмай болдук Декаданын алдын ала түзүлгөн программасы боюнча.

Мен Кара-Калпак Автономиялуу Республикасына барчу делегацияга кошулдум. Бул элдин көрүнүктүү акыны Юсупов Ибрагим айткандай:

«Ала-Таудан кыргыз баурымыз ак калпагын булгаласа, биз аган жоуп кылып Кара-Таудан кара калпагамызны булгалаймыз» – деп ырга кошкон жерге баргым келди. Бул топто менден башка Темике (Темиркул Уметалиев) баш болгон дагы үч-төрт жазуучу бар эле.

Кара калпак тууландардын жери каксоо, нары кумдуу келерин географиядан билсем да, өз көзүм менен көргөндө, чынын айтайын, кыргыз жеринин авасы салкын жашыл төрлөрү, жыл бою чокуларынан кар кетпеген кок тиреген бийик тоолору эске түшүп, көздөн уча баштады. Сентябрь айы экенине карабастан быяк кадимкидей ысык экен. Күндүзү тердеп-тепчигенибиз аз келгенсип, түндөсү да чымын-чиркейи талап, ысык абасы демди кысып, мазабызды алып жатты. Суусучу...

...Паром менен Аму-Дарыяда сейилдеп жүрөбүз. Бир маалда мындагы жазуучулар союзунун председатели, жогору жакта аты аталган Ибрагим кеменин кырындагы сом темир туткага жөлөнүп аталадай коюу, нары киргилт сууну тиктеп бараткан менин жаныма келип: «Жунай ага, Калайсыз? Бизниң Аму-Дарыямыз сизге жактыма?» – деп калды.

«Жагып атат» – дедим. Меймандын жообу ушундай эле болот да. А чындыгында жээктери араң козго илинген чондугу, үстүндө минтип кеме жүргөн тереңдиги болбосо, жага турган дайра эмес экен. Бала кезден тунук сууга жүз чайып, булактын көз жашындай тунук суусунан кочуштап ичип чоңойгон мага жана мени менен бирге баргандарга жаккан жок бул суу. Паромдун кырынан төмөн сунган колубузга тийип жаткан суу кадимки эле суюк ылайдай колубузга жугуп жатты. «Мындай суудан иччү эмес, жуунгандан деле киши жийиркенет го» – деп келатканмын ичимен. Жээктерин жемирбей жай мелмилдеп аккан улуу дайра жонүндө ушундай ойдо келатканымы билип койгонсуп, тигиндей суроо берип жатканын карасаң Ибрагимдин. Ошондон го, өз дайрасын актаганга шашты: «Жунай ага, кара

калпак туугандарыңыздын башка жакка барганда сагына турган эки нерсеси бар – биринчиси – ушул Аму-Дарыянын суусу, экинчиси – Кара-Тоосу. Аны да көрөсүңөр кеткиче. Дарыямыз кумдуу чөлдөрдү аралап акканга бы, дайыма минтип киргилт, ошентсе да сиздердин тау баурынан атылып чыккан аппак тунык сууларыңыздай эле биз үчүн ак да, тунык да, татты да... Адамдарыбыз алигеше короосундагы түтүкторүнөн суу алмастан ушул дарыядан алып ичишет сууну» – деди Юсупов өз дарыясын которо чаап.

Эки күндөн кийин бир районго баратып, Юсупов ырга кошуп жүргөн булардын Кара-Тоосун да көрдүк. Шыбактары, бүргөндөрү, кулунчактары эчак куурап, күрөң кумдуу жер кыртышы жылаңачтанып калган кең талаадагы нар төөнүн өркочторүн элестеткен дөңсөлөр жатат жолдон обочорокто. Ошолор экен биердегилердин – Кара-Тоолору. Көз кайкыган бу түздүктөгү мындай кырлар, дөңсөлөр, балким, чынында эле Ибрагим айткандай тоолорго тетедир. Чокулары көк мелжиген тоолордун арасында төрөлүп, ошолордун арасында торолуп, өмүр кечирип келаткан биз үчүн пас, нары кунарсыз көрүнгөнү менен оздорү үчүн тигилер бийик да, кооз да көрүнөр, ким билет. Конүмүш деген да чоң нерсе эмеспи. Ар ким ар нерсени көз ачып коргонүно, билгенине жараша өлчөп-бычат эмеспи. Ошого жараша баалайт.

Мындагылардын жапысы – бийик, карасын – ак, кирин – таза көрсөтүп жаткан башкы касиет – киндик каны ушул жерге тамганы го...

Анан ушундай жашылынан кубарганы көп чөлдүү өлкөдө түркүн гүлдөрдүн өсөөрүн (короодогу гүлдөрдү айтып жатам) ошол райондун аймагынан көрүп, таң калдык. Бир чарбага барганыбызда кыштакка кире бериште жолдун эки жагына катар туруп алышкан адамдардын колдорундагы гүлдөрү аз келгенсип, жолдун таманына да жайнатып тошоп ташташкан экен, машиналарыбыздын доңголоктору айланбай калды.

Республиканын негизги чарбасы – демек, негизги байлыгы да пахта. Жери каксоо келгендиктен го, биерде «ак алтын» Өзбекстандын башка областтарына салыштырганда жарым айча эрте бышат экен. Ошондуктан, булар пахта жыйноону мурда башташып, план-милдеттенме дегендерин да мурда аткарып келатышканын басма создон мурун эле билчүбүз. Биз жолдуу болуп, бу сапар да республика алдыда бараткандын бизге арналган салтанаттуу жыйында партиянын областтык Комитетинин биринчи секретары, кебете-кешпири адамды өзүнө тарткан, нары созмөр, жашы кырктардан ашып-аша элек Камалов деген өз созүндө атайын белгилеп кетти. Анын созүнөн, мамилесинен, жүрүш-турушунан: «Кара калпак элинин тагдыры ишенимдүү колдо экен» – деп калганбыз эки күн аны менен жакындан сүйлошүп жүргөндөн кийин.

Кара-Калпакстандан Хорезм жерине келдик. Биерден эсте калганы – балдарынан тартып, улгайып калган эркектери менен аялдарына чейин эле ырдап жана бийлеше берет экен. Бирок адамдарынын, айрыкча аялдарынын (кыз-келиндеринин) оң-түстөрүнөн мага бала кезден тааныш – Наманган, Анжиян өзбектериндеги сулуулукту, назиктикти коро албадым. Тилдеринде – диалектисинде да айырма бар экен. Кийим-кечелеринде да. Маселен, эркектердин башынан жайында деле козу терисинен жасалган тегерек кайруу тебетей түшпогонүн айтышты.

Хива, Бухара шаарлары – негизинен архитектурасы менен айырмаланып турат башка шаарлардан.

Жогоруда айтылгандай беш-алты күндөн кийин областтарга болүнүп кеткендер Өзбекстандын гана эмес, Бүткүл Борбордук Азиянын сыймыгы болуп калган, нечен жүз жылдардан бери ааламдын көңүлүн өзүнө буруп келаткан Самаркан шаарына келдик. Улуу колбашчы Темирландын (Аксак Темирдин) адамзаттын кийинки урпактарына калтырып кеткен тарыхый эстелиги болуп калган бу шаар коргондүн коз жоосун алган, эстетикалык аң-сезимине түбөлүк кеткис из калтырган, адам акылына, анын талантына тизе бүктүрүп, таазим эттирген мындагы имараттар баарынан мурда улуу полководец Темирлан генийинин жемиши эмей эмне!! Азия менен Европаны солкулдаткан улуу кол башчы өз мезгилин гана эмес, келечегин да көрө билген кеменгер жетекчи да болгонун ушул укмуш архитектуралык жайлардан деле көрүнүп тургансыйт. Жараткан өзү накта тартуулаган табигый эрдик жана талант болбосо, атынын туягы жеткен жердин баарынан колдорунан коорү тогүлгөн усталарды, акыл-эстин каймагын калыпган окумуштууларды ушул жерге топтобос эле да. Демек, адам акылы жетпеген бул мечиттер, медреселер, обсерваториялар, күмбоздор жаралмак эмес да!

Бир чеңгелинде кан, экинчи чеңгелинде гүл кармаган улуу инсандын колунан ушундай кереметтер жаралышы мүмкүн экенине мындан коргондорубуз жана укандарыбыз дагы бир жолу күбө болгонсуду. Элдин-жердин атак-даңкын ушундай инсандар гана дүйнөго жеткирерине ушул жерден дагы бир марта ишендик. Темирлан – бүткүл түрк элдеринин улуу перзенти да. Демек, аны менен бүтүндөй түрк дүйнөсү сыймыктанууга акылуу.

Соз болуп жаткан Декададан эсте калган дагы бир нерсе – бул Он күндүктүн жабылышына арналган салтанаттуу жыйынга СССР окмотүнүн ошондогу башчысы А.Косыгиндин катышып калганы болду. Вьетнамга баратып (Вьетнамдын мамлекет башчысы Хо-Ши-Миньдин дүйнодон кайтканына байланыштуу бараткан экен) Ташкенге токтошу керек экен да авиаграфик боюнча. Биерде ал күнү эки союздук республиканын тигиндей

салтанаты өтүп жаткандан кийин ага катышып коюуну чечиптир.

Чогулуштун официалдуу бөлүгү бүтүп, концерт башталарда президиумдагылар залга келип отурушканда алардын арт жагындагы катарда отурган биз а кишиге жакын болуп калыптырбыз. Эки республиканын алдынкы артисттери катышкан концерт программа боюнча эки сааттык эле, колдор коп чабылгандыктанбы, жарым саатка узарып кетти. Ушул убакыттын ичинде бир капталында Рашидов, экинчи капталында биздин Усубалиев отурган Косыгин бир жолу да козголуп койгон жок. Же оң жагына, же сол жагына жүз буруп, тиги эки чоңдун бири менен сүйлөшүп да койбоду. Бул да болсо, чоң мамлекеттин чоң жетекчисине таандык сапат окшобойбу.

Журт башкарууга туулган адамдардын канында болот го кызы мындай адеп-ахлактык сапаттар.

Жасалма «чоңдор» канчалык аракет кылып кыйналышпасын, алардын баскан-турганына чейин андыба, андан көз арта турган, суктана турган эч нерсе таба албайсың.

Косыгинден улам биз жакта эл ушул убакка дейре сөз кылып келаткан, коп жыл болуш болгон Бекмурат деген тууралуу укканларым эсиме түштү. Эрте менен малдаш урунуп отурса, кечке дейре анысын бузбай отурганын; эгер наипке жолугуш үчүн Наманганга аттуу жөнөп калса (Наманганга чейин алтымыш чакырым экен), жолдон бир жолу да аттан түшүп даарат ушатпаганын аваз кылып, кеп кылышар эле. Жанындагылар ал убакыттын ичинде эки-үч марта сыртка чыгышып, же аттан түшүшчү экен.

Демек, бийлик адамдарында букараларды тигилерден козү өтүп кеткенден кийин да айтып жүрө турган (адамдарды башкаргандан башка да) жүрүш-туруш жагынан да үлгүлүү сапаттар болуш керек турбайбы.

1969-жыл.

КЫЗЫКПЫЗ-Э-Э?

Биз, адамдар, кызыкпыз-э-э? Бири-бирибизди аягына чейин түшүнө албай жүрөбүз-э-э?

1971-жыл эле. Республикабызга КПССтин Борбордук Комитетинин Генеральный секретарв Брежнев келген. Ошого байланыштуу борборубузда республикалык активдин жыйыны өтүп калды. Жыйын БК менен Өкмөт жайгашкан үч кабат имараттагы чоң залда ачылды. Жайдын күнү болгондуктан желдеткичтердин иштеп жатканына карабастан залдын ичи ысык эле. Эл желпинип отурду.

Жергебизге мен билгенден мамлекеттин биринчи чоңдорунан бул экинчи адамдын келиши. Биринчи – ушу кызматта турганында Хрущев келген. Ал бир эмес, эки жолу келип кеткен. Алгачкысында «түф» деген түкүрүк жерге жетпей тоңуп турган кычыраган кышта келгени эсте. Андагы мындай жыйынга менин эки агам – Темиркул менен Субанкул (экөө тең башкарма эле) катышкан болчу. Ошондогу Генсектин артында калган сөз – чондорубуз канчалык жаап-жашырышпасын Хрущевдун мастыгы жөнүндөгү сөз болгон. Ал Тешкенден келгендиктен, аердегилер куп ичирип туруп аттандырышкан экен – самол ёттун трабынан аны алды жагынан биздин жетекчилер, арт жагынан тыяктан озүн коштоп келгендер жолоп-таяп араң түшүрүшкөнү, анан бериде котолоп турушкан элге салам айтууга да жарабай конок үйүнө араң жетип кулаганы, аерде эки-үч саат эс алдыргандан кийин суукта зыңкылдашып турган стадиондогу элге алып келишкенде алар нааразылык иретинде галошторун көккө ыргытып тосуп алышканын, ошондонбу, жарытылуу сөз сүйлөй албай (даяр текстти жакшылап окуй албай) мындагыларга уят болгондугу тууралуу жагымсыз соз калган. Мунусу аз келгенсип, коштошуу кечесинде биздикилер тартуулаган аргымакты карыя акын Осмонкул менен ошол кезде улгайып калган атактуу кызылчачы Зуура Кайназарова астына жетелеп барышса, кыйылган камыштай кулактарын тикчийте чоочун озүнө карап жалдырап тиктеген аттын көкүлүнөн сылап, мандайынан өпкөндүн ордуна мас неме Зууракан байбичени кучактап башын ала качканына болбой аны өпкүлөп киргени жөнүндогү укканды иренжиткен сөз калган.

Экинчи жолу келгенде да ичимдиктен бир аз эсин жыйгандан кийин жергиликтүү чоңдор күн мурунтан атайлап жаңы товарлар менен толтуруп таштаган дүкөндөрго, базарларга, эгин-тегини жакшы өскөн талааларга, сүтү мол фермаларга барымыш-көрүмүш болгон соң Ысык-Көлгө барганын (көрсө, мурункусунда кышта келгендиктен, көлгө түшпөй кеткен да, чоңдорубуз ошону шылтоо кылышып чакырышкан тура бу жолу) аерде да а дегенде мас болгуча ичип, жээкте күнгө кактанышып, сууга түшүп жатышкан элди көзүнө илбей турсыйчан чарда-

ландаган бойдон барып, боюн сууга урганын, аны көргөн Көлдүн аттуу-баштуу карыялары:

«Падышанардын иши бүттү. Эми көп отпой тактан кулайт. Этин элге көрсөтүп койбодубу», – дешкен олуялык создорү калган. Чынында да ошондой болуп, ошол жылы күзүндө эле ал кызматынан шыпырылган.

Ошол Хрущевдон кийинки падышабыз – ушул Брежнев Леонид Ильич эмеспи. Ал Президиумдун так ортосунда, Усубалиев менен Кулатовдун так ортосунда отурат. Бир нерсе чайнап аткансып улам тамшанып коёт. Бакырайып карааны бараандуу.

Бул чоң жыйынга бир туугандардан дагы экоо катышып жаттык, Субанкул экообуз. Улуу агабыз пенсияга чыгып кеткен. Субанкул алдынкы совхоздун директору (Ала-Бука районундагы «Бирлик» совхозунда) катары, мен болсо, жазуучулар союзунун жетекчилеринин бири катары чакырылганмын.

Брежневдин созүнөн кийин адаттагыдай эле жарыш сөздөр башталды. Биринчи болуп Фрунзе шаардык комитетинин экинчи секретары (биринчиси ошо кезде отпускада экен) Кенеш Нурматович Кулматов сүйлөдү. Торт районду бириктирген шаардын онор жай ишканалары жакшы иштеп жатышыптыр. Жылдын жарым жылдык планын дээрлик бардык райондор ашыгы менен аткарышкан экен. Жетекчилердин ишин баалоодогу башкы критерий – ошол пландын, милдеттенмелердин кандай аткарылышы эмес беле анда. Кулматов жакшы сүйлоп койду. Орусчаны да так сүйлодү. Бул да кадрларды тандоодогу негизги критерийлерден. Быягынан да Кенеш Нурматович Москвадан келген ЧОҢ КОНОКТУН купулуна толгонсуду. Тиги созүн бүтөөрү менен Генсек озү биринчи болуп кол чаап, анан биздин Биринчи жакка башын бура берип бир нерсе дегендей болду. Демек, биринчинин ораторго назары түшконү ошол. Муну зал да байкап, күбүр-шыбыр боло түштү. Падышанын назарына илиниш кыйын эмеспи.

Кулматовдон кийин дагы төрт-беш киши сүйлоп, анан кезек Ысык-Көл областына караштуу Түп райкомунун биринчи секретары Жунусалиев Малабайга жетти. Ал башкарган райондо андан мурдараак жер титиреп бир-эки адам олүп, бир нече үй, мекемелер, мектептер андан ары пайдалануруга жараксыз болуп калган эле. Ошол табигый кырсыкка байланыштуу ал райондун жетекчилеринин атынан ушул Генсектин озүнөн, Өкмөт башчысынан коңүл айткан телеграммалар келүү менен алардын артынан эле жанагы бүлүнгондөрдү калыбына келтирүү үчүн вагон-вагон курулуш материалдары, акча каражаты келе баштаганы – Жунусалиев созүн ушундай кыйын-кыстоо кезде райондун эмгекчилерине аталык кам корүшкон партиянын Борбордук Комитетине, анын башында турган Леонид Ильич Брежневге алкыш айтуудан баштады. Райондо ошентип, жер титиреодон кыйрагандар гана тездик менен калыбына келтирилип жатпастан жалпы ахывал жаман эмес экен. Бул секретардын

сөзүндө да өзүнүн аты көп кайталанганданбы, же жанагы табийгаттын кырсыгына байланыштуубу, айтор борбордон келген Биринчи муну да кунт коюп укту. Буга да биринчи болуп озу кол чапты. Мунун сөзүнөн кийин да биздин биринчибизге Генсек бир соз айткандай болду. Айтканда да Жунусалиев жөнүндө сөз айтты. Муну да байкап калышкан залдагылар.

Ушул минуталарда Брежневди карап отуруп, менин эсиме анын бир жоругу, ошондон мен аны жакшы көрүп калган жоругу эсиме түшүп кетти.

...Кремлдин Съезддер Сарайында салтка айланып калган жылдагы жыйындардын бири отүп жаткан. Бу жолу Аялдардын эл аралык күнү — 8-мартка арналган салтанаттуу чогулуш жүрүп жаткан. Негизги докладдан кийин трибунага улгайып калган аял чыгып сүйлой баштады. Бир маалда эле президиумдагы Генсектин эки көзүнөн тең томон карап жаш чууруп жоногону көрүнүп калды. Оператор атайлап жакындан көрсөткөн окшойт, заматта кайра тартты. Леонид Ильич шаша бет аарчысын алып аарчынып калды. Жанагы көз жаш эки-үч курдай кайталанды. Аны карап отуруп озумун да коздорумон кантип жаш агып кеткенин байкабапмын. СССР деп аталган, атын укканда дүйно бир солк этип алчу державанын башында отурган кишинин, жаш курагы да жетимишке жакындап калган кишинин, көзүнөн жаш агызган кандай ой, же кандай соз айтты экен трибунадагы сүйлөп жаткан аял? Ал сөз, же ой энесин эске салды окшойт. Анткени, ошондон бир аптача эле мурдараак борбордук басма сөздөр а кишинин энеси кайтыш болгондугу тууралуу кабарлашкан. Ушундай куракта, ушундай даражалуу адамдаргада ЭНЕ керек тура, көрсө.

Боорукер киши гана ыйлай алат. Брежнев демек, жеткен боорукер Адам. Боорукер кишинин колунан жамандык келбейт. Ушундай ойдон улам, ошондон бери мен бу кишини жакшы көрөм...

...Жунусалиевдин сөзүнөн улам ЖАРАТКАНДЫН пенделерине каарданганда алдын ала эскертпей-нетпей жиберчү алааматтарынын бири— ушул жер титироо экени тууралуу ойлодум. Кааласа өзү алты күндө жараткан ааламды алты мүнөттө жер менен жексен кылып таштайт экен да...

Топон суу... Өрт... Согуш... Кара шамал-бороон... Алла Тааланын каары келгенде пенделерине жиберчү ушул алааматтары жөнүндө ойлодум... Орто Азиянын эки чоң шаарын — Ашхабад менен Ташкенди эстедим. Көз ачып-жумгуча урандыга айланып калган шаарларды, алардын астында түбөлүккө калып кеткен жүз миндеген адамдарды көз алдыма келтирдим... Тулку бойдон сыгып тер чыгарып жаткан залдагы дымып турган ысыкка карабастан мындай сезимден ичиркенип кеттим...

Ушул окуяга байланыштуу андагы элдердин достугу, биримдиги деген сапаттар тишине чейин куралданган жоону жеңүү үчүн гана эмес, тигиндей табияттын оор кырсыктарын жеңүү

үчүн да зарыл экени тууралуу ойлодум... Жанагы эки шаар кандай биримдиктен, андай чыныгы достуктан бир-эки жылдын ичинде эле мурункусунан да кооз, мурункусунан да бийик шаарлар болуп чыга келишкенин эстедим...

Ошондой жамандык-жакшылыкта бир үй-бүлөнүн кишилериндей жабыла аттанышып, жабыла аракеттенгенден далай чоң иштер тез да, сапаттуу да бүтүп жүргөнүн ыркыбыз кетип, ыдырагандан бери түшүнүп атпайбызбы... Тарыхтын мындай сабактарын дайыма эстей жүрүү зарыл окшобойбу...

Жунусалиевге кайрылалы кайрадан. Малабай досум Мамлекеттин биринчи чоңунун астында учурга ылайык өзүнүн районундагы кырдаалды туура түшүндүрүү жагынан гана башка сүйлөгөндөрдөн айырмаланбастан, дагы бир жоругу менен айырмаланып кетти. Трибунага жакындаганда, анан андан кетип жатканда арыдагы президиумда отургандарга демек, биринчи кезекте Брежнев менен Усубалиевге жүгүнгөндөй бир колун бооруна алып, башын эңкейте а дегенде саламдашып, анан коштошту.

Менин алдымдагы катарда баятан бери шыбырашып-күбүрөшүп сүйлөп жаткандарга өз «бааларын» бере отурукташкан эки жигиттин бири:

«Карасаң сартты, ушул жерден да сарттыгын көрсөтүп атканын» — дегени кулагыма шак дей түштү.

Түштүк кыргыздарды түндүк кыргыздар көзүнчө да, артында да ушинтип сөгүп жүрүшөт. Малабай Жалал-Абад областынан эмеспи. Ушул сөздөн да жанагы жер титирөөнү эстегенде пайда болгон муздак сезим бир марта денеми аралай чаап отконсүдү.

Малабай Жунусалиевди мен 1948-жылдан бери билемин. А кезде мен Жалал-Абадда жаңы ачылган мугалимдер институнун студентимин; ал эми Малабай мен бат-бат ырларымы, же аңгеме, макалаларымы алып барып турчу областтык «Большевиктик жол» газетасында иштечү. Кийинчирээк партиянын областтык комитетинин биринчи секретарына жардамчы болуп кетти. Ошондон тартып бакыраң көз, кара каш, ак жуумал, арыкчырай, сөзгө да, ишке да элпек, бироонүн өтүнүчүн аткарууга дилгир Малабай партиялык советтик жооптуу кызматтарда келатат. Райкомдун биринчи катчысы, Борбордук Комитеттин бөлүм башчысы, Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагалык кызматына чейин жеткен. Жогорку Советке депутат да болуп жүрдү. Алтымышынчы жылдардын аяк ченинде эле кызмат жагынан төмөндөй баштады. Статистикалык башкарманын жетекчиси кылып коюшту. Буга өзү да аң-таң болуп жүрдү. «Кайсы жерден жазып калдым чондорума, билбейм»— деп. Анын кийинки мекемеси Тоголок Молдо менен Фрунзе көчөлөрүнүн кесилишинде эле. Менин үйүм да ошол жерге жакын болгондуктан, эртели-кеч экөөбүз Панфилов паркынын ары-бери жагынан кезигишип калчубуз. «Кандайсың, Маке, жаңы орунга көнүп атасыңбы?» — десем, «Ой коно турган эмесмин. Эсепкысап деген менин жумушум эмес да. Ал боюнча адис болбо-

сом. Ишимен озумун капчыгым чыкпай жатып, башкармалардыкын чыгармак белем. Алып келишкен кагаздарына кол коюп берип отурмай. Менин али чапкылап иштей турган курагым да. Өзүң билесиң айылда төрөлүп, айылда чоңойгонмун. Айылда иштеп жүрдүм. Мындан көрө бир райондун райисполкомун берип коюшпайбы, андан ары чоңойткулары келишпесе» — деп нааразы болуп жүрдү. Анан эле күтпогон жерден кайрадан көтөрүлгөн.

Бир күнү эле ошол Панфилов паркынын жанында жолукканда башка тиштеринен узунураак эки кашка тишин кашкайта жайдаңдап колун суна:

«Куттуктай берсең болот, Жуке кайрадан чоңойдум. Кечээ бюродо Түп райкомунун биринчи секретары кылып бекитишти» — дейт. Бир күндө эле жашарып да, семирип да кеткенсийт. Кубанычтын күчүн карасаң!..

...Бүгүн болсо, минтип өлкөдөгү биринчи чондун назарына түшүп отурат. Созу жакшы чыгып калды. Ошондуктан аны куттуктап коёюн деп, дем алыш жарыялаганда сыртка жабыла чыгышкан элдин арасынан Малабайды издедим. Ар жакта эки адам менен туруптур. Бироо колун бекем кармап турат. Акырын басып алардын жанына барсам, тигилер: «сарт» деп бая сөгүп жатышкан экөө экен. «Ой, укмуш сүйлодүңүз Малабай Жунусалиевич! Эч ким сиздей сүйлөгөн жок. Леонид Ильич башынан аягына чейин сизди карап, абдан кунт коюп укту создорүңүздү. Эч ким андай укkан жок. Анан өзү биринчи болуп кол чапты» — дешип эле биринен сала бири мактап жатышыптыр Малабайды. Мен колуму суна берсем, анан тартып алды алиги коё бербей жатканы. Анан экөө арыга баса беришкенде:

«Булар кимдер?» — дебеймби. «Оң жактагысы — биздин райондун аткаруу комитетинин төрагасы. Беркиси — райондук айыл чарба бөлүмүнүн башчысы» — дейт Малабай алардын алигиндей көккө учурма создорүнөн эргий түшкөнүн жадырап чыккан жүзүнөн билдире. Мен быйыгыман күлүп гана тим болдум. Ичимен: «Биз, адамдар, кызыкпыз-э-э?» деп. Бирок, экөөнүн жана залда Малабай жөнүндө айткандарын буга айтпадым.

Акыры ошондо залдагылар шыбырашкандай Кулматов да, Жунусалиев да Генсектин назарына түшкону чын болуп чыкты. Көп өтпөй Кулматов Кеңеш Нурматович — шааркомдун биринчи секретарлыгына көтөрүлдү. ал эми Жунусалиев Малабай Ысык-Көл областынан бөлүнүп чыккан жаңы областка биринчи болуп кетти... Мына, бийлик дегендин күчү! Анын башында турган адамдын бир сөзүнүн күчү!

Генсек жаңылбаган. Экөө тең адамгерчилиги боюнча да, ишмердүүлүгү боюнча да мындай орундарга татыктуу адамдар болчу. Ошондуктан, мен экөөно тең кубандым...

ЭРКИНДИКТИН ДООРУНДА

(«Кыргызстан маданияты» газетасынын адабий кызматкери, белгилүү акын Кудайберген Жуманазаров менен маек)

1. Ооба, эркиндиктин доорунда эки жыл жашап койдук. Бирок, аны менен канчалык оозансак да анын «базар экономикасы» тартуулаган тамактан өзүң айткандай тандайда пайда болгон кермек даам кетпей жатат. Көрсө, эркиндик эйфориясынан улам анын азырынча үстүндөгү кийими «жамачылуу», курсагы «чала тоют» экенин байкабай калган турбайбызбы. Кыйрап калган эсил кайран СССРди эстеп, а түгүл көксотүп жаткан да ушул жагдай эмеспи! Эркиндик колго тийсе эле материалдык жана руханий байлык дегендер көктөн жамгыр болуп жаап жиберчүдөй сезилгенин да тана албайбыз. Эркиндик багынын жемишинен тезирээк жейли десек, «КЫРГЫЗ» деген жалгыз жазуусу бар улуттук ар-намыс туусунун алдында «Түндүк—Түштүк», «Батыш—Чыгыш» дебей топтолуу менен баарынан мурда «төбөбүз менен жер казып» күнү-түнү тыным албай иштешибиз керек. Ошондой жол менен гана өткөндү көксөө, жаңыны жерүү сезиминен арылабыз.

2. — «Элиң түлкү болсо — түлкү бол, бөрү болсо — бөрү бол» дегениң, орустун: «Разделяй и властвуй» дегени менен үндөшүп турат. Муну: «Адам бол, болгондо да өзүндүн керт башыңын гана камын ойлобостон, бүтүндөй журтунун кызыкчылыгын, ар-намысын аркалаган патриот адам бол»— деген менен алмаштырбашыбыз керек. Ансыз биз менен жетимиш жыл бою бир чоң үйдөн түтүн булатып, бир чоң казандан тамак жеп келишкен коп элдердин баары биздикиндей эле саясый эркиндик алып, ошонун деми, шарапаты менен жарыша алга кетип баратышса, биз ошолордун чаңында каларыбызды эстен чыгарбаган асыл ниеттүү, акыл-эстүү адам бол!» — деген чакырык менен алмаштырбашыбыз керек.

3. — Ооба, тартипсиз үйгө таалай түнөбойт. Андай үйдүн түндүгүнө Бакыт кушу да конбойт. Мына ушундай турмуш чындыгы баарынан мурда бийлик башында отургандардын эсинен чыкпаса экен. Азыркы баш көргөндү көз корбогон тополоңтоско күбө болуп отуруп, кээде бийликтин бары-жогуна да күмөн санап кетесиң. Анткени, бийлик бар жерде — тартип бар. Тартип жок жерде бийлик жок да. Президент, анан өкмөт башчысы жонүндө да пикирими билгиң келип атабы? Президент жонүндө оюму «Кыргыз Туусу» газетасына чыккан макаламда айттым эле. Мейли, сен да сурап калдың, аны кайталап айтып коёюн. Чынымы билгиң келсе, Мамлекеттин Президенти Акаевге Караганда Илимдер академиясынын Президенти Акаев көбүрөөк жакчу. Таланттуу окумуштуу катары ал тууралуу коп угуп жүргөндүктөн газетанын редактору кезимде ага атайын бир кызматкерим жиберип, (А кезде Акаев политехникалык институтта иш-

течү) макала жаздырып, сүротү менен бир бетке толтура бердиргеним эсимде. «Аскар Акаевичтин бийликке азгырылып кетиши менен улуттук илим гана эмес, жалпы эле илим, болгондо да физика илими (голография) бир кыйла өксүп калды го» – деп ичимен өкүнүп жүром. Баса, президентибиздин сөзү да «Асаба» газетасына берген интервьюсунда саясатка аралашып кеткени үчүн өкүнгонүн билдирген тура. Таланттуу окумуштуу – таланттуу саясатчы да боло бербесине, кебетеси, оз тажрыйбасынан жыйынтык чыгарган окшобойбу.

Ал эми өкмөт башчысы – Чынгышов тууралуу эмне дээрими да билбей турам. Ал уялбай-сыйрылбай калың калкын каратып туруп: «Пара дегенди келесоолор менен жалкоолор гана албайт» дебедиби! Менимче, ушунусу менен эле ал өзү жөнүндө, башкача айтканда, өкмөтүбүздүн башында кандай адам отурганын айтып койду.

Ушерден кыстара кетчү дагы бир ой, Өзүң угуп да, көрүп да жүрөсүң: райондук, областтык жетекчилер гана эмес, республиканын айрым башчыларынын дарегине аябагандай көп сындар айтылып да, жазылып да келатат. Бирок, алардан жыйынтык чыгарган эч ким жок. Андай сындардан жүдөп кетишти го бечаралар деп бооруң ооругандыктан сурап калсаң:

«Ой жаза беришпейби каалаганынча. Жүдөп кеткидей нерви начарлардан эмеспиз» – дегендерине эмне дейсиң? Нерви мыктылыгынанбы, же уят-сыйыт дегендин азайып кеткениненби? Же эл алдындагы жоопкерчилигин унутуп койгонунанбы? Цивилизациялуу мамлекеттерде бийлик адамдарына карата бир жолу эле коомдук тескери пикир айтылса, мындай ызы-чуусуз эле орундарын бошотуп чыга беришет го? Бул, менимче, тигилердин нерви «начардыгынан» эмес, көпчүлүктүн ой-пикирин сыйлагандыктан.

4. – Менин байкашымча учурда кыргыздардын үч душманы бар: биринчиси – жердешчилик, уруучулук, экинчиси – ичкилик. Үчүнчүсү – күн санап эмес, саат санап тамырын жайып да, тереңдетип да бараткан коррупция. Булар курал кармап тыштан келчү жоодон да жаман душман, ичтен жеп жок кыла турган душман. Уруучулук, жердешчилик кечээ эле, же бүгүн эле чыга калган нерсе эмес. Жерге, урууга карап бөлүнүү, жарылуу-жаатташуу көптөн бери дабасы табылбай келаткан улуттук илдеттеребиздин бири. Анын биринчи чыныгы автору – бийлик. Тагыраак айтканда, анын эки тизгин, бир чылбырын бекем кармагандар. Эл деген өзүн эч качан эки-үчкө болбойт. Соз куру болбосун үчүн ушул жерден бир-эки мисал келтире кетейинчи. Дээрлик отуз жылга жакын Ош обкомунун биринчи секретарлыгына, анан облисполкомдун торагалыгына Түштүктүн озүнөн «кадр» чыкпай койгон. Саясый кырдаал өзгөрө түштү эле Обкомдун гана эмес, Борбордук Комитеттин биринчилигине (А.Масалиев) да, алгачкы эгемендүү мамлекеттин биринчи премьер-министрлигине (Н.Исанов) да ошол Түштүктөн табылганын билесиң.

Кадрларды тандоодо жана жайгаштырууда бийликтегилердин кетирип келген жана кетирип жаткан адилетсиздигине дагы бир мисал: Жакында «Слово Кыргызстана» газетасына Абдыганы Эркебаевдин оппоненттерине берген жообунан билдим – Түштүктөн 50 адамдын ар кандай илимдин доктору деген наамы бар экенин. Ошончо кишиден-окумуштуудан бироо гана Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти экен. Же болбосо, ошол эле академияда жыйырмага жакын ар түрдүү институттары бар экен, бирок, ошолордун жок дегенде бироонүн жетекчиси Түштүктөн эмес экен. Ал эми Түштүктүн бир дагы «окүлү» жок министрликтерди, комитеттерди, ведомстволорду ондоп саноого болот. Бийликтин адилетсиздиги «бардыгын чечкен» кадрлардан гана көрүнбостон, материалдык ресурстарды жайгаштыруудан, өнөр жай жана маданий объектилерди куруудан, кийинки жылдарда чет элдик кредиттерди, инвестицияларды, «гуманитардык жардам» дегендерди бөлүштүрүүдөн да жогору жактан келтирилип жаткан адилетсиздиктер тууралуу канчалык айтылып, жазылып жатпасын, тилекке каршы андайлар дагы эле улантылууда.

Эсинде бекен, Аскар Акаевич Президенттик тактыга отургандан көп өтпөй эле жазуучулар менен жолугушууга келгенде мен да башка үч-төрт жазуучунун катарында чыгып сүйлөп, а кишиге каалоо иретинде элибиз илгертен эле тууганына тарткан бийлик ээсин ыймансыз деп, бардыкка тең караганды ыймандуу деп эсептеп келгенин («Ыймандуу бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок») эсине салганым.

Жыйынтыктап айтканда – балакеттин баары бийликтен. Адилеттүү бийлик – элдин бактысы. Адилетсизи – элдин шору.

5. – Жазуучу калктын азыркы ал-ахвалы сен салыштыргандай заман дайрасынан жээкке ыргытылган чамындысындай эмес, мага дайрадан жээкке ыргытылган балыктай сезилип атат. Чамынды сууда акса да, жээкте жатса да чамынды атын жоготпойт дечи. Ал эми жазуучунун китеби басылбаса, композитордун музыкасы ойнолбосо, артист сахнага чыкпаса, художниктин сүрөтү тартылбаса, – алардын аты өчүп кетет да. Натыйжада экономикалык жардылыкка руханий жардылык кошулуу коркунучу пайда болот. Ошондуктан, тиешелүү кишилер балыкты кайрадан тезирээк дайрасына түшүрүү камын көрүшөт го деген үмүт менен жашап туралы.

Жазуучулар союзунун азыркы структурасы кандай болуш керек дейсиң. Газетасы, журналы, басмасы жок союздун деги эле кереги барбы? Жаңы шартка, жаңы кырдаалга жараша чыгармачылык процессти уюштуруунун, ага жетекчилик кылуунун жаңы жолдору кандай болуу керек? – деген сурооно калемгерлер чогуу отуруп, жооп беришибиз керек го.

6. – «Коммерсант», «бизнесмен», «ишкер» (предприниматель)– чын эле биздин лексиконго кирген жаңы сөздөр. Балдарыбызга чейин аларды көп айтып, көп колдончу болдук. Бу

да болсо – өзүң айткандай баштан кечирип жаткан жаңы заман белгиси. Бирок, аларды көп айткандан, көп колдонгондон жогоруда айтылган таңдайдагы кермек даам өзгөрбөй жатпайбы. Тигиндей атка конгондордун эл турмушун жакшыртууга кичинекей болсо да тээк табылса кана? Ал эми соодага келсек, менин байкашымча кыргыздар азыр бала-бакырасы менен көчөлөргө, базарларга чыгып кеткенсийт. Бир кезде малын, данын саткандан уялган кыргыз (Нарын тарапта бир жылдары мал базарын уюштурушса, ага эч ким малын алып келбей койгондуктан, базарды кайра жапканга мажбур болушканын ошол жактагы бир жетекчиден укканым эске түшөт) кыргызга бул «жөндөмдүүлүктү» да жаңы заман «тартуулады». Соода-сатыкты билген эле жакшы дечи, бирок, оздору эч нерсе өндүрбой, башка бирөөлөрдүн өндүргөн товарларын бир базардан экинчи базарга алып барып ашыгыраак саткандан мамлекетке, келечегибизге пайдасы канчалык? Ылайым эле ар кандай жолдор менен байыгандар көбөйө берсин, бирок, ошол жаңы байларга байлык менен бирге кайрымдуулук да кошо келсе деген тилекти айтмакмын. Тагыраак айтканда, байыган сайын байысам экен дей бербестен, тапкан байлыгынан бир болүгүн бей-бечаралар менен бөлүшүп турган байлар чыкса экен деп тилеп атам. Байларыбыз байлыктын артынан сая кууп, чондорубуз чоңойгон сайын дагы чоңойсом деп бийликтин артынан кетишсе, калың букара калк кантээр экен деп кабатырланганыңа, демек, мен да кошулам. Улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы мамилеге да, эл арасындагы кут-берекеге да ушул байлык менен бийликтин таасири абдан чоң жана чечүүчү экенин дагы бир жолу баса көрсөткүм келет.

7. – Мекенди коргойм деп курбалдаштарымын катарында кан майданга өз ыктыярым менен кеткенде он сегизде элем. Ал жылдардан сен айткандай бир үзүм эмес, чоң-чоң эле «үзүмдөрдү», башкача айтканда, ал жылдардан калган таасирлери жонүндө аңгемелерден тартып, романга чейин жаздым. Алар бир топ жылдардан бери окурмандардын колунда. ошондуктан, алардын бүгүн дагы кайталап отуруунун кажаты жок го дейм.

8. – Мени жана менин калемдеш досторуму колдорубузга калем карматып, алдыбызга кагаз жайып адабиятка келүүгө «шарт түзгөн ошол жогоруда айтылган согуш болду деп жүрөм. Жазуучу болуш үчүн менимче, жандүйнөгө «революция» жасаган бир чоң окуяны баштан кечириш керек. Ошондой окуя биз үчүн – торт жылга созулган Улуу Ата мекендик согуш болду.

Ооба, чыгармачылыкты, көптөр сыяктуу эле мен да ырдан баштаганмын... Үч ырлар жыйнагым бар. «Жүрөк», «Мөл булак», «Аркыт гүлдөрү» деген.

9. – Мен динчил адамдардын үй-бүлөсүнөнмүн. Атам да, апам да жаштайынан беш убак намаздарынан жазбаган, отуз күн орозолорун такыр бузбаган адамдардан болушкан. Демек, мен да, бир туугандарым да кудайга ишенген кишилерденбиз.

10. – Жазуучулук сандыгымда: «Кайрымсыз жылдар» аттуу бир роман, «Аваз» деген бир повесть жана он чакты аңгеме жа-

тат. Алар качан, кайдан чыгарын билбейм. Демоорчүлөрсүз азыр эч нерсе бүтпөй калбадыбы. Мен да ошолорду издеп жатам.

Ы. – Суроолорунун эң кыйыны ушул экен. Бүгүнкүсүн гана эмес, эртеңкисин да кошо ойлонгон ар бирибиз тымызындан өзүбүзгө берип, бирок, жообун табалбай жүрөк ооруткан суроо ушул эмеспи. Адеп-ахлакка байланыштуу суроо. Бир колуна куран, экинчи колуна Конституцияны кармап туруп, республиканын элдеринин келечеги үчүн, алардын жыргал турмушу үчүн ак ниеттен кызмат кылууга Ант берген Президентибизден тартып, баарыбыз бирдикте жообун издечү башкы суроо. Саясый, экономикалык-социалдык проблемаларыбызды чечүүгө өзүң айтып жаткандай капиталисттер дейбизби, буржуйлар дейбизби, кеп алардын атында эмес, затында; жардамдашарына козубуз жетип калды; ал эми жаштарыбызды адеп-ахлактык жактан тарбиялап алыш – өзүбүздүн улуттук ишибиз, милдетибиз. Гортирликтин көйгөйүнө эң кымбат нерсебизди – келечек адамдарын ата-бабалардан бери келаткан адептүүлүктүн, ыймандуулуктун улуу жана ыйык салттары менен тарбиялоону унутуп кой-дукпу деп чочулайм. Байкайсынбы: «Кыргый талга уялар, такыясын колго алып, кыз жигитти кубалар»– деген акылман акын Калыгул айткан заман келип калдыбы деп да корком. Ыйык куран боюнча да акыр замандын бир белгиси – тиги акын айткандай кыз-келиндердин жүрүш-турушунан, кылык-жоруктарынан корүнүүгө тийиш. Мен пенсияга чыккандан бери эртели-кеч сыртка чыгып сейилдегенди адатка айландырып алганмын. Кээде адамдар эс алчу жайлардагы топ-топ болуп жоолошкон, согүнүшкон, мушташкан жаштарды корүп, эс албай эле чарчап келчү болдум үйгө. Баарынан жаманы – алардын арасында кыздар да жүрүшөт. Бизге ичкенди үйроткон башка элдин кыз-келиндери эмес, өзүбүздүн улуттун ургаачылары.

Чет элдиктер үзүлбөй келип атышпайбы жергебизге. Ошолордон уялып атам. Тигиндей иштебей эле кочо таптап, буттары чалыштап жүргөн жаштарды көрө берсе, ошондой жаштарды тарбиялап-өстүргөн биздин эл жонүндо кандай ойдо кетет деп кыжаалаттанат экенсиң. Улуттук ар-намысыбызга доо кетирип жатпайбы. Бара-бара мындай бейадеп элден башкалардын коңулү кайт болсо, жалпы улуттук ишибизге кесири тийгени жатпайбы. Ошондуктан, дагы кайталайм, бул сурооого мамлекетибиздин башчысынан тартып, баарыбыз бирге жооп издешибиз керек. Жоопту канчалык эрте жана туура тапсак, келечегибизге ошончолук тез пайда келтирген болобуз. Бул үчүн баарынан мурда, жаштарыбызды ичтен иритип-чиритип жаткан ар кандай порнографиялык фильмдерди, секти, бандитизмди, уурулукту пропагандалап жаткан кинолорду корсотүүгө тыюу салуу керек окмоттук деңгээлде. Деги эле таалим-тарбияга байланышкан иштерди бүткүл коомчулуктун күндөлүк ишине, күндөлүк камкордугуна айландырбасак, кийин кеч болуп калат.

1993-жыл.

ОЧЕРКТЕР ЖАНА ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК МАКАЛАЛАР

АКЫРЫН САБАК ЖҮРҮП ЖАТАТ...

1.

Анда «Мугалимдер газетасына» жаңы гана келген кезим. Редакцияга республиканын туш-тарабынан күн сайын агылып келип турчу кат-кабарларды караштырып, алардын мазмунуна жараша тиешелүү бөлүмдөргө бөлүштүрүү – жооптуу редактордун милдетине кирбесе да, мен өз каалоом менен ал ишти да мойнума алдым. Анткени, агартуу системасынан бир нече жыл четте жүрүп келбедимби, (беш жыл жазуучулар союзунда иштеп калганмын). Ошондуктан, алиги жер-жерлерден келген каттар мага ошол өткөн мезгил ичинде мектеп турмушуна кирген өзгөрүүлөр, жаңылыктар менен жакындан жана тезирээк таанышууга мүмкүндүк берет. Ушинтип туура иш кылганымы кийинчирээк сездим.

Бул даректүү баяндын башкы каарманы – Исаков Бектур менен менин таанышуумда ошентип, анын Жаңы-Жол районундагы «райкомол» мектебинен жазып жиберген чакан макаласынан башталды. Андан бери он алты жыл өтүп кетти, бирок ал макаланын мазмуну алиге эсимде:

«Манас» эпосун 8-класста кандай окутуу жонүндө эле. Ал класста элдик оозеки чыгармалардан айрым үзүндүлөр берилет эмеспи.

«Манас» эпосун окутууга карата кабарчынын айткан ою мага эмнегедир, жаңыча туюлду. Аны окуучулардын аң-сезимине жеткирүү үчүн сабак учурун гана эмес, андан тышкаркы убакытты кандайча пайдаланып жатканы, натыйжада мектептин башталгыч класстарында да «Манастан» чоң-чоң үзүндүлөрдү жатка айтышчу окуучулар, башкача айтканда, жергиликтүү «Манасчылар» тобун тарбиялап чыгууга жетишкени, алар болсо адегенде мектеп жамаатынын, бара-бара ата-энелеринин алдына чыгып, «Манас» айтышканын, кийинчирээк алар ошол оноруу менен областтык жана республикалык олимпиадаларга чейин жеткенин билдирген кабар эле.

Жок, мектепте ошондой иш чарасы откорүлүп жатканын билдирген гана кабар эмес эле ал. Андан мен нечендеген муундарды коштоп, төгүлбой-чачылбай биздин күндорго чейин жетип келген элдин улуу корком казнасына мугалимдин жаңы мамилесин, тагыраак айтканда, ага болгон чыныгы ыкласын, ошону менен бирге андай материалдарды окуучуларына жеткирүүгө

карата жасаган чыгармачылык-изденүүчүлүк жөндөмүн байкап калдым. Менин көңүлүмү бурган анын кабарындагы башкы артыкчылык, өзгөчөлүк мына ушул болду. Автордун мага жаккан дагы бир жагы – жакшы жазат экен.

Редакциянын мурунтан иштеп келаткан кызматкерлерине кезектеги летучка учурунда алиги кат, анын ээси тууралуу суроо салсам, аны билгендер бар экен. Мурун да эки-үч материалы жарыяланганын айтышты. Ал эми мектептер бөлүмүндө иштөөчү бир кызматкерибиз Исаков менен университетте беш жыл бою чогу окуганын билдиргенде мен, эмнегедир, кубанып кеттим. Анткени, алиги каттан улам менде тигини редакцияга иштөөгө чакыруу ою пайда болгон эле. Бош орун бар болчу.

«Мугалимдер газетасында» мектеп турмушун жакшы билген, ошону менен бирге ал тууралуу жаза алган, жазганда да Исаковдой жаза алган адамдар иштеши керек да. Газетанын редактору мен үчүн андай адамдын мектепте иштегенине караганда редакцияда иштегени пайдалуурактай сезилди. (Андай деп натуура ойлогонум кийин жыл айланбай белгилүү болду).

...Кыскасы, ошол күнү эле ага кат жибердик. Тез эле андан жооп да алдык. Окуу жылы аяктап жаткандыктан, жакында Фрунзеге келерин, кызмат жөнүндө ошондо сүйлөшөөрүн билдиришти.

...Ошентип, Бектур Исаков окуу жайын бүтүп, мектепте иштегенине үч жыл гана болгондо редакцияга өттү. Бирок, анын бул жаңы орундагы «стажы» бир жылга (окуу жылына) жетип-жеткен жок. Бир күнү арызы менен кирди.

– Агай, кечиресиз – деди адатынча буудай иреңине кан дүргүтүп.

– Мен өзүмү бир жыл бою сынап көрдүм. Менин ордум редакцияда эмес, мектепте экен. Буга эми көзүм анык жетти. Чынымы айтсам, уялганыман эле бир жылга араң чыдадым. Биерге келгениме үч-төрт ай болбой жатып эле сагына баштаганмын мектепти.

Тартиптүү, ишти билген, кичипейил кызматкерден айрылып калат экенбиз деп мен анын мындай чечимине кейиген жокмун. Тескерисинче, анын бул оюна кубандым. Мектепти сагынган, андагы окуучуларды сагынган мугалимден бир нерсе чыгаарын эстеп, кубандым. Сыртында мугалим бирок, жүрөгүндө мектеп да, окуучу да жок мугалимдер бар эмеспи. Андайлар, албетте, мугалим эмес, мугалим-сөөйлөр. Андайлардын артынан из таппайсың. Из дегенде алардын окуткан, таалим-тарбия берген окуучуларынын жан дүйнөсүндө калтырчу изи жөнүндө айтып жатам. Баланын жүрөгүнө андай из таштаган мугалимдер окуучулары үчүн түбөлүккө «агай», «эжей» болуп кала беришет. Өйдө-ылдыйы, ийри-түзү көп турмуш жолуна жетелеп чыгып, бак-таалай аттуу айылга кандайча жетүүнүн ишенимдүү куралын карматкан кишилерге болгон айнымбас ызаат-урматтын күчүнөн улам ошентип калышат.

Адамдагы жакшы сапаттар көбүнесе анын жаш кезинде калыптанат. Жаш кишинин кулк-мүнөзүндөгү чалалык да, окуучунун билиминдеги бөксөлүк да, мугалимдин шыбагасына ыйгарылчу кемчиликтерден. Ошондуктан таалим-тарбия вазийпасын аркалаган адамдар бардык жагынан окуучуларына үлгү болгудай даярдык менен мектеп босогосун атташы ылазым. Ошондо гана биз жогоруда сөз кылган изди мугалим өзүнөн сабак алгандардын акыл-эсинде калтыра алмакчы.

Баш-оту менен кесибине берилип, андан майнап чыгарууну атайлап алдына максат кылбаса да табиятынан балдарды сүйүп, аларды окутуп-тарбиялап, келечекке даярдоо үчүн өзүнө чейин педагогика илими, эл тажрыйбасы топтолгонду мүмкүн болушунча адегенде өз боюна сиңирип, анан окуучуларына билгичтик менен, чебердик менен откөрүп берүү устаттыгына чейин котөрүлүп жеткен мугалим гана чыгармачыл, жаңычыл мугалим. Исаковдо баарынан мурда, мына ушул касиет бар. Көп окуп, көп изденет. Мына ушул сапат – мугалим үчүн башкы сапат. Мугалим – көл сымал. Бир жагынан ага суулар агып кирип жатса, экинчи жагынан агып чыгып турат. Анын деңгээли томондобосун үчүн агып чыкканга караганда агып кирген суу молураак болушу шарт. Өзүндө болгон билиминин бир бөлүгүн күн сайын окуучуларына откөрүп берип тургандыктан, бөксөргөн жерин толтуруп, толтурганда да ашыгы менен толтуруп турушу зарыл. Мындай аракет, жөндөм Исаковдо бар экенин ал редакцияда иштеп жүргон кезинде байкаганмын. Күн сайын жумуштан кийин эки-үч саат китепканада отураарын айтчу.

Мугалимдин-мугалими – китеп. Бул чындыкты Исаков жаш кезинен оздоштүргон болуш керек. Мугалимдик кесипти тандагандар адегенде ушул онордү – китеп окуу, анан андан өз ишине пайдалануу онорүн оздоштүрүп алышы керек. Ансыз мугалим болуш, башкалардын чекесин жылытарлык билим бериш мүмкүн эмес. «Казанда бир нерсе болсо чомүчко жугат» дегендей мугалимдин озүндо бир нерсе болсо, окуучуларына жугат да. Өмүр бою окуу китебинин чегинен чыга албай бүжүрогон байкуш мугалимдерге боор ооруйт. Чынында да андайлар бечара, бечел. Анан кантип, анын окуучуларынан терең билимди күтүүгө болот? Агайы бүгүн окуу китебиндегини кайталап айтып берсе, эртесинде окуучусу андан укканын озүнө кайталап айтып берүү менен гана чектелет. Мындан откон бечарачылык, бечелдик болмок беле. Өзү бечара, билими бечел мугалимден окуган окуучу албетте, армандуу окуучу. Тилекке каршы, тагдыры ошондой мугалимдерге дуушар келип жаткан окуучуларыбыз алиге бар. Андайлардан арылуу керек. Кантип? Качан? Бул суроолорго жооп канчалык эрте берилсе, жаш муундарга ошончолук эрте жакшылык кылган болобуз.

Ушуга байланыштуу дагы бир ойду ушул жерге кыстара кеткенди эп көрүп турам. Мугалимдин билими жонүндо кеп салып жатпайбызбы? Болочок мугалим билим запасын мектептен

окуп жүргон кезинен даярдай башташы керек. Антпесе кеч болуп калат. Ал эми мектепти араң «үч» деген баалар менен бүтүп, анысына карабастан бироолордун колдоо-сүроосү менен жогорку окуу жайына өтүп, анда да беш жыл бою «канааттандырарлык» деген баалар менен окуп, анан аны эптеп бүтсо, ал кайдан жүрүп окуучуларын «бешке» окутат? Өзүндө «бешке» эмес, «төртко» татырлык билим жок да? Анан кайдан жүрүп, анын окуучусу «бешке» окуп калды? Өмүр бою «үчтөн» башы чыкпаган мугалимдин окуучусуна «беш» коюшка акысы барбы? Менимче, акысы жок. Муну менен андай мугалимдерден окугандар да «үчтөн» ашыкка билишпейт деген ойду айтмак эмесмин. Алар өздөрүнчө көптү окуп, ошондуктан, агайына караганда көптү билип алышы ыктымал. Бирок, агайы анын ал артыкчылыгын билбейт-байкабайт да, анткени, ал үчүн өзүнүн билими жетишпей жатпайбы. Мындан кандай жыйынтык чыгарууга болот? Орто саар билими менен андайлар мектепке барбай эле коюшса. Алардын уят-сыйыты, ар-намысы, акыл-эси кантип эле ушундай бештен белгилүү нерсеге жетпесин?

Чынында, завод-фабрикага институтту бүтүп барган инженер билбегендердин андагы цехтерде иштеп жаткан эң сонун устат-жумушчулардан үйрөнүп-билип алышы мүмкүн. Жогорку маалыматтуу жаш агроном билим бөксөсүн топуракка жууруулушуп төролгон, анан өмүр бою ошол топуракка аралашып иштеп келаткан баба дыйкандын жанында жүрүп, толтуруп алышы мүмкүн. А мугалимчи? Ал үчүн тигиндей «көмөкчү» шарт жок да. Отуз-кырк бала күтүп отурган класска озү жалгыз кирет. Окуучу – уядагы балапан. Энеси талаадан оозуна эмне тиштеп келсе, ошону жеп озок жалгагандай мугалим сабакта эмне айтып, эмне көрсөтсо, окуучу ошондон гана таптанат. Тажрыйбалуу жумушчу же дасыккан дыйкан сымал жаш адистин билбегенине алардын кошумчулаары жок. Ошондуктан озүн мугалимдик кесипке багыштагандар окуучуларына берерин, бергенде да ар бири канааттангандай, ыраазы болгондой даражада берерин мектептен окуп жүргондо ойлонгону, жок дегенде педагогикалык жогорку окуу жайына кирген күндөн даярданышканы абзел го?

Бектур Исаков, менимче, кесибине эртелеп даярдангандардан. Табигый жөндөмү, адамдык шыгы да мына ушул кесипке ылайык экенин эрте сезип, ошондон улам ага эртелеп камынгандай. Муну менен ал редакцияда бир жылга жетип-жетпей иштегенден кийин эле кайрадан мектепке суранганынан баамдадым. Газета мугалимдер үчүн жана алар жөнүндө экенине карабастан, аны алымсындырбай жаткандын (эгер иштин материалдык жагын эске алса, биерде мектепте алган айлыгынан көп алчу) сездим. Демек, анын жаш кезден көкүрогүно баккан-көргону, жыйган-тергени мектеп үчүн, балдар үчүн. Алардын балдарга откөрүп бермейин жаны жай албайт, коңулу кончубойт. Жашоосуна ыраазы болбойт. Кесипти сүйүү, аны кас-

тарлоо, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуу үчүн биротоло бел байлоо деген мына ушул. Башынан тандап алган ишинен майнап чыгарууга чоң ишеним менен белсенип киришүү деген мына ушул.

Исаковдун дагы бир артыкчылыгы – иши жонүндө озү жазып, башкалар менен басма сөз аркылуу ой болүшүүгө жөндөмдүүлүгү. Анын педагогикалык ой толгоолорунда көркөм чыгарманын боёктору, илимий изилдөөнүн элементтери бар. Тили бай. Айтып берүүнүн чеберчилигине да ээ. Ушул өзгөчөлүктөрүнөн улам мен аны эркелетип: «Биздин Сухомлинскийсин» деп коём кээде. Бектур мындай салыштыруудан да уялып, адатынча кызарып кетет. Менин бул салыштыруумда аша чапкандыкка караганда чындыктын үлүштөрү көбүрөөк. Доорубуздун улуу педагогу В.А.Сухомлинский бүтүндөй өмүрү менен окуу-тарбия мекемелеринде эмгектенгендерге үлгү. Мугалим гана эмес, чейрек кылым мектепти башкарган чоң уюштуруучу гана эмес, менимче ал чыгаан окумуштуу, таланттуу жазуучу да. Ал советтик педагогиканын асманында бир жарк этип көрүнүп, кайра очкон чоң жылдыз. Анын артында калган педагогикалык баа жеткис мурас далайлардын мугалимдик өмүрүнө жетчү жана колдон түшкүс колдонмо болуп каларында шек жок.

Бектурду Сухомлинскийге ийиндештирип коюудан алысмын. Бирок, дагы кайталайм, мунун оз кесибине болгон ынтызарлыгы, балдарга, алардын билимине жана тарбиясына жасаган мамилеси, жазууга карата болгон шыгы мага эмнегедир, тиги улуу педагогду эске салып келатат. А балким, менин бул пи-кирим Исаковго, анын ишине болгон терең кызыгуумдан улам пайда болгондур. Анын адамдык жана педагогдук өзгөчөлүктөрүн башка кесиптештеринен ажыратып билгенден улам пайда болгондур.

Мен чейрек кылым мектепте (Анын жыйырма эки жылын директор болуп) иштедим. Муну мактаныч үчүн эмес, оюму далилдөө үчүн айтып отурам. Мектеп жетекчиси озүнүн гана сабагынын сапаты үчүн эмес, карамагындагы мугалимдердин сабактарынын сапаты үчүн да жооп берүүгө милдеттүү. Ал үчүн директор мугалимдин сабактарына кирет. Башка иш чараларына катышат. Мен да ошенткенмин. Демек, далай мугалимдердин иш тажрыйбасынан кабардармын. Ал эми жыйырма жылга жакын «Мугалимдер газетасынын» редактору катары да республиканын далай мектептеринде болуп, коптогон мугалимдер менен, алардын ар кандай иш тажрыйбалары менен таанышууга мүмкүндүк болду. Газетага андай тажрыйбалардын неченин жарыяладык. Муну менен Исаковдун иш стилин башкалардыкы менен салыштырып коруүгө мүмкүнчүлүк чоң болду дегенди айтмакмын.

Кайсы районго, кайсы мектепке барбайын, андагы педагогикалык жамаат менен газетанын иши тууралуу сүйлөшүп жатып, анын активдүү кабарчылары жонүндо да сөз кылчумун.

Алардын тизмесинин башында да Исаков. Анын газета бетине жарыяланган окутуу, таалим-тарбия жаатындагы ой толгоолоруң кандай кабыл алышкандыктарына кызыкчумун. Бардык жерде алар жонүндо жалаң гана жакшы пикирди, андай макалалардын дагы кобүроок берилишин сурашканын угуп жүрдүм. Ошентип, Исаковдун ысмы бу кезде республикабыздын булунбурчуна чейин кеңири маалым. Анын эки китеби «Мектеп» басмасынан жарык көргөн. Анын биринчиси: «Окутуп-тарбиялоо», экинчиси: «Окуучуларда активдүү турмуштук позицияны калыптандыруу» деп аталат.

2.

Бу жолу Бектур Исаков Фрунзеге орто мектепти жаңы бүткөн кызы Жамалды алып келиптир. Шаарда болгон сайын редакцияга, созсүз, кирет.

Исаковдун борборго келчү себептери көп. Ал IV класстын окуу китебинин түзүүчүлөрүнүн бири болгондуктан, бирде аны агартуу министрлиги, бирде өзү штаттан тышкаркы илимий кызматкери болуп эсептелген педагогика илим-изилдоо институту чакырат. Кээде оз тажрыйбасынан кесиптештери менен бөлүшүү үчүн мугалимдердин билимин оркүндөтүүнүн республикалык институтуна, же радио, телевидениеге келет. Партиянын Талас райондук комитетинин мүчөсү жана ошол эле райондук агартуу болүмүнүн Советинин мүчөсү катары да районго да тез-тез келип турууга тийиш.

Ал каякка жана канча күнго чакырылбасын, ой-санаасы айлында, өзү көп жылдан бери эмгектенип келаткан Арал мектебинде калат. Анын сабактарын сагынып күтүшкон окуучулары менен калат.

Ооба, анын сабактарын окуучулары сагынып-самап турушат. Анткени, ар бир сабакта Исаков аз болсо да, жалгыз сөз болсо да, созсүз, жаңы бир нерсе айтат. Анысы менен ал дагы бир жолу окуучуларынын балалык таза, нары сезимтал, кумарга таңсык жүрөктөрүно илим-билимге болгон ышкы отунан чок таштайт. Ошентип, алардын келечекке шилтенген кадамдарына күчкубат тартуулайт. Коркомдуктун, сулуулуктун ажайып дүйнөсүнүн каалга туткасына алардын колдорун жакындатып коёт. Азырынча белгисиз куттуу да, сырдуу да аалам ичине кирип баруу ынтызарлыгын арттырып таштайт.

Класска журнал гана көтөрүп кирбестен, башына жаңы билим, жүрогүно түгөнбөс мээр-шавкат которүнүп кирген мугалимди гана окуучулары ошентип чыдамсыздык менен күтүшөт. Мугалими да аларды бир күн көрбосо, кусалана сагынып калат. Анткени, анын балдарына берери ушунчалык көп, ушунчалык кызык, алары менен күн сайын болүшпосо, бир себеп менен баласын убактында эмизбей калган эненин балкылдап ийген эмчек сүтүндөй агылып-төгүлүп кетиши ыктымал.

Окуучу менен мугалимдин бири-бирине ыстарасын ысык кылган, ымаласын оргштөткөн башкы касиет мына ушунда — агайынын балдарына берери бараандуу, нары жугумдуу болсо, окуучуларынын аларды кабылдоого ынтызарлыгы да ар убак артып турат. Бул аксиомага айланып калган педагогикалык чындыкты бир сөз кылып жаткан Исаков Бектур жакшы түшүнот.

Бектурдун ар убак бешенеси жарык, көңүлү көтөрүңкү. Башкаларга айтаары белен, болүшөөрү мол кишиде гана ушундай жаркын маанай үстөмдүк кылары шексиз. Муну мен анын көп жылдан бери басма сөзгө такай жарыяланып келаткан илимий-методикалык темадагы макалаларынан, ар кандай жыйындардын трибуналарынан сүйлөгөн сөздөрүнөн улам билем. Ал коптон бери республикалык педагогикалык окуулардын активдүү катышуучусу. Ал мугалимдердин республикалык акыркы съездинин делегаты болгондуктан, анын трибунасынан да сүйлогонүн уктум. Жазуучулар, окумуштуулар менен жолугушарда (окуучулары менен бирдикте) сүйлөгөндөрүн угуп жүрөмүн. Анын сөзүнө гана таандык ой-пикирлер айтылат андай жыйындарда. Аудиториянын көңүлүн бурган мына ошол жаңыча ой, жаңыча пикирлер.

Исаков — издеген, чыгармачылык менен иштеген мугалим дебедикпи. Тигиндей жаңы ойлор, пикир-сунуштар ошолордун натыйжасы. Байыркы доордун таалим-тарбиячыларынан тартып учурдун улуу педагогдоруна чейин анын күндөлүк ишиндеги кеңешчилери, насаатчылары. Шаталов, Ильин, Шетинин, Амонашвили ондонгон олкобүздүн ушул кездеги изденгич-экспериментатор мугалимдеринин тажрыйбалары менен таанып. Исаков советтик педагогиканын жана дидактиканын жетишкендиктеринен кеңири жана тынымсыз пайдалануу аркылуу аларды кыргыз элинин эзелтен келаткан адептик улуу салттарына жуурулуштуруп, башкача айтканда, жалпы советтик педагогикалык арсеналдан үрон алып, аны улуттук кыртышка сээп-ондурүүгө бар мүмкүнчүлүгүн жумшап келаткан мугалим.

«Кандай мугалимди чыгармачыл мугалим деп эсептоого болот?»— деген суроого Исаков: «Окуучунун белгисиздикти белгилүүлүккө айландыруучу эмгегин үюштура билген мугалимди эсептоо керек»— деп жооп берет. Ооба, белгисиздикти белгилүүнүн даражасына чейин которүү үчүн мугалимдин көп изденүүсү, чыгармачыл эмгеги талап кылынат. Исаков озү ошондойлордон.

Ооба, Исаков бу сапар кызы Жамалды тиешелүү документтери менен кошо мындагы кыз-келиндер институтуна алып келиптир. Бектурдун үй-бүлосүнөн — мугалимдердин айлынан келечекте озүнө конуш издоого бел байлаган бу төртүнчү киши. Ооба, төртүнчү. Бектур озү, анын жубайы — Сабира. Алардын тун кызы — Чолпон быйыл университеттин төртүнчү курсунда. Ал да бир жылдан кийин ата-эненин жолун улантат. Ал да билими жагынан атасынан кем чыкпасын мектептен эле билди-

рип, мындагы торт жыл ичиндеги окуусу менен дагы бир жолу далилдеп таштады. Чолпон К.Маркс атындагы стипендия менен окуйт. Мындай стипендия окуудагы эң мыкты жетишкендиги жана коомдук жумуштардагы озгочо активдүүлүгү үчүн берилет эмеспи.

Чолпондун атасына окшош дагы бир иши – биринчи курстан тартып эле студенттердин илимий коомунун алдыңкы мүчөлөрүнөн болуп калгандыгы. атасы Бектур Исаков да студент кезинде эле илимий иштер менен алектенип, далай жолу студенттердин Орто Азиялык, жана Бүткүл союздук илимий конференцияларына катышкан. Андагы илимий докладдары бир нече жолу дипломдор менен белгиленген. Чолпондун да бул жагындагы иши факультетте жогору бааланууда. Азыртан эле ал «Кыргыз адабиятында экология маселеси» деген тема боюнча илимий эмгек жазууга даярдык коро баштаган.

Мына быйыл Сабира менен Бектурдун экинчи кызы – Жамал педагогикалык окуу жайынын босогосун аттады. Анын болочок педагогикалык династияга татыктуу мүчо болорунда шек жок. Анткени, булардын ата-энесинде башкаларды окутуп жана тарбиялоо үчүн табигый шык жана жондомдүүлүк бар. Муну алар жыйырма жылдан аша баштаган педагогикалык ишмердүүлүгү менен далилдеп отурушат. А балким, бул үй-бүлонүн калган перзенттери да улууларынын салган чыйыры менен кетишээр. Ылайым эле ошондой болсун! Мугалимдик кесиптен откон ардактуу кесип барбы дүйнодо! Балдарын баёо, назик жана калем учу тие элек ак кагаздай таза дилине адамгерчиликтин асыл үронүн ондүрүүдон асыл, ардактуу иш барбы!!!

Бул кезде мектептен окуп жатышкан жана окуй элек, бирок эжелеринин китеп-дептерлерин суктана кармалап жүрүшкон Каныкей, Нургыз, Нурбала, Айпери, Жайнар да балким келечекте ата-эненин кесиби менен омүр кечирүүнү чечишээр!

Бектур менен Сабира али жаш. – Кырктын кырынан эми гана энкейишти. Демек, перзенттерине оз кесиптеринин түйшүгүн, ошону менен бирге ырахатын да жеткирүү үчүн аларда убакыт да, жигердүү эмгек да жетишет.

Династия демекчи, аны түзүү үчүн Бектур менен Сабирада атайын аракет, алдыларына койгон максат деле жок экен. Чолпон менен Жамал оздору тандап алышыптыр болочок кесиптерин. «Мугалимдикке үндоонүн кереги жок – дейт – бул жагынан соз кеткенде Исаков. – Ал кесип күчтоп, же сураныл жатып тануулачу кесип эмес. Аны жүрогү менен, бүт турпаты менен жактырып тандап алган гана андан майнап чыгарып иштей алат».

Тиги эки кызын деле мугалим ата-энелери ушул кесипке окугула деп үндошпоптур. Анан кандай, кантип жүрүп алардын жолун жолдоону чечишкени белгисиз. Эгер алар сабактарда, же кесип тандоо жонүндогу маектеринде башка кесиптер менен кошо бул кесип жаатында да соз кылышкан болсо, бүтүндой

класс үчүн, андагы бардык балдар жана кыздар үчүн сөз кылышкан. Ошондуктан, качан, кантип өз перзенттеринин дилине ушул кесиптин ышкы пайда болуп калганын Бектур да, Сабира да эстей алышпайт. Бирок, үй тиричилигинде кол кабыш кылышкандай эле кээде ата-энелердин кезектеги сабактары үчүн колдон жасашкан көрсөтмо куралдарын даярдоого тиги экөө тең көмөктөшүп жүрчү. Же ошондой болор-болбос, «педагогикалык кызматташтыктан» алиги ышкы пайда болду бекен? Иши кылып, Чолпон менен Жамалдын али көп сыры аларды төрөптороолткон ата-энелерине да азырынча белгисиз. Бирок, алардын татаал, нары машакаттуу кесип жолун тандап алышкандары бүгүн чындык. Эгер алма сабагынан алыс түшпөсү чын болсо, бул экөөнүн келечекте ата-энелеринен кем эмес мугалим болуп чыгаары да чын.

Ал эми Бектур өзү бул кесипке кантип келгенин жакшы билет. Бирок, ата-энесинен эмес. Алар мектептен алыс кишилер. Атасы Кудакеев Исак кесиби боюнча — зоотехник. Айылдын алгачкы комсомолдорунан. Энеси Кудакеева Кенже — колхозчу. Бирок, Бектурду жаш кезинен китеп менен достоштурган атасы Исак болуптур. Ал каякка барбасын тун баласы Бектур үчүн дайыма китеп алып келчү экен. Бектур китеп окуп жатканда канчалык зарыл жумушу чыкпасын, аны жумшап, алагды кылчу эмес экен.

Өзүн окутушкан мугалимдерден Момункулов Дөөлөтбек менен Бердалиева Астайга Бектурдун ыкласы бийик. Алардын иши гана эмес, оңү-түстору, кийген тыкан, таза кийим-кечелерине, добуштарына чейин ар качан сүрөттөп айтып берүүгө дилгир.

Мектепке келген күндөн тартып көзү түшкөн Момункулов агайы менен кийин озү да чогу иштеп калган. «Бул агайдан мага жакканы, кийин жукканы да — жупунулук. Ар бир окуучунун жүрөгүнө жол таба билгендиги. Сөзү да, жүрүш-турушу да ушунчалык жупуну, бирок ушунчалык таасирдүү эле, а кишинин оозунан чыккандын көбү алиге чейин эсимде»— деп эскерет Бектур. «Ал эми Астай эжеден татаалды кантип жонокойго айландырганды үйрөндүм. Көрсө, мугалимдин чеберчилиги, билиминин терендиги ошондо тура. Окуучу үчүн татаал, кыйын корүнгөн окуу материалын жонокойго чейин түшүнүп, аны оздоштүрүүгө оңойлотуп, демек, ал сабакка окуучунун кызыгуусун арттырганга жатат тура. Чынын айтайын 9-класска чейин мен үчүн эң кыйын сабак физика сабагы эле. Анын закондорун, эрежелерин кара күчкө салып жаттап алганым болбосо, жеткире түшүнчү эмесмин. IX класста ошол физикадан Бердалиева Астай эжеке окутуп калды. Ошондо гана түшүндүм физика деген эмне экенин. Бул класстын материалын жакшы оздоштүрүп кетиш үчүн VII класстын физикасын жакшы билишибиз керек экенин Астай эже акылыбызга жеткирди. Аны начар билет экенбиз. Ошентип, а киши бир окуу жылында эки класстын программалык материалын үйрөтүүгө үлгүргөнүнө алиге че-

йин таң калам. Ошого жеткирген педагогикалык устаттыгына таң калам. Өзүм мугалим болуп калгандан кийин андай агайлар менен эжейлердин үлгүсүнөн пайдаланууга тырыштым»— дейт.

Мугалимдин чыгармачылыгы — акыры келип, окуучунун чыгармачылыгына айлануура тийиш. Педагогиканын, айрыкча азыркы мектеп реформасынын башкы талабы ушундай. Окуучунун өз алдынчалыгы канчалык эрте калыптанса, озүн курчап турган дүйнөнү кабылдоосу, андан жыйынтык чыгаруу жөндөмдүүлүгү эрте ойгонсо, анын инсан даражасына жетүү процесси ошончолук эрте жана жемиштүү болоруна Исаковдун азыр биротоло ишенген кези. Ошондуктан ал балдарын ээрчитип алып, сабак учурунда деле турмуштун озүно саякат жасоону педагогикалык ишмердүүлүгүндогу негизги учурлардан деп эсептейт. Класс деген класс да. Анын аянты чектелүү болгон сыяктуу эле, анда олтуруп, агайларынын жетекчилери астында канчалык көп, канчалык ар түрдүү «саякат» жасашпасын, китептин барагынан, класстын төрт дубалынан ары кете алышпасы бышык. Буга көп жылдык иш үстүндо козү жеткен, анан дээринен жаңычыл, дээринен чыгармачыл, анын үстүно табиятынан мээнеткеч, изденгич мугалим окуучуларын чоң турмуш дүйносүно чыныгы саякатка алып чыгууну чечет. Элди, жерди аралап жүрүп, өз айлынын революцияга чейинки, андан кийинки тарыхын үйрөнүүнү негизги максат кылып коёт. Аны «улууларга саякат» деп аташат.

Ал эми Талас ороону, аны жердеген адамдардын омүрү Манас, анын кырк чоросун айтпаганда да тарыхый окуяларга бай ороондордун бири эмеспи. Ата-энелердин, улуулардын басып откон даңазалуу жолу — урпактарга — нуска, үлгү, муундарды бири-бирине жакындаштырган, бекемдеген данакер. Мугалимдин сабак учурунда айткандары, балдардын оздорүнүн китептерден окугандары эл аралап жүрүп, көргон-укканлары менен толукталганда алардын адамдык, атуулдук аң-сезими тезирээк жетилээрине Исаков мына ушул саякаттын учурунда дагы бир жолу ишенди. Ошол жүрүштордүн мезгилинде ал сабак берген жогорку класс окуучулар бул аймакта жашага ар түрдүү курактагы, ар кайсы кесиптеги миңге жакын киши менен маектешүүгө, алардын айткандарынын көпчүлүгүн кагазга түшүрүп алууга жетишкен. Андай жүрүшкө катышкан ар бир окуучунун барар үйлөрү, сүйлошоор кишилери мугалим тарабынан алдын ала түзүлгон планда белгилүү эле. Башкача айтканда, саякаттын негизги объектилери боюнча адегенде Исаков озү изилдөө-иликтөө иштерин жүргүзүп коргон. Балдардын жүрогүно шам жагып, элге-жерге болгон сүйүүсүн андан ары терендетип таштоочу адамдарды, окуяларды адегенде өзү издеп иликтеп чыккан. Анан ал издер боюнча окуучуларын багыттаган.

Таалим-тарбия ишинде баш аламандыкка жол коюуга мүмкүн эместигин ал жакшы билет. Ошондуктан, мейли, кезекте-

ги сабагына даярданып жатсын, мейли, тигиндей саякатка чыгуу планын түзүп жатсын, анын ар биринин алдында коюп алчу максаты так, айкын. Ага жетүүнүн жолдору, ыкмалары алдын ала божомолдонот. Ошол иш чаралардын бири – сөз болуп жаткан улууларга саякат. Анын катышуучулары мугалим тарабынан коюлган бир суроого жооп берүүлөрү керек эле: «Бакыт жана байлык деген эмне?». Бул жаңы деле суроо эмес. Эзелтен бери адамдар бирине бири берип, бирок аягына жеткире жооп ала албастан келаткан суроо. Мындайча айтканда, педагогиканын түбөлүктүү суроолорунан. Ага ар бир киши өз өмүрү, оз иши менен гана жооп берүүгө тийиш. Бул суроого улуулардын жообун угуу, албетте, жаштар үчүн кызык, нары таанып-билүү маанисине ээ. Мына ушул суроого жооп издеп жүргон мезгилдин озүндө окуучулар далай адам тагдырларына туш келишип, далай адамдык мүнөздор менен таанышып, нечендеген окуялар менен кагылышаарын мугалим алдын ала билген. Мындай кездешүүлөр окуучуларынын көп жактан өсүп-жетилишине шарт түзөрүн да ал билген, ошого карата кам көргон. Натыйжада кандай болгон? Натыйжа мугалимдин күтконүнөн да ашып түшкөн. Бул жүрүшкө катышкан окуучулардын көпчүлүгү улуулардан алган таасирлерин көркөм сөз аркылуу берүүгө аракеттенген. Демек, ата-энелердин революцияга чейинки оор турмушу, анан революциянын жеңиши, ал жеңишти ички жана тышкы душмандардан сактап калуу үчүн жүргүзүлгон күрөш, ал күрөшкө биерде жашагандардын кошкон үлүшү, Улуу Ата Мекендик согуш, андагы совет калкынын, анын кыз-уулдарынын кан майдандагы күжүрмөн эрдиги, оруктагы кайратман эмгеги жөнүндогү ал олуттуу окуялардын түздөн-түз катышуучуларынын өз ооздорунан укканлары окуучуларга канчалык даражада таасир эткенин мына ушундан да көрүүгө болот. Укканлары, көргондорү аларга сыймыктануу сезимин тартуулап, жүрокторүнө эргүү берген. Ошондуктан ал сезимдерин ыр аркылуу, очерк, аңгеме, а түгүл драма аркылуу айтып берүүгө далалаттанышкан. Мына, чыгармачылыкка, өз алдынчалыкка көнүктүрүүнүн мугалим тапкан дагы бир ыкмасы!

Окуучулардын тигиндей саякаттардын натыйжасында пайда болгон 60тан ашык ар түрдүү жанрдагы чыгармалары областтык, республикалык, басма сөздөрго жарыяланып, радио, телевидениеден да берилген; ошону менен бирге андай шыктуу окуучулардан Исаков кийин «Арал оттору» деген адабий ийрим түзгон. Мындай ишти – балдардын жан дүйнөсүн козгоочу ишти ойлоп таап, Исаков дагы бир жолу башкалар кайталай турган, үлгү ала турган жумушту аткарып койгон.

Исаков окуучулары менен жогоркудай саякаттардын натыйжасында күрпүлдөгөн береги Талас суусунун өйүз-бүйүзүнөн орун алган чакан Арал айлынан кан майданга төрт жыл ичинде кеткендерден кайтпай калышкан 226 жоокердин өмүр баянда-

рын ийне-жибине чейин изилдеп-иликтеп чыгууга жетишкен. Жоокер аталарынын, агаларынын каарман өмүрлөрү менен жакындан жана кеңири таанышуу окуучуларда дагы бир сонун идеяны пайда кылган – курман болгон жердештерине эстелик тургузуу идеясын пайда кылган. Натыйжада айылдын орто ченинде азыр «Биз жеңишке айланып кеткенбиз» деген ыйык жазуусу бар эстелик турат. Анын ташына чейин тоодон балдар оздөрү жыйнап келип, оз күчтөрү менен курушкан. Ал эстелик «Жеңиш монументи» деп аталып, бу кезде айыл эмгекчилеринин майрам сайын келип гүлчамбарлар, гүлдестелер коюшуп, таазим этишчү ыйык жерине айланган. Тобосүндө тумшугу менен кок тепчигенсиген каркыралар учуп бараткан бул эстеликти көркүнө чыгарып турган мектеп короосундагы дагы бир нерсе – «Айчүрөк» деп аталчу фонтан. Бул да Бектур Исаковдун демилгеси боюнча окуучулардын оз күчү менен курулган.

Исаков педагогикага тиешелүү материалдарды гана топтобостон, анын оздук папкалары эл чарбачылыгын башка кесип адамдарынын турмушуна тиешелүү материалдарга да бай. Айтып берсе окуучуларынын өзүнө кадалган көздөрүнө от жандырган, жүздөрүнө ишеним нурун жапкан, ошентип, сыймыктануу сезимин туудурган түркүн адам тагдырлары жөнүндөгү маалыматтарды топтогондон, аларды оз ишине пайдаланууудан тажабайт. Республиканын ар түрдүү кесиптеги атактуу адамдарынан тартып, Ивановдук даңктуу токуучу, эки жолу Социалисттик Эмгектин Баатыры В.Голубаева бир беш жылдыкта жыйырма жылдын тапшырмасын аткарганын, ал эми атактуу дыйкан А.В.Гиталовдун элдик Академиясынын алгачкы 16 бүтүрүүчүсүнүн ичинен 14 адам Социалисттик Эмгектин Баатыры болгонун, врач В.Федоров ар кандай себептер менен азиз болуп калган кишилерге оздөрүнүкүнөн курч жана откүр жасалма карек салып жатканын, ал эми кургандык доктор Элизаров эчак иштен чыгып калган сөөк сыныктарын абалкысындай абалга келтирип коёрун, колхоз уюшулгандан бери бир гана колхоздо агроном болуп иштеп келаткан дыйкан-окумуштуу Мальцевдин жерди асыроого, андан мол түшүм алууга карата жүргүзүлгөн үзүрлүү иштерин бардык эле мугалимдер биле бербесе керек. Ал эми Исаков билет. Окуучуларда биз жогоруда соз кылган сыймыктануу сезимин пайда кылчу адамдар эмеспи булар. Ата Мекендин байлыгын, атак-даңкын түзүп жатышкан кишилер. Келечекте жаштарда так ушундай болуу үмүт-тилеги да алиги сезимден улам пайда болору шексиз.

Ооба, мугалим көптү билүүго тийиш. Айрыкча азыркы мезгилде эл, анын ичинде жаштар да күн сайын пайдаланып жаткан информация ушунчалык көп, ушунчалык жыш. Алардын ичинен керектүүсүн таба билүү да мугалим үчүн озүнчө онор.

Аны менен болгон көп жолугушуу, маектешүү, анын калеминен жаралган материалдар менен дайыма таанышып туруу мага ушундай жыйынтык чыгарууга негиз берет.

Телевизордон жакында Ленинграддык атактуу мугалим Е.Н. Ильин менен Останкинодогу жолугушууну көрдүм. Евгений Николаевич бул жолу оз шаарындагы оз мектебинин бир классында сабак откорбөстөн, олкөнүн бардык окуучуларына алардын ата-энелеринин жана миң деген кесиптештеринин катышуусу менен ачык сабак откоргондой туюлду мага. Ооба, ачык сабак! Мына, чыныгы мугалим! Өлкөнүн бүт аймагына угулган жана укмуштай таасири менен коргөндүн, уккандын жүрогүн толкуткан мындай сабакты энеден мугалим болуп төролгон, бар дитин кесибине койгон, тулку бою балдарга багышталган сүйүүгө толгон, алардын тагдыры менен оз тагдырын түбөлүккө кошуп таштаган кудурети күчтүү мугалим гана өткөро алат! Ал сүйлөп жатканда: «Акырын жолдоштор, сабак жүрүп жатат!» – деп, бейбаш, бирөолөрдү, тигинин ушунчалык толкунданууу, ушунчалык берилүү менен, бүтүндой жаңы ыкма менен өтүп жаткан сабагына жолтоо болуп, үн кошуп, шоокум чыгарып жибербесин деген кооптонуудан тыйгым келип атты. «Акырын жолдоштор, сабак жүрүп жатат!» – деп, аларды чыныгы мугалимдин жүрок канынан жуурулуп чыгып жаткан ар бир сөзүн, ал турсун ар бир кыймылын жаттап калууга чакыргым келип атты.

Ошол минуталарда да, эмнегедир, менин эсиме Бектур Исаков түштү. Экрандан көрүп, (мурда бул мугалим жөнүндө басма сөздөн билчүмүн, Бектур сыяктуу ал киши да борбордук педагогикалык басма создөрго оз иши жонүндө көп жазат) добушун угуп, ушул жагынан да Бектурга окшоштукту издеп жаттым. Ооба, Бектурдун добушу да тигиникиндей бийик жана жагымдуу. Ушул кишидей Бектур да сүйлоп жатканда толкундап кетет. Айтаары арбын, нары арзырлык кишилер гана сүйлоп жатканда ушундай абалды баштан кечиреринбайкап жүром. Айтып жатканы угуп жаткандарга керектүү экенин сезүүдөн улам ушундай толкундоо пайда болорун байкап келатамын.

Ошондуктан: «Акырын, жолдоштор, сабак жүрүп жатат! Анын «Ардак белгиси», Октябрь революциясы ордени бар, Крупская атындагы медалдын ээси, мугалим Бектур Исаков откорүп жатат! – деп, шыбырагым келет...

1986-жыл.

АТА, АПА ДЕГЕНДЕН КИЙИН ЭЛЕ...

Мугалим жөнүндогу талкууну баштаган макаланын автору — Жумгал районундагы мектептин директору А.Тезекбаев анда келтирген райкомдун секретары менен болгон озүнүн бир жолку кейиштүү да, окүнүчтүү да окуясы. Мурда «Мугалимдер газетасынын» редакциясына келип, мага айтып берген эле. Анда айтып, мен угуп гана тим болгонбуз. А кезде андан ары кетүүго экообүздо тең «укук» жок болчу да. Анткени, соз райондун чоңу жөнүндө баратпайбы. Партиянын райондук комитетинин биринчи секретары быякта турсун, инструктору тууралуу миндеген кишилер окуй турган басма соз бетинде эмес, эки адамдын козүнчо соз кылуу бери дегенде партиялык «этиканы» бузгандык, же партияга «шек келтиргендик» катары кабыл алынчу эмес беле. Көптөн бери өзүлөрүн ошондой соз эмес жел тийбес жасалма калканчтар менен бардык жагынан тосуп-корголоп алган кээ бир жетекчилер партиялык «этиканы» бузуу гана эмес, анын уставдык талаптарына, демократиянын лениндик принциптерине чыккынчылык кылганга чейин баргандыгын ачыкайкындык өз жолун таап, ар бир иш жана окуя өз аты, өз өңүтүсү менен атала баштагандан бери белгилүү болуп отурбайбы. Жокту бар кылган, азды көп кылган, ошентип, адилетсиздик-адилеттүүлүктү, жалган-чынды каалаганындай тебелеп-тепсеп жатчу мезгил жаңыдан гана артка чегинип, анын ордуна эл далайдан бери эңсеп-сагынып күткөн калыстык келе баштаган учурда мугалимдер да мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, оздорү жана башкалар жөнүндө ой-пикирлерин ортого салып отурушканы да коомдук турмушубуздун бардык жагын камтып келаткан ошол жаңылануунун-оңолуунун жагымдуу жышааны.

Асанбек Тезекбаевдин көптөн бери мектепте иштеп келаткан мугалим катары да, анан жазып жүргөн жөндөмдүү адабиятчы катары да жакшы билемин. Бирок, мага анын чыгармачылыгына караганда мугалимдик кесиби кымбатыраак. Ошондуктанбы, жанагы райкомдун секретарынын ага жасаган (окуучуларды машак тергенге аз алып келипсиң деп аны элдин көзүнчо сөккөнүн) мамилесин мен, антипедагогикалык мамиле катары кабылдысам да, ал тууралуу газетага эч нерсе бере алган эмеспиз. Ошондой «чоңго» туш болгон Тезекбаевдей мектеп директорлорун гана эмес, ал райондогу башка мекемелердин башчыларын да ичимен аяп тим болгонмун. Себеби, партиялык этиканын гана эмес, адамдык этиканын элементардык талаптарын сактай билбеген «жетекчи» башкаларга деле албетте, кызмат даражасы озүнөн төмөнкүлөрго тигиге жасаган мамилесин жасабайт деп ким кепил боло алат?

Бир кезде өзүн окутуп, таалим-тарбия берген (Тезекбаевден сабак албаса да, ошого окшогон агайдан алган да) бу кезде анын

баласын, же кызын, а балким небересин да кошо окутуп-тарбиялап жаткан мугалимге (бу жолу бир нече мугалимге жетекчилик кылып жаткан директорго) сый-урмат көрсөтө билбеген «чон» башкаларга көрсөтө алмак беле?

Менимче, Ата, Апа деген создордон кийинки эле ыйык соз ушу Агай деген соз. Мектеп босогосун аттаган күндөн Агай аталып калган кишилердин аты-жөнүн билсек да, анысынан айтсак анын Агай деген атына доо кетип калчудай ыйбаа кылып, өмүр бою айтпай келатпайбызбы!..

Күчү жетпегендиктен бир зөөкүрдөн аябай тепки жеген немедей шылкыя отуруп алигидей «мамилени» айтып берген Тезекбаевге ошондо берген суроом алиге эсимде:

– Анан сен эмне деп жооп айттың ага?

– Эмне деп жооп айтмак элем. Ал секретарь болсо, мен бир байкуш директор болсом. Бир нерсе десем эле, «Билетиңди бер» – дегени турбайбы. Менин тагдырым анын колунда экенин ал да, мен да түшүнүп турбайбызбы деп анын ого бетер шылкыйганы көз алдымда...

Секретардын тигиндей оройлугуна ошондой эле оройлук менен жооп берүүгө Агай деген аты, же өзү айткандай «байкуштугу» уруксат этпесе да, бир кезде темир канатын жетилтип, анан ушу азыркы «чоңдугун» көздөй күүлөп учурган уясына карап түкүрүк чача буркулдаганын жок дегенде басайтканга жарачу бир соз айтып коюш керек эле да?! Ушуга да жарабаптыр Тезекбаев! Чын эле байкуштук кылганын ойлоп гана тим болгон элем.

Агайды мындай бечаранын-байкуштун абалына ким дуушар кылып жүрөт? Өзүнүн кайдан чыккан түпкү тегин билбеген, же чоңдугуна манчыркап билгиси келбеген тигиндей башкаруучуларбы?! Бардык «чоңдуктан» чоң кызмат аткарып жүрүшүп, Агай аттуулар качан, кантип өздөрүн ушинтип кемсинтүүгө, а түгүл кордоого жол берип коюшту? Тигинтип окуучуларынын, алардын ата-энелеринин көзүнчө райкомдун секретары түгүл чарбанын башчылары, бригадирлери (аларга секретарь жанагинтип «үлгү» көрсөтүп жатпайбы) согүп жатса деле баш көтөрүп, тиешелүү жооп айтууга жарабай буту күйгон тооктой бүрүшкөн «байкушту» кийин мектепке барганда ал жосунсуз «спектаклге» катышкан окуучулар, ата-энелер тоотушмак беле? Агайлардын беделн, аброю тууралуу баарынан мурда ошо секретарь (өзү башкарган райондо) кам көрүш керек эмес беле? Өзү бир кезде окуган-тарбияланган жери мектеп, андагы эмгектенген Тезекбаев ондүү агайлар болгонун унутуп койсо да азыркылардын, кийинкилердин тагдыры жонүндо ойлонууга анын ээлеп отурган кызмат орду мажбурлаш керек эле да?!..

Жанагы секретарь эч жерде, эч кимдин алдында, эч качан мектеп иши үчүн, демек андагы жаштардын келечеги үчүн от-

чёт берген эмес. Ал эми чарбалык пландын аткарылыш абалы райондо кандай экендиги тууралуу ай сайын, а балким, жума сайын жогору жакка отчёт берип турууну парызы да, карызы да деп эсептеп калгандыктан, көп жылдар бою ушул районду башкарып келатканына карабастан атайлап бир мектептин эшигин ачып кирип, андагы окуп жана иштеп жаткандар менен чын ыкластан кеп-сөзго келбегенин жыйырма жылга жакын «Мугалимдер газетасынын» редактору болуп турган кезимде мектеп жетекчилеринен көп уктум. Чарбалардын, райондун башчылары мектеп тууралуу «чарбалык зарылдык» кыстаганда гана, тагыраак айтканда, сакманчылар керек болгондо, чоп чабуу, тамеки, пахта жыйноо мезгили жетип келгенде гана эске алышарын айтып жүрүшот. Мындан чарба үчүн күйүп-бышып иштоонун кереги жок деген ойдон алыспыз. Нан үчүн, эт үчүн, май үчүн, сүт үчүн жанды үрөп иштоо керек. Анткени, азык-түлүк жашоонун негизи. Ансыз биз сөз кылып жаткан Агайлар да жашай алышпайт. Тамак-ашсыз, кийим-кечесиз окуучуларга да билим, таалим-тарбия жукпайт. Бирок, жетекчилердин кызмат даражасынын бийиктеши, тошторүнө ордендердин, депутаттык белгилердин тагылышы, атак-даңкынын өсүшү, же бастап кетиши жалаң ошол «план» дегенге барып байланып калганын айтып жатамын.

Чарбалык-партиялык айрым жетекчилердин адамдан малды, же эгинди жогору коюп калышы да ушундай жагдайдын кесепетинен келип чыккан го? Антпесе, совхоздун, же колхоздун башчысы короого барганда өлүп жаткан козуну көрүп: «Чарбанын козусу өлгөнчө сенин балаң олбойбу!» – деп койчуну жекирмек беле?!. Эгер келечектин билимдүү жана адептүү адамдарын тарбиялоо жетекчилердин кагаздагы планында корсөтүлбөсө да дилиндеги «планынан» түшпөй жүрсө, азыр ачыктык өкүм сүрө баштагандан бери белгилүү болуп жаткан төбо чачты тик тургузуп, жүрөктү титиреткен толгон-токой кылмыштар болмок эмес да! Биздин оюбузча, бул күндөрдө газет-журналдардын беттерин толтуруп, радио, телевидениенин программаларын «байыткан» терс көрүнүштөр – баарынан мурда мектеп ишине көп жылдардан бери жасалып келаткан кайдыгер мамиленин «жемиши». «Сөксом да, урсам да озүм билем. Анткени, сенин тагдырың менин колумда»– дегендей кекирейгендикти, тенсинбегендикти «жетекчилеринен» күндө көрүп, күндө угуп жүргон «букаралардын», «байкуштардын» жан дүйнөсүнүн абалын элестетип көрүнүзчү! Ошентип, көп жылдардан бери: «Мен буйрук беремин, аным туурабы-натуурабы, сен аткарууга милдеттүүсүн» деп, аны аткаруучунун ал-абалы, ой-пикири, мүмкүнчүлүгү менен такыр эсептешпеген бюрократтык башкаруу стили адамдардын табиятынан аруу, нары ар нерсеге сергек аң-сезимин кирдетип да, мокотуп да таштаарына далилди алыстан издебей

эле жанагы секретарь менен мектеп директорунун окуясын алсак жетиштүү. Биринчиси – буйрук берүүчү; экинчиси аны аткаруучу. Биринчиси буйругун экинчисинин инсандык касиетин шылдыңдаган, кемсинткен жагдайда берсе да акылуу; экинчисинин ага каяша кылууга тили туруп – сүйлөбөйт, кулагы соо туруп – укпайт, көзү бүтүн туруп – көрбөйт. Мына, мектептин, демек, Агайдын берген билиминин жана таалим-тарбиясынын көптөн бери таасирсиз, демек, жугумсуз болуп келаткынын бир себеби.

...Бир топ жылдардан бери мектеп окуучулары менен кошо алардын агайлары да чарбанын көмөкчү жумушчу күчү катарында пайдаланышып келатышканы кимге жашырын? Класс жетекчилеринин, мектеп директорлорунун ишмердүүлүгү көп убактарда алар ал чарбанын ал, же бул жумушуна канча окуучусун катыштыра алгандыгы, берилген «норманы» кандай аткаргандыгы менен бааланып келатканын да эч ким тана албайт. Ошондуктан, алар үймө-үй кыдырып, чарбанын активдери талап кылган сандагы окуучуларды топтойбуз дешип, ата-энелер менен кер-мур айтышканга чейин барышкандыгы, жогортон берилген «планды» аткарабыз дешип, окуучулардын жаш курагына карашпастан күн чыккандан күн батканга чейин башында туруп иштетишип, ошондон улам Агайлар окуучуларына гана эмес, ата-энелерине да жаман көрүнүп келатканы жалганбы? Мындай шартта мугалимдин кадыр-баркына гана доо кетпестен, окуучулардын эмгекке болгон сүйүүсүнө кошо доо кетип – эки зыянды бир тартып жатпайбызбы?.. Эгер иштоосуно, жашоосуна тиешелүү педагогикалык шарт түзүлсө, окуучу бирде атасынын, бирде энесинин далдаасына өтө качып, агайын эшик сагалатпайт эле да? Агайын чарбанын, же райондун чоңуна тигинтип соктүрбөйт эле да?

Ошентип, керели-кечке тыртандап иштешип тапкандары кара курсагынан арпаган окуучуларды педагогика талап кылгандай эмгекти сүйүүгө тарбиялоо, тескерисинче, аны жек көрүүгө тарбиялоо менен алмашып кетип жатпайбы? Муну көрүп-билип турса да өзгөртүүгө Агай алсыз. Анткени, андай «кызуу оноктүк» учурунда анын өзүнүн мойнунда да, «гектар» же «тонна» деген сөзсүз аткарылуучу милдет бар. «Сөзсүз» дегенге далил: Өт-көн жылы «Мугалимдер газетасына» Токтогул районунан бир мугалимдин катын жарыяладык. Анда жыл сайын ар бир мугалимге канча тоннадан чоп оруп-жыйноо милдети күн мурунтан белгиленерин, эгер алардын кимдир бироо кандайдыр бир себеп менен (катында оору себептүү жумушка катышпай калган мугалим тууралуу айтылган) анысын аткара албай калса, 50 сомдон акча толорун билдирген. Мындай «талап» мектеп уставында жок. Колхоздун уставында деле жок. Анан андай «жазаны» ким ойлоп таап жүрөт? Мугалимди «оз букарам» деп эсептеп

калган чарба активдери ойлоп табышкан. Мына, Агайдын «агай» атын кемсинткен, кордогон дагы бир жосунсуз жорук.

Ушул эле дейсизби, кээде чарбанын «планга» жетпей калган малынын туягын, же этин толтуруш үчүн мугалим жалгыз уюнун жалгыз торпогун да ортого өткөрүп бериш керек. Антпесе: «огородуну тартып алабыз, же көчүробүз» деп коркуткан фактылардын да бар экени газетага келген кат-кабарлардан белгилүү.

...Мындан жети-сегиз жыл мурда түштүктө командировкада жүрүп, бир күнү быткыл-быткыл адырларды аралап өткөн жол менен баратсак, мезгил сентябрь экенине карабастан боргулданып тердеп-тепчиген тааныш директор жолуман чыкканы эсимде. Институттан чогу окуган элек аны менен.

– Мугалимдеринден жибербейсиңби? – дедим анын пахтадан качкан балдарын издеп чыкканын билгенден кийин чандан, терден чамбыл-ала болгон жүзүнө аягандай тиктеп туруп.

– «Бу жолу кезек мени эле. Көп качышат да»,– деп тиги эски, жакасы кир боз пиджагынын жеңи менен мандайындагы терин сүртүп, үшкүрүндү.

– Жөө качканды жөө куып жетиш кыйын го? Машине менен, жок дегенде ат минип куубайсыңарбы? – дедим жүдөө, нары чарчаңкы директордун көңүлүн көтөрүш үчүн созүмө тамаша аралаштырып.

– Кызыксың. Андай унааны ким берет мугалимге? – Директор эми мага карата суроо узаткансыды.

– Ким бермек эле, жардам көрсөтүп жаткан совхозуңар берүүгө тийиш да?

– Биз аларга жардам берүүгө милдеттүүбүз.

– Деги мындайда унаа сурап кордуңөр беле? Жыл сайын эле келип жүрбөйсүңөрбү жардамга? – дедим тааныш директордун аягына жетпеген жообун улантыш үчүн.

– Сурабачы. «Бизде качкандарды кууш үчүн бөлүнгөн атайын транспорт жок. Балдарыңарды жаман тарбиялагансыңарбы – азабын өзүңөр тарткыла. Унаа бериш биздин милдетке кирбейт. Биздин вазипа – таң заардан озуңөрдү баш кылып, балдарыңарды талаадан эсептеп, анан ишке чектөө, кечинде тараза жанынан силердин терген пахтаңарды эсептеп алыш» – деген чарба жетекчиси бири жолу. Ошондон кийин сурабай калганбыз – деди.

...Ал күнү тиги директор жоготкон окуучуларын таптыбы, жокпу – билбейм. Эгер таппай барса, алиги балдарды иш башынан эсептеп, кечинде алардын терген пахтасын таразага тартып алгандан башка «милдети» жок чарба жетекчилеринин алдында кантип отчёт берди бекен деп ойлоп жүргонүмдө, анын кызматтан бошогонун уктум. Негизги «себеби» – «Чарбаларга жардам берүү мезгилинде окуучулардын толук ишке катышуусун камсыз кыла албагандыгы» болгон имиш.

...Мектептин, демек, Агайдын кадыр-баркынын төмөндөп кетишине ушулар сыяктуу айрым сырткы жагдайлар эле себеп болуп жатабы? – деген жүйөлүү суроо туулат. Жок, анын «ички» себептери да бар. Болгондо да, биздин оюбузча, башкысы ошол «ички» себептер. Алар кайсылар?..

Мугалимдин «Агай» деген атка аягына чейин татыктуу болуп калышы үчүн баарынан мурда анын ашып-ташып турган билими болушу керек. Иш жүзүндө бул жагынан абал кандай? Начар. Ачык айтканда, көпчүлүк мугалимдердин билими тайкы бойдон калып жатат. Муну мен кырк жылдан ашык педагогикалык практикаман (анын жыйырма эки жылын директор, жыйырма жылга жакынын «Мугалимдер газетасынын» редактору катары иштеп жүрүп) байкадым. Акыркы маалыматтар боюнча ушул кезде республиканын мектептеринде эмгектенип жатышкан мугалимдердин, жетимиш эки процентке жакыны жогорку маалыматтуу деп эсептелет. Ошого карабастан алар окуткан окуучулардын жетимиш процентке жакыны «үчкө» окушат. Ал эми «үч» менен «экинин» аралыгы бул системада иштегендерге бештен белгилүү. Карама-каршылыкты байкап жатасызбы? Мугалимдердин билими жогорулаганы менен окуучулардын билими төмөн бойдон кала берген. Ушундай абал атайын жана жогорку окуу жайларында да көптөн өкүм сүрүп жатат.

Менимче, окуучулардын канча проценти начар окуса, мугалимдердин ошончо процентинин билими начар. Тагыраак айтканда, жетимиш процентинин билими начар. Демек, ошончо мугалим өзүнүн калган отуз процент мыкты кесиптештеринин «Агай» деген ыйык атына доо кетирип жатышат.

Мугалим – окуучу үчүн ар бир сабакта жанырып турчу сырдуу да, бай да дүйнө. Жондомсуз окуучу жок, жондомсуз мугалим бар экенин республиканын жаңычыл мугалимдери Исаковдун (Талас району), Жуманазаровдун (Ала-Бука), Бакированын (Ноокат району) иш тажрыйбалары аркылуу далилденип жатат. Өздөрүнүн гана эмес, чогу иштеген педагогикалык жамаатташтагы кесиптештеринин да кадыр-баркын которуп,.сый-урматын арттыруучулар мына ушулар сыяктуу жан-дили менен ишине, демек, кесибине берилген чыгармачылык кумар менен иштеп, билимдерин тынымсыз өстүрүп, аларды окуучуларына откорүп берүүнүн жогорку чеберчилигине ээ болушкандар иш жүзүндө далилдеп жатышат.

Кызмат боюнча республиканын көп жерлеринде болуп, нечен мугалимдердин сабактарына катышып, оздорү жана алардын жетекчилери менен ангемелешүүгө туура келди. А түгүл райондук, шаарыдык эл агартуу бөлүмдөрүнүн башчыларынан жылдап газета-журнал окубагандарын да кезиктирдим. Ушуга байланыштуу, мындан үч-төрт жыл илгери агартуу министринин бир орун басары кезектеги командировкадан кайтып кел-

гендеги ойлорун коллегияда айтып бергени ойго келет. Бир районунун башчысы жеке аңгемелешүү учурунда анын берген он торт суроосунун (көрсө ал командировкага чыгуунун алдында жаңыдан гана башталып жаткан мектеп реформасына байланыштуу барган жеринде мугалимдерге жана анын жетекчилерине берилчү суроолорду даярдап алган экен) бирөөнө да жооп бере албай коюптур. Мен укканыма ишенбедим. Анткени, жанагы жооп бере албаган башчы республикадагы мыкты башчылардан деп эсептелчү. Кийин ага жолукканда сурасам: «Канча суроо бергенин билбейм, бирок бирөөн да жооп бере албай койгонум чын»– деди. – Ишенсең, мен районунун башчысы экенимди да унутуп калдым кийинки жылдарда (ошо он беш жылга жакындап калган экен бул кызматка көтөрүлгөнүнө) райком менен райисполкомдун туруктуу уполномоченимин. Мектептерге караганда чарбаларда көп болом. А турсун өзүмө бекитилип коюлган короом да бар. Ал короонун жем-чөбүнүн, олүм-житиминин, төлүнүн жоопкерчилигине чейин менин мойнумда. Чоп чабуу башталганда окуучулар менен мугалимдер иштеген чарбалардамын. Тамеки, пахта жыйноо учурунда да талаадамын. Күн сайын дебейин, күн алыс ар кандай чогулуш. Анан качан, кайдан жүрүп бир нерсе окуймун?» – деп ал чын сырын айтып даттанды.

Мугалимдердин ишине көзомол гана болбостон, аларга керек учурунда теориялык жактан да, методикалык жактан да жогорку деңгээлде жардам көрсөтүүгө тийиш болгон айрым мектеп директорлору, методисттер, инспекторлор, анан жогоруда сөз болгон эл агартуунун жергиликтүү органдарынын башчылары эсеп-кысапка келгенде дайыма так. Карамагында канча окуучу бар, канча мугалим бар, алардын канчасы жогорку билимдүү, а түгүл кайсы мектеп коллективи сезондо канча тонна чоп жыйнап, канча пахта тергенине чейин качан сурабагын блокнотторуна карабай туруп айтып беришет. Бирок, илим, билим, адабият, искусство жаатында, педагогикада эмне болуп жатканды-гы жөнүндө сөз кетсе эле жанагы он торт суроонун бирөөнө да жооп бере албаган башчыдай болушпаса да, ошого жакын абалда калышканына көп жолу күбө болууга туура келди. Бул да менимче агайдын Агай атына залакасын тийгизип жаткан себептердин бири.

Билимден башка да Агай аталгандарга адамдык бийик сапаттардын болушу зарыл. Билими жетиштүү болуп туруп, адепахлактык жактан окуучуларынын купулуна толбосо, андай Агайдын да берген билими, таалим-тарбиясы таасирсиз, демек жугумсуз. А.П.Чехов айткан: «баары сулуу: өңү-түсү да, кийимкечеси да, ой-пикири да сулуу кишилер», менимче, баарынан мурда ушу мугалимдер болууга тийиш.

Мындан бир нече жыл мурда бир райондо жүрүп, топ кишилердин тобунда отуруп калдым. Создон соз чыга отуруп, ичкиликке жеткенде мен:

– Айылда азыр кайсы кесиптин кишилери коп ичишет болду экен? – деп сурап калдым.

– Мугалимдер! – десе болобу иреге жактан бироо ушундай суроо берилерин билип, ичинен жообун даярдап отурган немедей токтолбостон.

– Мугалимдер коп ичкенин сиз кайдан билесиз? – дедим алиги бейтааныш кишиге карап.

– Мен дүкончүмүн. Он жылдан ашып кетти дүкондо иштегениме. Ичкилик менин колуман чыгат эмеспи?– деп компоюп койду.

Менин кесибими, кызматымы анда отургандардын бир башкасы билбесе да, озүмчо катуу уялып калдым.

Жыйынтыктап айтканда, Агай деген атты кайтарып алыш үчүн а дегенде Агайлардын өздөрү ошол ардактуу да, нары жооптуу да наамдын бийиктигинде жашап, иштөолөрү керек.

Деги эле мектеп, андагы Агай келечектин билимдүү да, адептүү да адамдарын тарбиялап чыгарсын десек чыныгы мусулмандар аптасына бир жолу жума намазын мечитке барып окууну парыз деп эсептегендей, ар бир ата-эне (жанагы мектеп директорун элдин козүнчо сокконго батынган секретарь да мектеп үчүн бар болгону ата гана) жума сайын мектепке барып, андагы баласынын, аны окутуп-тарбиялап жаткан Агайынын ал-абалынан кабар алып турууну парыз деп эсептеп калганда гана мектеп ыйык жайга айланмакчы. Агайдын иши ошондо гана оңолмокчу.

1987-жыл.

ТИЛДИ СЫЙЛОО – ЭЛДИ СЫЙЛОО

Адамдар бири-биринен а дегенде тили аркылуу айырмаланышат жана тили аркылуу жакындашат. Адамдык ымала, ыклас, тилектештик, боордоштук сыяктуу сонун сапаттар да ошол тил аркылуу бири-бирине жугушат, оошот. Ошондуктан, ар бир элдин өз тилине мамилесин, анын азыркы жана келечек тагдырына күйүп-бышканын түшүнүү кыйын эмес. Ар бир элдин тили – өзү үчүн улуу тил, аны башка эч кандай тил менен алмаштырбайт. Тил маселесинин тегерегинде азыркы кызуу талаш-тартыштар да ушундан улам болуу керек.

Мамлекетибиздин Негизги Закону болуп эсептелген СССРдин Конституциясы боюнча Союздук деп аталган ар бир республикага өзүнүн Мамлекеттик желегин, мамлекеттик гербин, а түгүл мамлекеттик гимнин түзүп алууга укук берип, ал эми анда эзелтен жашап келаткан жергиликтүү элдин тилин Мамлекеттик тил деп эсептөөгө укук бербегени, качан да болбосун түзөтүүнү талап кылган олуттуу кемчилик экени кайра куруунун жагымдуу желаргысы жүрө баштагандан бери байкалып атканбы.

Ансыз, башкача айтканда, мамлекеттик тилсиз, жогоруда айтылган укуктар тили туруп, сүйлөбөгөн дудуктардай да. Муну баарынан мурда кыргыз эмес, бирок, кыргыздар менен башынан насиптеш калктар туура түшүнүүлөрү керек. Анткени, кыргыз тилине мамлекеттик статус берүү – алардын эч кимисинин тилине залал келтирбеси талкууда жүрүп жаткан долбоордо ачык көрсөтүлгөн.

Ушуга карабастан, айрым орус жолдоштордун бул долбоорду өгөйлөп, а түгүл теңсинбей сөз кылгандарына күбө болуп олтурабыз. Бул бери дегенде «Аганын» (аларды биз жетимиш жылдан ашык убактан бери «улуу агабаз» деп жатсак-турсак да ооздон түшүрбой келатпайбызбы) озүнон кийинки «инилеринин» өсүп-жетилип калганын атайлап байкабагандай эле кеп.

Тилди сыйлоо – элди сыйлоо. Анын өткөндөгүсүн, азыркысы, келечегин сыйлоо. Башка элдин тилин билүү – анын эшигинен төрүнө өтүү менен барабар. Үйдүн төрүнө өткөн кишиге анын ичиндегинин баары даана көрүнгөн сыяктуу тилин билгенге ал элдин тарыхы да, маданияты да, үрп-адаты да, салты да, кулк-мүнөзү да дилге жакын, көзгө тааныш болуп чыга келерин турмуш далилдеп келатпайбы. Кыргыз эмес айрым жолдоштордун созун угуп, макалаларын окугандан кийин ушу аксиомага айланып калган чындыкты алардын эсине кайрадан салууга мажбур болуп отурам.

Отузунчу-кыркынчы жылдарда жергиликтүү элден партиялык жана советтик жооптуу кызматтарда иштегендер аз болгондуктан, ал орунда кобүнчө орустар отурганын, бирок алардын дээрлик бардыгы жергиликтүү элдин тилинде сүйлөшконун, аны билбей барышса, тезирээк билип алууга аракеттенишкенин ошо кезде бирге иштеп калышкан кыргыз кызматкерлери айтып жүрүшөйбү? Анан эмне үчүн алтымышынчы-сексенинчи жыл-

дарга келгенде эле алардын тукуму үзүлүп калды? Мунун, менимче, эки себеби бар. Биринчиси – элибиздин жабыла орус тилин үйрөнүп киргенин (бул, албетте жетишкен жагыбыз деңизчи), экинчиси – чоңоюп алгандан кийин ата-энесинен жүз үйрүп кеткен кайрымсыз балдардай тилин билип алган соң (жарытып билбесек да) өз тилибизге кайдыгер болуп калгандыктын кесепетинен.

Экинчи себептин тегерегинде бир-эки соз. Алыскы райондордон малчыларды борборго жыйнап алып, алар менен орус тилинде чогулуш өткөрүп келдик. Башка улуттардын бир дагы окулу жоктугуна карабастан элеттеги чарбалардын, мекемелердин конторлорунун ичи-тышын, жолдорду-балдарды деле орус тилиндеги ураандар, чакырыктар менен «жасалгалап» келгенибиз да жалганбы? Жүз кишинин ичинде бир орус отурса (ал балким биздин тилди билээр, бирок сурангандан чоочулап) жыйынды ошо бири кишинин тилинде өткөрүп жүргөн да өзүбүз эмеспи? Жалгыз кыргыз мектебинин эшигине 1-сентябрга карата жазылып илинген «Кош келиниздер!» – дегенди алдырып таштап, анын ордуна: «Добро пожаловать!» деп жаздырган да, анан класска кирип, парталардан баштары араң көрүнүп отурган биринчи сыныптын балдарына:

«Здравствуйте!» – деп салам айтсак, аныбызга түшүнбөстон, алар кулактарын делдейтише жоопсуз бирин-бири тиктешип туруп калышса, окуучуларынын андай «адепсиздиги» үчүн агайын жазалап да жүрбодукпу?

Ушуга байланыштуу айта кетчү дагы бир нерсе: жергиликтүү элдин кадрларын кызматка көторүүдө алардын орус тилин кандай билиши башкы критерийлердин бири болуп калганы. Эгерде ошондой эле талап кыргыз райондоруна жетекчи кызматтарга жиберилген орустарга да коюлуп келген болсо, жогоруда айтылгандай жергиликтүү элдин тилинин тагдыры тууралуу олуттуу сөз козголуп жатканда өгөйлөгөндөр болмок эмес, болсо да аз болмок.

Тилге байланыштуу дагы бир ой.

Мен шаардык болгондон бери Панфилов атындагы сейил багынын жанында жашайм. Эртели-кеч аны аралап сейилдегенди жакшы көрөм. Бактын көркүно көрк кошкондор, албетте жаштар. Бирок, мен алардан (кыргыз жаштарынан) бир кейиштүү нерсени байкап келатамын. Күндө жолуман чыккандарды болжол менен он жуп десем азыркы жаштар кыз-жигит болуп жупташып жүрүшөт го, ошолордун ичинен эки-үч жубу гана оз тилдеринде сүйлөшпосө, калгандары орус тилинде сүйлөшөт. Ошолорду коргон сайын: «Ушул селкилер, ушул бозойлор да азыркы куралтарында, же туруп алышпастан отуз-кырк жылдан кийин учурдагы биздей ата-эне гана эмес, чоң ата-чоң эне да болушарын ойлоруна алышар бекен? Эгер алышса, балдарынан, же небере чеберелеринен: «Биздин элдин өз тили болгон эмеспи? – деген суроону угуп калышса, эмне деп жооп беришер экен, деген кыжаалатта калам.

Же ошондо алар убагында оздорү үчүн эне тилинде жетиштүү сандагы балдар бакчаларын, мектептерди ачып бере алышпаган, а түгүл үйлөрүндө оздорү да алар менен эне тилинде сүйлөшкөндү унутуп калышкан биздей шаардык ата-энелерине шылтап коюп, кутулуп кетишээр бекен?

Ошондуктан, эне тилибизге мамлекеттик статустун берилиши ушундай жагымсыз көрүнүштөрдүн андан ары терендеп кетишинен сакташ үчүн шарт түзөрүндө шек жок. Муну республикабызда биз менен кошо өмүр кечирип келатышкан башка элдер да туура түшүнүшүп, долбоордун законго айланышы үчүн ар бири өзүнүн боордоштук салымын кошот деген ишенимди билдиргим келет.

Долбоор Законго айлангандан кийин баарынан мурда республикадагы башка улуттар үчүн мамлекеттик тилди билишине түзүлгөн башкы шарт – кыргыз тилиндеги мектептердин, балдар бакчаларынын тармагынын тезинен кеңейиши деп ойлойм. Анткени, балдары бакчадан, же мектептен, ал эми алардын ата-энелери иштеген жерлеринен (аларда долбоордо корсотүлгөн ийримдер, факультеттер уюштурулушу керек да) күн сайын бешалтыдан мамлекеттик тилдин сөздөрүнөн алып келишип, ортого салып турса, үй-бүлөдөгү сөздүк чөйрөнүн (языковая среда) түзүлгөнү ошол эмеспи. Тилектеш, жердеш элинин тилин ошондой жолдор менен тезирээк, нары теренирээк билип алсан, кошумча байлык, кошумча артыкчылык да ошол эмеспи!

Тилди үйрөнүүнүн күндөлүк жашоодогу ийкемдүү каражаттарынын дагы бири – радио менен телевидение го. Ошондуктан, аларда эне тилинде үзгүлтүксүз (сутка бою) иштеп турчу каналдардын болушу зарыл. Мындай тажрыйба – башка республикаларда бар.

Ар кандай жыйындарды азыртан мамлекеттик тилде (албетте, котормосу) өтө башташы да башка улуттардын ал тилди оңоюраак оздоштүрүшүнө чоң комок көрсөтмөкчү.

Кыргызстандын борборунан тартып, башка шаарларында деле эне тилинде ар кандай коомдук иш чаралар: оюн-зоок кечелери кийинки жылдарда өтө аз откөрүлүп келатат. Сейилдоо жайларынан өз тилиндеги ырды, музыканы угууга зарсың. Мындай абалдын оңолушу да мамлекеттик тилдиин элдердин калың катмарына жетиши үчүн кызмат кылат.

Адамдардын аттарынын жазылышы жөнүндөгү сунуштардан мен:

«Адамкулов Тагай Бектен уулу, Асылбекова Сайкал Акмат кызы – дегенди колдоймун. Анткени, кыргыздар байыртан эле бала-бакырасына жок дегенде жети атасын билүүнү зынарлап келишкен эмеспи. Жогоркудай аталганда ким-кимдин тукумунан экендиги фамилиясынан белгилүү болуп жүрүп отурат.

1989-жыл.

КАЙДАСЫҢАР, КАСИЕТҮҮ БАКАЙ АТАЛАР?!

Апрель айында «Бакай ата» деген ат менен откорүлгон аксакалдардын республикалык жыйыны (аны Улуттук ар-намыс жана прогресс үчүн» ассоциациясы уюштурган) элибиздин бардык нарк-нускалуу карыяларына ушундай издоо-суроо менен кайрылгансыды.

Аталган ассоциациясынын азаматтары (ушундай жыйынды биринчи жолу откорүү менен ата-бабалардан бери келаткан ыйык салттардын бири – улууларга тиешелүү ызаат-урматтын коломтосундагы от али очо электигин далилдешти.

Чын эле бала төролгондо азан айтып, ага ат коюудан тартып, кун төлөөго чейинки маселелерди бий, болуш, казы дегендерге жеткирбей эле чечип коюшчу баштарында тунук акылы, тилдеринде шекер сөзү, иш-аракеттеринде кара кылды как жырган калыстыгы бар касиеттүү карыялар – Бакай аталар кайдасынар?

Бирикменин (ассоциациянын) аты айтып тургандай оз улутунун ар-намысын козгой турган жана ал сезимди андан ары өстүрүп-өнүктүрө турган жагдайларды издеп табыш үчүн атайын бел байлап аттанышкан андагы уул-кыздарыбыз тигиндей суроо менен а дегенде турмуштук тажрыйбага бай, ар-намыска бекем аталарына кайрылышып, эң туура иш кылышты.

Биз улуулардан укkан касиеттүү карыялардын объективдүү жана субъективдүү себептер менен кийинки алтымыш-жетемиш жылдын ичинде кескин азайып, же жоголуп сан жагынан эмес, сапаты жагынан кеткенинен улам калкыбыздан кут-береке качып, адеп-ахлактык жактан жардыланып калганыбызды бүгүн эч кимибиз тана албайбыз.

Бу кезде Союздун элдери «советтик» деп аталган доордон алгандары менен ага алдыргандарын тарыхтын калыс таразасына салып, кайра-кайра ченеп-өлчоп жатышат. Кыргыздардын ал доордон алгандары албетте көп. Бирок, алдыргандары да аз эмес. Ошолордун бири – улуттук ар-намыстын келип кеткендиги. Тагыраак айтканда, эзелтен элибиз менен бирге укумдан-тукумга өтүп келаткан эң сонун улуттук нарк-салттарга, үрп-адаттарга, расмилерге, диний ырым-жырымдарга кайдигер мамиленин орноп калгандыгы. Мындай мамиленин натыйжасында улуттук сыймыктануу сезиминен дээрлик кол жуып баратканыбызды да эми моюнга алууга мажбурбуз. Ошондуктан мындай руханий чоң жоготууну калыбына келтирүү максатын аркалаш үчүн жаралган ар кандай уюм жана аракет бардык жактан колдоого арзыйт. Мен да ичимден ассоциациянын бул багыттагы асыл максатын колдоо иретинде ушул макаланы-ой толгоону жазып отурам.

1.

Аталган жыйын көзү өткөндөрдүн арбактарына багышталып куран окуудан башталды. Аны Кыргызстан мусулмандарынын казыятынын башчысы Кимсанбай ажы озү окуду. Аксакалдардын жыйынын ушундай тартипте башташып, ассоциациядагы балдарыбыз дагы бир туура иш кылышты. Анткени, мусулмандардын, алардын ичинде Кыргызстандын башынан парыз катары эсептеп келатышкан жол-жосундарынын бири ушул — о дүйнө кеткендерди дайыма эскере жүрүү. «Арбак тоймоюн — тирүү тойбойт», «Арбак ыраазы болмоюн — тирүүнүн иши оңолбойт» — деген накыл кеп бар эмеспи.

Улуттук ар-намыстын оор, бирок ардактуу жүгүн моюндарына алып жатышкан жаштарыбыз көптөн бери баарыбыз чаныптанып келаткан диндик ырым-жырымдарды калыбына келтирмейин кир чалган жан дүйнөнү тазартуу мүмкүн эмес экенин туура баамдашкан. Динди жээрүү эмнелерге дуушар кылды адамдарыбызды? Мунун биринчи жана башкы зыяны — кишилердин нравалык, моралдык-этикалык сапаттарына олуттуу доо кетирди, улуулар менен кичүүлөрдүн, аял менен эркектин ортосундагы ата-бабаларыбыз тарабынан курулган ыйык «чек араны» бузуп таштады; алар татпаган, укпаган ичкиликтин туткунуна кабылдык; андан даанышман Калыгул акын айткандай: «Кыздан кылык, уулдан уят» кетти. Антпесе, кайсы замандагы кыргыздын кары-жаштары, аял-эркеги мандай-тескей отуруп алышып, стакан кагыштыра арак-шарап ичишкен эле? Бул ичкилик аксакалдарыбыздын жүзүнөн наарын, жүрокторүнөн ата-энелик мээрин боксөртүп, улан-кыздарыбыздын беттеринен нурун, көздөрүнөн жаштык отун өчүрүп, аң-сезимдеринен улууларга болгон сый-урматты өксүтүп таштаганын да кечигип байкап отурбайбызбы! Башкаларды сыйламак турсун, айрым балдарыбыз жана кыздарыбыз оздорун жараткан ата-энелерин алардын белдеринен кубат, билектеринен күч кеткен кезде бокчөндөтүп жетелеп барышып «Карыптар үйүнө» тапшырып жатышканын да көрдүк го.

Адегенде өз айлын, колу-коңшуларын талаган, кары-картаңдарды тоногон, бир күндүк «жыргалы» үчүн досун олтургон ууруулар, каракчылар бир кездерде эшигин жаап койгонду уят көргөн кудай момун кыргыздардан да чыгып отурганын эмне менен түшүндүрүүгө болот? Айтылуу «темир кошоголорду» өз колубуз менен түрүп таштагандай кийин телевизорлорубуздун экрандары аркылуу ар бирибиздин үйүбүзгү дүйнөнүн торт бурчунан уят-сыйыт дегенди билбеген жыланач жигиттер менен кыздар, колдоруна тапанча, автомат кармашып адам канын-жанын кыйнагандан, өмүрүн кыйгандан «ырахат» алышкан «боевиктер» кирип келишпедиби. Бул да — менимче, динди танып, ичкиликке берилгендиктин кесепети. Мындайларга да бөгөт коюу эми улуттук ар-намыстын ишине айлануура тийиш.

Мына ушундай жагымсыз таасирлерге кириптер болгон жан дүйнобүздү аруулантуу маселесин замандын жаңыланып жатканынан пайдаланып биринчи планга алып чыгууга далалат кылышкан ассоциациянын намыской жаштарына кайра-кайра ыраазылыгынды билдиргиң келет.

Эки кеп, алар атайлап өкүлдөрүн чакырып жыйын курган жер-жерлердеги кадыр-барктуу аксакалдарыбыздын бул баалуу демилгени практикалык уюштуруу иштери менен колдоп берүүсүндө калды.

Сөзгө алынып жаткан аксакалдар жыйыны кабыл алган чечимдин – кайрылуунун аткарылышынын алгачкы кадамдарынан деп, ассоциациянын жетекчилеринин түздөн-түз катышуусу менен областтарда, райондордо уюштурула баштаган «Аксакалдар сотун» эсептөөгө болот. Мындай аталыш кулакка анчейин жага бербегени менен турмуштук зарылчылыктан келип чыгып отурганын кантип түшүнбойлу. Кылмыштуулук жоо тумандай каптап кирип келбедиби. Анын жолун тосууучу укук коргоо органдарыбыз кылмыш жасагандарды көп учурларда бир эшиктен кийиришип, экинчисинен кайра чыгарып жиберип жатышканын мунун себептерин оздорү гана билишет) көрүп туруп айласы кеткен эл үчүн балким, ушундай кошумча дагы бир «укук коргоо» уюму керектир. Анткени, кылмыш кылгандардын теңинен көбүнүн бети ачылбай калып жатканын тиги органдар оздорү айтып, оздорү жазып жатышпайбы.

Айыл-кыштактардагы карыяларыбыз (калкыбыздын жетимиш процентке жакыны ошол жактарда жашайт эмеспи) андагы жергиликтүү бийликтин башында тургандар менен бирдикте жогоркудай иш чаралардан бөлөк да улуттук ар-намыска тиешелүү кээ бир жол-жосундарды уюштурууга киришсе жакшы болор эле. Маселен, «Ичкилик ичпегендердин (сопулардын) айылы» деген кароо-конкурстарды өткөрүү. А дегенден, балким, мындай деп аталыш үчүн айылдар эмес, көчөлөр ат салышаар? Бара-бара андайлардын саны артып отуруп, анан бүтүндөй айылга, анан районго, областка жетсе, бул багытта революцияга тете иш кылган болор элек. Улууларын, бийлик адамдарын ызаттап-урматтаган жерде жаштарга тиешелүү дагы бир жакшы салтты калыбына келтирүүгө болот деп ойлойм. Ал «узун чачтуу кыз-келиндердин, ак калпакчан жигиттердин айлы» же көчөсү деген аталыш үчүн мелдешти уюштуруу. Бу кезде чачтарына карап кыз-келинин (майда өрүм – кыздардыкы, кош өрүмү – келиндердики) эмес, эркек-ургаачысын ажыратуу кыйын болуп калбадыбы. Ошондуктан, мындай иш чараларын өткөрүүдө учурдун маанилүү маселелеринен деп ойлойм).

Жаңы «модаларга» баш-оту менен кирип кетишкен жаштарыбыздын бул макаланы окуп калгандары болсо: «Автор бизди каякка сүйрөп жатат?». Прогресстен – регресскеби?» – деп мени айыпташаары да аштан бышык. Андайларга менин жообум:

Арак-шараптын ордуна бозо, кымыз ичкенден, кыз-келиндердин көркүно корк, чырайына чырай кошчу узун чач коюп, узун көйнөк кийгенинен, жигиттердин калпакчан жүргөнүнөн жан дүйно эч качан жабыркабайт. Мындан тескерисинче, элдин улуттук колорити байып, башка элдердин арасындагы кадыр-барқы артат, улуттук ар-намысы күчөйт. Бул пикирге далил катарында анан өзүбүз менен жетимиш жыл бою кол кармашып «коммунизм жолу» менен «өнүккөн социализм» марасына чейин бирге келишкен өзбек туугандардын кышын-жайын башынан түшүрбөгөн ала допуларын, аялдарынын атлас көйнөктөрүн, узун чачтарын (чачтарын кырктыргандар аларда ото аз), түркмөн кыз-келиндеринин (академиктерине чейин) этеги жер чийген көйнөктөрүн, узун чачтарын, эркектеринин үксүйгөн козу корпо бөрктөрүн көрсөтөөр элем.

Газеталарга жарыяланып жаткан маалыматтарга караганда айрым шаарларда, райондордо, айыл-кыштак жерлеринде улуттук кийимдерди тигүү, үй эмеректерин жасоо колго алынып жатыптыр. Бул деген жогорку ойдун ишке ашышы үчүн жакынкы жылдарда эле турмушубуз да кудай колдоп, ага чейин оңолуп кеткиси бардыр) кары-картандарыбыздан тартып, жаштарыбызга чейин жер шарынын кайсы жагына барбасын, ошол башкалардыкына такыр окшобогон улуттук кийим-кечесинен, башкача айтканда, сырткы «визиткасынан» таанылыдай түргө ээ болушуна зарыл материалдык-техникалык база түзүлүп калат го деген үмүттү пайда кылат. Мындай оптимизмге ээ кылган, баарынан мурда, дагы кайталайм: оз элинин улуттук ар-намысын коргоону негизги ураан кылып алган жогоркудай атайын уюмдун пайда болушу. Кыргыз калкынын маданий жана руханий жактан тезирээк эл аралык аренага чыгышы үчүн ат салышып жатышкан «Руханият», «Манас ата» өндүү башка мамлекеттерге чейин азыртан эле белгилүү болуп калышкан, материалдык-финансылык жактан ар кандай чоң маселелерди чечүүгө жарамдуу экендиктерин иш жүзүно далилдеше баштаган эл аралык кубаттуу бирикмелердин бар экендиги. Мындай коомдук уюмдар дагы көбөйо беришинде шек жок. Улуттук руханий доолоттөрүбүздү калыбына келтирүүдо, андан ары аларды адамзат цивилизациясынын азыркы жетишкендиктерин эсебинен байытууда алар менен сыймыктануу сезимин тарбиялоодо мен, эмнегедир, «Ашар» аттуу коомго, азыр саны отуз миң түтүндон ашып кеткен анын тутумундагы жаштардын айылдарына чоң үмүт жана ишеним артып жүрөм. Анткени ал коомдун жетекчилеринин биринен «Тилибиздин, дилибиздин тазалыгы үчүн гана эмес, балдарыбыздын, айылдарыбыздын аттарынан тартып, адам дүйного келгенден кайра андан кеткенге чейин анын жакшылык-жамандыгына ата-бабаларыбыз кандай жол-жоболорду колдонуп келишсе, ошолордун баарын (албетте, жакшыларын) калыбына келтирип жана аларды заманга жараша жаңы мазмун менен байытыш үчүн иштейбиз» — дегенди укканым эсимде.

Ичкилик ичпегендердин — сопулардын айылы, узун чачтуу, кош этектүү узун койнокчон, үкү тагылган такыячан, кызыл, жашыл чыптамачан кыз-келиндердин, оңчой ак калпак жигиттердин айылдары а дегенде ушул жерден — Бишкектин тегерегинен чыгабы деп күтүп жүрөм. Кээде кочодон он-он бештен болуп (кыз-эркеги аралаш) моюндашып алышкан мас жаштарды көргөндө: «Ылайым, ушулар «Ашардын» айылдарынан болушпаса экен» — деп чоочулайм. Минткенимин себеби, борбор калаабызды боз үйдүн кырчоосундай ороп орун-очок алышкан ушул айылдардан келечекте Евразиянын алдыңкы илимин, маданиятын жана алгылыктуу саясий, экономикалык, социалдык моделдерин кыргыз турмушуна жаңыча жолдор менен кийирүүдө үлгү боло турган (анткени, булар цивилизацияга босоголош жашап калышпадыбы) жаңы кыргыз айылдарынын прообразын элестетем.

Макаламын бул болүкчосүн улуттук ар-намыска түздон-түз тиешеси бар дагы эки сунушту айтуу менен бүтүргүм келип турат.

Биринчиси: залкар иштери жана ысымдары алиге чейин кыргыз аттууга улуттук сыймыктануу сезимин тартуулап келатышкан Исхак Раззаков менен Болот Мамбетов жонүндө, тагыраак айтканда, алардын сөөгүн киндик каны тамган жерине алып келип, кайрадан аруу жуун, ак кепиндеп коюу жонүндө.

Ар-намыстуу эл эч качан өзүнөн чыккан тигилердей асыл перзенттеринин сөөгүн тили башка, дини башка элдин жеринде калтырган эмес. Алар дүйнодон кайткан кездеги чондорубуздун бул жагынан кетиришкен кечиримсиз каталарын ондоо (сөөгүн алып келишмек турсун, ал кездеги чондорубуз дүйнодон кайткан И.Раззаковго төрт-беш сүйломдон эле турчу некролог деген немени бербей коюшканын эл алиге чейин чоң нааразылык менен айтып жүрүшпойбу). Биринчи кезекте, Кыргызстандын ал жылдагы экономикасын, илим-билим жана маданиятын бардык жактан жаңы бийиктикке которүү үчүн ал экоо менен чогуу иштеп калышкан, азыр да көзү тирүү аксакалдарыбыздын парыз-милдети.

Мамлекеттик жана саясий бул ири эки ишмердин сөөкторүнүн чет жерде жатып калышын бу жолу да алардын үй-бүлолорүнүн «өтүнүчүно-каалоосуна» шылтап коюп чыга берчүлөр табылыш мүмкүн. Бирок, Раззаков менен Мамбетов оз үй-бүлолөрүно гана эмес, бүтүндой кыргыз журтуна таандык кишилер. Демек, алардын иштери, омүрлорү гана эмес, олгондон кийинки сооктору да элге таандык. Ал эми оздорүнүн тагдырын эл тагдырына байлап коюп өмүр кечиришкен алардын дүйнодон кайткандай кийинки орду улуттук көрүстөндө — улуттук Пантеондо. Экинчи сунушум: ушу улуттук Пантеон куруу жонүндө.

Атайын окмоттүк чечим болбосо да мындай Пантеон бизде түзүлө баштаган деп айтууга негиз бар. Ал — борборубуздагы Ала-Арча көрүстөнү. Аерде бу кезде кыргыз окмотүно жана Жо-

горку Советтин Президиумуна кырк жыл жетекчилик кылган Кулатов Төрөбай баш болгон саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, адабият менен искусствобуздун жылдыздары, илимдин жана маданиятыбыздын эң көрүнүктүү адамдары, башкача айтканда, элибиздин улуттук сыймыгына айланып калгандар жатышат. Исхак Раззаков менен Болот Мамбетовго да ушул «айылдан» конуш берүү керек. Муну улуттук ар-намыс талап кылат. Улуттук Пантеонго, менимче, Ала-Арчага сөөктөрү коюлбаса да элине чоң эмгек сиңирген уул-кыздардын, алардын кыскача өмүр баяндары жазылган эстеликтери коюлушу керек. Маселен, А.Орозбеков, Ю.Абдрахманов, З.Кайназарова, Ө.Атабекова сыяктуулардын. Пантеондун так ортосуна баарынан коломдүү, баарынан бийик Манас атабыз менен Канымкей энебиздин эстеликтери коюлса деген ойду айткым келет.

2.

Кыргыздар «аксакал» деп курагы жеткендерди гана аташпастан, бийлик башында тургандарды да («алардын жашы кичи болгону менен бийлиги улук» – дешет) ошондой аташып, улууларга көрсөтүлчү сый-урматты аларга да көрсөтүшүп, анан талапты да эзелтен эле экөөнө тең бирдей коюп келатышканын билебиз. Аксакалдардан (карыялардан жана бийлик адамдарынан) эл биринчи эмнени күтөт? Ыймандуулукту, анан калыстыкты.

Ыйман – адамды бардык иште, бардык учурда коштоп жүрчү, анан ал көз жумганда аны менен коргө да барып кошо жатчу башкы сапат. Адамдарыбыздын олгондоргө айтчу акыркы тилек-каалоосу да: «Ыйманы – жолдошу болсун» – деген эмеспи.

Башыбыздан ашып турган азыркы жамандыктарга дуушар болгонубуздун негизги себептеринин бири да – ошол ыйык ыймандан тайганыбыздан экенин байкагандан бери ал тууралуу көп сүйлөп, көп жазып, а түгүл шашыла мектептерибизге «ыйман сабактарын» кийирип жибербедикпи. Бул, албетте, жакшы башталыш. Бирок, көптон бери качып калган ыйманды кайтарып алыш үчүн бул аздык кыларын да унутпашыбыз керек. Ыймандуулуктун үлгүсүн иштен, жүрүш-туруштан а дегенде аксакалдарыбыз (улуулар жана бийлик адамдары) көрсөтүүлөрү тийиш. Учурдагы кээ бир чондордун ыйманы тууралуу сөз кеткенде менин эсиме мындан көп жыл мурда Мухтар Нургазиев дегенден (ал отуз жылга жакын партиянын райондук комитетинин биринчи секретары болуп иштеген) Төрөбай Кулатовдун бир жолку жоругу жөнүндө укканым түшө берет...

А киши кайсы районго барбасын өзүн тосуп алышкан аердин чондоруна:

«Кана, жигиттер, баштагыла. А дегенде малчыларга, данчыларга баралы. Анан силердин канторуңарга киребиз» – дечү экен да саламдашып, ал-жайды сурашкандан кийин эле.

Аксакалдын өз районуна (Токтогул району) келерин укканда кийин Нургазиев ал тууралуу чарба жетекчилерине кабарлап, анан бир колхоздун башкармасына белгилүү чабандыкына тамак даярдатып коюуну тапшырат. Көрсө, Кулатов «чоң» аталгандардын үйүнөн чай ичпейт тура.

Ошентип, малчыларды кыдырышат. Акыры жанагы алдын ала эскертилген чабандын короосуна да жетишет. Анын койлорун көрүп, жашоо-шартты менен таанышкандан соң аксакал ага ыраазы болгонун билдирет. Ушул учурдан пайдаланып, чабан а кишини чайга чакырбайбы. Кулатов озүн узатып жүргон секретарь менен ошол колхоздун башкармасына карайт:

«Силер эмне дейсиңер?» — деген кыязда. Анын эмнеден шектенгенин түшүнө коюшкан алар тиги чабанды мактап киришиптир: көп жылдан бери кой кайтарганын, жыл сайын төл боюнча алган милдеттенмелерин ашыра аткаргандыктан аныcына эмгегинен тышкары отуз-кырктан козуну сыйлыкка ларын, бир нече орден-медалдардын да ээси экенине чейин айтышат. Кыскасы, аныкында конок болушуп, козусун жешиптир.

«Райондун борборуна кеч кайттык — дейт Нургазиев. — Уктап кеткен экенмин, телефондун чырылдаганынан чоочуп ойгондум. Трубканы алсам, мейманкананын администратору. «Аксакал баягы бойдон эле сыртта басып жүрөт. Убакыт болсо бирден өтүп кетти. Кийинип алып, мейманканага кайра келдим. Анын тар короосунда плащын желбегей жамынып алып а киши ары-бери басып жүрүптүр. Жакындай бергенимде чоочугандай башын көтөрө калып: «Ой, жигит, эмнеге келдиң?» — деди.

«Бу жактан телефон чалышканын, эрмек болуп бирге басайын деп эле келип калганымы айтсам, сүйүнүп кеткенсиди; «Анда, жигит, жакшы келипсиң. Мени жактырбай жаткан бая күндүз жеген козубуз болуп атат. Чыныңы айтчы, аның кандай адам эле, өзүнүкүнөн сойдубу, же колхоздукунанбы? — дейт жарыктык. Кайрадан тиги чабанга мүноздомо беришке туура келди. Өзүм ушул райондук болгондуктан ал адамды бала кезимен жакшы билерими, өзүнүн малы өзүнө жетишерлик экенин, көптүн мүлкүнө кол салчу ыймансыздардан эмес экенин айтып чыктым. — Эгер ал жаман кишилерден болсо, сиздин аныкынан даам татышыңызга мен деле жол бермек эмесмин» — дедим. Ошондо гана аксакал биротоло ишенди окшойт: «Анда кирип жатайын. Уйкуну бузганым үчүн кечирип кой, жигит»— деп колуму кармады».

Азырчы? Башкарган аймактарында өздөрүн «хан»— деп жарыялашкан айрым жетекчилер бийлик ордуна отургандын эртеси эле «Ак сарай», «Көк сарайларды» курууга киришип, минээрине чет элдик маркадагы машиналарды «мамыга» байлашып, оздорүнөн арткан бийлик менен байлыкты тууган-туушкандарды, «кыйышпас» достору, жек-жаттары менен бөлүштүрүп ки-

ришкенин (мындай фактыларды газета беттеринен, радиодон, теледен, а турсун сессиялардын бийик трибуналарынан дээрлик күн сайын окуп, угуп, көрүп жатпайбызбы) билгенден кийин мурункулар менен азыркы чоңдордун ыйман, нысап, калыстык сыяктуу адамдык сапаттарын аргасыздан салыштырат экенсиң. Ошол эле И.Раззаков, Б.Мамбетов, Т.Кулатов, А.Суеркулов, А.Сүйүмбаев, С.Ибраимов, Н.Исанов окшогон республикабыздагы мамлекеттик жана партиялык эң жогорку посторду ээлеп келишкен кишилерибиз дүйнодон кайтышканда сөөктөрүн алып кирип, кайра алып чыгарганга оздорү курдурган үйү жок дегендер эң туура. Андай үйлөр кийинки беш-алты жылдан бери жеткенибиз «кесек менен, жетпегенибиз тезек менен» уруп келаткан эки кишиде – Кыргызстандын компартиясынын Борбордук Комитетин чейрек кылым жетектеген Т.Усубалиевде, шахтанын катардагы инженеринен баштап, республикалык компартиянын лидерлигине чейин жеткен, отуз-кырк жылдан бери аны менен чогуу иштеп келаткандардын пикири боюнча бирөөнүн «ала жибин аттабаган» А.Масалиевде да жок экен. Масалиевдин ыймандуулугун мен ал Президенттик орунду, көптор кемчилиги катары айтып, жазып жүрүшкөндөй «тарттырып» жибергенинен да байкап калдым. Эгер БКда өзү менен чогуу иштешкен айрым жан-жөкөрлөрүндөй шартка жараша заматта өзгөрүп кеткен хамелеондукка барса, «оз колу» менен чоңойткон кээ бир кадрларынын чыккынчылыгына карабастан (бешалты эле добуш жетпей калбадыбы) чын эле ал орунду ээлеп калмак. Менимче, анын бийликтен адамгерчиликти артык эсептээри ушунусунан да көрүнүп турат.

Ушундай дили да, иши да таза жетекчилердин бири катары замандаштары Казы Дыйканбаевди да көп соз кылышат. Ал киши да бир кездерде республиканын үч чоң жетекчисинин бири болгонун, ага чейин районду, областты башкарганын, бирок, алиге чейин салдырган үйү, дачасы, машинасы жок экенин кеп кылып жүрүшөт.

Бийликтеги адамдардын ыйманы тууралуу «марксизм-ленинизм классиктерине» чейин эле биздин өткөндөгү акылмандарыбыз:

«Ыймандуу бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» – дешип, жеткире айтып салышкан тура. Таажы кийип, (кыргыздын эң мыкты узулдарынын колунан чыккан ак калпак таажы эмей, эмне) тактыга отургандан кийин бир аз убакыт отпөй эле тунгуч Президентибиз жазуучулар менен жолугушууга келгенде башка калемдештеримин катарында мен а кишиге айткан тилек-кааломду калкыбыздын даанышмандыгынан жаралган ушул макал менен баштап, ушул макал менен бүтүргөнүм эсимде. Анткени, Ажо бийлик атынын тизгинин «чу» деген жерден каякты карай бурат: «эл» деген айылгабы, же «тууган» деген айылгабы? Анын андан аркы ишмердигинин багыты да, натыйжасы

да ошого жараша болору ага чейинки бийлик практикасынан байкалгандыктан айтылган каалоо-тилек эле. Анын үстүнө: «Мурунку көч кайда барса, кийинкиси да ошоякка барат» – дегендей Биринчинин аты каякты коздой бурулса, экинчи, үчүнчү, тортүнчүлөрдүкү да ошол жакка ээрчип кетээри мурунтан белгилүү го.

Тунгуч Президентибиз ошол күндөрдө бүткүл дүйнөнүн алдында мындан ары саясий жактан эч кимге коз каранды эмес экендигин жарыя кылган жаш мамлекетибиздин эки тизгин, бир чылбырын колуна алып жатып, калкынын социалдык ар кыл катмарларынын окүлдөрү менен жолугуп, алардын кеп-кенешин, тилек каалоолорун угуп, эң туура иш кылды. Анткени, элден өткөн акылман, элден өткөн калыс жок да.

Студенттик аудиториядан, илимий лабараториядан жаңы эле чыгып келип (БКдагы, академиядагы бир-эки жылдык «чондугун» эсепке албасак деле болот го) демократия дегендин шарапаты жана жетеги менен бийликтин башкы тепкичине бут койгон жаш, бирок чыгаан окумуштуу катары аты ага чейин эле көпкө маалым болуп калган (чынымы айтсам, мага бийликтин Президенти Акаевге караганда илимдин Президенти Акаев көбүрөөк жакчу). А.Акаевдин кийин деле баш калаабызда жашашкан мурдагы бийликтин жана эмгектин ветерандары менен жолугушуп жүргөнүн угуп, бул жагынан да ал ата-бабалардан келаткан салтты – улууларды сыйлоо салтын унутпаган экен деп ичим жылып келет.

Улууларда – элди башкаруунун, чарба жүргүзүүнүн баа жеткис бай тажрыйбасы бар. Андай адамдар ар бир областтын ар бир райондон жана шаардан сельсоветтерде бар. Ошолордун тигиндей артыкчылыктарын эске алып, Президентибизден тартып, селолук советтерге чейин алардын алдында туруктуу иштей турган аксакалдардын кенеши түзүлсө кандай болор эле? Алардын милдеттери жана укуктары атайын жобо менен белгиленсе. Айыл-кыштак жерлериндеги андай кенештерге жогоруда айтылган унутулуп калган салттарды, үрп-адаттарды, жолжосундарды калыбына келтирүү, той-аштарды уюштуруу, откорүү (ичкиликсиз) сыяктуу маселелер менен кошо андагы эл тынчтыгын бузган тентектерди тескоо, башкача айтканда, андайларды эл алдында уяткаруу, ага болбосо, акчалай айып салуудан тартып өз айлынан башка жакка көчүрүп жиберүүгө чейинки укук берилсе, максатка ылайык болор беле деп ойлойм.

3.

Аксакалдарды (карыяларды жана бийлик адамдарын) башкалардан айырмалап турган башкы санаттардын дагы бири – кара кылды как жарган калыстык дебедикпи.

Жогору жакта эске салган жолугушуудан (Президент менен) кийин он күн өттүбү, жокпу жазуучулардын кезектеги съезди болуп калды. Ага да биринчи чондорубуз келип катышты. Мында да башка калемдештеримин катарында сөз кезеги мага жеткенде баягы жолугушууда айткан оюмду андан ары улантттым. Башкача айтканда, аксакалдардын калыстыгы (биерде бийлик адамдарынын калыстыгы) тууралуу кеп салдым.

Чондорго таандык бул сапат элибиз башынан кандай баалап, андан тайган чонду кандай жазалап келгендигине мисал катары көлдүк акылман (мурда көл тарапта гана эмес, деги эле жергебизде акылмандар арбын болгон тура) Кыдыр аке дегенге байланышкан бир притчаны айтып бердим. Аны бу жерден да кайталоону туура таап турам.

Он алты жашында (эли эки жашты кошуп, он сегизде деп коюшуптур) болуштукка шайланып, ал орунга катары менен кийин дагы алты жолу кайра шайланган Кыдыр аке улгая баштаган кезинде ооруп калат. Аны укkан эл чууруп көргөнү келе баштайт экен. Бир киши кошо баралы деп кошунасына кирбейби. Анысы терс мүнөз неме көрүнөт, орондоп коё берипттир:

«Кыдыр акең өлбөйт. Ошондуктан мен барбаймын. Көргүң келип турса, өзүң бара бер» – деп.

Кошунасынын мунусуна бир жагына таң калган, экинчи жагынан таарынган тиги өзү жалгыз барып ноокастын ал-абалын сурап келет экен. Чын эле Кыдыр аке көп өтпөй анда тошөктөн туруп кетет.

Арадан дагы бир топ убакыт өткөндөн кийин алигидей суук кабар айылдан-айылга дагы тарайт. Кыдыр акени сүйгөн, сыйлаган кишилер анын үйүн көздөй кайрадан агыла башташат. Ошондо баягы киши кошунасына дагы барат. Анын эмне үчүн келгенин айттырбай эле билген берки: «Эми мен да барамын. Коштошуп калайын. Анткени, Кыдыр аке эми өлөт» дептир, кошунасын экинчи жолу таң калтырып. Көрсө, андан мурдараак:

«Кыдыр аке калыстыктан тайыптыр: асырап алган баласы менен өзүнүн баласы чүкө талашып мушташып кетишсе, өз баласын урбастан, багып алган баласын жаакка чаап жиберген имиш» – деген соз ошол аймактын баш-аягына заматта тарап кеткен экен.

Ооба, бу жолу Кыдыр аке төшөктөн турбаптыр...

4.

Кыргыздын «жыты» турмушубуздун бардык жагынан озүбүзгө гана эмес, башкаларга да сезилип турчу абалга жеткенибизде гана колго тийген эркиндигибиз өз жемишин бере баштамак-

чы. Мындан ары жергебизге келиш үчүн башка континенттердин адамдары (алар күн сайын көбөйүп жатышпайбы) кайсы жерден «Кыргызстан» деген жазуусу – эн тамгасы бар самолёткобу, поездге отурушпасын, ошол жерден алар үчүн башка дүйнө, «кыргыз дүйнөсү» башталгандай, кыргыз «жыты» сезилгендей шарт түзүлүшү керек. Тагыраак айтканда, кыргыз тили менен кошо кыргыз өнү кыргыз кийими, кыргыз тамагы, кыргыз музыкасы алардын бизди карай жасаган алгачкы кадамдарынан баштап, кайра кетишкенге чейин коштоп жүргөндөй, үйлөрүнө кайтаарда негизги «сувенир» катарында каректерине жер-суубуздун сулуулугун гана эмес, улуттук кийимчен уул-кыздарыбыздын сулуулугун, тилдеринде кыргыз тамактарынын даамын, кулактарында кыргыз музыкасынын ыргактарын да «катып» кетишкендей жагдайларды түзгөнүбүздө гана өзүбүздү эл, өзүбүздү улут деп эсептегенге акылуубуз. Ооба, бул үчүн көп күч, көп каражат, көп убакыт талап кылынат. Бирок, ишти азыртан баштообуз керек да буту-колду тушап турган экономикалык кыйынчылыктарга карабастан. Жолду баскан арбытат эмеспи. Эркиндик жолуна чыктык. Эми басуу керек. Басканда да сөзгө алынып жаткан улуттук ар-намысыбызды шам кылып колубузга кармап алып алга басышыбыз керек. Бу жолубузда күч-кубат берчү биринчи: ошол ар-намыс; анан кажыбаган кайрат; талыкпаган эмгек, мээнет; «түндүгү–түштүгү» жок, биримдик, иргелеш жашашкан элдер менен Манас атабыздан бери салтка айланып калган достук.

5.

Эмгек – мээнет демекчи...

Дачада Леонид Степанович деген карыя орус кошунам бар. Кесиби – гидротехник. Азыр пенсияда. Өзбекстанда төрөлүп, институтту да ошол жактан бүтүптүр. Жолугушкан сайын аны менен узак-узак аңгеме-дүкөн курабыз. Ал көптү көрүп, көптү билген киши. Отуз жылга жакындап калыптыр биз жакка келгенине да. Ошол Леонид Степановичтин былтыр айткан бир пикири мени алиге чейин ойлонтуп да, ызалантып да келатат. Анткени, ал сөз менин жеке керт башымын ар-намысына гана эмес, бүтүндөй кыргыз элинин ар-намысына, жөндөмүнө шек келтирген соз. Кептен-кеп чыгып отуруп бир маалда Леонид Степанович менден минтип сурап калды:

– Кыргыздар экономикалык кризистен кантип чыгышат деп ойлойсуң? Сөз торкүнүн боолготуп турсам да:

– Башка элдер кантип чыгышса, кыргыздар деле ошентип чыгып кетишет – дедим.

– Башка элдер деп кайсыларды айтып жатасың? – деди ал мыйыгынан жылмая.

– Мурдагы он беш союздук республикалардын элдерин – дедим, кебелбей.

Леонид Степанович менин бул жообума канааттанбагандай дайыма кармап жүрчү таягынын учу менен жерди тык-тык ургулай бир азга үн-созсүз басты да, анан тиги суроосун озү чечмелеп кирди.

– Башка элдерге мүноздомо бере албайм. Бирок, мен эки элди – өзбек эли менен кыргыз элин жакшы билем десем жаңылбайм. Бу эки элдин тышын да, ичин да жакшы билем. Анткени, биринде дээрлик кырк жыл жашадым, экинчисинде да ошого жакын омүрүм отүп келатат. Азыр жазышып жатышпайбы Өзбекстан бай – пахтасы, алтыны, газы коп дешип. Аныcы туура. Бирок, өзбек туугандардын мен билгенден негизги байлыгы башка – элинин мээнеткечтиги. Сен капа болбо кыргыз туугандарга ушул артыкчылык жетишпейт. Башкача айтканда жалкоосуңар. Ушул жагыңарды эске тутуп атам, кризистен чыгуу жонүндо кеп козгогондо. Бул оюма далилди мурунку жылдарда коргондорүмөн-билгендеримен издебей эле коёюн. Өзүң байкап жүрөсүң мен дээрлик кышын-жайын жашап атам дачада. Эртели-кеч коңшу кыштактагы магазинге барам. Сүт, каймак, май издеп көп үйлөрдү кыдырам. Ошентип, аердегилердин бала бакырасына чейин таанып калдым. Азыртан алардын турмуш-абалына коз жиберем. Начар турушат. Жегендери негизинен нан, анан жарма, кесме. Көбүнүн малы да жок. Огороддоруна бир нерселерди эгимиш болушат, бирок аларын карашпайт. Отоо чөп басып жатат. Ал түгүл кээ жылдарда эшигиндеги анча-мынча алма бактарынын момолорү жыйналбай кар астында калып кеткенин көрүп жүрөм. Мынчалык болду, таарынсаң да элиңин дагы бир кемчилигин айтып кетейин. Ал – ичкилик. Элиңер ичип кетти: карыларыңар да, жаштарыңар да. Азыр менин байкоомдо кыргыз уландары да, кыздары да ичкиликти шыңгытып ичишкендери аз келгенсип, аны сата да башташты. Шаардын базарларындагы, көчолөрүндогү пиводон тартып арагына чейин сатып жүрүшкөн бала-бакыраларды айтпайын, мындагы айылда да эки-үч үйдүн биринде эле ичкилик сатышат. Жалкоолукка аракечтик кошулса, аягы эмне менен бүтөөрү түшүнүктүү да. Боорум ооругандыктан айтып атам, бу чындыкты, ачуу болсо да. Эки жарым миллионго жетип-жетпеген элиңер бар. Мындай сандагы элди жок кылыш үчүн, кудай анын бетин нары кылсын дечи, ок коротуунун кереги жок. Жанагы ичкилик озү эле жок кылып коёт, ушинтип ичип отурсаңар. Эл катарынан чыгарып таштайт дегеним. Арак-шарап дегенди силерге биз үйрөткөнбүз дечи. Бирок, биз стакан менен ичүүнү үйроттүк эле, силер болсо бара-бара ага алымсынбай чынылап ичкенге оттүнөр. Ошентип, бу кезде бу жагынан бизден озуп кеттиңер. Орустардын канча экенин билесиң – арак

менен эмес, ок менен атып да түгөтө албайт эч ким мынча көп элди. Ошондуктан, биздин элдин тагдыры такыр башка. Силердики башка. Түшүнүгү бар деп айтып жатам сага буларды. Таарынба, дагы суранам...

Леонид Степанович агара баштаган үрпөгөй коюу каштарын жыйрылта кайрадан унчукпай калды. Айтайын дегенин айтып бүттү окшойт.

Эмнеге таарынмак элем. Ачуу болсо да кошунам кашкайган чындыкты айтып жатат. Ал айткандары азыр Кыргызстандын кайсы бурчуна барбагын көрөсүң, угасың... Бирок угуп, көрүп, айтып гана тим болбостон, тезирээк бир нерселерди иштообүз керек. Көчобүздү шыпырып, дааратканабызды тазалагандан тартып машина жасаганга чейинки жумуштарды мындан ары озүбүз аткарууга тийиш экенибизди эске алсак, а дегенден Леонид Степанович айтып жаткан жаман илдеттерден арылып алышыбыз зарыл. Бул үчүн да ар бирибиздин ар-намысыбыз кошулуп отуруп, улуттук ар-намысыбызды козгошу керек.

6.

Кыргыз тарыхында биринчи жолу Президент деген шайланып, шайланганда да жалпы эл тарабынан шайланып, ал биринчи жолу бир колуна Куранды, экинчи колуна Конституцияны кармап туруп, кудайдын жана анын кыргыз пенделеринин алдында Ант берген. Демек, Куран менен Конституциядагы адеп-ахлактык, саясий-экономикалык жана социалдык талаптардын, жол-жоболорун ишке ашышына башкы кепил — ошол Президент, анан анын Указдары менен дайындалган, Жогорку Кеңештин сессиясында бекитилген окмот, жер-жерлердеги мамлекеттик бийликтин башчылары, министрлер, председателдер. Берилген Анттын аткарылышы а дегенде Президенттин, анын тигиндей жан-жокорлорүнүн уят-сыйытына, акыл-эсине, уюштуруучулук жондомдорүно, баарынан да ыймандарынын тазалыгына, айныбас калыстыгына жараша болорун калк билет, ошондуктан ал: «Жараткан, эң оболу эл башында тургандарга абийир бер, нысап бер. Анан адамдарга канагат бер» — деп эки колун жакасынан түшүрбөй турган кез...

Эми гана каз-каз туруп, каякка, кантип бут коёрун билбей муундары калчылдаган жаш Республикабыздын тезирээк тороолуп кетиши үчүн бардыгыбыздын, айрыкча жалпы журт кадырлап сыйлаган аксакалдарыбыздын — Бакай аталардын бийлик органдары менен кошо бирдиктүү күч-аракети талап кылынат.

1993-жыл.

ТОЙ

Менин озумун тоюм. Мактаныч учун эмес, келечекке — балабакырама эстелик болуп калсын деген максат менен бул тууралуу ойому да кагаз бетине түшүрүп коюуну чечтим.

Коптон бери башымда түзүп келаткан «планым» боюнча 70 жылдык юбилейиме карата борборго кеткенге чейин иштеген эки мектепте — озумун айлымдагы, бир кезде атын да озум сүйгон улуу жазуучунун ысмына койдурган Максим Горький атындагы орто мектеп менен райондун борборундагы мектеп-интернатта жолугушуу откорүп, анан райондун жетекчилери туура табышса, мындагы маданият үйүндо адабий кече сыяктуу бир нерсе уюштурулса» — деп жүрчүмүн.

Биринчи мектепте он бир жыл, экинчисинде он жыл иштегенмин. Экоондо тең мугалим гана эмес, директор да болуп эмгектенгенмин. Ошондуктан, ушул эки педагогикалык коллектив менен учурдан пайдаланып жолугушууну коптон энсеп жүрчүмүн.

Бирок, Фрунзеден районго келгенден кийин мында менин тоюму откорүү боюнча башка план-сценарий түзүлүп калганын билдим. Ал иш чараны даярдоо жана откорүү боюнча биерде атайын комиссия түзүлүп, анын башында райкеңештин торагасы турарын, комиссиянын ал турсун планы райкеңештин сессиясында бекилип калганын айтышты. Бул жонүндо «АК ҮЙДӨН» атайын корсотмо берилгенин да ушерден уктум. «Чынын айтуу керек, Жунай аке, жетимишке эки жолу чыкпайсыз. Ошондуктан, аны жакшылап откоролу тыяктан чоңдорубуз озу ошондой корсотмо берип жаткандан кийин. Демек, той сиздин план боюнча эмес, биздин план боюнча отот. Сиздин план боюнча откондо Республикасынын эл жазуучусу деген ардак наамдардын, алардан башка үч-торт ордендин, беш-алты медалдын ээсинин тоюна эмес, башынан элде айтылып келаткан жетим кыздын тоюна окшоп калат. (Жазуучулар союзу тарабынан даярдалып, бу жакка да жиберилген буклетте мен жонүндогү маалыматтар толук бар эле да). Комиссиянын председатели башка болгону менен менен аны мен озум башкарам. Мактанып коёюн, бул жагынан менде тажрыйба жетишет. Токтогулдук экеними билесиз да. Аерде райондук аткаруу комитетинин торагасы болуп иштеп турганымда үч чоң той откорбодукпу — Токтогулдун, Корголдун, анан Жоомарттын. Аларга озум тыздон-түз жетекчилик кылганмын. Ошондуктан, бул жагынан кадырыңыз жам болсун. Куда кааласа, эн жакшы той болот сиздики. Кечээ эле барып келдик сиздин торолгон айылга. Салтанат отчу жерди кордук комиссия менен. Эң сонун жерди тандашыптыр туугандарыңыз — деп райондун арыкчырай, кара тору, куш мурун, шынга бойлуу акими оз оюн айтып таштады. Анан комиссиянын планы менен да таанышпырышты. Мен ойлогон эки мектеп булардын планына да кириптир.

...Той ошентип мектептен башталды. Мезгил — октябрдын аяк чени болгондуктан, ава салкын эле. Бу кезде жайы менен боз топурагы бортулдап кызыл ашыкка чейин чыгып жатчу биздин айылдын чаңы да азайып калат. Айлымдагы мектепке мени менен кошо райондук эл агартуу болүмүнүн башчысы, республиканын эмгек сиңирген мугалими Бекболот Исабаев, 1941-жылы, тагыраак айтканда, согуш башталган жылы мени менен Авлетимде мугалимдик кесипти бирге баштаган, ошол бойдон агартуу системасынан кетпей эмгектенип келгени үчүн ага да «Эмгек сиңирген мугалим» деген жогорку наам ыйгарылган, учурда пенсионер Мамыт Абылкасымов кошо келишти.

Эки кабат мектеп имаратынан (Баса, ушул сельсоветтеги эки кабаттан эки орто мектептин жайларын менин бир тууган акем — Темиркул тээ элүүнчү жылдарда колхоздун эсебинен курдурган мончо, оорукана, дарыкана, чайхана, магазиндер менен кошо) беридеги эртели-кеч тынбай ары-бери эл каттачу кан жолго чейин эки катар туруп алышып гүл кармай бизди тосушкан окуучулардын арасында чоңдор да (ата-энелер) жүрүшөт. Алардын көбү бир кездеги озүмүн окуучуларым экен.

Эки кабат мектептин ары жагындагы дөңсөодо турган сегиз бөлмөлүү мектепти согуштан кийин ушул сельсоветтеги беш колхоздун күчү менен мен тургузган элем. Ошого көзүм түштү биерге келип, машинадан чыкканда эле.

Мектеп фойесинен мага арналган фото-монтажды көрдүк. Сонун чыгарышыптыр. Ушул эле жерден менин чыгармаларым боюнча («Ачык асман» романы боюнча) түзүлгөн адабий-музыкалык сценка менен да таанышtык.

Залга киргенибизде эл ага батпай калды. Анткени, мындагы окуучулардан, мугалимдерден башка тегеректен укканлар да келип алышыптыр.

Алдыңкы катарда бир кезде мени менен чогуу иштешкен мугалимдер, (азыр пенсияда жүрүшкөн)— Тургун Жуманалиев, Шаки Тойматов, Сарымсак Долонбаев, Бекиш Быймырзаев дегендер отурушат. Булардын бардыгы дээрлик сүйлөштү. Мени куттукташуу менен көп нерселерди кайрадан эске салышты. Мен унутуп калгандар аз эмес экен.

Бирок, бул жерде мага бардыгынан катуу таасир эткен: жыйналыш бүтүп залдан чыгып баратканыбызда эшик алдынан тосуп мени кучактап ыйлаган бир аял болду. Анын оңү-түсү деле тааныш көрүнгөнү менен дароо айрып таный албадым. «Бир кездеги окуучуларыман го» — дедим ичимен. Эмнеге ыйлап атат? Түшүнбодүм. Мектептен чыккандан кийин да бир топко чейин ал жанаша басып келип, анан калып калды. Аты-жөнүн айтпаганына караганда мени тааныды деп ойлоду. Ал калып калгандан кийин экинчи жагымда бирге басып келаткан мындагы мугалимдердин биринен сурадым тигинин дарегин. «Жолдубай агайдын кызы да» — деди ал.

Эми баары түшүнүктүү болду. Жана сүйлөгөнүмдө мен ушул айылдан чыккан алгачкы агартуучулардын аттарын атаганмын. Ошолордун ичинде өзүмү биринчи класстан төртүнчү класска чейин окуткан агайым Жолдубайды атайын бөлүп айткан элем. «Мен билгенден биерден чыккан биринчи мугалимдердин билимдүүсү да, акылдуусу да, а түгүл сулуусу да биздин Жолдубай агай болчу» — дегенмин. Бала кезден келаткан ал жөнүндөгү пикирим чынында эле ошондой. Учурдан пайдаланып көпчүлүктүн алдында ал оюму дагы бир жолу кайталаганмын. Ал агайым — «Ачык асман» романымын да каармандарынын бири. Алиги болпойгон боппоз ирендүү, элүүлөргө келип калган аял ошол Жолдубай агайымдын кызы тура! Бул атасы согушка кеткенден кийин төрөлгөн. Демек, бул — атасын, атасы — муну көргөн эмес. Анткени, Жолдубай агай кан майдандан кайтпай калган.

Бу кыздын апасын да жакшы билем. Биз менен мектепте бир жылдарда да окуган. Жашы да эсимде — менден бир жашка улуу. Аты — Бакен. Андагы учурдун кыздары да, балдары да тез жетилген белем, он беш-он алты жаштарында кыздары күйөөго чыгышып, балдары үйлөнө беришчү. Жок, оздорү эмес, ата-энелери эзелтен келаткан салт боюнча дешеби, ошол куракта-рында балдарынын, кыздарынын бир башын эки кылганга шашышар эле. Бакен да — ошолордун бири. Он алтыга караган курагында биздин ошол Жолдубай агайга турмушка чыккан.

Бакендин тууганы да, турганы да жалгыз ушу кызы. Согуштан кийин ал башка эрге тийсе да, төрөгөн эмес.

Агайыбыздын бул кызы кийин ушул эле айылдык жигит менен баш кошконун, анан беш-алты балалуу болгонуна чейин укканмын, бирок, өзүн көптөн бери көрө элек болчумун. Тааныбай жатканым ошондон. Менин шаардык болуп кеткениме отуз жылдан ашып калды да.

Айылда өткөн той күнү Бакен ушул кызы менен жана Жолдубай агайдын иниси Кыргызбай элдин катарында келишип, башыма калпак кийгизишип, ийниме чепкен жабышты.

* * *

Айылымдагы мектептен кийинки экинчи жолугушуум — он жыл директор болуп иштеген райондун борборундагы мектеп-интернатта, азыркы лицейде оттү. Биердеги жолугушууга мындагы кесиптештеримен, тарбияланып жаткандардан башка Бишкектен мурунку күнү келип калышкан эл акыны — Сооронбай Жусуев, эл жазуучусу — Шүкүрбек Бейшеналиев, эл жазуучусу, филологиялык илимдердин доктору Мухтар Борбугулов жана Ош, Жалал-Абаддан келишкен достор, жердештер катышты. Алардын арасында мурдагы партиялык-советтик жооптуу кызматтарда жүрүшүп (обкомдун жана райкомдун биринчи секретарлары) анан чоң кадыр-барк менен эс алууга чыгышкан —

Матен Сыдыков, Мухтар Нургазиев, Кадыркул Абдыразаков, Ибраим Умаров, Вагинур Талиповдор бар эле. Баарынан да мени кубанткан бул салтанатка республикалык партиянын Борбордук Комитетинин акыркы биринчи секретары, аны менен мен чогуу иштебесем да, аны жакындан билгендердин айтуусу боюнча дили таза, иши да таза, жашоосу жупуну, эч качан элдин кызыкчылыгынан өз кызыкчылыгын ойдо койбогон, жүрүштурушу да жупуну, таш көмүр кенинин катардагы инженеринен республиканын биринчи жетекчисине чейин ак жол басып өткөн, ошол бийик сапаттары үчүн элинин алкышына да, сыйурматына да жетишкен Апсамат Масалиевдин катышканын озүнчө баса белгилеп кетким келет. Районубуздан мен озүмчо терең сыйлаган, көп жылдардан бери далай жолу бир дасторкондон бирге даам татышып келатышкан, ак эмгектери менен элинин ардактоосуна ээ болушкан – Ысманаалы Үркүмбаев, Султанкул Осмонов, Назар Жаналиевдер катышып жатышты. Булардын дээрлик бардыгы – а дегенде улуу агабыз – Темиркулдун, анан менден улуу агам – Субанкулдун достору, анан меники. Булардын ар бири менен кеминде отуз жылдан бери ага-инилердей мамиледе келатабыз. Булардын ар бири – бирден китепке арзый турган адамдар.

Тойго булардан тышкары мектеп-интернаттан мен иштеп турган жылдарда окушкан балдарынан, кыздарынан – Атажан Дооронов (Сузак районунан) бу кезде Байланыш министрлигинин бир чоң департаментинин генералдык директору, жубайы Умсун болсо – жогорку категориядагы врач, ал мектеп-интернатта Атажан менен чогуу окуган; Сагынаалы Субаналиев – искусство илимдеринин кандидаты, искусство институтунун кафедра башчысы; Жениш Бекболотов – министрдин биринчи орун басары, техникалык илимдердин кандидаты; Рахман Асылбеков – курулуш жагынан илим-изилдоо институтунун башкы архитектору (Бишкекте); Курбаналы Макыстбеков – областтык кан куюу станциясынын начальниги, врач; Мурат Мирзалимов– республикалык профсоюздун тармактык бир профсоюздун торагасы; Самат Смаилов – райондогу бир чарбанын жетекчиси болуп иштегендер катышып жатышты ар кайсы жактан келишип.

Былтыртан бери «Лицей» аталып калган бул мектеп-интернатта менин эмгегим бир кыйла деп жүрөмүн. Анткени, мектеп-интернат деп аталган бул жаңы окуу-тарбия мекемелерине коюлган талаптар көп да, маанилүү да болгон.

Республикада ачылган алты мектеп-интернаттын (ар областта бирден) бири – ушул биздин мектеп-интернат. А кездеги Борбордук Комитеттин Биринчи катчысы Исхак РАЗЗАКОВ менен областтын партиялык комитетинин биринчи секретары Торогелди Балтагулов – экөө келип, ушул мектепти, мен директор болуп иштеп жаткан райондун борборундагы Таш-Төбө деген орто мектепти жактырып кетишет.

Бирок, бул мектептин ошол кездеги окуу-материалдык базасы мектеп-интернат үчүн ылайыксыз эле. Бул жаңы окуу-тарбия мекемелери жонүндогү жобо менен тааныштык да. Алар кадимки мектептерден бардык жагынан айырмаланып турушу керек экен. Буларга биринчи кезекте ата-энелери согушта курман болгондор, анан малчылардын, көп балалуулардын балдары жана кыздары кабыл алынып, алар ушул жерден окушуп, ушул жерде жатышып, ушул жерден кийим кийишип, ушул жерден күнүно үч-төрт маал тамак ичишет экен. А дегенде биринчи класстан жетинчи класска чейин (ар бир класска отуздан бала) кабыл алынат. Ошондо алгачкы окуу жылында эле эки жүз он бала кабыл алынышы керек. Ал эми биздин мектептин алдындагы интернат элүү гана орундук. Демек, жатакана, ашкана, мончо, мектептин жаңы корпусу, мугалимдер жана тарбиячылар үчүн үй жаңыдан курулууга тийиш. Ошентип, булардын бардыгы мектеп-интернат ачылып, иштей баштагандан кийин курулуп, кийин бүткон. Тиги үч кабат жатакана, эки кабат мектеп корпусу, эки кабаттан үч үй (мугалимдер жана тарбиячылар үчүн), ашкана, мончо, кийим-кечелер, азык-түлүктор сакталчу кампалар биринчи окуу жылынын ичинде эле курулуп бүткон. Биерде ал үчүн атайын курулуш участкасы иштеп турган эле.

Алгачкы окуу жылында ошентип, менин убактымын кобү чарбалык иштерге кеткен. Кээде окуучуларга кийим-кече, же керектүү азык-түлүктү издеп тыягы Фрунзе, быягы Өзбекстанга чейин барууга туура келчү.

Биринчи окуу жылында эле жаз чыгаар замат он гектар жерге окуучулардын күчү менен алма багын отургуздук. Үйларды, чочколорду да бакканга оттүк. Анткени, мындагы тарбияланучуларды ойдогудай багыш үчүн мектептин озүнүн комок чарбасы болууга тийиш эле. Ал үчүн окмоттун чечимине ылайык интернатка 75 га жер болүнгон. Ал аянтка бактан башка да жашылча, анан жанагыдай малыбыз үчүн жем-чоп дегендей эгин тигип-остүрүүго киришкенбиз. Районубуздун эң кооз жеринен Пача-Атадан балдарыбыз эс ала турган жайкы лагерь да куруп алдык.

Мына ушулардын баары эске түшүп жатты интернаттын территориясына бут койгондон тартып.

Райондун борборунан Авлетимди карай кетчү чоң жолдон мектеп-интернатка чейинки бир километрче жолду да балдардын күчү менен озүбүз салып, анын таманына ташты да озүбүз тошогон элек. Мына ушул эки жолдун тогошкон жерине жеткенибизде машиналар токтоп, мени, байбичем Алпейимди жана эки неберем — Зиямидин менен Исхакты арабага отургузушту. Мындан отуз жыл мурун мен он жыл бою отуруп ар кандай иш менен райондун борборуна каттап жүргон женил арабага окшош араба табышыптыр. Бирок, ага кошулган ат окшошпой

калыптыр. Мен иштеген жылдары ал арабаны тарткан ат дайыма тулуптай семиз жүрчү. Анткени, ал ат – көкүлүнөн сылап эркелеткенди жакшы көрчү балдардын колунан нан гана эмес, конфетке чейин жеген «эрке» ат болчу. Райондо андай түстогу башка ат жок эле. Төшүндө, эки арткы санында, анан соорусунда жаңы жаңырган айдай ак тактары бар ал атты каерден көрүшпосүн адамдар:

«Ана, интернаттын ала аты баратат» – деп калышар эле. Жол жоргосу да бар ал ала атты сулуу көрсотүп, башкалардын назарын озүно бурдурган дагы бир артыкчылыгы – күмүштой ак тунуке жабылган анын кайыш жабдыгы – жүргонү, куюшканы, эки капталынан чачыктары саландаган белдиги боло турган. Мындай жасалгалуу ат а кезде райондо жалгыз биздин ушул ала ат болчу. Мындай жабдыкты ага менин чарбалык жак орун басарым коншу Өзбекстандан таап келген фаэнтону менен бирге. Азыркы арабалары да аз-маз окшошкону менен ага кошулчу, мен түшпогондо чанактуу араба менен райондун борборунан азык-түлүк ташычу ала ат жанагы резина доңголоктүү фаэтонго кошулганына кубанып кетет беле, жаныбар көкүлүн серпе жорголоп ошол «көйрон» ала ат жетишпей-окшошпой жатты...

Так озүндой болбосо да ошол атты, ошол арабаны дээрлик отуз жылдан кийин менин эсиме салалы деп жакшы ниет менен мындагы кесиптештерим ушуну ойлоп табышкан тура. Аларга абдан ыраазы болдум. Булар мени менен ушул мектеп-интернат уюшулгандын биринчи күндорүнон тартып, анын ысык-суугун тең болүшүп, тең көрүшкон – Исак Байназаров, Акматаалы, Роза Мырзакматовдор, Курманкул Уметов, Бекболот Исабаев, Жоро Нуркулов, Зинаида Афанасьевна Петрик дегендер экенин сурабай эле билип жаттым. Булардын көпчүлүгү азыр пенсияда. Иштеп жүргондорү да бар.

...Эки кабат мектептин алдындагы аянтчадагы салтанаттуу чогулушту ачкан жана сүйлогон райондун акими а дегенде ушул мектеп-интернатка (азыркы лицейге) менин ысмымды ыйгаруу жонүндогү акимиат менен райкенештин сессиясынын биргелешип чыгарган чечимин окуп берди. Эмгеги синген адамдардын атын ушинтип козүнүн тирүүсүндо жерге-сууга, мекемелерге ыйгаруу кийинки он-он беш жылдан бери биздин республикада салтка айлана баштабадыбы. Мурда бул салт козү откондорго гана тиешелүү эмес беле. Бул жаңылык республиканын мурдагы биринчи адамы – Турдакун Усубалиевден башталды. Биринчи болуп ошол кишинин ысмы озүнүн туулупоскон районундагы «Тендик» деген совхозго атайын указ менен берилди. Ошондон уланып кетти. Анан мен андан баш тартсам эл кандай түшүнот эле?

Интернаттагы ошол күнкү салтанаттуу жыйындан пайда болгон таасирлердин ичинен жанагы ат арабадан башка Арзыкан аттуу кыздын (мектеп-интернатта тарбияланган тумалай же-

тимдердин бири) жыйындын акырында келип, көптөн бери көрүнтпөй сагынткан атасын ушул жерден жолуктургансып менин мойнуман кучактап, ыйлаганы болду. Табиятыман жашык менин да көздөрүмө жаш толуп чыкты...

Арзыкан – мурунку Ленин, азыркы Ноокен районунан. Аны интернатка ким алып келип тапшырганы эсимде жок. Үчүнчү класстан баштап окуганы эсимде... Кышкы жана жайкы каникулдарда машиналар менен ата-энелери жок болсо да мындай аз күндүк каникулдарда барып жүрүп келе турган жакын-алыс туугандары барларды үйлорүнө узатып жатканыбызда андай аз күнгө болсо да барар жерлери такыр жок «тумалайжетимдердин» үркөрдөй тобунда ушул негритянкага окшогон капкара, бирок, жылдыздуу кыздын жүзүмдой мөлтүрөгөн көздорүнө жаш толуп, жоноп кеткен алиги машиналардын артынан коштошуугa котоpгон колун көпкө чейин түшүрбой селейип туруп калган учурларын элестеттим азыр.

Мектеп-интернатта тарбиялангандардын жарымынан көбү ушул Арзыкан сыяктуулар эле. Демек, алардын ата-энелери да, тууган-уруктары да ушул мектепте иштеп жатышкан мугалимдер жана тарбиячылар болчу.

Андан бери отуз жылга жакын убакыт отүп, Арзыкандар эчак жогорку, же, атайын орто билимдүү болушуп, үй-бүлө күтүшүп, очор-бачар болуп калышканына карабастан «жетимдик» жылдарын дале унутуша элек окшобойбу.

* * *

Негизги той – туулуп-өскөн айлымда, төөнүн өркочүндөй болгон Кош-Төбодо оттү. Комиссиянын ишине кийлигишпей чекилик кетиргеними ошол Кош-Төбонүн айланасында тигилген жыйырма чакты боз үйдү, береги «Жалпак-Кыр» деп аталчу кырдагы калдайган калың элди көргөндө, дободон чыккан керней-сурнайдын жагымдуу үнүн укканда түшүндүм. «Мындай шаан-шөкөттүн кереги бар беле?» – дедим ичимен. Акимдин мындан үч-төрт күн мурдагы: «Жетим кыздын тоюндай кылбайбыз» – дегени ушул экен да.

Өзүбүздүн сельсоветтеги гана эл эмес, жакынкы райондордон да адамдар келишиптир. Атайын делегациялар Ош, Жалал-Абаддан (эки областтын акимдери баш болуп) келишиптир. Булар жөнүндө да мага айтышкан эмес, мен да сураган эмесмин.

Жанагы Кош-Добонүн бирөөнүн алкымына тактадан чоң трибуна-сахна жасашыптыр эки капталындагы тепкичтери менен. Сары-Челек тартылган чоң полотнону сахнанын төрүнө илип коюшуптур. Сахнага – байбичем экөөбүздон башка эки областтын, райондордун, шаарлардын жетекчилери, менин Бишкектен келген досторум эки-үч катар болуп отурдук.

Мунун баарын жасаганга жетекчиликти айлыбыздагы «Бозбу-Ата колхозунун башкармасы Абдыкерим Абышев – менин бир тууган иним Абыштын баласы экенин райондун чондору ушул жерге келгенибизде айтышты. Ал баштаган айлыбыздын активдери бул тойду оз деңгээлинде откөрүү үчүн чоң ынтаа менен иштешкени биердеги тойго деп корүлгон бардык камылгалардан көрүнүп турду. Намыстуу элдин тукумдарынан экенин ушулары менен да көрсотүп калгысы келишкен го. Азаматтар! Мындан башка эмне дейин...

Бийик трибунадан бери жактагы калың эл калдайып даана корүнүп турду. Аердегилердин божомолу боюнча 12-13 миң адам катышып жатыптыр тойго. Мени кубанткан нерсе – эл четинде ары-бери ат чаптырышкан чабандестер болду. Кулакчындуу, үртүктүү, куйруктары түйүлгон, ичтери кындыйып тартылган, анткени атайын аш-тойго чабабыз деп суутушкан ошол аттар болду. Улакка жана байгеге чабылчу аттар. Алардын саяпкерлери жана чабандестери. Мындай аттар көп жылдардан бери дээрлик жок болуп кетпеди беле. Элибиз чын эле малжандуу, айрыкча, ат жандуу экени кийинки – беш-алты жылдын ичинде эле ырастап коюшкансыды. Кайда барсаң азыр айыл арасынан аттууларды көросүң. Той-ашка да аттуу бара баштащыптыр. Мындай тойлордо, аштарда улакка, байгеге чабыш үчүн атайлап аттарды таптаганга отүшкон. Анын үстүно кыргыздар бул сыяктуу тойлорун, аштарын атайлап эгин-тегин жыйналып элдин колу бошоп калган мезгилге – күзго калтырышат эмеспи. Бул той да күздо – октябрь айында отүп жатпайбы. Элдин коп келгени да ошондон – бекерчилик маал.

Мындагы салтанаттуу жыйынды да райондун акими Самудин Куланбаев ачып, биринчи создү областыбыздын акими – Абдыжапар Тагаевге берди. Ал мени куттуктап соз сүйлоп, анан жаңгактан жасалган папканы тапшырды. Облсттык кеңештин председатели Калматов менен профсоюздун областтык комитетинин торагасы Эргешов келишип, башыма калпак, үстүмо чепкен жабышты.

Өкмот башчысынын (Апас Жумагуловдун) куттуктоо катын Өкмоттүн мүчосү– Ден соолук министри Накен Касиев окуп берди. (Ал эми Президенттин куттуктоосун Бишкекте откон кечеде окмоттүн вице-премьери Осмонакун Ибраимов тапшырды). Ош областынын акими Абдыганы Эркебаев Алай районунун акими менен келишиптир.

Концертти мен озүм чоң акындардын катарына кошуп жүргон, озү жергиликтүү токмо акын Ысак Парпиев баштап берди. Андан башка биердеги концертке элге кеңири белгилүү ырчылардан – Асанкан Керимбаев, Жолболду Алыбаев, Шахра Талипова, жана башкалар (жергиликтүү өздүк көркөм чыгармачылыктын катышуучулары) катышуу менен элдин моокун кандырышты окшойт...

1994-жыл

УЛУУ ТОЙДОН КИЙИНКИ ОЙЛОР

1.

«МАНАС» эпосунда:

«Жарымы жалган, жарымы чын
Жанында турган киши жок.
Көбү жалган, көбү чын
Көрүп келген киши жок».

– деген ыр түрмогү бар.

Мына ушул саптар жөнүндогү кыжаалат ой, эмнегедир, менин башыман көптөн бери кетпей келатат. Айрыкча, ушул Улуу мааракеге даярдануу жана өткөрүү учурунда ал ой ого бетер бутактанып кеткенсиди. «Эмне үчүн жарымы жалган, жарымы чын? Жарымы эмес, эгер беш пайызы жалган болсо да бул дастан кыргыз менен өмүрлөш болуп кылымдарды карытып (миң жыл болжол менен гана алынып жатпайбы) жашамак эмес да? Тиги саптар – менимче, калк турмушунун бардык уруттуу жактарын – тарыхын, каада-салтын, экономикасын, философиясын, а түгүл медицинасына чейин мынчалык кенен, мынчалык терең камтыган, башкача айтканда, энциклопедиялык милдет аткарып келаткан ыйык руханий мурасты маани-маңызына доо кетире турган саптар. Ал саптар ак кагаз бетине тамган кара сыядай көзгө сайып жатат...

Бул саптар, менимче, кудай даарып, касиеттүү Манас калдайган чоролору менен мандайына келип: «Биз тууралуу элге айта жүр» – деп аян берип, ошондон кийин гана алар жөнүндогү дастандын жээктери көрүнбөй чалкыган океанына бой уруп, бар өмүрдүн бирде анын тереңине сүңгүп кирүү, бирде калкып кайра үстүнө чыгуу машакаты жана кумары менен өткөргөн нукура МАНАСЧЫЛАРдын оозунан чыккан эмес. Жармач манасчылар, башкача айтканда, чыныгы акындык кудуреттен алыс, бозо ичкен жеринде озүнө окшогон бозокорлорго гана эрмек болуп жүрүшкөн «манасчылар» тарабынан кошулуп калган чоочун-жолбун саптар.

Бул пикирими той өтүп жаткан күндөрдө (1995-жыл, август айы) эпоско түздөн-түз тиешеси бар, (чыгармачыл адамдар, окумуштуулар) баш кошушкан бардык жерде айтып жүрдүм. Теледен чыгып сүйлогондо да айтып калдым. Улуу элдик чыгарманы андай «кошумчалардан» арылтып алуу – тирүүлордүн парзы.

Окуяларды, ага катышкандарды көбүртүп-жабыртып апырта сүрөттөолордүн жана ар кайсы доордо ар башка манасчылар тарабынан жаралган варианттардын айымачылыктары туурасында сөз кетсе, анын жөнү башка. Ар бир мезгил, анда жашаган

ар бир талант, сөзсүз өзүнүн акындык кудуретине, турмуштук көз карашына жараша ал чыгармага «алымча», «кошумча» кийириши ыктымал. Анда талаш жок. Оозеки чыгарманын жазма адабияттан айырмасы да ошондо эмеспи. Дээрлик миллион саптан турган чыгармада андан «жаза басуулардын» болушу мыйзамченемдүү көрүнүш. Ал эми жогорку ыр түрмөгүндө айтылып жаткандай жарымы, же кобү жалган болсо, анда куру кыялдын эле жемиши болуп калбайбы.

Фантастикалык чыгарма да түбүндө турмуш чындыгынан от аларын эстесек МАНАС, сөзсүз, кыргыз элин бир кездерде оор мүшкүлдөн куткарган, эпостой айтылгандай: «кулаалы таптап куш кылган, курама топтоп журт кылган» тарыхый инсан болушу керек. Болгондо да жүз жылдабы, а балким миң жылдабы, Алла Таала бир элдин бешенесине бир жаратып койчу эр жүрөк да, адилет да, акылман да болуу керек. Андай өзгөлөрдөн бардык жагынан айырмаланып турган касиеттүү жан болбосо, ал тууралуу минтип кылымдан-кылымга, муундан-муунга айтылып калчу дастан жаралмак эмес да? Ушунун өзү эле бул улуу дастан чындык — тарыхый окуялардын негизинде жаралганын айтып турбайбы. Жаралгандан эч качан мындай өлбөс-өчпөс чыгарма жаралган эмес, жаралбайт да.

2.

«МАНАС» эпосунун 1000 жылдыгын белгилоо боюнча алдын ала (эки жыл мурун) төрт дирекция — «Мамлекеттик дирекция», «Манас айылы», «Манас ордосу», «Мурас» түзүлгөн. Той, мен үчүн ошолордун бири — «Манас айылындагы» тарыхый-этнографиялык комплекстен башталды. Ага чейин бул датага карата илимий симпозиум, сүрөт, китеп коргозмолор уюштурулуп откорүлгөн эле. Чынын айтыш керек, «Манас айылынын» жайгашкан жери копко жаккан жок. Ал Өкмөттүк резиденцияга барчу чоң жолдун боюндагы «Ысык-Көл» мейманканасынын далдаасында калыптыр. Бул «Манас айылы» гана эмес, Таласка курулган «Манас ордосу» кошо бата турган жер ушул мейманканага келчү жолдун чыгыш жагында бош жатпайбы? Кап!..

Манаска арналган «айыл» да, «ордо» да той күндөрүндө гана эмес, кийинки урпактар үчүн да керек эле го? Бул — бир жагы. Экинчи жагы — бу кездей үзүлбөй келип жатышкан жана келе бере турган чет элдиктерге көрсөтө турган негизги бир жайыбыз — ушул тарыхый-этнографиялык комплекс болуш керек эле да!

«Айылга» кире бериш жердеги арканын жанында турганбыз акын Сооронбай экообүз. Биз аерге келгенде он чакты эле адам бар экен. Бара-бара көбөйө берди кишилер. Бир маалда биздин жаныбызга айтылуу Азамат Алтай келип калды. Аны

өкмоттүн бир кишиси келип биз менен таанышгырды да, озү дагы бир жакка чуркап кетти. Согуштан бери кыргыздардын оозунан түшпөй келаткан кадимки – Азамат Алтай. (Бул анын тутқунга түшкөндөн кийинки аты эмеспи). Америкадан атайын ушул тойго катышуу үчүн келген. Бир аптача болуп калды келгенине. Жазуучу Казат Акматов бир иш менен үйгө телефон чалып калган экен, мен ошондон уктум эле мунун келгенин. Жердештер эмеспи, аэропорттон аны тосуп алгандардын бири ошол Казат болуптур. Азамат самолёттон чыгып кыргыз жерине бут койгондо ыйлаптыр. «Мындайда сүйүнгондон жүрок жарылат – дешчү эле, ошентсе да кайыл элем» – деген имиш байкуш эсин жыйгандан кийин.

Азамат менен сүйлошүп турдук. Жазуучуларды аты-жөнүнөн, чыгармаларынан бери билет экен. Азаматтын кара тору ireңi, эмнегедир, кымызга тойгондой албырып турду. Эл-жерин коргонго бечара жетине албай семирип кеткендей... Оңойбу, 55 жыл бөтөн жер, ботон элде омүр кечирүү... 1940-жылы кеткен экен Армияга. Бир жылдан кийин согуш... Анан тутқун... «Заман минтип күтпөгөн жерден өзгөрбөсө, мен эл-жеримди кайдан көрөт элем» – дегенди Азамат бир нече жолу кайталады соз арасында. Ал быйыл 75те экен. Али тың – кебетесине, баскан-турганына караганда. Ата-энеси, бир туугандары калбаптыр. Ошентсе да а дегенде айлына барып, көзү өткөндөрүнө багыштап мал союп, куран окутуптур.

...Той күндөрү Азамат Алтай тууралуу ар кандай сөздөр айтылып жатты. 28-август күнү филармониянын чоң залында өтчү ушул 1000 жылдыкка арналган жыйынга барганыбызда Советтер Союзунун Баатыры Калыйнур Усенбеков фойеден жолугуп сүйлошүп калганыбызда (жыйын башталгыча):

«Мени президиумга жазып коюшуптур. Эгер чыккынчы Азамат да ошол тизмеде бар болсо, мен чыкпайм президиумга» – деди аны алиге чейин жек кororүн жашырбай.

Азаматтын тагдыры, албетте, татаал тагдыр. Кантип, кандай жагдайда биздин миндеген мекендештердин канын төгүп жаткан жоо тарабына өтүп калганын бир КУДАЙ, анан андайлар оздорү гана билишет. Курчоодо калышып, же оор жарадар болгондуктан аргасыздан душман колдуу болгондор да аз эмес. Өз ыктыярлары менен өтүп кетишип, анан бизге каршы ок аткандар да, сөзсүз болгон. Ошолордун кайсынысына кирет Азамат? Согушка оздорү барып кан төккөндөрдүн, же ал жакта бир жакынын жоготкондордун мындайларга мамилеси кандай экенин түшүнүү да кыйын эмес.

Кан майданда жүрүшкөн жоокерлер үчүн анда бир гана ураан болгон да:

«Өлтүрүү керек», же «Өлүү керек» – деген гана. Душман колуна тирүү түшүп берүүгө акың жок. Эгер тирүү туруп душ-

ман колдуу болсок демек – чыккынчысың Согуш маалындагы закон боюнча андайларга эч качан кечирим жок. Муну Азамат да түшүнгөн. Ошондуктан, жарым кылымдан ашык убакытка чейин эл-жерине келе албай жүрбодубу!

Азаматтын дагы бир күнөөсү – согуштан кийин көп жылдар бою (пенсияга чыкканга чейин) Американын Европадагы (Мюнхендеги) «Свобода»–«Азаттык» деген радиостанцияда кыргыз редакциясын жетектеп туруу менен, мурдагы СССРге каршы тынымсыз үгүт-насият иштерин да жүргүзүп келгендиги. Аныcы аз келгенсип, тынчтык жылдарында Кыргызстандан, Борбор Азиянын башка республикаларынан айрым кишилер, же делегациялар чет элдерге барып калганда кайдан-жайдан болбосун жетип барып, аларды Батыштагы кожоюндарынын тапшырмасына ылайык өз максатына кызмат кылдыруу үчүн аракет жасап жүргөнү.

Ушуга байланыштуу менин эсиме алтымышынчы жылдардын аяк ченинде биздин республиканын көрүнүктүү артисттерден жанабашка чыгармачыл адамдардан турган чоң делегациясы Канаданын Монреаль шаарына баргандагы окуя түшөт. Ал делегациянын курамында атактуулардан художник Гапар Айтиев, балерина Бүбүсара Бейшеналиева да болушкан. Ал жактан кайтып келишкенден кийин Гапар Айтиев биздин чакыруубуз боюнча Жазуучулар союзуна келип, Канадада өткөн ошол КҮНДӨР жонүндо (Ал жакта ошондо Кыргызстандын Күндөрү өткөн эле) айтып берген. Ушул Азамат тууралуу да айткан болчу. Ал кыргыздарга жакындашууга, сүйлөшүүгө канчалык аракет кылса да булар андан качышканын, а түгүл: «Сендей чыккынчы менен сүйлөшө турган сөзүбүз жок. Жогол!» – дешкенге чейин барышканын да айтып бергенин эстедим Азамат менен сүйлөшүп жатып.

Биздикилерди да түшүнсо болот дечи, себеби, а кезде эки-үч адамдын бири эле тыңчы – үч тамганын адамы болсо, анан кантип чоочушпасын.

Азамат озү албетте, күнөөсү канчалык экенин билет. Ошондуктан, жакын туугандарын орточу салышканда да келбей койгон. Манас бабабыздын арбагы колдодубу, минтип анын мазарекесине келип отурбайбы.

«Манас» эпосу боюнча бизде согуштан кийин болуп өткөн талаш-тартыштар туурасында да Азамат кабардар экен. А түгүл ошол жылдарда француз окумуштуусу менен бирге бир журналдан эпостун элдүүлүгүн колдогон макала да чыгарганын айтып берди.

Азаматтын Нью-Йорктун университеттеринин биринде уюштурган түрк элдеринин китептеринен турган чоң китепканасы да бар экен. Алардын эки минден кобүроогу кыргыз жазуучуларынын китептери дейт. Өзүнүн үйүндо да бай китепканасы бар-

дыгын, аны акыры кыргыз элине тартуулоону ниет кылып жүргөнүн да өзүнөн уктук.

Азамат сүйлөгөндө түрк, казак, татар сөздөрүнүн аралаштырып жатты. Көрсө, туткунда, андан кийин иштеп жүргөндө да ушул улуттагылар менен чогу жүргөн тура. Байбичеси да татар экен. Ден соолугуна байланыштуу анысы быякка келе албаптыр.

3.

Ал күнү «Манас айылын» ачуу аземине – Турциянын президенти Сулейман Демирель, Азербайжандын президенти – Гейдар Алиев, Туркменстандын президенти – Сапармурад Ниязовдор да катышты. Эл менен кошо биз турган аркадагы кызыл лентаны ушул юбилейди өткөрүү боюнча түзүлгөн өкмөттүк комиссиянын башчысы, (өкмөттүн да башчысы) Апас Жумагулов кызыл лентаны кескенден кийин аянтка агылып кире баштады.

«Айылдан» а дегенде көзгө урунгандар – «Манастын кароол дөбөсү», «Манастын мунарасы», «Манастын жарак-жабдыктуу чоролору», анан айылдын төр жагына тигилген заңкайган чоң боз үй болду.

«Айылды» төбөсүнө көтөргөн ыр-күүлөр ардактуу коноктор кызыл-тазыл кийинип жасанган кыздардын коштоосунда дөбөдөгү боз үйгө чыгышкандан кийин андагы микрофонго келип президентибиз – Аскар Акаевич «Айылдын» аймагын кылкылдатып толтуруп калган эле карата: «Кымбаттуу мекендештер! Ардактуу коноктор!» – деп кайрылганда тып токтоду. Андан кийин конок президенттер куттуктоо сөздөрүн айтышты. Анан оюн-зоок кайрадан башталып, ал каш карайганга чейин созулду. Кечинде «Айылга» келгендер анын тегерегиндеги боз үйлөргө киришип, той тамагынан даам татышты. Республиканын ар кайсы райондору алып келип тигишкен боз үйлөрдүн катарында казак туугандардын алып келип тигишкен: «Хан Көкчөнүн айылы» бардыгынын көңүлүн өзүнө бурду.

Кокчө да – Манастын чоролорунун бири эмеспи. Казак боордоштор «жайында жайлоосу, кышында кыштоосу бир эле» – экенин ушунусу менен дагы бир жолу далилдешкиси келген го.

29-август күнү Таласка, «Манас ордосуна» биз (27 адам) самолёт менен бардык. Арабызда 90 жаштагы Кадыркул Качикеев, мурдагы партиянын Борбордук Комитетинин биринчи секретарлары болуп иштешкен – Турдакун Усубалиев, Апсамат Масалиевдер бар эле.

Улуу Манаска байланыштуу Таласка менин бул экинчи келишим. Биринчи жолу ушул жылдын апрель айында, кок жаңыдан гана жер бетин каптап келаткан маалда келгенбиз. Пре-

зидентибиз Аскар Акаевич баш болуп, анда да самолёт менен келегенбиз. «Манас ордосунун» жанына тигилген боз үйлөр, сырттагы кемегелерге асылган чоң казандарда эт кайнап бала кездеги эл бөксө жайлоого чыккан учурду эске салган эле. Жаздын майда себелеген жагымдуу жамгырына карабай ачык асман астында чогулуш откон. Президентибизден кийин дагы үч-төрт киши, ошолордун ичинде мен да сүйлогонмүн. Акырында 1000 жылдыкка карата Декларация кабылалганбыз. Чогулушту башынан аягына чейин Чынгыз Айтматов алып барган.

Бүгүн «Талас» аэропортунан биздин топту өкмоттүн бир вице-премьери, анан областтын акими тосуп алышты. Кыз-келиндер ар бири бизге гүл сунушту. Анан «Мерседес» автобусу түз эле салтанат отчу ачык театр аянтчасына алып жонодү. Анткени, чоң жыйындын башталашы чукулдап калган эле.

Байыркы Грециянын амфитеатрын элестеткен капталга кыдырата коюлган скамейкалардын алдынкы катарынан орун алган бизге түздогу катар-катар тигилген ак боз үйлөрдү «шаарчасы» алаканга салгандай даана корунүп турду. Мурунтан газеталарга жазылып жургондой ар бир областтан жүздон болгондо алты жүз эмес, минден ашык үй тигилиптир. Корсо, бул областтагылардын боз үйү барлар оздору эле алып келип тигише берген тура. Анын үстүно мурунку келгенибизде чогулушка катышкан коншу Жамбыл областынын акими: «Казак баурдастарыңыз жүз үй акеледи» – деген эле, чындыгында эки жүздон ашырып алып келишкен экен. Ошентип, казак туугандар беришкен убадасын эки эселеп аткарышыптыр. Союшка малдарынан тартып, идиш-аяк, тузуна чейин оздору алып келишиптир.

«Бу эки элдин эзелтен бери тою да, ашы да бирге» деген ушул эмеспи.

Мандай жагыбыздагы «Манастын кароол добосү» деп аталган дободо бири кызыл, бири көк – эки ТУУ эрте мененки желге делбектеп, откондон кабар бергенсийт.

...Улуу ТОЙ ошол дободон жерди солк эттиргенсиген добулбастын бийик да, сүрдүү да добушу менен башталды. Биз отурган жерге жакын курулган атайын секичедеги радио менен теленин симфониялык оркестри тиги чокудан «ДҮҢК» эткен алиги добушту коштоп кетти эле ошол ороондү бүт жүрок толкуткан музыка үнү каптап кеткенсиди...

Анғыча кароол дободон ашып калың эл отурган трибунага чейин созулган кең аянтка – Ат майданына тапка келген тайгандардай ичтери кындыйган, кабыргалары саналган, үстүндогү балдары-чабандестери тепейишип камчыларын араң шилтеп калышкан, терге жүндорү тармалданып чыккан аттар кирип келишти. Шатыраган кол чабуулардын коштоосу менен күчтүү микрофондон диктор-комментатордун коңур үнү жаңырды:

«Аянтка азыр супермарафонго чабылган аттар кирип келишти. Биринчи болуп келаткан Кыргызстандын Чүй областына караштуу Панфилов районунун күлүгү, экинчи болуп – казак боордоштордун күлүгү, үчүнчүсү – япон самурайларынын күлүгү» – деп жарыялап таштады. Дүңгүрогон добулбас менен, дүркүрогон кол чабуулар бир нече мүнөткө чейин аянтка толуп-ташып турду. Оной эмес да: Ашхабаддан бери – түркмөндөрдүн кумдуу чолүн, казактардын учу-кыйыры көрүнбөгон даркан талааларын, кыргыздардын тоо-ташын, күркүрөгөн агыны катуу сууларын, бийик-бийик бел ашууларын басып, бир айдан бери чабылып келаткан аттар тигилер. Биринчи атка – 25 миң, экинчи атка – 15 миң, үчүнчүсүнө – 10 миң долларды алардын ээлерине – саяпкерлерге биздин Президентибиз өзү тапшырды.

Кантсе да кыргыздын аты биринчи келип, чоң абийир болбодубу! Той ээси эмеспизби!..

* * *

...Манастын чоң атасы Ногой хан 40 боз ат чегилген ордосу – арабасы менен келип, кең майдандагы жоокерлеринин аскердик өнөрүн көз алдынан өткөрүп жатканда (найзакерлер, жаа тартчулар, көзгө атар кыраан мергендер, ат үстүнөн күч сынашкандар, ат кулагында ойноп, шамдагайлыгы жана аскердик курал-жабдыкты пайдалануу жагынан да байыркы ата-бабалар баштан кечирген оор, бирок, баатырдык доорлордон кабар берип, тагыраак айтканда, эркиндик жана көз каранды эместик үчүн бел чечпей, найзасын колдон түшүрбөй, кылычын кынына салбай, атын мамыга байлабай дайыма: «Эл четинде, жоо бетинде» жүрүшкөн замандан кабар берип, жүректөрдү титиреткен, кыялды алда кайда алып учуп жаткан бейкутчулукка эреркеп көз чаптырып турганда капысынан капшыттан качырып кара таандай жоо келди да кыргыздардын түндүгүн түшүрө чаап кетти...

...Түшкөн түндүктү эми кайрадан көтөрүү үчүн кайрадан кол курап, кайрадан курал-жарак даярдап, кайрадан аргасыздан кан төгүш керек эле... Ошентип, дагы согуш.. согуш... Анан ЖЕҢИШ... Ушулардын баарын эки сааттык сценарийге батырышкан сценаристтер, режиссёрлор чоң иш аткарышкан.

Бул тарыхый сценаларды даярдоого эки миңге жакын студенттер (балдар жана кыздар) тартылып, алар азыр той тамашалары өтүп жаткан КЕҢ-КОЛ өрөөнүндө бир жарым айдан бери машыгууда жүрүшкөн.

Эпос боюнча улуу МАНАСТЫН жана анын чоролорунун аттарынын туягы КЕҢ-КОЛ өрөөнү бу күндөрдө бүтүндөй кыргыз журтун өз койнуна батырып тургансыды. Жүйөлүү себептер менен өз учурунда берилбей калган МАНАС бабабызга кыргыз эли ушул өрөөндө кечигип болсо да бүгүн ашын берип жаткансыды... Ага төгөроктүн төрт бурчунан коноктор чакырылган.

Түрк элдеринин жетекчилерин айтпай эле коёлу, тиги Күн чыккан жердин элинен – япондордон бери катышып жатышпайбы.

Самурайлар демекчи... Жанагы супермарафонго алардын кошкон аты деле өзүбүздүкү тура. Ысык-Колдогу ат заводунан сатып алышкан экен. Демек, күлүктү тандоо жагынан япондор деле кыкендерден калышпайт окшобойбу.

* * *

«Манас ордосун» аралап чыккандан кийин пайда болгон ойлордун бири – ушундай кыйын кезде миллиондогон сомдор жумшалып курулган ушул объектилер кийин кандай пайдаланылат болду экен?» – деген ой.

Жашоонун ар бир тыйынына чейин эсептеп күн кечирүүгө мажбурлап жаткан азыркы базар экономикасынын шартында жашай баштаган соң маселенин ушул жагын да коңүл борборунда кармаганыбыз оң да. Мындагы эң сонун «Ат майданын» коробүз, же музейге киребиз деп борборубуздан дээрлик төрт жүз километр алыстагы ушул Таласка эл келер бекен тойдон кийин? «Манас айылы» – Бишкекте. «Манас ордосу»– биерде, Таласта болуп жатпайбы? Экоон бир жерге – борборго эле курса болбойт беле? Чет элден үзүлбөй келип жаткандардын арзып барып биринчи көрө турганы – ушул «Айыл», «Ордо» музейи менен болбойт беле? Чет элдиктер гана эмес, өзүбүздүкүлөр деле миң жылдыкка арналып курулган бул курулуштарды көргон жок да анча-мынчаларынан башкасы. Бул иштин бир жагы. Экинчиси экономикалык жагы. Тагыраак айтканда, мындай объектилер мамлекеттин казынасына киреше кийирип турушу керек да?

Ошондуктан ушул маанилүү окуяга арналган бир жыйында өкмөт башчысына берилген: «1000 жылдыкка арналып курулуп жаткан жайлар өздөрүн канча жылда актар экен? Эсептелдиби? – деген суроого ал киши: – «Бизде андай коммерциялык максат жок» – деп жооп бергени отургандардын баарын таң калтырды. Бул нагыз «кыргызчылыктан» келип чыккан жооп да.

Мейманкана, музей, «Ат майданы», «Хан ордосу», «Каныкейдин гүлбакчасы», он эки канат боз үй (муну таластык эки бир тууган жасашыптыр), «Зыяраткана» дегендерди кошкондо эле өзүнчө бир «шаарча» болуп калып жатпайбы. Тойдон кийин буларды ким карап, ким багат? Анда иштегендерге айлык акыны ким, кайдан алып төлөйт эгер өкмөт баш болуп коммерциялык максатты тигинтип танып отурса?

Боз үйлордун «шаарчасында» уюштурулган той тамагынан биздин топ Оштун Кадамжай району алып келип тиккен боз үйдо отуруп таттык. Түштүктүн дүйүм момо-чомолорунон тартып, ал жактын кымыз, каймагына чейин жеткирип келишиптир азаматтар.

Көп өтпөй: «Турциянын президенти Демирель менен Азербайжандын президенти Алиев — экөөн узатып коюп эле биринчи силердин үйгө киргеним»— деди Аскар Акаевич жигиттери сакчылары менен кирип келип саламдашкан соң. Анан өзү тост айтып, биринчи болуп чөйчөктогү коньягын ичип койду. Демейде шыпылдап тез баскан Президентибиздин бу жолку кыймыл-аракетинен чарчап-чаалыкканы добуш ыргагынан да, шалпая түшкөн иреңинен да байкалып турду. Оңой эмес да, жогору жакта айтылгандай тогороктүн төрт бурчунан коноктор чакырып, улуу эпосто айтылгандай аларга: «Ала-Тоодой эт, Ала-Колдой чык даярдоо жана тартуу». Жүктүн оорун эл башында турган киши откорот эмеспи. Ошол жүктүн салмагын Аскар Акаевичтин канчалык чыйрак корүнүүгө аракеттенбесин, бүткүл турпатынан байкалып турду.

Отургандардан дагы үч-тортообуз тост айтып, чөйчок которгондон кийин Президент биз менен коштошуп, башка боз үйдогүлөрдү (албетте, баарын эмес дечи) куттуктаганы кетти.

Аскар Акаевичтин табигый жогорку маданияты, адамдарга жасаган сый мамилеси, бийик адамгерчилиги баарыбызга, айрыкча, биздин арабызда отурушкан республиканын мурдагы жетекчилерине жылуу сезим тартуулаганы ал киши кирип-чыккандан кийинки ого бетер жандана түшкон отуруштан байкалып турду...

1995-жыл.

АВТОР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Жунай Мавлянов 1923-жылы азыркы Жалал-Абад областына караштуу Аксы районундагы мурунку Кош-Добо, азыркы Темиркул Мавлянов атындагы айылда бу дүйнөго келген.

Улуу Ата Мекендик согуш башталган жылы мектепте иштей баштаган Жунай Мавлянов 1942-жылы кан майданга кетип, ал жактан оор жарадар болгондон кийин кайра айылына келет да, мугалимдик кесибин улантат.

1944–45-жылдары оз айылындагы мектепте адегенде мугалим, окуу болүмүнүн башчысы, анан директор болуп иштейт.

1955-жылы областта ачылган биринчи мектеп-интернатка директор болуп дайындалат.

Арада (1948–50-жылдары) Жалал-Абад шаарындагы мурда озү окуп кеткен педагогикалык окуу жайынын базасында ачылган мугалимдер институтунан окуп, аны артыкчылык диплому менен бүтүп чыгат.

1961–63-жылдары Москвадагы М.Горький атындагы адабий институтунун жогорку курсунан окуган. Аны бүткөн соң кайрадан мектеп-интернатта директор болуп иштеп калган Жунай Мавлянов 1966-жылы откөн Кыргызстан Жазуучулар союзунун кезектеги съездинде аталган союздун экинчи секретары болуп шайланат. Ал кызматта беш жыл иштеген соң республикалык «Мугалимдер газетасынын» башкы редакторлугуна жиберилет. Ал жерде он жети жыл, тагыраак айтканда, 1971-жылдан 1988-жылга чейин эмгектенет. Пенсияга ошол жерден чыгат.

1995–96-жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзуна тораталык кылат.

Жунай Мавляновдун адабий ишмердүүлүгү да коп эле калемдештери сыяктуу поэзиядан башталган. Анын учурунда окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган «Жүрөк», «Аркыт гүлдорү», «Мол булак» деген поэтикалык жыйнактары бар.

Жунай Мавлянов – жыйырмага жакын китептин автору. Алардын ичинен «Ачык асман», «Бийиктик», «Жаңы таң» романдары, «Күтүү» деген ангемелер жана повесттер жыйнагы орус тилине которулуп, Москвадагы «Советский писатель» басмасынан жарык коргон. Анан алардын айрымдары мурдагы совет элдеринин жана башка чет тилдерге которулган.

Автордун «Жалгыз бутактуу арча» повести боюнча учурунда азыркы корүнүктүү кинорежиссер Дооронбек Садырбаев тарабынан телефильм тартылган.

Жазуучунун «Нан» («Лепешка») деген аңгемеси 1957-жылы Бүткүлсоюздук «Огонек» журналынын сыйлыгына татыктуу болгон. Ошол эле аңгеме кийин француз, англис жана башка көп чөт тилдерге которулган.

Жунай Мавлянов эки майданда — эл агартуу жана адабият майдандарында тынымсыз иштеп жүргонүно карабастан, кээде башка улуттагы кесиптештеринин чыгармаларын да которуп, кыргыз окурмандарына тартуулаганга убакыт таап келатат. Маселен, улуу педагог-окумуштуу, талантуу жазуучу В.Сухомлинскийдин «Уулума кат» деген китебин, бурят жазуучусу Барадий Мунгоновдун «Кара шамал» аттуу чыгармасын, Өзбекстандын эл жазуучусу Рахмат Файзинин аңгемелерин эне тилине которгон.

Юбилярдын жогоркудай көп жылдык эки жактуу үзүрлүү эмгеги мамлекет жана эли тарабынан жогору бааланды. Бул күндорү сексенге чыгып жаткан эл жазуучусу торт ордендин — Ата Мекендик согуш ордени, «Манас» (экинчи даражадагы) ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, «Ардак белгиси» ордени, «Данк» медалы баштаган бир нече медалдардын, Жогорку Кеңештин Ардак грамоталарынын ээси.

«Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу», «Кыргыз Республикасынын эмгек синирген мугалими», «СССРдин эл агартуу отличниги» деген жогорку наамдары бар.

Жунай Мавлянов — эл аралык «Руханият» сыйлыгынын, «Түголбай ата» коомунун сыйлыктарынын лауреаты. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин жана И.Арабаев атындагы педагогикалык университеттин чыгыш тилдер институтунун ардактуу профессору.

МАЗМУНУ

ПОВЕСТТЕР ЖАНА АҢГЕМЕЛЕР

Турмуш....3
Чагылган....85
Жалгыз бутактуу арча....126
Күтүү....171
Бекиш сага эмне болду....200
Ата....216
Аваз....231

КАЛЕМДЕШТЕРИМ ЖАНА АЛАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Ашыглыктын акыны....269
«Кандар баспас жол бастым»....276
Ак бата....283
Ш.Абдрамановдун «Дыйкандар» романы жөнүндө....291
Бар бол, Соке....303
Мезгил сүрөткери К.Акматовдун
«Ыйык журт» китебине пикир....306
Жаш калемдешке кат....316
Милдет, парз деп....320
Ж.Медетовдун «Күрөш» жыйнагы жөнүндө....323
Катаал турмуш....325
Түкө....325

САПАРДА

Саха жеринде....338
Днепрден келгендер....342
«Мен саясий бюронун мүчөсү эмесмин»....348
«Жубайлар менен келгиле»....351
«Жүз жыл жашап, жүз китеп жазамын»....358
Жеңиш сапары....361

БИЙЛИК АДАМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Жамгыр.....375
Дагы бир сабак.....384
Оомат.....393
«Жарым падышанын белеги».....400
Орус тилим.....405
Экинчи сабак.....413
Доо кетти.....418
40 жыл бийлик бийиктигинде.....423
Айтылбай калган алкыш.....436
Казанга жапкан нан.....440
Өзбек жеринде.....446
Кызыкпыз ээ?.....451
Эркиндиктин доорунда.....456

ОЧЕРКТЕР ЖАНА ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК МАКАЛАЛАР

Акырын сабак жүрүп жатат.....461
Ата, апа дегенден кийин эле.....474
Тилди сыйлоо элди сыйлоо.....482
Кайдасыңар, касиеттүү Бакай аталар?.....485
Той.....498
Улуу тойдон кийинки ойлор.....506

Көркөм-адабий басылма

МАВЛЯНОВ ЖУНАЙ

АВАЗ

Редактору Маркабай АЛМАТОВ
Көркомдогон сүрөтчү Зарема МИДИНОВА
Компьютердик калыпка салган Айбек АЛМАТОВ
Корректорлор Санат МЕДЕРОВ–ХАРДИССОН
Канат МЕДЕРОВ–ХАРДИССОН

Терүүгө 07.08.03. берилди. Басууга 29.09.03. кол коюлду.
Гезит кагазы. Форматы 84x108 $^{1}/_{32}$ Көлөмү 32,5 б.т. Нускасы 1000
Заказдык баштамада. Наркы келишим боюнча.

Кыргызстан жазуучулар Союзу, 2003-жыл
720040, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 1